# ЧЫР-ДӨБӨ

www.bizdin.kg

# Биринчи бөлүм

# ЧЫР-ДӨБӨ

## I

Боз үйдө сайма сайып отурган кыз өзүнөн-өзү селт этип чочуп кетти. Илме шибегесин саймасына тепчий коюп, саамай чачын тутамдай кармады да, тыш тарапка кулак түрдү. Бир аздан кийин кергичин керегеге жөлөй коюп ыргып турду. Сыртка чыгып караса, иниси Кубаткул музоосун үйдүн кырчоосуна байлап жатыптыр.

Музоосун байлап коюп Кубаткул ат болуп азынады, айгыр болуп кишенеди. Кечээ күнү мында болуштун жасоолу келип — ат тапкыла,— деп ар кимдерге камчы үйрүп бүлүк салган. Аны көрүп калган бала «ат тапкыла» деп уй байлай турган казыктарды, ат байлана турган мамыларды шапалак сөрөйү менен бир сыйра сабап чыкты. Анын добушун уккан айылдын башка балдары үйлөрүнөн «аттана» чыгып дүрбөлөңдөштү. Өз ара бир аз кужулдашты да, карга шыйрак эр кулдар айылдын туурасындагы сайга бет ала, торопойдой томураңдап жабыла жөнөштү. Тиги кыз аларды ээрчий карап үйгө жөлөндү.

«Жар жыгылса суу бөгөйт,
Жалгыз өлсө ким жөлөйт.
Жар жыгылса суу чыкпайт,
Жалгыз өлсө чуу чыкпайт»

— деген элдик лакап сөздү эсине түшүрүп, бөбөгүнүн жалгыздыгын ойлоп муңайды. Үйгө жөлөнө селейип тура берди. А дегенче аркы үйлөрдүн биринен жамачылуу көйнөкчөн аял чыга келди. Төмөн жакты бир аз таңыркай карап тура калды. Анан калың көч келаткандыгын айтып өзүнчө чарылдап сүйлөдү.

— Жүргүлө, өзүбүз көчүрүүгө барбасак да, көчкөндөрдү көрүп калалы! — деп үйлөрдү карай кыйкырды.

— «Жаман аттуу жарышчаак, жаман тондуу күрөшчөөк». Кайран Карачач жеңемдин желдүүлүгү ай! — деп үйүнө жөлөнүп турган кыз өзүнчө кобурады.

Карачачтын кабары боюнча «жатакчы» айылдын келин-кыз, кары-картаң аялдары жабыла көч өтө турган кашаттын кырын көздөй чубашты. Үйүнө жөлөнүп турган тиги кыздын аты Бермет.— Бас, тегеренейин! Көчкөн элдин көркүн көрүп калалы,— деп Карачач аны да алдына салып жөнөдү.

Кара таандай кымкуут калың көч көңтөрүлүп келе берди. Көч алды болуп Качы бийдин уланушагы чыга келди. Сыпайылап ат минип, сыйдалап тон кийишкен. Куш кондуруп, мылтык асынгандары да; тайган, машке ээрчиткендери да жүрөт. Бийдин уулу Сабит мырзанын жоргосу чайпалат, өзү жайкалат. Ошентип, ал башкалардан илгери жалгыз келе жатканда, кашатта турган кыз-келиндер көзүнө чалдыкты. Арт жагында келаткан ырчысына кылчайып: кыз-келиндерге жөөлөш, тийишип ырда,— деди. Ырчысын алдына салды.

Сабит мырзанын ырчысы Ашыр деген томпой ооз, орсок тиш, жаргак бешмант, кийиз калпак эме экен, эки эрдин күбүрөтүп илгерилей бастырды. Чукул барып Бермет кызды бет алдыра ырдап сала берди.

«Кара алачык айлың ким?
Карындаш, айтчы, дайнын ким?
Мырзалар угуп кетишсин,
Куда болгон кайның ким?..»

— Бали, бали! Кайран көк жал. Узат, узата бер! — дешти бий уулунун жорожолдоштору.

Алкынып-жулкунуп Ашыр оолуга ырдады. Анын ыры жалаң гана кордоо, кемсинтүүнүн кычкыл сөздөрү болду. Келин-кыздар корунуп, бири-бирине ыкташышты. Бермет козголбостон ырчынын ырын уга берди.

Оолуккан Ашыр көптөн кийин соолукту. Жеңинин учу менен оозун сүрттү. Арасы ачык тиштеринен шиле

кейи чачырай берип бети-башын нымдаштырып жиберген экен. Ошол учурда, жаагын сөөмөйүнө жөлөй коюп, Ашыр ырчыга Бермет кыз жооп кайтарды:

«Жардылыктын жайынан,
Жан багуунун айынан.
«Жатакта» калтан айлыбыз,
Сиз сыяктуу шалдыр тиш,
Куда болгон кайнысыз.
Курулай кылба келеке,
Кошомат кылып мырзаңа,
Купшундагы жел өпкө...»

www.bizdin.kg

— Кана, айтыша бер! Бол, бол! — деп жоро-жолдоштору Ашырды сүрөөнгө ала, шыкак болуп дуулдашты. Ал эрдин эптештирип бирдеме айтууга аракеттенди. Бирок, оозуна эчтеме кирбей да, чыкпай да койду. Атын теминип, Келин-кыздарды демите башын чулгуй берди. Баары бир оозунан эчтеме чыгара алган жок. Учурдан пайдаланып Бермет да аны кордоого өттү:

«Эми эки ооз ыр айтсам,
Ичи күйүп чок болот.
Ырчысынган томпой ооз,
Ошону менен токтолот.
Ырдын жайын билбестен,
Ырчысынып куу тумшук,
Кайсы алына шоктонот?..»

Айласы түгөнгөн Ашыр атын моюнга бир салды. Бура тартып артын карабастан кача жөнөдү.— Качпа, качпа! — дешти жолдоштору.

Ашыр кылчайган да жок. Берметке суктана карап Сабит мырза бир аз турду да, сабыры суз бастырып кетти. Бермет да аны көпкө чейин ээрчий карады.

Аялдар мырзадан абийир сактап, айбыгып араң турушкан экен, эми дуулдашып Берметти ортого алышты.

— Берметке мырза ашык болуп калды. Өзүңөр деле көз карашын байкадыңар го? Албаса эми жаны тынбайт, ишенип койгула. Бийдин келини, мырзанын катыны болосуң, берекем,— деп Карачач жеңе Берметти кучактап эркелетти.

Уландарына удаа бийдин кыз-келиндери чыга келди. Үртүктөп аргымак чалыш ат минип, башына шөкүлө кийип, бийдин кызы Сайкал жөкөрлөрүнөн обочо илгери келе жатты.

— Ат үркүтчүдөй болгон бечаралар,— деди. Ошентип ал «жатакчы» Келин-кыздарды корсунта сүйлөдү.

— Бийдин көйрөң кызы көрктөнөм деп, адам көрсөңөр! Карачкы болуп алыптыр! — деди Бермет. Мурдун чүйрүп эликтеп да койду.

— Анчалык тескери болбосоң, эл көчкөндө темселеп «журтта» калар белең? — деди бийдин кызы.

— Шөкүлөңдү талашып жаткан эч ким жок. Эриккен болсоң эртерээк барып койчу-колоң менен эрмектеш! — деп Бермет ээрдин чүйрүдү.

— Сереңдеген сетердин сөзүн кара! — деди да, бийдин кызы Сайкал ызалана бастырып кетти.

Кыз-келиндерден кийин бийдин төөлүү көчү чубап өттү. Жетелеген төөсү жөн баспай бийдин Кызалак деле турган күңүнүн азабын колуна берип, боздотуп келе жатты. Ал төөсүн, ошондой кыйык төөнү жараткан кудайын кошо каргап, зариңкиреп ыйлап алыптыр. Бирок, бийине эч канча тил тийгизбейт.

Кейпи, кудайынан бийин жогору көрө турган болсо керек.

— Токтой турчу? — деди Карачач, демейдегисиндей жулкунуп.

— Кымыз жок!—деди өзү араң келаткан Кызалак. Көрсө, кымыз сурады го деген экен.

— Ээриңди оңдоп токуп берели. Жыгыла турган болуп калыпсың!

Ошентип, эмне максат менен «токтой тур» дегендигин Карачач катуу сүйлөп туюндурду.

— Ошентсеңер ошенте койгулачы, тегеренейиндер!.. Ээрин оңдоп токуп, жип олоң, жип куюшканын бекем

деп беришти.

— Эми суусун жутуп албайсыңбы? — дешти.

— О, тегеренейиндер, андай аттуу күн кайда!.. Келиндердин бирөө суусун алып келүүгө жүгүрдү.

— Эч болбогондо ээр-токумумду, үстү-башымды дурустап бергиле дебеген экенсиң! Ооп жыгылып калсан, жип үзөңгү бутуңдагы чокойго чалынып ат сүйрөп өлтүрбөйбү?

— Ушу көрөкчө өлүп калган деле жакшы болор эле,— деп Кызалак үшкүрүп жиберди. Мурдунун суусун сыгып ыргытты. Суусун алып келаткан келинге карап,— батыраак баса көр! Жутуп алып тезирээк кетейин. Барып үй тигиш, тезек терип, отун алыш керек,— деди. Аяктагы суусунду апкаарый жутту.— Көзүм ачыла түшпөдүбү! Ылайым көзүңөр ачылсын, айланайындар!..

Алкышын айтты. Буйласын чоюп, төөсүн жетеледи. Келин-кыздар айдап узатып койду. Анан анын күңдүгүн, эч болбогондо бий. жанагы отунчу кулуна деле никелеп койбогондугун айтып Карачач капталын кашынды.

Төөлүү көчтөн кийин байлардын жер дүңгүрөткөн жылкылары келип, кашатта тургандарды тебелеп кете жаздады. Эми короо-короо койлорго аралаш уйга жүктөлгөн жөөлүү көчтөр келди. Мөөрөгөн уй, мааракан кой, кишенеген жылкы, мал тосуп, көч айдагандардын кейиничтүү кыйкырык үндөрү айлананы азан-казан, ызы-чууга толтурду. Бир тарабы жылкыларын котолотуп бош айдап баратса, экинчи тарабы этектерин курларына каңтара кыстарып, алкашалка тердеп, уйларынын куйруктарына сүйөнүп, жөө-жалаң кетип барат. Учкашып-чиркешип бараткандары андан көп.

Алачыгын карала уюна артып, анын үстүнө бир баласын таңып, экинчи баласын өзү аркалап, уюн жөө жетелеп Каныш жеңе да келе жатты. Куйругуна чиркеп койгон музоосу кыйыктанып уйду артты карай чоёт. Мурунтук аркылуу Каныш уйдун мурдун илгери карай тартат. Ошентип, жардылардын өздөрү да,

www.bizdin.kg

карала уйга окшогон алардын бирин эки малдары да, жүккө таңууланган балдары да көч үстүндө көрбөгөндү көрүп келе жатышты.

— Байлары көчсө, анын артынан жөөжалаң, учкаша-чиркеше көчкөндөй байкуштарына мынчалык эмне убара?—дей калды кайран Карачач.

— Байларынан «саан ичип» жан багыш үчүн жанталашып бараткан шордуулар эмеспи,— деди кимисидир.

Жөөлүү көчтүн артынан бир короо кой келди. «Эркеч, башта!» деп кыйкырып коёт койчусу. Мингени өгүз, тартынганы чарык, бөктөрүнгөнү кементай, үстүнө кийгендери таартуур, башында өрө кийизден тигилген эндей калпак.

— Крой, крой! — деп өгүзүн өпкөгө теминип өкүрөңдөтө бастырат. Тескери баскан койлорду: — ээңди жут, ээңди! Талаада кал, талаада калгырдын малы,— деп каарын төгүп каргайт, каңырыгын түтөтөт. Койлору шыдыр жүрүп кетсе созолонуп ырдап да калат:

Көчкөндө көчуң жандайын,
Көз карашын аңдайын.
Көз карашың түз болсо,
Көчүңдү ээрчип калбайын!..

Байдын уландарынан корунуп эчтеме айта албай коргологон келиндер койчудан жазганган жок, а түгүл тийише кетишти.

— Бийдин кызынын көз карашы түз болгон го, кайран жигитке!

— Көчүнөн калбай коюн айдап баратышына караганда ошенткен болсо керек!

— Бийдин кызынын көчүнөн калба, кагылайын. Койлоруңду айдап, ээрчиген бойдон бара бер! — деп Карачач бул жерде да сөзгө аралаша койду.

Өздөрү тийишкен келиндерден койчу да тартынбады. Өгүзүн бышылдата бастырып жакындады. Чүлүгүн каңтара тартып тура калды да, ырдап коё берди:

Келин-кыздар арбаңар,
Бар бекен суусун жармаңар?!
Суусап келген койчуну,
Суусун берин жалгаңар!
Жардылыктан көчө албай,
Кеткен окшойт аргаңар...

Кыз-келиндер удургуп калышты, жооп айта албай бирин-бири түрткүлөштү. Койчу чокоюн чойтойто, чүлүк үзөнгүсүнө чирене тээп, ар кимисине эрдемсип астыртан көз жүгүрттү.

— Ушунчабыз туруп бир койчучалык жокпузбу. Бирдеме дебейсиңерби! — деп Карачач каадасынча намыстана сүйлөдү. Анын сөзү ар биринин намысын козгоду. Бирок, койчуну бет ала чыгууга бирөө да жарабады. Акыры Карачач чыдабай кетти: — Намыс эмеспи, кокуй катугүн. Өзүң бирдеме дегин, кагылайын! — деп Берметке барып жалбарды. Өпкө-жүрөгүн чаап, жөн эле безилдеп кетти. Ошондо, койчуга бет ала Бермет сөз жөнөттү:

Өгүз минген баласың,
Өрөпкүп сүйлөп каласың.
Өгүз менен өпөңдөп,
Өзүң кайда барасың?
Суусундукка жарманы,
Сураган жерден табасың.
Суусак болсоң жашыңда,
Койду кантип багасың?
Кой жоготсоң кокустан,
Бийиңе кантип жагасың?
Кандырганы турасың,
Келин-кыздын табасын!
Билбей турган көрүнөт,
Бул жигит да чамасын...

— Кой эми, кагылайын карындаш, кой! — деп койчу курулай каткыра күлдү.— «Кой» демекчи, иттин койлору бет алды жайылып кетип жоголду бекен,— деп өгүзүн бура тартты.

— Суусун жута кет, ырчы жигит! — деп Карачач капталын кашып эргиштеди.

— Суусунум канды, карындаш кандырды. Рахмат! — деп Берметке койчу дагы бир жолу жалт карады. Анан өгүзүн өкүрөңдөткөн бойдон койлоруна кетти.

Коюмду жайдым шабырга,
Жебедим тыштуу кабырга.
Акым күйүп кеткен соң,
Коюн ташка камадым,
Чокоюмдун таманын,
Шоона менен жамадым...

www.bizdin.kg

Ырын ырдай, өгүзүн өкүрөндөтө коюн айдап койчу жигит жүрүп олтурду. Бермет кыздын элесин көз алдына келтирип, айткандарын уламдан улам эсине түшүрө берди. Кечке айдоодо жүрүп ачыккан койлор ошо түнү короого жатпай тынчын алса, Берметтин элеси эсине келе берип уйкусун качырды.

Койлор таңга жуук гана тынч алды. Жайлоонун сыдырымына чыйрыккан койчу Албан төөнүн жабууларынан калыңдап төшөндү да, Кызалактын үйүнүн жанына жата кетти.— Бийдин кою» мен эмне үчүн кайтарып жүрөм? Мал таап бай болуш үчүнбү? — деген суроолор оюна келет. Ойлонуп жата берип, «жан багыш үчүн» деп өзүн-өзү жооп айтат.— Жан багыш керек болсо, Берметтин атасы Ийгиликке киренди кирсем деле бакпаймынбы. Макул, барып киренди кирейин, оорун колдон, жеңилин жерден алайын. Бирок, Бермети мени теңине алар бекен? Мейли, теңине албаса тегерегинде жүргөнүм да жаман болбойт. Ошондой ойлорду ойлой берип кирпик какпастан таң атырды.

Ошо түнү бийдин койчусу Албан гана эмес, уулу Сабит мырзада оңчулуктуу уктай алган жок. Көрсө анысы да Берметке берилип • калыптыр. Алсам деген оюн эртеси эле арачы салып атасына айттырып калды. Аны уккандан кийин өзүнүн карындашы Сайкалдын да санаасы бөлүндү болду. Бир туруп: — Алса ала берсин. Келин болуп келе калса, кечээ көч үстүндө көрсөткөн ызасынын эсесин бир чыгарайын,— дейт. Бир туруп көп узабай өзү да күйөөгө кете тургандыгын эске алып, агасын азгырып алдырбай коюунун амалайласын издейт.

Карачач жеңе Берметтин ата-энесин күтө берип ошо күнү кечти араң киргизди. Алар келе жатканда эле тосо басып болгонду болгондой баяндады: — Ишене бергиле. Айтты койду дебегиле. Кудай буюрса бийге кудакудагый болуп каласыңар,— деди. Берметтин атаэнеси андай сөздөрдү уккандан кийин «жамандын айтканы келбесе да, сандырагы келгиси бардыр» дешип ичтеринен кымылдашты. Түндө алардын уйкусу да чала болду. Бермет да ошол түнү аз уктады.

## II

Текирең таскак менен келаткан атчандар Аңырты жайлоосунун жөлөнкөсүнө чыга келди. Жээрде жоргону бөжүтүп алда жалгыз келаткан татырандай сары киши Бекиш старчын, жөндөп айтканда старшина. Чепкенди тыкыйта бөктөрүп, калпакты баса кийген. Белинде жазы кемер, күмүшү жаркылдап алыстан көрүнүп баратат. Мындагы айрым адамдар аны «сыйда сары» да дешет. «Шайтан сары» дегендери да бар. Баары бир, кандай дешсе да бир старчын «үч урукту» тырп эттирбейт. Анын артынан аттарын кара терге чөмөп казкатар үчөө баратат. Берки четтеги кабырыңкы арык кара Кашкарбай — «Олжобай» уруусунун элүү башысы. Орто жерде теңтайлашып келаткан кодойгон чедирекей кызыл киши Мантек — «Жамгырчы» уруусуна элүү башы. Аркы четте келаткан дуңгул кара «Алыке» уруусуна элүү башылык кылат, аты — Чаки. Алардын артында делпилдеп келаткан эндей этектер тиги төртөөнүн аткошчу жигиттери.

Жөлөңкөдөн босогого чыга келгенде Аңырты жайлоосу аягынан башына дейре айгине көрүндү. Аксай, Арпа, Каркыра, Суусамыр жайлоолорундай кенен болбосо да, Аңыртыдай жакшы жайлоо аз болууга тийиш: тескей тарабы карагай, четин, ит мурун, шилби, карагат, калың чер. Черден жогору коргул корум, андан жогору эчкитеке эркин жайылган катмарлашкан калкагар зоока. Күңгөй тарабы бетеге, түлкү мурут. Төрлөрүнүн башы жана өрөөн-өтөктөрү кара-кыяк, кымыздык, козу-кулак, каакым, көбүргөн, жөргөмүш, казтаңдай. Мында келгенде төрттүлүк малдын чери түгөл жазылат. Ышкын, кымыздык, жөргөмүш, козу кулак, каакымга бала-бакыра да туйтунуп калышат.

Катуу жүрүш менен келаткандар Аңыртыны өрдөй бергенде күн батууга жакындады. Кечки жел тигилердин этектерин делпилдетти. Ат үстүндө талыкшып келаткандар салкын желге сергий түштү. Мелтиреген өзөн сууну бойлой уй мүйүз тарта конгон алда канча айылдар, желе боодон алыстап төш таяна жайылган жылкылар. Төр-төрдөн чубуруп түшүп короолорго кирип жаткан койлор. Өтөктөрдө ыңырсып жаткан уйлар. Кыскасы төрттүлүк мал Аңырты өзөнүн азан-казан түшүрүп жаткан экен.

Атчандар Качы бийдин айлына иңирге аралаша жете келишти. Чулдук тумшук чоң сузгусу менен эт оодарыштырып кемегенин кашында Каракул жалгыз туруптур.— Мейман келди, ат алгыла! — деп аркы турган куба төбөл үйлөргө карай үн салды. Бүгүн кымызга кыйла тойгон болсо керек, эки бети кекбоордой кегерүп чыңалып кетиптир. Булоолонуп тердеп да турат. Кийиз калпактын бир тарабын ичине имере кийип койгон. Жаргак шымы бүтүнүрөөк болгон менен, көйнөк сөрөйүндө жакасынан башка ийинге илинер эчтемеси калбаптыр. Кийиз өтүк болумушу согончогунан басылгандыктан турку узарып, кончу кыскарып кетиптир.

Кубат өбөл үйдөн жарыша чыккан жигиттер келгендердин атын алышты. Старчын, элүү башыларга бийдин жүз баштуу ак үйүнүн эшиги ачылды. Ат кошчулар казанды чөйрөлөп кемегенин кашында кала берди.

— Этке бүгүн жакшылап тойгуза көр, Каракул мырза! — деди ат кошчулардын бири. Ал үн чыгарбады, «сорпонун тескейинен» калпып аякка куйду да, шор-шор ууртап, эттин тузун байкады.

— Этинен болбосо да, марттык кылып сорпосунан кайрылышаарсың?

— Деги быйыл тамак бетин көрбөгөнсүнөр го, жигиттер! Аттан бутуңар түшө элек жатып казанга акыясыңар,— деди казанчы Каракул. Чоң аякка сорподон толтура куйду да: — Мегиле! Акыйып тура берсеңер этке сугуңар өтүп кетет. Тигиндей барып бөлүшүп иче тургула. Кийинкисин кийин көрүшөртЗүз...

www.bizdin.kg

Аяктагы сорпону алып тигилер арылап кетишти.

Старчын, элүү башыларды жайдаңдап Качы бий жакшы кабыл алды. Курулай сылай беримиш болгон менен, бийибиздин ээгинде эки тал түгү жок, көсөө киши. Аны да сыртынан ар кимдер «жалжаяк ооз, жаркабак» дешет. Өзү да ак кажырдай айбаттуу адам. Өз кишилерине эрөөн-төрөөнү жок. Чет кишилерге сырт салат, тоотмоксон болуп кыр көрсөтөт. Өз санын өзү мыжыга кармап, тишин кычыратып, сурданып калмасы да бар. Өз үйүндө эт менен кымызга тоюп да койбойт. Чоочун жерлерде ченеп ичип, чебердеп жейт.

— Келгиле, келгиле! — деп жаяктады. Старчынсынып Бекиш бийдин катарына барып олтурду. Букара «жамгырчы» уруусунан болсо да, Мантек жаш жагынап беркилерден улуулугун эске алды, чедирее барып старчынды жандай отурду. Бийдин өз кишиси, өз айлынан эмеспи, Кашкарбай Чакиден төмөн отурду.

— Старчын, элүү башылар атка чайкалып чаалыгып калышкандыр, кымыз жуткургула!

Бий ошентип ээгин сылады. Бешмантынын эки этегин куруна кайтара кыстарып алган жапалдаш бойлуу бышалак сары жигит ишке кириштн. Керегеде байлануу турган чаначты күпүлдөтө чайкады да, оозун кайрып кеселерге куя берди. Жаш өспүрүм жакшынакай бала баш ылдый бирден кесени ар бирине карматып чыкты.

— Пай, пай, пай! Жөн эле бал болуп калган экен, кымыз болбосоң коё кал. Опургула, жапыргыла! — деди. Кымызын мактай сүйлөп Мантек элүү башы бийге ошентип көшөкөрлөндү.

Бийдин көрөр-көз токолу салабаттуу да, сабырдуу да, кейпи салмактуу да аял болууга тийиш. Сүлөөсүн ичикти желбегей жамынып, сыңар тизелеп отурушун жазбады. Созулган бойдон кеп жок, сөз жок солк этпестен отура берди. Кымызга меймандарынын суусуну канган учурда эки табакка эт келди. Бир табак бий менен көрөр-көздүн алдына коюлду. Эпилдеп меймандарга кымыз сунуп, колдоруна суу берип жүргөн бала да ошо табакка отурду. Берки табак старчын, элүү башыларга тартылды. Ар кимиси жашына жараша устукандарын алып мүлжүүгө кирди.

— Жанагы биздин жигиттер кайда жүрүшөт, келип эт туурашсын,— деп Мантек дагы кортоңдоп койду.

Аткошчу жигиттер колдорун жууп белен турушуптур, бычактарын кармай кириштн. Алар аткошчулукка туурамчылыктын аркасы менен гана жетишкен эмелер экен, босого жакка отуруп эт тууратты.

— Опургула, жапыргыла, майда туурагыла!—деп Мантек элүү башы дагы камкорлонду.

Эт туурап берип туурамчылар аттарына барышты. Жайдактап аса байлап, ээр токумдарын жаздана, ай талаага тоголонушту. От караңгылай түшкөндө эттин майлуу жеринен кимиси кандайча кесе коюп, кантип сугунуп жибергендиктерин айтып бйр кыйла кобурашты.

«Конок каадасы» болгондо бышалак сары үч элүү башыга чогуу, старчынга өзүнчө жалгыз — эки жерге төшөк жайлады. Бийдин үйүнө керилип жата берүүдөн айбыгып үч элүү башы эртең менен эрте турушту. Айылдын жанындагы дөңсөөгө барып айланага көз жүгүртө отура беришти. Бийдин улуу байбичесинен эки уул бар экен. Бир короо кой, бир желе жылкы, саанчылары менен өзүнчө айыл экен.

— Тетиги айыл эң улуу баласыныкы,— деди Кашкарбай элүү башы.

Ортончу аялынан Сабит мырза. Эркектен өзү жалгыз. Бүгүн тою келгени турган кыз анын уялаш карындашы, аты — Сайкал. Төрт түлүк малы котолоп жаткан мына бул калың айыл ошо Сабиттики. Кичүү аялы Камка төрөбөй жүрүп кечигип төрөгөн. Бир уул, бир кыз бар, балдары жаш. Энесин тартса баласы жаман чыга койбос. Бийи деле, уландары деле, байбиче аялы менен ортончу аялы деле Камкадан чыга алышпайт. Кагылыша кеткендерин Камка мамыржумур жайгаштыра коёт. Билармандыгы да бар. Залимдиги да жетиштүү, ички бийлик ошо Камкасынын колунда.

Өтөркетер кептерден Кашкарбай ошентип кобурап олтурду. Бий төшөгүнөн жай туруп тышка чыкканда, тышта жүргөн Камка үйгө кирди. Старчын башын көтөрө коюп:

— Камка жеңе, көз акымдан качан кутулар экенсиң? — деп тийише сүйлөдү.

— Жаның болсо көз акыңды өндүрүп алууну өзүң билбейсиңби? Мурутун сары арпанын кылканындай тикирейткен эркул! — деп Камка серпиле карады эле, старчындын жаагы жап болду. Адегиче бийдин «О Камка, дааратка суу алып чыга калчы!» — деген үнү көтөрүңкү чыкты. Дааратка суу көтөрүп чыгуу Камканын милдетине кирбей тургандыгын бий өзү деле билет. Старчындан кызганып ошенткенин түшүнө койгон Камка буйдалбастан кайта чыгууга ылаажысыз болду.

Күн шашке болгон учурда анданмындан чубагандар да, чаначтарга буулган кымыздар да элүү башылар олтурган дөңсөөгө келип түшө берди. Отургандар кымызга ала күү болгон кезде бий сөз козгоду. Садыр болуш менен «күмүштөй оролушуп, жездей чырмалышкан» жети сөөк экендигин айта келип,— «бир ууч сөөгүн» алууга тоюн артып бүгүн келише турган болуптур. «Атты кандай чабабыз, мейманды кандай алабыз? Табакты кандай тартабыз? Тойду кандай беребиз? Кызды кандай узатабыз?» деген сыяктуу сөздөрдү жаадырды.

Ар кимиси билген кеңешин айтты. Кеңештин акыры: — той кыздын өз энесиникине — Сабиттин айлына түшүрүлсүн. Бийдин үйүнүн жанына болуш куданын өзүнө бир үй, жигитжалаңына бир жасалгалуу — эки үй тигилсин. Калгандары айылайылга бөлүштүрүлүп коноктолсун. «Кыз калыңсыз болсо да каадасыз болбойт», узатуу каадасы кудалардын келишине жараша болсун,— деген сөздөр менен жыйынтыкталды. Тойду башкаруу милдети старчын менен үч элүү башынын мойнуна жүктөлдү.

www.bizdin.kg

Тигилер өздөрүнчө болуп жатканда жыйырма чамалуу кыз-келин ээрчитип Сайкал, кичи энеси Камкага келди. Көзү шишимек, өңү өчүп кумсарып калган. Бурала басып, өгөй да болсо өз энесинен жогору көргөн кичүү энесинин жанына барды. Үн жок, сөз жок муңая бир карап коюп жанына отурду. Кичүү энеси жаагынан сылап улутунду.—Сен кандай абалда болсоң, сен үчүн мен да ошондой абалдамын, балам, муңайба! Өз атабыз бий экен. Кудабыз болсо болуш. Тойлорун токтото турууга кудуретим жетпеди. «Аксактын сабырына кара» деген, сабырдуу боло туралы. Тойлорун тополоңго айландырарын бир жолу айландырармын. Антерим бышык. Акырын көрө жатарбыз,— деди Камка. Сөзүнүн акырын: — Келиндер! Кымыз ичкиле, ойноп-күлүп эркеме эрмек болгула,— деп бүтүрдү. Ичигин желбегей жамынып чыгып кетти. Айылдын четине барып өзүнчө жалгыз отуруп алды. Бир аздан кийин старчынды ээрчитип бий жанына барды. Кеп-кеңештеринин жыйынтыгын баяндады. Камка үн катпастан укту. Мелтирегенден мелтиреп отура берди. Көчүгү талыган бий жантайып жата кетти. Бекиш старчын тыякта отургандарга кайта барып кошулду.

Кыз-келиндер кылактап кыйладан кийин үйдөн чыгышты. Камканын жанында жантайып жаткан бийди көрүштү да, үйдүн далдасын карай имерилишти. Аларды көрүп олтурган Камка бийине карады да:

— Келин-кыздар сизден жазганып турушат, тигилерге барыңыз! — деди. Бий онтолоп уйча турду. Каалгый басып кетер менен кыз-келиндер Камканын жанында болушту.

— Ырдагыла! — деди Камка. Ал аны сөз болсун деп анчейин айта салды. Ырдагысы келсе Келин-кыздар эркек аттууга үндөрөн угузбай ээн жерлерде ырдамыш болушат. Тыякта эркектер, бул жерде айбаттуу аял Камка отурса, кимисинин оозунан ыр чыга коёт эле! Анын үстүнө бийибиз да «ырысы жок ырчысынып калат» деген сөздү көп айта турган.

Улуу шашке ченде старчын, элүү башылар аттанып жогорку айылдарга кетишти. Түш ченде шайдоот жигит, илбериңки келиндердин бир тобу бийдин үйүнөн оолагыраак—мал баспаган жерге эки үй көчүрүп келип тиге коюшту. Айыл арасында жүргөндөр экеңтукуң болуп, баскантургандары чыйралгандан чыйрала берди.

Той жүктөгөн төөлөрүн жетелеп кудагыйлар бешим ченде келди. Тосо чыккандар аны Сабит мырзанын айылына алып кетишти. Той тамагы алда канча капка, толгон токой куржундарга тигилиптир. Каптагылары жарымына чейин тууралган базар нан, жарымынан жогоркусу бышырылган эт экен. Куржундагыларына боорсок, жийде, өрүк, мейиз, кант салыштыптыр. Той түшөр замат төртбеш бала ар кайсы айылдагыларды той тамагына чакырыш үчүн чабагандап кеткен. Мына эми убапчубагандар келе берди. Ошого чейин «Камка келсин» дешип каптардын буугучун чечишпеди. Куржундардын оозу да сөгүлгөн жок.— Келсин деп жатышат,— деп ат коштоп келген баланы: — бара алгыдай эмесмин, ооруксунуп турам. Өздөрү тейлей беришсин,— деп кайта жиберди.

— Апа, өзүң барып башында турбасаң болбойтко! — деп Сабит мырза өзү келди. Анын келатканын укканда башына жаздык койдуруп жата калган Камка:

— Уулум, үч күндөн бери апандын эски оорусу козголуп турат. Анын үстүнө баягы шакый деген эмеси да кошумча болуп алды. Айылда андай тойлордун далайын башкарып жүргөн аялдар бар эмеспи, ок тийиптирби, белен тамакты таратып беришер,— деди.

Сабиттин өз энесинин жүүнү бошураак эле, Кудагыйларына бел алдырып коёбу деп чочулаган. Өгөй энесине өзү келишинин себеби ошол болучу.

Камкадан күдөрү үзүлгөндөн кийин аялдар «Куржун сөгүү» эрежесин аткара берүүгө киришти. Ар кайсы уруудан бирден байбиче куржун сөктү. Куржундардын сөгүлүшү куру болгон жок. Салт боюнча кай бирлери сөгүлгөн куржун, каптардын оозуна жоолук байлап, кай бирлери теңгетыйын коюп ырымдашты. Куржун сөккөндөр той тамактарынан бир табакка жасап алып үйдөн чыга берип турушту.

Той тамагына келгендер айылдын четине кырка тартып отура берди. Тамак таратуунун жайын билгендер шымаланып табактарга бөлүштүрүп турду. Улам келгендерине төрттөн, бештен кылып табактар тартылып жатты. Эттин чүйгүндөрүнөн, тууралган базар нан, өрүк, мейиз кылып бир табакты барыдан мурда бий менен

Камкага жөнөтүшкөн. «Жүрөгүмө эчтеме барбай турат» деп Камка нанынан болсун, этинен болсун бир тиштем чайнаган жок. Өрүк, мейиздеринен да оозуна салбай конду. Бий алынын бардыгынча аймапкүймөдү.

Болуш куда жоон топ киши менен күн бата келип тигилген үйгө жатып калды. Күйөө бала, анын жоро-жолдоштору иңирге аралаша, айылдын арт жагындагы кабакка түштү. Салт боюнча Келин-кыздар тосо барып алып келишти. Күйөө баланы жоро-жолдоштору менен өздөрүнчө бир үйгө жайлаштырышты. Бир жагынан мал союп, экинчи жагынан эт бышырып далай жигиттин сузгусу түн ортосуна чейин колунан түшпөдү.

Эл жатарда Качы бийге караштуу старчын менен үч элүү башыны Садыр болуш чакыртып алды. Тойго союла турган малдын ыгы болбой тургандыгын айтты. Ошондо Бекиш старчын сыңар тизелеп отура калды да, камкордугун туюндурду:

— Сиздин тоюңуздан мал эмес кара башыбызды да аябайт эмеспизби, жарыктык болуш! Болушубуздун ак тилегине кошкон кошумчабыз болсун деп үч элүү башыңыз үч бээ дайындашты. Бир бээни мен өзүм кошумча кылайын дедим. Мага караштуу он башыларыңыз тойго союуга бир канча кой чогултуп коюшту...

www.bizdin.kg

Болуш ыраазылыгын билдирип жайбаракат жатып калды. Эртең мененки кымыз, тамактан кийин болушу менен бийи—эки куда маектешти. — Эми, өзүбүздүн бүлөбүз менен ийри отуруп, түз кеңешип коёлу,— дешти. Экөө айылдан обочо барып отурду. Бийдин үч аялы, алардын уланушагы бүт келди. Болуштун эки аялы жана башка жакындары да келип отурду. Сөздү Качы бийдин өзү баштады.

— Атабабабыздан бери Садыр болуш менен жети сөөк экенбиз. «Жакшы санаа, жарым ырыс» деп, сөөк жаңыртып дагы кудалашып койгонбуз. «Куда болгуча кулу бийиң сураш. Кудалашып алгандан кийин кул да болсо сыйлаш» — деген эмеспи. Сыйлаша жүрө турган гана жерибиз калган. Бере турган калыңын болуш берип бүттү. «Өк деген жанга өлүм бар». Көзүбүздүн тирүүсүндө бир ууч сөөгүмдү алайын, бергиле деп келип отурат...

Бийдин сөзүнө болуш аласала сөз жалгап жиберди. Эл арытып, журт карыткан, көптү көрүп, көптү билген киши эмеспи, айтар сөздүн бардыгын бийим өзү айтып койду. Башы ачык кеп, сөз деле калган жок. Ошентип, ак тилек менен келдим. Тилегиме жеткиргиле. Достон көп душман бар, башыма каркыра сайып узаткыла. Уезд чакыртыптыр. Биздин эл алты старчын, бир болуш эмеспи. Алты старчынды ээрчите бара турганмыш. Буйругу тыкыр экен. Ак паашабыз кербен менен уруш жүргүзүп жатпайбы. Тапшыра турган иштери, буйрук,,жарлыгы болсо керек. Ишимди илгери кылгыла. Тоюбузга арналган малыбызды бүгүн союп, эртең элге таратып берсек, бүрсүгүнү узатсаңар, көптөн көп жакшы болор эле.

Кымыздан кыдырата ичип ачык аба, көйкөлгөн көк шибердин үстүндө биринин сөзүн бири жөнөтө, кеңеше-жарыша отура беришти. Ошол учурда күйөө, күйөө жолдоштор жаткан үйде бир окуя болду. Анын акыры ырбап кетип, куда-кудагыйлардын арасынан катуу чыр чыгарды. Ал окуя мындай башталды:

Күйөө бала Садыр болуштун кичүү аялынан, өздөрү аны Талпаке деп коюшат. Таякетайы да өнүп-өскөн атанын балдары. Садырдын өзү да чоң уруу, чоң атадан чыккан. Өздөрү «атадан калган мурас» деп коюшат, болуштун жугуштуу жаман жарасы бар. Бир аз мурду менен сүйлөп калышы да ошондон. Ошонусу болбосо өңдүү-түстүү киши.

Талпакеси как эле өзүн тартыптыр, ыманы ысык. Жашы он жетиге келди. Ичти-тышты лампик, америкен өтүк кийгизип абдан жасап-түзөп келишиптир. Бирок, акыл-эси ордунда эмес. Тырманып-жышынып, тура качып, келгенден бери жөн отурбай койду.

— Кайындардан киши келсе жер карап тынч отур. Кыз алганы күйөө болуп келдиң,— дешип ээнчилик боло калганда жолдоштор зекип да айтышат. Муштум көрсөтүп коркутуп да айтышат. Бир аз соолуга калат да, кайта эле жулунуп-жулкуна, кыйшаң-кыйшаң боло берет, жадатат. Киши жокто жайына коё турушат. Киши келатканда экөө эки этегинен баса солк эттирбей отуруп алат.

Алпурушуп отуруп чаалыгып калган жолдоштору кымызга талыкшып жанараак уктап калышты. Ээн боло калган Талпаке мырза, үстүндөгү кийимдерин шыпырып ыргытып, кабакты карай салып уруп кирип кеткен. Суунун боюндагы кара баткакка оонап, бети-башын балчык менен «кооздоп» алып кеңеш үстүндө отурган атаэнелерге келип, «Атачылык» деп барып болушту кучактады. «Энечилик» деп энесине барып жармашты.

— «Энечилик!» — деп Камканы карай бет алганда, — бу арбагыңарды албайсыңарбы? — деп ордунан тура калды.— Калың жебей кара башыңды жесеңчи, бий? — деп желбегей жамынып турган сүлөөсүн ичигин ыргытып жиберип ары карай басты. Талпакени жолдоштору тайтайлап алып кеткенден кийин Камка кайта келди да:

— Бий, болуш! Ушунчаңарда бул жоруктан кайта тарткыла! Жылаңач арбагыңарга бергенден көрө, чолпондой кызымды мууздап таштайм. Үч күндөн бери өзүм да жеттигип калдым, жарылып өлүп берип тынам,—• деди. Салабаттуу боюн салмактуу кармап туруп басабаса айтты. Жерде жаткан ичигин Сабит алып ийнине жаба койду, кылчайбастан кетип калды. Жадырап жайнап олтурган кудакудагыйлар жер карап түндөй түнөрүп бир аз отурушту да, үн жок, сөз жок эки тарап эки жакка тарады.

Бий бардык бүлөсү менен Камканын үстүнө барса, ал жаздык коюп жантая калыптыр. Жайланышып отурушкандан кийин:

— Камка байбиче, башыңды көтөр! Өзүбүзчө Кеңешүүгө келдик,— деди да, бий ээгин сыламыш болуп жобурай берди.— Ал да бирөөнүн эрке баласы, кордоого болбойт. Эрке өстүрүшүптүр, эрке турбайбы. Кызыңды мен анысына эмес, болуштун кадырына, ырыскешикке берели деп жатам. Ургачылык кылба. Болуштун өзү айткандай анын да досунан көп душманы бар, жер каратпайлы! Арабыз ачылып кетер, акыры өзүбүзгө жакшы болбос. Чатагыңды кой, байбиче! Тойго арналган малын союп, тамагын таратууга ыраазылык берели. Сен макул болсоң эле башкаларыбыз макул дегени турабыз. Кыскасы болуш куданын намысын кетирбейли...

— Болушка намыс керек болгондо, бийге намыстын кереги болбойт бекен? — деп Камка башын ошондо гана көтөрдү. Сыңар тизелеп отуруп,— намыс деген эме ар кимге бирдей керек, аялга да, эркекке да. Байлатма жинди баласына чолпондой болгон кызыңды кантип ыраа көрөсүң? Болушуң да, өзүң да жакшылап ойлонгула. Тоюңар Сайкал экөөбүздүн кара ашыбызга айланып кетпесин?!

Бардыгы жер карашты. Камка жаздыгына кайра жантайды.

Ошол учурда болуштун бүлөсү да өздөрүнчө жаңжалдашып жатты. Талпакенин энеси катуу ардыгып калыптыр. Өзү да албуутураак жан болсо керек: — кара көзүңөр кашайып калсачы. Сак кайтарып отурбансыңарбы? — деп күйөө жолдоштордун беттерин тытып коё жаздады.— Бербесе кызынын өлүгүн көрөйүн. Уулума жаман тилдерин тийгизбесин. Кетемин,— деп болушка барып чаң салды. Адесе, бу

www.bizdin.kg

десе болбой анысы да тажатты Акырында:—ме эмесе, кетээнек болсоң, кете кой, — деп эки жаакка эки, желкеге бир койгондон кийин гана көксөсү сууп бышактап отуруп калды.

Ошо түнү Камка кийимин чечпестен бүкүлү бойдон Сайкалдын жанына жантайып таң атырды. Эртеси болуш, бий, старчын, элүү башылар:— Камка алса эле сенин тилиңди алат,— дешип Сабитти жумшашты.

— Апа, мен келдим, башыңызды өйдө көтөрүңүзчү! — деди Сабит.

— Келе кой, тегеренейин,— деп Камка чыканактай калды.

— Жакшы тилегим бар эле, апа, каргаша болбоңуз!

— Сенин жакшы тигелиңе каргаша болсом кара башымды жеп койбоюмбу, кагылайын. Туюндура айтчы!

— Бир кыз чечекке деле, сасык тумоого деле кетет турбайбы...

— Уулум, түшүнбөдүм. Түшүндүрө айт!

— Түшүндүрө айтсам, апа, эмки шайлоодо болуш болсом деген тилегим бар эле.

— Түшүнө баштадым. Карындашыңды жиндисине берсек ал болуштугун сага бере коёр бекен?

— Эмки шайлоодо ал болуш боло албайт. Болоюн десе да биз болтурбайбыз. Ошондуктан ал биздин жаатка кирүүгө аргасыз болот. Өзүнүн убадасы да бар.

— Ошо кудаң убадасына тура коёрун кудай эле билсин...

— Кетсе өзүнөн кетсин, бизден кетпесин, апа!

— Кандай кылайын, уулум ай, уулум! Бу бармагымды тиштесем, бу ^армагым ооруйт. Болуптур. Атаң менен кудаңды мында чакырт.

Камка кайта жантайды. Сабит чыгып кетти. Бир аздан соң атасы менен болуш кудасын ээрчитип кайта келди.

— Камка байбиче, чакыртыпсың, келдик,— деп бий ээгин сылады.

— Камка кудагый, мынча болду, эми алтын шилекейиңди чачырат! — деди кечээтеден бери жүдөй түшкөн болуш куда. Ошондо Камка кудасына серпиле карап:

— Сабит уулум зарыла берип ачуумду таратты. Сайкал экөөбүздү ажалдан ажыратып калды. Тоюңар тойго улансын, тойлой бергиле. Ыраазылыгымды бердим...

— Кулдугум бар,— деп болуш ордунан тура калды.

— Кулдугуңуз кудайга болсун,— деди бий.

## IV

Кудалардын бири болуш, бири бий. Кыз бийдики. Уул болуштуку. Той болуштун уулу Талпакеники. Берки үч старчын калктын элүү башы, он башыларына чейин Талпакенин тоюнан аянган жок, тикелеринен тик турушту. Өткөн шайлоодо Садыр болуштан жеңилип калган аркы Алмабек тараптын старчын, элүү башы сыяктуу атка минерлери тойго кошумчаларын гана берип, өздөрү мейман катары болушту.

Күйөө бала Талпаке өзүнүн тоюна катыша албады. «Эрке өстүргөн эрмегиңер кеп-сөзгө калтырбасын» деп Камка жеңе кечээ күнү эле аны кетиртип жиберткен,— Эрке келин болосуң... деп Сайкалдын да көз жашын тыйган.— Ага, жеңе, курбу, курдатнтарың менен айылмаайыл кыдырып кош айтыш, төрөлүп өскөн жайлооңдун кыркасына көз жүгүрт, той тарагыча көңүл сергит,— деген. Айылдагы кыз-келиндерди аткартып жанына коштуруп берген, кырка айылды кыдырып кыз-келиндер өздөрүнчө шарактап жүрүштү. Той кабарын укканлар коломолу кол болуп келе беришти. Аттуу, тондуу, шатыраншатман шарактап келгендердин көөнү той тамашасында болсо, тайга минип, уйларга учкашачиркеше келгендердин эси-дарты кемеге — эт тарапта жүрдү.

Сапырылып келип жатат. Самсып келип жатат. Келе берди, келе берди. Топтобу менен да келди. Бириндеп бир, экиден келип жаткандар да көп болду. Анырты жайлоосу келгендерди кенендигинен гана сиңирип турду.

Союштарын тирүү айдатып, үйүн төөгө жүктөтүп убактылуу, той тарагыча көчө келген сөөлөттүүлөр да, дөөлөттүүлөр да көп болду. Талпакенин көөнү болбосо да, болуштун көөнү, Камка, Сайкал, бийдин көөнү болсун дешти. Эл сөзү менен айтканда, тойдо кылбаган санатты кылышты.

«Алыскы айылдардан келген ар бир үч кишиге эртең менен бир табак, кечинде бир табак, күн сайын эки маал эт тартылсын» дешти.

Жай күндөрүндө күлүктөр табында болбой тургандыгын эскеришти. Ат чабыштан башка бардык тамашаларды өткөрө бермек болушту. Маселен, көкбөрү, эр оодарыш, балбан күрөш, жамбы аттырыш, жылаңач жабыштырыш, аркан тартыш, тойго келген күйөө балдар болсо, бул айылдагы колуктуларын кубалатыш жана башкалар.

Биринчи күнкү тамаша түштөн кийин башталды. Коюн төмөндөтүп Албан желе боого келди. Ат кармап минип тамашага катышууга камынды. Аны көргөн бийдин ага ачуусу келди: — Адыраңдатып чаба берет. Атты кызыл май кылат. Агыттырып жибер,— деп Каракулду жумшады. Каракул барды да аттын жүгөнүн шыпырып айдап жиберди. Албан ыза болду. Келтирип туруп эргүүлгө бир койду. Каракулга жер айланкөчөк боло түштү. Сендиректеди. Эс-учун жыйгандан кийин өч алыш үчүн Албанды кубалады. Ал ойт берип, буйт берип отуруп ага жеткирбеди, карматпай койду.

Албанга бийдин санаасы дурус эмес эле. — Какылдаган кара тумшук жетимге Каракул жетсе, кабыргасын кайыштыра кармаса — деген тилек менен карап отурган. Бирок, тилеги кабыл болбоду. Албандын элпек кыймылы бийдин тилегинен күлүктүк кылып, өкүнүчкө калтырды.

Ашыр ырчы атка минип жар айтты. Аттуу, жөө адамдар экиге бөлүндү. Эки ортону ачып коюп балбан күрөштүрүлдү. Бий менен Садыр болуштун тарабы Каракулду чыгарышты жана күйүгүп шайы бошоп калган эме, кармашууга да жараган жок, жыгылып берип тынды.

Аркы Алмабек тараптын кишилери атайын катуу даярдык менен келиптир, ыгын таап чыр чыгаруу аракетин көп издешти. Сыйда Сарынын ким экендиги ушу тойдо даана көрүндү. Камчы үйрүшүп кагылыша калгандардын тыягын тыякка, быягын быякка жакшы сөздөр менен жайгап, бардыгын басбас кылып жүрдү.

Улакты удаасы менен эки жолу тиги тарап таштап өтүшү, берки тараптын намысын катуу козгоду. Кары, жашынан тартып бардыгы бирдей күйкөлөктөдү, улакты алдырып жиберген жигиттерди «тамак ичпей таш ичкирлерди кара» дешип, эл артында турган аялдары да жаман көрүштү, ыза болушту. Алакандарын шак коюп, бирин-бири капталга нукуп ыргалышты.

Бирөөнүн атын сурап минген экен, үчүнчү жолу улакка чыккандардын катарына Албан барып кошулду.

— Тетиги кара тумшук Албанга эмне жок?—деп бий анын чыгышын жактырбады.

— Койдуруп койгула!— деди. Бирок, Албан камчы үстүнө камчы уруп кирип кетти. Баарынан мурда жетти. Улакты кандай илип кеткендигине көз илешпей калды. — Мына, улак тартат деп Албанды айтыш керек,— деп дуулдашты, намысы кетип турган берки тараптагылар.

Албандын улак тартышы берки тараптагыларды жөн эле «белимчи» кылды. Улакчылар кууп жеткенде Албан атын ойт бердирип өксүтүп коёт. Карап тургандар ыраазы болуп, турган жеринде өзүнчө ойкуп коюшат.

Улакчылар жетип Албанды тегеректей калат. Улакка эч кимин жеткирбей жерге сала коёт. Улакчылардын арасынан Албан «булт» коюп чыга качса, карап турган калк да өздөрүнчө бултулдап коюшат.

Албан качып, аркылар кубалашса, берки тургандар «о кудай, о кудай! Арбак, арбак!» дешет. Өздөрү кошо качып, демигишет. Ыкыс берип ыкылдашат.

Маранын как өзүнө жеткенде Албан улакчылардын катуу кысмагында калды. Карап тургандар да ошончолук энтигип кысылышты. «Аха, охо, ихи. 0 кудай. Арбак, берекөр. Берекөр» деп чуу турушту.

Туш тараптан кысым катуулаганда Албан орто жерден сороюп көтөрүлө түштү да, улакты улакчылардын башынан алыс ыргытты. Болжолу туура келип, улак маранын как өзүнө далп дей түштү. Кыйкырган кыйкырык, учуу көкөлөп көктү карай көтөрүлдү. Айланасы бошой түшкөндө ат ойнотуп Албан четке чыкты. Бийдин күңү Кызалак Албанга энесип калар эле. «Чыңырып ыйлап, чыркырап» бир чөйчөккө суу көтөрө чуркады. Албандын

башынан тегеретти. Чөйчөктөгү сууга түкүрттү да, сууну батышты карай чачып жиберип санаасын басты.

Ушу баштан айта кетишибиз оң. Албандын бу жоругу да Качы бийибизге жаккан жок. Анысын тышка чыгарбай көңүлүнө гана түйүп койду.

Тойтамашасы тараган соң, куда, кудагыйлар Сайкалга арнап жасалган өргөөнү, анын жасалгасын, ата, эне бере турган себин көрүүгө барышты. Өргөөнүн жасалгасынан эч ким өөн таппады. Бериле турган сепке кыз ала турган кудалар өтө ыраазы болушту.

— Камка кудагый аралашкан иштин камкөш жери болбойт эмеспи,— деп Садыр болуш өз кудагыйынан мурда өгөй кудагыйын мактады. Бул Сайкалдын өз энесине да, Садырдын аялы Сонунга да катуу тийди. Сайкалдын өз энеси бошоңураак киши, ыза болсо да эчтеме айтпады.

— Андай болсо, Камка кудагыйыңды ала барып өзүң алып албайсыңбы?! — деп Сонун кудагый болушту акырая карады.

— Бий кызына. кошуп жакшы көргөн аялын берүүчүбү? Сүйлөш, кудаң менен. Алып берсең баш тартпайм,— деп болуш Сонунду дагы чычалатты. Анысы түйрөңдөп тескери карады.

— Коркпо, Сонун кудагый, — деди оор басырык Камка.— Сенин болушуңа катынын бере коё турган бул жерде белен турган бий да жок. Бара коё турган Камка да жок. Андан көрө кызыбыздың себи купулуңа толдубу, ошону айт! Кем кетиги болсо айткыла, толуктайлы! — деди. Сонун чыйрыттап унчукпады. Болуш өзүнөн жогору турган карыя кишиге көз ымдады. Анысы алаканын жайып: — берген себиңер эки балага кут болсун. Келин балам Сайкалдын ак элечеги башынан түшпөсүн...— деп алкыш айтты. Бардык буюмдарынын жалаң эле жаңылыгын айтып: — өзүңөрдүн эски буюмдарыңардан ырым үчүн бирдеме катыштырып койгула! — деди алкыш айткан карыя. Ал Садыр болуштун өз агасы Шадман аксакал эле.

Жүккө жыйылган отуз, кырк жууркандын четинен колуна урунган бирөөң алды да:

— Ме, муну алып барып коюп, энесинин эски жуурканынан бирди алып келе кал,— деди. Ошентип Камка келиндердин бириң жумшады.

Келиндин себин куда, кудагыйлар көргөндүгү үчүн бир тай жол айтышты. Андан кийин аялдардын «төшөк талашуу» деген жосуну калды. Тойго келген аялдардын ар биринин колунда бир табактан күл

www.bizdin.kg

жүрөт.— Жосун боюнча жолубузду кылгыла. Болбосо, «төшөгүңөрдү» талаша койгула,— деп демитишет. Кыз узатуунун бул эрежесин орундоо жөнүндө дуудуу көп сөздөр айтылды.

— Жолуңарды кылсын. Жөн эле койгула, кымыз менен этке карк болгон калк кырылып кетпейби?!

— Жоок, «төшөк талаштырылсын!» Тамаша болсун, көрөлү...

«Төшөк талашуу» салтын орундоо кыйын болчудай.— Кудалардын үшүн алсак, көбүрөөк бирдеме өндүрөбүз го,— деген үмүт менен аялдар эрте камыныптыр. Бир нече арканды каткат кылып эшиптир. Анын бир учун түптүү ташка шыпырылгыс кылып бекитишкен. Бир учун эки аркан бою жерге чубалтып таштап коюшкан. Кыз алуучу тарап тиги арканды үзүп кетишсе мөрөй алардыкы болот, эчтеме беришпейт. Үзө албай калышса айыпка жыгылышат. Арканы канчалык жоон болсо да, көптөп асылса үзүп-жулкуп бирдеме кылар эле. Бирок кудалар арканга кандай жармашса, кыз бере турган тараптын аялдары колдорундагы күлдү аркан үзүлгүчө тигилердин бетине чача беришет.

— «Оор эшиктен кыз алмак, арзан бекен ардайкул?» деген турбайбы! Кудагыйларың менен ойнобо, болуш! Бардыгы күлала болгон турат. Кудагыйларыңа бир жылкы жол айт,— деди Шадман аксакал.

Кыз узатуунун ал салты антип бүттү. Ошондой дагы көп салттар бар экен, анын бардыгы өз орду менен ишке ашты. Эмки кезек «кыз кыңшылатууга» келип такалды. Үч күндөн бери кыз-келиндерди ээрчитип айыл-маайыл кош айтышып конок болуп дуулап жүргөн Сайкалды эми өргөөсүнө отургузушту. Кымкап чүмкөштү. Айылдын кыздары айлана отуруп уңулдашты. Анан аялдар узай турган кызга кошок айтып коштошуу салтына өтүштү. Коштошуу кошогун Камка баштады.

«Ак суунун башы туюктан,
Ак жумуртка туюктан.
Энекек чайкап куш кылды,
Атакең, айтылуу жерге туш кылды...»

## V

Эртеден бери козулары көзүнөн учкан саан койлор жайлоону башына көтөрүп азан-казан, ызычуу менен короого келди. Калың айылдын бала-бакырасы жабыла тосо чыгышты. «Кошок, кошок!» дешип бир канчасы саан койлорду кошоктой берүүгө киришти. Илен-салаң кыймылдагандарын «бассаң боло! Тоссоң боло!» деп илбериңкилери жемелеп жекире жүрдү. Койго бутун сыйрыта бастырып бышактап ыйлап жүргөн балдар да жок эмес. Качаган койлорго жете албай күйүккөндөр, акты-көктү айтып сөгүнгөндөр, кабарчыктап капа болгондор да бар.

Көгөндөрдө көздөрү акыйып тыбырчылаган козулар бир жагынан ызычуу түшүп жатты. Бошоно качып балдардан муштум жеген, көгөндүн буурчагына муунуп көзү акыйган кыйык козулар да болду. Кошоктолгон коплорду саанчылар саап жатышты. Кунары жок койлорду саагандардын куйкасы курушат, итиркейи келет, мыжыга кармап желинди тарс-тарс мушташат. Эмчекти чоюп ийин келтирет. Тамаша мына эми башталды. Дамбалынын багелегин санына чыгара түрүп, куру калгансып Талпаке да чыга келди. Койлорду үркүттү, кой арасында жүргөндөрдүн ар кимисине алжаңдап барып асылды. Үркөн койлор бирөөнүн сүтүн төгүп кокуйлатты. Эч кимге тыюу да бербеди, сөзүн да укпады. Бет алды урунуп-беринип жүрө берди. Адегиче бээлер саалып, кулундар агытылды. Көнөк-көнөк сүттөр чыпкадан өтүп сабааларга куюлду. Күпүлдөтө бышканда сүттөр көбүрүп-жабырып сабанын алкымынан чыга ташып да жатты.

От жагып түтүн булатып аялдар сүт бышырууга, айран уютуунун камылгасына өттү. Сүттүн көбүгүн аңдыган балдар от жакалай тизилишти, курсактарын кактап чыт кылышты. Айылдын четиндеги дөңсөөдө бешимден бери биринден сүйлөшүп, чогулуп сүйлөшүп котолоп жүргөндөр да суюла баштады. Садыр болуштун айланасында кылыч асынган жасоолдор, бул айылдын аксакал, көк сакалдары гана калды. Эми, өз ара «палан айыл ууру кубалаптыр, түлөн айыл ууру кармаптыр, тигил айылдын короосуна карышкыр тийиптир, паландын зайыбы сыркоолоптур, аркы айылга конок конуптур, түлөнчөнүн төөсү тууптур» деген сыяктуу сөздөрдү сүйлөшө отурушту. Ошол учурда бир жигиттин колун аркасына байлап болуштун эки жылкычысы жөө айдап келе калды.

Колу байлоолу жигит дөбөдө отургандарга салам айтты. Саламын оңчулуктуу алик алган эч кимиси болбоду, эриндерин бүлк эттирип тим болушту. Саламы кабыл болбогон соң жигиттин шагы сынды. Суук тумшук тартып, чөктүшө барып катарга отурду. Бир оокумга чейин аны астыртан карашса да, үн каткан киши болбоду, Салыр болуштун кирпигин байкап дымырап калышты.

— Чыныңды айт. Калп айтсаң жазаланып жаның кейийт — деп Садыр болуш сурак жүргүзүүгө өтүп,— атың ким? — деди.

— Албан.

— Кимдин баласысың?

— Чымырдын.

— Чымыр кайсы уруктан?

— Олжобай уруусунан.

— Кайдан келатасың?

— Аңыртыдан.

— Кайда барасың?

www.bizdin.kg

— Мужукка барам.

— Мужукта эмнең бар?

— Малай болгону.

— Кечке чейин бекинип жата туруп, четке чыга калган жылкыдан бирди мине качайын деген экенсиң го? Чыныңды айт?

— Чынымды айтайын. Качып баратканым чын. Бирок, жылкы мине качайын деген арамдык ой менде такыр болгон жок.

— Арамдык оюңда жок болсо, эмне үчүн айылга келбейсиң? Эмне үчүн талаада бекинип жатасың?

— Кейпимди көрүп турасыз го, болуш аке. Ушул кейпим менен айылга келүүдөн корундум. Кийми жамаи кишиге иттер да өч болот турбайбы, талап коёбу деп ары чети андан да айбыктым.

— Талтөөндөй болуп айткан сөзүн кара. Такмаза сөздү коюп чыныңды айт!

— Чыным эле ошо, болуш аке. Кыл чылбыр колумду кыйып жиберди. Катуу байлап коюшту, оңбогон жылкычылар, чечтирип коюңуз!

— Ууруга убал жок. Жаның кыйналып баратса чыныңды айт!

— Бери чети кулуңузмун, ары чети кудаңызмын. Колумду чечтирип коюңуз!

— Куда боло калганын кара мунун. Анткорлонбой чыныңды айт!

— Кудаңыз Качы бий менин атам Чымыр менен бир тууган. Атадан да, энеден да кичинемде томолой жетим калыпмын... Болуш аке, колумду чечтирип коюңузчу, сайсөөгүмдү какшатып жиберди!

— Какшаганды али көрө элексиң, айт чыныңды.

— Чыным ошо. Томолой жетим болуп Качы бийдин карамагында калыпмын. Балачагымда козусун бактым. Чоңойгондо коюн бактым. Кулак кести кул катары кызматын кылдым... Чыдабай баратам, болуш аке, кыл чылбыр колумду кыйып жиберди, чечтирип коюңуз!

— Көргөнүңдөн көрө элегиң көп, чыныңды айтпайсыңбы?

— Чыным эле ошо, тең тууганга кул болуп жүргөндөн көрө мужуктардын бирине көз далдаа малай болоюн деп качып бараткамын, кагылайын болуш аке. Өлтүрсөңүз да ыраазымын, кыйнабай өлтүртүңүз, колумду чечтирип коюңуз!

— Митаамдыгын кара. Куда боло калат. Качы бийге бир тууган болсоң, анын коюн кайтаруудан эмне үчүн качып жүрөсүң?

— Тууган деген эме бар болсо көралбайт, жок болсо асырай албайт турбайбы, болуш аке. Жөн эле өлүп баратам, колумду чечтире туруңуз!

— Чечтиргенди айтат, чыныңды айтпасаң, андан да катуу байлатамын.

— Кудаңыз бийге таарынып качып чыктым. Бийдин малына карасанабаган сиздин малынызга кара санайт белем. Берерге бирөө чыкпаса да, аларга алтоо чыгат эмеспи. Кокустан ушу жерде өлүп кетсем, ошо кудаңыз бийдин өзү эле кун доолап алууга жарайт.

— Чынын айта турган пейли жок, айттыргыла! — деп болуш көк шиберге кырынан жата кетти.

— Санына кылчылбыр салып толгой койсо эле, чынын чырылдап туруп айтат эмеспи,— деди отургандардын бирее.

— Чекесине чүкө кыстарып канжыга менен толгой койсо чынын безилдеп туруп айтат,— деди дагы бири.

— Миздүүрөк ташка тизеси менен чөгөлөтө коюп, балтырынан эки киши бакан менен басса эле сырын зыркырап туруп айтат,— деген дагы бирөөнүн үнү чыкты.

Ошондой сөздөр айтылганда ал жерде отургандардын бир кыйласы чочуп кетип:— чынын айтып берсеңчи? — дешти.

— Ой, айланайын агайындар! Өз тууганым Качы бийдин коюн кайтарып, тең тууганга кул болуудан көрө, качып барып башка жакка баш калкалайын дегенден башка жазыгым болсо, күн менен кошо батайын, ишенсеңерчи кагылайын калайык!..

— «Ууру тойгуча жеп, өлгүчө карганат». Айт чыныңды, — деп аржакта отурган бирөө тура калды. Эки жаакка эки, көмкөрөсүнөн салып көк желкеге бир койду, көчүккө үч-төрт тээп жиберди. Ошондо ар жактан келаткан аксакал адам кыйкырып жиберди.

— Сен кутуруп кеткенсиңби? Тарт колуңду! Колу байлоодо турган кишини уруп-согуу баатырлыкка жатпайт. Ал да бирөөнүн баласы. Кайда жүрүп мынчалык кара мүртөз ырайымсыз болуп кеткенсиңер? — деди. Барып жигиттин колун чечти. Кылчылбырды барча-барча кесип ыргытты.

— Балам атым ким дедиң эле?

— Сакалыңдан садага болоюн атаке, атым Албан.

— Албан балам, артыман бас! — деди да, ээрчитип үйүнө алып кетти.

Ошол учурда эрке токолу бурала басып болуштун жанына келип отурду. Бир аздан кийин экөө ээн калды. Эрке токол: — баламды кордобосун,— деп чоюштады.

— Балаңды ким кордоп жатыптыр?

— Жанакы жаңы келиниң.

— Кандайча кордоптур?

— Кандайча кордоптур деп билмексен болот. Калың берип алган күйөөсү болгондон кийин, бооруна кысып жатпайбы? Түндө, таңга жуук барып карасам, уулуңду төшөктүн четине түртүп таштап, өзү тескери карап жатып алыптыр. Өз көзүм менен көрдүм.

www.bizdin.kg

— Өз көзүң менен көрсөң, аны эмне кыл дейсиң?

— Апей, эмне кыл дейсиң дегени кандай? Келин болсун деп калың бердикпи? Бердик. Канча кой бердик? Канча жылкы бердик? Жалаң гана төөдөн бешти бербедикпи? Малыбыздын акыбетин кайтарса боло?..

— Алып берген катынды уулубуз алып жатууну билбесе кандай кылабыз?!

— Ошол да сөзбү? Катын болуп келгенден кийин катындай болбойбу? Баланы бооруна тартып өзүнө үйүр кылбайбы?

— Ошентсин, айт келиниңе. Бутуколумду укалап койчу, ооруп жанымды кейитип турат,— деди болуш.

Өрүш тынчып эл орунга отурду. Болуштун жаңы келини Сайкалдын өргөөсүндө айылдын кыз-келиндери шапар тээп таң-тамашада. Сайкал да жыргалдын кучагында. Ошол учурда алардын үстүнө Суумурун дей турган аял кирип келди. Аныбыз мындагы саанчылардын биринин аялы. Кара боюна карабаган, дүйнө капар, эндей этек алба-далбалардын бири. Ар кимдин оозунан аңдыганы сөз. Бир үйдөн бир сөз угуп калса, аны чоң табылга катары жаттап ала коёт. Анысын эл жаткыча беш, алты үйгө айтып чыкпаса, ал түнү ооналактап уктай албайт. Кирип келер замат мурдун шуу дедирте тартып, маңдай чачын кашып койдуда: —ууру жигит чоң атамдыкында отурат,— деп эбирей баштады. Айткан сөзүн башкалар угуп жатабы — жокпу, иштин ал тарабына көңүл бөлүчү эмес. Уккандарына өз ичинен чыгарып дагы бир топ сөздөрдү кошуп айткандан кийин гана жели чыгып, ичи ачылып көңүлү сергий түшө турган.

Суумурундун «чоң атасы» жанаа Албанды үйүнө ээрчитип кеткен адам. Ал Садыр болуштун бир тууган

агасы, аты Шадман. Бирөөлөрдүн кыйналганын көрсө кошо кыйналышкан, бирөөлөрдүн жыргалын көрсө өзүнчө эле кошо жыргай берген алпейим да, ак пейил да киши. Үч уулу бар. Эң улуусу Садыр болуштун жылкысын багат. Ортончу уулу коюн кайтарат, төөлөрүн карыя өзү көзөмөлдөйт. Ошентип, болуштун малын мал, жанын жан кылып отурган агасы Шадман жана анын балдары. Бирок, болуш аларга туура кармап акы төлөбөйт, жайкы ичкен сүтүн, кышкы жеген этин акыга чегерип тим болот.

Болуш төрт аялга нике кошту, үчөөнөн бала көргөн жок эле. Акыры Сонундан жанагы Талпакени көрдү. Анысынын жайы болсо баягы. Болуштун өзү да оорукчан. Кокустан жазатайып бирдеме болуп кетсе анын малы өзүбүздүкү болбогондо кимдики болот дешип Шадмандын балдары болуштун малына өз малындай карашат. Садыр болуш болгону менен чындап келгенде Шадман аксакалдан чыга албайт. Анткени, биринчиден ал кара чечекей агасы, экинчиден акыл-эс жагынан да жогору турат.

Жакшы болсоң тууганыңдын. көрө албастыгы да чын. Жаман болсоң асырай албастыгы да чын. Ал өзүбүздүн башыбызда да жок эмес, Албан балам,—дептир. Келин-кыздарга Суумурун жеңе аны да баяндап жиберди. Ошентип отурганда: — ууру жигит кайдагы эме экен?— деп калды келиндердин бири. Суумурун мурдун сыга кармады. Анан колунун учун керегенин түбүн карай чертип койду. Сыңар тизелей отура калып чындап эбиреди.

— Ууру жигит Качы деген бийдин кара чечекей эле туугандарынын биринин уулу экен. Туугандарынын Уурулугун тыйып коё албаган ошо бийди кудай урсачы!—дегенде Сайкал жалт карады. Намысына катуу тийди көрүнөт: — ууру жигитти көрүп келели,— деп кыз-келиндерди сыртка ээрчитип чыкты. Сайкал Шадман акенин босогосунан шыкаалады. Алба-далба болуп отурган Албанды таанып койду да, кайта басты. Өргөөсүнө барып башына жаздык коюп жата кетти.— Убалың жетсин атама! — деди ичинен. Атасынын Албанга кандай мамиле кылып келгендигин эсине түшүрдү. Баягыда меники деп жүргүдөй кылып Албанга мал энчилеп коюу жөнүндө Камка сөз козгогон. «Жакшы болсо, багып жүргөн малдын бары эле Албандыкы эмеспи» — деп Качы бий мойноп койгон. Көрсө, Албандын эти тирүү, чыйрак жана зээндүүлүгүн бий көрө албайт экен. «Колуна тес тийсе малыма, башыма ээ кылбай бийлеп алабы, басмырлап коёбу» деп, чочулайт экен. Ошондуктан, Албанды кой артына коюп, оңчулуктуу кийим кийгизбей чүнчүтүүнү, жүдөтө берип баш көтөргүс кылып коюуну каалап жүрүптүр. Анысын Албан жокто башка бүлөсүнө туюндурган экен. Ошону оюна түшүрүп дагы бир жолу: — убалың жетсин атама,— деди.

Сайкалдын өзүн күйөөгө узатарда болуш кудадан «салыт ат аламын» деп тууган ырааты боюнча Албан чыр салган. «Кайсы алыңа салыт ат ала коёт элең?» деп Качы бий аны катуу кордоп кагып таштаган. «Тууганыңдын баласы болсом да эчтемеге тең кылбадың, кетем, жоголом деп ошондо өкүрүп өксөгөн. Эми таарынган бойдон качып чыккан экен го» деп Сайкал аны да ойлоду. «Бар карындаш батууда болбосун, жок карындаш жолдо болбосун», көрбөсөм болот эле, көрүп туруп унчукпай коюшум болбойт деди. Болуштун үйүнө барды. Энемди чакырып чык деп анда жүргөн бир баланы жумшады. Болуштун аялы манчыркап көптөн кийин чыкты. Үйдөн оолагыраак ээрчитип барып кайын атасы болушка таарынып тургандыгын айтты.— «Ээсин сыйласа итине сөөк салат» эмеспи эне? Болуш атамдын мунсу кандай? Жанагы ууру дешип урупсабаткан жигит биздин жакын тууганыбыз. Бий атама таарынып качып чыккан болсо керек, анысын айтып турса да катту ызалатып коюптур?— деп ыйлап жиберди.

— Болуш атаң болуштугун кылган да, балам. Анын эмнесине таарынгыдай,— деп кайын энеси чоюштады.

www.bizdin.kg

— Болушка кишинин таарынчысы такыр өтпөйбү! — деп Сайкал бышактады.

— Болушка кишинин таарынчысы өтпөйт, ошону айтайын деп чакырттың беле? Мен жакшы сөз айтат экен деп атайы чыкса, айткан сөзүң ошобу? — деп кайын энеси кайта басты. Сайкал ызасына чыдабай дал болду, турган жеринде каткан бойдон кала берди.

— Сонун байбиче тышта сени ким чакыртыптыр.— деди жөкөрлөрү менен төрдө отурган болуш.

— Келиниң чакыртыптыр. Сага таарынып калыптыр.

— Келиним мага кандайча таарыныптыр?

— Жанагы сен сабатып койгон ууру жигит жакын тууганы экен, ошого таарыныптыр, ыйлап жүрөт. Атайы чыксам айткан сөзү ошол! — деп Сонун байбиче кашын серпип, мурдун чүйрүдү.

— Ата көйү, ата көйү. Ырас эле байкабастык кылыпмын, — деп болуш бармагын тиштеди да, — анан сен эмне дедиң, — деди.

— Эмне дейт элем. Болушка да киши таарынмак беле, кайын атаң болуш эмеспи дедим...

Ошентип Сонун байбиче чоюштап сөзүн кере-кере айтты.— О, кайран Сонун байбиче, айткан сөзүнүн сонундугун кара! — деди да болуш ооналактап жата кетти.

## VI

Койго жетпес коңур боз ат минген бирөө жайлоо тараптан жалгыз келе жатты. Тепеңдей теминет, камчы үстүнө камчы урат. Бирок, куйругун шыйпанып койгону болбосо, коңур бозу кургур Желип да койбойт. Кейпи, камчыга жедеп ийи кеткен ат болууга тийиш. Туягын чебердеп көтөрүп, аярдап акырын басып, илең-салаң жүрүп отурду. Кыядан чыга бергенде жөө кишинин карааны көрүндү. Бир аздан кийин жөө киши жолдун боюна чалкасынан түшүп жата кетти.— Жол тосуп жүргөн каракчысыбы, алда кандай эмеси — деп коңур бозчон коопсанады. Көрүнбөй жата туруп чукул келгенде ыргыта чаап атын мине качайып деп атайы ошентти го! Ошенте турган болсо кимди ким билет, жер ээн.

Коңур бозчон корко-корко жакындай берди. Ал коңур бозду тартып кетет деп корккону жок, кокустан өзүмдү өлтүрө чаап коёбу деп ошондон коркту. Коңур бозду минип көрсө баары бир, аз узабай эле тажаарын, башка-көзгө чаап туруп таштап кете берерин жакшы билет. Ошентип, шектене келатып чукул кирип келгендигин сезбей калды да: — ботом, сен кимсиң? — Оңол, тур, ат үркөт! — деп айбат кылды. Чалкасынан жаткан киши чыканактап башын көтөрдү да:

— Ассалоомалейкум, акебай! — деди.

— Алейкимасалам, оңол. Эмне иштеп жүргөн жигитсиң? — дегиче коңур боз тык токтоду. Жакын кирип барбай ырас кылды деп коңур бозго ээси бу жолу ичинен ыраазы болду. Жигиттин жанында жаткан союлу көзүнө чалынды. Жолдогу толгон токойдон бир союл кыйып чатына кыпчый жүрбөгөндүгүнө өкүндү. Колумда союл болсо, бир кишиге бир киши, бактөкөлдөн көрүшпөйт белем деп пчинен өкүндү. Адегиче жигит мужукка бараткандыгын аптты. Бары бир коңур бозчон ишенбеди. Алдап туруп абайсыздан кол салганы туратко, эргул деп сактыкта турду. Эгерде жигит таягын жерден алып качыра туртан болсо, коңур боздон ыргып түшүп безе качууга, бөйдө таяк жебестен коңур бозду колуна берип кутулууга беленденди. Жигит:

— Акебай түшүңүз! Атыңызды бир аз чалдырып алыңыз! — деп тосо басты.

— И, алдап аттан ажыратып туруп соймок болду,— деди ичинен.

Жигит чылбырдан алганда,— баары бир куткарбан турган болду, түшсө түшүп берейин,— деди. Жигит колтуктап түшүрүп, коңур боздун ооздугун чыгарып отко койду. Кашаң ат каржалтып койгон окшойт, суусун жутуп алыңыз деп жигит чаначынын буугучун чечти. Оозун кайрып туруп: — мынаңыз. Ийгилик аке жута коюңуз!— деди.

— Э, оңол балам, оңол1 Мени тааныйсыңбы? — Тааныйм.

— Атың ким, балам?

— Албан.

— Атандын аты?

— Чымыр.

— Олжобайдан турбайсыңбы?

— Ооба.

— Ыраматылык Чымырды билүүчү элем. Чымырдыи баласы экенсиң го!

— Ооба, Ийгилик аке.

Кымыздан кериле бнр жутуп: — өмүрдүү бол балам, рахмат! — деди Ийгилик. Анан мужукка канданча, эмне жумуш менен баратканын сурады. Албан Качы бийге таарынып качып чыккандыгын, жолдо Садыр болуштан көргөн кордугун, Шадман карыянын ары боорукер, ары адилет-калыстыгын, «бар карындаш батууда болбосун, жок карындаш жолдо болбосун» деп, карындашы

Сайкалдан көргөн жакшылыгын төкпөй-чачпай айтып берди.

Коңур боз кашаң болгону менен камбыл жылкы экен. Албандын аз күндүк өмүр баяны айтылгыча кардын кампайтып жиберди.

— Туугандын кылары ошо. Өлбөгөн кул алтын аяктан суу ичиптир, өмүрлүү болсоң болду, болочогуң алдында. Жигит чырагы кырк болот. Бирөө өчсө бири жанып жарык берип турат. Кана эмесе, жолоочунун жолдогусу жакшы, жолдо болбосо үйдөгүсү жакшы. Жөнөбөйлүбү, Албан балам?

www.bizdin.kg

Албан тура калып коңур бозду ооздуктады. Ийгиликти колтуктап аткарды.

— Учкаш, Албан балам!

— Жок, жөө эле ээрчип алайын. Атыңыздын шайы жогураак көрүнөт. Чарчап баратсам куйругун кармап алармын,— деп Албан болбой койду.

— Чу! — деп Ийгилик теминди, коңур боз козголбоду

— Чу! — деп камчыланды, куйругун шыйпанды.

— Чаап кой балам! — деди Ийгилик. Албан таягы менен чебердеп чаап койду эле, коңур боз илгери баспастан, артын карай кетенчиктеди.

— «Мал ээсин тартпаса арам өлөт», куду эле ээси — деп Ийгилик коңур бозду санга камчылабастан чандырга камчыланды. Ошондо гана илгери карай аяңдады. Жолго түшүп алгандан кийин: — акебай, коңур боздун ээси ким деген киши? — дей калды, Албан.

— Чу, чаап кой балам! Коңур боздун ээси биздин бир тууган агабыз болот,— деп Ийгилик узун жолду сөз менен кыскарта жүргүсү келди.

— Чу, мойнуң кесилгир. Чаап кой балам! Бир ата, бир энеден үч бир тууганбыз. Эң улуубуздун аты Чеңгелдей. Ара төрөлгөн болсо керек. Эргежелдей эрбейген бир жандык. Кол арага жараган төрт баласы бар. Чу, өлүп кеткир, чаап кой, балам!

Кою алты жүздөн ашат. Отузга жакын ую, жыйырма ашуун жылкысы бар. Эч кимге айыл конбойт, эч кимдикине барбайт. Күндүз да, түндө да коюнан алыс кетпейт. Дайым жөө жүрөт. Эс тартканы жылкынын үстүнө чыга элек. Ырас, алысыраак көчкөндө жайдак өгүздүн жонуна каргадай болуп коно ксёт.

Чу, чаап кой, балам! Коңур боз ошо агабыз Ченгелдейдики. Жооштугуна карап балдары үстүнөн түшпөй жедеп салкамчы, өтө кыйды кылып бүтүрүптүр.

Айда минсе ат. Күндө мине берсе кандай жылкы болсо да ит болот эмеспи, чу, арам өлгүр. Чаап, кой, балам!

Ортончу агабыздын аты Жума. Бала чагында эти тирүү, тирикарак экен. Актан кара таанысын, адам болсун деген жакшы санаа менен раматылык атабыз молдого бериптир. Үч жыл окугандан кийин куранкана болду. Айлыбызда сыркоолоп калгандарга дем салууга, өлүп баратканы болсо ыйман угузуп, жаназа окууга, доорапга отурууга жарап калды. Чу, чаап кой, балам!

Уулу молдолукка жарап калгандан кийин жарыктык атабыз жетине албай кубанычта болду. Тандап жүрүп сулуу кызга үйлөндүрдү. Үйлөнгөндөн кийин био жылга жетпей Жума молдобуз «көзү ачык» боло баштады. Чымындарым айтты деп атадан энчикуюн алып «карагай мазарга» көчүп кетти. Ошондон бери аныбыз жалгыз түтүн, жайы кышы ошо жерде. Оорупсыктагандар, түшүнөн чочугандар, төрөбөгөн аялдар барып андан ият чийдирип, тумар жаздырып жана дем салдырып алышат. «Атанын уулу азарында бакшы болот», жосуну жок жоругуңду ташта. Элгежуртка кошул деген кеңешти айта берип тилим тешилди. Акырында жөн койдум. Жүзгө жакын эчки, кою, минерге аты, сааргa ую бар. Күндөлүк оокаты жанагыдай карайлап баргандардын жонунан болот. Чу. балам, чаап кой!

Кийин байкасам, анымдын эч кандай чымыны, олуялыгы, көзү ачыктыгы, касиети деле жок экен. Сулуу аялым бирөөлөргө азгырылып кетеби деген кызганыч менен, айылдан алысташ үчүн атайы иштеген амалы тура. Алдамчылыкка көнүп алган ургур, азыр да айылга жолобойт. Аныбыздын жайы болсо ал. Чу, караан калгырды катуурак чаап кой, балам!

Билбейм, менин деле ал экөөнөн артыкчылыгым жокко деп ойлойм. Анткени, «жаман уул атасы өлгөндө бир көбөт, катын алганда бир көбөт» деп коюшат эмеспи, биздин кыргыздар. Атабыз дүйнөдөн кайтты. Кичүүсү болгондон кийин атанын малы менин энчиме калды. Кыязы ошондо катуу көпкөн окшобоймунбу, Албан балам. Чу, чаап кой!

Кыздан кыз тандап жүрүп бир кыз көңүлүмө жагып, ошого берилип калдым. Атасы «Алыке» уруусунан болучу. Эч кимге билгизбей кызга арачы жумшадым. Көзүнө көрүнүш үчүн айлына бара бердим. Шылтоо таап. кыз атасынын үйүнө да эки мертебе кирип чыктым. Кыздын кайны бар экен. Менин таалайыма, ага күйөө боло турган жигитти кыз чанып жактырбай жүрүптүр. Арачым өз айылындагы эптүү жигит эле. Бечара, ошо күндөрдүн биринде кыздын макул болгондугун кабар кылды. Чу, талаада калгырды катуурак чаап кой, балам!

Кызды качырып ала турган түндү, кездеше турган жерди болжоштук. Жоро-жолдоштор менен камынып дайындуу жерге барып турдук, кыз кечикти. Ал убактагы жигиттер башка эмес беле. Азыркы жигиттер эмне, күн менен кошо батат, күүгүм киргенде эле бышылдап уйкуга киришет. Биздин убактагы жигиттер келин-кыздуу үйлөрдүн эшиги бек болсо, түндүгүнөн да түшө калуучу. Ошондой жигиттердин бири кирип барса, кыз үйүнөн чыга албай жүрөксүп туруптур. Бат эле келип калышты. Жүрүп кеттик. Чаап кой, балам!

Ошентип тойтойлоп калдык. Бирок, эки күнгө жетпей эле тоюбуздун акыры тополонго айланды. Кыздын өз атасы да, кайын атасы да болушка барыптыр. Биздин бир болуш эл алты старчын эмеспи. Алты старчындын алты бийин жана башка атка минерлерин ээрчитип болуш келип калды. Бейбаштык кылган тентектин чарасын көрөбүз дешти. Чара көргүлөрү келсе мына дедик. Бээ союлду, кой союлду. Союуга калганда малдын көзүнө караган жокпуз. Келгендерди үй-үйгө таратып чара-чара эт тарттык. Этке тойгондон кийин айлыбыздын жанындагы дөбөгө кайта чогулушту. Чу, чаап кой, балам. Угуп келатасыңбы?

www.bizdin.kg

— Укпаганда, угуп келатам.

— Угуп келатсаң, зериктирип жибербеген болсом айта берейин. Эр өлтүрүүдөн кийинки эн эле чоң кылмыш. «эриш бузуу» дешти. Кайындуу кызды, күйөөсү бар аялды бузуп алуудан, ооба, эриш бузуудан чоң тентектик болобу? Тентектин эңсесин мал менен кесиш керек. Антпесе тентектер тыйылбайт дешти. Мени айыпка жыгып, жазана тарттырышты. Кыз атасы алып койгон калыңын кудасына бүт төлөдүм. Андан тышкары кыз атасына бир тогуз мал, бийлердин бийлигине бир тогуз мал, эки тогуз — он сегиз кара айып тарттым. Элдин элчилиги, журттун журтчулугу, туугандардын ынтымагы, кошумчасы менен зорго кутулдум. Кыскасы, итке минип отуруп калдым. Атадан калган малды жылан сыйпагандай кылышты да кетишти. Чу, оңол, Албан балам. Кесилгирди чаап кой!

Ошентишти. Журтка отурдум да калдым. Кайындар кектүү болуп катышпады. Кошумчаларын кошуп милдетинен кутулгандан кийин туугандар да жакын жолобой качып калышты. Менин атым эриш бузган тентек болуп өз тууганга да, жат тууганга да батымым жок болуп калды. Оңол, Албан балам! Чу, деп кой!

Атабыз раматылык бейиши болсун, алгандан ала билген, бергенге бере билген колу ачык киши эле. Орус кыштагындагы мужуктар менен мамилеси дурус болучу. Тимоха, Жукум, Жашке жана ошолорго окшогон көбүнө абдан үйүр эле. Жери жокторуна жер бере коюп, унаасы жокторуна унаа кайрылышып, кай бирлеринин малын өзүнүн малына кошуп багып да бере коюучу. Карайлап журтка отуруп калганда ошолордун жакшылыгын көп көрдүм. Кийин алар менен ата-баладай болуп кеттик. Барыбыз жогубузга кайрылышып турабыз. Чу, союлгурду, чаап кой, балам!

Акыры жаман болгон жок, сүйүп алган аялым адегенде кыз төрөп берген, анысы он алтыга келип калды дегенде:

— Кыздан айланса болот, — деди Албан.

— Андан кийин эркек бала тиреп берди, мунусу тогуздан он жашка чыкты. Ошону менен аялымдын төрөтү токтоп калды. Аялым кара жанын карч урган кайраттуу киши. Колунан аш да келет, иш да келет. Кара түйшүккө калганда эр жигиттен калышпайт. Ошентип эри-шаркак болуп күн өткөрүп келатабыз. Аштан ачка, аттан жөө болгонубуз жок, эл ичкенди ичип, эл кийгенди кийип, журт катарынан калганыбыз жок. Оңол, Албан балам, оңол. Коңур бозду эми бир чаап кой!

Оруска малай жүрүүнү кааласаң тааныштар көп. Бирөөнө жайгаштырып коюуга жарайм. Эмн, мынабу коңур бозду минип келатышымдын жөнүн айтып берейин: Жанга өлчөгөн бир жакшы каракер атым бар. Күлүк десе күлүк, өтө сергек, абдан кылыктуу жылкы. Айбандыр, адамдыр кылык жоругу менен кишиге жагат эмеспи. Аялым, кызым, балам үчөөнөн кийинки жакшы көргөнүм ошол каракер. Жанымдан чыгаргым келбейт. Көрүп турсам көөнүм ток. Азыркы күндө андай аттарды минип жүрүштүн өзү да кыйын болуп калбадыбы. Болуштун жасоолу, кеңсалардын жасоолу, азыр жасоолдон көп эмне бар? Андай ат кокустан ошолордун биринин колуна тийсе чабагандай берип жүргүзбөй бузуп таштайт. Биринчиси ошол оңбогон жасоолдордон айбыгып, экинчиси жайлоонун чөбүн оттоп сөөгү агарсын деп, жанагы агабыз Чеңгелдейдин жылкысына кошуп коюп келатам. Балдары минип тур дешип бир мингич токушту. Жасоолго мингизип жиберип артынан издеп жүрөмбү деп анысын алганым жок. Атайы ушу коңур бозду минип келатам. Муну минип жүргөндө жасоолдун коркунучу жок. Келе десе ме деп түшүп бере коём. Кыйын болсо бир чакырым баргандан кийин таштап коёт. Азыр мага аттын жакшысынын кереги жок, аяк ылоо болуп, жөө жүрбөсөм болгону. Албан балам, оңол, карагай «мазарына» келип калдык. Эми бир чаап кой!

## VII

Бадалдуу борчуктун боорунда жүзгө жакын эчки, кой жайылып жүрөт. Борчуктун түбүндө жалгыз үй, жалгыз там турат. Айланасында мыдыр эткен жан жок. Тескей тарабындагы боордон серейген жалгыз карагай көрүндү. Анын түбүндө эрбеңдеген бирдемелер жүргөнсүйт.

— Оңол, Албан балам. Касиеттүү мазары ошо жапалак өскөн жаман карагай. Дагы бир чаап кой! — деди Ийгилик.

«Мазар», карагайдын түбүндө жүргөндөр он чакты аял, төрт-беш бала, селде чалынган бир эркек жана сөөк аңдып жүргөн беш-алты ит экен. Таш тулгадагы казанда эт кайнап турат. «Мазарынын» түп жагындагы бутактарда чолоо жер жок. Ар түрдүү чүпүрөктердүн айрындыларынан, кебездин үзүндүлөрүнөн, жал куйруктун кыл-кыбырларынан салбырата маалан байланган. Элик, эчки, теке, кулжанын мүйүздөрүнөн түбүнө бир чөмөлө үймөктөлүптүр. Куураган сөөктөрдөн айланада аяк шилтөөгө чолоо жер жок...

Ийгиликти көргөндө селдечен кишинин көзү алач түштү. Дароо ыргып туруп ат алды. Отурууга орун көрсөттү. Олуясынып отурган селдечен кишини айбыктырган Ийгиликтен ал жерде отурган аялдар катуу ийменишти. Ыкташа отуруп созолонду да калышты. Селделүү молдо. аялдардан оолактатып ар жакка орун жасатты, жаңы келген эки мейманды ээрчите барып ошол жерге жайгаштырды да, өзү аялдардын арасына кетти.

— Жума деген агабыз тиги селдечен киши, Албач балам. Жашы элүү бирде, менден төрт жаш улуу. Сакал, мурутун акчамынча гана ак аралаган, көрдүңбү? Дене курулушу чымыр, көзү ойноктоп, өзү сойлоктоп турушун абайлагандырсың. Бала чагында эле шок болучу. Шоктугун дагы эле коё элек болсо

www.bizdin.kg

керек. Жылмая күлүп, кашын серпип астыртан арбай турган өнөкөтү бар эле. Анысын да калтыра элек көрүнөт. Чепкени, америкен маасы, көлөшү өзүнө жарашып калган тура. Келбеттүү да, сулуу да киши. Абайлагандырсың. Албан балам?

Сөздүн учугу кайда баратышын Албан жаш болсо да байкады. Жер карап күлүмсүрөдү да тим болду. «Мазардын» түбүндө жүргөндөрдү бир карап койду да Ийгилик кобурай берди.

Албан кысталып калды. Сөзүн жөнөтүп бирдеме айтайын дейт — теңтушу эмес, өзүн сыйлабагандай иш болот. Ооз ачпай отура бериш — сөзүн сыйлабагандай иш болот. Ошентип кыстала берди. Кыстала берип: — селделүү молдонун бир «касиети» бар го. Бирдемеси болбосо, аны издеп келишер беле! — деген сөз оозунан чыгып кетти. Аны өзү да сезбей калды.

Ошондо Ийгилик:

— Об бали, Албан балам. Оңолдуң,— деп жиберди.— Бирдемеси бар, туура айтасың! Бирдемеси болбосо «селделүү молдо» деп аялдар аны даңаза кылышар беле. Кеп как эле ошо, даңазасында. Биринен бири угат. Сыртынан куштар, ынтызар болот. Барып көргүлөрү келет. Анти:и үчүн шылтоо керек. Бирөө талмалуу боло калса, бирөө ажына боло кетет. Бирөө төрөтү кечигип баратышын бетине кармайт. Ошентип келе беришет. Селделүү молдо эмдеп-домдойт. Дем салат. «Мазарынын» түбүнө түнөтөт. Аят чийип берет. Бир келгенде эми түшпөсө, үйүр алып калгандар эки келет, үч келет. Эми-дому, дубакейлүгүнөн да, селделүү шайтандын мамилеси, сырткы көрүнүшү көбүрөөк таасир этет. «Улуу сөздө уят жок», уялбай айтып жибердим, Албан балам...

Ошол учурда бир аял басып келип, Ийгиликке «уул» деп учурашты. Жакын барып сыңар тизелеп коомай отурду. Анан жалдырады да калды.

— Асыл байбиче, балдарың чоңоюп жатабы? — деди Ийгилик. Ал башын ийкеди.

— Саламаттыгың кандай? Дагы башын ийкеди.

— Селделүү азезилиң жин-шайтаны менен коркутканын койгонбу?

Асыл жеңеси башын ийкеди.

— Серейген жалгыз карагайды кайтарып жата бербестен эл ичине барбайсыңарбы?

Жалдырап отурган Асыл башын дагы ийкеп койду.

— Балдарына бер деп абысының куржунга бирдемелерди салып койгонсуду эле. Барып чечип ал, балдарыңа бер! — деди Ийгилик. Асыл туруп кетти.

Асыл жеңеси үчүн кейий турган эби да, селделүү шайтанды каргай турган кеби да бар экен. Анысын бир аз кийинчерээк айтабыз.

Бирөө чайнекке чай көтөрүп, бирөө дасторконго нан ороп, дагы бирөө чыны-пынысын алып үч келин келди. Биринен бири калышпай турган, үчөө тең шайдоот көрүндү. Бир чынынын чайын бошоткондон кийин:

— Төрөтүңөр бир аз кечигип жүргөн келиндерсиңер го!? — деди Ийгилик.

— Ооба, айланайын акебай! — дешти.

— Молдо акеңер эмдеп-домдоп жатабы?

— Ооба, акебай! Колунан келгенин иштеп жатат! — дешти.

— Иштеткиле. Иштете бергиле, эмне иштесе да тилегиңер кабыл болсо болгону! — деп Ийгилик экинчи барган чыныны да чайдан бошотту. Бу жолу келиндер унчукпады. Жер карап бирин бири чыканак менен нукушту. Беттерине кан ойноп кызара жер карашты.

Чай ичилгенден кийин келиндердин бири тура калып батаа тиледи. Ийгилик алаканын жайып алкыш айтты:

«Бөлчү, бөлчү, бөлчү бол, Бөдөнөдөн төлчү бол. Ур коёндон көздүү бол, Адам таппас сөздүү бол. Чач-мончогуң чалынсын

Чаранага малынсын. Айылда абысын-ажының Жентектеп жүрүп карысын...»

— ЫЛайым айтканыңыз келсин, акебай! — деди батаа тилеген келин.

Бир табак этти бир келинге көтөртүп молдо өзү келди. Үч келин «мазар» тараптагыларга барып кошулду.

— Асыл кайда? Чакыр! Биз менен отуруп эт жесин,— деди Ийгилик. Молдо иргилбей кайта басты да барып Асылды ээрчитип келди. Бирөө ал десе Асыл эттен алат. Же дебесе жалдырап олтуруп калат. Аны көрүп Ийгилик капкайдагыны эсине түшүрдү. Кыз чагында Асыл «үч урук» боюнча суулу кыз болучу. Баампарасаттан да куру эмес эле. Кыскасы Асыл деген аты кандай болсо, заты да ошого арзый турган жан эле. Шайтан молдо аны жаш кезинде ушу жерге качырып келди. Көп жылдар бою эркек аттуудан жашырды. Олуя, машайык, кереметтүү кишисинип коркута берди. Жин-шайтан, пери деген эмелерди айта берип жүрөгүнүн үшүн алды. Акыры, тигинтип жалдырама нес болду да калды. Ошонусу болбосо, азыр да кирдүү кол менен тийүүгө ыраа көрөрлүк эмес.

Эттен кийин селделүү Жума эки мейманды үйүнө ээрчитип барды. Козу союп коноктоду. Эс алгыла деп эрте жаткызды. Ийгилик уктап ойгонсо жанында бир аял отурат. Көрмөксөн болду. Кирпик арасынан карап жата берди. Караса Асыл жеңеси экен, жалдырагандан жалдырады. Кебелбеди, козголуп да койбоду. Аны көрүп Ийгиликтин жаны кейиди, аяды. Көзүнө жаш келди. Бир оокумдан кийин чыканактап башын көтөрүп:

— Жума жаттыбы? — деди. Асыл башын чайкады.

— Кайда жүрөт?

www.bizdin.kg

Асыл «карагай мазар» тарапты карай колун жаңсады.

— Жалгыз кеттиби? — деди Ийгилик. Асыл сөөмөйү менен ортонун көрсөттү.

— Арам шайтан, дагы эле шайтандыгын коё элек турбайбы. Эй байкуш, байкуш. Даттана албай отурган турбайсыңбы! — деп Ийгилик ыргып турду.— Ага турмак, ата болуп кетсе да шайтанын күбүп келейин,— деди. Табыш алдырбай «карагай мазарга» барды. Караңгыда карайлап жүрсө, ар жакта эки киши жатат. Шашпастан жакын басып барды. Экөөн келтирип туруп эки чапты. Чапканда да оңдурбай чапкан экен, экөө тең ок жеген аюудай бакырды. Аял үйдү көздөй, селделүү молдо тоону көздөй качты. Ал ошо бойдон келбеди. Эртең менен караса кечээ мында жүргөн аялдардын бирөө да калбаптыр.

Чайдан кийин эки мейман жолго чыкты. Жатакчы айылдагы Ийгиликтин үйүнө түш оой келишти. Албан коңур боздон Ийгиликти колтуктап түшүрдү. Ошол учурда Бермет үйдөн чыга калды. Атасынан мурда ат байлап жаткан жигит көзүнө чалынды. Көрсө, көч үстүндө көрүшкөн койчу жигит, тааный койду. Кийген кийимдери өзгөрүп кеткендиги болбосо, өзү баягысындай.

Ал мындайча болгон эле:

Намыс кылып калган Сайкал, Талпакенин бир сыйра кийимин куржунга салып:

— Айылдан алыстагандан кийин кийинип ал, үстүндөгүлөрдү кабакка ыргытып жибер,— деп колуна берип узаткан. Жолдо келатканда Албандын «кыздан айланса болот» деп жибериши ошо болучу. «Агач көркү жапырак, адам көркү чүпүрөк». Мына азыр Албан эч кимден корунбастан, төрдөн төмөн, ирегеден жогору үйдүн капшыт жагына мырза жигит болуп гана отуруп калды.

— Кубаткулуң көрүнбөйтко! Энең кайда кеткен! — деди Ийгилик, колуна берген суусунду жутпастан. Баласы энеси менен кайда кеткендигин уккандан кийин гана Ийгилик колундагы суусунун жутту. Албан бошоткон аякты ар жакка коюп Бермет тышка чыкты.

— Чарчап калдың го. Башыңа жаздык койдуруп жантай, оңол, Албан балам, оңол! Эртең да эс ал. Мужукка бүрсүгүнү бирге барабыз. Бермет балам, кел мында! Биртике эс алалы. Башыбызга койгондой бирдемең болсо бере сал.

Албан жашын жаздыкка коюп жантайды. Берметтин кирип, чыгышын, баскантурган кыймылын кирпиктеринин арасынан шыкаалап уктай алган жок. Күн батарда коңур боздун ээрин жайдактады, таңашсын деп мамыга аса байлады. Таңга жуук туруп отко койду. Кайта жатты. Ушу бойдон ушул үйдө кала берүүнүн ар түрдүү акылайласын издеди. Бирок, изнн таба албады. Бекер жата бергенден көрө иштей жүргөн иш, эртең менен коңур бозду минип барып отун алып келүүнү акыл көр^ дү. Жайыраак турду да, шашке ченде коңур бозду токунду. Ийгилик унчуккан жок. Кайда барасың, эмне иштегени жүрөс\н да дебеди Ошол учурда «жасоолмун» деп антаңдап бирөө келди. Чоңдугу кесенин оозундай келген сары жезди көкүрөгүнө тагыптыр. Кылычы жок куру кынын асынып алган. Кара көрпө тебетейин кызыл менен тыштатыптыр. Кепкесөзгө келбестен:— үйөздүн буйругу тыкыр, шашылыш жумуш менен баратам. Боз аттын ээрин алып, меңин ээримди токуй кой:— деди, Албанды демите сүйлөп. Өзү аныраңдаган кең таноо эме экен, дегеле эч кимди көзүнө илгиси келбейт. Анын обу жок аңыраңдашына Албандын ачуусу келди.

— Ат керек болсо токунуп мине бериниз. Келген жасоолго ат токуп бериш үчүн бул жерде турганым жок,— деди.

— Укпайсыңбы, айткан сөздү? Ал, аркы боз аттын ээрин. Алып ыргыт,— деп омуроолоду.

— Жасоол турмак жараткан кудайдын өзү болсоң да, дайны жок аңыраңдаба. Керек болсо, түшө калып токунуп мине кой. Ат аяп жаткан киши барбы!—деди Албан.

— Аңыраңдасам кыларың эмне?— деди да жасоол качырып барып Албанды чокуга камчы менен басып, басып алды.

— Кыларың эмне дейт тура. Кыларымды сага көрсөтө коёюн,— деп Албан кылычы жок кындын боосунан кармап көмөлөтө тартты.— Чапкан андай болбойт, мамындай болот,— деп ээгин кабыштыра бир койгондо, жасоолдун көзүнөн от чагылышты бейм, темселей түштү. Жакадан алып торой чалды да, жерге бир койду. Көчүккө бир тепти, көкүрөгүнө мине калып эки, үч мертебе тизе менен ныгырды.

— Албан балам, оңол! Итке теңелбе, кой эми, кой!— деп Ийгилик ордунан тура чуркаганда, Албан чыга берди.

— О, курган жасоолумай. Ошону көрмөк болчусуң, оңол эми, тур,— деп жөлөп-таяды.

Жасоол көптөн кийин эсине келди.

— Сениби, сага көрсөтө албасам,— деп Албанга алыстан ызырынды. Коңур боздун ээрин алып ыргытты. Өзүнүн ээрин токуп минип «чу!» деп теминди. Коңур

боз козголбоду. Камчыланды. Коңур боз куйругун шыйпанды. Тушап койгонбу деп шек санады окшойт, эңкейип бутун карады. Дагы камчыланып теминди. Коңур бозу кургур тоотуп да койгон жок.

— Атаңдын оозу урайындар аты менен сүйлөшүп койгонбу,—деп ызасы келген жасоол коңур бозду камчы менен башка салыпсалып жиберди. Ошондо Албан:

— Тилиңди тарт, айбанга теңелген айбан. Атаңды ат өлтүрдү беле? Жазыксыз малды сабаба,— деп жасоолду качырып сала берди.

— Оңол, Албан балам, оңол!—деп Ийгилик тыйып койду.

Жасоол коңур боздун ээрин алып кайра өз атына токуду. Коңур бозду жетелей кетмекчи болду. Бирок, жетегине да баспады.

www.bizdin.kg

— Ушул ат менен эле атаңдын куну бүтө турган болсо, айдап коёюн. Алып кет,— деп Албан айдап, айылдын четине чыгарып койду. Албан бери басканда коңур боз кеженип туруп алды. Жадаганда чылбырын ыргытып жиберип жасоол кайта келди.

— Бу бейбаш жигит ким, кайдагы эме? Мунун мен акесин тааныtам. Азыр барып болушка арызданам,— деп дагы аңыраңдай баштады.

— Оңол, жасоол жигит, оңол! Бу жигиттин ким экендигин билгиң келсе угуп тур, айтып берейин: Садыр болушуңдун кара чечекей кудасы. Качы бийдин иниси. Уктуңбу, жасоолум? Ат токуп бербейсиң деп мен аны сабадым. Ал токуп бербеймин деп кайра ал мени сабады деп айтып барып арыздан. Аты Албан.

Жасоол бастырып кетти. Бир аз барып кайта келди. Ийгиликти жалгыз чакырып алып:

— Тиги жигит чын эле ошондойбу? — деди.

— Чын болбогондочу. Ишенбесең болушуңдун өзүнө айтып койгула! — деди, төшөктө жаткан Ийчилик. Ийгилик.

Жасоол ойлонуп көпкө турду. Акырында:— астына жыгылайын, Албан менен жараштырып кий. «Тааныбасты сыйлабас» кылыпмын. Кечинде бир кой таап келе калайын,— деп Ийгиликке жалооруду да, жасоол аттанып кетти. Албан коңур бозду кайта токунду. Айылдан узагыча жетелеп барып минип алды да отунга барды. Куу чегедектен сылай жүктөп жетелесе коңур боз кыйыктанып дагы баспады. Мына эмесе, деп өзү үстүнө баса минди эле, бели ийиле түштү. Ошондо коңур боз басыш мындай турсун, жөн эле желип жөнөдү. Отунду үйдүн жанына түшүрүп коюп, Албан катуу уктап калган экен, көзүн ачса күн батууга жакындап калыптыр. Эртең менен жакага эрте кеткен жатакчылар азыр айылдын четине чогулуп, жасоол менен коңур боз, Албан үчөөнө байланыштуу болгон бүгүнкү окуяны Ийгиликтен угуп олтурушуптур). Жасоол өзү келүүдөн намыс кылган болсо керек, бирөөдөн келишкен семиз козу өңөртүп жибериптир. Анысын бир жигит Ийгиликтин үйүнүн жанында союп жатыптыр. Ошентип, мындагы жатакчы айылдын бүлөсү «кедейдин бир тойгону, орто байыганы» дешип эт менен сорпого бүгүн абдан карк болушту.

## VIII

Тоо этегиндеги ойдуң түздө төрт киши кыйкаңдап чалгы чаап жүрдү. Аттарын байлаштырып коюп алты киши Мантек элүү башыны тегеректеп бер жакта кымыз ичип отурушту. Ар жактан атын адыраңдата чаап келген киши түз эле чалгычыларга барды. Атын тууралатып кыйкыра да, кырдана да сүйлөдү.

— Бул кандай ээн баштык? Жер меники! Бул жерге чыккан чөп да меники болуш керек, кеткиле!

Чөп чаап жүргөндөрдүн бири чалгысына таяна туруп жооп айтты.

— Биз эчтемени билбейбиз. Чаба бергиле деди, чаап жатабыз. Чатагың болсо тигине, элүү башы кымыз ичип отурат. Өзү менен барып сүйлөшүңүз.

Ачууланып келген атчандын кулагына айткан сөз кирген жок. Желигип калган атынын оозун силкип, ачуулу сөздөрүн айтып, ар кимисин омуроолоду.

— Силерде кулак деген эме барбы? Укпайсыңарбы? Токтоткула! Жөн эле чалгыңардын мизине жата каламын.

Чалгыларын таянып тигилер жапырт тура калышты.— Баса, Ийгилик деги сенин өзүңдө кулак барбы? Кыйын болсоң элүү башынын өзүнө барып тууралан.

— Ооба, ошент. Бизге тууралана турган жөнүң жок,— деди чалгычылардын дагы бири.

— Бул эмне деген кордук. Силердин «Сарыкул» уруусунун чеги тетиги дөңсөө эмеспи? Өзүңөр деле билесиңер. Деги ошол элүү башыдан ооба, ошо чедирейген шайтандан келгенди көрө коёюн,— деди. Чапкан бойдон кымыз ичип отургандарга кетти. Демите барып демиге сүйлөдү.— Чедирейген гана шайтан десе. Бул эмне кылганың? Жардысынтканыңбы? Же жамансытканынбы? Эмне себептүү менин жеримдин чөбүн чаптырып жатасың? Чалгычыларды токтот. Чатак чыгып кетет. «Каракул да» аз болгону менен өзүнчө бир уруу калк. Кордугуңду кой!..

Элүү башылыгын көзүнө илбей демите сүйлөп турган Ийгиликке, Мантектин ачуусу келди. Өзүнүн мүнөзү да тойтоңдоп оргубаргы шапшайтаны арбын киши. Байлыгына бир чиренсе, элүү башылыгына эки чиренет. Чедиреңдеп чеки сөздөрдү айтууну, колдон келет кылып уруп сабап коюуну эл бийлөөнүн бирден бир эрежеси деп түшүнөт. Ийгиликтин чабындысын Мантектин чаптырып жатышы да бекер эмес болучу. «Эптеп тийишейин, кыжырына тийип кычык чыгарайын, эбин таап ээн жерде төө басты кылдырып коёюн» деп атайын ошентип жатат. Анысын Ийгилик кайдан билди, чапкан бойдон келип бир тийди.

— О, чедирейген шайтан,— деди каракерди тууралантып.

— О, Ийгилик баатыр, сага эмне болуп кетти? — деп, Мантек элүү башы кара күчкө анткорлонду.

— Атаңдын башы болду. Кубарыңдын куу чокусу болду, чедирейген шайтан. Ар качандан бир качан зордугуңду койбойсуң, кордугуңду койбойсуң. Сенин казыңды эле жарбасам Ийгилик атым өчүп калсын, чедирейген шайтан,— деди. Ошондо Мантек:

— Опуруп койгула, жапырып койгула,— деди. Кымызга ала-күү болуп отургандар Ийгиликти аттан оодара тартып, тепкилеп жибериштери. Моокуму кангандан кийин Мантек элүү башы:

www.bizdin.kg

— Болду эми. Жөлөптаяп мингизип жөнөтүп жибергиле,— деди. Ошондой кылышты.

Ийгиликтин кедейлиги эле болбосо өзү абдан жөн билги жана «Каракул» уруусуна кыйла кадырлуу киши. Ошол үчүн аны Мантек элүү башы көрө албайт. Баарын өзүм билсем, бийлесем дейт. Түбүндө элүү башылыгымды алып коёбу деп Мантек андан да шектенет. Ушинтип койсом Ийгилиги гана эмес, башкалар да менден коркуп калат го деген ой менен муну атайы иштеди. Анысы көптөн бери ойлоп жүрүп тапкан акылы эле. Бүгүн ишке ашырып, мына көксөсү сууду. Кымыздан дагы бир сыйра ичилгенден кийин Мантек элүү башы талыкшып магдырады. Чепкенин бурдап башына койду да бат эле кор этип уктап кетти. Уйкусун бузбайлы деген ой менен беркилер оолактап орун которуп отурушту. Жай күнүнүн кызуу тийген илеби аларга да таасир этти. Элүү башы ойгонгуча дешип ар кимиси ар жерге томолонду.

Ийгилик катуу кыйналып үйүнө зорго жетти. Кейпин көргөндө: — айланайын атаке ай, эмне болуп кеткен?!— деп Бермет бакырып жиберди.

— Башы, көзүндө тамтык калган эмеско, алат күн! Арман күн...— деп аялы да алаканын шак коюп, кокуй-алатып копшонду. Жүйүртө басып отура кетти. Кичинекей Кубаткулдун көзү алайып, катты да калды. Ийгилик онтолой сүйлөдү.

— Бермет балам сен атты мин. Өзүбүздүн жатактагы «каракул» болгон жерине кабар айт. Эч кимиси калбай келишсин,— деди. Бермет атка минип чапкан бойдон кетти. «Жатакчы» айылдын аялдары, балабакырасы Ийгиликтин үйүн курчап калды. Канаган жерлерине курумшу күйгүзүп басып, таңуулаган болушту. Айылдагы бакан, союлдардын бардыгын чогултуп, үйгө жөлөштү. Берметтен кабар укандар аттуу, жөөлү болуп тез эле келип жетишти. Бардыгынын баш-аягы чогулуп бүткөндө Ийгилик «сынган мүйүз кимдики, сыздаган сөөк кимдики?» деген сөз менен кайрылды.

— «Каракул» уруусунуку, баарыбыздыкы. «Сарыкулдан» өткөн өчтү алыш керек! — дешти чогула келгендер.

•— Ар качандан бир качан зордугун койбой турган болушту. Жүргүлө! Ошолордон келгенди чогуу көрөлү.

— Ээриңерди оңдоп токугула. Олоң-боочуңарды бышыктагыла!

Баятадан бери демигип турган Карачач да сөзгө аралашты.

— Башкаларын коюп, баарынан мурда жанагы чедирейген элүү башынын өзүн жанчкыла. Казысын жаргыла.

— Чебердей көргүлө! Ачууңар менен бирөөң өлтүрүп коюп, эр кундуу болуп калбагыла! — деди байбиче аял.

— «Урушта туруш жок», аттангыла! — деди кимдир бирөө.

Аттуулар бирден союлду чаттарына кыпчышты. Калпак, тебетейлерин баштарына баса кийишти. Он колдорунун жеңин чечип курларына кыстарышты. Ошентип, коломочтонгон аттуулар алдыга түштү. «Токтоол болуп беребиз» дешип, бирден союлун сүйрөп жөөлөр аттуулардын артынан кетти. Катын, балдар дөбөгө чыгып карап турушту.

Союлдарын сороктотуп жабыла жарышып келаткан атчандарды көргөндө Мантек элүү башы,— ат тарткыла!—деп алдастады. Алдына тарта койгон атты минип далпылдап кача жөнөдү. Кашатта кардана карап турган аялдар, балдар ой тараптан эмнени көрсө, өздөрү ошону кайталап айтып чуулдай беришти. Карачачтын үнү башкаларынан катуу чыгып жатты. Жоолугу эчак эле кежигесине шыпырылып, эки бөйрөктү таянып, ал жөн эле ичип-жеп желиге берүүдө болду.

— Ий, жаман кудай алгырлар. Катуурак чабышпайбы? Коркуп баратышат окшойт. Атайы барып куткарып жиберип уят болушар бекен! А жамандар, жамандар! О, тегеренейин, тетиги жан аябай алда бараткан кимиси болду! Айланайын Албан тура. Элүү башы атына чаба албай калды. О өлүгүңдү көрөйүн. Ошентсин. Беркилери тегеректеп айдап алышты. Ана, ана, Албан жетип калды. Бирөөң атынан ажыратты. Бир чабуу менен эле сулатты көрүнөт. Албан жарады, азамат. Уул экен, уул. Жигит деген ошондой болбойбу. О, кудай, бардыгы жетишти. Арбак колдо! Колдой көр. Ана, быт-чыты чыкты. Ар кимиси ар тарапка өз жандарын ала качты. Элүү башыны ортого алышты. Колу менен башын калкалап жүргөнүн кара, о, өлүгүңдү көрөйүн. Мынча болду эми, жанча көргүлө, ошону биротоло жанча көргүлө!..

Ар бирин ар кайсы жерге жыга чаап, уруп, согуп моокумдары кангандан кийин баргандар бастырып чыга беришти. Карачач ошондо гана: — мына, көксөөм сууй түшпөдүбү! — деп катуу үшкүрдү. Жүйүртө басып көчүгүн жерге койду.

Мантек элүү башынын сазайын колуна берип кайта тарткандар айылдын четине чогулушту. Сыпайы жене бир чөйчөккө суу кармай барып Албандын башынан үч кайтара тегеретти да, кыбланы карата чачты.

— Бирөөнүн көзү, бирөөнүн тили тийбесин. Суу менен кет, жел менен кет, түв, түв,— деп жерге түкүрүп ырымдады.:

— «Сарыкулдар» эми жөн жатпайт, кол курап келет. Анык салгылашуу мына ошондо болот,— дешти кээ бирөөлөр.

Үйдө отурганда да, талаага чыкканда да бирден мыкты союл ар киминин жанында болушун айтышты. Талаа жумуштарын алгоолошуп биргелеше иштөөгө өтө турган болушту. Биринден иштегенде жанчып салып бастырып кетишет дешти. «Сарыкулдардын» бер жагындагы дөбөдө бир киши күнтүн дебестен

күзөттө турсун, аркылардын аттанып чыккан карааны көрүнгөндө эле кабар таратсын дешти. Карачачка окшогон кай бир кайраттуу аялдар да бирден баканды оңтойлоп коюшту.

Таяктын уусу Ийгиликти катуу жабыркатты. Бир нече ирет эсинен танып бүлөсүн катуу шаштырды. Кечинде бир улакты садага кагып түн бою от менен отурушту. Бир кезде Ийгилик талыкшып кетти.

— О, кудай! Өрт өчкөндөй кыла көрбө! — деп Сыпайы кудайына жалынды.— Анан деги кайсы жериң, эмнең ооруйт? Жүрөгүбүз түшүп калды го деп бышактай кетти.

— Бүткөн боюм салмактанат, кайсы жери ооруганы, кайсы жери соо экени билинбейт. Сынган-бүлгөн жерим жок, таякка жанчылып калган го...

Ит үрсө «Сарыкулдар», келип калдыбы деп селт этип дүрбөп чуркап чыгышат. Ошентип кирпик какпай таң атырышты.

Ийгиликтин жарааты «Каракул» уулунун карыжашынын жанына бирдей батты. «Жаман айтпай жакшы жок». Кокустан Ийгилик бери карабай, ары карап кетсе, «Сарыкулдун» катуудан казанын, жумшактан ун, талканын калтырбай талап кетүүнү, кыйсыпыра чаап алууну ойлогондор да болду. «Берүүгө бирөө чыкпаса да алууга келгенде алтоо даяр болот». Кокустан «Сарыкул» уулу кун төлөй турган болуп калса, чаап алууга «Олжобай», «Алике» уруулары гана эмес, башка уруулар да кошулуп бере тургандыгын ооз учунда айтпаган менен, ичтеринен ойлошту.

Бермет да, Албан да Ийгиликтин кашынан карыш жылбады.

Мантек да оң тапбаптыр. Көкүрөк жагына тийбестен, көчүк жагынын ийин жеткиришкен экен, ордунан туралбай анысы да төшөктө жатты. «Сарыкулдар» да бүгүн анын үйүнө үймелөктөштү. Кабыргасы сынган болсо керек, көөкөр үйлөтүп, табыпсынгандар анын тегерегинде болду. Бая Ийгиликти сабатканда кыбасы канып, дегеле чечекейи чеч болуп катуу жыргаган эле. Мына эми, таяк деген эме адамды кандайча сыздата тургандыгын өз башынан өткөрүп онтолоп жатат. Бирок, жөн жатпады. Бекиш старчынга киши чаптырды. Качы бийгеда, Садыр болушка да кабар жиберди. «Мени карап отура бересиңерби! Кол курап барып «Каракулдардын» саманын сапырып, чөбүн өрттөгүлө, катуудан казанын, жумшактан ун, талканын калтырбай талатып жибергиле. Жообун мен беремин. Менин ким экендигимди, элүү башылыгымды аларга таныткыла» деп Мантек да чабалактады. Анын шыкоосу боюнча «Сарыкулдар» да катуу дүүлүгүштү.

## IX

Арпа алабөйрөк болуп жатакчылар көк талканга кенелип калган күзгү күндөрдүн бири. Түшкө жакын, карааны жыйырма чамалуу киши каз канаттап келе жатты. Алдыңкы катарда келаткандар өтө бараандуу, жөн эле көлөккөлөк этишет. Ийгиликтин айлына жакындаганда жайыла жай бастырышты. Кадимки «Чыр-Дөбөгө» келип аттан ооп-ооп түшө кетишти. Аттарынын сырын билген кай бирөөлөр чылбырларын сүйрөтүп коё берди. Эки колун куушура тушагандар да болду. Кээ бирөөлөр арка бериш кылып байлап да койду. Анан бөлүнө-жарыла ар кайсы жерге уй мүйүз тартып ийриле отуруп калышты.

Илгери бу дөбөнү «Куу-Дөбө» деше турган. «Чыр

Дөбө» деген атак ага кийинчерээк койду. Анын үстүнө кандай чырлар болбоду. Эрдин куну, эриштин айыбы, жесирден жетим акы, уурдаткандын төлөөсү, ыгым-чыгым, алыксалыктын жаргысы, өтөр-кетер, өгөй-татай сөздөрдүн бардыгы ушу дөбөдө айтылуучу. «Чыр-Дөбөгө» чыгып алып мындагылардын чыркырашпаган күнү аз болучу. Магелен: Жанайдын куну, Чопонун ашынын чыгымы. Байжарыктын көзүнүн айыбы, Эшимдин жесирине кеткен жетим акысы, Солтонкулдун көк ала бээси жана Сооданбектин балыгынын чыры да ушул дөбөдө башталып жана ушу дөбөдө бүткөн. Токонун кулагы да ушу дөбөдө кесилип, Өмүрдүн тиши да ушу дөбөдө сынган. Балландын кызынын башы да ушу дөбөдө ачылып, Жанызактын кызынын калыңы да ушул дөбөдө бычылган.

«Уюмду уурдады» деп Карачка Үркүмбай кара доо кылып жатып алганда аксакал, көксакалдар арага түшүп, Карач актыгы үчүн ушул дөбөдө «тузга сийип» кутулган. Чодондун жоголгон улагы үчүн да Бейше ушул дөбөдө «куран кармаган». Кенжебайдын сары атынын доосуна дыйкан актазалыгы үчүн «жан берген» жер да ушул дөбө.

Айылдагылар, жоголгон аркан-жибин, жүгөн куюшкан, олоңбоочу, чылбыр. тиэгин, канжыга, куткундары үчүн да, ушу дөбөгө чыгып «касемдешүүчү». Ошондуктан башы «Куу-Дөбө» болсо да, аягында «Чыр-Дөбө» атка конду. Эми Ийгилик менен Мантектин чырынын акыры да, калдайган калың топ болуп «Чыр-Дөбөгө» келип отурат. Алар «Үч уруктан» куралган бир старчын калктын атка минерлери, алардын аткошчулары болучу.

Дөбөдөгүлөр а дегенде алдыкачты, кыжы-кужу сөздөрдү айтышты. Кээ бирөөлөр Ийгилик менен Мантектин ортосундагы чырдын жаргысын жарымыш болсо, кай бирлери бирөөнө берген кол акысын, короосуна тийген карышкырдын, атынын аксагы, коюнун котуру жана ошол сыяктуу сөздөрдүн үстүндө болду.

Тигилер ошентип отурган кезде Бекиш старчын Кашкарбай менен Чаки элүү башыны ээрчитип Ийгиликтин үйүнө барышты. Көпкө чейин сүйлөшө берип анан кайта келди. Дөбөнүн орой чокусунда аксакал-көксакалдар менен отурган Качы бийдин алдына барды. Ыйбаа кылган, айбыккан адептүү кишисинип Бекиш бир кыйлага чейин унчукпай олтурду. Кыйла убакыт өткөндөн кийин бийди астыртан карап:

www.bizdin.kg

— «Каракул» атала турган иттериңиз иттик кылып коюшуптур. Элүү башыңыз Мантекке колдору тийип калыптыр. Талаага отурбастан айыл үстүнө барганыбыз, сүйлөшө турган сөздөрдү айыл үстүндө сүйлөшкөнүңүздөр оң болор!—деди. Дөбөнү курчап отургандар жабыла аттанып Ийгиликтин айлын каптап барып калды. Союлган малдардын эти желгиче дагы эле жай сөздөрдүн үстүндө болушту: күлүктүн байгеси, жоргонун жоругу, кыраан бүркүт, алгыр куш, илгерки нуска, байыркы салттар айтылды. Эт желип, колдор жуулгандан кийин «Чыр-Дөбөгө» кайта барышты. Ар кайсы айылдын атка минерлери, аксакалдары өз кишилери менен ар кайсы жерге бөлүнө отурушту. Старчын Бекиш тигил топко бир, бул топко бир барды. Акырында ар кайсы айылдын тобунан бирден киши ээрчитип башкалардан обочо бөлүнүп чыкты. Сүрсүр болуп өздөрүнчө көпкө отурушту. Кызуу-кызуу үндөр чыгып, кайта жоошуй түшүп да турду. Ал топтон бөлүнүп чыгып өзүлөрүнчө сүйлөшүп, кайта барып кошулуп жаткандары да болду. Кыйладан кийин, бир пикирге келишти көрүнөт, жеңдери менен жерге отурган этектерин күбүштү. Бийге барып «бүтүмдүн» жайын айтышты. Тигилердин бүтүмүнүн баянын уккандан кийин:

— Ишиңер бүтүүчү өңдөнүп калган экен. Эл жакшыларын мында чакыргыла,— деди. Ал жердегилер келип тегерете сыйлыгыша олтуруп бийдин оозуна карашты. Ээгин бир-эки жолу курулай сылап койду да— «туугандын урушу, торконун жыртышы» деген эмеспи,— деп бий сез баштады.— Ь1рас, туугандын урушу торконун жыртылышындай эле иш болот. Агайын тууган биригип эптештире койсо, жыртылган жери бүтөлүп калат. «Каракул», «Сарыкул» бир гана атанын баласы. Айлынар башка болгону менен араңар жакын. Ирегелеш коңшу, биргелеш туугансыңар,— деп бий алды менен тыяк-быягын жайгарды.— Жамандыгыңар болсо, бири-бириңерге жатчылыгыңар жок.

Балдар балалык кылышыптыр,— деп отургандарга кез кыдыртты.— Жаман туугандарынар кылган тентектиктерин моюндарына алыптыр. Аштамагын берип алдыңарга жыгылышты. Бир айылдын элүү башчысы

Мантекке колубуз тийип калды, алдына ат, үстүнө тон кийгизели дешиптир. Отурган аксакалдарга салт боюнча үч кесим — бир тогуз (үчөө тай, үчөө кунан, дагы үчөө бышты) тартуу камдашыптыр. Жаман тууганыңардын тартуусуна карабастан, тентектиктерин моюндарына алгандыктарына карап, аз айып, көп кылмышын кечирип, элдешип, журтташып калгыла. Ошенткениңер оң го! — деп сөздү тегерегинде тургандарга жая салды.

— Бийимдин сөзүндө калет жок, ошенткендери оң,— деди кабырыңкы Чаки элүү башы. Анан эрдин жаланып — «Өгүз өлтүргөн балта» Мантек элүү башы эмеспи, өзү эмне дээр экен? — деп Мантекке карады.

— Ишимди элге, калдысы калың тууган силерге, аксакалдарга бергенмин, силер эмне десеңер мен ошого макулмун,— деди Мантек.

— Ата гана, кайран эрди карасаң. Не кылса да нарк билген киши эмеспи,— деп Чаки анын сөзүн жөнөтө берип туруп калды.

— Эмесе иш бүттү, ынтымакырашкердүү болгула,— деп бий алаканын жайды. «Болду-болду» дешип отургандар тарооо баш койду эле,—журт, отура тургула! Айта турган арзым бар! — деп арт жакта отурган Албан тура калды. Тарооо козголгондор аяк серппей отура кетти. Баягы албадалба Албан эмес, үстү-башы бүтүн мырза жигитти көргөндө бийдин башы шылк дей түштү.

Албан бийдин маңдайына барып чөк түшүп отура калды.

— Мантек элүү башы Ийгилик акемди сабатып койсо аныкы кечиримдүү болгону, Ийгилик акем өчүн алса аныкы кечиримсиз болушу кандай? Ушундай да бийлик, ушундай да калыстык болобу? Ийгилик акемди колдон келет кылып койдуңар,— деди Албан. Атка минерлер анын сөзүн жактырмаксан болуп жер карашты. Чаки элүү башы гана: — Мантек элүү башы эмеспи? — деген сөздү айта салды.

— Мантегиңер элүү башы гана эмес, жүз башы болсо да, Ийгилик акеме тең тууган. Тең туугандардын ишине тең карашыңар керек эле,— деди Албан.

— Бийимдин бийлигин сен бузганы турасыңбы? — деп Кашкарбай элүү башы атырыла кетти. Албан тартынган жок.— Кашкарбай аке сиз мага анчалык атырылбаңыз. «Баш кесмек бар, тил кесмек жок» дейт турбайбы? Сөзгө конок бериңиз! Жаш жагынан улуулугуңуз гана болбосо, биз тең атабыз, мен сиздин букараңыз эмесмин.

Анын каяша сөзү Кашкарбай элүү башыга катуу тийди.

— Букара турмак сен кулсуң. Бийимден качып келип Ийгиликке кул болуп жүрөсүң. «Өз агасын агалай албаган, киши агасын сагалайт» деген ошо,— деп Кашкарбай тура чуркады. Качырып барып камчы менен чаап-чаап жиберди. Албан:

— Биринчиси улуулугуңуз. Экинчиси туугандыгыңыз,— деп жонун тосо берди.

— Кой, кой,— дешип ар кимдер арага кыпчылды.

— Коё бергиле, кулагын кесип ыргытып, Ийгиликке биротоло баш оту менен өткөрүп берейин,— деп Кашкарбай жулуна берди. Албан солк этпей отуруп алды. Ар кимиси Кашкарбайды ар жакка алып кеткенден кийин:

— Мантек элүү башыны Ийгилик акем сабаганы жок. Өлөрчө болуп үйдө жаткан. Мантегиңерди биз, мына мен сабадым. Айыпка мени жыккыла! — деди.

— Болуптур. Андай болсо бийимдин бүтүмү боюнча айыпка бере турган малды сен бер. Сен эле төлөй кой,— деди Чаки.

www.bizdin.kg

— Макул, бийлигиңизге кулдук. Мен төлөйүн деди Албан.

Чаки келече кылайын деген максат менен:

— Болуптур, төлө,— деди.

— Азыр эле төлөй коёмун. Мен бий акем менен энчилеш экендигимди билесиз. Менин энчи ала электигимди да жакшы билесиз. Энчимди алып бергиле. Энчиме тийген мал менен ушу жерден козголбостон туруп эле төлөй салам. Антпесеңер азыр колумда эчтеме жок. Бий акемдин өзүнөн өндүрүп алгыла. Аган макул болбосоңор, аны да өзүңөр билгиле,— деди да, ал жерде отурган топтун арасынан Албан чыгып кетти. Атка минерлер бийди астыртан карашты. Бий түнөрдү да калды. Кыйладан кийин:

— Кана эмесе, аттанбайлыбы? — деп жер таянып көчүгүн көтөрдү. Жол бою эч кимге эчтеме айткан жок, ага да эч ким бирдеме дешке айбыкты. Албандын ал жердеги элесин көз алдынан кетире албай, болгон окуяга ой жүгүртүп келе берди. «Өзөктөн күйгөн өрт жаман, өзүңдөн чыккан жат жаман». «Кандай жол менен баланын эңсесин кесип, экинчи сөз кайтара албагыдай кылыш керек?» Баятадан бери ойлоп келаткан ою ошо жөнүндө болду. «Байлатып барып сууга салып сабатып, өлтүртүп койсом эмне болот? Аны уккан, көргөн эл эмне дейт? Энчисин берип, бирөөнүн кызына үйлөндүрүп койсомчу? Андай болгондо ээжаа бербей эргичтей беретко? Балага кандай жол менен каргаша болуш керек?..»

Бий үйүнө келгенде да кабагын ачпады. Камка менен да сүйлөшпөй жантайып жата кетти.

— Эмнеге эле кабагыңдан кар жаап, түнөрө чөгүп калгансың? Айтчы жайыңды! Бир жериң ооруйбу? — деп Камка бир аз эргичтеди.

— Ыза болуп келдим.

— А кайдагы эме экен, сени ыза кылууга жараган?

— Баягы Албандан Ушунчалык калайыккалктан барган жери Ийгилик. Андан ага артары эмне?

— Эмне артарын билбейсинби?

— Билбегендигимди айтпадымбы!

— Эмесе мен жакшы билем. Аныкына кызын тооруп барды. Аман болсо, акыры ал Ийгиликке күйө бала болот. Анан энчи доолап сени бир болуштун бийлеринин алдына алып барат. Эми билдиңби?

— Билдим, билдим. Учуң узарган Камка баланын максатын эми билбедимби. Сабит кайда экен, чакырт, — деп бий чыканактап тура калды.

— Сабитте эмне жумушуң бар эле?

— Жумуш мындай: жазында көч үстүндө Ийгиликтин ошо кызына Сабиттин көзү түшүп калыптыр. Арага киши салып айттырганда, макулдук бербей койгондугум эсиңде бардыр!

— Эсимде. Сабитти чакыртып алып азыр эмне, анын кызын алгын дегени турасыңбы?

— Ооба.

— Табар пайдаң кайсы? Бир тууганыңдын баласына бирөөнүн кызын да ыраа көрбөйсүңбү?

— Көрбөйм. Ошентип, ошол Албан шайтандын оозун агарталы. Анан кайда барарын билбей каңгып калсын.

Дны антпесе, тентитип жок кылбаса, акыры көргүлүктү ошондон көргүдөйбүз...

— Сыртын кенен болгон менен, ичине кара тароо айланбаган тар кишисин, бийим,— деди да Камка тышка чыгып кетти.

## X

Жайлата жамаатташ айыл отургандар кышка салым кыштоолоруна бириндеп житип кетти. Ийгиликке Качы бий кылгылыкты кыштоосуна киргенде, жалгыз үй болгондо иштемекчи болуптур. Камкадан төрөлгөн Бакир деген баласын чалгындап келүүгө . жиберди.— Албан байкеме учурашууга келдим деп кой. Үйүндө кимдер бар, кимдер жок, ошону бил. Кызы үйүндө бекен, ошону жакшылап байка. Ошент, барып кел,— деди.

Бакир атын токунуп жөнөй бererде Камка өзүнчө тапшырма берди.

— Бий Бермет кызды алакачтырып келип Сабитке никелеп коюшка камынып жаткандыгын Албанга айтып кой, сак болсун,— деди. Бакир ошондо он үчкө чыгып калган.

Бакир кеч кайтты. Өз бүлөсүнөн башка Ийгиликтин үйүндө эч ким жоктугун, Албан менен учурашкандыгын, ал бери жөнөгөндө Албан ары жөнөп, орус кыштагына кеткендигин бийге айтып берди.

— Андай болсо барып айт, тың-чыйрак жигиттерден беш, алтооң ээрчитип барып Ийгиликтин кызын ала кычып келишсин,— деп аны Сабитке жиберди.

Сабит угар замат апыл-тапыл жигит жыйнады. Кечинде бир козу союп атасынан бата алды да, эл жата жигиттери менен жөнөп кетти. Кызды мингизип келе турган атты жабдып коштой жүрүштү. Эл кызык уйкуга кирген кезде Ийгиликтин үйүнө жете барышты. Ат коштогон жигит менен Сабитти кабакка калтырып, алты жигит түз эле баса барды. Жигиттердин бири: — Ийгилик аке, тынч жата бериңиз. Кызыңызды алганы келдик,— деп үн салды.

— Атайылап алып кетүүгө келсеңер, кой дегенге тил алат белеңер. Деги өзүңөр кимсиңер? Дайыңарды айтып койгула! — деди, төшөкте жаткан Ийгилик.

— Кудай буйруса Качы бийге эртең эле куда болуп, куйрук сугунуп каласыз,— деп тиги жигит Ийгиликти сөзгө кармады. Берки үчөө караңгыда карайлап төрдө жаткан «кызды» төшөгүнө бурдап-

www.bizdin.kg

сурдап көтөрө жөнөштү. Каршылык көрсөткөн эч ким болбоду. Кыздан да кыңк эткен үн чыккан жок. Көтөрө чыгып ат кармап турган жигиттин бирөөнө өңөртө салышты. Ахалашып кабакта күтүп турган Сабитке барып, атайылап алып келген атка кызды мингизишмек болду. Ошондо:

— Макул, атыңарга минейин. Каршылык жок. Деги мени кимиңер алганы жүрөсүңөр? Ошону айтып койгулачы! — деди.

— Сабит мырзага,— деген үн чыкты.

— Уулумдай болгон жигиткеби? — деди «кыз». Ийгиликтин аялы Сыпайы жеңе колдон суурулган чыйрак да, тамашөкөй киши. Жигиттер дүрбөп келатканда Берметти жүк жыйган тактанын алдына сойлотуп жиберип, кызынын төшөгүнө өзү жата калыптыр. Караңгыда карайлап жүргөн жигиттер кызы деп энеси Сыпайы жеңени көтөрүп чыгыптыр. Аны билгенден кийин жигиттер бир паска дел боло калды. Ошол учурда ар жактан «ууру эле, ууру» деген катуу үн чыкты. Ал үнгө ар тараптан «кайда эле, кайда?» деген дагы бир үн уланды. Жигиттер бириндеп кача жөнөдү. Сыпайыга да, кыз мине турган атка да карашпады. Тебетейин баса кийип, жеңин коломочтонгон союлчан бирөө качкандардын артынан сая түштү. Көп узатпастан жете барып бирөөң союл менен тизеге согуп өттү. Анысы атынан тебетейдей учуп түштү. Колдорунда камчыдан башка эчтеме жок болгондуктан, калгандары да кайра тартып каршылык көрсөтүүгө жарабады. Алиги союлчан киши аяң-буяң дегиче дагы үчөөң аттан ажыратты. Аларды көргөн Сабит артын карабастан безе качып жүрүп отурду. Алиги киши артынан калбады. Атынын оозун жыя кармап, атайы жетер-жетмексен болуп жүрүп отурду. Кыйла жерге баргандан кийин теминип, атынын оозун коё берди эле, аткан октой жетти. Ошондо Сабит атынан түшө качууга камынды. Бирок, катуу бараткан аттан ыргып кетүүдөн коркуп, бир жагына кыйшая баштады.

— Ууру десем, Сабит байкем турбайбы, анча болбогондо ыргыта чаап шерменде болмок экемин го,— деп куутунчу жандай өтүп атынын башын башка жакка бура тартты.

Куугунчубуз Албан экен.

— Байке кечирип коюңуз! Орус кыштагына барып келаткам, «ууру эле, ууру!» деген кыйкырык боюнча, караңгыда кырып жибере жаздапмын. Жалгыз кетпей, тигил жигиттериңиздин баш-аягын жыйнап ала кетиңиз,— деди да, кайта тартып кете берди. Үйгө келсе кызга арнап келген ат кепенин босогосунда байлануу туруптур.

— Жарапсың Албан балам. Төртөөң атынан ажыраттыңбы?

— Төртөөң. Билмексен болуп Сабитин да соройто чабайын деп, кайта аядым. Ошондо да жүрөгү түшүп калды го дейм, жетер жетмексен болуп атайы көп жерге чейин тызылдата кубаладым.

— Ырас, кылыпсың, балам. Сабитке кол тийгизбегенин жакшы болуптур. Сыймыгы качып калат эле. Эмки шайлоодо болуш болсом деген талабы бар турбайбы. Алар ошо бойдон кете беришер бекен? Же эти ачынып кялган эмелер камынып кайта келип жүрбөсүн. Атыңа ~ минип үйдөн бир аз алысыраак бар. Кара-кериң тирүү турса качсаң кутуласың. Куусаң жетесиң. Сактыкка кордук жок, сак бол балам, бара кой! — деди Ийгилик.

— Баса, кайта келип калышса аянышпайт, таштап кеткен атына мингизип Берметтин жанына ала жүр, — деди.

Албан менен Бермет аттанып ар жакка барышты. Аттарын кабакка байлап коюп көрүнөгө чыгышты. Ыркмагын кошпой экөө эки жерде коомай отурушту. Улам үй жакты байкап карап коюшат. Көпкө чейин сүйлөшпөдү. Андай учурда сүйлөшө коюуга сөз табуу да кыйын эмеспи. Тигилер кайта келишсе эмне кылабыз? Көрүнбөй. качып бир жерге жите турабызбы? — дегенди бир ойлошсо,— оңтойлуу учурдан пайдаланып сырдашып алсак болор эле,— дегенди эки ойлошот. «Жаман уй жарда музоологондой» болуп, ушундай кысталыш учурда сырдашканыбыз орунсуз болобу деп аны да ойлошот. Ачык айтышпаганы менен кимисинин оюнда эмне бар, аны өздөрү билишет. Бирок, ооздорунан чыгарыша элек. Кандай деген менен Ийгиликтин бүлөсү Албанды «аттай арка, төөдөй медер» кылып калышына көп болду. Таяктын запкысынан Ийгилик кыйла меңкенип калган. Албан болбогондо биртике эгин, чөбү быйыл жыйналбастан талаада калат болучу. Бүлөсүз жалгыз бой кишидей кылган жок. Бардыгын камыр-жумур кылып жыйып-терип койду.

Албан Берметке үйлөнсө өзүбүз менен бирге турса, балачакалуу, очор-бачар бир үйлүү киши болсо, Кубаткулубуз жалгыздыктын запкысын көрбөс эле деген тилек ата, эненин экөөңдө тең бар. Ошол ойду Берметтин өзү деле ойлойт. Албан үйдө болсо Кубаткул жанынан карыш чыкпайт. Жумушка барса учкашып кошо кетет. Алына жараша тырмалап бирдемелерди иштемиш болот. Кийин төшөккө да бирге жатчу болду. Айылдын балдарынан азыр мурдагыдай айбыкпастан баатырсынып калды. Бирөөлөр ага чоңдук көрсөтсө, көптөй турган болсо:—Албан байкеме айтсам силерди оң таптырбайт,— деп көтөрүңкү сүйлөйт. Атасы да, энеси да, эжеси да ошонун барын көрүп, билишет. Анан кантип алар Албандан табычкына коюшар эле?

Жазында Берметтин ою башкача болучу. Сабит качыра кирип үйлөнсө, Кубаткулга жезде болуп калат. «Токол» деген гана аты жаман. Кубаткулдун мүдөөсү үчүн мейличи дей турган. Жалгыз инисине кара жанын кагып кашында жүргөн Албан турганда азыр Сабитинин кереги не? Жетимдиктин залдарынан тең тууганга кор болуп калгандыгы болбосо, Албан адам кемсинте турган жигитпи! Болуштун жасоолуна көрсөткөнү ал болду. Мантек элүү башыны сабатып койдуң деп бир старчындын атка минерлери Ийгиликти айыпка жыкканда андан антип куткарды. Бийине кошуп бардыгынын оозун аппак кылгандыгы тиги болду. Бүгүнкүсү мына, эрдемсинген жигиттердин төртөөн өзү гана төрт жерге

www.bizdin.kg

сулатып, Сабитин «кыз куугандай» кубалап шайын кетирди. Берметке мындан артык кандай жигит керек?

Бермет элеңдеп эки жакты карай берди. Отура калып да карайт, тура калып да карайт. Караңгы түн ага Албандын караанынан башка эчтеме көргөзбөдү. Анын караанын медер тутту. Уламдан улам жакындай берди. Денесин калтыроо басты. Жакындаган сайын калтыроосу күчөдү. Салт боюнча кызга карай жигит ыкташуу керек эле. Андай ой Берметтин эсине келбеди. Албан

сый жигиттердин бири болсо антпес эле. Аны бир тууган ага, кыйынчылыктан калкалай турган калканчы, ишеничи катарында ыктады.

— Коркуп турасыңбы? — деп Албан колдон алып өзүнө тартты.

— Коркпогондочу. Келип калышса кантебиз?

— Коркпо! Келип калышса экөөлөп салгылашабыз...

— Мен союл чабышып берүүгө жарабайм го? Жалгыздык кылып коёсуң. Бир жерге барып таң аткыча көрүнбөй корголой туралы!—деп Бермет, Албанга асыла кетти. Башын жүрөгүнө такады. Албан алапайын таба албай, кыздын башын жүрөгүнө кыса берди. Салгылаша турган жоо да, доолана турган доо да, нечен күндөн бери оюн айтууга батындырбай уялтып келаткан уят да бардыгы эсинен чыгып кетти. Кыздын «корголой туралы» деген сөзүнө гана ызалана түштү.

— Корголой тургудай коён эмеспиз го!— деди.

— Андай дей көрбө! Кубаткулуң чоңойсун. Аның союл шилтөөгө жарагыча чеберде. Азыр жалгызсың. Кордук көрүп каласың. Таң аткыча көздөрүнө көрүнбөй бир жакка кете туралы,— деп Бермет жармаша берди. Алар ошентип турганда кыз ала качууга келгендер да баш-аягын жыйнашты. Ачынып калган эмелер оолуга дуулдашты.

— Көрүнө эле баса барып кызын алып кете берели.

— Ар бириңдин колуңда бирден союл болсун. Каршылык кылгандар болсо, союл менен жаагын басабыз.

— Колдо союл болгондо жанакы кордукту көрбөйт элекко.

— Кызды бекитип коюшту, таптырар бекен?

— Кайсы бетибиз менен куру барабыз. Сабап туруп болсо да таптырып алып кетиш керек.

— Сабаганга жөн эле туруп беришеби?

— Ийгилик каршы болбойт, Албан бул ишке катышпайт.

— Катышпаганы кайсы, азыр эле кырып жибере жаздабадыбы?

— Тааныбай калып ошентпедиби. Орустар жактан келатып кокустан кабылып калган тура.

Сабит сабырдуу турду. Артыкийинин ойлоду. Көрүнө тебелеп барып кол салса, «Жамгырчы» уруусу бүт намыстанбаса да, «каракул» бүт намыстанат. Кедей болсо да Ийгиликтин айлына баркы жок эмес. Болуштун шайлоосуна даярдык башталганы турат. Бир «тоголокту» кемитип коюшу мүмкүн. Кайната болуп калгандан кийин, балким анте койбос. «Басмырлап аялымды ала качты, башыма зордук кылды» деп бир болуштун бийинен арызданса, каршы тарап пайдаланат. Шайлоодо жеңип кетер бекен, ошондой ойлорду ойлонуп турду да,— жүргүлө, эмесе! — деди.

Өтүкчү да ушу «Каракул» уруусунан. Узун жаак, кыр мурун, кабагы калың, кашы үрпүйгөн, ireңи серт киши эле. Анын аялы койчо төрөйт. Балдары жаш, бирде ток болсо бирде ачка калат. Балага, кедейчиликке басынып аялы жүдөө. Анын үстүнө бирдемеден кыйкым таап өтүкчү көз ачырбайт. «Бийим чакыртыптыр» — деп көтөрүлө сүйлөп, эки күндүн биринде кетип калат. Бир кеткенде жумалап, кээде айлап да келбейт. Бийдин балабакырасынын өтүк, кепич, маасысын ултаруу, ат турмандарын жасалгалоо ошол өтүкчүнүн мойнунда.

«Бийим чакырткан экен» — деп сыймыктанып кетет да, бийдин күңү Кызалактын үйүнө жатып алып өтүкчүлүк иштейт. Ак пейли кармаганда бирге отуруп бий эт тууратып жейт. Кара көңүлү кармаганда өтүкчүнү капарына да албай коёт. Өтүкчү болсо бийдин жумушун иштегенине гана маашыр. Аялы, балдары эмне күндү көрүп жатат, эсинен чыгарып коёт. «Иши кылып бийге жагынсам, Мантектин ордуна элүү башы болбосом да, «каракулга» он башы болуп калармын» деген дамаасы бар. Ошол өтүкчү бүгүн таңсаарынан Ийгиликтикине келди. Салам айтылып, алик алынгандан кийин омураңдай сүйлөп Ийгиликти жемелөөгө өттү.

— «Бакыр киши маана менен» болгону жакшы эмеспи. Ар качандан бир качан кежирлигиңди койбойсуң. Келген ырысыңды кедери кетиресиң да турасың,— деп кекеди. Чакчасын сууруп чыгып бир атым насбайды алаканына салды. Аны атар-атмаксан болуп мурчуйду.— «Кедейдин жети каңтаргасы бар» деген туура. Каңтарың кармабаганда бийге куда болуп калат элең. Малдуу болуп ирегеңден май акпайт беле. Бийдин кудасы деп кимиси болсо да урматташат эле, ыраспы? — деди. Алаканында турган насбайын тилдин асты, тиштин түбүн карай эп эттирди. Ийгилик сакалын сылап сабырдуу гана отура берди.

— Ушунда мурдунан көпкөн бирөөн үйүңө үйүр кылып алыпсың. Бойго жеткен кызың бар, күйөө кылып алганы жүрсөң керек. Ары томолой жетим, анын үстүнө аңды-дөңдү карабаган акмак көрүнөт. Бийдин атайы жиберген жигиттерин аның түндө кыйратып коё жаздаптыр. Башкалар бийиме жакындаша албай жүрсө, сен аны менен каршылашасың. Ойлонбойсуңбу? — деп олурая карады. Өтүкчүнү Ийгилик жаман көрүүчү.

— Жөн келбестен куйтулугуңду карматканы келгенсиңго? — деди.

www.bizdin.kg

— Ал эмне деген сөзүң? Тууган ырааты боюнча, бийим атайы өзү бар дегенден келдим. Мен эмне, куйтуланып жаман сөз айттымбы? Тең тууганбыз. Жаш жагынан улуумун. Суук сөзүңдү кой. Байкап сүйлө! — деп өтүкчү катуу тырчыды.

— Макул, катуу айтыптырмын. Бийге жакын болгон киши, оңолсо, эмдигиче сен эл алды болуп, төрт түлүгүң түгөл болуп кетпейт беле? Кыш көрсөм деле «бийим чакыртыптыр» деп ошол жакта жүрөсүң, жай көрсөм деле ошо. Кана оңолуп кеткениң?

— Анда сенин ишиң болбосун,— деп өтүкчү олуна кетти.

— Макул, ишим болбосо, болбой эле койсун. Балдарың ачка калыптыр. Аялың илбип келип кечээ күнү бир табак талкан, бир табак ун сурап кетти. Эстүүсүнүп элге акыл айтканды коюп, балдарыңды дурустап баксаң боло!

• — Билем сени, менин бийге жакындашканымды көрө албайсың,— деп өтүкчү өңгөчүн тартты.

— Жакындашмак турсун бийиңдин үйүнө барып башотуң менен кирип ал. Аныңда менин ишим жок. Балдарыңа ун, талкан камдап берип анан ошентсең боло?

Өтүкчү сөз таап айталбады, ызаланды.

— Билем, мени эле эмес, бийимди да жаман көрөсүң,— деп оолукту.

— Аның туура. Экөөңдү тең эле жакшы көрбөйм,— деп Ийгилик сабырдуу сүйлөп сакалын сылады.

— Ушу сөзүңдү эле бийиме айтпасам капыр болоюн,— деп өтүкчү тура калды.

— Маа десең бир эмес, миң айт.

— Тилиңе тишиң күбө болсун. Тең туугандык кылып мага андай сөздү айтсаң болот. Бийиме кылапат айтпа. Ал тегин киши эмес, касиеттүү киши. Атабабасынан бери кудайым өзү берип, кар болбогон киши,— деди. Эриш, аркагы жок дагы бнр канча эндей сөздөрдү айтып күйкөлөктөдү.

— Курулай күйкөлөктөбө. Бийим чакыртыптыр деп чирене сүйлөгөн сөзүң балдарыңа тамак да, кийнм да болбойт. Корооңдо малың болбогондон кийин, эл катары жер тырмала. Балдарыңды бак. Катыныңа каралаш.

— Мына, азыр эле антпадым беле. Сен бийим экөөбүздүн арабызды алыстаткың келет. Көрө албайсың,—• деп өтүкчү атын карай басты.

— Шашпа. Ошол сөздөрдү айтууга эле келдиң беле. Мынча келип калгандан кийин үйгө кирип даам ооз тий,— деп Ийгилик ээрчий карады.

— Бир аздан кийин старчын Бекиш келет. Эки жакка кетпей турсун, айтып кой дегенинен келе калдым эле,— деди өтүкчү. Ал барып атынын чылбырын чсчип кетмекчи болду.— Аке! Кайда барасыз? Үйгө кирип даам татып чыгыңыз? — деп Сыпайы эшик ачып үйгө киргизди.

Бекиш старчын жайдары келди. Өтүкчүгө окшоп өкүрөндөгөн жок.

— Кемпириңе чандырып сага эмне болду? Картайып кеткенсиң го!—деп Ийгилик менен саламдашты.—Бийдин жигиттери менен качып карыганда катуу көпкөнсүң го? — деп Сыпайы жеңени тамашалады. Бермет көшөгөсүнө кирип көрүнбөдү. Албан анын карааны көрүнгөндө серенин үстүнө чыгып жатып алган. Чай ичилгенден кийиң Ийгилик менен Сыпайыны сыртка ээрчитип чыкты. Үн жеткис жерге барып жүйүртө басып отурушту. Түндө болгон окуянын жөнүн сурады. Ийгилик бир баштан айтып берди.

_ Балдар балалык кылышкан көрүнөт. Алардын

бейбаштыгын угуп бий катуу кейиптир. Ийгиликтин кызын алгысы келсе, кудалашып өзүм эле алып бербейт белем дептир. Эртең менен чакыртыптыр. Барсам — Ийгиликке уяттуу болуп калдым. Барып жай айтып кел деп мени жумшады. Анчалык капа деле болгон эместирсиң! — деди Бекиш.

— Сыйда сарым сөздү жыбылжытпай эле кой. Сырыңды билебиз, —деп Ийгилик күлүмсүрөдү. — Койнунда жаткан аялын бирөөлөр көз көрүнө ала качса, капа болбой коймок беле? Ойлоп көрчү өзүң!? Кызыңды алганы келдик дешти. Өзүңөр билесиңер дедим. Бир убакта аялымды көтөрө качышты. Кызым аздык кылган экен го. Экөөн бирдей алышабы дедим. Баш көтергөнүм жок, жата бердим. Албетте, ыза болорун болдум, ыза болгондо колумдан келери не? Аз айыл, букара уруу болгондон көрө жок болгону абзел экен го деген ойго да келдим. Кызынды уулум каалап калыптыр деп бийим бир ооз сөз айтса, «сатса кунсуз, өлсө пулсуз» кылып өзүм жеткирип бербес белем! Бийде калыстык жок. Калыс Оолсо ушунчалык колдон келет кылар беле? Кордойт беле? Ар качандан бир качан букара атыбыз өчө турган эмес. «Күңгө эр жокпу, күрөккө тезек жокпу?». Тил алган «каракул» болсо, ээрчигенин ээрчитип бир жакка көчөйүн деп отурам. «Ит чапкандын кээри бар». Бул жорукту бий жөн эле иштеткен жок. Тирүүмдө эсимден, өлгөндө сөөгүмдөн кете койбос. Ойлонуп көрчү, өзүң. Же сөзүмдө кара өскөйлүк барбы? — деди Ийгилик. Ошентип, жайчылыкта тен болбосом да, шайлоо учурунда кырсык кылууга жарармын деген маанини туюндурду. Түшүнө койгон кытмыр старчын жайгара сүйлөдү.

— Кара өскөйлүгү жок. Болгонду болгондой туура баяндадың. Түндө болгон окуяны бий эртең менен угуптур. Аны айттым го. «Туугандын урушу, торконун жыртышы». Бир старчын «үч урук» эл эмес, үйдөгү казан, аяк деле кагылышып калат. Ачууңду бас. Балачакага теңелбе. «Бөлүнгөндү бөрү жейт», кайда көчүп, кайда кетмек элең? — деди.

— Орус кыштагына көчүп кетүүгө да жарабаймынбы? Бул иш бий колдуу болбогону чын болсо, анда өзү калыс болсун. Мүдөөмө жеткирсин. Болбосо бир болуштун бийлерине даттанам. Андан эчтеме чыкпаса, кудай берген жанды кудай эле алат, аянбайм,— деди Ийгилик.

— Бий эртең менен эле калыстык сөзүн айтты, ачууланба Ийгилик!

www.bizdin.kg

— Эмне деди? Калыстыгы кайсы? Балдар балалык кылыптыр дегениби?

— Жок. Иттик балдардан кетиптир. Тууганды кордогон туура жарыбайт. Ийгиликке тартуу тартып алдына жыгылалы. Түндө мында бир ат калган экен, ошону башоту менен берип кел деди. Андан артык кандай калыстык болот эле? Ыраазы бол. «Баш айрылса бөрк ичинде, кол сынса жең ичинде» болсун. Түндө болгон иш түн менен кошо кетсин. Ооздон чыкпасын. Жаат куроо, шайлоого даярдык көрүү башталып калды. Тиги тарантагылар угуп калса шылдың болобуз. «Үч уруктун» намысы барыбыздыкы эмеспи? Кандай дейсиң Сыпайы жеңе! — деди.

Кексе бий кекселик кылып жаңылыштыгын сезе коюптур. Алдын ала оозун баса койбосо, иштин акыры ырбайт. Ийгилик тилин алган туугандарын ээрчитип башка тараптын жаатына өтөт. Сабиттин боло турган болуштугуна кырсык болот. Аны билген бий, түндө таштап кеткен атты Ийгиликке ооз басырык кыл деп старчынды жиберген.

— Бий чыны менен эле өз айыбын мойнуна алган болсо, анда көптөн көп ыракмат. Атын деле өзүнө жеткиртип бер, мен ыраазымын,— деди.

Ийгилик эпке келбсй эсимди оодарар бекен деп чочулап отурган эле. Санаасы ордуна келе калган старчын кара күчкө карскарс күлүмүш болду.

— Деги Ийгилик ишиң ак экен. Мантектин чатагына таянып туруп бир онтотоюн деген элем. Андан антип кутулдуң. Бүгүн бий алдыңа жыгылып атын берип отурат. Андан көрө жакшылап түлөө өткөр. Туугандардан бата ал,— деди.

— Баса, түлөө өткөр демекчи, Сыпайы байбиче, бир козу алдыр. Старчын да, старчынга жигит болуп калган өтүкчү да тамак жеп кетишсин,— деди Ийгилик. Старчын тамакка ыраазылыгын, башка бир ишке шашып тургандыгын билдирди. Анан экинчи бир сөздүн четин чыгарды:

— «Кожоңдун бергенин койнуңа сал», «досуң бергендин тишин ачпа» деген кеп бар эмеспи. Ийгилик! Бийдин берген атын ак тилекке ала бер. «Кебез байлаган аты» болгусу бардыр,— деп күлдү. Сыпайы — болсо, болуп калгысы бардыр — деди. Алар Албанды эске алышты. Старчын Сабит жөнүндө ойлогон болучу.

Ошо күнү кечинде Ийгилик бир ирик сойдурду. «Жамгырчы» уруусунун аксакалкөксакалдарын чакыртып тамак берди. Бирдемени шылтоо кылып кошумча сурайт деген ой менен өзүнүн эки бир тууганы жана мурдагы таарынчысы боюнча Мантек элүү башы тамакка келбей коюшту. Эртеси Ийгилик орус кыштагына көчүп кетти. Аны ар ким ар кандай жоромолдоду. Бирөөлөр, ошондойлоп барып шайлоодо чыр чыгарайын деген пикир менен кетти дешсе, кай бирөөлөр туугандарга таарынып ошентти деген ойдо калды.

## XI

Ошо жылы уланушактары менен бий Чоң-Өрдөштү кыштаган. Кызалактын үйүндө өтүкчү кепич ултарып отурган эле.

— Иш болбой калды,— деди кирип келген киши. А дегиче байбиченин үйүнөн чуу чыкты. Бир заматта айылдын үстү кымкуут болду. Мынамына дешип күтүп даяр турушуптур. Бир жагы өпкөсүн кагып өкүрүп келип жатса, бир жагы кошолонуп кошок кошуп келип жатты. Бир заматта айлана дүңгүрөп жер астынүстүн болуп кете жаздагансыды. Өтүкчүнүн үнү башкалардан өзгөчөрөк чыгууда эле. Боорун жерден албай, үнүн бийге угуза кой дегендерге бой бербей өкүрө берди. «Жакын саналуу кишиники бир өлүүдө, бир тирүүдө деген ушу» деп кай бирөөлөр өтүкчүнүкүн жөндүү көрдү. Күңгөй, тескейде бийдин^ иликжиликтери көп. Жалаң чабаганга кеткен ат менен кишинин саны отуздан ашты. Бир топ киши төө жетелеп кант, чай алып келиш үчүн базарга жөнөдү. Арканжип, араа, балтасын байланып бир канча киши отунга кетти. Чакачелектердин көчүгү жерге тийбей суу ташылып жатат, жалаң суу ташуу менен бир топ келиндин турасы түгөндү. Көзүнө карабай мал союлду. Кетмендеп кемегелер казылды. Өкүрүп келгендердин аттарын алыш, аларды ар кайсы үйгө жайлаш, айтор түйшүктөнтүйшүк көбөйдү да калды. Бир канчасы боорун таяктан көтөрбөй өкүрүпөксүп турат. Аларга да улам суусун жуткуруп, насыбайчыларына насыбай тарттырып, тейлеп туруш үчүн бир топ адам керек. Узун сөздүн кыскасы, көзүң жаманчылыкты көрбөсүн, эл башына күн түштү. Бардыгын моюнга алып, белди бек байлап бийдин уулу, байбиченин баласынын сөөгүн жашыруудан башка иш калган жок.

Ошентип, бийдин уулунун артынан кошо өлүп кетчүдөй өкүрүпгбакырган бойдон келип жатышты. Күн жазга тартып, арымы ачтардын каксогу кагылып, чөпчары бүтүп калган үзүмчүлүк мезгил эле. Шылтоо табылгандан кийин, кысылып калганына карачубу, капкайдагы тарп аңдыгандардын бардыгы самсып келе беришти. Бир старчын элдеги куба төбөл түзүк үйлөрдүн бардыгы бийдин айланасына жыш ургандай шыкырата тигилди. «Иликжиликтеримдин башаягы тегиз жыйылмайынчаулумдун сөөгүн койбоймун, топурак сала албай калдык деген өпкөлүү сөздөрү болот» деп,— бий уулунун сөөгүн төрт кондурду. Келгендер да «топурак салып кетебиз» дешип төрт күнгө чейин кетпей жатып алышты. Бир старчын эл «милдеттүү конок» күтүп карандай чабылды. Артыкча жону жука байкуштардын үйлөрүнөн төрт күнге чейин чуу басылганы жок.

Өтүкчүнүн биртике чөбү эчак эле түгөнүп калган. Отуну да тартыш эле. Аялы Айым жеңе ары кедейчиликке, кала берсе балага бастырып жүдөп бүткөн. Камыры жакшы ачыбай боорсогу кыткылыраак бышты. Суу отундун түтүнүнө ышталып чайынын да маниси болгон жок.

Айласын таппай калган өтүкчү жалгыз аты менен уюна калканчы кылып турган бастырмасын бузуп отун кылууга аргасыз болду. Эки өтүк жана кепичмаасы ултарып берейин деп бирөөдөн бир борук алып келди. Жан аябай арекет кылып бирин тапса экинчиси табылбай өтүкчү катуу каржалды. «Милдеттүү коноктор» барыңа да, жогуңа да карар эмес.

Коноктордон жетөө баса жатты. Жети атка жем түткөрүүнүн өзү да оңой эмес. «Жемди кенен төк!» дешет да отурушат. Бирөөнөн барып бир кап жемди да карызга алып келди.

Өтүкчүнүн таалайына жараша сойгон боругу арык чыгып калды. Коноктордун алдына эт барганда бир шумдуктун болорун өтүкчү боруктун терисин сыйырганда эле билди. «Неси болсо да чогуу көрөйүн» деп этти казанга кайната берди.

— Чайыңдын мааниси болбоду, бозо тап,— деди коноктордун төмөнкү четинде отурган бирөө.

— Эч жерде калган эмес экен,— деп өтүкчү куушурулду.

— Сенин ышталган сары сууң менен отура алабызбы? Бозо жок болсо арак тап! — деп баягы конок өтүкчүгө дагы желпинди.

Конок желпине баштаганда өтүкчүнүн заманасы куурулду. Түн баласында арак издеп кайда барат! Же шаар жакын эмес, шаар жакын болгондо да арактык акча анын колунда кайдан туруптур. Каршы сөз айтууга батына албай «караштырайынчы» деген болуп тышка чыкты,

«Милдеттүү коноктордун» абийирсиздери ошентип абийирсиздене берет. Табактагы эт барганда жигиттердин бардыгынын кабактары тегиз бүркөлдү. Кол салбай астыртан бирин-бири карап калышты. Аңгыча тер жакта отурган бирөө табакты каңтара тээп жиберди. Баятадан бери желпинип отурган жигит ыргып турду. Керегедеги камчысын алды. Бир шумдуктун болорун билип турган өтүкчү эшикти көздей оңтойлонду. Бирок, тигил жигит эшикке чыгарбай камчынын алдына алды. Башы, көзүн калкалап: «балам, атаң курдуу кишимин, койгун!» деди өтүкчү. Желпинген жигит коёр эмес.

— Атандай болгон кишини сабоодон уялбаган кандай абийири жок жигит элең, уялсаң боло! — деп Айым жеңе желпинген жигиттин камчысын кармай калууга умтулду. Камчынын түшкүнү шакшагына ороло түштү. Айым жеңе тызылдап отура калды. Ошондо балдарынын чыркыраган үнү үйдүн ичин үч көтөрдү...

Айласы түгөнгөндө өтүкчү тышка чыга качты. Төрдө отургандар:

— Кой эми! Итке теңелип эмне кыласың. Абийири жок киши турбайбы,— деп желпинген жигитти тыйган болушту.

— Булардын бийинин уулун биз өлтүргөнсүп, итке берүүчү жашыгын алдыбызга тартат,— деп желпинген жигит ордуна отурду. Коноктор кандай күтүлүп жатат экен деп старчын менен үч элүү башы кыдырып чыгыптыр. Аңгыча алар да келип калышты. Коноктор даттанып доомат кыла кетишти.

— Бир келген меймандарды түзүктөп күтө албайсың,— деп өтүкчүнүн калган «ышын» Кашкарбай элүү башы күбүдү. Камчы менен үч-төрт чаап:

— Колуңда жоктугуңду кимге милдет кыласың? Сойгон коюң арык чыкса, айыбына бир семиз тай таап келип сой,— деп бастырып кетишти.

Бийдиң уулунун сөөгү көмүлгөнчө айылдын үстү калаймакан болду да жатты. Калың элдин бир четинде дубаналар «ак уруп» жатса, бир жагында ырчылар ырдап жүрдү. Бир жеринде жомокчулары жомок айтып отурат. Сөөк жаткан үйдүн ичи-тышынын баары кошокчу болуп чыгып кеткен. Күнгөй, тескейдеги кожо, молдо, сопу, бакшы, бүбүлөрдөн эчтеме калбай бардыгы тегиз келсе керек, ар кимиси билген ырым-жырымын иштеген болушат. Кейпи, бийдин өлгөн уулун «бейишке» чыгаруунун камын кылып жаткан сыяктанат.

Сөөк көмүлгүчө «эсил кайранын» айтып өкүрүп келип жаткандар тыйылбады. Келгендерге үрө берип айылдын иттери да суй жыгылды. Үчүнчү эле күнү кыңк этип үрүп чыгууга жараган бир да ит болбой калды.

Биринчи күнү эле айылдын атка минер аксакал көксакалдары өлүктү кандай узатуунун кеп-кеңешин бүтүрө коюшкан. «Сөөк жуудурууга» бийдин аттуу-баштуу куда-сөөк, илик-жиликтеринин бардыгын шыйгарышты. Өз кишиден старчын Бекиш кирсин дешти. «Сөөк жуугандарга» чапандан тогуз, бешманттан тогуз, ич кийимден тогуз — ошондойлордон дагы толгон тогуз берилмек болду. Өлүккө көңүл айта келген ар бир урууга малдан жана акчалай «мүчө» белгилешти. Өз киши эмеспи, «дооранын» куба молдо өткөрсүн, «дооранчыларга» тогуз буум арпа, тогуз улак, тогуз козу, тогуз торпок жол айтылмак болду. «Жыртыш» жыртуу жөнүндө да сөз болду. «Жыртыш» таратуу карыган кишилердин өлүгүнө ылайык дешип көпчүлүгү болбой койду.

«Сөөк» көмүлгөндөн кийин ат чабылсын. Баш байге төө баштаган 500 кой, экинчи байге эки жүз элүү, андан аркысы азайтылып тогуз атка байге сайылмак болду. Байге жана «мүчөгө» бериле турган мал, акча «ынтымак» боюнча бир старчын элден жыйналсын дешти. Ошол эле жерде түтүнгө чыгым бөлүндү. «Бий үчүн бир старчын эл кылган кызматыбыз болсун. Чыгымдан баш тартып кыйшаңдагандар болсо, түндүгүн түшүрүп отуна жагалы, үй ичин артынып бастыра берели» дешти. Ошентип чыгым жыйноого атка минерлер аттанып чыгышты. Кедейлери жоо чапкандай чабылды. Насыяборчко белчесинен малынды. Бир жагынан байлары козусун койго, коюн тайга өткөрүп туйтуна беришти.

«Сөөк жөнөрдүн» алдында дооранчы молдолордун ичинен чатак чыкты. Камчы сүйреп салгылашып куба молдонун бети эки жеринен айрылды. Анткени, «дооранга» берилген олжонун көпчүлүгүн Куба молдо өз энчисине калтырмакчы болгон экен. Бир тобунун селдеси бузулуп жалаң баш калды. Арпа,

улак, козу, торпоктор колдоруна тийгенден кийин доорандыар бийдин өлгөн уулуна да, тирүү турган өзүнө да караганы жок, олжо бөлүштүрүү менен убара болушту.

Өлүк көмүлгөндөн кийин айылдын эр бүлөсү бийдин үйүнө өкүргөн бойдон келишти. Бул жолу да өтүкчү жерсууну жаңыртып, боорун жерден албай элден өзгөчө өкүрдү.

Бийдин өлгөн уулунун эки аялы бар. Улуу аялын тектүү атанын баласы, «чоң теринин бучкагы» деп коюшчу. Букелинин алыш үчүн бий калыңды да аябай берген. Алганда жасалгасын да келиштирип алган. Ошол келинининн аты Айнек. Экинчи келинининн аты Олжобүбү.

Олжобүбүнүн мурунку аты башка эле. «Ыбырайдын чабуулунда» олжого келген экен. Кийин бой тарткан кезде бий улуу баласына никелетиптир. «Салбар» деше турган. Улуу келини эри өлгөндө талып жыгылып калды. Бир күнгө чейин кошок айта алганы жок. Көрсө талып деле жыгылбаптыр. Кошок билбеген эме экен, корккондуктан гана «талымыш» болуп калыптыр.

Чачы жазылып, башына кара салынгандан тартып Олжобүбүнүн жаагы жай алган жок жана бир айткан кошогун кайталабады. «Күйбөйт деген эмне, бышпайт деген эмне, тытынгыла» дешип айылдын кемпирлери экөөнүн тең бетин кызыл жаян кылышты.

Айнектин төркүндөрү кошокчу аялдарды жанына коюп кошок үйрөттүрүштү. Дээринде жок болгондон кийин болбойт көрүнөт, эчтеме үйрөнө албай койду. Кошок кошуу жагынан Олжобүбү алдына аял салган жок: «Чыңчың жаман чың жаман, Чыңырып чыккан үн жаман. Табактай бетке так жаман, Тасмадай белге кур жаман.

Элимдин башы кар бекен, Эңкее бүткөн тал бекен, Эңкее белин буунган, : Эмгекке жакын туулган Элимде мендей бар бекен.

Кайыңдын башы кар бекен, Какая бүткөн тал бекен. Какайып белин буунган, Кайгыга жакын туулган Калкымда мендей бар бекен?»

Олжобүбү кошокчулуктун аркасы менен катарга кошулуп калды. Атайын келип анын кошогун угуучулар көп болду. Бийдин өзү да кулагын тосуп жүрдү.

— Көпүрөң ооп көлгө кетти, көк жорго атың селге кетти. Балаңыз ат жеткис алыс жерге кетти, бийим! Достон көп душманыңыз бар. Белиңизди бек байлаңыз: Калган балдарыңызга канаат, кайрат кылыңыз!— деп бийдин кашынан кайрат айтуучулар өксүгөнү жок.

— Бергенине сүйүнүп, алганына күйүнгөндө болбойт. Уучуңуз куру эмес, бийим!—деп «шарыят» айтуучулар да көп болду.

Бийдин эшигинен башында эле ат өксүчү эмес. Уулу өлгөндөн бери киши өксүгөндү такыр койду. Төө, бээ жетелеп келип көңүл айтуучу иликжилик, кудасөөк, достамырлардын аягы тыйылбады. Үч күндөн кийин «үчүлүгүн», жети күндөн кийин «жетилигин» өткөрдү. «Кыркын» өткөргөндө айыл дагы бир жолу катуу бүлүндү. Шаардан молдо алдырып «куран» түшүрттү. Чоң үйүнүн босогосуна кара желек орнотту. Таңылчактагы бардигер баалуу буюмдарын чечтирип ала бакандарга илдирди. Жүккө да жайдырып таштады. Эл жайлоого көчөрдө, бир ай бүтүн көчкө даярданды. Эки жесирди, алардын мине турган аттарын да карага чулгап таштады. Көчкөндө көчү кара желек менен жүрчү болду. Көч жөнөгөндөн конушка жеткиче кошокчулардын үнү басылбайт. Жол боюндагы айылдардын аялдары, кыз-келиндери кошокчуларга суусун алып чыгып кошок угушат. «Каралуу» көчтүн сөөлөтүн, жасалгасын көрүшет.

Бир старчын элдин бардыгын бий уулунун артынан өлтүрө тургансып эч бирин өз тиричиликтерине каратпады. Конок узатуу, мал башкаруу, көч жүктөп, көч айдашуу, көч түшүрүп, үй тигүү сыяктуу бийдин түгөнбөгөн түйшүктөрү менен күн өткөрүштү. Анын үстүнө бий ушул жай абдан көчөгөн болуп кетти. Анткени, элге сөөлөтүн көрсөтүп коюш керек эле.

Бери келе коңур салкын күз болду. Элдин алды эгин-тегиндерин жыйнап калды. «Аш» берүүнүн болжолдуу күнүнө бир жума калганда эле, милдеттүү коноктордун алды айылды баса баштады. Кайсы айылдын четин кара« сан да жабууланган бирден күлүк жетеленип турат.

Сайыла турган байге жайында «аш» кабары менен бирге жарыяланган. Түтүнгө кой жыйналып бир миң кой баш байгеге сайылмак болгон.

«Ашка» келген эл айылдын чаңын изгытып жата берди. Тамакка таарынып айылдын адамдарын сабагандар «аш» үстүндө да көп болду. «Милдеттүү конок» күткөн айылдын адамдарында кол кайтаруу, каяша айтуу деген болууга мүмкүн эмес. Чапса камчысына жонду, тилдесе сөзүнө кулакты тосуп кызматын кыла бермей. Бул ар кимдин, ар кайсы айылдын адамдарынын башына келе турган өзүнчө бир кезек.

Үчүнчү күнү тогуз жерге коо кармалып, байге малы кооо камалды. Ата аксакалдары «Дайек» кармап күлүктөр чубатууга салынды. Чубатуудагы күлүктөрдүн саны кыркка жетти. Күлүктөр алыс айдалгандыктан көпкө кечикти. Байгеге ат кошкондордун жандары өзүндө болбой, чабалакташты. Тердикти жайып коюп, кырк бир таштан төлгө тартып, ар бир төлгөчү өз айлынын күлүгүн чыгарып жатты.

Күлүктөр сүрөп алуу шарты менен чабылган. Аты тыңдардын баары сүрөөнчүлүккө кетип, маранын айланасында аты чабалдар, карыкартаң абышкалар гана калды. Мындай ат чабыштарда күлүк чыкпастан сүрөө чыгуучу, сүрөөчүлөрдүн аттары, өзүлөрү мыкты болсо, күлүктүн чуркабаган эркине койбой эле сүйрөп кирип келишүүчү. Бий ак калпакты алчыланта кийип, кызыл чепкенди дыкан бөктөртүп койгон. Күлүгүн сүрөп марага экинчи болуп илинди.

www.bizdin.kg

— Эч болбогондо дагы бир чакырым алыс болсочу! Кесилгирдин мойну кесилди. Сүрөөсү жетиштүү болбой калды,— деп чамырканды да, атын моюнга бир салып бастырып кетти. Кара таандай каптап жүргөн калың эл «байгелерди» көздөй ат коюшту. Чыгып келген ат күңгөйлүктөрдүкү экен. Бир улактын башын кесип ыргытып, өпкөсүн сууруп алып чыгып келген күлүккө «садага чаап» жибериштн.

Ызычуу, чурукүү. Эл байгенин артынан кетишти. «Соогаттап» кыйкырып жүргөн үндөрдөн кулак тунат. Байге бөлүш каш караргыча созулду.

## XII

Орус кыштагындагы боз үйгө алты киши атчан келди. Дүбүрттөн улам Албан үйдөн чыга калды. Келгендерди көрө койгондо бүткөн бою «дүр» эте түшкөнун сезди. Суз гана саламдашып аттарын алып байлады. Эшик ачты. Үчөө үйгө кирип, үчөө тышта калды.

Үйгө киргендер старчын сыйда сары, сомкара Чаки, арык кара Кашкарбай элүү башылар экен. Тышта калган үчөө алардын аткошчулары. Албан үйдёгүлөрдүн үстүнө да кирбеди, аткошчуларга да айланышпады, кайдадыр бир жакка өзүнчө басып кетти.

Тигилер үйгө киргенде Бермет көшөгөсүнө жашынды. Босого жакта күрөк чаап отурган Ийгилик старчын, элүү башылар жаяктап жакшы учурашса да, оор басырык тартып ордунан козголбоду. Сыпайы жеңе баш ийкеп эсендешти. Жүгүрө чыгып кожоюндун самоорун алып чайга камынды.

— Старчын аке, өзгө элүү башылар менен келипсиң! Менин өз элүү башым — Мантегиңер кайда? Оорусыркоодон аманбы?—деди Ийгилик.

— Барсам дагы сабатып коёбу деп коркуп Мантегиңиз келбей койду,— деди Сыйда сары. «Ошентти» дешип эки элүү башы кыткыт күлүп коюшту. Булар өтөркетер сөздөрдүн үстүндө отурганда Сыпайынын куурдагы да бышты. Чайы да кайнады. Дасторконун жайып, алма, өрүгүнө аралаштыра кант, нанын төгүп таштады. «Коробузда силердикиндей котологон малыбыз болбогон менен, кабыбызда данибыз кенен. Ошону байкашсын» деген ой менен атайын ошондой кылды.

Чайга тойгондон кийин Чаки элүү башы:

— Берген тамагыңа «ак койдун» майынан аралашып кеткен жокпу, Сыпайы байбиче!— деп калды. Бул сөз Ийгиликтин өзүнө да, аялы Сыпайыга да катуу тийди. Анткени, «чочко этин жеп калдыңар го» деген мааниде айтылган чалгырты бар сөз болучу.

— Оңол, Чаки элүү башы, оңол! — деп Ийгилик түктөйө түштү. Сыпайы жеңе ызасын ичине катты.— Үйүнө келген мейманга ар ким колунда барын берет эмеспи? Ачыгын айтып эле коёюн, оозуңуз булганып эле калды,— деп шаңкшаңк күлдү. Чаки таш тиштегендей жаагы жап болду.

— Оозуңду күлдөп туруп жууп албасаң ишиң болбой калыптыр го, элүү башы,— деп Сыйда сары Чакини тамашалады. Анан сөздү щайлоо даярдыгына бурду. Болуштук талашууга жумшала турган бардык чыгым түтүнгө бөлүнгөндүгүн баяндады. Эки тараптын «Кара черүү», «ак черүү» болуп кармашып жатышын ^айтты. «Келген дөөлөт, кеткен мээнет» деген эмеспи. Болуштук айлыбызда болсо, бир чети дөөлөт, бир чети намыс деди. Сыйда сары сөзүн бүтөр замат Ийгилик колуна түкүрдү, кепсөз айтпастан керкисин алып күрөгүн чаба берүүгө өттү. Бул эмнеси? дегенсип ар кимиси аны астыртан карашты. Сыпайы жеңе басып барды да:— берчи чеберим!—деп керкини колунан алып керегенин башына кыстарды.

— Кепкеңешке келип отурабыз, сүйлөбөйсүңбү,— деп Сыйда сары жылмайды. Ийгилик башын шылкыйтып сүйлөбөдү. Кашкарбай менен Чакинин өңдөрү өзгөрө түштү. «Бул кайсы алына мынчалык манчыркайт?» дегенсип экөө өз ара көз ымдашты. Ошол учурда Ийгилик сакалын сылап «Бооруң бирге бурайсың, үйрүң бирге чубайсың» деди.

— Болбосочу!— деп старчын сөз ээрчитти.

— Болбособу? Көзүңөргө көрүнүп коёт элем,— деди Ийгилик.

— Маселен, кантип, кандай кылып?— деп старчын курулай каткырды.

— Чыр чатак чыгаруу да колуман келбейби? Тилими алгандарды ээрчитип аркы тараптын жаатына өтүп кетүүнү да билбейминби? Ошондой кылсам тигилер менден чыгым да албайт, тартуу берип бир сапарында урматтай да турушат. Түшүнүктүүбү? Айткандарымдын жүйөсү бар бекен?

Ийгиликтин бий менен кулалы кайкы болуп жүрүшүн болуштук талашып жүргөн Алмабек угуп калган экен. «Мен тарапка өтсүн. Көчүрүп алайын. Көчтөн калбагыдай кылып мал кураштырып берейин. Кааласа старчын кылып коёюн. Бийди ушул жолу жыгып берсин. Ийгилик он беш, жыйырма түтүн туугандары менен мен тарапка өтсө эле, бий шайлоодо жеңилет. Ошентип өчүн алсын» деп атайы арачы жиберген. Бийге нээти жакшы болбосо да, «үч уруктун» намысына чыккынчы болгусу келбеген. Арага келгенди аштамагын берип абдан сыйлап, «Тууганга карасанаган киши туура жарыбайт». Андай ишке бара албайм. Бийге эрегишип элимден чыгып калышым болбойт,— деген.

Ошону угуп калган бий шайлоо өткүчө көңүл кыла туруш үчүн тигилерди атайы жибериптир.

— Өткөн өттү, кеткен кетти. Көчүрүп алып кетүүгө келдик. Унааны качан жиберели?— деп старчын сөздүн уңгусун дагы башка жакка бурду.

— Менден шек санабай эле койгула! Көчүп да барбайм. «Үч уруктун» намысына кыянат да кылбайм, ишенип койгула. Деги ушу бейбечаралардын убалынан корксоңор болор эле! «Арык кызды бир күндө үч өпсө эмне жаны калат?» дегендей, бейбечара бир жылда үч жолу чыгым төлөсө эмне алы калат?

www.bizdin.kg

Ушул сөздөрдү айтып Ийгилик баш бармагын тиштеп күңгүрөндү.

— Бир жылда тарткан кайсы үч чыгымды айтып отурасың?—деди старчын.

— Бийиңердин уулу өлдү, бир жумага жакын бейбечаралар «милдеттүү конок» күтүп жоо чапкандай чабылдыбы? Чабылды. Бул бир. Уулунун ашын берет, ашка кошумча, байгеге кошумча деп түтүнгө чыгым бөлдүңөрбү? Бөлдүңөр. Бул экиби? Ашыңарды үч күнгө создуңар. «Милдеттүү коноктор» басып жата берди. Кант, чай, жем, чөбүн айтпай эле коёюн. Күнүнө түтүнгө бирден кой союлдубу? Союлду. Бул үчпү? Бийиңердин өлгөн баласын бейбечаралар сабап өлтүргөнсүп кылдан

кыя бастырбадыңар, «коюң арык чыкты, чайың кызыл эмес, бозо бербейсиң» деп конокторуңар бир сабаса, өзүңөр келип эки сабап турдуңарбы? Турдуңар. Макул, аныңар деле бейбечараларга аш болуп кетсин. Эми бийдин уулуна болуштук талашабыз деп дагы түтүнгө чыгым бөлүп калыпсынар. Деги өзүнөр ойлогулачы. Кантип жан түтсө болот?— деп Ийгилик колунда турган чакчасын таштап жиберди.

— Көп менен бирге көрө турган чыгым экен. «Көп мазар, көптөн чыккан азар». Сен ошенткенден кийин башка эси жоктор эмне дебесин?— деп Сыйда сары сөздү дагы чаргытты.

— Эси жоктор дейсиң. Ушу күндө бейбечарада эс калдыбы? Эсин оодарып таштабадыңарбы? «Чегирткенин алын көрүп канын сорбойсуңарбы»? Байга байдай, жардыга жардыдай кылсаңар боло? Түтүнгө дейсиңер да отурасыңар,— деди. Керегеде турган керкисин карап алаканына түкүрүп тиштенип койду.

— Мыйзам ошондой эмеспи?—деп Сыйда сары Ийгиликти мыйзамга алып келип такады.

— Ал кандай ырысы кыркылган мыйзам, түтүн чыккан жерге эле чыгым бөлө берген? Тетиги бийиңердин өтүкчүсүнүн тамтыгы кеткен үйүндө мыйзам токтой турган жери барбы? Ойлочу деги өзүң!—деп Ийгилик тура калып керегедеги керкисин ала койду.

— Сен мындай эмес элең. Ачууң келип турганда кабылып калган көрүнөбүз. Калган сөз болсо башка күнү, ачууң тараганда сүйлөшөрбүз. Үч күндөн кийин эки тарап беттешет. Калыс айылдардын жакшылары арага жүрүп жараштыруу жөнүндө сөз болот. Мүмкүн уруш чыгып, салгылашып каларбыз. Эки тарап тең албетте, жасоол курап барат. Орус кыштагына жата берүүдөн өзүң да чарчагандырсың. Көчө барбасаң да, шайлоо өткүчө өзүң айыл арасында бол,— деди Сыйда сары.

Ийгилик эки жааттын беттеше турган жери кайда болорун сурады.

— Атын өзүң койгон «Чыр-Дөбөдө» болот,— деп старчын анчейин кыт-кыт күлүп койду. Сөзгө Кашкарбай аралашты. Бийдин уулу өлгөндө Албан топурак салууга барбагандыгын, ошону бий көңүлүнө катуу алгандыгын сөзгө кошту. «Туугандын азары болсо да, безери болбойт», ал эмнеси?—деп Ийгиликке кайрылды.

— Анысын мен кайдан билейин. Тууган өзүңдүкү, өзүнөн сура. Бала, бото болуп үйдө баш калкалап жүрөт. Эти тирүү, эстүү-баштуу жигит,— деп Ийгилик кагынып койду. Старчын менен бирге келбесе, Ийгилик тигил экөөнө чай эмес, оңчулуктуу салам да айтпайт болучу. Старчындын «шайлоо өткөнчө өзүң айылда бол» деген сөзүн ал туура түшүндү. Ийгилик айлына барбаса «башка жаатка айнып кетеби» деп бийдин санаасы тынмак эмес.

— Болуптур, коркогумду жуудуруп алып эртең өзүм эл ичине барып берейин, Менден санааңар тынч болсун,— деди.

Старчын да, берки эки элүү башы да бийге билгизбей арак иче коюучу. Аттанып чыккандан кийин арак иче кетүү жөнүндө Чаки сөз козгоду. Берки экөө анын оюн жөндүү көрдү, аракканага кириштри. Сурап ичип калган мында бир селсаяк аракеч бар эле. Тигилер кызыган учурда ошол келип калды. Мурдатан бирге ичип, бирге жүргөн эмеден бетер, түз эле Чаки элүү башынын жанына жөөлөй барып отура кетти. Ээлигип турган элүү башы теңсинбей аны түртүп жиберди. Аракеч чалкасынан кетти. Ыза болгон эркул тура келип Чакини мурунга былч эттире берип алды. Чакиге болушуп Кашкарбай камчы менен аракечти тартыптартып жиберди. «Иттер, ит болдуңар» деп старчын качып чыкты. Ар жакта тамактанып отурган стражник арага түштү. Эки элүү башыны жөө айдап барып «катлөшкөге» камап койду. Шашып калган старчын Ийгиликти алып келүүгө аткошчусун чаптырды.

Мындагы орус кыштагында ар кайсы уруудан келип жан багып жүргөн тутүнү сексенге жакын кыргыздар бар. Ийгилик көчүп келгенде бардыгы чакырып өрүлүктөшкөн. Кийин бардыгы аны туу кармап — эстүү киши катары эриш кылып калышкан. Кыштактын старостасы, кала берсе жанагы стражниктин өзү да, мындагылардын ар кандай иштери боюнча Ийгиликке келипкетип туруучу.

— Иттер, ит болду. Айласын таап бошоттур!—деди масы тарап эсине келе калган старчын.

— Иттериң бирди көрмөк эле. Бүгүнчө жата турушсун. Бошоттуруп эртең өзүм бирге алып барайын,— деди Ийгилик.

_ Бүгүн жатып калышса иш чатак болотко?

Бүгүнчө камалып жата турушса старчындын иши чатак болору да чын. Беш күн полицияда жатып калган киши шайлоого катышууга укуксуз болуп калат. Каршы жаат угуп калса, ушунун өзү менен да бийдин «ташын» кемитип кетиши мүмкүн. Иштиь ошондой жагдайларын Ийгилик эске алды. Стражникти издеди. Короомо-короо кыдырды. Кыйладан кийин зорго таап, кагаз жаздырып алды. Келсе алапайын табалбай старчын чүнчүп туруптур. Ээрчитип барып эки элүү башыны бошотуп берди. Эч кимиси эчтеме айтууга жарабады. Кара жаны кашайып калган старчын камчысын бүктей кармады да, экөөн төбөгө басыпбасып алды. Чымыны кагылган элүү башылар ыкшыйып аттарына минди. Старчын кетип баратып:—Ийгилик, эртеңден калбай бар!—деди.

www.bizdin.kg

Ийгиликтин айылга бара турушуна бүлөсү бүт каршы болду. «Кара черүү», «ак черүү» кагылыша кетсе, карап туралбай аралаша кетерсиз. «Кагылышта кан өлөт» кылуучулар да жок эмес. Как эле бүгүн үйүңүзгө келип кеткен үчөөнүн оюнда эмне бар, эмне жогун кайдан билесиз. Барсаңыз шайлоосу болгон күнү барып, карааныңызды көрсөтүп коюп келе берерсиз,—деп Албан кашкелтей каршы турду. Анын сөздөрүн Ийгилик жөндүү туюнду. Барар-барбасын биле албай бир кун ыргылжың болду. Ошентип турганда, бир балага эки чанач кымыз артып, бир козу өңөртүп Мантек элүү башы келип калды. Атынан түшкөндө эле Ийгиликти сыга кучактады. «Туугандын топурагынан айланса болот» деп көзүнө жаш алды. «Мантекке мынчалык эмне болуп кетти» дешип Ийгилик да, башка үйбүлөсү да эчтемеге түшүнбөдү. Жакшы келген Мантекти апылтапыл жакшы кабыл алууга, жаадырап-жайнап сала берүүгө шашышты.

Старчын, эки элүү башы — үчөө бирдей келгенде кебелбей отуруп алган Ийгилик, өткөн күздөн бери жоолашып жүргөн Мантегине чын дили менен бөйпөңдөдү.

— Өлсөм ееөгүм да ыраазы, сага, Ийгилик. Намысымды алып бердиң. Опурупсуң, жапырыпсың, эми алар мага өйдө карай албайт. Сооп кылыпсың. Туугандан айланайын,— деди Мантек.

Жайланышып отургандан кийин Мантеги ошондой сөздөрдү айтты. Кайсыны опургандыгын, эмнени жапыргандыгын, кайда кеткен намысын алып бергендигин түшүнө албай:

— Оңол, Мантек, оңол!— деп Ийгилик айрантаң болду. Көрсө, иш мындай болуптур:

Чаки менен Кашкарбай биримдик болуп Мантекти көптөн бери кордоп жүрүшүптүр. Эки жолу камчы үйрүп, анан чаап да жиберишиптир. Экөө ич ара сүйлөшүп Мантектин жайкы конушун сары журт кылып жедирип, теңдик бербей коюшуптур. Ошондой басмырлоодон улам Мантек чүнчүп кеткен экен. Кечээ күнү мындан баратып старчын Мантекке жолугат.

«Эки элүү башы сени кордоп жүргөнүн Ийгилик угуп калыптыр. Баш көтөргөн жалгыз кишибиз Мантек болсо, аны антсеңер, силерди мен минте турайын» деп экөөнү «катлөшкөгө» каматты. Арага түшүп экөөн араң бошоттуруп алдым. Ийгилик буларды ошентти деп ал тамаша кылыптыр. «Орус кыштагында жүрсө да тууган намысын эсинен чыгарбаптыр» деп, ошондон улам Мантек ыраазы болот. Түн бою чабалактап уктабайт. «Эки ортодо өткөнкеткендерди сууга салып жиберип келем» деп эртең менен эрте жөнөп калат. А күнү коно жатып эртеси кетти.

— «Кара черүү, ак черүү» бүгүн беттешет. Барбасам болбойт,— деп тигилер кетер менен Ийгиликтин тынчы кетти. Жалгыз жиберүүгө ичи түтпөй Албан кошо бара турган болду.

— Оңол, Албан балам! Бирге бара турган болсоң, кайсы камчыны алдың? Алаканы бышыкпы?—деди Ийгилик аттана берерде. Сөз эмне жөнүндө айтылгандыгын Албан туура түшүндү.

— Бышык эле көрүнөт,— деп күлүмсүрөй жер карады.

— Атың жаман эмес. Олоңбоочуңду бекемде. Алар эмне, сороктотуп союлдарын ала келер дейсиңби. Оңол, Албан, балам. Аттаналы,— деди. Сыпайы жеңе менен Бермет ээрчий чыкты. «Көбүрөөк жүрүп калсам сагынаармын» деген ой менен Кубаткулун кучактап алкымынан жыттады. Аттанып бастыра турган болгондо:

— Акиш, садага болоюн! Абышкаң оттон, суудан кайта тартпаган намыскөй, желдүү киши. Сак болокөр, тегеренейин!— деди Сыпайы жеңе.

Теңтуш адамдай жанаша бастыруудан ыйбаа кылып Албан ээрчий жүрдү.

_ Онол, Албан балам. Жанаша жүр! — деп жандата

бастыртып койду.

Булар жай аттанган. Алар үйдөн чыккан учурда эки тарап «Чыр-Дөбенүн» айланасын кара таандай каптап калган болучу. Алардын караанын алыстан көрүштү. Алты старчын калк, үч-үчтөн экиге бөлүнгөн. Аралыгьш жарым чакырымдай ачык коюп бетме-бет тирелишип калышкан. Бир аздан кийин ара жерде отурган топ удургуй түштү. Кармай отурган аттарына минип салгылашып калгандай болду. Адегиче эки тарап жапырт ат койду. Чаң ызгыды да калды. Эки тарап кагылышканда кимди ким көрдү, эки тоо кабыша түшкөндөй эки орто түнөрдү да калды.

— Оңол, Албан балам. Болору болду, тездетели!— деп Ийгилик обдулду.

— Шашпаңыз! Көк буулары чыккыча жете барабыз,— деп Албан аяңкечтеди.

— Биз тараптагылар качып калды бейм, куушурулуп баратат?—деп Ийгилик желиге баштады.

Чындыгында ошентишти. Садырды ээрчиген эки старчындын кишилери салгылашууга кылаңкылчаң катышкандыктан бий тараптын кишилери аздык кылды. Бийин старчын, элүү башыларын коргоп сүрдүгүп кача башташты. Аны көргөндө Ийгиликтин намысы козголуп чыдабай кетти. «Үч-Урук!» деп чаңыра кыйкырып «ураан» чакырды. Каракердин оозун коё жиберди. Ошондо Албан да чыдабай кетти көрүнөт «Олжобай» ураанын кыйкырып чу койду. Капыстан катуу чыккан урааңды укканда Алмабек тараптын кишилери жалтактап бошой түштү.

«Карачерүү» тарап аттарынын куйругун түйүп алышыптыр, берки тарап көкүлүн шүйүптүр. Ийгилик менен Албан куюндаткан бойдон келип аралаша түшкөндө бешалтоо топтоп этип аттарынан учуп түштү. «Бугуп жаткан быякта жасоосу болсо керек» дешип Алмабектин жаатындагылар: «Канга кан!» деген кыйкырык менен ат ойнотуп кайгып чыга беришти.

Алмабек тараптагылардын «канга кан!» деп кыйкырышында, ат ойнотуп кайгып чыга беришинде кеп бар экен: Алмабек бийди эр кундуу кылып шайлоодо жыгыш үчүн бир кишисин өлүмгө атайы арнап

www.bizdin.kg

келиптир. Бий да бир кишисин ошентип даярдап келген экен. «Кагылышта кан өлөт» кылып ар бири өз кишисин өлтүрөт. «Канга, кан» деген сөздү, көрсө ошондон улам кыйкырышкан тура.

Ошентип, бүгүнкү салгылашууда эки тараптан эки киши өлдү. Кабыргасы кыйрап жөткүрүп жүргөндөр, бети, башы бир нече жеринен айрылып кеткендер, атынан ажырап тепсөөрүндө чала жан болгондор да көп. Андайларды териштирип эсептеп эске алган эч ким болбоду. Мындай окуялар шайлоо сайын болуп келген.

## XIII

Албан келгенден бери Ийгиликтин колу узарды да калды. Аты багылуу. Отун-суусу белен. Кант, чайы камсыз. Ийгилик мындай уулду ак эткенде так этип кудайдан сурап алалбай жүргөн. Акырында Албан аягы менен өзү келди, андай таалайдан кимдин ажырагысы келет? |

Ийгиликтин ошондой ойдо жүргөнүн Сыпайы жеңе билбейби? Эң эле жакшы билет. Ата, энесинин андай сырын Бермет туюнбайбы? Эң эле сонун туюнат. Кызыбызга үйлөнө кой деп ата, эне кантип айтат! Антип айтыш алар үчүн абдан жөнсүз. Кызыңарга үйлөнө коёюн деп Албан айта алабы? Антип айтыш ары адепсиздик, ары жөн билбеген дөдөйлүккө жатат. Мени Албанга алып бергиле деген сөз кайсы бети менен Берметтин оозунан чыксын. Ошентип, пикирлери бир эле максатта болсо да, сырларын сыртка чыгара алышпады. Түбөлүгү түз болгондон кийин бир күн болбосо, бир күн ыгы келер дешип, ар бири ичинен дымып жүрө беришти.

Ошо күнү кечинде Албан жумуштан келсе, эки ат бирдей чөбү жок акыйып калыптыр. Тышка алып барайын, түнөй жатып откоруп келейин деди. Ат токуна баштады.

— Кайда барасың байке?—деп калды Кубаткул. Байкеси коно жатып ат откоруп келе тургандыгын айтты.

— Мен да барам!—деди.

— Мейлиң, барсаң бара кой,— деп Бермет ээрин алып тышка чыкты. Эки күндөн бери жүрөгү опколжуй бергендиги эсине түштү. Ошондон улам:

— Кубаткулуң барбай эле, үйдө калсынчы!— деп сумсая карады.

— Эмне үчүн? Бала барамын деп дегдеп калбады
бы!?

Бермет ойлоно калды да, эки күндөн бери жүрөгү эле опколжуй бере тургандыгын айтты.

— Сүйүнөрсүң!—деп Албан этибар албады.

— Оозунда бардыр!—деп Бермет улутунду. Өрүлгөн олоң чачын тутамдай кармап эшиктен эңкейип үйгө кирди. Албан аттарын токуп, бирөөнө Кубаткулду мингизди да, өзү үйгө кирди. Бермет бир колу менен чекесин таяна отуруп калыптыр.

— Эмне, бир жериң ооруйбу?

— Жок. Мен да силер менен талаага түнөп келейинби?

— Андай оюң болсо жүр, аттаналы!—деп Албан тамашалады.

Андай болгондо ата, эне эмне дейт! Ийгиликтин кызы талаага түнөп жүрүптүр деген сөздү уккан, көргөндөр эртең эле кырка элдин кыйырына, учку элдин учуна дуу дедирбейби.

— Ээрчишип жүрүүгө жолубуз ачыла албай турбайбы. Болбосо аттанып азыр эле жүрүп кетүүДөн тартынбас элем,— деп Бермет муңайды. Анын мунайышында, эжелги четин чыгарган сөзүндө ичтеги купуя сырдын түйүнү бар эле. Аны Албан түшүндү. Адегиче тышта турган Кубаткул:— Байке, кетпейбизби?!— деп үн салды.

—• Байкелеп турганын кара. Байкесинин балекетин алайын,— деп Бермет ордунан турду Айтар сөздүн жөнүн таппай абигер чегип туталана калган Албанга Берметтин боору ооруду. Ошондуктан Кубаткулга жамап Албандын өзүнө жалынып койду.

— Кана аттангыла, жөнөгүлө!— деп анчейин жаркерленип Албанды тышты карай жетеледи. Эки жакты караса эч ким көрүнбөйт. Колтуктап аткарып да койду. Камчысынын учун кармап бир азга дейре коё беобей эркеледи. Тигилер узап кеткиче ээрчий карады.— Жалгызымдын ага кылып аркалаган байкуш байкеси. Аман жүрсүн!..—деп үйүнө кайта кирди.

«Баса, кандай кылганда жолубуз ачылат?» деп Албан ойго берилди. Бирок, Кубаткулдун бирдемелерди бабырап сүйлөп, сурай бериши ойлонууга эрк бербеди. Берметтин узатышы, Кубаткулдун байкелеп жанында келатышы төрт түлүгүн түгөл кылды. Ал өзүн үйлүү, жайлуу, инилүү, кала берсе ата, энелүүдөй сезди. Кеч күүгүмдө чоң өстөндүн боюна барып аттарын аркандады. Ээр, токумун алды. Жата турган жай даярдап Кубаткулун кучактап жата кетти. Бала уктады. Албан сөз козгоп, сырды сыртка чыгарып берүүгө жарай турган киши издеди. «Мантекпи? Кашкарбайбы? Чакиби? Сыйда сарыбы? Жок, бул ишке жараса эле баягы Шадман аксакал жарайт. Сайкалга учурашууга келдим деп ошого барайын. Куру барбайын. Кант, чайы менен. Качы бийге айтсын. Берметке кудаласын. Антпейт экен, атамдан калган энчимди берсин. Атамдан көп эле мал калган экен. Барын бербесе да жарымын берсе, жетишерлик болуп калбайбы...» деди. Эртеңден калбай барып Шадман аскакал менен акылдашууну жөн көрдү. Ооналактап жатып түн ортосу ченде уйкуга берилди.

Как ошол учурда шартылдата келген атчандар Ийгиликтин боз үйүн курчай калды. Ар бири союлун чатына кыса келиптир. Калпактарынын бир этеги баштарына капшыра кийилген. Тыш кийимдери

www.bizdin.kg

канжыгаларына тыкыйта бөктөрүлгөн. Кыҥ этип үн чыгарышпады. Ишарааt кылуу, жаҥдашуу аркылуу аракеттеништи. Жарымы аттарынан лыплып түшө калды. Түшкөндөрдүн чылбырларын атчан калгандар шыпшып илип алды. Жөөлөр шыкалып боз үйдүн эшигине келди. Булкупжулкуп эшикти ачышты. Ошондо Сыпайы жеҥе бакырып жиберди. Үйгө киргендер жуурканын башына каптай коюшту. Төрдө жаткан Берметти төшөнчүсүнө будалашты, тумчуктура көтөрүп тышка чыгышты. Беленденип тышта тургандар өҥөрө жөнөдү.

— Кимсиҥер? Дайыныҥарды айтып кеткиле?— деди Ийгилик. Жооп кайтарган эч ким болгон жок. Кыз өҥөргөн жигитти башкалары курчоого алды да, урдурган бойдон жүрүп кетишти. Орус кыштагынын иттери абалады. Чочунган тооктор чуулдады. Ошондо гана Сыпайы жеҥе кокуйалатын айтып айкырык салды. Анын үнүн угуп короонун кожоюну Тимохо аялы менен жүгүрүп келишти. Болгон окуяны угуп Тимохо жерге түкүрүп каарданды. Аялы Сыпайы женеге кошулуп үн тартып ыйлады. «Туф, карапчы, шайтан» деп сүйлөндү.

— Азыр мен орустардын бир тобун ойготоюн. Артынан барып тартып келели,— деди Тимохо.

— Кайда кеткендерин, кимдер экендигин билгизбей, туйгузбай кетишпедиби?—деди Ийгилик. Оолугуп калган Тимохонун деми сууй түштү.

— Бүгүн билинбесе эртеҥ билинет. Барып тартып алып келебиз, кейибегиле,— деп Тимохо кайрат кылды.

— Түнөп кала электе ошонтсенер болот эле. Бир түнөгөндөн кийин болбой калбайбы, кокуй, катүгүн! Айланайын Албаным аҥкыйып калатэ!—деп Сыпайы жеҥе оҥ колунун сырты менен сол колунун алаканын шакылдата берди. Азармандан-безарман болду. Бермет эле эмес, Албандан да аирылмак болбодукпу!— деп ботодой боздоду.

Эки атка чөптөн сылай жүктөп, Кубаткулун ээрчитип Албан эртеҥ менен келди. Поселоктогу орус, кыргыздардын бир канчасы Ийгиликтин үйүндө курдап жүргөнүн көргөндө жүрөгү «шуу» дей түштү. «Үйдөгүлөрдөн бирөө бирдеме болуп кеткенби» деген ой аны катуу чотутту:— о айланайын калайык! Бу кандай шумдугуҥар?— деп жиберди. Четте тургандардын бири түндө бир топ белгисиз киши келип Берметти ала качып кеткендигин айтты. Албан ат үстүндө селейип катты да калды. Айкырык салып Кубаткул аттан кулап түштү.

— Түш, түш!— дешип ал жерде тургандар Албанды аттан түшүрдү. «Өз үйү, өлөҥ төшөгү» болуп калган үй көзүнө суук учурады. Бет багып кире албай тарткынчактады. Үйгө киргенде Ийгилик да, Сыпайы да бүк түшүп калганын көргөндө сайсөөгү мына ошондо сыздады. Жүйүрте басып капшытка жөлендү.

Кызынан ажырап аҥкыйып калган Ийгиликтин ойлобогон ою калган жок. Кызынын кайгысынан да Албандан ажырап калуу кайгысы өтө оор болду. «Бул иш Алмабек колдуу болду го» деп андан да шек санады. «Келсин, менин жаатыма кирип берсин деп атайы киши жибергенде, «үч уруктун» намысы үчүн кыҥайбай койдум эле. Шайлоодо жеҥилип калды. Өчөгүштүк менен ошол иштеттиби» дегенди ойлойт. «Качы бий капырдыгын карматтыбы?» деп андан да күмөн кылат. «Өзү бий, уулу болуш болду. Кудалашып эле көрүнө алуудан коркот беле? Мындай ишке бий кайдан эле бара койсун» дейт, «Дуҥкат келип, дайыҥдарын айтпастан дуҥкат кетиштерине караганда алыстан атайы келген эмелер го» деп аны да ойлойт.

Ошентип, түшкө чейин эч кандай шек билинбеди. «Дайны билинсе барар элек, тартып алып келе калат элек» дешип чогулгандар удургуй беришти. Берметтин дайны Мантек элүү башы келгенде гана белгилүү болду.

* * *

Кабыргасын кабыштыра кармап тигилер Берметти катуу өҥөргөн. Орус кыштагынан чыга бергиче тумчулаган бойдон жүрүп отурду. Тумчугуп өлүп кетпесин, тумшугун ач деди жигиттердин бири. Берметтин эси ооп калыптыр. Чочуп кеткен жигиттер аттын жүрүшүн дагы катуулатты. Бетине жел согуп Бермет бир аз эсине келди. Эсакылын биртике жыйнап,— кандай кара мүртөс, ырайымы жок, кайырсыз адамсыҥар?— деди Бермет. Ошондон кийин алар акырындай калышты.

— Мени кайда алып барасыҥар?

— Бийдикине.

Бермет иштин жөнүн боолголой баштады.

— Бийиҥерге мен тирүү керек бекенмин же сөөгүм керек бекен?—деди. Жигиттер удургуй түштү.

— Бийиҥерге кандай керегим бар экен?

— Кейпи болуш уулуна катын кылып берсе керек,— деди жигиттердин бири.

— Андай болсо бир аз токтогула. Болушка катын боло турган кишини мынчалык кыйнабайт. Суу жуткургула!— деди Бермет.

Арыктын боюна барып аттан түшүрүштү. Суу жутуп •алсын деп эркине коюшту. Бермет суу жутту. Жуунупчайынды. Эсин жыйып алды да, жигиттерди сөзгө камады.

— Болушка катын боло турган кызды эмне үчүн мынчалык кыйнайсыҥар?

— Антпегенде, бизди ээрчип өзүҥ келбейт элең да? — деди тилдүүсүнгөн жигиттердин бири.

— Эгерде, болушуҥарга катын болуп калсам көрбөгөндү менден көрөсүҥөр. Бириҥди отунга жумшайм. Бириҥди сууга жумшайм. Бириҥди бириҥе кыйнатам. Кыскасы күн бербейм. Кетирбей кегимди, өткөрбөй, өчүмдү аламын. Болуштун катыны да болуш болорун билесиҥерби?!

www.bizdin.kg

Жигиттер чочуна баштады.

— Мындай ишти биз өз бетибизче иштегенибиз жок. Болуштун буйругу менен иштебедикпи?

— Мен да как эле ошо болушуңардын өзүнө буйрук бердирип туруп какшатамын, силерди. Тилимди албай көрсүнчү болушуңар!

— Жок, эми эмне кылса дейсиң?— деди эстүүсүнгөн бирөө.

— Үйүмө кайта жеткирип койгула.

— Же алып келгиле, же өлүп келгиле деп жиберген. Анте албайбыз, карындаш.

Жигиттерден ырайым болбой тургандыгына Берметтин көзү жетти. Тыраңдап ыйлай берүүдөн пайда жок. Башка келгенин бара көрөйүн деген ойго келди:—Андай болсо өзүмө ат бергиле. Өңөртүп жүрө албайм,— деди.

— Анда качып кетпейсиңби?— деген үн чыкты.

— Коштоп алганды билбей жаныңар жокпу?— деди Бермет.

Бир атты бошотуп Берметти өзүнчө мингизишти. Чылбырын бир жигиттин колуна берип коштотуп коюшту да, тегеректей жүрүп отурушту.

Келиндин келишин күтүп уктабастан жүргөндөр:— бийимдин башына баш кошулду,— дешип дүбдүрөң түштү. Берметти көшөгөгө киргизишти. Айылдын кыз-келиндери жаңы келиндин жанында болушту. Бермет ыйлаган да "жок. Кыз-келиндердин сураган сөздөрүнө кыска жооп айтканы болбосо, сүйлөгөн да жок. Катуу кыйналгандыгын айтып ооруксунду. «Эзилип калса керек. Эс алсын» дешип кыз-келиндер эркине коюшту. Эс алууну эстебестен, алдырып жиберип аңкыйып калган ата, энесин, Албанды, бөбөгүн эстеди. Болуш күйөө менен бет алышканда боло турган окуяларды ойлоду. Сөз камдады. Ошол учурда:— молдоңор даярбы? Ника окутуп жаткыра койгула!—деп бий шашкалаңдады.

Жигиттерин жөнөтөрдө бий өз оозу менен:— Ийгиликке ким экендигиңерди билгизбегиле. Ал орус кыштагынын старостасына көңүлү жакын. Билип калса бир топ орус менен келип кайта алып кетиши да этимал,— дептир. Барган жигиттердин үн чыгарбай ишаарат менен аракеттениши, дүңкат барып шек билдирбей жүрө бериши ошондон улам болгон иш экен. «Ника окута салып жаткыра койгула» деп азыркы шашып отурушу да, ишти бир жаңсыл кыла коюунун аракети. Бир түнөп калса кайта кетүүдөн кыз өзү да намыс кылат деген кытмырлыгы. Молдо даяр экен, арыдан бери «чапма никени» байлай салышты. Камкорлонуп жүргөн аялдар болуш менен жаңы колуктунун төшөгүн жайлай коюшту. Кыз ала качып келген жигиттер аттарына кайта минди. Кокустан куугунчу келсе башка жакка адаштыра турмак болушту.

Сабит болуш төшөккө жатты.

— Ата, энеңдин жөрөлгөсү,— дешип аялдар Берметти төшөккө алып барды.

— Чечин айланайын. Кудайым ынтымак ырашкерлүү кылсын! —деген алкоо сөздөрдү жамгырдай жаадырышты. Бермет уялып тургандыгын айтты. Абажаарып турган аялдардын кете беришин суранды.

— Эсиңизде болсун, төрөм! Мен сиздин келиниңизмин. Бир ата өтүшкөн карачечекей иниңиз Албандын колуктусумун. Ырас, иниңиз куда түшүп кулдук урган эмес. Бирок... жан, ыйманымды ошо жигитке, анын болочогуна бүт арнап берген элем. Ара жерде ала качтырып келдиңиз. Ника окутуп башымды байладыңыз,— деп Бермет өпкө өпкөсүнө батпай шолоктоду.

Сабит болуш баягыда, көч үстүндө көзү түшүп, ошондон тартып көкүрөгүнөн кетпегендигин айтты: Ыйлаба. Болор иш болду. Айтып айтпай пайда жок,— деп Берметтин ийнине кол артты.

Болуштукту уулуна жеңип бергенден кийин Качы бийдин арааны абдан ачылды. Жаат курап болуштук талашканда чыгымды көп чыгарган. Анысын үч эсе кылып жеңилген тараптан жыйнап алды. Басташкандарын басты. Касташкандарын какшатты. Акыркы кезек Албанга келип, аны да оозунан алдыргандай аңкыйтты.

«Олжобай» уруусу чоң урук. Чоң уруунун бир баласы болгон Албандын букарага качып барышы, бала ботом деп киренди кирип жүрүшү жалгыз гана Качы бий эмес, бүтүн «Олжобай» уруусун «кепке кемтик, сөзгө сөлтүк кылды. Букаранын баласы чоң урууга барып баш калкаласа ал кечиримдүү. Чоң уруунун баласы жан багыш үчүн букара айылга барса, уруусун сыйлабагандык, чоң уруунун сыймыгын качыргандык, кордогондукка жатат. Ит болуп тезек жесең да, айбан болуп кашек жесең да өз урууңдун ичинде бол, сыртка чыкпа. Уруулардын эрежеси ошондой. Качы бийдин албан менен Ийгиликке айгышып калышы да ошол эрежеден келип чыгат. Анын үстүнө Албан эс акылдуу, сөөгү тетик, эти тирүү жигит. «Өз колу өз оозуна жетсе», бийи менен да, анын уландары менен да эсептешүүгө жарайт. Ошентүүгө анын укугу да бар. «Олжобай» уруусунун өз баласы. Бий менен тең ата. Ошондуктан бий аны көктөйүндө соолткусу, баралына жеткирбей басып коюуну, баш көтөргүс кылып эңсесин кесишти максат кылат. Тоорулуп жүргөн кызынан ажыратсам, Ийгиликтен да кетет. Кацгып жүрө берип чүнчүйт, жүдөйт. Акыл эргите албай маанайы пас болот деп ойлойт.

Таң аткыча Берметтин артынан куугун келген жок. Бийдин санаасы тынып калды. Эртең менен элүү башы Мантекти чакыртып алды.

— «Жамгырчы» уулу, кала берсе өзүң менен кудай дешкен куда болуп калдык. Бар, барып Ийгилик тууганыңа кабар айт. Кызын балдар ала качып келиптир. Ал үчүн айыптуумун. Мен билбей калдым. Болуш болуштугун кылып кеңешпестен ишттеп коюптур. Тууган эмеспи, эркелейин дегени болсо керек. Кеңешкен болсо, куда түшүп, кулдук уруп алсак да болмок. Балдар балалык кылышыптыр. Ийгилик жат

www.bizdin.kg

жалаа эмес. Кечирип коёр. Өткөн күздө «Сөйкө салганым» болуп калгысы бардыр деген ак тилек менен бир ат калтырганмын, аны өзүң да билесиң го,— деди.

— Билбегенде, билем бийим, билем!—деп Мантек элүү башы кортоңдоду.

— Билсең кеп ошондой. Балдар дайынын айтпай келишиптир. Барып тууганыңа кабар айт. Кызын алакачып алгандыгы үчүн болушту «бир тогуз» айыпка жыгып, тогуз бодо тартуу алып берем. Калыңын өзүнчө сүйлөшөбүз. Ийгиликтин кызын менин болуш уулум катындыкка алса, менин иним Албанды Ийгилик кул кылып пайдаланып жүрөт. «Олжобай» уруусунун бир уулу, Ийгиликтин кызынын калыңына жарайтко дейм?— деди. Ошентип бий жыландын башын коройтуп койду. Бийдин бул сөздөрүн төкпөйчачпай Мантек элүү башы Ийгиликке айтып келди. «Куда болуп калдык» деген сөзгө катуу көтөрүлүп калган экен, чечекейи чеч болуп сүйү

Сабиттен оозу бошой калса, тилин дароо Берметти карай агытат:— өлүгүңдү көрөйүн десе. Салбар. Салынды. Салпаяк. Жолбун. Качкы байтал. Канчык. Куурчак. Сетер. Маржа... Сени элеби, сени! Көзүңдөн жаш, көкүрөгүңдөн дарт кетирбесмин...

Бакыртыпөкүртүп балдарын да урберге алат. Казанаягын кагыштырат. Бутуна илингенин тебет. Колуна илингенин булкупсилкет. Ыргытат. Тиштенет, кажанат. «Өлөмүнжитемин, жоголомун, кетемин, чыгамын» деп кубарып кумсаңдайт. Туталана берет.

Арадан алты күн өткөндөн кийин:— Келишсин. Чыгарып алышсын. Көк мээ болуш үстүмө күнү алды. Апжип болуш орустун маржасына чыгып кетти. Мени салбар кылып таштады,— деген сөздөрдү айттырып төркүнүнө кабар жиберди.

Нуруштун төркүнү башка болушка караштуу айылдан. Атасынын аты Чыймыл. Атына жараша тышкы сөлөкөтү куп келишип туруучу. Кыска бойлуу, чилетир арык, чекеси кууш, көзү кылый, анткор сөздүү, кара өзгөй, чырчатакка жакын, кыйла кытмыр, алууга ач көз, берүүгө сараң, соодагерлиги да бар киши. Кызынан кабар келгенде «кым» дей түштү.

— Болуш боло калганга жаман күйөө катуу көпкөн экен го? Бир ооз кепкеңеши жок кызыбыздын үстүнө күнү алганы, башыбызды аттаганы кандай? Алганга жараша тектүү жерден алса боло. Букара, оруста малай жүргөн кулдун кызын ала качып ала койсо, ишке жарап, катынга жетинген турбайбы? Орустун малайы, букара кулдун кызына башымды тепсетпеймин. Жетим акысын берип кызымдын башын ачып келемин,— деп дүбдүрөң түштү. Эки кишини жолдоштукка, үч жигитти аткошчулукка алып айлынан аттанып чыкты.

Жыл мезгили күздү карай бет алганда бийиктеги жайлоолордун отучөбү такылат. Андагылар жаканы карай жай баракат козу көчүмдөп жылыштай берет. Качы бийдин айлы орто конушка келип конгон. «Солдат алат» кабары күч алгандан бери котологон атчандар бийдин айлынан кетпейт. Анын бардыгы «баламды солдаттан калтырып бер» деп тартуутармек менен келип санаасы тынбай жүргөндөр. Ошентип, Качы бийдин тартуутармекке чардап жаткан кези эле. Чыймыл кудасы «чаба келип желе түштү». Үйдөгү дүүлүгүшүнө караганда

Качы бийди бет алганда эле качырып сала бериши керек эле. Жолдоштору андан. ошону күткөн. Бирок куда, кудагыйлары менен мекиренипокуранып абдан сонун учурашты. — Жаңы келиндүү болупсуңар, аны уктук, — деп келинин да куттуктап жиберди. Ар бирине жарпы жазыла карап кылый көзүн кыбыңдатты.

Кытмыр, анткорлук жагынан Качы бий да кудасынан калыша койбойт. Анын жөн эле келе калбагандыгын, «кепке кемтик, сөзгө сөлтүк кылууга», чыр чыгарып бирдеме өндүрүүгө келгендигин дароо эле туюнду. Жолун торгоп, алдын ала бурдап коё турууга камынды. Ээгин курулай сылады.

— Анжыян тарапка мал айдатып кетти деп уктук эле. Атылооң менен аман келдиңби, — деп сөз тиэгинин жыя кармады.

— Кудая шүгүр, жаман жок. «Аккан арыктан суу агат» деп эл бекер айтпаптыр. Күйөө балаң болуштукка илингенде жетине албай атайы өзүңө кабар жибердим. Барган кишиге «сүйүнчү» деп бир тай берипсиң. Ыракмат кудам, көптөн көп ыракмат! «Эзсин сыйласа итине сөөк салат» деген ошо. «Күрүчтүн аркасы менен күрмөк суу ичет» болуп орто жерде бир бечара бир тайлуу болду. Андан кийин биз келиндүү болдук. Сиз дагы бир кыздуу болдуңуз. Жакшы болсо, ичтен чыккан бала менен тыштан чыккан баланын алакуласы болбойт эмеспи?! Ырас, күйөө балаңыз чеки иш кылып койду. Кийинки келин жөнүндө бизге да кепкеңеш кылбады. Бирөөнүн бойго жеткен башы ачык кызын алдырып ала коюптур. Быякта турган өз атаңа бир ооз кеңешпесең, тыякта жаткан кайын атаңан бир ооз руксат сурабасаң, бул кандай? Болуш болгон киши эле «өзүн өзү билип, өтүгүн төрүнө илип» калат бекен?— деп катуу капа болдум. Күйөө балаң менен өзүң жакшылап сүйлөш. Экөөбүздүн алдыбызга жыгылсын, айып тартсын. Астыбызга ат мингизип, үстүбүзгө чапан жаппаса, айыбын кечирбейли. Туурабы? Кандай дейсиң кан кудам?— деди.

. Кудасынын куйту сөздөрүнө жараша сөз айтайын деди Чыймыл. Бирок, артын ойлоп тарткынчактады. Чыйрыктырып, жинине тийип алармын. Андай болгондо куру сөздөрүн айтып кургак узатышы этимал. Аттана берерде «астыңа деп ат, үстүнө деп тон» бербесе чырды ошондо баштайын. Чырыман эчтеме чыкпаса, чатак салып көрөйүн. Экөөнүн биринен, бирдеме өнөөр дегенди ойлоду.— Туура, кудам, туура!— деп башын курулай кылжыктатты. Анткор күлүмүцдөдү. «Адалсынган молдонун ашканасынан алты доңуздун башы чыгарын» билебиз. Чындыкты айта турган болсом, доңуздун нак өзү сенсиң — деди ичинен.

www.bizdin.kg

— Замандын түрү бузулуп турат!— деп бий катуу улутунду. Сөзүн жалпы абалды карай агытты.— Эл жакшылары эки оттун ортосунда калды: ак пашаанын амырын аткаралы десе элге зобун боло турган. Билеги катуу, мойну жоон эр бүлөнүн бардыгы солдатка кетсе, эңкейген кары, эмгектеген жаштын көргөн күнү не болот? Элге зобун болот экен деп ак паашамдын амырын аткарбай коюуга да болбойт. «Пааша кудаа эмес, кудаадан жудаа эмес», кара букара аны билеби? Уйгутуйгу түшүп делөөрүп алды. Кандай заман, кандай күн болуп кетер экен... Эл кайгысын тартып ичкен аш бойго тарабай, жеген тамак сиңбей калды. О жараткан өзүң жалгай көр!

Ошентип бий дагы улутунду: — Өзүңөр кантип жатасыңар, элиңер тынчпы? Айта отур, урматтуу кудам,— деди.

Чыймыл куда жер тнктеди. Өзүнө мүнөздүү адаты боюнча башын кылжыктатты. Сүйлөй турган сөздөрү тилинин учунда эле белен турат. Аны айтканда «арты кайырдуу болобу, жокпу» ошону ойлоп күлмүңдөйт. Бул жерге сөз сүйлөп элдин жартысын жарыш үчүн келбестен, учурдан пайдаланып тартуутармек олжо алайын деп келген. Эл кайгысы жөнүндө сөз болуп жатканда унчукпай коюуга да болбойт. Ыгы жок сүйлөнгөн сөз бийдин кыялын бузуп, пейлин тарытып коюшу да мүмкүн. Ошонун баарын ойлоду. Артыкийинин чамалады. «Жаздым серпекойбосмун» деген болжоого келгенде гана башты кыйшактатып, колун күүгө келтирип сүйлөй баштады.

— Туура айтасың бий куда! «Туура бийде тууган жок, туугандуу бийде ыйман жок». Бардык ишке тууралык керек. Силердин элде эмне болуп жатканын билбедим. Биздин болуш, бий, жүз башы, элүү башы, кала берсе он башыларына чейин оңдурбай турган болуп калды. Ырас, эл башына, эр башына күн түштү. Абал оордонгондон оордоп барат. «Кара эчкиге жан кайгы, калсапчыга сал кайгы» дегендей, калың букарага жан кайгы болсо, биздин элдин атка минерлерине мал, тартуутармек кайгы болуп калды. «Уулуңду солдаттан калтырам» деп, беркилерин кой, жалаң он башылары өзүнө караштуу он түтүнүн мүлжүп бүтүрө турган болду. Ал эми болуш, бийлери, элүү башы, жүз башылары тартуутармектен келген олжого карк болуп жатат. Биздин элдеги чатак ошондон уланып, ошондон чыгып жатат. Эл жакшылары, эл байлары солдатка жарактуу уландарын алдыга салып коё берсе, кара букаранын бал. дары кайда барат эле? Ойлонуп көрчү! Кыңэтпестен шыдыр кетпейби? Эл жакшыларына бала керек, балдарына жан керек, өздөрүнө олжо керек болгондо, кара букаранын балдарына жан керек эмес бекен?!

Жан ар кимге эле бирдей керек, чынбы?! Эпчилдик кылабыз, олжо түшүрөбүз дешип элди жандан тойдуруп жибериштн. Эми сөзсүз бузук чыгат. Биз эле качан тирүү киши элек, сөөгүбүз өз жерибизде калсын дешет. Каскактарын копшоп, найзаларын учтап, чоюн баш, шалк этмелерин белендеп калышты. Ошондой болоруна ишенип коё бериңиз! Эл ичинде болгондон кийин, бардыгын көрүп деле, билип деле жүрөбүз. «Түгөнөр уй түгүн жейт, түгүнөн кийин башын жейт». Биздин элдин атка минерлеринин алкы бузулду. Бейбечараны какшатып канап-бутап жатышат. Акыры бирди көрүшөтко, бирди!.. Анжиян тарапты аралап келдим. Иш башкача көрүндү. Жыйырма түтүнгө бирден киши салык кылыптыр. Жиберген кишинин каражатын жана анын үйүндө калган бүлөсүн ошол жыйырма түтүн камсыз кылып турат зкен. Билбейм, биздин болуш он сегиз жаштан кырк, элүү жашка чейинки эр бүлөнүн бардыгын күргүчтөп айдап беремин дейт. Ошентип элдин үрөйүн учуруп жиберди. Өзгөчө, өткөн шайлоодо өзүнө каршы болгон тараптын калкынан адам калтыра турган эмес...

Чыймыл өз элинде, өткөн шайлоодо жеңилген тараптын атка минерлеринин бири. Өзүнүн болушун жамандамыш болду. Анын бардыгы как эле Качы бий жана анын уулу Сабит болуштун өзүнө тийип жатты. Ошентип, «Чапанчанды чапса, көйнөкчөнгө доо кетет» кыла сүйлөдү. «Метидей болгон кайран көк жал» дешип, кошо келген эки жолдошу катуу кубанып отурду. Эртеси Качы бий кудасына жай айтты: Болуш күйөөң келим-кетимдүү болуп калды. Нуруш балам жалгыз бойчулук тартып калгандыгына боорубуз ачыды. «Көсөө узун болсо кол күйбөйт» кылып, өзүбүздүн букаралардын биринин кызын үйүнө кийирип алды. Жалгыз айыбыбыз— алды менен өзүңөргө кеңешпегендигибиз болуп калды. Аз айып, көп күнөөбүз болсо кечирип кой, кудам!—деди. «Баламды солдаттан куткартып кой» деп зарылып келген байлардын бири төө берген. Кудасына ошону жетелетти. Чыймылдын өзүнө кымкап, эки жолдошуна бейкасамдан чапан кийгизди. Олжого көңүлү толгондон кийин, күнүнүн күйүтүнө күйүп жаткан кызы эсине да келбеди. «Суудан алып сууга куят, бозочунун неси кетти» дегендей, биринен келгенин бирине берди. Көңүл алуудан башка бийдин кылайган эчтемеси корогон жок.

www.bizdin.kg

# Энинчи бөлүм

## КАНДУУ КАГЫЛЫШ

Ар киминин колунда бирден бакан. Башына карыш укум темир каккан. Кай бирөөнүн колунда союлу бар. Башында чоң сакадай чоюну бар...

1916жыл, июнь айынын акыркы күндөрүнүн бири. Кер өзөн дайрасын бойлоп, өр талаша «ооздук менен алышып, тарта албай колу карышып» бирөө келе жатты. Алкымдагы калың айылга жакындаганда тиэгинин жыя кармады. Ал атайы ошентти. Айыл арасынан адыраңдатып чаап өтүш жакшы эмес. Антип өтүш атка чыйрактыкты, же болбосо мыктылыкты көрсөтпөйт. Жел өпкөлүктү, адепсиздик менен иши жок аңгирбайлыкты гана көрсөтөт. Атты чапкылай турган жер да, жай жүрө турган жер да болот. Киши өлсө, анын сөөктамырына чабаганчылык кылып бараткан киши атты канчалык чапкыласа, ошончолук кечиримдүү. Улуктун шашылыш буйругун жеткирүү үчүн баратса, анда да бир жөндүү.

Эти кызып калган ат баш бербей чулгуп кыйла жерге желикти. Айылга чукул барганда гана бир аз соолугуп, шайбырлап жай басты. Калың айылдын калкы чоң-кичине дебестен жапырт топтошуп ар кайсы жерде отурат. Жолоочу дөңсөөдө отурган калың топту карай бура тартты. Алар өңчөй сакалдуу кишилер эле. Тике бастырып барбастан жолоочу адеп сактады. Элүү кадамдай калганда атын жетелеп жөө басты, жыйырма кадамдай аралыктан салам айтты. Уй мүйүз тартып отургандардын четине тизе бүгүп чөк түштү. Ар жакта топтошуп жүргөндөр жапа тырмак жабыла келди. Шыкала отуруп, бардыгы бирдей жолоочуну элейе тиктешти.

Өз айылындагылардан башкаларга айыл калкы абдан аз жолугат. Өз айылындагылардан башка бир кишинин жүзүн көрбөстөн өмүрү өткөндөр да көп болот. Башка айылда эмне болуп, эмне коюп жатканын өткөнкеткендерден угушат. Четтен келген адамга сонуркашат, өңүтүсүн, кебетекешпирин, кийген кийим, минген аты, анын энтамгасы, кала берсе ат турманына чейин акыя карап, эстеринен чыкпагыдай кылып жаттап калышат. Мына, жабыла келгендердин бардыгы жолоочуга көз агытты.

Жолоочу жазы маңдай, жар кабак, кыр мурун, чап жаак, кашы калың, узун кирпик, буудай өңдүү жапжаш жигит.

Минген аты сопол куйрук, сейрек жал, төрт сан келген карабайыр каракер. Маңдайында бармак басым агы бар, анысын купуя белгилешти. Ат турманында жылтыржултурдан эчтеме жок, көмөлдүрүк, чылбыр, тиэгини, канжыга, куюшкан, куткундарына чейин бышык кайыштан жасалыптыр. Ээри куш баш, бөктөрүнчөгү тыкыйып турат. Өзөк салып терип өрүлгөн табылгы саптуу камчысын бүктей кармап санына баса отурду.

Чепкенин желбегей жамынып ич кийимчен, жылаң аяк, ак топучан отурган салабаттуу карыя айыл аксакалы болсо керек, жигиттин женжайын териштирүүгө өттү.

— Эрге сыпайыгерчилик, жол болсун жолоочу жигит! Кайдан келатасың? Кайда баратасың? Кайсы элден, кайсы уруктан болосуң? Атыжөнүң ким? «Өз атаңды катпай айт, айлыңдагы жакшынын, атам деп атын сатпай айт!» дегендей кылып жөнжай сураштырды.

Жолоочу жигит жоопту чукулчукул кесе айтты. Бирок, чунаңдабастан оор басырык салмактуу сүйлөдү.

— Мужуктан келатам. Саламдашпай өтүп кетүүнү туура көрбөй бурула калдым. Болуштун айлына барамын. Атым Албан. Өз атам Качы бийдин иниси...

— О, бали! Мужуктан келатам де? Мужуктар кантип жатыптыр. Алды менен Албан балам ошону айт!

— Эр бүлөсүнүн бардыгы салдатта, Кермен согушунда жүрөт. Кыргыздардын кыялы бузулду деп коркуп турушат...

— Кулак түрүп корголоп турушат дечи! Бузук чыгып кетсе алыбыз жеткидейби?

— Алыңыздар канча болду экен, аны билбейм. Алда кандай иш болбосун дешсе керек, Караколдон бир топ аскер келиптир.

— Куралжарактары көп окшойбу?

— Анысын билбедим.

— Мужукка кандай жумуш менен бардың эле?

— Мен, мужукта турам.

— Өзүң Сабит болуштун атасы Качы бийдин инисинин баласы болсоң, мужукка кандайча барып малай болуп калдың? Сөзүң эки ача чыгып калды го, балам!

— Ачасы жок, карыя, чындыгы ошондой «Тууган бар болсо көрө албайт, жок болсо асырай албайт» турбайбы?

— Жөндүү сөз, ошондой да болот. Учурашканы бараткансың го! — Аба жарып тургандарга карап,— жигитке ак таттыргыла, чаңкап келаткандыр,— деди.

— Ооба, учурашып кайтууга баратам.

— Учурашып кайтканда, кайта мужугуңа барасыңбы?

— Ооба. Мужугума.

— Бузук чыгып кетсе, мужуктар сени соо коёбу?

www.bizdin.kg

— Ошондон ары салдатка кетем. Ыктыяр болуп катталып койгом.

— Өз ыктыярың менен салдатка баргыдай башыңа анчалык эмненин зору келди? Көп менен көргөнүң жакшы эмеспи?

— «Шак ийилген көп санаа, кайсы бирин айтайын» деген турбайбы, илгеркилердин бири. Анын сыңарындай көкүрөктү уялаган көп сөз бар. Ойлогон ойду, кыстаган турмуш ээрчитет экен. Шартым ошондой болуп калды. «Жолоочунун жолдогусу жакшы, жолдо болбосо үйдөгүсү жакшы» дешет экен го. Руксат этсеңиздер жолума түшөйүн!

— Ак татып аттан. Кана, ой, кымыз алып келгиле! Баса, Албан балам, тиги Түп, Жети-Өгүз жана андан аркы тараптарда эмнелер болуп жаткан окшойт. Уга алдыңбы? Кымыз келгиче айта отур!

— Угушума караганда ал тараптагы калк да уйгутуйгу түшүп, удургуп алган болсо керек. Оокаттиричилик ойдон чыгып кеткен дешет. Колу жөндөмдүү кишилер каскак копшоп, найза учтап, айбалта, чоюн баш, шалк этме саптап, канжар камдап жатат дешет. Темир айрылар найзага, соколордун бурамалары чоюн баш, шалк этмеге, жуушаң, чалгылар канжарга айланып жаткан түрү бар. Адамдар кереленип керсары, калктын каны качып, кумеарган. Аялдардын мурдунун суусу булак, көз жашы көл, эңгиреген ый дешет. Өзүңүздөргө окшогон карыялар «жараткан жалгай көр» дешип жакаларын муунта кармап, асманды карап акыйып, көздөрү чакыйып, элөөрүп эс-учун жыя албай калган имиш. Кайсы жерде болсо да мал союп түлөө өткөрүп, жер-суу тайып кандуу булоон, дүбдүрөң болуп калган окшойт. Кыскасы ал тараптагы калктын арасы да алайдүлөй түшүп калган болсо керек...

Жардана жабалактап турган калктын санаалары санга бөлүнүп, көздөрү алайды. Жер астынүстүн түшүп, акыр заман болуп кеткенсиди. Улутунуп үшкүрүп-бышкырышты.— Кубат берекөр! — деген сөздөрдү айтып кудайга сыйынышты. Кымыз ичип Албан жолуна түштү. Бир аз жогорулаганда дагы бир айылдын карааны көрүндү. Аттуужөөлүү адамдар бир үйдү курчап алыптыр.

Таргыл өгүзгө отун жүктөп, үстүнө баса минип, каалгып дүйнө капар келаткан картаң адамга жете келди. Отунчунун чачы өсүп кабагына, сакалы өсүп төшүнө* түшкөн. Бетинин оту менен көзүнүн агы гана зорго көрүнөт. Кийгендери таар менен куур. Албандын саламын эрдин бүлк эттирип көңүл кош кабыл алымыш болду. Кепке да, сөзгө да келбеди. Бурулуп караган да жок. Өгүзүн эркине коюп, селкилдеп келе берди. «Дүйнөнү сел алса, өрдөктө кайгы жок» дегендей, отун алып, от жагуудан башка эч кандай кайгысы жок, өзүнчө жаралып эзилүүдөн энөө болуп калган байкуш болууга тийиш. Албан андан тиги айылда удургуп жүргөндөрдүн жөнүн сурады. Жөндүү эчтеке айта албады. Ары сурады, бери сурады. Акыры «бир чоң молдо келиптир. Аган тумар чийдирип алган кишиге ок жаңылбайт экен» деген сөздү збрго боолголоду. Андай молдону көрө кеткиси, ыгы келсе «ок жаңылтпай» турган тумардан бирди чийдирип алгысы келди. Барарын барса да, котолоп жүргөндөрдөн жол тийбеди. Тоорулуп жүрө берди. Ал жерде жүргөн . жигиттер «маа! маа!» дешет. Жөөлөшүп демигишет. Койкозу, эчкиулак жетелеп келгендигин айтып жарыша жарылдашат. Үч бурчтумарча бүктөлгөн кагаз колуна тийгендери кулуңдап чыга берип жатат.

Биртике болсо да чалып алсын деген ой менен айылдын четине чыгарып, Албан каракерди тушап отко койду. Курдап жүргөндөрдүн сөзүн тыңшады. Бирөө бирди айтса, экинчиси анын сөзүнө сөз жалгайт.

— Касиетиңден айланайын, дарс окуган молдо турбайбы!

— Окууну Стамбулдун өзүнөн бүтүрүп келиптир.

— Жооого бет алганда «леийлаха иллалла» деп үч кыйкырса, жоонун көзүн ныл басып калат деп отурбайбы.

— Тумар тагынган киши окко учпайт дебедиби!

— Тумар тагынгандан кийин кара боюн таза алып жүрүш керек турбайбы. Антпесе, касиети качып кете турган болсо керек.

— Иншахалла, жоо жеңилет. Жооого чабуул койгондо ири алдыга өзүм түшөм дебедиби, касиетиңден айланайын...

— «Ак кула жандан кайранбы?» дегендей, мал курусун, бир койдун көзүнө карабастан бой тумарын чийдирип алыш керек.

— Касиетиңден айланайын, кай элден, кай жерден экендигин такыр кишиге айтпайт экен.

— Асмандан алла таалам атайын өзү жиберген периште болушу да ажап эмес...

Мындай сөздөргө Албан да азгырылды. Коно жатып болео да «бой тумар» чийдирип ала кетмекчи болду. Жөөлөшө барып кезекке турду. Бир кезде «булар болсо койкозусун жетелей келиптир. Койлук тумарын молдо мага бекер береби?» деген ойго келди. «Карызга сурасам көнөр бекен. Тааныбаган эмеден карызга сураганым уятко. Бүгүн кете берип, кайта келатканда бир деме кылсамбы» деди. .

Кезекке турарын туруп, кайта ошентип ыргылжын боло баштады. Ары ойлонду, бери ойлонду. Эч болбогондо өңүн көрүп, өзүн таанып анан кетейин деди. Ошентип турганда молдо тышка чыкты. Шыкалып тургандар колдорун бооруна алып, жарыла жол бошотушту. Арт жакта турган Албан жүткүнүп карады. Башына чалынган ак селдесинин чоңдугу казандай. Селдесинин бир учун аялдардын сала коймосундай чубалтып коюптур. Үстүнө кийгени делбиреген ак чапан, бутунда «Намерквн» маасы, жалтылдаган жаңы галош. Ал кабакты карай тайтактап басканда, асты калың кара жер майышып бараткандай көрүндү. Жардана ээрчий карашты. Кай бирөөлөр анын касиетин урматтап келме келтирди.

www.bizdin.kg

Баягыда Ийгиликтин камчысына туруштук бералбай качып жоголгон Жума молдонун, мынчалык кереметтүү болуп кетишине ишене албай Албан кыйла деңдароо болду.

«Ок жаңылбай» турган «бой тумар» Жума колдуу болгондон.кийин, бул жерде жөөлөшүп тура беришим кандай! Ийгиликке айтсам койкозусу жок эле бир эмес, онду чийдирип бербейби» деп ойлоду. Атына минип жолго түштү. Каракердин тери кургап табына келе түшкөн экен, бир аз жүргөндөн кийин ооздукту кемире чайнап, ар түрдүү жүрүшкө салып жол арбытты.

Бир нече айылды аралап өттү. Бардык айылдын арасы уйгу-туйгу. Кары дебей, жаш дебей ар кайсы жерде сүрмө топ. Каңырыгы түтөп, какшап отургандар. Алдынан чыккандардын бардыгы Албандын жолун тороит. «Билген-туйганыңды, укган-көргөнүңдү айт» дешет. Албанга жолуккандарды ар жакта жүргөндөр тегеректешет. «Эмне деди? Кайдан келаткан, кайда бараткан, ким деген эме экен?» деп ортого алат. Анан супсундары сууп томсорушат. Жер тиктеп күңгүрөнүшөт. Улутунуп үшкүрүшөт.

Көп буйдалып жолдо жүрө бербестен Качы бийдин айлына жете конуш үчүн, Албан жолун торогондорго калп айтууга аргасыз болду.

— Айлыбызда карыя адам каза таап, чабаганчылыкка баратам. Жолумажолто болбогула, — дегенсөз менен башын куткарып жүрүп отурду. Ошентип келатканда, алдынан жоон топ жигит жолукту.

— Өлсө бир абышка өлгөндүр, жата турар. Укган көргөнүңдү айта кет,— деп ортого алышты. Качы бийдин жакын тууганы экендигин укканда бардыгынын каны ичине тартып, өңдөрү кумсарып кетти. Бирөө дароо чылбырына жармашты.— Мына сага, Качы бийдин, анын болуш уулунун иниси болсоң,— деп бирөө чоку талаштыра камчы менен басып-басып алды. «Бул эмнеңер?» дегиче болбоду, тегеректеп турган атчандардын камчысы шакашак болду да калды. Айласы кеткен Албан бетин калкалоого зорго жарады.

— Мууздап жибергиле. Болуштун инисин курман чалып туруп, бузукту баштай берели,— деп күүлөнгөн үндөр да угулду.

Албан эчтекеге түшүнбөдү, жанынан түңүлүп:

— Оо, курбукурдаштар! Кайсы жазыгыма минтип жатасыңар? Колуңарда турам го, өлтурсөкөр да ачыгын айтып туруп анан өлтүргүлө! — деди.

— Болуштун иниси болгондугуң үчүн,— деген үндөр чыкты.

Камчылардын шакашагы сээлдей түштү. Албан эчтеме түшүнбөдү. Андай шартта бирдемени дароо түшүнө коюуга эч кимдин буямасы келбей калат эмеспи.

Аламанга катышпай четтеп турган киши:

— Коё тургула, жигиттер! «Жан бергенге, жай бер» дегенди уктуңар беле? Сөзгө конок бергиле. Өлтүрөөгөч болсоңор ананыраак деле өлтүрүп аларсыңар. Баатырлыгыңарды жолдо кетип бараткан жалгыз жолоочуга көрсөтөсүңөрбү! — деди. Жигиттер басаңчалай калды.— Андай, аке, бардыгың баатыр болуп кетсең—болуштун өзүнө асылгыла, анын бийлерине, атка минер жемекейлерине, төрөлөргө асылгыла! Көрүнгөнгө урунуп уйгутуйгу түшө бербей, эсакылга ээлик болгон жакшы змеспи? — деген сөздү да кошумчалап,— чылбыр, тиэгинин колуна бергиле! — деп Албанга чукул барып,— сени эмне үчүн булар камчынын алдына алганын туюндуңбу? — деген суроо берди.

— Жок! — деп Албан өзүнүн . башын сыйпады эле, колу кызылала болуп чыга келди. Тиги киши түшүнүк айтты.

Кер өзөн жайлоосун, өткөн шайлоодо Качы бийдин уулу Сабиттен болуштук талашып жеңдирип жиберген Алмабектин эли жайлашат экен. Өчөгүшүп калган Качы бий, Алмабекке караштуу элдин 18 жаштан 50 жашка чейинкилерин солдатка жапырт каттатыптыр. Башка айылдардыкын 18 менен 43 түн ортосун каттаткан экен. Ошону билгенден кийин Алмабектин эли адегенде Сабит болушту атасы Качы бийге кошуп өлтүрүп, анан төрөлөргө, анын солдаттарына каршы казагка аттанууга «батуба» кылып тараптыр. Булар ошо «батубага» катышып келаткандар экен. Болуштун инисимин деп Албан көтөрүңкү сүйлөгөнгө, булардын кыжыры кайнаптыр.

Иштин жайын түшүнгөндөн кийин «бир эсептен булар мага сооп кылган экен» деди Албан купуя. Анан Качы бий менен .Сабтгт болуштан көргөн кордуктарын айтып берди.

— Калп, эптеп кутулуп кетиш үчүн айтып отурган бекер сөз,— деген үн угулду.

— Бул жигитти илгерикийин көргөн эмесмин. Бирок айжандарын башкалардан, Алмабек акемдин өз оозунап да укканым;бар. Астындагы каракерди Ийгилик минип жүргөнүн Көргөмүн. Жигиттин айткандарына ынанып коё бергиле. Бөйдө ызалап койдуңар. Айылга алып баргыла, жараатын жууп таңуулагыла. Алмабек акеме да жолуктургула,— деди алиги киши.

## II

Албандын келишин укканда Бермет чакчелекей түшүп калды. Же сүйүнүп кеткендигин же күйүнүп ошенткенин ажырата алган жок. Жүрөгү алапжелеп, бетинин оту тамылжып ысыды. Бүткүл денесине ымырчымыр пайда болду. Үйдүн ичи кыз-келиндерге толтура эле, сыр алдырып койбоско тырышты. Эгерде, Албандын келиш кабары Берметти ошондой абалга калтыргандыгын кыз-келиндердин бирөө сезе калса, учка элдин учуна, кырда элдин кыйырына эми эле дуу дей түшөт. Айылдын кээ бир Келин-кыздары да өсөкайың сөздөрдү таратуу жагынан эне, эжежеңелеринен көп калыша койбойт.

Албандын келишин, эч кимдикине кайрылбастан түз эле Кызалак күңдүн үйүнө түшүп калышын айылдагы балдардын бири айтып келди.

Бекер отургандарга бекер сүйлөнө турган сөз табылып турса, анын өзү да чоң олжо. Мында отурган Келин-кыздар Албандын келиши жөнүндөгү кабарга чакчелекей түшүп жантактарынан жата калышты. Суроо дегенди жамгырдай төгүп жаадырышты. Кабар айткан баланын эси эке-дүке болуп энтеңдеп калды.

— Качан келди? Жөө келдиби же атчан келдиби? Кийими кандай экен? Эмне алып келиптир? Жүдөп калыптырбы, же өңдүү бекен? Бий акеникине түшпөстөн күңдүкүнө түштүбү? Күң энеси кантти? Ыйлап жибердиби? Анан эмнелер болду? О, делдейген кан кускур. Тура бересиңби, айтпайсынбы уккан, көргөндөрүңдү?!..

Албандын келе калышына байланыштуу болгондордун бардыгын көзү менен көрүп, кулагы менен угуп, аябай тактап туруп анан келген бала көрүнөт. Мурдун уламданулам шор тартып коюп бир баштан айта берди:

Албанды көргөндө Кызалак күң чыңырып ыйлап чыркырап, ботодой боздоп, буркурап жибериптир. Бир чөйчөк сууну Албандын башынан үч кайтара тегеретип, анан чөйчөктөгү сууга үч жолу түкүртүп, сууну күн батышты карай чачып жибериптир. Чекесинен өөп, мойнунан жыттагылаптыр. Эмчек сүтүн бербесем да, энелик дитимди берген кулунум дептир. Ошентип ыйлаптыр. Анан Албандын бөктөрүнчөгүн чечип үйгө киргизиптир. Ошондогулардын бардыгын өзүңө алып келдим дептир— дегенде, Келин-кыздар балага суроо жаадырып кайта чакчелекей түштү.

— Алып келгендери эмне экен? Чытчыбыр бекен? Же башайы, макмал, жибек, баркыттары да бар окшойбу? Бутуна да бирдеме ала келиптирби? Жипшуу, атыр, самын, тарак, күзгүсү жок бекен? Кант, чайы да бар окшойбу? Өрүк, мейизичи? Базар наны да бар бекен?..

Келин-кыздар да канетсин! Көргөнбилгендери ошол майда барат болсо, ошолор жөнүндө сүйлөбөгөндө эмне* ни сүйлөйт. Ат көтөрүп жайлоого жеткире албай турган майдапачектерди сурай берип баланын башын маң кылышты. Бермет кепке да, сөзгө да катышпады. Алба.н деген эмени көрбөгөн, билбеген, аны менен эч канчалык иши жок эмече, өзүнчө отура берди. Бала мурдун шуу эттире тартып койду да:

— Анан Кызалак жеңем Албандын тебетейин алып башын сылайын деди да «э, айланып садагаң болоюн Абык! Бу, башың эмне болгон, тамтыгы калган эмеско?» деп бакырып жиберди...— дегенде, Бермет безге сайгандай секирип кетти. «Олдо шордуумай, шордуум. Шор арылбайт экен го. Дагы бир шорго малынып чыккан белем...» деген сөздү купуя айтып ичинен сыздады. Өзөгүн өрт каптады. Ошондо да Келин-кыздарга анысын сездирген жок.

— Башы эмне болуптур? Чакалай басыптырбы? Таз болуптурбу? Эмне болуптур?.. дешип Келин-кыздар дагы чакчелекей суроолорду үйө төгүп жибериште. Бала курулай жөтөлүмүш болуп койду да, адаты боюнча мурдун шуу тартты.— Анан, жолдо келатканда, аты үркүп жыгыптыр. Үзөңгүгө буту илинип сүйрөлүп калыптыр. Ошондо башынын ар кайсы жери сүрүлүп калыптыр...

Жолдо келатып топ жигиттен таяк жегенин айтуудан Албан намыс кылып, анчейин гана — ат сүйрөдү деп коё салыптыр.

— Анан, дагы эмне болуптур? — деп кыз-келиндер баланы эрмектей беришти. Бермет өзүнөн өзү убара. «Албан келип учурашабы? Же келбей коёбу? Келип учурашканы жакшыбы? Же келбей эле ошондон ары кайта кеткени жакшыбы? Келсе, мен анын жүзүн карай аламбы? Ал эмне дейт, мен эмне дейм! Айып кимибизде? Андабы, мендеби, же экөөбүздө тең барбы? Алакачып келгенден кийин мен өзүмдү кандай кармашым керек эле? Сүйүүнүн кусуруна, кесирине калдымбы? Өзүмдү өзүм өлтүрүп коюшум, азаптанышым керек беле? Эмне иштешим, кандай болушум керек эле?..»

Ою чар учкандай чакчелекей болду. Жакын санап жүргөн келиндеринин биринин оозунан — ат сүйрөсө, андан өлөт дейсиңби, аны кудай да албайт,— деген сөз чыкты. Ал сөз Берметке балта менен чапкандай катуу тийди. Тура калып жүктөн жаздык алды да, башына коюп чумкөнүп жата кетти.

Берметтин топчулугу чоюлуп, өлөң боочусу бошоп келишине Сабит маани берген эмес, аялы болуп калгандыгына гана дүйнөсү түгөл болгонсуп жүрөт. Бир күнү ээнчиликте «күлгөн күлкүңдү, шаңк эткен үнүңдү уга албайм. Ар дайым сабырың суз, эмне үчүн андай? Ала качтырып алгандыгыма же төркүнүңө калың төлөбөй. жүрүшүмө нааразысыңбы? «Аталуу уул — кожолуу кул» деген сөз бекер эмес. Атамдын ыгынан чыга албай, кайын ата, кайын эненин алдына баралбай жүрбөйүмбү? Атамдын эмне экендигине түшүнбөйм. Кайындарыңа баралы деп же өзү айтпайт же айбыгып өзүм айта албайм. Атамдын кандай ой менен ошентип журүшүн да, сенин көңүлүң кандайча ачылбай коюшун да туюна албайм» деген.

Сабит жанагы сөздөрдү айтып наалыганда Бермет мындайча акчыланган:

— Көңүлүмдүн ачылбай жүрүшүнө бир катар себептер бар. Тиги аялыңыз карааным көрүнгөн жерде эле жержепериме жетип алкынып жулкуна берет. Андан көңүлүм чөгөттөйт. Букарасынтып ата, энемди илүүгө

албай келатасыз, мындан да көңүлүмө ызалык пайда болот. Сиз чоң атанын тукуму, тектүү бийдин уулусуз. Анын үстүнө болушсуз. Өзүңүздөн ары чети айбыгам, бери чети корунам. Андан кала берсе, өзүңүздүн жүзүңүздү эки күндө бир жолу эртең менен чай үстүндө, жорожолдошторуңуздун арасынан гана көрөм. Эки күндүн биринде тигил үйүңүзгө түнөйсүз. Күн ара түнкүсүн төшөктө жолукпасак, башка убакта менден алыссыз. Бул үйгө түнөгөн күнү эрте кетесиз. Эки күнгө чейин кечигесиз. Сагынып

www.bizdin.kg

турууга далбасалайм. Бирок сагынбастан кайта чоочун болуп чоочуркап калам. Кийинкисин айта албайм, азырынча мага кезегинде келипкетип турган меймансыз. Чогууңуз менен түбөлүк мени экендигиңизге көзүм жетсе, мен деле чогуу бойдон сизге берилип кетпейт белем? Ушундай шарттарда кандай адам шайыршайдоот жүре алат? Кандай адам шаңкылдап күлүп жароокер болот? — деген.

Ошондо Сабит болуш жүйөлүү сөзгө тырп этпей жыгылып, кыса кучактаган. Бирок анысы да Берметти жибите алган эмес. «Сурап ичкен суу ичкен, тартып өпкөн жел өпкөн» деген купуя.

Ала качып келгенден кийин Бермет бардык иш Качы бий аркылуу кандай максат менен болгондугун түшүнгөн. «Албандан ажырап калгандан кийин тируу жүрүүнүн кереги эмне. Сүйүү деген бир жолу болду, анын акырына чыга албадык. Кайтакайта ар кимди сүйүмүш боло берүү «жалпы этектин». Кайта качып Албанга барсам суук селкинин абалына калам. Эмне иштеш керек?» деген.

Ошентип Бермет ары ойлоп, бери ойлоп, «капысынан бийди жара тартып өлтүрүп, анан өзү да өлүп .берип» тынууга бел байлаган. Андай болгондо, бул иш эки гана кишинин өмүрү менен бүтпөстөн, мүлдө «жамгырчы» уруусуна, өзгөчө өзүнүн атасы менен иниси Кубаткулга зобун болмок. Башка уруулар биргелеше коюп «жамгырчы» болгон жерин тып-тыйпыл талап кетмек. Эркеги кулак кести кулга, аялы сатса пулсуз күңгө айланмак. Ошолорду ойлоп доюрдуктан баш тарткан. Кийин «Сабит болушту боюма тартып биринчи аялын салбар атыктырып сандыраттатсам, бий буга да күйбөй койбойт. Анан акырындап уулун бөлүп чыксам күйбөгөн жери ошондо күл болот. Андан кийинкилерин дагы көрөрмүн деп өзүн бир аз жоошуткан. Албаңдын келишин жөнүндөгү азыркы кабар Берметтин эски «оорусун» кайта катуу козгоду. Бүктүшүп жатып калды.

Бүгүн бул айыл бий, болуштан ээн экен. Мурдагы Садыр болуштун уулу, бийдин кызы Сайкалдын күйөө баласы, баягы Талпаке шордуу сүзөнөк букага сүздүрүп кечээ күнү каза тааптыр. Садырга көз көрсөтүп, Талпакеге топурак салыш үчүн бий да, болуш да ошол жакка кетиптир. Садырдын аялын Сонун кудагыйын көрсө Камка байбиченин «аруусу» кармап кала турган. Ошондуктан шылтоо таап барбай коюптур. Албандын келишине сүйүнсө да, күндүн үйүнө өзү барып учурашууга намыс кылды. «Өзү келип учурашатко» деп күтсө келбеди. Алапайын таба албай, үйүнөн чыгып ар жактагы дөңсөөгө барып отурду. Ошондо гана Албан артынан барып эсеңдик сурашты. Коомайлап обочо отурду.

— Жаман арам десе! Эмне, үйгө кирип учурашпайсың? Күтүп отура берип, чыдай албай тышка чыктым. Кел, мында, этегимди баса жаныма жажын отур. Сагынып калыпмын, маңдайыңдан сылап коёюн. Өөп коёюн десем чоң киши болуп калыпсың,— деп Камка байбиче жетине албай жемелемиш болду. Маңдайынан сылап, анан тебетейин алып башынан сылайын деди эле, Албан тебетейин алдырбай бой качырды.— Кантет, жаман арам! Чоочуркап чоочун болуп калган го! Берилеп жакын, оолактабай шүк отур,— деп Камка байбиче колунан тартты. «Кежеңдей беришим болбос» деди да, Албан ыгына көндү. Тебетейин ала коюп: — э, куу тумшук, башың эмне болгон?! — деп чочуп кетти.

— Ат сүйрөп, аттын туягы тийип калды...

— Жок, балам чыныңды айт! Камчынын эле тагы, катүгүн. Кандай колуң сынгыр чапты экен. Айт, кара тумшугум, чыныңды. Ай шордуумай, азабың арылбайт экен го,— деп жашып кетти. Байбич« анын башын көкүрөгүнө эки колдоп баса отуруп ойго берилди. «Кечээ күнү келатып бийге жолуктубу,. терс аяктанам деп анда бараткандардан таяк жеп калганбы» деп тунжурай калды.

Албан кыйладан кийин башын көтөрдү. Таякты Алмабектин айлындагы жигиттерден жегендигин, эмне үчүн, кандайча алардын аны ургандыгын айтып берди. — Калжайган кара башыңды жегир, бийдин кесепети өз башы менен кетпейтко. Балабакыра, тукумжуратына тие турган болду го,— деп Камка байбиче катуу кейиди. Анан солдаттыкка барууга эмне үчүн ыктыяр болуп катталгандыгын сурады. Андай суроону түндө Алмабек да сураган, Албан «бий атама таарынып» деген.

— Жашырбай эле кой, жигит. Сени бий атан Ийгиликтин кызынын калыңына кармап бербедиби? Сен калыңга кешен кулак кести кул болуп калбадыңбы? Кулдуктан кутулуш үчүн солдатка, ажалга кетүүгө аргасыз болдуң. Ошентип, чыныңды эле айтпайсыңбы,— деп Алмабек аны башкача түшүндүргөн. Ошол сөз эсинде калган экен, Камкага как ошо жоопту айтты.

— Ушу сөзүңдү угарымды эчак эле билгемин. Балам, жолуңдан кайт! Четте жүрсөң да Бакириң экөөбүз сени медер кылабыз. Аны өзүң да билесиң. Эңшерип кетесиң го, эңшерилип калабыз го! Кайт жолуңдан, балам! Көзүм өтүп кетсе Бакириң кимди таянчы кылат? Бийден өзүңдүн көргөнүң аздык кылгансып, анын балдарына Бакириңди шүмшүк кылганы жүрөсүңбү? Мен үчүн, Бакириң үчүн кайт жолуңдан. Сени эч ким кулдана албайт, чоң атанын баласысың...— ден Камка катуу мөгдөдү. «Алмабектин айлындагы жигиттер желигип калган болсо, Бакирди атасы менен бекер жиберген экенмин го» деп баласы үчүн да санаасы чакчелекей түштү.—Бар, барып тигн Бермет жеңеңе учурашып кой,— деген сөздү да айтып чачылды.— Үйгө кирбейлиби! — деген сөзүнө Албан башын чайкады. Бийдин сөөгү чыкмайынча ал үйдүн босогосун аттабай тургандыгын айтты.

Албан а күнү Берадетке барган жок. Эргеси шашке ченде мындагы жигиттердин экөөн ээрчите барды. Астыртан карап алыстан учурашты. Чайдан кийин: — Бермег жеңе, абышкакемпирдин айта кел деген аманат сөздөрү бар эле,—деп Албан тышка чыкты. «Аманат сөз бодсо угайын» деп Бермет ээрчий басты. Албан көрүнөө жерге барып отурду. Бермет артынан барды. Бейтааныш адамдардан бетер астыртан айбыга карашты. «Түшүбүздө ырайлашып отурабызбы» деген ой экеөнө тең пайда болду. А дегенде сустая карашса, биртикеден кийин жылмая карашты.

www.bizdin.kg

— Олуттуу жигит экендигиңе кечетен бери чындап көзүм жетти,— деп Бермет оңдонуп отурду.— Жеңил мүнөздүү жигит болсоң кечээ күнү күндүз келбесең да, түн караңгылыгына калкаланып уурданып келмексиң. Андай болгондо менин баркымды кетирип, өзүң да мертиңден тайып калмаксың. Айланамдын бардыгы тыңчы, эки кабат кайтаруудамын. Болуш агаң бир кайтартса, анын аялы экинчи кабат кайтартат. Эмне үчүн андай экендигин өзүң түшүнөсүң!

Бүгүн жай баракат келип учурашканда, кайдигер ооз учунан учурашканыңды да абдан жактырдым. Артык баш сөз сүйлөп жиберер бекен деп ал жагынан да чочулаган элем, анткениң жок, азамат экенсиң. Үйдө калгандар жөн отурат дейсиңби? Эшик, тешиктен бизди шыкаалап жандары чыгып жатат. Көрүнө жерден орун алып, серпилип шек туудурбай отурушуңа да көптөнжөп ракмат. Дээриңде бирдеме бар экен. Бий атаң да сени бекеринен куугунтуктап жүрбөптүр. Мен бүгүн сени мурдагыдан да жакшы көрүп берилип калдым, жигиттин гүлү экенсиң.

Үйдө отургандардын көзүнчө мен да сени тике карай албайт элем. Сен да ошентмексиң. Шылтоо таап алып чыгып дидарыңды биртике болсо да ээн эркин каратууга жарадың. Мунуңа да ыраазымын.

Мен болсом мурдагыдай башым ачык эмес, никелүү болуп калдым. Бирок, менден күдөрүңдү биротоло үзөсүңбү ал сенин өз ишиң. Башым жерге кирмейинче мен сенден күдөрүмдү такыр үзбөймүн.

Жалпы сөздөрдү тигилер менен бирге отуруп жай сүйлөшөлү, .козгол! — деди. Албан ордунан туруп ары басты. Бермет бери басып үйгө кирди.

Албан кайта айланып үйгө кирип жайланышканда:

— Баса, Албан кайын иним, ыктыярың менен салдатка кеткени жүрөсүңбү? Ал эмнең? — деп ^калды Бермет. Албан Алмабектен үйрөнгөн жообун айтты. Аны укканда отурган Келин-кыздардын бардыгынын башы шылк эте түштү. Айта жүрө турган сөз экен деп ар бири көкүрөгүнө түйдү. Берметке бул сөз өтө жакты. Албандын ал сөзү түшкө жетпей эле «Олжобай» болгон жерине тегиз тарап, бардыгынын намысын катуу козгоду. Бир топ абышка чогулушуп Камка байбичеге келди.

— Бийдин бул кайсы кылыгы? «Олжобайдын» тукумун калыңга кармап бериш эмне деген кеп, элге-журтка шерменде болбодукпу, баш көтөрүп эл аралай албай калбадыкпы? — деп жер сабап сүйлөнүштү. Камка байбиче аларды ого бетер кайрап таштады:

Бириңер азыр келүүгө тийиш, эми эле бирөө айтып өттү. Күтө туруп аттан буту түшөр менен айткыла. Көлөпгөн лөк дагы, көгөргөн көк дагы киши эмеспи, бийиңерге сөзүңөр өтөр бекен! —деп абышкалардын намысын козгоду.

Бий, болуштун азыр келет кабары угулар замат Албан ат токунуп кетүүгө камынды. Камка менен кош айтышып бир аз узап кеткенде, тыяктан калкылдаган калың топ менен бай келип аттан түштү. Камка байбиче баласы Бакирди тосо басып каршы алды. Албандын азыр эле бастыргандыгын айтып: — артынан дароо кууп жеткин. Солдатка кете турган болсоң мени да ала кет деп чылбырына чырмалып, олоңуна оролуп, жатып ал. Барбайын, калайын дедирмейинче келбе. Чап жөнө,— деди. Аны көрө койгон бий:

— О, Камка байбиче! Чарчапчаалыгып келген баланы кайда жумшадың? Андай эле ашыгыш жумушуң болсо, башка бирөөн жибере койбойсуңбу? — деди.

— Олдо, баласырагыңыз ай. Эчтеме болбойт. Чарчапчаалыгып катыксын,— деп Камка байбиче чаргыта сүйлөп тим болду. Кайраттанып отурган абышкалар тебетейлери менен жер сабап бийди ортого алышты. Бий анткорлоно борсборс күлдү. Абышкалардын сөзүн илүүгө албай кырынан жантайып жатып алды.

«Солдат берүү маселесин сүйлөшөбүз» деп Сабит бир болуш элдин бийлерин, старшына, элүү башыларын, элге барктуу аксакал, көксакалдарын бүт чакыртыптыр. Ошо күндүн эртеси кеп угабыз, сөз угабыз дешип түтүнгө бирден кйши аттаныптыр, бийдин айлынын айланасына атчандар батпай кетти. Чакырылгандар каз канаттап алды жагына отурду. Калгандары аттуужөөлүү болуп арт жакта жарданып калды. «Ак паашабыз солдат еурап жатат, беребизби, жокпу?» деген мааниде Сабит калкка кайрыла сөз сүйлөдү. Ал сөзүн бүтөр менен Алмабек ордунан тура калды.

— Калыңга кеткенден ,көрө солдатка кетиш абзел эмеспи. «Олжобай» уулу жигиттерин жибере берсин. Биздин жигиттер барбайт,— деп кагынып силкинди.

— Алмабек, сен кычык сөздү эмне кыласың. Эмне айтып, эмне койгонуна түшүнбөй калдым! —деп Шадман аке каңкулады. Алмабек түшүндүрө жооп айтты:

— Береги отурган Качы кудаң карачечекей инисинин баласы Албан деген жигитти калынга кармап берип, болуш уулуна катын алып бергендигин айтып отурам, түшүндүңбү? Калыңга кеткенден көрө «Олжобайдын» балдары солдатка барсын деп атам. Угуза турган сөзү ушу болсо, уга турган жообу ушу. Ат тарткыла, кетебиз! — деп Алмабек артын карай кылчайды. Кармап турган жигит Алмабектин атын туура тартты. Алмабек тараптын жигиттери: — «Олжобайдын» балдары, калыңга кеткенден көрө солдатка кеткиле! — деп жабыла кыйжырып кылчайбастан бастырып кетишти. «Олжобай» уруусу түгөлү менен түнөрүп, баш көтөрө албай чакчелекей түштү да кала берди.

www.bizdin.kg

# III

Кечээ күнү ал жерде тургандар менен кош айтышып Албан аттанып бастырып кетти. Камка байбиче ээрчий карап: —кара тумшук, «уу жетим, тескери жолдон кайт! «Чыйрактын шыйрагы калар имиш», кайрыл! Кайрыл! Кайрыл! — деп үч жолу кыйкырган эле.

Күйөөгө берген кызды узатканда атасы же агасы артынан ээрчий «арап ошентип үч ирет кыйкыра турган. «Кайрыл!» деген сайын кыз кылчаккылчак карап алса, «арты кайырдуу болот экен» дешип көңүлдөрүнө төтөк кылып коюучу. Камыгып отурган Камка байбиче да, ошентип Албанды .кыз жөнөткөндөй узатты. Ал эки кыйкырыкка кылчаң карап, бирөөнө карабады. «Бала ыргылжың кетти. Үчүнчү жолу кылчайганда салдатка барбай коёт эле» деген ой менен Камка байбиче камыгып кала берген болучу.

«Жоо жакадан, бөрү этектен алып турат». Солдатка кетсем өлүү боломбу же тирүү боломбу — ал кудайдын колундагы иш. Балким акыркы ырайлашып жүз көрүшкөнүбүз болор. Не бар, не жок, Бермет менен да кош айтыша кетейин» деген ой менен Албан атынын башын Берметтин үйү тарапка бура тарткан эле. Каракерди шайбырлата бастыра барып: — Бермет жеңе, үйдөсүңбү? — деп тыштан үн салган.— Үйдөмүн. Салдатка кетелексиңби? — деген үн угулган. Тааный коюптур, ал Берметтин үнү экен.

Берметти ээрчип бир топ кыз-келин шарактап кошо чыкты.

— Ата, энеңизге айта турган дубай саламыңыз болсо ала кетейин деп бура тарттым! — деди калпагын бир чекесине баса кийип, астыртан аңдый карап турган Албан.

Бермет токтолбостон шар кетти:

— Менден күдөр үзүшпөсүн! Башка айтарым жок. Салдатка кетип калсаңыз жолуңуз шыдыр, жолдошуңуз кыдыр, олоңбоочуңуз чыйрак, өмүрүңүз узак болсун! — деп кашкая караганда көзү Албакдын көзүнө кадала түшкөн эле.

Албанга ошонусу гана керек болучу.

— Айтканыңыз келсин! Кош болуңуздар!..— деп Албан жолуна түшкөн. Жарданып турган кыз-келиндер Берметтин алкышын кайталап ээрчий карап чуулдашкан. Албандын ушу кетишиндеги көрүнүшү алардын көзүнө «Семетейдин» жооо аттангандагы элесин калтырган.

Албан бир кыйла узап кеткенде артынан байикелеген кыйкырык угулган болучу. Кылчая караса чымын-куюн түшүп бирөө келатат. Бура тартып туруп калды. Жакындай бергенде «араса, Бакир экен, утурлай бастырды. Чукул кирип келгенде Бакир атынан ыргып Албанга жармашты, анысы койнун ачып кыса кучактады.— Кетпе, байыке, кетпе! Кетирбейм. Кете турган болсоң мени да ала кет,— деп бала жармаша берди. «Энесиңин айтканы ал, баласынын айтканы бул. Булардын жанына мынчалык эмне күч келип калган. Териштирип угуп, билип да коёюнчу» деген ой келди. Баланы маңдайынан сылады. Бир нече ирет бооруна тартып сыга кучактады. Оолугуп келген бала биртике соолуккан учурда — кана эми, жакшылап айтчы! Кетпе дединг, кете турган болсоң кошо кетем дединг. Эмне үчүн антериңди түшүнө албадым. Бир баштан түшүндүрчү! — деди. Баланы боюнан бир аз оолактатты.

Бала ойлоно калды да:—Атамдын балдары сага көрсөткөн күндү маа да көрсөтө турган. Атамдын көзү тургандыктан араң жүрүшүптүр,— деп муңайды.

— Аны сен кайдан билдиң?

— Энекем айтып берди.

— Андай болорун энекең кайдан билиптир?

— Көргөн, уккандар айтыптыр. Ошондон бери энекем жайында эмес. Үшкүрүк-бышкырыгы көбөйүп, көңүлү да ачылбай койду. Кыялжоругу мурдагыдай эмес.

— Энекен эмне көрүп, эмне угуптур, кимден угуптур?

— Атам мени жакшы көрөт. Бир жакка барса ээрчите жүрөт. Аны тиги улуу байбиче менен, берки ортончу байбиченин балдары да көрө алышпайт экен. Алар көп эмеспи. Байбичеден эркеги төртөө, ортончудан үчөө. Жакында — беш, алты эле күн болду, өздөрүнчө мен тууралуу сүйлөшүп отуруп «жалгыз жыгач үй болбойт, жалгыз жигит бий болбойт» дешиптир. Кимиси болсо эле мени өгөйлөп, жектеп, четтетип турушат. Энекем атамды кааласа байбичесине, кааласа ортончусуна чыгарам дейт. Сени үйлөндүрүп өзүмө алам дейт. Өзүңө айткан жокпу? *

— Азыр сен айткандай кылып айткан жок, жалпылай туюндурду.

— Атамдын көзү кандай жумулса, ошол эле күнү балдары бизди эчтемеге ээ кыла турган окшобойт. Энемдин мээсине деле, менин мээме деле чай кайнатыша турган. Балдарынын бардыгы эле атамдын өзүн тартып кара мүртөз...

— А сен атаңды тартпай калыпсыңбы?

— Жок. Мен энемди, таякелеримди тартып калган окшойм.

— Эмне, мени солдатка барба дейсиңби?

— Ооба, байке!

— Эки бакыр бир тукур бололу дейсиң го?

— Ооба, ошентели, байке! Энекемди күнүнүн балдарына кор кылбайлы! Тиги Кызалак апамды да уланушагы менен өзүбүзгө алалы...

Көк шиберге жамбаштап жаткан Албан көтөрүлүп көмкөрөсүнөн түштү. Жамбашы талып кеткендиктен эмес, баланын сөздөрү сайсөөгүн сыздатып жибергендиктен, көзүнө жаш ойноп чыга калгандыктан көмкөрөсүнөн түштү. Көз жашын балага көрсөтдүдөн жазганып ошентти. Бала үстүнө минип эки колун Албандын алкымына салаалап: — тил ал, байке, тил ал! — деп бир нече ирет жогору карай секеңдетти. Башы секеңдеген сайын анысы: — ойлоноюн, ойлоноюн! — деп жатты. Ошо жерде Кубаткулду, Кызалактын балдарын жана «Аркалай турган арка бол» деп асылып турган баланы да көз алдына келтирди. Кыйладан кийин кош айтып ажырашты. Бирөө тоону карай, бирөө ойду карай жүрүп кетти. Албан Ийгиликтикине кеч келди. Староста Тимоха менен Ийгилик сүйлөшүп отуруптур. Көргөн-уккандарын, төкпөй-чачпай баяндап берди. Тимоха түн ортосу ченде гана: — эмесе иш жанакы айткандай болсун! — деди да чыгып кетти.

Жылуу-Булак селосуна ар уруктан — кунгөй, тескейден келип жан багып жүргөн кыргыздардын түтүнү, ошо жылы бир жүз элүүгө жетейин деп «алган. Эл ичи олкусолку болгондон бери алардын жүрөгү опколжуп, алапайын табалбай алдастап калышкан. Ар бири өз айлына көчүп кетүүнү ойлошот. Бирок, көчүп барганда аларга бышырып суутуп койгон эчтеме жок. Орус «ыштагында биринен болбосо биринен иштөөгө жумуш табылып турат. Алдын ала акысын бычып, алдыбердиге так. Короолорунда котологон малы болбосо да, ороолорунда даны кенен. Мындай бейишти айыл арасында аларга белендеп койгон ким бар дейсиң! Ошондойлордун бир тобу эртең менен эрте Ийгиликтикине келишти. Кеп кеңеш сурады. Ийгилик сөздү алыстан баштап, артын чукул кайрыды:

— Кыргыз жерин мурдараак Кокон хандыгы «динге» булгаптыр. Жанагы биздин Жума молдого окшогон азезилдерди даярдап чыгарыптыр. Андан кийин орустар келе баштаптыр. Орус келер менен кыргыз жеринен «жоо:керчилик» заман жоюлуптур. «Жоокерчилик» заманында уруулардын жоолашуусу да тыйылуучу эмес экен. «Күчтүү уруунун күнү тууп, каруулу уруунун карды тоюп», майда уруулар «сатса пулсуз, өлсө кунсуз» кулак кести кул экен. Бейбечаралар «жайкысын ак таталап, кышкысын сөөк кажалап» өчпөстүн отун жагып, өлбөстүн күнүн көрүүчү экен.

Эзилген эл ак паашага, анын бий, болуш төрөлөрүнө эрегишип калды. Аларга эрегишебиз деп, жоокерчиликти жоюп элибизди нанга тойгузган орустарыбыздан ажырап калар бекенбиз.

Мындагы мужуктардын эстүү-баштуулары менен көп кеңештик. Ары чайкап, бери чайкап отуруп, солдат берүү дүрбелөңү же ары, же бери болгуча ар ким өз айлына сыйлыгыша, ыкташа турганы оң болор деди — Ийгилик. Ошо күнү кечинде селонун эстүү-баштууларын чакырып ажыраш аяк берди да, эртеси Ийгилик «үч уруктагы» эски кыштоосуна көчүп кетти.

Калк элирип, калкып-толкуп калган күндөрдө жандын бары жапырт тыңчы, узун кулак уганак, сөз учуруп турууга жөндөмдүү болуп кете турган көрүнөт. Кайданжайдан, кимден кантип уккандыгы белгисиз, орто жайлоодо жаткан Мантек эртеси эле өрүлүктөп жете келди. «Жамгырчы» уруусунун ойдогу, тоодогусунун баары ошол күнү Ийгиликтикинде болду. Өтөр-кетер, өйдө-ылдый сөздөр сүйлөнгөндөн кийин, Ийгилик сөздү «казат» жакка бурду:

— «Казатка» аттанабыз деп калк катуу козголуп жатса керек. Силер канетип жатасыңар?

— Биз деле жөн жатканыбыз жок!

— Жөн жатпагандагы камылгаңарды айтып көргүлөчү, угуп коёлу!

Ооздорун толтура, үндөрүн кере-чоё ар тараптан добуш чыгарышты:

— Колу жөндөмдүүлөр темир айрыдан найза, балатыдан каскак, соколордун бурамаларынан чоюн баш, шалк этме, соконун темирлеринен айбалта, кылыч, жуушаңдардан канжар...

— Кыскасы союл көтөрүүгө жараган ар бир кишинин колу куру эмес экен го?

— Куру эмес, ошондой. Баса, Муратбектин ата-бабасынан калган кара бараңы айтылбай калган тура.

Ийгилик аларды келеке кыла баштады:

— Жоолаша турган жооңор замбирек, билимот, беш атар, эң куру дегени бардаңке менен чыгат. Бакан, союлга чендетпей ноот кылып койбосун? Аны ойлойсуңарбы?

— Ойлогондо кантет элек? Калктын бары ошентип жатканда карап тура албай дарбапдүрбөп жүрөбүз...

— Баягы азезил Жума молдоңор кыпкызыл эле олуя болуп кетти деп угам. Чийип берген тумарын колтугуна тигип алган кишиге замбиректин да, беш атардын да огу жаңылбайт имиш. Кылыч да өтпөсө керек. Анын «келмесин» кыйкырып айтса жоонун көзүн дароо эле ныл басып көрбөй карайлап калат имиш. Ошо Жума молдоңорду алдыңарга сала жүрөсүңөр го?!

Ал жерде тургандар дуу күлүштү. «Дегеле ошо жарайт, эркул. Тааныбаган айылдарга барып олжого карк болуп жүрүптүр, кайран көкжал» деген "кобур-кубур көтөрүлдү. Ийгилик өзү билген акылнасаатын айтууга өттү:

— Элөөрүп ээликпегиле. Сабырдуу болгула. Ушинтип туруп басбас болуп кеткиси бардыр. Басылбай улаарып кетсе чоң алаамат болор. Байларга балаа жок, бу деле бейбечаранын шору. Баса, силер ким менен жоолашканы жүрөсүңөр? Ошону айткылачы? — деди.

Бир ооздон түкүргөндөй: — орус менен! — дешти. Ийгилик башын чайкады.

— Анан ким менен жоолашканы жүрөбүз? — деп Мантек элүү башы борсулдап койду.

— Бардык балакетти баштап жаткан ак падыша, анын төрөлөрү. Алар орустарды да оңдуруп жаткан жери жок. Баш көтөргөн бардык эр бүлөсүн солдатка — кермендин огун карай айдап жиберди. Кыштактарда эңкейген кары, эмгектеген жаш, эрсиз катындар гана калды. Орустун катынбала, карган

www.bizdin.kg

чалдары менен жоолашасыңарбы? Силерди солдатка ошо жесир катындар, чалдар чакыртып жатабы? Билбейсиңерби? — деди. Өткөн күнү орус кыштагында айткан сөздөрүн бир баштан буларга да айтып берди.

— Андай болгондо, калкты мынчалык дүүлүктүрүп кайсы кара шайтан кытыгылап жүрөт? Максат эмне? — деп калды кимдир бирөө.

Ийгилик жооп айтты:

— Максат эптеп солдат берүүдөн кутулуу. Ал эми эл бийлеген шайтандар болсо учурдан пайдаланып тартуутармекке, олжобуйлага туйтунуунун жолуна түшүп алды.

Баягы өтүкчү Урмамбет баятадан бери тишин кычыратып, санын мыжыгып, кабаккашын бырыштырып, куйкасы курушуп отурган эле. «Ийгилик орус болуп кеткен, орустун сөзүн сүйлөп жатат» дегенди ойлоп отурган. Ыргып ордунан турду: — «Ниети казат». «Өлтүрсөң сооп, өлсөң шейит». «Кудайым динге кубат берет». А дегенде жерди алды, сууну алды. Алман алды, аркан алды, тери алды, кап алды. Эми баш көтөргөн эр бүлөнүн бардыгын шыпырып салдат алмакчы...— деген сөздөрдү . айтып оолукту. Кай бирөөлөр аны акырая карап оозун ачты. Кай бирөөлөр ойлоно жер тиктеди.

— Өтүкчү сен, кайсы алдырып жиберген жерсууңду козгоп отурасың? Өмүрүңдө бир саржан жерге эгин сеппедиң, кетмен алып бир кулак жерге суу байлабадың, сага жер, суунун эмне кереги бар? Солдатка жарай турган бир да балаң жок, элден өзгөчө саа эмне болду? — деди карыялардын бири.

Бирдеме деш үчүн өтүкчү тилин эптештирди эле, оозуна «Ийгилик орус болуп чочконун этин жеп кеткен» деген сез кие калды. Жанында турган киши аны элдин артын көздөй кырданта туртүп жиберди. Үн жок, сөз жок бардыгы тегиз дымырады.

Сакадай бою сабырдуу киши эмеспи, Ийгилик купуя ыза болсо да, сырын сыртына чыгарган жок. Анчейин күлүмсүрөгөн болду.

— Жумадай молдосу, өтүкчүдөй баатыры бар «Жамгырчы» тукуму ырыстуу эл экенсиңер! — деди да каткыра күлдү. Өтүкчүнүн сөзүнө ыза болуп калды го деп аяп, жер карап отургандар дуу күлүштү...

* * *

Кара талашып калгандар ыкташа, сыйлыгыша берет. Ийгилик да кара талашып жерине, элине келди. Кара талашып карайлап турган туушкандары ага сыйлыгышып, ыкташа баштады. Тимоха менен Ийгилик орус, кыргызды ыкташтыруу жөнүндө көп ойлоп, көп кеңешсе да, жөнгө келтирүүнүн жолун таба алышпай, агымды карай агууга экөө тең аргасыз болду. Камка байбиче менен анын жалгыз баласы Бакир өз уруусунан четтеп жүргөн Албанга ык тартты. Жума молдо ыгын таап, чоочун айылдардан бир короо кой жыйнап алды. Өтүкчү болсо, эптеп сооп табууга, өлүп «шейит» болууга бел байламыш болуп өзүнчө жүрөт.

Сабит болуш да Берметке бир кыйла ыктарта берүүчү болуп калды: түнөй турган түнү бир аз эртерээк келет, эртең менен биртике кечирээк кетет. Бая күнү Алмабектен «Олжобай» уруусу мүлдө шагы сынгандан бери Качы бий да, Сыйда сары да шартка карай ыкташуу жөнүндө ойлоно баштады.

Мына бу заңкайган ак үйдун артында үңкүйүп отурган үчөөнүн бири бий, бири болуш. Жер карап күңкмаңк сүйлөп отурганы Сыйда сары. Анын сөзүн да абайлап угуп коёлу!

— Алмабектен, ал тараптагы элден өч алабыз, басмырлап баш кетөргүс кылабыз деп жүрүп өтө катуу кетип койдук. Айыгыштырып алдык. Баягы күнкү кагылышуудан бери ал тараптан бир киши да бастырып келген жок. Ошентип ал тараптагы элден кол жуудук,— деп Сыйда сары камчы сабы менен жер түртүп койду да, сөзүн улады: — Куданыз Садыр болуш болуп турганда эли аны сыйламыш болучу эле. Аныныз азыр элинен четтеп калды. Эл Шадман акеге ыктап калыптыр. Алмабектен да, ал тараптагы элден да кол үзүп калышыбыз этимал,— деп дагы камчы сабы менен жер түрттү. Биртике ойлоно калды. Анан «үч урукка» өттү.

— Өзүбүз да уйдун бөйрөгүндөй куранды үч уруубуз. Анын экөөнөн бирдей ажырап өзүбүз эле калар бекенбиз. Ийгилик кыштоосуна көчүп келиптир. Эки күндөн бери «Жамгырчысынгандардын» бардыгы такалуудан тай калбай ошондо экен. Кызын алсак да өзүн иликке албай, аны антип жүрөбүз. Биз аны букарасынтып кордогонубуз менен, башкалар анын ким экендигин байкашат. Букара болсо да бизге теңелбеди, ниети түз келатат. Анын кыялы бузулганда, өткөн шайлоодо эле сызга отуруп калмакпыз. Бизди сыйлабаса да Олжобайдын, үч уруктун мүдөөсүн сыйлап, Алмабекке колтук ачкан жок. Шап шайтан азгырып Ийгилик Алмабек тарапка өтсө, «Жамгырчы» уулунан да, «Алыке» уулунан да бүт айрылабыз. Ушу отурган үчөөбүз эле ушу жерде үңкүйүп отурган бойдон кала беребиз...— деди.

Ошентип да, оңдонуп отурду.

Өрткө чалдыккан дөңгөчтөй болгон бий көпкө чейин кебелбеди. Анан башын бир аз көтөрүп: — Шадман аксакал менен Садырдан кам санабасаң да болот. Талпаке күйөө өлүп, Сайкал жесир отурат. Аны Шадмандын бир баласы албаганда ким алат эле? Сайкал аркылуу мурда Садырды кармап келаткан болсок, эми Шадманы экөөн бирдей кармаганы отурбайбызбы? — деп Сыйда сарыга тигиле карады. Ал шектене жооп айтты:

— Ал айткандарыңыз бир эсептен туура. Бирок, Шадманга да бир кезде дат өткөрүп койгон жериңиз бар!

— Аным бар. Туура айтасың. Сайкалды келиндикке алса, кудай дешип куда болсо, өткөргөн даттын дарты өзү эле жуулуп кетпейби?

— Макул, аньжы жуулуп кетсин. А Ийгиликти кандай кылабыз?

www.bizdin.kg

— Чакырткыла. Кызынын калыңын телөгүлө!

— Макул, бүгүн киши жиберип эртеңке чакыралы. Калыңына эмне беребиз?

— Мал бергиле. Малынар аздыж кылса, мени бергиле! — деп бийдин куйкасы курушуп кетти. Анткени, ошол учурда Ийгилик менен Албандын элеси көз алдына келе калды окшойбу!

— Олда, жарыктык ай! Албанды калыңга тогоштуруп бир болуш элге шерменде болушубуз аздык кылгансып, эми сизди да калыңга өткөрөт экенбиз го! — деп, Сары камчысын ыргытып жиберди.

— Эмне ызырынасың, камчыңды ыргытып? Сабаганы турасыңбы? Бейбаш айбан, бадрек,— деп бий айкырды. Сыйда сарынын бети чоктой кызарып, кире качууга тешик таба албай шаштысы кетти.

# IV

Удургуп турган калың элдин бири-бирди айтса, экинчиси-экини айтат. Айткандарын бирөөлөр угуп жатабы, иштин ал жагына көңүл бөлгөн эч кимиси жок. Иши кылып, оюна келгенди оттоп жатышат. Ал жерде айтылган сөздөргө караганда, бардык уруу өздөрүнчө хан көтөрүп, хандары такка отуруп, аскер жыйнап. калган болсо керек.

— Хан көтөргөндө кандай кылып көтөрөт экен? — дейт кажылдашып тургандардын бирөө.

— Анын эмнеси бар экен. Калк каалаган кишисин ак кийизге отургуза коюп «Ак жүздүү адилет бол, ак жолтой бол, калкыңа кайырдуу бол» деп алкашат. Хан көтөрө коюунун андан башка эмне, зоот-кыягы бар дейсиңби? деди эстүүсүнгөн бирөө.

— Андай болсо, Ийгиликти ак кийизге отургузуп көтөрө койбойлубу? — деп шымалангандар да болот.

Кажы-кужу кызуулагандан кызый берди. Жаратканга жалбарып, жакасын кыса карманып: «жараткан, жалгай көр!, «динге кубат бере көр», «жоону талкалай көр», «бизди калкалай көр!» дегендер да көп. Ошентип тургандардыч бири туура туштан куюндап калган чаңды, анын арасында атын түйүнчөктөй түйүлтүп келаткан атчандын караанын көрө калды.

— Адамей, тетиги кабарга келаткан киши болсо керек! — деп алаканын серепчиледи. Жаажуу басылып бардыгынын көңүлү да, көзү да ошол тарапка тигилди. Аябай катуу келаткан кишинин үнү жетер-жетпес аралыктан «кудай уруп таштады!» деп кыйкыра, өкүрө келди.

Жабыла карап тургандар «кандай кудай урду, кимди кудай урду?» дешип жамырады.

— Бий акеми, болуш мырзаны, Сыйда сарыны байлап кетти!

— Ким экен? Кайдагы эмелер экен?

— Алмабектин айлындагы жигиттер экен. Жолду атайы тостуруп коюптур. Жөнөгүлө. Айлына жеткирбей ажыратып келгиле. Шилисинен мууздап өлтүрөбүз дешет. Такымына тамга басабыз дешет...

— Үйгө кирип Ийгиликке айта коёюн,— деп ал жердегилердин бири чуркады.

— Ийгиликсиз күнүңөр кечпейби? Тура бересиңерби! — деп өтүкчү өз атын өзү башка бир салды. Ар жакта жөлөп койгон каскагы бар экен, илип алып чапкан бойдон кетти. Бирок көп узай албады. Далпылдап бараткан баатырдын куюшканы үзүлдү. Ээри атынын мойнуна кетти. Өзү чалкалай түшүп кырданды да, каскагын баса жыгылды. Анысы корс этип сынып кетти. Чылбыры колунан чыгып, аты желген бойдон качып кете берди.

Кабар жетер менен Ийгилик:

— Албан кайдасың? — деп үн салды.

— Мындамын.

— Аттан, жөнөгүлө! Албан кыйыктанды.

— «Туугандын азары болсо да, безери болбойт». Качыбийдин кадыры болбосо да «үч уруктун» намысы үчүн аракет кылалы. Каракерди мин, бол, аттан, Алмабекке жеткирбей ажыратып калалы! — деп Ийгилик атка мине жөнөдү. Ат атка тийбеди, желигип тургандар жапырыла жүрүп берди. Биринен бири өтүп катуу баратты.— Аты сүрдүгүп кетеби, бирөөлөргө урунуп жыгылып калабы,— деген ой менен Албан Ийгиликтен ажырабай жандай чаап, жакындап коргоп баратты.

— Аянба, Албан балам, бар өнөрүңдү көрсөт. Жигиттин жигиттигин эл ушундап учурда тааныйт. Бир топ жигит менен төштү этектеп, утурлан чаап алкым жолду торо. Жөн эле ителгидей тий. Кечикпей жөнө. Астымдагы начар көрүнөт, жайыраак жете барайын. Каракериңди да, өзүңдү да эл таанып калсын. Таанып, Албан, балам, тааныл! Менден кам санаба. Өз жанымды ат үстүндө алып жүрүүгө жарайм,— деди.

Каракерди созолонто чаап Албан алкымга салды. Коркоктдрчо кылчаңдап артын карабады. Бир канча жигит найза, каскак, союлдарын сороктотуп анын артына түштү. Ийгилик туура чаап дөңсөөгө чыкты. Бийди байлап кеткендер эки, үч чакырымдай узап калыптыр. Албандарды да, арттагыларды да баткалыштан көрүшпөдү.

«Бийди байлап, матап кетиптир» деген кабар «Олжобай» айлын андан бетер будуңчаңга бөлөп, уучуу түшүрдү. Эр бүлөдөн эч бири калбастан жабыла аттанды. Катуу дүбүрттөн желе боодо жаткан жылкылар үркту. Желелер узүлүп кулундар чалынды. Муунуп жыгылгандары да көп болду. Аялдар, балдар жарданып ээрчий карашты. Иттер абалап үрүп артынан кетти.

Бийдин байлоодо кетишин укканда Бермет: — сооп болуптур, зордукзомбулук деген эмне экендигин түшүнсүн. Кордук деген кандай боло тургандыгын билсин,— деп купуя ичинен табалады. Сабитти

«Өлтүрөбүз дептир» деген сөздү укканда, андай болсо башым бошоп калар беле деген ойго да берилип кетти. Албан менен айкалышып, аралаша да жүрүп калды. Кайта «калган кадыр качкан куш, кайрылып келбейт ал кайтып» деди. Улутунду.

Албан артындагылардан алыс узап кеткенин байкап,— катуу кайрап коюпмун го. Беркилер жеткиче жалгыздап коюшпаса деп Ийгилик убайым салды. Токтоно албай атына минип капталдай чаап жөнөп калды. Тигилерди бирде көрсө, бирде көрбөй жүрүп отурду. «Эки баш» атала турган секичеге чыкканда аркылар да, беркилер да Ийгиликке айгине көрүндү. Чылбыр, тиэгинин ээрдин кашы.на баса кармап карап турду: Тигине: Албан аркылардын алдын тороп көрүнөгө чыкты. Тиэгинин жыя кармап: «Олжобай, Олжобай!» деп ураан чакырды. Артындагылар анын үнүнө үн кошкондо жер жаңырткан чуу болду. Тигилер астыкийинине кылчактап апкарып алдастады. Албан ителгидей шукшурулду. Бийди байлап келаткандар он ашуу киши экен, ар кимиси өз жанын бет алды ала качып бытчыты чыкты. Кайрылып кагышууга эч бирөө жарабады. Албандын түшкүнү коргошун камчысы кимисине кандай тийсе, анысы калпактай, учуп түшө берди. Анын ар бир чапканына «бали, балам, бали!» деп Ийгиликтин кыбасы канып жатты.

Алмабектин жигиттерин сүрүп ташташтыда, Албандар кайта келип бийдин, болуштун, Сарынын колун чечип бошотту. Бирөөнө бир ооз эчтеме айтышкан жок. А түгүл беттерине да карабады. Атына шапашупа ыргып минип Албан Ийгиликти карай кете берди.

«Солдат берүүгө, ак пашанын амирин аткарууга каршы чыгып, элди көтөрүлүшкө даярдап койду» деп уездге барып бийдин даттанбай койбой тургандыгын, андай болгондо уезд аскер жиберип карматьш камакка аларын билип, Алмабек атайы жол тостуруп, «бипди Каракол жакка кетип баратышын кандай көрсөңөр ошондой кармап, атка таңып алып келгиле» дептир. Бий, болуш, Сары үчөө Алмабекке жеткенде аябайт болучу. Ызалап кордук көрсөтөрү, көчүктерүн кайрытып тамга бастьГрары, «айыпкер .болуп жүргөндөн көрө, биротоло кункор болоюн» деп өлтүрүп коюшу да ачык иш эле.

Албан алардын колдорун гана байлоодон бошоткон. Көрсө буттарын аттарыньш бооруна куушура бууп, сарпоочтоп коюшуптур. Анысын Албан байкаган эмес экен, аркы барган «Жамгырчылар» чечишти. Суу бойлото алып барып аттарынан түшүрүштү. Сабит менен Бекиш бетиколдорун чайып суу урташты. Бий мандаш уруп дулдуйган бойдон отура берди.

Адегиче жалпы «Олжобайлар» жан аябай чапкылап жапырт келди. Дөңсөөдө атчан турган Ийгилик менен Албанга кылчайбастан жандай салып өтүп жатты. «Көк ойдун чаңын буратып, көк кашка атын чуратып», ир алды болуп он чакты киши менен Кашкарбай элүү башы өттү. Ыза болуп отурган бийге чукул баруудан айбыкты. Обочороок жерге барып атынан түштү. Анын артынан самсып бараткандар да бийге барбастан Кашкарбайдын айланасына барып ат ойнотуп турушту.

Тигилер го— тигилер. Мынабу келаткандарга эмне жок! Кер байталы шалаңдаган бирөө баратат. Жип олоң, жип куюшкан. Үзөңгүсүнүн бирөө темир, бири жөн эле арчадан ийип койгон чүлүк. Өрө кийизден эндей тигилген калпак сөрөйүнүн бир этегин ичинен имере баса кийип койгон. Оң жаккы жеңин чечип коломочтонуп алыптыр, колунда чокмор башы жүрөт. Шуушаңдын бир жаагын кийиз кынга салып белине байлап коюптур. Кер байталды эки согончогу менен олбуйсолбуй теминет. Койгулай берип колундагы тал чыбыгынын дүмүрчөгү гана калыптыр. Учуп кетчүдөй жүткүнөт. Бирок, кер байталы кургурдун шайы түгөнгөн болсо керек, зорго текиреңдемиш болот. Чуркашынан да куйругун шыйпанышы көбүрөөк.

— Бул кайсы «Манасы» болду экен! — деди, ээрчий карап турган Ийгилик. Албан күлүмсүрөп жер карады, унчуккан жок.

Анан өгүздөрүн өкүрөңдөткөндөр да өтүп жатты. Кейиптерине караганда алар койчуколоңдор болууга тийиш. Тетиги бир өркөчтүү каранар кадимки жел маяндын өзү болсо керек. Анысын минген эме да андасанда бир тийип, каскагын белинен кармаган бойдон баратат.

«Бийди байлап баратыптыр» деген кабар «Алике» уруусуна бир аз кечирээк жеткен көрүнөт, кырк, элүүдөй киши менен Чаки элүү башы да келип калды. Үч уруу үч жерге топтолду. Кашкарбай, Чаки ээрчишип Ийгиликке келип: — Канткенде бийимдин өчүн алып, намысын колго тийгизебиз! — дешти.

Ийгилик ээринин кашын камчы сабы менен бир аз каккылады. Анан Албанды имериле карап койду да: — алды менен бийдинөзүнө барып кеңешкиле. Эмне иштеп бергиле дейт экен, ошонусун уккула. «Жабыла барып Алмабектин айлын чаап бергиле» десе мунусун айтсын. «үч уруктун» союл согууга жараган эр бүлөсүнүн төрт көзү бул жерде түгөл турат:

«Төрүнө союп бээсин, Чыгара чаап мээсин. Менменсиген шайтандын, Ошентип чыгаралы кээсин»

— дегендей иш кылалы.

«Алмабектин өзүн өлтүрүп, башын кесип келгиле» дей турган болсо, анысын айтсын. Андай ишке Албан өзү эле жарайт. Он, он беш жигит менен түн жамынып барып,

ойронун отуна жагып келе калат. Барып өзү менен кеңешип келгиле. Өз бетибизче иштегенибиз бийдин оюндагыдай болбой калса, каарына калабыз...

Ийгилик ошондой деди. Кашкарбай менен Чаки ээрчише бастырышты. Аттарын алысыраак калтырып бийден окчунураак отурган Сабит менен Бекиштин жанына барып кеңеш курушту. Ошол учурда, бийге Алмабектин кордугунан да, ар жакта табалагансып атчан жанаша турган Ийгилик менен Албанга катуу ыза болду. Тигилер өздөрүнчө бир пикирге келе албай, же бийдин өзүнөн барып кеңеш суроого батына

www.bizdin.kg

албай ыргылжың болуп турганда, атын кара булоо кылып койгулаган бирөө келди. Ал Алмабектин элчиси экен.

— Алмабек баатырыңыз аяна турган жерим калган жок. «Ыштаны булганган колун аябайт». Булгандым. Биротоло булганам. Солдатка жиберип жат жерде, жат элге кырдыргандан көрө, Качы бийге кырдырам. Колун курап эртең түштө «Чыр-Дөбөдө» болсун. Белги кылып мынабу камчыны алдына таштай келгин деди. Мына, аманатын жеткирдим,— деп камчыны ыргытып кайта тартты.

— Кармагыла. Ир алды менен ушунусун кудай жолуна курман чала туралы,— деп мында тургандардын бири качырып сала берди.

— Элчиге өлүм жок. Бейбаштыгыңарды койгула. Кете берсин,— деп карылардын бири ордунан тура калды.

«Бийди байлап баратат» деген кабар эски болуш Садыр элине да жетиптир. Садырдын эски бел оорусу кармап төшөктө экен. Жыйырма, отуздай киши менен Шадман аке келди. Жолдошторун обочо калтырып өзү түз эле бийдин жанына барып түштү.— «Кара беттин бир кылганы жеткендир» дегендей, бир кылганың өз башыңа жеткендир. «Таба эмес, тобо». Эрге сыпайгерчилик, эчтеме эмес, аман калгандыгыңа тобо кыл. Эсептеше жүрөсүң,— деп бийге көңүл айтты.

Кашкарбай менен Чакиден кабар болбоду. Акыйып тура берип Ийгиликтин атынын бели да талыды. Ары карай бастырды. «Жамгырчылар» артынан жабыла жөнөдү. Аны көргөндө «Ийгиликтин ою бузулду» дегенди ойлоду, Сыйда сары,— «Жамгырчы» уулу тарап кете турган болду, токтото турайын» — деген ой менен Чаки элүү башы атына мине салып артынан чапты. Дуу коюп анысынын артынан мүлдө «Алике» бүт жөнөдү. «Алике» синен да ажырадык. Соксоюп «Олжобайлар» гана кала турган болду,— деди купуя, сабыры суз отурган Сары.

Бий да чочулабай койгон жок. «Жамгырчы», «Алике» ошондон ары тарап кетсе, Алмабекке жалаң «Олжобай» туруштук бере албай тургандыгын ойлоп санаасы бөлүндү боло баштады. Бирок беркилерге тап билгизбей дулуюп отура берди. Чаки узакка чейин жоголду. Артышан кеткен «Алике» элинин да карааны үзүлдү.

Ийгилик элин ээрчитип кетпептир. Баткалышка барып ат чалдырып турушкан экен. «Алыкелер» да аттарын коё берип өздөрүнчө жатып калды. Чаки элүү башы чапкылап кайта барды да, үн жок, сөз жок отуруп калды. Бий да, Сабит да, Сары да «тигилерди тил алдыра албай супсуну сууп келип отурду» деген ойдо болду. Ошол учурда гана бийдин оозунан «баягы Мантегиңер көрүнбөйтко? Эмне, өлүп калганбы?» деген сөз чыкты. Эч ким жооп айтпады. Бул жерден башталган күбүршыбыр ар жакта жүргөн атчандарды да аралап кетти.

Мантек бышыксынып чедиреңдеген эркулдардын бири эмеспи, жакада калган салыгың алдырып, тоого каттырыш үчүн кечээ күнү ойго кеткен. Бүгүнкү кырдаалдан «абарсыз, кабар укса карап жата албайт эле. Эмнеси болсо да, анын азыр бул жерде болбой калышын бий (көкүрөгүнө түйүп койду. Чепкенин желбөгей жамынып кабак издеп кеткен Шадман аке кайта бийдин жанына келди. Майдараак орус кыштактарынын калкы чоңураак кыштактарына сыйлыгышып, курол жыйнап, бекинип жаткандыгын, көкүрөккөчүк, күнгөй тескейдеги элдин бардыгы туштушундагы кыштактарга бүгүн болбосо, эртең чабуулга өтүүгө белен болуп калгандыгын айта отурду. Сөзүнүн акырын:

— Кана, бийим, отура беребизби?—деген сөз менен бүтүрдү.

Бий ойлонуп-толтонду. Күңүрөнө отуруп үн чыгарды.—«Куу алган кушта эмне сын» дөгендей, азыр Менде эмне сага, эмне сөз. Эмне иштеп, эмне коюуну тиги букара болсо да Ийгилик менен акылдашып көргүлө. «Ат тарткыла. Мен жете берейин»— деди.

Алмабек менен же ары, же бери болтуча пайдалана турайын деген ой менен, ишти Ийгиликке шилеп койгондугун Шадман аке толук түшүндү. Кашкарбай, Чакини алып Ийгиликке барды. Албан атын алып кармап отурду. Эсендешкенден кийин:— Албан балам, агаңа түтпөпсүң го! Алмабектин жигиттерин ителги тийген таандай таткалапсың. Азаматтын ак «өңүл, кечиримдүү болгону жакшы. Кара мүртөздүк бийдин өз башы менен кетсин. Анын сыры башкаларга билбейм, ма белгилүү. Жүрөгу гана эмес, жумурунун башында эмне жатканын да билем,— деп, бир кыйла сөздөрдү айтты.— Өзүбүзчө ээн сүйлөшөлү,— деп Ийгилик менен четтеп чыжты. Абалды ары талкуулашты, бери талкуулашты.— Алмабекке экөөбүз баралы. Эки тарапты кырылыштыруу акмактыктан башка эчтемеге жатпай тургандыгын айтып тыялы,— деди Шадман аке.

Ийгилик:— Келбегиле, салгылашпайлы деп Алмабектин алдына барыш корккондукка, кол куушуруп баргандыкка жатар. Эр болсо келсин, даярбыз деген чакырык сөздү айттырып элчи жибериш керек. Барган киши өзүнүн камчысын ала барып алдына таштап «ойгону жөн. Эки таралтын колун бетме-бет коюп, анан калыс адамдар ортого түшүп бүтүм кылса, бир тараптын намысы бирине кетпейт. Иш машагына тез минет,— деген мааниде сүйлөдү. Шадмлн аке макул болду. Ошентип бүгүнчө тарашты.

## V

Берметтин үйүн үч көтөргөн кыз-келиндер шапар тээп шарактап, дүйне капар оюнтамашанын үстүндө эле. Түшкө жакын аиыларасы уучуу түшүү, чаңдыбосту болду да калды. .

— Аттангыл.а эле, аттангыла!

— Жүргүлө эле, жүргүлө!

www.bizdin.kg

— Тез эле, тез!

— Болгула эле, болгула!

Союл согууга жараган эр бүлөдөн бирөө да калган жок. Тигил айылдагылар, үстүнкү, төмөнкү, жогорку жака аркы айылдагылар да кары дебей, жаш дебей арыдан бери аттарын токуй салып жапырт аттанды. Бирлен союлду чаттарына кыпчып урдуран бойдон жаканы карай жабыла жөнөштү. Чаң ызгыды. Иттер алжаны калбай абалады. Өрүштө жаткан мал үркүп, өйдөтөмөн удургуду. Алаканын шак коюп аялдар кокуй алатты копшонушту. Майдл балдар чырылдап чыркырады. Айыл арасын каптап кеткен дүрбөлөңдүү дүбүрткө аралашкан ызычуу Берметтин үйүндөгү бейкуттукту да бузду. Кыз-келиндер элеңдеп эшиктен чыгып эки жакты карашты...

Айланага алаякарап, аңтаң болуп жарданып турган кыз-келиндерди карай бир бала чимириктей чимирилип келе жатты. Штан сөрөйүнүн багалек болмушун санына чытара түрүп койгон. Жылаң бут, жылаң >баш. Чалдыбары чыккан көйнөк сөрөйүнөн башка үстүндө үйрүп салар эчтеме жок. Араң турган Келин-кыздардын бири «баягы жетимче экен» дей калды.

— Ооба, ошол жетимче эжен,— дешти ар кимиси. Үн жетержетпес аралыкка келтенде:—^о, эмне болуп

кетти? Эмне болуп жатат?—деп жалпы чуркурады. Бала үнүн чыгара албай колун гана жаңсап коюуга жарады. Энтеңдеп келди да:

— Байлап кетиптир! —деди.

— Кимди байлап кетиптир?—дешип Келин-кыздар баланы демитишти.

— Бий атамды, болуш абамды, старчын акемди...

— Оозуңа кара таш, кан куркур! Калп айтасың,— деди чочуп кеткендер. Жетимче эчтеме айта 1албай жер тиктеди. Келин-кыздар ооздорун ачып томсоро түштү.

— Кайдагы эмелер экен? Кайда байлап кетиптир?— деп келиндердин бири жетимчени колдон алды.

— Алмабектин жигиттери байлап кетиптир...

— Алар эмне үчүн байлап кетишиптир?

— Кыязы өлтүргөнү жүрүшсө керек...

— Ок, кара оозуңа кан толгур,— деп чочуп кеткен келин жетимчени муштап жиберди.

Тезирээк кабар жеткирип жакшы көрүнүш үчүн тызылдаган бойдон жете желген жетимче бир муштум жеп деми сууду. Келиндер Алмабегин баш кылып, анын элин, катын, бала, карыжашына чейин мүлдө каргап-шилей берүүгө өтүштү. Ошол учурда Алмабек элинен кимиси болсо анысы болсун, мадесе өлө-сөлү кемпир, чалдардын бирөө колдоруна тийсе тытып жиберүүдөн кайта тартышпайт эле. Ар бири өзүнчө эстүүсүндү. Тилин тишине кайрап ызырынгандары да, намысына чыдабай мурдунун суусун булкуп алып, силкип ыргытып жүргөндөр да көп болду. Ошентип Келин-кыздары да, кимиси өз уруу сунун намысына канчалык экеңдигин көрсөтүүгө далбаса кылууда болду...

Бермет кыз-келиндерден бөлүнүп өзүнчө обочо барды да, көчүгүн жерге коюп, эки тизесин кучактап отуруп ыйлады. Башкаларча алаканын шак «ойбостон, чыркырап чыңырбастан өпкөөпкөсүнө батпай жөн эле солуктап шолоктоду. Көз жашын нөшөрлөтө төктү.

Ал эмне үчүн ыйлады? Же ал жерде жүргөндөрдүн бардыгы бирдей ыйлагаңда анчейин шардаанг/а кошулуп ыйлап отурабы? Бийди Алмабек өлтүртүп койсо, же ызаакордук көрсөтсө, аны Берметтин аяп ыйлай турган эмнеси бар? Кайта табасы «анып каткыра күлбөйбү? Өткөн өчү, кежен кеги бар эмеспи? Же болбосо күйөөсү Сабит болушту аяп ошенттиби? Аны аяй турган кандай жөнү бар? Албандан ажыратты. Зордоп келип аялдыгкка алды.

Неси болсо да Бермет а күнү куру жүргөн жок, ыйлап жүрдү. «Бийди, Сабитти Алмабек өлтүртүп койсо, Албанга кошулууга жол бошоп калар эле. Бирок, мурдагыдай боло албайбыз го, суук селки болуп калбадыкпы» деген ой уламдан улам анын санаасын ала качып турду.

Бир сыйра алекчелөк түшүп ыйлап алгандан кийин «Олжобай» уруусунун аялдарынын жели чыгып, бир аз жеңилденип калышты. Ар бир айылдын аялдары өздөрүнчө чогулуп абалды талкуулооro бет алды. Жаңы кабар күтүп жака тарантан көз алышкан жок. Ошол учурда Сабит болуштун байбиче аялы Ну,руш, салабаттуу бир жемпирди ээрчитип үйүнөн чыкты. Берметтин өргөөсүн курчап жүргөн Келин-кыздарды карай бет ала басты. Аларды көргөндө Берметтин жүрөгү «шуу» дей түштү.

Болпоке «Олжобайлыктардын» жогорку айлындагы бирөөнүн келмпири. Ошо жашка келгиче бир жолу да согончогу канабаптыр. Кара жанын барбайлап, кийимди да дурустап «ийген кыйла салмактуу, оор басырык, салабаттуу байбиче. Мындагылар аны «көзү ачык апа» дешет. Абыщкасын өзү билип, өзү туят имиш. Болпоке күзгүнү бетине карм.ап кимдин змне болорун «айтып» бергендигинен улам «көзү ачык» атка конуптур. «Оту күйүшпөгөн» аял, эркегкти ырайлаштырып бирин-бирине ысык көрсөтөт. «Ашык» кылып коюуга да жарайт. Биринебири ашык болуп жүргөндөрдүн арасын ачып, суук көрсөтуп коюуну да билет. Аялын чанып жүргөн эркектин башын аялына тегеретип да бере коёт» дешет.— Оорукчан болуп кеттим, көзүмө ар түрдүү эмел?р көрүнөт. Ээлүү дартка чалдыккан окшойм, дем салдырам, дубалатам,— деп Сабиттин улуу аялы Нуруш мындан үч күн мурда үйүнө алдырткан экен. Ооб>а, аны дартка чалдыктыргандар Бермет менен болуш. Болуштун башын өзүнө тегереттирип коюш үчүн «апаны» алдырып келди. «Каңран жигит лпжип болуп калар бекен» деген сөз ошо күнү эле айыл ичин аралап кеткен.

www.bizdin.kg

Нуруш менен «көзү лчык» апа тигине, Берметке жакындап калды. Жакындаган сайын Нуруштун жүрөгү опколжуп алып учту, бүт денесин желпинтти, титиреңдетти, итиреңдетти. Кубартыпкумсартты. Тишин кыгчыратың тиштентти. Эки тизесин кучактап баш көтөрбөй ыйлап отурган Берметти барып чачтан алып сүйрөп тургузду..

— Карл жолтой какмаар, сетер, салбар. Өлүк тиригиңди көрөйүн, кулдун кызы. Тирүүлөй чайнап жутуп жиберейин. Сербейген каракчыны, —деп оозуна ак ит кирип, кара ит чыкты. Жулмалай берди.— Кара жолтой бети жоктун бетин тилип таштайын, бетин,—деп бетине жармашты. Атайы ала келген макиси бар экен, чөнтөгүн сыйпалады. Бермет жалтанып жалтайлаган жок, боюн сулк таштап, эркине койду. Нуруш колу жеткен жерин аткыды, тиши жеткен жерин тиштеди. Арачалап арага кыпчылган кыз-келиндерден да аянган жок. Ар кимдерине алкынып-жулкуна берип акыры өзү да оң таппай калды, шайы кетип башы тегеренди, келигеси кежеңдеп тырыша түштү да, шалак этип жыгылып, диртилдеп жатып калды. Бетине муздак суу бүркүштү. Колу, бутун ушаллшты. «Үйгө киргизели дешти эле, жок, эс алса эле бүлүк чыгарат, ушунчасында өзүнүн үйүнө жеткирип тыналы» деп беш, алты келин колдон, буттан алып үйүн көздөй жөнөштү. Кийимдери тытылып, чачы жулмлланган Бермет үрпөйүп үйүнө кирди. Келин-кыздар «көзу-ачык» апаны шынаардашты. Ал ынтыга отуруп ж^айбаракат сөзгө кириштн.

Сүйлөгөн сөздөрүнө караганда кейпи, Нурушту «көзү ачык» апа көкүтүп өзү алып келген көрүнөт.

— «Келиндин аягынан, койчунун таягынан» болот. Бу Бермет келиндин аягы ак жолтой боло алган жок.

Тууган арасын да бузду. Албанды азгырып жүрүп, аны агайынтуугандан бездирди. Ат жалын тартып минүүгө жарагандан бери эч бир жандан суук сөз укпаган, эч кнм баш көтөрүп өйдө карай албаган Качы бийге Алмабектин жигиттеринин колу тийиши да бекер эмес. Арты эле кайырдуу болсун. Бермет гана эмес, кавхар болуп кетсе да кара жолтой болуп калды,— деген сөздөрдү айтты. Мындай сөздөрдү башка бирөөлөр айтса ар бири ар кандай түшүнүшү да мүмкүн эле. «Көзү ачык» апа өз оозу менен айтып отургандан кийин ынанбай коё алуучубу, бардыгы бирдей шыпшыныштн. Көңүлдөрү сууй түштү. Ошентип, (айланасында жүргөн Келин-кыздардын жүрөктөрүнө суук так салып койду аа:—эмесе мен кетейин. Нуруш балам арууркап калды көрүнөт. Барып эмдеп-домдоп эсине келтирейин,— деп ордуна« обдулду. Уйча оонап, эки колу менен жер таянганда эки келин эки колтугунан жөлөп тургузду.

«Көзү ачык» апа ;эч ким жок ээн жерде өз этин анчалык деле оордобойт. Кишилердин «өзүнчө ошентип салмактанып пейил күтүп калат. Колтуктан жөлөгөн эки келин кошо кетти. Ошол учурда жака тараптан атын бездирип келашан киши Камка апанын үйүнө келип токтоду. Демигип калган атын ойдолото бастырып, бирдемелерди баяндады. Жабыла карап турган кызкелиндердин санаасы саңга бөлүнүп, демдерин ичине тартып демикти. «Жакшы кабар менен келген жакшы киши болгой эле» дешип абыгер чөгишти. Үйүнүн артында жалгыз отурган Камка апа атын ойдолотуп турган кишинин кабарын ордунан козгрлбой угушуна карлганда, калпагын капшыра кийип, атын ойдолотуп турган киши жакшы кабар менен келген, жакшы киши болууга тийиш дегенди ойлонушту. Тиги киши өйдөкү айылды көздөй чабагандашына караганда: «ай, жаман кабар менен келген жаман шүмшүктөрдүн бири го» деген пикирди карай ооп калышты. Баягы жетимче да Камка апанын үйүнө кайта барып калган. Тиги киши жогорку айылды көздөй жөнөгөндө жетимче кыз-келиндерди көздөй безелене жүгүрдү «Байкуш жетимче кабар айтууга келатат» дешти.

Камка апа менен Берметтин өргөөсүнүн аралыгы жарым чакырымдай бар. Жетимче андасанда алаканы менен санын камчылап безген бойдон катуу келатат. Үнү жетержетпес аралыкка келгенде эле — сүйүнчү эле, сүйүнчү!— деп кыйкырды.

— А байкуш жетимче. Жакшы кабар менен келат1кан экен,— дешип жарданышты. Жетимче алаканы менен санын дагы катуу камчылаңып койду да,—ажыратып калыптыр!— деп чукул кирип келди.

— Кимдер ажыратып калыптыр?

— Бул жактан оаргандарбы?—деп жамырата кыйкырышты.:

— Жж, бул жактан баргандар жетпей калышыптыр. ;— Анан кимдер ажырлтып калыптыр?

— Бермет жеңемдин атасы Ийгилик куда менен, Албан абам ажыратып калыптыр!

— Оозуңа май, кагылайын жетимче!— деп бүк түшүп мүнакүрөп жаткан Бермет ыргып турду. — Бери жакын келип жакшылап айтчы? Жетимчени езүнө жакындатты. Маңдайынан сылады. Ары чуркап келатып күйүгүп, ары жакшы кабар менен келатышына сүйүнүп, анын үстүнө Берметтин уба карап айткан жылуу сөзүнө эрий түшкөн жетимче мурдун шор тартып аптыга калды. Чачы үрпөйүп, үстү-башы тытылып турган Бермет:— айта бер, садага болоюн жетимчем, сөзүң жакшы экен!—деп муңая карады. Бирде аптыгып, бирде кекечтене калып, колун жаңсап жогорку айылга чапкан бойдон кеткен кишиден угуп калган кабарды төкпөйчачпай баян кылды.

— Жеңемдин атасы Ийгилик куда менен, Албан абам анча жетип ажыратпаганда Алмабек капыр өөлтүрүп коймок экен. А Албан абам кууп жетип Алмабектин жигиттерин жыга, жыга чааптыр.—Колун жаңдап,— жөн элеби, чапканда эле, аттарынан учуп түшө беришиптир.

Бермет жетимчени:—тамак ич. Сүйүнчүңө эртең .көйнөк, штан тиктирип бөрем,— деп үйүнө кирди. Кийим селбип кийип, чачы башын тарап иретке келтирди.

Тышта жүргөн келиндердин бири:—О кудай. Мына, келип калышты,— деген кабарды айтты. Дуу коюп бардыгы жарыша тышты карай жүгүрдү.

www.bizdin.kg

# VI

Эки тараптын калкында түн бою тыным болбоду. Уйку бетин көрбөй убайым тартып чабалакташып— намыс, намыс—дешет. Солдаттыкка баруу же барбай каршы көтөрүлүү жөнүндөгү бардык ой эстен чыгып калды. Көз жумуп кирпик ирмегендердин көз алдына эртең Алмабек эли менен боло турган кызыл кыргын, сары сүргүндүн, кара комок болуп аттардын аягында тепселип жаткан өлүктөрдүн, башы айрылып, кабыргасы канга боёлуп жан талашып жүргөндөрдүн элеси келет.— Пай, пай! Кандай заман, кандай күн болуп кетер экен!— дешип күңгүрөнүшөт, улутунушат, үшкүрүшөт. Айрымдары кеженип тиштерин кычыратат. Азаптуу түндүн агарган таңына араң жетишти. Эки тараптын эр бүлөөү бүгүнкү майданга жапырт аттанды.

Алмабактин калкылдаган калың колу шашке ченде «Чыр-Дөбөнүн» күн батыш тарабын кара таандай каптап калды. Шарактаган шайдоот, белсенген берендеринин бир тобун ээрчитип Алмабек «Чыр-Дөбөнүн» орой чокусуна бастырып чыкты. Тиэгинди жыя кармап, Качы тараптын колун карай көз жүгурттү, алар даяр турганын байкады:

Өңчөй найзакерлер ири алдыга эки катар тизилиптир. Найзаларынын учуна күн нуру чагылышып жарк-журк этет. Алардан кийин жалаң каакактуулар үч катар тизилиптир, ар бир каскактын учунда кол токмоктой колтойгон түпөктөр жүрөт. Алардын артында союл, чокморлорун сороктотуп л^үргөндөр бытбырдай кайнайт. Жарданып турган колдун эки башында эки топ мылтыкчандар жүрөт. Жекеге чыгуучу баатыры да белен көрүндү. Кызыл жоолук менен башын бууп, каракер атын каргытып эң алдыда бирөө турат. «Албан деген кечеки баатыр жигит ошо болуш керек» деп Алмабек аньь сынан катуу зааркандыы.

Үч киши ээрчитип Ийгилик калың колдон бөлүнүп чыкты. Алар баягы Мантек, Кашкарбай, Чаки элүү башылар экен. Булар туура тушту бөгөп жаткан Садыр элинин колун карай бастырды. Үч киши ээрчитип ал тараптан Шадман аке тигилерди тозоottоп бастыра келди. Саламдаша сүйлөшүп Алмабекти бет ала жүрүп калышты. Аларды көргөндөн кийин үч кишисин жанына калтырып, Алмабек башка кишилерин кетирип жиберди. Үч тараптан келип баш кошкондор салам да айтышкан жок, эсендик да сурашпады.

Ийгилик атынан түшүп чылбырьш жолдошторунуң

— Акыры алыска созулуп кете турган кепти айтыш отурасың го, Алмабегим,— деп Шадман аке башын чайкап, сакалын сылады.

— Качыдан кутулсак эле бардык чатак бүтөт. Андаш кийин мени тирүүлөй жесеңер да туруп берем.

Ийгилик жөтөлүмүш болуп үнүн жасады. Тигил экөө анын оозун тиктей калды.

— Алмабек баатыр, чологураак ойлоп жатат окшобойсуңбу? —деди.

Алмабек териге түштү.

— Кана эмесе, сен узун оюңду айтчы?

— Качы бий сен колду болуп өлсө, чатак дагы кабылдап кетет. «Хандын ханы, каранын төрөөү», чоң уруунун тукуму Качы бийди өлтүрүп коюптур дешет, башка элдин болуш, бийлери. Желколтук болуп желигип араң турган элди барыдан мурда сени карай тукурат. Күңгөй, тескей деги алты болуш элге Алмабек эли жалгыз туруштук бере алар бекен? Ойронуң ошондо чыгып отуңа жагылбайбы? Чамындыдай чабылбайсыңбы? Талап кетпейби? Аңги намыска абдан уугуп бүткөн турбайсыңбы? Арты, кийиңди байкасаң боло! Эрдигиң бар, эсиң жок кокуй...—деп Ийгилик чаңыра сүйлөп камчы менен жерди бир чапты. Ошондо Алмабектин башы калжаңдай түштү.

— Береги Ийгилик кулду кудай ура турган болгон белем. Жер сабашына караганда эч кимди көзүнө илбей турган болуп калган бейм?—деп Шадман акеге моюн бурду.

Курулай «кул» демиш болгон менен Алмабек туура айтылган сөздү туура түшүндү. Тек жагын териштире келгенде өзү деле букарага кошулат. Анын Ийгиликтен артыкчылыгы — майда уруулардын бир канчасынын башын кошуп Качы бийге каршы көп жылдан бери кармашып келаткандыгы. «Бөрү алгандын тукуму, тирүүлөбөй түлкү алат» дешип ички, тышкылар качы бийди колдошот. Канчалык калыс дегенибиз менен Шадман аке деле ошондой ойдо. Тектүү уруудан чыккан киши дел: уезд да Качы бийге жан тартат. Башка болуштардагы эл бийлегендер да Качы бий менен эсептешет. «Өзүнө чак келбей турган тонду кийгиси келет» деп Алмабекти кемсинтишет. Эгерде Шадман аке макул болуп Алмабек тарапка өтүп берсе, Качы бийдиң сызга отуруп калары көрүнө туртая нш. Бирок Алмабек эрегишкен бойдон Качы бийди өлтүрүп койсо, башка болуштардын эл бийлегендери баш кошо калып Алмабек элин кандуу булоон түшүрүп талар кетери да чындык. Ошондон улам Ийгиликтин сөзүнө Алмабек муюша түшүп отурат.

Булар жүйө айтышып олтурганда эки тараптын жекемежекеге чььга турган баатырлары белен болуп калды. Качы тараптан жекеге чыгууга Албан даяр турса да, аны калтырып Каракулдун чыгышын жөндүү табышты. Анткени, биринчиден Албанды жашсынтышты, экинчиден — мерт болуп калбасьш деп .аяшты. «Опко байлаган кара өгүз» эмне болсо да кул болсун. Өлсө да кул өлсүн де:ген ой менен:— жашың улуу змеспи, жол сеники. Албанга барып жол сура,— деп анын колтугуна суу бүркүшту. Токмок жалдуу тору айгыр минип жүргөн Экен, каокаггын кармай барып:—жашым улуу, жол меники,— деди.

— Бары бир эмеспи, Каракул аба. Сиз кайсы, мен ксаисы?— деп Албан кынжылды.

— Жашы улуу. Жол Каракулдуку,— дешип бир топ жигит Албанды артты.карай жетелеп кетти. Бир топ житит арыдан бери Каракулду камдапчамдап жибериштн. Каокак ашрип кетпегидей кылып

www.bizdin.kg

көкүрөгүнө, далысына булпагы тердиктин теминөөрүн таңышты. Аткарып, касжакты колуна карматканда эле, Каракул тору айгырды санга бир салып чу койду. Койайга карабастан ,айгырын атырылтып майданга чыга келди. Аны көрүп аркы тараптын баатыры атына мамчы басып, капкагын сундура кармап тосо чыкты. Ошондо:—кара тумшуктар, эй, жара тумшук бейбаштар!— деп Шадман аке ыргып турду. Атына чапачупа мине салып, Качы тараптан Мантекти, Алмабек тараптан ал жерде туртан бирөөң ээрчите жөнөдү.— Койгула эле, койгула! Кайра тарт эле, кайра тарт!— деп кыйкырды. Тике качырышып калган эр кулдар угуучубу. Тоң моюндук кылып Каракул жаздым сайды. Алмабек тараптын баатыры карс эттире келип койгондо капкагы корс этип, белинен үзүлүп кетти. Аттарынын башын тарта албай экөө эки тарапка өтө качты. Кайрылып кагышкыча Шадман экөөнүн арасына түшө калды. Кошо баргандар эки баатырды чылбырдан .альш эки тарапты карай коштой жөнөдү.

Карагайдын таңындагы калың айыл элүү башы Мантекке караштуу. Эртеден бери кыдырып кымыз ичкен эр бүлө түш ченде үйлөрүнө тарап уйкуга кириштн. Кымызга ныксыраган эр кулдар шондон бери, күн бешим болуп калса да аяк серпише элек. Баятадан бери ооналактап жаткан Мантек элүү башы гана азыр тура келип чепкенин желбегей жамынды. Кепичин бутуна коңултак салып тышка чыкты. Майпая басып айылдын четиндеги дөңсөөгө барып отурду. Аны көргөн аялдар:— элүү башы аке жалгыз отуруп калды,— дешип күйөөлөрүн ойготушту. Уйкудан турпандар көздөрун ушалап элүү башынын жанына барышты. Чаначын көтөрө келген жигит сыр аякка кымызды куя берди. Шымаланган бирөө сакалдуулата аякты сунуп турду. Уйкудан жаңы турган эмелердин тогуз каттары кургап калган болсо керек, колдоруна аяк кандай жетсе, ошоидой шып тартып дароо бошотуп жатты. Аяк бир сыйра кыдырып чыккан кезде Мантек элүү башы курулай жөтөлүмүш болуп үнүн жасады. Отургандар астыртан анын оозуна көз жамыратты. Айлындагыларды кемсинтип кекетемокото, жемелепжекире сүйлөй тургон анын өзунө таандык адаты бар — ата көйү, жамандар,— деп сөз баштады:

— Башка айылдын бары «үлүш» берди. Опурупжапырьт этин жеп, кымызын ичтиңер. Силер качан «үлүш» бересиңер? Же бербейсинерби? — деп манталаңдады. Эриш, аркагы жок узун сабак сөздөрдү айтты. Карыя адамдар отурган жерде жашы кичүүлөр сөзгө сөз уласа, өз бетинче сөзгө катышса, адепсиздик катарында карашат. Сөздү да, ашты да адегенде карыялар башташ керек. Жаштар тим отурду. Карыялар түйшөлүп бирин бири карашты. Кымыз сунулган сыр аякты биринчи алган карыя сакалын сылап башын шылкыйтты. Анан бир колун санына таяна отурупүн чыгарды.

— Элүү башыбыз жөщдуү кептерди айтты,— деп адегенде Мантектин көңүлүн алып, анан жараткан кудай өзү билбесе эч ким билбейт, замандын түрү бузулуп алды. «Энемдин ашы, согум.дун башы» деп, эл кедейинин бири кышында жалгыз торпогун өлгөн энесине атап союп өлгөн энесинин да, айылапасынын да көңүлүн алган имиш. Анын сыңарындай бир чети «түлөө» өткөрүп жерсуу тайыганыңар болуп «алсын. Бир четн «үлүшүңөр» болуп калсын — бергениңер жакшы болор. Бирок бий, болуш, старчыныңар Алмабектен таяк жеп үйлөрүнөн чыга албай турганда, «үлүш» берсеңер алардын кырсыгына калып жүрбөгүлө? «Бай менен байбиче уруш та болсо, кул меңен күң куймакта» болгондой иш болуп жүрбөеүн, аны да эсиңерге салып коёюн. Ойлонуп көртүлө!— деди айыл аксакалы.

— Иштин ал жагын тата, өзүмө койгула. Өзүм эле опурупжапырып коёмун,— деп Мантек мактана кетти. Бейшемби күнү бул өрөөндөгү калкты бүт чакырып «үлүш» берүүнү макул көрүштү. Бээ байлаган ар бир үй кымыз кордоп, бирден кочкор, же токтогон ириктен сойсун дешти. Ошо күндөн бери кымыздарын кордоп, мына бүгүн айланадагы айылдардын калкын «үлүш» тамагына чакырышты. Устукан ороп кете турган дасмалдарын белине курчап бирден балдарын учкаштырып ар кайсы айылдын адамдары убапчубап келе берди.

— Кымызын шыпкап ичели. Этин калтырбай жеп уятка калтыралы,— дешип ичерман, жээрмандарын атайылап ала келишти. «Кызыганды кымыз чыгарат». Кымызта кызып алакүү болгон кезде солдатка баруу, же бузук чыгарып барбай коюу жөнүндө ала жаздан бери айтылыш келген баягы сөздөргө дагы өтүштү.

— Колго курал берсе, өз мылтыгы менен өзүн кайта атса болор эле,— дей калды баатырсына отургандардын бири.

— Жинди болуп кетиппи, кыргыздын колуна курал берип. Салдатпалдаты жок эле окоп каздырат имиш,— деген сөздү айтып экинчи бирөө билермансынды.

— Окоп каздырып эле кайдан жөн койсун. Согуштун эң алдына айдап киргизе турган көрүнөт,— деп үчүнчүсү эстүүсүндү.

— Ошентиши да этимал. Аяп коёт беле,— деген сөздү ар кимиси айтып баштарын ийкешти.

— Жок. Салдатпалдат, окоп-покопу жок эле, бер жактан сокого кошуп эгин айдата турган көрүнөт. Мен ошондой уктум,— деп уккан сөзүн айтып дагы бирөө, айтыла элек сөздүн башын чыгарды.

— Кишиге соко суйрөтүп аштык айдай турган абалга жетсе, анда падышабыз такыр эле итке минип, биротоло мүңкүреп калган го?—делген сөздөр бир кыйлага чейин сүрсүр болууга жарады.

— Иштеп бере элек ишибиз соко сүйрөп берүү болуп калган экен да?!

— Согушта жүргөндөрүнүн катынбалдарынын аштыгын айдап, сугатын сугарып, орогун оруп көк шилте болуп жүргөнүбүз аздык кылган экен да?!

— Күндө төлөп жаткан ыгымчыгым бизди соко сүйрөөдөн, окоң казуудан арачалап калбайт экен го?!

Уудуу бир аз сээлдей түшкөн учурду пайдаланып төрдө отурган жанагы аксакал адам,— ээй, нени айтасыңар!—дей калды: «Таш менен Жапалакты урса да Жапалак өлөт, Жапалак менен ташты урса да

Жапалак өлөт». Кара букара Жапалак болбодубу? Эмне өйдөчүлүгү калды! Айдаган жагына барсаң да өлдүң. Барбай баш тартып бузукташсаң да өлдүң. Бул калаба деле бейбечара букаранын шору. Байга балаа жок. Жардынын уулун жалдап жиберсе да өз балдарын аман алып калат,— деди. Күүлдөп отургандардын ындыны өчө калды. Баштарын чайкап шыпшыныштыш. Жер тиктеп түнөрүштү.

— Эл жакшылары салдат бербөө жагында көрүнөт го!—дей калды тунжурап отургандардын бири.

— Сенин уулуңду аяп ошентип жатышкандыр!— деп анын сөзүн чыйрыгып отургандардын бири кагып жиберди. Какшык сөзгө тиги киши териге түштү:— менин баламды аябаса, элди аябайбы, жакшылар?— деп каяша айтты. Берки киши жаакташууга бет алды.

— Эл жакшылары, ооба, тиги атка минер жемекейлер элди эле качан аяй коюучу эле?

— Элди аяшпаса да, өздөрүн аяшпайбы? Элден ажырап калышарын түшүнүшпөйбү? Алар эл менен жакшы, эл менен жемекей экендигин кантип билишпесин?

— Ээ, жаакташуу менен эмнени бүткөрмөксүңөр? Койгула! Кайда барсаңар да «Мамайдын» көрү. Акөрөкчө бардыгын эстен чыгарып коюп кымызыңарды ичкиле. Тамагыңарды жегиле!— деп жанагы карыя дуудууну басып койду. А дегенче кумганын көтөрө кирип, боз бала кол жуудурду. Дасторкон жайылып табактабак эт келди. Ар кимиси жашына жараша устукан алып кесии жей баштаганда айылдын аяк жагы дүрбөлөң түштү, уучуу көтөрүлдү.

— Жараткан жалгай көрөй! Эмне деген щумдугу болуп кетти!—деп төрде отургак карыя кулак түрдү. Устуканды дасторконго коё салып колун сүртө баштады. Адегиче айылдын орто жериен—кагылайын калайык. Бузукташуу башталып калиптыр,— деген кыйкырык чыкты. Табактардагы тамак, аяктардагы кымыз ордуордуна калды. Кимдиким кердү, бирин-бири жөөлөп тышты карай жөңкүдү. Арыданбери аттарына минипар ким өз айлын карай чапты. Шашылып калгандар учкаштыра келген балдарын да унугуп кетти. «Атакелеп!» бакырып алар да айыл арасын адылдаган аЗанказан чууга бөлөдү...

Айылдагы эр бүлөнүн барыгы шашкалактап аттарын токунду. Найза, каскак, юионбаш, шалк этмелерин колдоруна алып, кылыч сөрөшөрүн байланып аттарына минди.

— «Эр жигит элчетинде, жобетинде».

— «Жаздыкта өлгөн жамая ат, жоодон өлгөң салтанат».

— Кудай бергенжанды куш алат.

— Өлсөк шейит, өлтүрсөк казы,— дешип кайраттанымыш болушту. Элүү башыиы ээрчип жаканы карай жол тартышты. Катын, балдар кан какшап ыйлады. Жапырт жардана ээрчий карап гала берди. Ошо бойдон зыркырапсыздап отура бериига Мал эмне болуп жатат деген ой эч кимдин эсине келсей калды. Бээлер саалбай желиндери ташыды. Музоолср байланбастан энелерин эмип кетти, Каш карарган мезгилде картаң аял барыпжеледеги кулундарды агытып жиб^ерди. Анын көргөндөн кийин гана башкалар да ошентшли. Аялдар да, балдар да үйлөрүнө кирүүдөн айбыкты. Өз үйлөрүнүн ичи өздөрүнө суук көрүндү. Үйгө кирсе элетыштан бирөө келип, эшигин сыртынан баса калып кайта чыгарбай коюучудай жазганышты. Ыйлаганы ыйлап, нйлай берүүдөн чарчагандары жөн эле мүңкүрөп үйлөрүнө жөлөнө отуруп калды.

Жаканы карай жан жабьма кеткен эр бүлө дүрбөпдарбап эл жата кайта келди.Киши сыяктанып сөз каткан эч ким жок, бардыгы тиден да, сөздөн да ажырап калды. Жылт эттирип үйүнө ог тамызган эч ким болбоду, кийим чечпестен бүк түштү. Кыскасы, калктын калың катмарына «карантүн»түштү да калды.

Калайыктын кайгыкапасш көтөрө албай кара жер кайышып, онтолоп тургансыйт, оодарылып бараткансыйт, жер жүзүн караңгылык каптап, айлана алай-дүлөй, чагылган чартылдап тургансыйт, тоолор томкорулуп урандыга айланып жаткансыйт, агын суулар ташкындап, топон суу толкуп келаткансыйт, мүрзөлөрдүн тынчы кетип арбактар кепинин сүйрөп жапа тырмак жайылып чыккансыйт, жинпери, дөөпери жана азезил сыяктуулар дүйнөгө кара жалын өрт коюп, от менен ойноп алдас уруп, сайран куруп калгансыйт, асман аңтарасынан түшүп калк думугуп, тумчугуп бараткансыйт. Кыйкыргылары, өкүрүп бакыргылары келет. Бирок үндөрүн чыгара албайт.

Калайык калктын куурдактай куурулушу, зареңгиреп забыркашы өрүштөгү мал, айылда жүргөн иттерге да катуу таасир этти: иттери улупуңшуп оңулдады. Аттары кошкурупбышкырды, делөөрүдү, ичтерин тартып аза күттү.

Көз жашын кылгыртып атандары боздоду. Үйлары мөөрөп, койлору чуркурады. Ошентип өрүштүн да түнкү тынчы кетти. Эркечтери чыйтчыйт чүчкүрөт, жер чарпыйт. Кулактарын серейтип түн бою тикесинеи тик турду. Акыйган бойдон кепшебестен чыкты.

Калайык, кала берсе үй айбандары ошончолук мүңкүрөгөндө, бийдин өтүкчүсүнүн гана көңүлү сергек, санаасы куунак болду. Салдат берүүгө каршы элдин көтөрүлүшүн ал жаздан бери күтүп келаткан. Жооого каршы эрдик көрсөтүүгө, эл көзүнө көрүнүүгө, даңкын чыгарууга ашыгып жүргөн. Бүгүнкү таңдын тезирззк эле атышын күтүп акыйды. Эч канчалык убайым тартпады. Санаасы менен байый берди. Өзүнчө жатып каскактын учун жапырды, калктан мурда жоону карай өзү жалгыз бет алып, бардыгын күлдөй сапырды:

«Көк кашка атын чуратты, Көшүлгүп чаңын буратты. Көзгө илинген душманды, Көрүнгөн жерде сулатты».

Мылтыктын огунан да, замбиректин чогунан да жазганып койбоду. Кылаңкылчаңы жок качырып сала бергенде жоолашкан жоосу анын айбатынан сүрдөдү. Жапырылып жабыла качып дүрбөдү. Анысын ал жерге, мунусун бул жерге жыга сайып жалгыз өзү бардыгын

www.bizdin.kg

Жеке женип чыкты. 5эн калган кыштактан келишкен бйр үйдү ээледи. Кыздарынан тандап жүрүп бирди токолдукка алды жана башка көп олжолуу болду.

Ошентип жата берди. Таң каракчысына аралаша тура келип көк кашка атын отко койду. Табына келтире таң ашырыптыр, жетелеп откоруп чөп чалдырды. Таң куланөөк болгондо кырыпжышып атынын жүнүн тарады. Таң сүрүп, жер жарылганда токулгасын токуду. «Оп бисмилда!» деп үзөңгүгө бутуң салып, «ракманын» айтып атына минди. Үйүнө жөлөп койгон каскагын «я алла!» деп эңип алды да, жаканы карай жалгыз жөнөдү.

«Ниети казат», «Өлсө шейит», «Өлтүрсө казы» деген сөздөрүн айтып эр бүлөнүн бардыгы күн чыга түп көтөрө аттанды. Кымыз, айран, сүзмөлөрүн байлана жүрүштү. Баягы ый, баягы ызычуу, баягы карантүн бардык айылды кайтадан каптады.

## VIII

Таң деле күндөгүсүндөй атты. Күн деле демейдегисиндей чыкты. Август айынын алгачкы күндөрү жаанчачыны жок ачык да болду. Бирок бүгүнда кары дебей, жаш дебей, аял дебей калктын баары улутунуп үшкүрөбышкыра.түндөй түнөрүп кабактарынан кар жаадыра турду.

Албанды ээрчитип Ийгилик башкаларга караганда бир аз кеч аттанды. Жол боюндагы айылга кабылышты. Айылдан бир аз обочороок тигилген жалгыз үйдү аттуу-жөөлүү адамдар курчап калыптыр. Үй ичинен: «Коё бергиле, шилисинен мууздап таштайын»— деп бакылдаган үн чыгат. «Кой эле, кой! Жүрөгүн түшүрөсүң»,—деп чырылдаган аялдын үнү угулат. Тышта тургандарга саламдашып Ийгилик иштин жөнүн сурады.

Нуралы деген балачакалуу, ары жарды, ары момун киши. Тааныш орустарынын малын жай күндөрү жайлоого багып акы алуучу. Каламецев дегендин он алты жашар баласы унаа айдап алыш үчүн эки күн мурда мында келет. Өтүкчү бүгүн эрте аттанганда ошо баланы көздөп аттаныптыр. Нуралынын үйбүлөсүнө ээ бербей адегенде баланын ат турманын тоноптур. Акырында баланын кийимдерин чечинтип алат. Анан бычагын кынынан чыгарып «өлтүрөмүн» деп жулунуп жаткан экен. өтүкчү узун ээк, чап жаак, мурду оңкойгон, көзү үңүрөкөй, майланышкан кара киши. Вала анын бычагынан мурда түрүнөн катуу коркуптур. Нуралы, аны катынбалдары үстүнө үйрүлө түшүп, өтүкчүнү балага жеткирбей каршылашып жатышыптыр.

— Өтүкчү, кеч кутуруп кеткенсиңби, жаш баланын жүрөгүн түшүрөсүң!— деп Нуралы кыйкырат.

— Балага тийбе, кет эле, кет,— деп балдары өтүкчүнү тышты карай турткүлөйт.

— Шилисинен мууздап таштайын,— деп өтүкчү жулунат. Бала Нуралы менен анын аялына корголойт. Калчылдап тишитишине шакылдайт. Кубарып кумсарат. Үстүндө көйнөк, штандан башка эчтеме жок, жылаңаяк, жылаң баш. Коёндой коркуп көзү алаят.

— О, өтүкчү баатыр, бери чык! Баатырдыгыңды балапандай болгон балага көрсөтөсүңбү?— деди Ийгилик. Өтүкчү бычагын кынына катып, тышты карай жылып жөнөдү.

— О, айланайын, Ийгилик! Бу өтүкчү итинди кой дебейсиңби. Баланын жүрөгүн түшүрүп койду,— деп Нуралы кошо чыкты.

Ийгилик алачыктын артына түшүп атын кармап отурду.

— Сен андай баатыр, канкор болуп кетсең, баатырдыгыңды салдат алам деп калкты каран түнгө калтырган уезге көрсөтпөйсүңбү,— деп өтүкчүнү жемеледи.

Ийгиликти көргөндө тааный койду да бала бакырып барып жармаша кетти.

— Коркпо, коркпо!— деп Ийгилик маңдайынан сылады. Баланын кийимдерин өтүкчү кыңырылып туруп араң берди.

— Аты жакшы ат, мен аны казатка минем,— деп оңурайды. Кыялы чатак урганды айыгыштырбайын деген ой менен балага Ийгилик башка ат токуттурду. Аттап, тондоп Албан экөө ээрчитип кетти. Ортоктун тумшугуна келгенде: «Мындан ары кыргыз жок. Коркпостон өзүң кете бер. Түз эле Тимохеге бар. Колумдан келишинче «жылуу булак» мужуктарын сыртынан коргойм. Чабуул койдурбаска аракет кылам. Ээ бербей чабуул коюп баргандар болсо, өз билгениндей тосуп алышсын. Биздин «Үч урук» эли качат. Качып кытай жерине өтөт. Ошентип айтты дегин. Мен эмне дедим? Айтып көрчү? Бала так кайталады.—Түшүнүпсүң. Ошентип айт. Буйдалбастан жөнө,— деди. Араң турган бала тиэгинди жыя кармап шукшурулду. Кош айтышууга,. кылчайып кароого чамасы келген жок. Коркуп калган эргул кудуткан бойдон урдурду да кетти.

Ийгилик менен Албан канта тартты. «Казатка» аттангандардын алды Ак-Жайыктын баткалышына келип удургуп калыптыр. Коломолу колдун арты коктулардан, колоттордон, сайсайдан сапырылып келип жатты. «Үч уруктун» эли үч жерге топтолушту. Ийгилик менен Албан аларга барбады. Өз айлынын жер арыткан, калк карыткан карыяларын ээрчитип үч элүү башы Ийгиликке келди. Адегенде баштарын ийкеп салам айтышты. Тиэгиндерин кекейте тартып кекчее туруп калышты. Камчысын санына таянып Ийгилик ат үстүнөн абалды баяндады.

— Көптөн күткөн көтөрүлүшүңөр башталыптыр. Чүйлүк тынайлар, ооба атаке, сарбагыш куралжарак тартып келаткан солдаттарды Боом капчыгайынан кармап басып алышыптыр. Токмок жана анын айланасындагы кыштактарга чабуул койгон болсо керек. Көл айланасындагы ар бир уруу туштушундагы

www.bizdin.kg

кыштактарды басып алып, анан Каракол шаарына жалпы кол сала турган түрү бар. Кана, чабуулду кандай чабасыңар? Оюңарды айткыла, ойлонушуп көрөлү!..

— Баарыдан мурда ойлонуша турган бир ишиңер бар,— деп буурул сакал карыя камчы сабы менен ак каңкы ээринин кашын каккылады.

— Айтыңыз. Айта коюңуз,—дешти аламан.

— Айта турган болсом. О, бул башка уруунун бардыгы хан көтөрүп алды дейт. О, бу «Үч уруктун калк башкарган ханы ким болот? Чабуулдан мурда хан көтөрүп алгыла. Чабуулду кандай чабууну анан сүйлөшкүлө.

— Ырас айтат, чын айтат. Ийгиликтен башка жарай турган кимиң бар! Опуруп-жарып, Ийгиликти ак кийизге отургузуп, хандыкка көтөрө коёлу — деп, Мантек элүү башы бакылдады. Ал андай сөздү «алыскынын аты озгуча, айылдаштын тайы озсун» деген эсеп боюнча айтты.— Ийгилик!—деген үндөр чыкты. «Алыке» уруусунун карылары да Ийгилик тарапта болду. «Олжобан» уруусунун карылары ыргылжың болуп жер карашты. «Калк башкарган Качы бийибиз, болушубуз, старчыныбыз Алмабектин кордугуна ызаланып үйдө жатса, букарадан чыккан Ийгилик «Үч урукка» хан болсо — «Олжобай» уруусунун аты өчкөн экен, дегенди ойлонушту. Чабуулдан да чабуулга катышып, олжо алуудан да ыкластары кайтты. Кайта барып, кытай жерин бет ала качып кете турууну жөн көрүштү. Сырларын сыртка чыгарууга шылтоо таба албай дүпөйүл болушту. «Алыке», «Жамгырчы» урууларынын карылары Мантектин сөзүн жөнөтө беришти. «Ак кийиз тапкыла! Ийгиликти хандыкка көтөре коёлу!»—дешип энтеңдешти. «Мына, мына келгиле! Ийгилик ак жолтой, адилет болсун. Жолу шыдыр, жолдошу кыдыр болсун!»— деген алкоолор ар тараптан кыйкырылды. Андай үндөр «Олжобай» уруусунун ызасын келтирди. Жүдөтүп, чүнчүтүп жиберди. Бирин-бири астыртан карап алайышты, элейишти, серейишти. Ошондо Ийгилик атчандарды жөөлөтө бастырып арага кирди.

— Калайык! Хан көтөрө турган кишиңердин сөзүн уккула!—деп колун көтөрдү. Жабыла жарылдагандар дымырай түштү.

— «Үч уруктун» качантан бери келаткан Качы деген ханы бар. Үйдө жатып калды деп анын хандыгын кимге тартып бергени турасыңар? «Олжобай» уруусу турганда букарадан хан көтөрүүгө жулунушуңарга жол болсун? Качы болбосо Сабит, Бекиш бар. Алар болбосо Кашкарбай бар. Кара тумшук Кашкарбай, аны кара басыптырбы, «Үч уруктун»үркөрдөй болгон биртике колун башкарбай? Жол да, жөн да Кашкарбайдыкы!— деди Ийгилик.

«Олжобай» уруусунун чалдары көтөрүлө түштү, «Сөз эмеспи! Ийгиликтин жалгыз айыбы букаралыгы. Болбосо, жөн да билет, жол да билет. Канетсе да жол Кашкарбайдыкы. Туура айтат. Туурасөздү туура деш керек»,— дешип кужулдашты. Мантектин да, «Алыке», «Жамгырчы» урууларынын да шагы сына түштү. «Жаманга сый жарашпайт», «Келген сыймыкты кетирди», «Букара букаралыгын кылбай койбойт белем»—дешип күңкмыңк болушту.

— Калкыбыздын капкачантан берки ханы Качы бийдин бул жерде жогун жоктотпой «Үч уруктун» колун Кашкарбай башкарат. Кана, алакан жайып батанарды бергиле!— деп Ийгилик алаканын жайды. «Олжобай» уруусунун чалдары чур дей түштү. Берки эки уруунун чалдары алакандарын анчейин гана жайьзмыш, алкыш айтымыш болду.

Алмабектен кордук көргөндөн бери Качы бий калк аралап чыга албай калды. Ийгилик хандыкка макул болсо аны өлгөндүн үстүнө көмгөндөй кылып коёт эле. Анын үстүнө «Үч уруктун» ыркы бузулуп кетиши да көрүнөө турган иш болучу.

Каран түнгө кабылган калк далбаса кылып көтөрүлүп жатат. Бирок, жеңдирбесе жеңе албастыгын Ийгилик жакшы билет. Койгула, көтөрүлбөгүлө дегенде бары бир, жел колтук болуп желигип калган калк дегеле көнө койбойт. Кармашса жеңилет, кытай жерин карай качат. Акыры сандалып кайта келбей деги койбойт. Ак пашага каршы көтөрүлүшкө хандык кылган деген сөздөн өмурүнүн акырына чейин өлгөндөн кийин да кутула албайт. Ийгилик ошолорду эске да, эсепке да алып хандыкты Кашкарбайга түртө салды.

Булар хандык маселесин кажылдашыпс турганда ой тараптан чаң уюлгуду. Чаңга аралаш чапкылап келаткандардын карааны көрүндү. Ат коюп келаткан аскер болсо керек деп дүрбөлөң түшүп калыштьх— Кана эмесе, калкыңды башкар, Кашкарбай! — деди Ийгилик. Кайта тартып карыялар өз топторуна кошулду. Капысынан кол башы боло калган Кашкарбай калтаарып калды. Имерчиктеп Ийгиликтен кетпеди.— Караптура бересиңби? Кол башылыгыңа киришпейсиңби?

— Киришкенде эмне кылайын!

— Барып Мантектин колун оң тараптагы баткалыш менен төмөндөтүп жибер. «Алыкенин» колун ортого кой. «Олжобайдын» колу сол тараптагы далдаада турсун. Ат коюп келаткандар аскер болсо «Алыкеликтер».качымыш болсун. Аларды кубалап өтө бергенде эки тарап эки жагынан кол салсын. Жөнө! — деди Ийгили к. Кашкарбай чапкан бойдон кетти. Албанын ээрчитип Ийгилик айры белес кайкаңды карай текиреңтаскак менен жөнөдү. Белеске далдалана туруп: — Балам, байкап карачы! Аскер окшойбу, эмне окшойт? Чылбырыңды бери бер. Жөө басып кара.

Албанды жумшап жиберип атына өбөктөдү. Белестин кырына чыгып караган Албан — аскер»ге окшобогондуктарын айтып кайта басты.

— Аттарын  ойкутуп — кайкытып чапкылаштарына караганда дендери соо болбосо керек. Колдорунда сороктогон бирдемелери жүрөт,— деди.

www.bizdin.kg

— Ме, балам! Аттан. Бир аз төмөндөйлү.

Бөлпүлдөтө бөрү желишке сала бастырышты. Төмөндөй барып кырдан кылтыйып карашты. Ат коюп келаткандар өтө берди. Аларга көрүнбөстөн тигил экөө аярдап артына түштү. Каракер ооздугун катырата чайнап башын жерге сала коёт, желигип желпинет. Албан кичине ныкыс берсе октой учканы турат.

Катуу келаткандардын караанынан заарканып «Алыкенин» колу карагай аралап жите баштады. «Олжобайдын» колу кетенчиктеп артын карай кылчактады. Жакындай бергенде «Жамгырчынын» колу жабыла ат койду. Эркул өтүкчү: Жаал да! Жамгырчы! — деп бакырып барынан мурда каскагын суна зымырылды. Минген аты чындыгында казатка жарактуу экен, ыргыткан таштай кетти. Капталдата качырып калгандарды көргөндө эле, берки бараткандар аттарынан жалп-жалп оп түштү. Аны көрүп Ийгилик Албанды карай ормоё күлдү.

Ат коюп чыга келгендердин мингендери жайдак, жүгөнсүз. Кай бирлери куру менен, кай бирлери аркан, жиптин үзүндүсү менен миңгичтерин астыңкы эрдинен чалып алган. Ошондуктан түз чаба албай ойкупкайкып келатышыптыр. Колдорунда бирден көк союл. Кай бирлери чапанын, бир даары жөн эле кендир каптан жайдак көчүгүнө коюп алыптыр. Каракол шаарынан качып чыккан субайсалтаң малайлар экен. Алар аттарынан өздөрү эле топулдап түшө качканын көргөндө «Алыкенин» жана «Олжобайдын» колу кайта тартып катуу качырып жабыла жапырт келишти. Мантек аларды шылдынга алып баш көтөртпөдү. Мурда берки эки уруунун адамдарына ооз ача алуучу эмес. Ийгилик чыйрала баштагандан бери, анысына сүйөнүп Мантек да тең атасынып, чомочосун чоң көтөрүп мантаңдап калуучу болду.

Малайлардан калаанын, талаанын ал жайын, көргөн — уккандарын сураштырышты. Алар ошентип турганда айбалта, шалк этме менен куралданган жалоондой болгон эки жигит сабоолоп жете келди. Жеңдерин коломочтонуп, курларын сыртынан курчанган. Калпактарынын бир капшытын ичине имерип баса кийген. Күйүп-жанып турушат. Аттары желигип жер баспайт, көкүлдөрүн экчеп баштарын чулгутат.

— Ийгилик аке, сизге келдик! — дешти экөө тең жарыша үн чыгарып.

— Эмне, байлап алыш үчүнбү? — деп Ийгилик тамашалады.

— Жоок, жарыктык! Чакырыкчы болуп келгендигибизди айтып жатабыз. Ар жактан Алмабек баатыр, Садыр элинен Шадман аке КөкБелге келишти. Сизди күтүп турушат. Келсин, келсин, келбей койбосун дешти. Ошого келдик...

— Андай болсо, жакшы. Баралы.

Ийгилик Кашкарбайга назар салды.— Кана, кол башы, кандай дейсиз? Барганыбыз оң го?

— Ооба, барганыңыз оң болор.

Кашкарбай, Чаки, Мантек кошо бастырды. Алачололоп арт жакта Албан келе жатты. Колдон бөлүнүп биртике илгерилегенден кийин Кашкарбайга карап: «Бийдин айлында киши калдыбы?» — дей калды.

— Киши деле калган жок.

— Аныңар болбойт. Жоо жакадан, бөрү этектен алып турганда сагыраак, сергегирээк болбойсуңарбы! Алмабекке ишенчилик барбы? «Кагылышта хан өлет» кылып, айыгышып алган эжаан, эр бүлө жок, ээн калган бий, болушуңарды байлатып кетсе же майып кылып койсо аргаңар эмне болот? Ойлобойсуңарбы? Ээлигип алган ээн баштарыңа да сак бол. Жаалап жабыла кирип барып ноот болуп калышпасын. Баса, биз менен үч уруудан үч жигит барсын. Албан, о, бастыр балам! — деди Ийгилик.

Кашкарбай, Чаки ошо жерден кайта тартты. Мантек Ийгиликти жандай салып ээрчий жүрдү.

— Үчтөрт жигит менен барганың жупуну болор. Кыркотуз киши менен шаңдуураак барсаң боло! — деди. Анын ак ниет менен айткан кеңешине Ийгиликтин ичи жылыды.

— О, байкушум, байкушум! Канчалык шаңдансам да мен баягы эле букара, аз уруунун, кала берсе Мантектин эле Ийгилиги эмесминби. Ансыз да аз айылбыз. Баатырсынабыз деп кыргынга учуратып жүрбөйлү! Байкагандырсың? Сен ак көнүлдүк кылып жана кудуткан бойдон төмөн карай кирип кеттиң. «Алыке», «Олжобай» качыңкы тартып карагайга далдааланышты.

— Ошону байкаган эмес экенмин:

— Байкашың керек. Аз болсо да айлыбыздын аркасы менен мен — Ийгилик, сен — Маке болуп жүрөбүз. Экөөбүздүн кара башыбыз Качыга керекпи? Жок. Алмабекке керекпи? Жок. Кимге болбосун каралды кылар калк керек. А десе, у деп айлың ашуунун аркы бетине өтө качууга беленби?

— Белен. Опуруп-жапырып белендеп койдук. Аны эч кимге билдиргенибиз жок.

— Болуптур. Бара кой,— деди Ийгилик. Мантек кайта тартты. «Мени көрдүңбү, Ийгиликке тууган кишимин!» — дегенсип, аркылардын көз алдында атын алчактата, кайкалактап бастырды.

## IX

Августтун он бири — ачыкжарык күз эле. Бир болуштун калк карыткан, жер арыткан карылары, эл бийлеген эрендери, эстүүбаштуу берендери, акылэске тереңдери, пейли жумшак кенендери, киши сындуу караандары, дүнүйөкөр сараңдары — Көк-Белдин «КиндикДөбөсүнө» чогулду. Ар жактагылардан Алмабек, бер жактагылардан Шадман аке, тиги жактагылардан Ийгилик жанаша бастырып жай келишти. Жарданып турган калың топко маңдайлаша барып токтошту. Тиэгинин жыя кармап Шадман аке үн чыгарды:

— Эл башына, эр башына түн түштү. Ажыдаар менен арбашууга, арстан менен кармашууга калкыңар кайыл болуп, бел байлап алды! Атылып турган октон дэ, алоолоп турган чоктон да, түпсүз терең суудан

да, чылап берген уудан да, кулап учар жардан да, кыл көпүрө тардан да кайта тартар эмес. Карайлап турган калайыктын айласы змне болот? Төрөлөр менен төбөлөшө беребиз дегенди айтасыңарбы? Же бул жоруктан кайтасыңарбы!? Кана, ачык айтып ак сүйлегүле! — деди.

Толкупкалкып турган калайык түнжурай түштү.

Кузгундай көзү кызарган .сакалы белине жете узарган, шалк этмесин кол канжыгасына кыстырып, айбалтасын санына таянган кабелтең карыя киши гана илгери карай жутунду. Теминипкагынып катардан чыкты да, атынын башын кайта бурду. Карыгыча зөөкүрлүгүн койбогон, «жоокерчилик» замандын жоругун айтып тойбогон, өзүнөн башка эч бир жанды сүйбөгөн, бардыжокту жамактата сүйлөгөн, баатырсынып баркылдаган кара жаак Каптагай деген бар эле. Көрсө, тетиги киши ошол Каптагай аке экен, калкты карап уйкаштыра сүйлөдү:

— Элеп алды төрөлөр, атадан калган конушту. Эрке койду болушту, эл кадырын билбеген Качы бий сынды доңузду. Жериңе кошуп сууну алды. Эми, эр бүлөңдү бүт бер деп, эзели эстен кеткис чуу салды. Алышабыз арбашып, кагышабыз кармашып. Көп эле болсо өлөбүз. Айдалып каңгыш жүргүчө, төрөлөр менен төбөлөшүп көрөбүз...

Кара жаак Каптагай чал тиэгинин ээринин кашына иле салып алакан жайды:

— Ушу сөздөн кайтканды, арбагы урсун атанын Эзели иши оңбосун. Этеги эки болбосун...

Ошентип чуулдашты. Кай бир жашык адамдар, жөн эле ботодой боздоп жибериштн.

Баталашып бүткөндөн кийин туу көтөрүлдү. Ар бир уруунун колу ар кайсы кокту — колот, тоо — токойлоруна житип жаткан экен, көтөрүлгөн тууну көргөндө коңторулуп келе баштады.

Алмабек менен Шадман акенин колу өздөрүнө коңшу селолорго чабуул жасасын; «Үч уруктун» колу «Жылуу-Булак» селосунда топтолуп жаткан аскерлерди ошо тарапка бүгүнчө алагды кыла турсун; эртең бардыгы биригип «Жылуу-Булак» селосуна чабуул жасап кол салышсын дешти. Коломолу кол туштушка тарады.

Кашкарбай менен Албанды ээрчитип Ийгилик эл орунга отура эрөөлгө чыкты. Ошондо ЫсыкКөл айланасы кара жалын өрткө, кызыл жалын отко, мунарланган чокко бөлөнүп калгандыгын көрдү. Тик багып кароого дитине албай: «О, кара наалат катуу күн, элди кара баскан го! Бу, эгин, чөптө не жазык?..»

Ийгилик ошентип атын. моюнга камчы менен бир салды да, кайта тартып бастырып кетти.

Бир топ темир-тезек, эски өтүктүн кончторун байланып баягы өтүкчү эртең менен келди. Көрсө, кечээ күнү кечке жуук Алмабектин колу жасаган чабуулга катышыптыр. Алардын чабуулу оңунан чыгыптыр: кыргыздардын кыялы бузулгандыгын сезгенден кийин, кыштак калкы аскер жаткан чоң селолорго сыйлыгышып качып кетиптир. «Иллалла!» айтып чуркурап ээн калган кыштактарга ат коюшат. Ээлерин ээрчибей калган ит, карматпай качып калган чочко, тооктон башка көчөлөрдөн эчтеме табышпаптыр. Кыштактардын үйлөрүн аңтар-теңтер кылышат. Олжобунла издешет. Үйлөргө, үймөктөлгөн чөптөргө, бышып турган эгинге оттук чагып өрт коюшат. «Ширеңкенин жоктугу болуп калды. Эгерде, бир боо ширеңке болгондо, кыштактарынан да, эгин, чөптөрүнөн да эчтеме калтырбайт элек. Бүт күйгүзүп күлүн сапырып жиберет элек»,— деп өтүкчү баатырсынды.

— О, куруп кал, куруп кал! — деди "Ийгилик, атын моюнга чаап. Өтүкчү анын жактырбаганын туюнду. Бастырып кетти. Темир-тезек, эски өтүктүн кончтору сыяктуу олжого алгандарын карагайдын түбүнө катып таштады. Алмабектин колкошунун тозоттоп кайта кетти.

Алмабектин, Шадман акенин колу кечээ күнү ээн калган кыштакты ээн жайкын аңтар-теңтер кылганга өздөрүнчө эрдемсип, ишке жарагансып, көңүлдөрү көтөрүлүп, согуш жүргүзүүгө такшалып бүткөнсүп дардаңдап калышыптыр. «Жылуу-Булак» селосунда жаткан аскерлер менен кагылышуу үчүн энтеңдеп эрте келишти. Түз эле келатат коюуга бет алды. Өңүттүү жерлер менен барып чукул жерден качырып кирүүнү ойлоруна келтирбеди. Айдарым жайык түз менен текирең таскак урдуруп жүрүп отурушту. Селого тай чабым калганда Алмабек аттын оозун жыя кармап, «я аллаалап» ураан тартты. Аргымак сындуу аты арышын кере алыпучуп жөнөй берди. Кара жаак Каптагай камчы үстүнө камчы урду, айбалтасын булгалап а да жөнөдү. Каскактын учун жапырып айтылуу өтүкчү алардан калышпады. Аларды көрүп арттагылар жапырт көңтөрүлдү. Кай бирлери ар түрдүү чүпүрөк менен баштарын бууп койгон. Көпчүлүтү тебетей, калпактарын баштарына баса кийген. Бардыгы тең оң колдорун коломочтонуп, жеңдерин курларына кыстарган. Кандары качып, өңдөрү кумсарган, кеженип тиштенип келатышат. Эти кызып калган аттар албууттанып алып учат. Найза, каскактардын учу кагылышат, жарк-журк этет...

Кара таандай каптап жөнөгөн калың колдун арт жагына — күн карарып түн болду. Таш, топурак асманга көтөрүлдү...

Селодо топтолуп жаткан аскерлер эчак эле камынып, жоо келаткан тарапка бекинип, бугуп калыптыр. Арты кийинин карабастан айгайлап келаткан калың колдун чукул келишин күтүп тура бериштн. Өлчөөгө жеткенде пулемёт, беш атарларды ызылдатып ышкырта берүүгө өтүштү. «Аллалап!» бараткан Алмабек алгачкы октордун бирине камгактай учту. Адегиче «жалп» дей түшүп Каптагай чалдын жаагы жап болду." Кандайча бэрып жер кучактаганын өтүкчүнүн өзү да сезбей калды. Мына эми, көзүң жаманчылыкты көрбөсүн, артта келаткан калың колдун алды жагындагылар боо түшө баштады.

Тигилер чабуулга өткөндө «Үч уруктун» колу туура туштагы кашаттын үстүндө турган болучу. Аркылар ат коюп калганда, булар да айкырып кошо жөнөмөкчү болушкан. Ийгилик койайлап тыйып

www.bizdin.kg

турбаганда, ажалдын огуна өздөрү барып кириптер болмок. Азыр аркы тараптагылардын абалын көрүп, аттарын артын карай кетенчиктете беришти...

## X

— Алмабекке ок жаңылып шейит кетти. Кара жаак Каптагай каза тапты. Арт жагыбыздагы калың кол ноот болуп койдой жуушады. Азабым бар, ажалым жок экен, сол колума ок жаңылганда сороюп жыгылыпмын. Кандайча, кантип жыгылганымды өзүм да сезбей калыпмын. Кыйладан кийин көзүмдү ачтым. Айланамдын бардыгы коршар этет. Көрсө алар окко учуп жаны чыкпай жаткан ат, адамдар экен. АлмабектиН артынан кара жаак Каптагай экөөбүз айгайлап ат койгондугубуз ошондо гана элдир-селдир эсиме келди. Боорум менен жылыштай баштадым. Ат коюп баратканда сол жагыбыздагы чоң өстөндү жээктей чапканыбыз эсимде экен. Ошого жетсем жаным калары оюма келди. Каптап кирген калың колдун өлгөнү өлүптүр. Өлбөгөнү капкачан качып жоголгон окшоду. Андасанда саамыктап атылып турган октун ызгаарын кулагым чалып турду. Жанагы «билимот» дегенин ким керүптүр. Жараткан кудайдын өзүнөч да кайта тартпай турган жүзүкара, тажаал эме болсо керек. Жакындатпай эле алда канча кишини атматы менен аймап күймөп жибериптир. Түү, бети курусун! Берки замбирек дегени менен атса жан коймок эмес турбайбы.

Эсучумду жыйгандан кийин өлөтала баягы чбҢ өстөнгө жетип чулп дедим. Жан кургур оңой эмес экен. Жан талашып жөн эле суу ылдый өрдөктөй сүзүп жүрүп отурдум. Ок жеткис жерге узагандан кийин суудан чыксам ээртокуму бооруна түшкөн бир ат жүрүптүр. Тиэгини эки колуна чалынып узап кете албай турган экен. Дароо жеттим. Шапашупа жармашып «Я алла, көргөзөр күнүң бар экенго» деп салыпуруп жүрүп отурдум. Бети курусун,— деп эл орунга отура өтүкчү келди.

— Карайлаган калк ажыдаардын куйругун басып алды. Чектен өтө качпаса жан калбайт, камынып качкыла! — деп «Үч уруктун» колун, ханы Кашкарбайын баш кылып Ийгилик таратып жиберген. Арт жактан аскер келсе ар кайсы кырдан бир көрүнүп алагды кыла туралы. Үркүпкоркуп бараткан элге жеткирбестин айла — амалын иштейли,— деген. Үч уруунун субай — салтаң шайдоот жигиттеринен ондон киши алып жол тосуп жүргөн.

— Эсиңе эми келипсиңго! Бешатар, «билимот» чыга электе, найза менен сайышып, союл менен согушуп жүргөндө гана кыргыз кыйын болучу. Атылган ок «кыргыз экен, келме айтып келатат» деп кайта тартпай тургандыгын айтуучу белем? Жаның олжого калыптыр. Аялыңэл менен кошо кача албай, кызыл чие балдарың журтка отуруп калгандыр. Бар. Барып көч ээрчи. Элден калба. Жараатың кандай? — деди Ийгилик.

— Оорусу бар. Эчтеме боло койбосмун!

— Жараатын оңдоп таңуулап берип жөнөтүп жибергиле! — деп Ийгилик бастырып кетти. Кырга чыгып айланага көз чаптырды. Кечеги түнү ушул убакта кыпкызыл жалынга курчалып жаткан ЫсыкКөл айланасына бүгүн түнөрүп түн түшүп турган экен. Куш өбөк салып тура берди. Алды кийинин карабай алактап үркүп, көчүн айдап кокуйлап коркуп бараткан элдин элеси көз алдына келди. Эки атка кош артып, экөөн чиркештире жетелеп, Кубаткулуна айдатып үрккөн элден калбай кетип бараткан аялы Сыпайыны көз алдына элестетти.

— Өтүкчүңүз өлө коё турган эмес. Ок сол колунун булчуң этин жырып өтүптүр. Кийиз күйгүзүп жараатына таңдык. Жолго салдык,— деп акырын бастырып Албан келди. Биринде бастырып берки жигиттер да чогулду. Баятадан ой жүгүртүп өбөктөп турган Ийгилик башын көтөрдү.— Ала-Тоону конуш кылып калтырган ата-бабанын арбагынан айлансак болот, жигиттер. Эсиңерде болсун. Алакандай Ала-Тоосу болбогондо, эбак эле тукум курут болмок экен. Тынчтык боло калса жакатүзүн жердеп, жоо жакадан аларда тоосуна чыга качып жан багып келген турбайбы. Аскерлер түн катып кубалабайт. Кубалаганда тоого чыкпайт. Түзгө сала кулабайт. Ошондо да «сактыкка кордук жок». «Олжобай» — жигиттери силер тетиги курбуга баргыла. Ичиңерден бирөөн өзүңөрчө он башы шайлап алгыла. Анан ошонун айтканы менен болгула. Кароолчу коюп сак жаткыла! «Жамгырчы», «Алыке» силер да ошенткиле. Бир тобуң тиги кайкаңга, бир тобуң аркы ортону ээлегиле. Дагы айтайын сак жаткыла. Кароолчуңар уктап калып капилеттен бастырып койбогула. Албан экөөбүз ушул жерге ат чалдырабыз. Караан-паран көрүнсө дароо кабар кылып тургула...

Жалоондой болгон шайдоот жигиттер: — Жакшы болот, куп болот,— дешти. Шартылдата бастырып жүрүп берди.

— Эми, аттарыңды отко кой. Уктап ал, Албан балам! — деп Ийгилик жамбаштап жата кетти. Албан атын жайдактап, ээрин башына коюп берди. «Сакалдуу кишиге ат кайтартып коюп кантип уялбай уктайм» деп Албан уктабай жатууга тырышты. Бирок, кечке атка урунду болгон эме, уйкуга бат эле алдырып койду. Аскер чыгып калса кандай кылып алаксытуунун, илгери жылдырбай матап туруунун ар кандай акылайласын ойлоно берип Ийгилик таң атырды.

Албан таң сүрө ойгонду. Уялып калды. Тура калып канжыгасындагы бош чаначты чечип сууга барды. Тунук булакка колу, бетин чайыды. Чаначтын колунан суу көтөрүп келди. Ийгиликтин бети-колун чайытты. Эки кишиге ченеп чалап жасады. Чаначтын оозун кайрып «жутуп алыңыз!» деп чалап жуткурду. Алар ошентип турганда «Үч уруунун» жигиттеринен үчөө келди. Жылуу-Булактан кечтен

www.bizdin.kg

бери жылт этип от чыкпагандыгын, кыштактан тышка чыккан жан болбогондугун айтышты. Үч тараптан келген үч жигиттин сөзү бирдей болгондугун Ийгилик эске алып койду.

— Ийгилик аке! Биз бир ат олжолуу болдук,—деп калды.

— Э, ал кайда жүргөн ат экен? — деп Ийгилик ээгин көтөрдү.

— Чылбыр, тиэгинин сүйрөп жүрүптүр. Кейпи, кечөө күнү ээсин жуткан аттардын бири го!

Ийгиликтин оюнча булар бүгүн да ушу тегеректе болуш керек. Кокустан аскер чыгып калса, качууга жетише албай кечигип калгандарды кырып кетет. Тыяктан көрүнүп, быяктан көрүнүп аскерлерди матай туруш керек. Бирок, эки күндөн бери жигиттер чалаптан башка эчтеме көрө элек. Кечээ күнү окко учкан аттардын этинен үч жигит жибертип алдыруу оюна келбей калгандыгына түндө өкүнүчтө болгон.— Олжолуу болсоңор соогат берерсиңер! — деп тамашалады. Жигит ат кармалганда эле Ийгиликке арнап коюшкандыгын айтты.— Андан болсо жакшы жигиттер экенсиңер. Ээсин жуткан аттардын бири болсо, барылап бүгүн биз аны жутуп коёлу. Эти кандай экен? Жегенге жарагыдайбы?

— Семиз. Ээси ким болсо да, кармап мингенине ары кетсе эле үч-төрт күн болгон. Кейпи, бир-эки таң ашкач болсо керек!

— Андай болсо, ар бир тобуң экиден кишини кароол карап турууга калтыргыла. Калгандарың жогорулап карагай арасына баргыла. Адашып жүргөн атты союп этке тойгула,— деди Ийгилик.

— Казантулганы кайдан табабыз?

— Таш кордо кыласыңар.

— Мурда андай эмени көрбөсөк, кантип иштер экенбиз!

— Мен көрсөтүп берем. Карагай арасындагы аянтчага барышты. Бир тобу

отун алып от жагууга камкорлонду. Бир тобу атты туура тартып бата тиледи. Ийгилик камчысын мойнуна салып, алаканын асмандата жайып бата берди.

Арыданбери атты алып урушту: «Умунган, умсунгандарга» дешип башын кесип ыргытышты. Ичин жарып ич зтин жерге оодарып салышты. Бир нече шиш учтап тернни төөнөштү. Анан бир жүк кургак отундун үстүнө таштап коюп, тегерете да, үстүнө да отун үйүп от жагышты. Бир чай кайнамдан кийин аласалдырып алды жагынын чогун калыидап коюшту. Айландыра, үстүнө Отундан үйүп отту жага беришти. Тамак көзүнөн учуп калган жигиттер союлган аттын боорун, бөйрөгүн, жүрө

гүн отко кактап жеп, бир аз напсилерин басышты. «Бышты, бышты!» болгон учурда оттун чогун шилеп таштап сыртын кырышты. Санын сан, колун кол устукандады. «Туздун гана жоктугу. Болбосо, сонун бышыптыр»,— дешип топтопко бөлүнүп кескилеп жей беришти.

— «Эр азыгы менен бөрү азыгы жолдон» деген ушу, жигиттер.

Кароолдо турган жигиттердин бири бери карай чаап калды. «Карды ачып келатабы, же бирдеме көрүштүбү!» — деди Ийгилик.

Анымуну дегиче кароолдон келаткан жигит, мужуктун берки башына, бу тарапты бет алып аскер чыккандыгын, карааны отуздай көрүнгөндүгүн айтып келип калды. Бууга бышкан этке тоюп ныксырап калган жигиттер дүрбөлөңдөй түштү.

— Дүрбөлөңдөбөгүлө, жигиттер! Аттанып экиге бөлүнгүлө. Бир тобуң тиги чокуга, бир тобуң бу чокуга чыккыла. Бастырып караан көрсөтүпчокуну тегерене бергиле. Бирде сабоолоп катуу, бирде жайыла жай бастыргыла. Силер оң тарапка, силер сол тарапка. Ошентип, тегеренип караан көрсөтсөңөр: — эки тараптан көп кол убапчубап келип орто жерге чогулуп жаткан турбайбы — дешет. Тарткынчактап калышат. Балким кайта тартышар. Антишпейт экен, мынабу кысыкка келгенде таш кулатып аргаларын түгөтүп кайта кетире турабыз. Баргыла, тиги баятан бери кароолдо тургандарды мында жибергиле. Эт жешсин! — деди.

Жабыла аттанышты. Эки топ эки чокуну экиден тегеренгенде, аскерлер токтоп калды. Анан селонун башына барып жол тосууга бекиништи.

— Амалыбыз ишке ашты. Кечке чейин кезеккезек көрүнүп туруп күүгүм кирер менен алкым жолго салып кете беребиз. Үркүп качкандардын арты бүгүн кашка сууну ашып кетет. Кууган менен да эртең жете алышпайт,— деди Ийгилик.

## XI

Ар тарапка көз чаптырып, жер жезеп Албан үч чакырым илгери бара жатты. Ак-Сайлуу булактын оозуна чыгып «Текенин-Кашасы» деле турган таш короонун тушуна келди. Андан жогору үч тоонун аралыгындагы мейкиндикти бир карады да, атынын оозун тыкыйта тартты. Артка кылчайды. Калпагын колуна ала коюп булгалады. Арт жакта жай келаткандар тездете жүрүп жете келди. Албан колун жазгап «акырын, абайлагыла!» деп ишараат көрсөттү. Тигилер караган, бадалдарга калкаланып шыкаалай карашты.

«Текенин-Кашасынан» жогору, Туп суусунун бою, «Сан-Таштын» алды жагындагы мейкин түздө жер жайнаган кымкуут, жөө жалаң калың көч баратат. Ошол мейкиндикке жеткенде ойрондош үчүн аскерлер артынан жүрүп отурган болсо керек, пулемёт орнотуп коюп ажал огун аркырата бүрктүрүп жаткан экен. Жүзү курусун, жөөжалаң көчтүн арт жагын боо түшүрүп жибериптир. Тирүү пенде дитбагып карай албагыдай жорук болуп жатат. Адам дебей, жүкжүктөгөн унаа дебей жуушап калыптыр. Көчтүн алды

www.bizdin.kg

жагындагылар жабыла жандарын ала качып, бытчыты чыгып калган. Корголоорго же коктукблот, же караган бута жок...

Моокум канган көрүнөт, пулемётчу ок атууну токтотту. Көтөрүлүшчүлөрдү жазалоого чыккан отряддын өзүнчө бир тобу окшойт. Башчылык кылган офицер атчан аскерлердин алдына түшүп жөнөп калды. Ашыкпастан, шашпастан жете барды. Кара башын калкалоого жай таппай качып жүргөндөрдү аралады. Окторун аяды көрүнөт, он алтысы он алты кылычты ойното башташты. Кары, жашын ылгашпады. Туш келгенин шылый чаба беришти. Кылыч тийгендер кежигеси кержее түшүп чалкасынан кетет. Мойну жикирее түшүп көмөлөнө жыгылат. Башы кылжыя түшүп кырдана жыгылат. Бир чапкандарын экинчи чаппайт. Жөн эле кылыч чабууга, машыгуу, кол үйрөтүүгө өтүштү.

Өңүт издеп турган Ийгилик ат үстүнө эңкейип жөнөп калды. Жигиттер да ошентишти. Баткалышка баш калкалап кашаттын алдына жетишти: — Албан, аттардын жайы кандай? — деди Ийгилик.

— Бардык аттар табында.

— Билимотчусу бейкут отуруп калды. Ат коюп анысын шыпыра өткүлө! Ар бириңдин айбалтаң колуңда беленби?

— Белен.

— Ат койгондо кыйкырбагыла. Билимотчусун жой

коп өтүп, аркыларына чукул жеткенде жер көчүрө кыйкыргыла. Жөнөгүлө!

Албандын аты чү дегенде эле октой кетти. Беркилердин аттары да тап этине келип калыптыр, калышкан жок. Аттардын дүбүртүн укканда пулемётчусу да, анын жанындагы жардамчысы да секирип турушту. Катуу чочуган эмелер кайраттан да, аракеттен да ажырап шал боло калышты. Жигиттер аларга илинбестен зуу коюп өткөндө, берки экөө жер каба түшүп кала берди.

— Кылыч ойнотуп жүргөндөрдүн ар бирин экиден көздөгүлө. Бириң чала чаап калсаң, экинчиң далдап чапкыдай бол. Чукул калдык. Жер жаңырта ураан тарткыла! — деди Албан.

— «Олжобай», «Олжобай!» «Жамгырчы», «Жамгырчы!» «Алыке», «Алыке!»

Ээнжайкын эрки менен кылыч жумшап, кыргын салуунун кызыгында бириндеп жүргөн аскерлер дал боло түштү. Качырып баргандар айбалтасын сермей электе эле, атынан өзү түшө качкандары да болду. Кача берүүгө, же болбосо кол кайтарууга жарагандары болбоду. Аптыгып айласын таппай калган аскерлерди бир мертебе куюндай тийүү менен караандарын өчүрүштү. Калталаңдап качып жүргөн калк эмне болуп кеткенин сезүүгө чамалары келбеди. Ар бири турган жеринде делдейди. Өлүмүш болуп өлгөндөрдүн арасында сулап калгандар да көп экен. Андайлар да узакка дейре козголо алган жок.

Ийгилик пулемёттун жанына келип атынан түштү. Ойрону чыккан он алты аскердин кылычмылтыктарын, аскер башчысынын тапанча, турнабайын алып Албандар Ийгиликке келишти. Аттан түшүп пулемётту ары сала карашты, бери сала карашты. Тилин биле албай коюшту.

Олжого алынганы он алты беш атар, он алты кылыч, бир тапанча, бир турнабай, бир пулемёт. Албан менен Ийгиликти кошкондо булар отуз эки.— Он алтыңа бирден кылыч, он алтыңа бирден беш атар. «Чүчүкулак» кармашкыла,— деди Ийгилик. Он алтысы мылтык, он алтысы кылыч асынды. Тапанча менен турнабай Ийгиликке калды. Окторун бүт алышты.— Мунусунун тилии өзүлөрү билбесе, биз биле турган эмеспиз,— дешти да, пулемётун Түп суусунун ийрилип аккан иримдеринин бирине кулатты да, бастырып кетишти.

Жер жайнаган калың көчтүн алды жагындагылар кыйла жерге узап кетиптир. Он алты жан алгычтын карааны ечкенден кийин, кызыл кыргынга учураган көчтүн арт жагында тирүү калгандар эсакылын жыйнап, өлгөндөрүнө өкүрүүгө эми гана зорго жарашты.

«Эсил кайран атакем, эми кайдан көрөйүн», «Эсил кайран абакем...», «Эсил кайран бир боорум!» Аркырапдаркырашат. Ботодой боздоп зар эңгирешет. Бетин тытып тырманып жүргөн аялдар, чачын жулуп өз башын өзү койгулап жүргөн эркектер, анын бетин ары кылсын, эч бир пенденин башына келбесин...

Күйүткө күйгөндөргө жылуужумшак сөз айтса эреркеп ого төтөн күчөп кетет. Муңзардан заманасы куурулган Ийгилик ошону эске алды.— Ишке жарап койгонсуп силерге эмне жок. Өлүп бүткөн эмелерди ыйлап отуруп тирилтип алмаксыңарбы? Биз караалды болуп бүгүнчө ушул жерге түнөп берели. Курулай өкүрүпбакыра бергенден көрө, жер чукуп өлгөндөрдүн жүзүн жашыргыла! Артыңардан дагы аскер келип калышы мүмкүн. Тезтез кыймылдагыла,— деп бир сыйра аралап чыкты. Бардыгынын жаагы жап болду. Өңгөчүн тартып бышактап, ар кимиси өлгөндөрдү жашыруунун аракетине өтүштү.

Алдуукүчтүү айрымдары елүктөрүн жашырууга жарады. Көпчүлүгү «кудайдын өзүнө аманат» калтырып, коркуп калган байкуштар ез баштарын ала качкыча, куткаргыча шашты...

## XII

Түп тараптагы — Белек уруулары, Түрген тараптагы — Арык тукуму, Күнгөй-Аксуу, Байсоорун, Чолпон-Ата, Чок-Тал тараптагы саяктар үркөн бойдон качып отуруп ушул жерге: Үч капкак, Айгыржал, Нарынкөл, Байынколго келип камалды. Бардыгы жалаң от, жайдак кош. Кара таандай каптаган элге жер кайкалайт.

Кырк артууга салып кырканы кыркалай качкан элдин да, малдын да турасы түгөнүп бүткөн. Шилекей оору деле турган ылаң жармашып уй баласын тегиз жылдырбай койду. Дан аттуудан эл ичинде эчтеме

жок жалаң гана этке карап калышкан. Туз жок, эттин татыгы да эчак кеткен. Тамеки, насбай түгөнүп бопоросчу, насбайчылар баштарын көтөрө албайт. Кабарчыкташат, эчтемени кыртыштары сүйбөйт, жок жерден кычык чыгарышат. Колунан келген үйбүлөсүн бөйдөй куурат. «Ач арбактай» арбайган ачарчылык малсызалсыздардын жакасына жармашып, этегине эрмешип алды...

«Казатка» аттануу, төрөлөр менен төбөлөшүү, өлтүрүп казы, өлүп шейит болуу жөнүндө жаздан тартып айтылып жүрүүчү бурканшаркан сөздөр азыр эч кимдин оозуна кирбей да, чыкпай да калган. Эптепсептеп күн өткөрүүнү, тентиптелмирип болсо да кара жанды калкалап, илбийсилбий болсо да тирүү жүрө турууну эңсеп калышкан...

Мына үч айдын жүзү болду. Чек арачы черүүлөр чектен өткөрбөй кайта айдайт. Замбирегин сүйрөтүп жазалоо отряды такымдап арттан калбайт. Эл бийлегендер бир чети жандарын качырып, бир чети элдеги караманча жардыжакырлардан малдарын жашырып алда кайда, алыска житип жоголгон. Төрөлөр болсо кырганын кырып, кырып бүтүрүүгө жетишпей калгандарын кытай жерине сүрүп таштоону, ээнэркин болуп кала берүүнү ойлойт.— Падышага каршы көтөрүлүү кандай болот экен, көздөрүнө көрсөтөлү, эстерине келтирели, акесин тааныталы, тирүү калгандарын өлөрөлгүчө унуткус кылып коёлу,— дешет.

Көтөрүлүштөн көңүлү кайткан калың эл ошол учурда «кайта тарткыла. Жайжайыңарга барып тиричилигиңерге киришкиле» деген бир ооз сөз укса, тебетейлерин көккө ыргытып, падышага кайтадан багынып берүүдөн баш тартпай турган абалга келген эле. Андай сөздү угуунун ордуна мына, бүгүн замбиректин заңкылдаган үнүн угушту.

Замбирек түш ченде, уюлгуп жаткан топко карай атылды. Камалып жаткан калың элдин бытчыты чыкты. Кайда качарын билбей калк карайлады. Өйдөтөмөн удургуду. Бирине бири урунуп темселеди. «Качканга кара жер куурулат». Калтаңдап калган элге кең дүйнө тарып супуранын бетинче көрүнбөй калды. Кимди ким көрдү, «бала белде, аял жолдо». Ар ким кара башын ала качуу аракетине өттү...

— Аскерлер Төтөнүн белин ашып түштү. Кырып келатат. Жоюп келатат. Арт жактагылардан дым чыкпай калды. Тыптыйпыл болду. Чектен өтө качпагандарда жан калар эмес. Өлгөнүңдөн калганың чекти карай тырмала! — деп, арт жактан алдастап келаткандар кыйкырышат. Алардын кыйкырыгы ооздон оозго өтөт, ошо замат аңтаңдап алда бараткандардын кулагына шак дей түшөт...

Дүрдүгүп баратышат, сүрдүгүп баратышат. Тыгылыша да, сыгылыша да качышты. Качкан элдин алды дигер ченде Музарт дайрасына барып такалды. «Аңгектен качсаң, дөңгөккө» дегендей жорук болду: ноябрь айы, дайрага калдыркан муз каткан, кузгундап илебинен ашып жайнап калган. Кечүү бербей турган кашатка камалышты. Кечүү таап кечүүгө арт жактан шыкап келаткандар буяма бербеди. Сүргү менен сүргөндөй түртүп, карайлап тургандарды кашаттын кырынан дайраны карай уламулам, кайтакайта түртүп түшүрө берди. Алкынажулкуна шар аккан шыргалаң дайра жалмап жута баштады, ала салдыра аңкуштатып агыза берди.

Арт жактан сүрдүктүргөндөрдүн күүсү адегенде кашаттын кырына жардана калган жөөлөрдү дайраны карай сүрөп күү түшүрдү. Дайрага жалпжалп урап жыгылгандар этектерин делдейтип энтигишти. Аңкуштап алга карай жүткүнүмүш болушту. Кай бирлери карайлап кайта тартууга далбаса кылды. Биринин этегине бири жармашты. Бары бир, шар аккан дайра арыдан бери бурдапсурдап жутуп жиберип жатты. Аны көргөн элдин эки чети кечүү издеп суу бойлоп жөнөдү. Бирок, арт жактагылардын улам кайтоолдогон толкуну, орто жерде тыгылышып калгандарды дайрага кайтакайта уруп түшүрүп жатты.

Тигине! Жаш балалуу аял баласын колунан чыгарып жиберди. Кармоого аракеттенип жүткүндү. Суунун шары этегин мойнуна түрдү, тоскоолдук бере албай көмөлөндү. Андамында ар кайсы мүчөсү эреңсерең көрүнө барып карааны өчтү. Берки, бой тартып калган кыздын чачы желбиреп барып сууга чабылды. Бир жолу кулачурду, үч, төрт ала салдыргандан кийин көздөн кайым болду. Ыргып түшкөн кундуз тебетейи айланкөчөктөп артынан кетти.

«Аксакалын жайкаган, Карыдан канча чал акты. Качкындар кошун жүктөгөн,

Карадан канча мал акты. Аңкуштап акты балдары, «Аллалап» — акты чалдары. Акыя карап тургандар, калдык экен кантип жандары...»

деп ырдагандар да болушту.

Арттагылар окко учуп ноот болду. Алдагыларды аймап-күймөп дайра жутуп жатты. Сыгылышып, тыгылышып, турган орто жердегилердин төбөсүнөн көк түтүн уюлгуду. Ошол учурда ар жактан келген жети киши аткылап келаткан аскерлерди алыстан тозоттой чабышты. Бир канча аралыкка илгерилеп кашаттын далдасына жеткенде токтоло калышты. Аскерлер тобун жазбайт, жаматташа жакын жүргөндүктөрүн байкашты. Карааны кырк, элүү чамалуу. Атка сүйрөткөн замбиреги артында келатат.

Алтоо эки экиден үчкө бөлүндү. Экөө арт жагынан айланып өтүп аскерлердин аркы тушуна барды. Экөө еңүткө түшүп аскерлердин алдын утурлады. Алар мерчемдүү жерге жеткенде бер жакта калган үчөөнүн экөө кайта тартып кашатты имерилди. Далдоорок жерге жетип аттарынан шыпшып түшө калды. Мылтыктарын ээрге арта салып бирнече жолу топко байлап ок чыгарды. Аларга удаалаш аркылардын мылтыктары үн берди. Аскерлер ийриле келип замбиректи тегеректей калды. Үч тараптуу атылган мылтыктардын үнү, аскерлерди шарактап кайта качып чыга берүүгө аргасыз кылды.

«Баягыда алдырып жиберген он алты беш атар ушу жерде экен, пулемёт алды жакта аңдып жаткан болуш керек» деген ой менен артка карай чегинди. Андай болбогондо күн баткыча дагы далайды боо түшүрмөк болучу.

www.bizdin.kg

Жоонун мизин кайтарган алты жигит айлана чаап жалгыз калган кишиге кайта келишти. Тиги киши айлананы аңтара карап тура берди. Кыйладан кийин качып бараткан калктын артын карай жигиттерин ээрчитип жележорто жүрүп калды. Тамтаң уруп качып бараткандарга жоонун кайта качкандыгын кабар кылышты. Туштуштан алкыш айтып: —Оозуңарга май! Өзүңөр ким болосуңар? Айланайындар! — деген үндөр чуулдады. Жоонун кайта качышына жөн эле ишене коюшпайт эле.

Алардын өңөрүп жүргөн мылтык, асынып жүргөн кыльштарын көрүп, ошондон улам ишеништи. Жөөлөр көчүктөрүн жерге койду. Кай бирлери чалкасынан, кырынан түшүп эс алууга жыгылды.

— Жоо качты, жоонун мизи кайтарылды. Эсакылыңарды жыйгыла! — деген арттагылардын кыйкырыгы, биринен бирине уланып, алдыңкыларга ошо замат эле жете берди.

— Аскерлер элдин үшүн алыш үчүн топко байлап замбирек атышы этимал. Ошондуктан тобуңарды жазгыла. Бириндеп жайыла качкыла. Эми, ошентип кыйкыргыла! Музарт дарыясынан өтүп кетсеңер, тирүү кутулганыңар,— деди Ийгилик. Бул кабарды да чагылгандай учурушту.

Тигилер бастыра берерде — о, айланайындар, өмүрдүү болгула! Бооңор чыйрак болсун. Телмерип темтеңдеген ушунчалык калайыккалктын батасы тийсин. Өмүрүңөрдө кор болбогула! Атыжөнүңөрдү айта кеткиле, калк уксун, кагылайындар,— деди ташка көчүгүн коюп демигип отурган киши.

— Ийгилик, Ийгилик дегиле! —деп Албан атын алга карай теминди.

— Ийгилик болсо кабарын укканбыз. О, Ийгилигинен тегеренейин. Жоонун мизин кайтарган Ийгилик экен!— деп тиги киши ордунан тура калып кыйкыра сүйлөдү. Анын сөзү да ооздон оозго учуп алда бараткандарга жетти.

Тигилер биртике узаар менен Ийгилик айткандай замбирек күрүлдөдү. Кайда түшкөнүн, канчаны талкалаганын ким көрдү, ким эсепке алды,— иштин бул жагын азырга чейин эч ким биле элек.

## XIII

Иттин жумушу итчилик этиш, андан башка колунан эмне келет. Ээсинен адашып калган иттер талаалап каңгып кетти. Кийинчерээк ээсинен эчтеме артпай калган иттер да аларга барып кошула берди. Тоңуп өлгөндөрдү талап жеп топтоп болуп жол бойлоп калышты. Кабыгына катып калган иттердин тез эле көкүрөгү чыгып, көздөрү кызара баштады. Мурдарак, тирүү кишилерди көргөндө кыйпычыктап, өздөрүн айыптуу сезип жалтайлап качып калуучу. Эми, өлүп жаткандарга алымсынбайт, тирүү кишилерди тооруп акыйышат. Иттерден коркуп адамдар жалгызжарым жолго чыкканды койду.

Качкындарды чек арачы черүүлөр ар кайсы жерден териптепчип айдайт. Арыпачкандардын бир канчасы жолдо калып, ит менен кушка жем болот.

Качкындарды кайта айдап келип чекке жакын Өртөңдүн токоюна камайт. Бир күн, эки күн анда турумуш болушат да, кайта качышат. Дагы бир канчасы жолдо калат. Карга, кузгун жана кутуруп алган иттерге той түшөт.

Малдуулар, алдуулар алда кайда — Кулжа, ЧолокТерек, КөкТерек, Жылдыз, Коңуз тарапка кирип кетти. Чычая качууга кубаты жок малсызалсыздар бирде бери карай айдала берип, карааны суюла шүмүрөйүп, эки ортодо шүмшүк болду. Ары, бери тамтаңдай берип көпчүлүгүнүн тарпы талаада калып жок болду.

Ушу чоң калаба, чоң бүлүнчүлүктө Качы бийдин бүчүбүлдүргөсү үзүлгөн жок, чыпчыргасы короботу. Жалпы малынын саны ошо жылы арамадалы аралашып бир миңге чаап чыккан. Мурдатан эле жылкысы жыл сайын ушу Текес тарапта — калмак арасына кыштап чыгуучу. Калмактардын Байынжыргал деген чоң байы менен алышманчалышман болучу. Анын жардамы менен чек арадан шыдыр өттү. Агыяз деген жерге барып жайкалып жата берди. Басташып, касташып жүргөн Алмабеги болсо антип санаасын тындырды.

— Атабабамдын арбагы кантип эле Алмабек кулчэ болбосун. Таба эмес, тобо,— дейт Качы бий.

Бекиш старчын экиүч киши ээрчитип күндүз эки жакка бастырып эл аралайт, жер чабыттайт. Кечке көргөнүкканын бийге келип баштанаяк баяндап турат.

Кадимки Каракул эт бышырууга бүгүн эрте камынды: аркандын үзүндүсү менен сыртынан бүйрө курчанды. Эки этегин курга каңтара кыстарды да, карсылдатып отун жарды. Чүйгүн эттерди булоолонтуп кайната берди. Кызалак күң казанаяк жакта бүжүрөп өз милдетинде болду. Заңкайган боз үйдүн ичи лапшып жай күнкүдөй саймадирейт. Бийдин атактуу ар бир бүлөсү өз ордунда, калың төшөлгөн кийиз, көлдөлөңдө жайбаракат жадырапжайнап отурат.

Бекиштинбүгүнкү баяндамасында кызыктуу эчтеме болгон жок. Ийгилик жөнүндө сүйлөй баштаганда бардыгы кулак түрүп оңдоно отурушту. Каракул да, Кызалак да сөз аңдый отурду.

Эл адеп коркупүркүп качып калганда «Жамгырчынын» жакырлары орундарынан жыла албай отуруп калган экен. Мантек элүү башыдан эч кимисине кайыр болбоптур. Малын ала качып бардыгынан мурда жөнөп кетиптир. Ошондо, аял башын эр кылып Сыпайы жеңе башаягын жыйнаптыр. Ийгиликтин кадырын салып бирөөлөрдөн мингич, бирөөлөрдөн кош артууга унаа таап, бардыгын аттаптондоп көч ээрчүүгө жараптыр. Бирин бирине учкаштырып, бирин бирине чиркештирип элден калтырбай бардыгын аман алып келиптир. Ийгиликтин айылы азыр жогору ЖамантайБулак деген жерди кыштап жатыптыр, аны айтып берди.

«Ок өтпөс бой тумарын» таратып жүрүп Ийгиликтин Жума молдо деген агасы элден бир короого жакын кой, эчки, улак, козу чогултуп алган экен. Анысы эл үркөрдө койлорун айдап Бедел ашуусунун берки түбүнө барып белен туруп, эл качканын угаар замат Турпанды карай кирип кетиптир. Берки Чеңгелдей деген агасы демейдегисиндей эле эч кимге ыркын кошпостон өзүнчө келе жатып, КанТеңри тоосуна келгенде анын бир кычыгына малсалы менен жашырынып жалгыз үй калыптыр. Бекиш муну да айтып берди. Анан жаздан бери Ийгиликтин эл үчүн иштеген акылэстүүлүгүнүн айрым учурларын эске салды: — Азыр ойго барсаң да — Ийгилик! Тоого барсаң да — Ийгилик! Калайык калктын чоңкичисинин оозуна тегиз кирип калган экен,— деди да Бекиш тим отуруп калды.,

Иигиликти мактап сүйлөгөн Бекиштин сөзү Камкага да, анын тестиер болуп калган уулу Бакирге да, Сабитке да, ал гана турсун казан кайнатып отурган Каракул менен ар жакта бүжүрөп отурган Кызалакка да жакты. Бирок, Бийге такыр жаккан жок. Угарын ыклас коюп укса да, ичи тарып, андай мактоону Ийгиликке ыраа көрбөй туталанды, ызаланды: — Ийгилик ошондой кыйын болуп кетиптир дечи? — деди Бекишке алая карап.

Бекйш кың эте албады. Сөзгө Камка аралашты.

— Киши болсо Ийгиликтей болсун! — деп Камка унүн жасады.

— Ийгиликти бир мактоо менен эле, жеңенди ашык кылып койдуң белем, Бекиш старчын? — деп чалкасынан жаткан бий оонап кырынан жатты. Баш жагында отурган Камка: — Ийгиликтей кишиге аял мен эмес, такыялуу кыздар да, тастарлуу келиндер да, калдысы эстүүбаштуу эркектер деле ашык болбойбу, бийим?! — деп жиберди.

— Ашык болуп кетсең барып тийип ал! — деди бийи. Бетке чапкандай орой айтылган сөзгө отургапдардын

баары ичиркене түштү.

— Бий чанган аялды Ийгилик албайт го! Мейли, андай эле менден кутула жадап калсаңыз, албаса да айлына барып кире коноюн. Келиниңе калың бере элексиң. Калыңга тогоштуруп менден да кутул. Мал коротпой, ошенткениң жөндүү болор,— деп Камка чыйрыттай сүйлөдү. «Сөзүмдү кандай кабыл алып жатышат экен» деп Сабит менен Бекишти астыртан карады. Таамай айтылган сөзгө экөөнүн кыбасы канып тургандыгын байкады.

Бий таш тиштегендей жаагы жап болду. Кайта оодарылып тескери карап жатты. Камка сүйлөнө берүүгө өттү.

— «Куда болгуча кулубийиң сураш, куда болгондон кийин кул да болсо сыйлаш». Кызын өзү таңуулаган жок. Өзүң жармаштың. Күчкө салдырып ала качтырып алдың. «Кылгыдыкты кылын, кыл жип менен бууп» коюп, кудаңа бир ооз жылуу сөз айтканың жок,— деген мааниде сүйлөдү.— Анан — бийим чынбы? Чын! — деди.

— Дегеле көңүлүндө кири жок кең пейил киши экен. Алмабек атка таңдырып өлүмгө алып баратканда көңүлү түтпөптүр, өз башыңды өлүмдөн өзү ажыратып калды. Макул, сөөк болгондон кийин ал ошентишке милдеттүү эле дейли. Бирок, сыпгасый болуш керек эле го, бийим? Чынбы? Чын дей бериңиз!

Айлыңдагы ага туугандарындын бардыгы өзүңдү ээн калтырып казатка аттанып кеткендиги эсиңде! Эрегишип жүргөн Алмабек «Кагылышта хан өлөт» кылып коёбу деп сенин күтүүңдү күткен киши, ошондо жалгыз эле карачечекей кудаң Ийгилик болбоду беле? Элеңдеп эсибиз чыгып отурганда анын жиберген кишилери келип санаабызды тындырды. Эл четинде, жоо бетинде жүроө да, эсине алып ошенткенин кантип унутабыз, бийим!?

«Канын көкөрлөп, башын канжыгалап» калкты калкалаш үчүн, аскерлер менен арбашып, жоо бетинде калды. Эч болбогондо кудагыйың менен жалгыз эркегине кайрылышпастан өз башыбызды ала качып жүрө бердик. Мунубуз адамгерчиликке такыр жатпай калды, чынбы, бийим!?

Дагы эле кеч эмес, жолун жолдогонубуз жакшы. Ал акылсыздыгынан эл оозуна кирип отурган жери жок. Анда да намыс бар. Минте бере турган болсок Алмабектен көрө албай калганыңды эми как эле ошол Ийгилик кудадан көрөсүң. Айттыконду дебегин. Ийгилик сага катылса, эч ким аныкын жөнсүз дебейт. «Сооп кылыптыр Ийгилик, намысы бар экен» деп эл анын сөзүн сүйлөйт, бийим!

Мени да Ийгиликтин кызынын калыңына өткөрмөк болдуңуз. Тийип ал дединиз. Калыңга кете турган катын болгондон кийин эмнеге аянайын.

Тартынбастан айтып коёюн. Тартына турган эмнем калды! Өтө кеткен көксуз, ошо көктүгүңдүн салакасы балдарыңа, жерге-жээгиңе тийбесе эле болгону. «Чөптү кордосо көзгө зыян болот» имиш. Сиз эле лөк, калгандардын бардыгы чөп эмес, бийим...

Бий кайта которулду:

— Букарама, ооба, тиги кулума барып кулдук урушум керек экен го? — деп башын көтөрдү.

— Баруудан намыс кылсаңыз барбай эле коюңуз. Ал эми үйүңүзгө чакыртып алып ырайлашуудан да намыс кыласызбы, жарыктык, бийим?

— Букара кулума төрүмдү тепсете албайм...

— Андай болгондо, анын кызына уулуңуздун төшөгүн эмне үчүн тебелеттиңиз?

— Болду, сөздү көбөйтпө! Этиңер бышса чыгаргыла, — деди да туруп отурду. Эттен күндөгүдөй жей албады. Төшөгүнө жатканда ооналактады. Кышкы кирген буурадай тишин кычыратты. Ийгиликти кандай кылып басып коюунун, баш көтөртпөй чүнчүтүп таштоонун ар түрдүү амалайласын ойлоду.

www.bizdin.kg

Начар уктады. Эртең менен Байынжыргалды чакыртып алды. Мейманчылык бүткөндөн кийин узатыш үчүн тышка чыкты — Жамантай-Булакта Ийгилик деген жатат. Төрөлөрдүн аскерин кырып, жыйырма беш атар, кырк кылыч, бир «билимет» менен келген. Ушу баштан анын колундагы куралдарды алып койбосоң, түбүндө сенин башыңды да, менин башымды да ошо Ийгилик жейт. Киши кошуп берем. Айлын таап, өзүн көрсөтүп берет. Бирок, бул кабар оозуңдаи башка кишиге чыкпасын,— деди да, узатып жиберди.

Бийдин үйүндөгүлөр мейман күтүп, аны узатып жүргөндө Кызалак Берметке жылып жетти. Бий менен Камка апанын түндө сүйлөшкен сөздөрүн төкпөй-чачпай бүт айтты. Ал сөздү уккандан кийин Бермет Камка апасына барды. Бий үйдө экен. Келгенден бери салт боюнча бийге жүзүн да көрсөтө элек, жүзүн да көргөн жок. Ошондуктан үйгө кире да албады. Камка апа өзү чыкты. Бермет жүгүндү, Камка алкады. Бир аз обочолой басып, эмне жумуш менен келгендигин сурады. Бермет муңая карады. Уккан сөзүн айтса Кызалак апа оор алда калат. Үн чыгара албай туталанды.— Балам, чыдаган жаның дагы чыдай тур. Эмне угуп, эмне айтайын деп келгениңди билем,— деп мойнунан кыса кучактап койду. Бар, күйөөңө деле эчтеме айтпа. Капа кылба, анын колунан келген иш болсо, мындай болбойт эле. «Чапанчанды чапса, көйнөкчөнгө доо кетет». Мен да букаранын кызымын. Менин көөнүмө деле доо кетип жүрөт. Барагой, балам! — деп кайта узатты.

Бермет жер карап кайта басты. Албан менен өз атасы бийге кылган жакшылыгын эсине түшүрдү. Ошондо бийди ажыратып калбаганда иш эмдигиче башкача, бир жаңсыл болуп калмак, ошону ойлоду. «Жоо аяган жаралуу» деди да, үйүнө барып кирди. Сабитке сыр алдырбаска тырышты. Бирок, ызакордук, кемсинтүү, иленсалаң кылып баш көтөртпөдү.— Тер карыштырып алгамын го, чекем эле какшайт. Чекемийчекем,— деди. Сабит да анчалык баёо жигит эмес, чекесин эмне какшатып жаткандыгын тез эле түшүнүп койду. Түшүнгөндө анын колунда эмне турат. «Аталуу уул, кожолуу кул».

## XIV

Ай караңгы болгон менен жер бети аппак, кары чилде каарын төгүп какшанып турган кышкы түндөрдүн бири эле. Казыкартага кабалтең тойгон Качы бий дүйнө капар уйкуда жаткан. Тыштан үйгө кирген жигит коломтону көсөдү. Кечке жагылган оттун чогу кызарып жайнай берди эле, үй ичине биртике шоола түштү. Жигит мылтыгын таяна туруп — бийим, ойгонуп койбойсузбу!? — деп үнүн көтөрүнкү чыгарды. Бийи кебелбеди.— Караңгы түндө карайлап кайдан келген кара тумшуксуң? — деп Камка байбиче гана жууркандан башын чыгарды. Мылтыкчан жигит «Жамгырчы» уруусунун бирбаласы экендигин айтты. Ошондо Качы бийдин жүрөгү шуу дей түштү. Эмне себептүү түн жамынып жүргөндүгүн түшүндүрө баштаганда бий төшөгүнө тереңдеп кирип бүрүшүп калды.

— Бийим, Ийгилик акеме тукурган Байынжыргалыңызды ит аткандай атып таштадык. Эми сизге келип отурабыз,— дегенде бий, караңгы түндө кара жанын кайда корголоторун билбей темселеди. Ажалым анык жеткен экен деп катуу коркту. Чыпчыргасы коробостон «түлкүсү түштө улуп», жыргап-куунап жаткан бий, түн ортосунда, үйүндө, төшөктө жатып мындай ишке кириптер болуу капарына келиппи, үч уктаса түшүнө да кирген эмес. Эми, түз эле жүк жыйган тактанын алдын көздөй оонай баштады.

Жигиттин «бийим, эми сизге келип турабыз» деген сөзү Камка байбичеге да октой тийди.— Койгула, балдар. Шайтандын азгырыгына кирбегиле,— деп төшөгүнөн суурулуп чыкты.

— Сакалдуу башы менен бий акем өзү шайтандын азгырыгына киргенде, биз эмне, азгырылбас болуппузбу,— деп тамыр калмагын бий Ийгиликке, анын айлына тукургандыгын айтты. Ал сөздөр, байбиченин кулагынын сыртынан кетти.— Чоң Калмагын өлтүрүп койсоңор, мында качып келип башы батпай, балтыры сыйбай жүргөн элдин айласы эмне болот? — деп капаланымыш этин, өзүнчө күңкүлдөдү.

— Элдин убалсообу болсо бийиме, бий акеме болсун, Чоң калмагын биздин айылга, тиги Ийгилик акеме тукурбаганда мындай иш болмок эмес, Камка апа! — деди мылтыкчан жигит.

— Чоң калмагын өлтүрсөңөр, эми бийге тап коюп калсаңар, эл ичине батпай каласыңар го? Кайда барып баш калкалайсыңар?

— Кулак уккус, көз көргүс жерге кетебиз...

Камка байбиче жармаша кетеби деген сактыгы болсо керек, жигит мылтыгын оңтойлоп, бир аз кетенчиктеди.— Колундагы эмеңдин түрү суук көрүнөт, көп эле короңдото бербечи! — деп Камка байбиче эшикти карай бет алды. Ошондо тактанын алдынан: — берки кишини ар жакка ала кет,— деген үн чыкты. Ал бийдин үнү экен, эчак эле тактанын астына тыгылып алыптыр.

Байбиче менен мылтыкчан жигит үйдөн сыртка чыкты. Албан менен дагы бирөө Берметти аттаптондоп коюп ар жакта даяр туруптур.— Кара тумшук, Албан! Агаңдын канына зобун кылба,— деди байбиче. Албан анчалыкка барбастыгын, бирок, бийдин жылкысынан өзүнө тийиштүү энчисин айдай кете тургандыгын айтты. Кош айтышып бастыра берерде,. алиги жигит — чоң Калмакты атып таштадык деген сөздү, бийди коркутуш үчүн анчейин апырылтып койгондугун байбичеге эскертти да, жолго түштү.

www.bizdin.kg

Тигилер жөнөп кетер менен байбиче үйгө кирди. Бий тактанын астынан суурулуп чыга албай жатыптыр.— Тигилериң кетиштиби? — деп башын көтөрмөкчү болду эле, чекеси тактанын кырына шак дей түшкөндө, көзүнөн от чагыла түштү.

Текес тараптын кышы кандай болорун өз көзү менен көрүп, өз башынан өткөргөндөр гана жакшы билишет. Үйдөн чыгып биртике тура калган кишинин сырты бир заматта аппак кебезге айлана .түшөт. Кыш чыкканча кең Текестен карарыңкы, эч болбосо — бозоруңку эчтеме көрүнбөйт. Бардыгы ак шейшепке чулганат да турат. Түү деген түкүрүк жерге түшпөйт. Атчан бараткан адамдын кирпик, кашына, атынын ар бир түгүнө күмүш күбөк жармашып шаркылдайт да калат. Эгерде сакал, мурутуңуз болсо, анда, өзүңүздү төрөп өстүргөн энеңиз да, бир заматта тааныбай калышы этимал. Ал эми Текестин кенендигин, ээндигин сиз сурабаңыз, биз айтпайлы. Тетиги Чекиртинин оюнда, чет капкактын боюнда кетип бараткан топ караан Албан, Бермет жана берки эки жигиттин карааны. Бир сапарында иштери оңунан чыкты. Саатсабырдан тышкары болсо, эл тура Жаманбай-Булактагыларга шартылдап жете барышат, мына, азыр кулан өөк болуп таң сүрөйүн деп келатат.

* * *

Калмактар атка абдан чыйрак болот, аттангандан тартып жетер жерине жетмейннче желишин жезендебейт. Жамантай-Булгкты өрдөп бараткан тетиги топкалмак да бөрү желиш менен келатышат. Күн улуу шашке болду, Албандардан алигиче дарек жок. Сыпайы жеңе да, Ийгилик да сары санаа болуп алачыгында отурганда, калмактар ыкчамдата жүрүп жете келди. Ал жердеги жолум алачыктарга экиден, үчтөн бөлүнө барып тосмолоп калды. Алачыктардан тышка киши чыгарбады, бир алачыктын адамын экинчисине бардырбай корголотуп коюшту.

Тамыр калмагын бий Ийгиликке тукурганын кече күнү Кызалак куңдөн уккандан кийин Бермет Каракул аркылуу кимдир бирөөн Ийгиликке жибертет. Ийгилик болсо «бий кагнчалык кара ниет болсо да, эми сөөктөшүп калдык, кыянатчылыгын коёр» деген ойдо жүргөн экен. Тиги кабарды укканда төбө чачы тик турду.— Сөөк болуп калды деп ошого ишенип жүргөн мен акмак. Сөөгүн ит жесин,— деп сүйлөнүп,— түн катып эки жигит менен бар да, Берметти тартып кел,— деп Албанды жумшаган. Алар кандай келсе, ошондой конуш которуп көчө качып кетүүгө айылын даярдап койгон. Эчки, теке атып жол азык камдаш үчүн төрт жигит жанараак эле аңчылыкка кеткен. Же тыягынан, же быягынан дарек жок. Ал эми бийдин калмактары болсо капыстан келди да, тигинтип камап турат.

— Мына, эми кыйын болсоң айласын таап кутулуп көр!..—• деди Ийгилик. Санаа чиркин кандай күлүк, бир заматтын ичинде алда эмнелерди ойлоп жиберди:

— Мылтыктарды тапшыр дешет, тапшыралы, азыр жок дейм. Өзүң биз менен кетесиң. Мылтыктарды мындагыларың жеткирип берсе өзүңдү бошотуп жиберет. Кайта келесиң дешет. Кыйыктансам басмарлап, кордукзордук көрсөтүп байлап кетишет. Кыйыктанбай бара берсем, мындагылар мылтыктарды жеткирүүгө аргасыз болушат. Макул, ошентишсин, мен бошоп келейин. Анан эмне болду? Эмне болот эле! Темселеп отурабыз да калабыз. Алты беш атар колдо турса, доңуз атып жесе да бир уруу калк жан багууга жарайт. Ажырап калса, чоңкичине дебестен бардыгы тегиз кырылат. Мейли, опко байлаган кара өгүз өлсө мен эле өлөйүн. Мага карабагыла, мылтыктарды колуңардан чыгарбагыла деп мындагыларга айтайын, айдаган жагына кете берейин. Макул, кете берейин. Жалгыз балам, аялымдын айласы эмне болот? Мени булар айдап жөнөгөндө чырылдапчыркырашат. Ботрдой боздоп эңгирешет. Жаман айтпай жакшы жак, калмактар каарына алып уйпалап таштаса кантишет. Кантишет эле. Сыпайы кара кийип кан жутат. Кубаткулум тирүү жүрсө жетимдин ашын ичет, жетимдин тонун киет. Арбагымды сыйлагандар — байкуш жетим деп маңдайынан сыламыш болот. Арбагымды сыйлабагандар: — кудай урган куу жетим,— деп кулагынан чоёт.

Ийгиликтин ошентип санаасы санга бөлүндү. Башкаларын атчан каратып койду да, эки калмак, бир кыргыз алачыктардын бардыгын тинтип, эми Ийгиликтикине киришти. Калмактар менен келген кыргыз, качандыр аталары мында, калмак арасына келип жердик болуп калган киши экен, аны тилмечтикке ала жүрүшүптүр. Тилмеч аркылуу кайым айтыша башташты:

— Ийгилик деген сиз болосузбу?

— Ооба, мен болом. Оңол, кыргызсың го?

— Ооба, кыргызмын. Силерде бир канча мылтык бар экен, ошолорду тапшырып берсин деп турушат.

— Тапшырып бербесек иштери эмне экен, буларыңыздын?

— Эмне үчүн тапшырышпайт. Кимдин жеринде, кимдин элинде турганын билет бекен? — дешет.

— Билебиз. Татынакай эле билебиз.

— Биле турган болсо, эрте күндү кеч кылбасын, тапшыра койсун. Антпейт экен, күчкө салабыз деп турушат.

— Сурап көрчү, кыргызым. Эмне, булардын ошончолук ашып-ташып турган күчү бар бекен?

— Силердик күчүбүз бар. Сөзгө келбесе өзүн байлапматап алып кетебиз дешет.

Ошол сөздү укканда чочуп кеткен Сыпайы жеңе Ийгиликтин сол колтугуна жакындады. Кубаткулу оң тарабына өтүп атасынын этегин баса отурду. Бир тигилерди караса, бир Ийгиликти карап көздөрү алактады. Ичинен катуу корксо да, Ийгилик сыртынан сыр алдырбай омоктуу отурууга, кара күчкө күлүмүш болуп, курулай болсо да опуза сөздөрдү айтып чаргытып убакыт өткөрө турууга бет алды.

— Кыргызым, сен, оңол! Калмактарыңа жакшылап туюндур. Жөнү жок чокчоңдошпосун. Байлапматап алуу колдорунан келбейт. Беш атарын белен кармап бизди сыртыбыздан багып жүргөн көп

www.bizdin.kg

кишилер бар. Буларың азыр өздөрү кимдин колуна түтлүп калганын билише элек. Айт, түшүндүр. Булар өз элинде, өз жеринде. Барыдан мурда буларга жан керек. Жандарынан тойгон эмелер болсо, жайына кой, өз убалдары өзүнө. Биз жандан аша кечип жүргөндөрдөнбуз. Бизге теңелишесин. Тынч гана кете бериши өздөрү үчүн жакшы болот. Албетте мен жөн эле, булардын жүр деген жагына ээрчип бербейм. Байлап алабыз дешсе өзүм каршылык көрсөтүп кармашпайм. Мына минтип жатып берем. Ажыратып ала_ тургандарым болгондон кийин убара болуп эмнеге каршылашат элем. Баатыр болсо, байлап алышсын...

Ийгилик жамбаштап жата кетти. Жан чиркин арзан эмес, бирөө болбосо бирөө, карс эттире мылтыгын кармай береби деп бүткөн бою дүркүрөйт, жүрөгү опкоолжуйт. Күрөө тамыры ыкыл кагат. Күндүз гана эмес, түн ичинде да үйүнө узак отурбаган Ийгилик эртеден бери үйүнөн чыкпай үңкүйүп отуруп калышын жамандыкка жоруду: — ушуну көрмөккө, колго түшүп берип өлмөккө ошенткен экенмин го. Албандар аман болсо анчалык кечигишпейт эле. Ал жакта алар колго түшүп, бул жакта биздин ойронубуз чыкканы туратко. О, чиркин дүйнө,— деп жанынан түңүлүп койду. Бирок, коркуп турушун аялы менен баласынан да жашырды. Өлсөм да коркокторчо өлбөстөн .адам сындуу абийирдүү өлөйүн деп намыска таянды. Алкымдап турган ажалга айбат көрсөтүп, кебелмексен болуп жата берди.

Калмактар өз ара кужулдашты. Бири-бирди, экинчиси экини айтты. Бирөө жалтайлай сүйлөсө, экинчиси чокчоңдоп кайраттана сүйлөдү. Бирок мурдагыдай тыкырлабастан бир аз көшүүн тартып калышты. Тигйлерде болгон өзгөрүүлөрдү астыртан байкап жаткан Ийгилик берки кыргызын опузалады:

— О, кыргызым! Калмактарыңды жайына калтырып, өз жаныңдын бөгүн бөктөсөңчү, кете берсеңчи. «Кагылышта кан өлөт» болуп бөйдө өлүп калба. Мылтык алып кыркырдан карап тургандар сенин кыргыз экениңдн

тааный коёбу? Сенде жаман ниет жоктугун, тилмеч кылабыз деп калмактарыңдын алып келгенин тиги кырда тургандар кайдан билишет? Катын, балаң бардыр, каныңа зобун болбоюн, ушунчаңда кет,— деди.

— Эмне деп атат? — дешип калмактар такып калды. Тилмеч кыргыз укканын төкпөйчачпай айтып берди. Калмактар кыйшалактай баштады. Ошол учурда, алачыктардын үстүнөн беш атардын чырылдап өткөн огунун добушу угулду.

— О, жараткан. Көрөр күнүбүз бар белем,— деди Ийгилик купуя. Калмактар карайлап отура кетти. Тышта турган калмактар оопооп түшүп аттарына далдаланды; Коркуңуч кезеги эми аларга өттү, жаактары жап болуп жалдырай баштады.

— Буларыңыз кетели дешип калды,— деди кыргыз тилмеч. Анын да каны качып, өңү өзгөрдү. Көзү алайып же отурарын, же турарын билбей сендеректеди.

— Кетишеби, коюшабы — аны өздөрү билсин. Жоолошо турган болсо, буларыңдын эмне көрөрүн туюндурдум го, өзүңө! — деп Ийгилик дагы кебелбеди.

— Өзү чыгып бизди узатып койсун дешет,— деп кыргыз тилмеч кыңырылды. Мурдагы чакаракчакчактан бул турган үчөөндө эчтеме калбады, момурап момун болуп жоошуп калышты.

— Бая эле тынч кете берсеңер, же башында эле келбей койсоңор бул кордукту көрмөк эмессиңер. Кырып жиберишпесин, мейли өзүм чыгып узатып жиберейин,— деп Ийгилик ордунан турду. Тигил үчөөн ээрчитип тышка чыкты. Кырда тургандар Ийгиликти .айдап кете турган болду дешти көрүнөт, дагы ок чыгарышты. Тигил үчөө кайта качып алачыкка далдаланышты.— Жөн койгула, кете беришсин,— деп Ийгилик кырдан баштарын кылтыйтып турган мергендерди тыйып койду. Калмактар аттарына өбөктөп кара талашып качып жоголду.

Кийик улап чыккан жигиттер калмактардын келатканын көрүп, аңдып калбаганда бүгүн Ийгиликтин көрөр күнү башкача болмок, абийир болуп иш оңунан чыкты. Жол менен жүрсөк черүүлөргө кезигип каларбыз деген сактык менен Албандар кокту колотторго жашынып узак жүрүп калышыптыр, күүгүм аралаш бир топ жылкы айдап жете келишти. Ошо түнү конуш которуп кечө качышты.

Жөөжалаңдар алдас уруп алга карай жүткүнүшбт, демигишет. Ачыккан карын, бошоп калган муун, чарчаган бут, салмактуу чокой арымдарын арбытпайт. Көтөргөн жүк, аркалаган балдар белден бекем басат, майыштырат. Жетектеги балдар сүйрөлүп салмактарын салышат. Будуңчаң түшүрүп бороон уңулдапуңшуйт. Желпинип жер бетин тыткылайт. Чаңдатып кар чачат. Борошосун бороилотуп тооготашка урунат, сүзгүлөп сүрдүгөт. Самсып сандалган жөөжалаңдар анысына кайыл. «Алакайыр түшүрө көр? Аяна көрбө!» дешет. Анткени, бороилогон бороонго жамынып өтпөсө, чек арачы чериктер кармапалат. Жазалап кыйнайт, «балак» урат. Ошон дуктан борбондун алайдүлөй түшүрүп бороилой беришин тилешет...

Бороон жөөжалаңдарга боор ооруду белем, бирди бирге кошподу. Чек арачы черүүлөрдү дым чыгарбай камап таштады. Тигилер илкийкалкый жүрүп отуруп «жың пандан» аманэсен өтүштү. Капкактын ашуусун шыкай барып карагайлуу жылгага калкаланышты. Алдыартын жыйнап, ал күнү карагайдын арасында болушту. Кечтин күүгүмүнө жашырынып ашууну бет ала тырмалашты. Ойрупчайрып баскан болушат, жол арбыбайт, демигишет Күн өтө чыкыроон, ызгаары ырылдайт. Тура калса чыйрыгып, басса жан алекетке келишет.

— Оой, куу тумшуктарай! Айгайлаган ач белде, кумсарган куу жолдо каргакузгунга жем болуп кала берер бекенбиз,—дешет, темтеңдептемселеп келаткандар.

www.bizdin.kg

— Ата конуштун жүзүн көрсөк. Топурагынан чеңгелдеп жыттасак. Ошо замат өлүп кетүүгө кайыл болор элек,— дешет.

— Падыша тагынан кулагандыгы, жаңы өкмөт болгондугу чындык көрүнөт. Кыязы, төрөлөрдүн бейбаштыгы тыйылып калган болсо керек, — деп да күңкүлдөшөт.

— Оозуңда бардыр. Айтканыңар айткандай келгиси бардыр,— дешип таяктарын күчөнөкүчөнө таянышат. Жердеп жүргөн жерлерин, суулап жүргөн сууларын элестетишет. Өзүнө чакырып күтүп тургансышат. Ансайын демеп жүткүнүшөт.

Түн. Чыкыроон, катуу суук. Аяктарын эки шилтеп бир тынат, энтигишет. Жакшылык, жамандык оюна келбей дени өлүп делдейип калгандар да, өзүнүн өлүүтирүү экендигин сезбестен шардаан менен шарга кетип бараткандар да аз эмес. Канчасы жерине жетет, канчасы карайлап жолдо калып жок болот, аны ким билди. Айтор неси болсо да, ата мекенин самап кайта качып баратышат. Бүгүн Капкак ашуусун ашып тоо аркасы сыртка — Сары-Жаз бетине ооп калышты. Карандай суугу катуу, бирок, жер кара экен. Алда бараткандарга чоң таштын түбүнөн «энеке! Байыке!» деп безилдеген үн угулду. Үндү уламалап барышса, эски тонго оронуп отурган чолпондой болгон кичине кыз.

— Кимдин кызысың? — деп тегеректей калышты. Алыбай уулу Черикбай дегендин кызы экен. Жашы

тогузга чыккандыгын айтты. Эл үркккендө атасы окко учуптур. Эл кайта качканда энеси, агасы, эжеси төртөө" кошо качып келатып бутун суукка алдырып коюшат. Аны алмаксалмак көтөрүп жүрүп качып бараткандарга жете албай артта калышат. Азыктары түгөнөт. Айласы кеткенде: сен ушул жерге отура тур. Биз барып азык таап келебиз,— демиш болуп таштап кетишиптир.

Тегеректеп тургандарга кыз эч канчалык көңүл бөлбөйт. «Энеке, байыкелеп» безилдейт.

— Оо, куу тумшук ай! Же илгери, же кийин төрөлбөй, ушул заманга туура келип туулганын кара! — деп, баштарын чайкашты. Үшкүрүпбышкырышты. Жер көчүп астынүстүн болгон сыяктанды. Көздөрү мунарыктап, санаалары санга бөлүндү. Бирөө бир үзүм бышкан этти колуна карматты. Кыз жалжал карап аны оозуна салды. Оңчулуктуу чайнай албады. Бир чайнамын эптеп жутту да «Энелеп!» кайтадан безилдей баштады.

Көзүнө жаш албаган киши калган жок. Дагы бирөө кыздын оозуна бир чымчым май салды. Кыз ал майды кыйлага чейин тамшанды. Тезинен жутуп жибербеске, даамын оозунан кетирбеске, оозуна сактап турууга аракет кылды. Бирок бир чымчым майдын даамы канчага татык болмок! Бат эле умсунуп калды. «Дагы болсо» деген өңдөнүп жалооруй карады. Анын эмнеге тамшанганын карап тургандар түшүнүштү.

— Алып кете алар бекенбиз, чолпондой болгон куу тумшукту! Кантип таштап кетебиз? — дешти.

— Көзүбүз көрбөсө болот эле, көрүп туруп таштап кетүүгө болбойт? — деди кимисидир бирөө.

Ала кетмекчи болушту. Бирок, «кантип көтөрүп жүрөбүз?» деген сурооо такалып калышты. Кимисинде болсо да муун жок, күчкубаттан ажырашкан. Бардыгы тең «өлбө жаным өлбө» деп зорго келе жатышат. Бара турган жер, баса турган жол дагы эле болсо бир кыйла. Бүркүттүнү ашкандан кийин Улуу ашуу алдыда турат. Улуу ашуудан ким ашып кетери, ким белде, ким жолдо калары али белгисиз.

Алып кетүү жөнүндө айтылган сөздөр орун баспады. Көтөрүп жүрө турган эч ким болбоду. Ь1маны ысык, татынакай кызды таштап баса берүүгө эч ким кыйбады, кыйналып отура беришти. Ар кимиси ымчып, чымчып аз гана азык чогултуп беришти. Бирок, бул аган канчага дзык болот? Ошол биртике азык анын^жанын сактап кала алабы, жылытабы, иштин ал жагын эч ким эсине да, оюна да келтире алган жок.

— Жүргүлө, карап отура берүүдөн пайда аз,— деп карайлап отурган жөө көч козголду. Бирок, басып кетүүгө аяктарын шилтей алышпады. Кыз козголгон адамдарды жалжал карап:

— Энекем келип алып кетер бекен? — деп безилдеп ыйлап жиберди.

— Алып кетет, алып кетет! — дешти.

Жөө көч козголду. Моюндарына таш байлап койгондой баштарын көтөрө алышпады, салаңдапсабыркап жер карашты. Алсыз аяктары тиги кызга чалынып, жармашып алгандай чалыштады. Бута атым узашты да, ийрилип кайта отурушту.

— Бечара баланы жалдыратып, кандайча тирүү таштайбыз? — дешти.

Ар түрдүү пикирлер болду:

— Атаганат, мылтык болсо, акыры өлө турган бала экен, кармай берип жанын тындырса, жалдыратып таштап баса бергенден көрө абзелирээк болот эле го,— деди айласы түгөнгөндөрдүн бирөө.

— Ушул суук, бүгүндөн калтырбай жалмап жутатко, кыйналбай өлүп кетсе болор эле, кыйналатко?

— Кыйналат, коркот, корголойт, ылажы барбы?.. Ач бел, куу жолдо чабыттап жүргөн карышкырлар да бар. Суук болсо мындай болуп турат. Кыйналатко... Дирилдеп отурат. Ушунчалык адамдардын ичинде мыкачыраак бир адам жокпу? Акыры өлөт экен, тезирээк бирдеме кыла койсо тумчуктуруппу же таш менен болсо да...

Жок, антүүгө эч ким чыга албайт. Кол барбайт. Таштап кете берүүгө да, жайлап салып бастыра берүүгө да көз кыйбайт...

Жөө көч бет алган жагына козголду. Бирине бири сөз айтпастан ойрупчайрып, капчыгайды капталдашты. Көпкө чейинкыздын элеси көздөрүнө көрүнүп жүрүп отурушту.

Көч узап кетти. Алачыктай таштын түбүндө тишитишине шакылдап 9 жашар кыз бала кала берди. Ошол кезде кумсарган куу булут капчыгайды каптады. Ызгаардуу шамал зоодон зоого соктукту. Ээлигип

www.bizdin.kg

мөңкүчүктөп, капчыгайды буй кылды. Ашуунун ач карышкырлары жөө көчтү ээрчий карап, жаагын жанып улуду...

Сандырактаган жөөжалаңдар самсыган бойдон илгери карай илкипсалкыды. «Падыша тагынан кулаптыр!» деген кабар угулар менен Садыр элинин бейбечаралары карап тура албаптыр. Сапырылып кайта качышкан экен. Бирок, азы аман кетип, көпчүлүгү жолдо калган көрүнөт. Жол бою куру эмес, ачарчылыктан арыктап бүткөндөр отурган жерине отурган бойдон тоңуп калган, жантайган жеринде зыңкыйып сулап жатат. Жаманчылыкты көзүң көрбөсүн...

Бороондон жазганып борчуктун ыктоосуна чогулушту. Ошол учурда атчан келаткан үч кишинин караанын көрүп таңыркашты. Сары жаздын өзөнүндө атчан адамдын жүрүшү булар үчүн ары сонун, ары коркунучтуу көрүндү. Атчандар ыкчамдата жүрүп бат эле жете келишти. Экөө чоң киши. Бирөө бала. Салам айтып тиэгиндерин жыя кармашты. Отургандардын бирөө: — о, айланайын, сен белең! — деди да тура калып кол алышты. Келип тургандар — Ийгилик, анын тестиер болуп калган баласы — Кубаткул, үчүнчүсү Албан. Чуулдапчуркурап эсендик сурашкандар «Алыке» жана «Олжобай» урууларынын кедейкембагалдары экен. Ийгилик аларды атайы тосо чыгыптыр. ЫсыкКөл тараптан укан кабарларын айтып: — Падыша тактан куларын кулаптыр. Анын ордуна «Керинской» деген падыша болгон имиш. Анысы кандай падыша болорун билген киши жок. Иши кылып бара бергениңер оң,— деди Ийгилик.

Айлындагыларды ээрчитип Ийгилик качып чыкканда тоо арасына өтүптүр. Мында бекинип калган агасы Чеңгелдейди тааптыр. Аңысы адам байкабай турган капчыгайда малжаны аман жаткан экен. Бир айдан бери ошондо солушуптур. Жакында ЫсыкКөл тарапка көчө тургандыктарын айтты. Ийрилип отургандардын азыктүлүктөрүнүн жайын сурады.

— Тоосулуп калды, тоосулуп — Ийгилик баатыр! Сени көрсөткөн кудай куру койбос деп, ач курсагыбыз тоюна түштү. Колдой жүргөн эр элең. Дагы бир колдоп коё алар бекенсиң! — дешти. Ийгиликтин ак көңүлдүгү кармады. Келаткандар канча түтүн экендигин сурады. Бир жүз он эки түтүн экен. Эгерде Чеңгелдей агасы тил алса, ар бир түтүнгө бирден кой карыз алып бере тургандыгын айтып Ийгилик жүрүп кетти.

— Эми түтүнгө бирден кой болгондо, ханга салам бербей эле калабыз го! — дёшти, арыпачып жандарынан күдөр үзүп калгандар.

— «Өлбөгөн кулга өлүү балык»...

— Чеңгелдей жер карама кудай урган эме эле, тилин албай коёр бекен. Анте турган болсо, кантер экенбиз?..

— Ийгилик тил алдырат.

— Ооба, тил албаса күчкө салып болсо да алып берет.

— Бизди Ийгилик көрбөсө болот эле. Көзүбүздү көргөндөн кийин бары бир түтпөйт. Бирдеме кылат.

— Ал атайы тосуп чыккан турбайбы. Алабалдарын билейин деп, атайы камкордук кылыш үчүн келген да!..

Борчуктун имерилишине корголоп жата беришти. Башка күндө бир чака сууга бир чыны ун салып кылаңтыр ичкендер, бүгүн бир жарым чыны ун салып атала сөрөйлөрүн бир аз коюулатып ичишти. Анткени, эртең түтүнгө бирден кой алышат, калган жолго бир койдун эти жетиштүү азык болот...

Элдик макалга караганда «Атанын жаман көргөн уулу түк күтөт» имиш. Бу күнгө чейин Чеңгелдейди кимиси адам дептир. Азыр арыпачщгып келаткандарга Чеңгелдей алда кандай алп, кою котолоп. короосуна батпай жаткан кордолуу бай сыяктуу элес берди.— Ущунчалык калайыккалкта акыл тапкан жалгыз Чеңгелдей болгон экен, — дешти. Чеңгелдей болуп кад^агандыгына арман кылгандар да болду. Бирок, Чеңгелдейи Ийгиликтин тилин албай кыйнап койду.

— Тил алып кой! «Олжобай», «Алыке» уулунун арыпачып келаткандарына карыз бербесең, башкалар текке

талап кетет. Жүз он эки түтүндү бирден койго карыз кылып койсоң качан болсо да аласың. Өлбөгөн, жоголбогон, колуңда турган кой,— дейт Ийгилик.

Жер бетегедей кыдыйган Чеңгелдей жер карап унчукпайт. Болот же болбойт дебейт. Ары айтты, бери айтты. Оозунан бир сөз чыкпады.

— Бир жүз он эки коюңду карыз берип бир жүз он эки түтүндүн жанын сактап калсаң сенден жакшы ким болот? Ойлосоң болбойбу, жарыктык!?

Калктын эмне болуп, эмне коюп жаткандыгы Чеңгелдейдин оюна келип да койбойт. Кою жөнүндө гана ойлонот. Ийгилик калк жөнүндө айтпастан кой жөнүндө, койду дагы кантип көбөйтүү жөнүндө айтса, кулагына элдир-селдир бирдеме кирет эле. Башкалар жөнүндө айткан сөзү бир кулагынан кирсе, экинчи кулагынан чыгып кетип турду. Ийгилик акмокоду. Кой короонун артына басып барды. Бир чөмөлө болуп жаткан эски кийимдерди көрдү. Чеңгелдейдин. аялын чакырып кайдан алгандыктарын сурады. Көрсө, Чеңгелдей эркул жолдо өлгөндөрдүн кийимдерин сыйрып келип чогулта бериптир. Аялы, балдары урушса да болбой коюптур. Аны укканда Ийгиликтин азат бою тик турду. Ачуусу абдан келди. Урупсабап жиберүүнү ойлоду. Бирок, канчалык жаман болсо да жатындаш жакыны, жашы улуулугун эске алды. Чеңгелдейдин өзүн чакырып — бул эмне! — деди. Ал унчукпай ары басты. Өгүзүн жайдак минип жайылып жаткан койлоруна кетти. Ийгилик жардам күтүп отургандардын жайын айтты. Субайсалтаң жигиттердин бир тобун жиберди. — Семизинен бир жүз он экини тандап бөлгүлө. Албан, өзүң баш болуп борчуктун түбүндө отургандарга жеткирип бергиле! — деди.

www.bizdin.kg

— Чекем кантер экен, жарылып өлүп кетип жүрбөсүн! — деп калды Албан.

— Өлсө өлөр. Бир жүз он эки түтүн калк карайлап ажалдын алаканында турганда, Чекең канчалык болуп калыптыр. Баргыла. Аларды акыйтпай тездетип жеткиргиле. Ошондой .болгондо да Чекеңе төрт жүздөн ашуун кой калат, жетишпейбиошонусу. Тоңуп өлгөндөрдүн кийимдерин тоноп алса да, эч теме болбойт,— деди Ийгилик. Жалоондой болгон жигиттердин бир тобун ээрчитип Албан ишке кириштри..

## Үчүнчү бөлүм

## КАЧКАНДАР

I

Жака-түздөр ала-белек болуп ит жатактап калган. Бирок, карагай арасынын кары чымырай элек, карандай суугу кадимкисиндей какшанып турган учур болучу.

Кыргыз баласы башкүнтөдөн башына күч келсе, токойлорго корголоп, төш таяна качып чыгып тоо жамынып жан багуучу экен. Тигине, «Көлмө» атала турган капчыгайдын ар бир карагайынын түбү куру эмес. Топтобу менен отко кактанып отурган аял, эркек, бала-бакыра. Өңдөрү азган беттери какачтанып туурулган. Колдорун кычы басып чырт-чырт айрылган. Көздөрү шоролонуп, кирпик, каш, сакалмуруттар уйпаланган. Чачтары өсүп кабактарына түшкөн. Кийимдери тозгон: тыңыраактарк айрылган, жыртылган жерлерин бүрүп алган. Жамаачылап шырып койгон. Жүүнү боштордун үстүбашы албадалба. Үксөйгөнсаксайган. Ошентип, тоо токоюнун арасында отурушат.

Тоо токою демекчи! Тоо токоюнун зору да, алпы да, марты да карагай. Башкалары, маселен, четин, кайың, тал, шилби, терек, итмурун, ыргай жана башкалары карагайдын тушарына де келбейт. Жайдыркыштыр бир түстө, ымырт жашыл, өңүн өзгөртпөй көйкөлөт да турат. Карагай аттуунун да, теги бир фолгону менен, бардыгы бирдей эмес. Шартына4 жараша ар кайсысы ар башка. Бири дардайып жоон болсо, бири кылмыйып ичке. Бирөв узун болсо, бири кыска. Кыңыр, кыйшык, ийримуйру өскөндөру да көп. Кай бири жащылданып жайкалып турса, кай бири акчамбыл тартып азыңкы. Ошондой болсо да баары бир бардыгынын аты карагай.

Карагайлардын түбүнө сууктан корголоп төштөрүн отко кактай отургандар өлмөсөк ахалаган, охологон болушат. Кыңк эткен добуш, катуурак чыккан үн угулбайт. Учу күйүп бүткөн чычаланы ичкерештирип коюу, отко демеп отун жагуудан башка кыймыл да, аракет да, үн да, сөз да билинбейт...

Алар не деген, эмне иштеп, эмне бүтүрүп отурган адамдар? Сууктан коргонуу, отко жылынуудан башка эч" бир бүтүргөн жумуштары жокпу? Адам бар жерде аракет болуш керек эмес беле? Эмнеге мелтирешет? Түнөрө чөгүп үн катышпайт? Тил, ооздон ажырап, дүйнөдөн түңүлгөн тиричилик кылып өмүр сүрүүдөн үмүт үзүп бүткөн эмелерби? Тирүү болгондон кийин, акыры термелиш, эч болбогондо телчигиш керек эмеспи?

Алар өздөрүнүн же тирүү, же өлүү экендигине көздөрү жетпей темселеп отурган бечаралар. Иштин жөнү мындай:

Чымчыктардын эң коркунучтуу жоосу кыргый, турумтай. Аларды көргөндө чырпыры чыгып чырылдашат. Безе качып караганга корголошот. Кандуу кагылыштан кийин, учурук эли да чырылдап безе качкан. Медер кылып кытай жерине кирип барып, жансоогалашкан. Аттай арка, тоодой медер кылып барган Кытай өкмөтү качып баргандарга караганча калканчы боло алган жок. Бирок, кытай жеринин Текес тарабы ары кенен, ары ээн экен. Малдуу байларга балаа барбы, баш катып бат эле житип кетти. Ал убактагы кыргыздар «Малдуу киши алдуу, малдыз киши алсыз» деше турган. Андагы доордун ошонусу да бүтүндөй чындык болучу. Кедейлер малсыз. Алсыздар «пулуң болсо кулуңмун» дешкен.

Кытай өкмөтүнөн күдөр үзгөндөн кийнн, үч уруктун малсызалсыздары кыш капортосунда эле качып чыгып жөөжалаң жолго салбады беле! Башы бүтүн, боору эсен бүлө калбады. Эңкейген кары, эмгектеген жашты ач бел, куу жолго калтырып, өлгөнүнөн калганы тигине, карагайдын таңында өлүү десе көрдө жок, тирүү десе сандл жок болуп арыпачып, азыптозуп отурушат.

Булар кайта качып чыгаарда: — О, кудай! — дешип жакаларын капшыра кармашкан.— Киндик кесип кир жууган ата конушка тирүү жеткир! Топурагына оонайлы. Тунук булактарынан суу жуталы. Андан кийин өлүп кетсек кенедей да арман болбойт—дешипзар иңгирешкен. Тирүү келгендери тигинтип тилектерине жетишти. Ата конуштарына кайта айланып келишти. Сууеунан ичип, топурагына оонашты. Бирок, жан чиркин арзан эмес экен. Эч бири өлүп кетүүгө бел байлаган жок. Өз жанынан аша кечкен бир да киши болбоду. Атүгүл карагайдын таңына баш калкалап, ачыкка чыга албай корголоп отурушат. Мужук кыштагына бириндеп барууга да, чубашып чогуу бррууга да диттери чыдабайт. Ошентип отко кактанып отура берүүдөң башка азыр эчтеме колдоруйан келбей калды.

Мужуктардын күчкө жараган эр бүлөсү түп көтөрө соЛдатка кеткен, согушта жүрөт. Аялдары айдап алган азыноолак эгиндерин оруп алалбай кар алдына калтырышкан. Баш сала бардыгы кирип барса да батырат, оордошпойт. Атүгүл жан дешет. Иштөөгө жумуш, ичүүгө тамак да табылат. Бирок, баягы

www.bizdin.kg

жазалоо отряды кыштактан кеткенби, жокпу — ошону билген эч ким жок. Ошо отряддан зааркaнып гана, карагайдын таңына камалып калышты.

Азыркы бардык иш мужук кыштагынан кабар алууда, жазалоочу отряд кеткенби, жокпу ошону билүүдө болуп отурат. Андай ишке жарай турган ким? Ийгилик, Албан. Ырыска каршы ал экөөнүн чатагы бар, аны билесиздер. Он алты солдатты баягында офицери менен кошо жойкоботу беле! Жүздөгөн адамдын жандарын сактап калыш үчүн ошол ишке барбады беле. Он алтысын антпегенде Түп дайрасынын жээгин адам каны сел болуп каптамак эмес беле!

Он алты солдатта Ийгиликтин эч кандай өткөн өчү, кеткен кеги жоктугу белгилүү. Аларды мойсотуп таштобну ал керт башынын кереги үчүн иштетпегендиги да белгилүү. Кыргынга учурап жаткан калктын камы, аларды ажалдан арачалап калыш максатында ошондой ишке барбады беле! Анын пайдазыянын жазалоочулар ылгап отурмак беле. Колдоруна тийсе бир заматта ишин бүтүрөт да коёт. Ошондуктан Ийгиликтин орус кыштагына барышына Албан бүтүндөй каршы. Албандын өзүн жиберүүгө Ийгиликтин дити чыдабайт.

Ошентип, бүгүнкү күн да батты. Түн ичинде алыстан көрүнөт дешип оттoрду өчүрүштү. Бирине бири сүйөнүп жатымыш, Жантайымыш болушту. Жөөжалаң жол ,басып, ачарчылыктын, сууктун занкысынан алсыздангандар же уйкудан жок, же ойгоодон жок, эки ортодо жуушады да жата беришти. Ийгилик менен Албан бирде сүйлөшүп, бирде жөн эле өгура бериц түн ортосун  оодарды.

Өз күтүүлөрүн күтсө Ийгилик менен Албандын кыйнала турган эчтемеси жок. Бүлөсүнүн астындагы аттары тың. Кийимдери жылуу. Жая салып жата коюуга төшөнчүлөрү да бар. Тоо арасынан кайберен атып жешсе да, бүлөсүнүн карындарын ачырбайт. Мылтык бар. Ок, дары да жок эмес. Атбашы аркылуу Анжиян тарапта тынч жаткан элге өтүп кетишсе да жан бага алышат. «Үйрүң бирге чубайсың, боорун бирге бурайсың» дегендей, тигилерге боору бурайт. Таштап коюп өз бүлөсүнүн күтүүсүн күтүп бир жакка кетип калса да,бары бир, барган жеринде буларды ойлой берип бейпай болот. Ичкен, жегени аш болбойт. Жамандыкты да, жакшылыкты да көп менен көргөн абзел. Кудай элден, журттан ажыратпасын,— дейт Ийгилик. Баягыда Албан өз энчим деп Качы бийдин жайытынан бир айгыр үйрү жылкыны айдай келген. Ошончолук жылкыдан үй бүлөсүнө бирден мингич калтырды. Улам бирден сойдуруп берип отуруп тигилерди ушу жерге зорго жеткирди. Төшөнчүорунчусун артып жүргөн күрөң бээ бир аз эттүүрөк эле. Аны да бүгүн сойдуруп бүлөсү көпкө көптөй, бүлөсү азына аздай — бөлүштүрүп бердирди. Ийгилик ошондой киши. Анын ошондой пейли Албанга да жугуптур. Анысы да, бирөөлөрдөн алууга караганда берип турууну, жардамдаш болууну жакшы көргөн киши болуп келатат. Мына эми, таңга бир уйку калды. Жанатан бери башын жерге салБш мандашын жазбай отурган Ийгилик башын селт көтөрдү.

— Албан балам кайсыны айтайын! Үч уруктун ойрону чыга турган болду го? Булардын ачкадан кыйналып кырылганын көргөндөн көрө, кыйналбастан, атылган октон мүрт кеткенин көрсөк, ошо жеңил болбос беле, экөөбүзгө?! Барар жер, баш калкалар тоо калган жок. Тыяктан ар бир*и кыштоолорун медер кылып, ар кимиси өз кыштоосуна жетсе эле бардыгы мурдагыдай боло калчудай жакшы кыял, жакшы үмүт менен чыгышкан. Түн жамынып барып кыштоолорун кечеги түнү көрүп көңүлдөр.ү сууп.келди. Орус кыштагы менен кабарлаша албай минтип отурабыз. «Жатып өлгүчө атып өл» деген кеп бар эмеспи! Кудай берген жанды акыры кудай кайта албай тынбайт. Тобокелге бел байлап эртен мен Тумокеге жетейин,— деди.

— Коё турунузчу жарыктык, ата! Мен • барайын. Балким жазалоо отряды кеткендир. Жатып алган эместир. Биз жөн эле коркуп батынып бара албай тургандырбыз. Эртең менен мен барып кабар кылайын, Тумокеге,— деп Албан чебеленди.

— Оңол, Албан балам, оңол. А балким жазалоо отряды жатып алгандыр, кете элек болсочу! — деп Ийгилик башын шылкыйтып унчукпай калды. Көз алдына жазалоо отрядынын элеси кайта келди. Албан аларга кабылса соо койбойт. Экөөнүн кимисинин барышы оң. Албанбы? Же өзүбү? Ийгилик өзү барса, жазатайып жок болуп кетсечи? Анда Албан бул жердеги башкаларды болбосо да өз бүлөсун кор кылбайт. Бир жакка ала качып барса да багып алат. Эгерде Албан барып жазалоочулардын колуна түшсө, жаман айтпай жакшы жок, мерт болуп калсачы? Кубаткул болсо жаш. Анда Ийгиликтин көрөр күнү эмне болот? Ал азыр Албандын аркасы менен гана Ийгилик. Мүңкүрөп отурат да калат. Кайсы жагынан болсо да өзү барганы оң. Ордунан туруп кеп да, сөз да айтпастан ары карай басты.

— Ата, кайда барасыз?

Ийгилик тык токтой калды. Мукактанып эчтеке айталбады. Биртикеден кийин: — тим эле. Тиги аттар жакка!

— Аттардын жанына мен барайын. Балдарыңыздын жанына жантайып жата турунуз,— деп Албан астын тороду. Ийгилик башын көтөрүп күн чыгыш тарапты карады.— Таң карачкысы сөгүлө турган болуп калыптыр, балам! Сен мужуктарга барып кабарлашам деп турасың. Жата кой. Бир аз болсо да жаның сеп алсын. Оңол, Албан балам,— деди да аттар оттоп жүргөн жакка басып кетти. Албан туткактай албады. Ыйбаа кылды да, ээрчий карап кала берди.

Эртең менен .турушса Ийгилик жок.» Атын миниптир, бир жакка бастырып кеткен го,— дешип эчкимиси анчалык этибар кылбады.

Мужуктар эрте жатып, эрте турат. Тандын эресересинде бул кыштактан тогуз жүзгө жакын үйдөн түтүн булады. Жаз жакшы болордо түнкүсүн асман ала булут болуп, эртең менен ачылып турат дешет

www.bizdin.kg

карыя адамдар. Анысы чын болсо, быйылкы жаз жакшы болууга тийиш. Түндө көчөлөрдөгү кар катпаптыр. Күндүн мурду чалганда эле сарысуулар жыбылжый баштады. Бирок, дагы эмнеси болуп кетти, жакшылыгынабы, же жамандыгынабы, ким билет. Чиркөөнүн коңгуроолору бей маал каңгыршаңгыр болду да калды. Кыштак калкы кулак түрүп сестеңдеди. Түтүнгө бирден адам старостанын канторун көздөй жөңкүлдү. Чиркөөнүн коңгуроосу дин жолу менен эмес, кеп бар, келгиле деген мааниде, бей убак урулгандыктан, кийим кийип бой түзөөгө буямалары келбеди. Үстүндө кандай кийим болсо, ошонусу менен жөңкүлө чыгышты. Карысы барлардын карысы, карысы жоктуң_ өзү кетти. «Өзү» деп кимдерди айтып жатабыз? Күйөөлөрү солдатта жүргөн, тышка чыгып эркектин жумушун, үйгө келип аялдын ишин бүтүрүп калган тирүүлөй жесирлерди айтып жатпайбызбы!

Абу дегиче калк чогулуп калды. Чогулгандардын арасында көзгө токтомдуу, баягы ийни кулач, жайык төш, тепсе темир үзүлгөн эр бүлөнүн бири да жок. Таягына өбөктөгөн өлөсөлү абышка, кемпирлер, аялдар, дестиер болуп калган кыздар, өспүрүм боз балдар канторанын каршысына жыш ургандай шыкалышып калды. Келүүчүлөр келип бүттү деген учурда коридорго ээрчишип эки киши чыкты. Анын бирөө орус, экинчиси кыргыз. Бардыгынын көзү ошо кыргызды карай жалпы жамырады. Булар өткөн жылдын август айынан бери көзгө сүртүүгө кыргыз таппай калган. Сонуркай карап ооздору ачылды. көздөрү алайды. Күбүршыбыр болуп бирин бири түрткүлөштү.

— Мынабу турган кишини тааныйсыздарбы!? — деп тигил орус калкка кайрылды. Калк дуу дей түштү:

— Тааныйбыз. Неге тааныбайлы. Ал киши кыргыз. Ийгилик турбайбы! Кайдан келиптир?..

Дуу-дуу сеелдей түшкөндө берки турган орус сөзгө кирди. Ийгиликтин тамыры — Тимохе, кыштактын старрстасы ошо киши экен. Качкындардын ал жайын, Ийгиликтен уккандарын баяндап өттү. Жарданып тургандардын кай бирлери ахалап баштарын чайкашты. Кай бирлери охолоп шыпшынды. Оң колунун сырты менен сол колунун алаканын шак эттире чаап аянычтуу улутунгандар да болду. Мында Яшка деле турган бир кырс, куйту чал бар эле.— Каршылашып качып кеткенден кийин, кайсы беттери менен уялбастан кайта келишиптир? — деп куйтулугун карматты. Анын сөзүн укканда чыдабай кетти көрүнөт, туйрук Иван деле турган карыя таягын сүйрөп коридорго чыкты. Ийгилик менен кучакташып көрүштү. Анан жарданып тургандарга карады. Ийгилик түшүнсүн деди көрүнөт адегенде кыргызчалаштыра сүйлөдү.

— Яшке, сен сакал киши сакал менен жүрүп атасың. Ушундай жаман сөз айтпаса керек. Уят караса керек,— деди. Анан орусчалап аны жемелей баштады.— Кыргыздар качканда жөн эле качкан жок. Кыргыздарга да жан керек. Ошону билбейсиңби? Найзанын учунан, кылычтын мизинен, мылтыктын огунан, замбиректен коркуп качты. Ажалдан жан талашып качты. Сен эмне замбиректен коркпойсуңбу? Көрөр элем, курсагыңа бирөө найза такап турса, качпастан уялып туруп бергениңди! Качып барган жерлеринен да жолдору болбоптур. Өлгөнү өлүп, калганы кайтып келиптир. Келгендери жакшы. Август айынан бери кыргыздар жок көргөн күнүңөр эмне болду. Эгиниңердин көбү орулбастан кар алдында калды. Башка чарбаңар эмне болуп жатат? Кыргыздар барда ошондой болучу беле? Качан ошондой болду эле? Жалгыз бой, күйөөсү согушта жүргөн аялдардын да эгини кар астына калуучу эмес. Согуш башталгандан бери кыргыздар ооруңарды колуңардан, жеңилиңерди жерден алып турбады беле? Үч урук элинин жакшылыгын көп көргөнбүз. Эч бир жамандыгы боЛгон жок. Чатак башталганда колго түшүп калган балабызды да аман жеткирип берген. Булардын жакшылыгын унутсак кудайды унуткандай болобуз. Баарыңарга жардамчы керек. Бирден чанаа кошуп, баргыла. Карагай арасында камалып жаткандарды алып келгиле. Аз күндө таалачылык жумушу башталат. Ага чейин асырап бага тургула деген сөздөрдү айтты. Шыкалышып тургандар — туура, туура! — дешип чуулдашты.

Чогулгандар тарай турган болгондо, он төрт жашар боз бала энтеңдеп чуркап келди. Алактап ар кимдердн карады. Ийгилик көзүнө чалдыга түшкендө, атылып чуркоого умтулду. Алдында тургандарга урунуп жыгылды. Тил укту. Анысына карабады. Алдагыларды жөөлөп илгери карай аптыкты.— Жинди болгон балабы? Кутуруп кеткен эме го? Кандай баласың? Эмне, аркаңдан кутурган ит кубалап келатабы? — деп айрымдары баланы колунан, этегинен тарткылады. Эч бирине эчтеме айтпастан тырмалап отуруп коридорго чыкты. Жете барып Ийгиликке асылды. Бир нече ирет кучактап, төшүнө бетин такады. Көрсө, ал, баягыда өтүкчү шилисинен мууздап таштайм деп жулунуп турганда, Ийгилик ажыратып алган бала, ошо бала турбайбы!

Чогулуштан тарагандар үйлөрүнө жетер замат чаналарын аттарына кошту. Азыктүлүк алып карагайдын таңында камалып отургандарды карай убайчубай берди.

## III

Орус тамырларынын малын акыга багып Ийгилик тоодон түшпөдү. Качы бий кытай жеринен он жетинчи жылдын июль айында көчүп келди. Болуш уулу Сабит мырзанын каза тапканы болбосо, малына мал кошулуп, дүнүйөсү түгөл, чыпчыргасы коробоптур. Эски конушуна жайланышкандан кийин, бир күнү Каракол шаарына барды. Алышбериш кылып жүргөн соодагерлери кеп болучу. Үч күн аларда мейман болуп дооран сүрдү. Үйүне келер менен бир болуш элдин мурдагы бийлерин, старчын, элүү башыларын киши жиберип чакырттырды. Болжолдуу күнү бардыгы кадимки Чыр-Дөбөгө чогулушту.

www.bizdin.kg

Качы бин ыгырала отуруп демиге сүйлөп сөз угузду. Сөзүн: — жаңы үйөзүңөрдүн үйүнө барып үч күн мейман болдум,— деп баштады. Ошентип кара өзгөй, калптарды айтты.

— Жаны үйөз жакшы күтүп алды. Өзү да чоң кубанычта болду. Коош! Ак паашанын тактан түшкөнү чын экен. Аны үй өз өз оозу менен айтты. Мен өз кулагым менен уктум. Ошо кудай ушу, бир да жалганы жок. Ак паашанын ордуна «Керинскей» деген пааша болуптур, калышты. Ошондой болсо да Шадман аке кудасы бийдин караөзгөйлүгүн жактырган жок. Качы болуш ажыдаар минип, жылан камчыланып калыпсың. Бир аз сабыр кыл. Баш кесмек бар, тил кесмек жок эмеспи! Ийгиликтин айта турган жүйөсү бардыр. Укпайлыбы. Угалы! — деди.

— Ийгилигиңердин сөзүн да укпаймын. Жүзүн да карабаймын. Кул кутурса кузгунга жем болот. Олжобайдын арбагын сыйлабаган, мени көзүнө илбеген шайтандын жинин ошентип кагамын. Кара башы соо калганына кудай десин. Айтканым айткан. Дегеним деген. Ат тарткыла. Аттанабыз. Башка айтарым жок.

Бий ошол сөздөрдү оолуга сүйлөдү. Жер таянып ордунан турду.

— Качы бий, бул эмне деген кеп? Журтчулукка сыйбайтко? Кепкеңешке келбей турган болгондон кийин бизди неге чакырттың? — деп Шадман аке козголбоду. Олжобай уруусунан келгендер жабыла аттанды да, бастырып кетишти.— Качы бийдин бу кайсы кылыгы? Чакырып урган иттей кылды го? Э, ботом ушундайда караөзгөйлүк болобу? — деп Шадман аке кейиди.— Ачуусу тарар, сөзгө келер. Журттан чыкмак беле? — деп анан Ийгиликке көңүл айтты. Сырттарынан сыр бербеген менен, бары бир, бардыгы бийдин бу жоругунан ичтеринен колоп коркуп калышты.

Бий айтканынан кайтпады. Ошол эле күнү Ийгиликке адалдан түк калтырбай аяктуу малын бүт айдатып алды. Аны уккан Жамгырчы уулу Ийгиликке келишти.— Руксат бер. Качы бийден келгенди көрө коёбуз. Жамгырчы уулунун Качы кайнынан алыптырбы? Букара болсо да, бир уруу журт. Качанга чейин колдон келди кыла берет. Ар дайым азабын, кордугун көрө бергиче биротоло казысын жарып таштайлы. Кунун төлөйлү — дешти. Тыюу бербей— болгула. Барабыз.Жылкысына тийебиз. Айлына кол салабыз. Алды менен Качы бийин жайлап таштап биротала туруп берели. Аркачандан бир качан кордугун, зордугун койбос болуп алды...

Ошентип оолута бериштн. Ошондо Ийгилик камчысып мойнуна салып: — Сабыр кылгыла, туугандар! Кулдугум бар! Тил алып койгула. Ачуу шайтан, акыл дос. Анчалыкка барбайлы. Бийдин кордугуна чыдай келгенбиз. Дагы бир жолу чыдай туралы. Ачуу менен, шайтандын азгырганына кирип кетпейли. Аз айылбыз, тепсерүүндө калабыз,— деп туугандарына жалынып жалбарды.— Бий сөзгө келер. Келбей турган болсо, ошондо биротала кврүшербүз,— деп Жамгырчы тукумун паспас кылып зорго тыйды. Ийгилик ошентип караөзгөй Качы бийге да, уруу намысы үчүн өлүмдөн баш тартпаган туугандарына да теңелбеди. Албан менен Берметти бекине тургула деп жана эле орус кыштагына кетирген.

Ошентип Ийгнлик жаш бала, аялы менен журтка отуруп калды. Каралашар кишим калбады, өзүм жалгыз бага алгыдай эмесмин деп тамырларынын малын өткөрүп берди. Агасы чеңгелдей баягыда арыпачып келаткандар алган койлорун ар биринин артына сүрө түшүп жүрүп төлөтүп алган. Ошондо — койлорумду талатып жиберген деп азыр анысы Ийгиликтин изин баспайт. Агасы Жума Аксы, Турфан жакта молдолук кылып жүрсө керек. Бир жолу белекбечкек жибериптир, өзүнөн алигиче.дайын жок. Бийди жандайм деп жүрүп өтүкчү катышбаласын ачарчылыкка бүт алдырып каңкы башы, кара чокусу жалгыз калган. Бийдин балачакасынын аягын бүтүндөп азыр анын айылында жүрөт. Мантек элүү башы жана бий аттанганда алар менен бирге кетти.

## IV

Шашке ченде Каракул шырдак көтөрүп чыкты. Анысын үйдөн бир.аз обочо дөңсөөгө жая таштап кайта келди. Кара сабаны карсылдата быштъ. Кыйладан кийин бир конок кымызды бир колуна көтердү. Сыр аяктан төрттү экинчи колуна катмарлата капшыра кармап кайта барды. Алып баргандарын шырдактын четине койду да, өзү сыңар тизелеп отура кетти. Ошол убакта кепичин бутуна коңултак салып, ич кийимчен, кашкар чепкенин желбегей жамынган Качы бий калдая басып кабактан чыга келди. Олчоё тартып шырдакка мандаш урду.

— Кош! Куя бер кымызыңдан. Кандай ачыган керүнөт? — деп бий жаргак түспөлденгөн ээгин курулай сыламыш болду. Каракул толтура куюп бир аяк кымызды колуна карматты. Бий эки колтукту көтөрө берип шимиргенде аяктын түбү дароо эле шыпкала түштү. Аякты

Каракулга кайта узатты да, аны тигиле карады. Анысы жазганып жер тиктеди. Экинчи аяк колуна тийгенде дагы бир кере жутту. Анан аякты боюнан обочолото кармап сөзгө кирди: Албан менен Бермет орус кыштагына барып бекинип жүргөндүгүн, мындан эки күн мурда соодагерлердин бирине жалданып Анжыян тарапка кой айдап кетишкендигин айтты. Аны өз көзү менен керген бирео кечинде келип өз оозу менен айтып кетиптир.

— Адалдан түк калтырбай айдатып алып Ийгиликке жөөнүн таягын карматтым, кегимди кетиргеним жок. Мындан ары ал кызыталакка жалдуу ат мингизбейм, жакалуу тон кийгизбейм. Анын кызын (Берметти) өзүңө никелеп Албан бачагарды аңыртайын деген элем. Катынын алып аныбыз качып жоголо турган болуптур. Коош, Каракул баатыр! Муну кандай кылуучубуз?..

Бий ошентип Каракулга үңүлө карады. Биринчи көргөн, тааныбаган адамды ошондой караса бакырып жиберүүгө чамасы келбестен түз эле чалкасынан кетмек. Бийибиз ошончолук сүрдүү жана өтө эле сүрү бузук киши эмеспи!

Каракулда эмненин кеңеши! Айдаган жакка басат, айтканды иштейт, тирүү эле жүргөнү болбосо, ийниндеги башы да өзүнүкү эмес. Бийдин эркинде.

Ырас Каракул да өнөрдөн куру эмес. Мал сойгонду жакшы билет. Жеке өзү бир бээни арыдан бери улак ордуна будалай салат. Кандай мал сойсо да, бир устукандын этинен экинчисине эчтеме кетирбейт. Этти да табы менен бышырат. Эзилтип жиберипсиң же камкош калтырыпсың — деген сөздү ушунча болуп эч кимден уга элек. Этке туз хатытууга да, кылкыбыр катыштырбай таза бышырууга да маш. Отун алып от жагууну эч кимге айттырбайт. Каракул кол арага жарагандан бери Качы бийдин коломтосу алашам отунду көрө элек. Бирок Каракулубуз өтө эле тоңтоосун. Колдоюп эч кимге ыркын кошпойт. Айылда эмнелер болуп, эмнелер коюп жатат — ал үчүн баары бир. Мал союу, отун алып от жагуу же эт бышыруу жөнүндө сүйлөнгөн сөздөр болсо бир аз көңүл бурат, тыңшайт. Башканын бардыгына дүйнө капар, кайдигер. Кармаган жеринен кан чыгарат, балбан. Баса, чалма уруп азоо кармаганды да жакшы билет. Бирок, өтө тоң моюн, домпуш, маңоо. Бийдин: — Берметти өзүңө никелетейин дедим эле — деген сөзүнөн башка кулагына эчтеме илинген жок, илингени болсо түшүнө албады.

— Кымызыңдан куй,— деди да бий сөзүн арылатты.— Албан бейбаш, тентек жигит болду. Дос, душмандын алдында кепке кемтик, сөзгө сөлтүк кылып жүрөт. Кандай болсо да тең атанын баласы. Коош! Анын көзү тирүү турганда Берметти өзүңө никелей албайбыз. Анте турган болсок, бүткүл Олжобай уруусу экөөбүзгө каршы турат. Туугандардын токонаалат сөзүнө калабыз. Коош! Алыс узап кете элегинде артынан кууп жете бар. Албанды өз колуң менен жайлап ташта. Берметин байлапматап алып келе бер. Менин өчүм кансын. Сен катындуу бол.

Бийдин кымыз ичип отурушун көргөн айылдын аксакал, көксакалдары биринден кымызга келүүгө бет алды: — бул ишти экөөбүз гана билебиз. Эч кимге оозуңдан чыгарбайсың. Камка байбиче да билбесин. Күүгүм талаш жылкыга аттанган киши болуп, эч кимге билинбей жөнөп кет. Коош! Чалма уруп азоо кармай турган кыл арканыңды ала жүр. Байкатпастан сыйыртмак салып санга бас. Бир чакырымдай аралыкка урдуруп барып таштап койсоң жумушу бүтөт. Билдиңби?

Каракул башын ийкеди. Келгендердин бири эптүүсүнүп кымыз куюу милдетин өз колуна алды. Каракул үйдү көздөй кетти. Барып үйдүн далдасына делдейип турду. Анын көзүнө Берметтин элеси көрүндү. Анан өзү; нөн өзү корунду. Кийиминин начарлыгын ойлоп ызаламды. Ошого чейин үйлөнүү, кийинүү деген анын оюна анчалык келбептир. Ойлонуш, ой жүгүртүш үчүн албетте," түрткү, шылтоо болуш керек. Үйлөнүш үчүн мал керек. Малсызга бирөө кызын бекер бербейт. Бекер бергиси келсе да кулга бербейт. Аны толук болбосо да Каракул боолголоп түшүнүчү. Эми анын оюна келбей турган таалайды бий өзү айтып, өзү берип жатпайбы! Албанды өлтүрүп, Берметти зордоп алып келсе эле, бардык иш жайжайында, Каракул Берметке эр болуя катынга жетине турган болбодубу!

Берметтин элеси Каракулду катуу оолуктурду. Алапайын табалбай отун жарууга кириштн. Көңүлү ошончолук көтөрүлө түшкөн экен, бутактуу карагайлар да балтасына туруштук бере албады. Арыдан бери барчыбурча жарып таштап, кыл арканын издеп тапты. Анын бир учун күрмөдү. Чалма уруп сыйыртмак сала койчудай кылып белен койду. Жүрөгү алапжелеп болуп токтоно албады. Кызалак менен бирге барып бээ саашты. Оолугуп калган эркул бээлердин эмчегин жөн эле жулуп коё жаздады. Желе боодон эки көнөк сүттү эки колуна кармап үйгө барды. Чыпкалап сабага куюп күпүлдөтө бышты. Карападай ышталган чоң саба төө терисинен тигилгендиктен гана зорго туруштук берди. Башында эле ымт шып жүргөн терчил жан эле, бүгүн боргулданып чокусунан буу чыгып жүрдү. Кабакта агып жаткан дайрага барып киринди, жышынды. Андан кийин деле токтоно албай койду. Бүгүн ал үчүн күн да узарып кеткенсиди. Урунупкеринип кечке чейин аягы жерге тийген жок.— Жылкыга барам,— демиш болуп кечинде аттанып кетти.

«Кырсык бир айландырбайт. Бир эле айландырып алса, куйруктан алып чыр айландырат». Элдик макал ошондой дейт. Албан менен Берметти ошентип кырсык дагы чырмай турган болду. «Качкан да кудай дейт. Кууган да кудай дейт». Же каракой же карышкыр өлүшү керек. Антпесе бир тарабынан жаны тынбайт. Экинчи тарабынын көксөсү суубайт.

## V

Чоң жолдун боюна ак чатыр тигилиптйр, айланасында бир короо кой жатат, карааны беш жүзчө бар. Тышта жүргөн олбурдуу чал тушап койгон көк чологуна барды. Чал жакындаган сайыи көк чолоктун шыйпанышы көбөйдү. Кулагын чунаңдатып качууга камынды. Бирок, сырын билген чал куушура тушаган экен, куткарган жок, жүгөн катты. Көк чолоктун аркасы алты, бели беш жоор экен, тазалооо кириштн. Чунаңдап мөңкүп көк чолок тынч турбады. Чал үстүңкү ээрдин чорболой койду эле, көк чолок титиреген бойдон туруп берди. Жоордун жайын жакыр киши жакшы билет эмеспи, билген табыптыгын иштеди. Жанына катуу күч келди көрүнөт көк чолок көлшал түшүп тердеп берди. Жетелеп келип чийди буруп байлады. Арыктын боюна барып чал бирэтек бака жалбырак жулуп алды. Анын бир канчасын ташка коюп жанчты. Бир тобун бүкүлү алып келди. Жанчылгандарын жоорго жаап, бүкүлү жалбыректарды үстүнө төшөду да, тердигин салып ээрин токуду. Көк чолок зээри бас жылкы экен, ээри

www.bizdin.kg

мойнун көздөй качып жүрүп куйругун куюшканы кыйып жибергендиктен, чал аньгшалаңдап минип жүрүптүр.

Чал азаптанып атын токуп турганда ар жактан бир жигит менен бир келин ээрчише басып келди. Жигит эки колду бооруна алып салам айтты, келин таазим кылды. Чал алкап алик алды. Жөнжай сураштырды.

Ак чатырдын айланасында жаткан койлор соодагердики экен. Каркыра ярмаркасынан алып, тиги чал менен койдун ар жагында жүргөн жигит экөөнө айдатып келиптир. Алар мындан ары барбай турган болгондуктан, соодагер кой айдатууга киши издептир. Келип турган жигит менен келин ошо кабар боюнча келишкен экен.

— Олай болсо, шырагым, кожоюнга кире коёлу! — деп чал жаяптады. Келин тышта калды. Чал менен жигит чатырда отурган кожоюнга киришти. Кожоюн чап жаак, кыр мурун, кабагы тик, эти жадоо, карасур адам экен. Кийгендери лампик, бейкасам, намаркен; белине шайы жоодуктан беш, алтыны кабаттап курчаныптыр. Теш чөнтөгүндө чынжыр боолуу сааттама, башына кийгени чаар топу, эки элидей кундуз кармалган жеңил бөрк. Киргендердин саламын этибар алган жок. Чай куюп берип отурган чалдын чач, сакалы өбкөн. Жыртак көзү шоролонуп алыцтыр. Башына кийе турган эчтемеси жоктуктанбы же болбосо такыбасыныппы, айтор башына кирдеген матаны чалып коюптур, селде сөрөйү болууга тийиш. Кожоюну да, чай куюп бирге отурган жыртак чалы да — келиң, алың! — деле турган сөздөрдүн бирин айтууга жараган жок. Чайын ичип болгондон кийин кожоюн жигитке бурулду да, мында ким жибергендигин сурады. Жигит ким аркылуу келгендигин айтып берди.

— Жолдошуң барбы?

— Ооба, бар,— деди жигит.

Кожоюн элпек козголуп чатырдан чыкты. Тышта турган келинди көргөндө тык токтоду, элейе карады. Ошондо да эсендик сурашууга мойну жар бербедиби, жигитке бурулуп: — бу киши сиздин катыныңызбы? • — деген сөздү айтты.

— Ооба, кожоюн!

— Чырайлуу жакшы катыныныз бар экенго?

— Ооба, чырайы таалайына туштук,— деди жигит.

— Катыныңыз өзүңүз менен кой айдашып бирге жүрөбү?

— Ооба, бирге жүрөт.

Кожоюн келинге имерчиктей берди. Уурдана карай беришинен келин жүдөдү, кырын салып кымырыла кыйгачтап турду. Келинди көргөндөн кийин соодагердин жигитке мамилеси өзгөрүп кетти.— Кардыңар ачкандыр. Чатырга кирип чай ичкиле — деп эгилипжагыла баштады. Бүгүн шаарга барып конорун, жолго даярданып эртең түш ченде келерин, казак койчулардан коюн санап алып жигиттин колуна өткөрүп берерин айтып шаарга кетти. Аттанып кетип баратып да келинди кылчаккылчак карады. Келин жигитке көз ымдап ары басты, жигит ээрчиди. Арылап барып арыктын кырына көчүк басышты.— Барбайлы. Ишибиз дагы кыйчалыштаганы турат. Өлсөк, тирилсек да өз элибиздин четинде бололу,— деди келин. Ыйламсырай сүйлөдү.

— Мен бейбак, сенин азабың гана эмес, ажалың үчүн жаралып калганмынбы дейм!—деген сөздү туюк кошумчалады. Анын кыйытып айткан сөздөрүндө — соодагер сорунуп калды. Чоочун жер, чоочун элге барганда көзүңдү тазалоого аракет кылса, сенин айлаң не болот? Менин айлам не болот? — деген маани бар экен, аны жигит айттырбастан түшүндү. Жигит кенемексен болуп курулай күлүмсүрөдү.

— Оо, каректарым! Былай келиңдер!—деп чал үнүн каргылдантты. Келин менен жигит ээрчише басып жанына келди.

— Уулым, атың ким болоды?

— Карыя, атым Албан!

Чал Албанды тиктеп ойлоно калды. Белиндеги кайыш курун чечти, анысына кадалган кисе, оттук, кестиктери менен шалдыратып таштап койду.

— Атың Албанба? Калайша Албан боп калган? Анав үш урук элинде Кашы бий дейтун бир дев (дөө) бар эли. Ол оңбагыр тирүүма? Айта отыр шырагым!

«Өз атаңды катпай айт. Айлыңдагы жакшыны, атам деп атын сатпай айт», деген мааниде бир топ суроолу сөздөрдү айтты.

— Качы бийиңиз бар. Мен ошо бийдин карачечекей иниси Чымырдын баласымын — дей бергенде,— ов, Албаным, не айтып отурсуң? — деп казак чал ыргып турду.— Шырагым, жетимшем, көзүңдү анык көрдүмбов, төгүн көрдүмбов!—деп Албанды сыга кучактады. Өпкөөпкөсүнө батпай шолоктоп ыйлай берди. Албан да, Бермет да жашыды. Энесинин төркүнү «Албан» атала турган казак уруусунан экендигин, орус кыштагына качып келип бекинип жүргөндө ошо таякелерине барып баш калкаласакпы деген оюн Албан Берметке айтып кеңеш кошкон. «Жээн эл болбойт, желке тон болбойт». Анын үстүнө, алар тирүү барбы, жокпу — деген ой менен кайта айнып калышкан. Казак чал таеке экендигин Албаны да, Бермети да дароо түшүндү.

Чалдын жүрөгүн уялаган кайгыкапа өтө көп экен.— Төрт бир тууган төрт үйлүү өзүнчө акарчакар бир айыл адам элек, Албаным! Ачарчылык жалмады. Улуу тумоо — келтеси жалмады. Акыры коколой кара башыман бөлөк бирдебирөө калбады,— деп, чал өзүнүн төшүн экибиүчбү муштапмуштап алды. Тирүү болсо өзүн көрөйүн, жолугуш.айын деген максат менен жээнин эриш кармап соодагердин коюн айдашып

www.bizdin.kg

келиптир. Биртике соолугуп, ал жайын кыскарта баяндап Албанды дагы карады. Кайта тура калып кучактап көкүрөгүнө кысты. Анан арыктагы сууга барып колун жууду, жүзүн чайыды, оозун чайкады. — Өкүнбөйлү өткөнгө, кейибейли кеткенге. Бары бир, Албаным, пайда жок. Ыйдан кирпигим катып, көзүмөн жаш чыкпдй калган эле. Өзүңдү көргөндө өлгөнүм тирилгендей, өчкөнүм тамгандай болуп турам, чырагым, медерим Албан! Эки жашыңда атадан айрылып, энеден жетим калганыңда бир көргөн элем. Көпбай тукумунун эркегинен как баш чал мен калдым. Кыз тарабынан жалгыз өзүңсүң. Ылайым өмүрдүү бол. Ичерин ичкен, көрөрүн көргөн мен бир чалмын. Азирейил жанымды азыр тартса да ыразымын. Өзүңдү бир көрсөм дегенде ак эткенден так этер элем. Акыры тилегиме жеттим. Эгерде ушу көрүп отурушум түшүм болбосо...

Чал сөздү үрөй сүйлөдү. Ыйлай берип Берметте а дээрге ал калбады. Бир жагынан таяке чалды аяса, экинчи жагынан ушу чалдай болуп калар бекен — деп өз атасы Ийгиликти аяп ошончолукка барды. Эки ортодо бир кыйла сөздөр сүйлөндү. Акырында:—Албаным ушу сапарга чыкпа! Ушу жерден кайта тарт,— деди таяке чалы. Соодагер кожоюндун Берметке тоорула бериши чалдын оюнда калыптыр. Албан аны да түшүндү.— Кечинде бул жерге атам (Ийгилик) келет. Иштин ал жагын бирге отуруп ошондо кеңешербиз,— деп Албан тим болду.

Соодагер кожоюндун чатырындагы жыртак чал сыртка чыкпады. Куржункечелерин чатырдын орто жерине үйүп койду да, кайтарып отура берди. Казак чал анын чач, сакалын кырып берейин, жибит — деди эле көнбөдү. Бирөө чачымды алып жатканда экинчиси куржундарды көтөрө качабы — деген сактык менен ошентти.

## VI

Кече күнү бир көргөндө эле кожоюн Берметке берилип калыптыр, керели кечке оюнан чыкпады. Шаарга жетер менен башкасын коё туруп Берметке арнап күзгү, тарак, атыр самын сатып алган. Бермет анын өткөн түндөгү уйкусун да төрт бөлдү, ооналактап, жата берип зорго таң атырган. Анын кыялы боюнча бай соодагерден аял киши баш тартпоого тийиш. Койлорду сатып өткөргөндөн кийин айласын таап Албанды адаштырып жоготууну, Берметти ээлеп алууну ойлогон. Эгерде адашып жоголбой турган болсо, кандай жол менен көзүн тазалоо жагын да болжоп койгон. Ошентип, койлорун эки эсе кымбат сатып, жана орто жерден оңой эле аялдуу боло коюу максаты соодагер кожоюнга түндө уйку бетин көрсөтпөгөн. Жана, бери чыгарда: — акыры аял өзүмдүкү боло тургандан кийин,— деп, акчанын көзүнө карабастан башына сала турган жоолук, көйнөк да ала келген. Жол азыгын бир атка артып, мына эмн, апылтапыл келип жетти. Бирок, келе сала чаабайы катуу сууду. Анткени, белек-бечкегин бере турган Бермети жок экен. Салам алекке келбестен — катының кайда? — деп Албанга ачуулу карады.

— Үйгө кетти, кожоюн! — деди Албан.

— Кайта качан келет?

— Кайта келбей турган болуп кетти, кожоюн!

— Неге кайта келбейт. Кой айдашып өзүм менен бирге жүрөт дебедиң беле?

— Ошенттим эле, таксыр! Бирок, катыным айнып калды.

Соодагер кожоюн «оозунан алдырган бөрүдөй» комсунду. Атүгүл атынан түшпөстөн селейип ката түштү. Бир аздан кийин: — бар, барып катыныңды алып кел. Акысын бир жарым эсе көбөйтүп берем,— деди. Ошо сөздү айтып атынан түштү.— Чоочун жер, тааныбаган элге кызымды жибербейм,— деп түндө аялымдын атасы келип алып кетти,— деди Албан.

— Андай болсо, өзүң да кете бер. Койлорумду башка киши таап ошого айдатам,— деп кожоюн заарын бетине чыгарды. Калың берип, кара чачып алган өъүнүн аялын Албан башка жакка өткөрүп жибергенсип көзүн чакчаңдатты.— Андай болсо мейли. Жүр, кеттик Бекиш! — деп Албан ар жакта отурган «жигитке» бет бурду. Ойлоно калган соодагер — ал кайдагы эме, эмне үчүн бу жерде жүргөн жигит экендигин сурады.

— Бир тууган иним. Аялымды атасы кайта алып кеткендигин угуп, өзүм менен бирге кой айдашып барууга келиптир!

— Бар. Барып катыныңды кайта алып кел. Мейли акысын эки эсе көбөйтүп берейин!

— Акысын он эсе көбөйтүп берсеңиз да, кайын атам кызын кой айдап кошо барууга жибербейт. Аган кадыржан болуп коюңуз, байбача,— деп Албан анын эңсеесүн кесе айтып тим болду.

«Бекиш!» деп турган «жигитибиз» Берметтин өзү. Түндө Ийгилик келген. Ага жигиттин кийимин тиктире келиптир. Аны кийгенден кийин Берметибиз жигит кейптенип калды. Бир козунун кардын жыдыттырып, аны жылтыраган кептакыя кыла келген экен. Чачын тебесүнө түйүп, анысын кийгенде Берметибиз «тас» кейиптенди да калды...

Берметтен үмүтү үзүлгөн соодагер: — мейли. Иниң экөөң казак койчулардан койлорду өткөрүп алгыла,— деди. Санаганда койлордун туягы түгөл чыкты. Кош атына чатырын бүгүп жүктөттү. Куржун, төшөнчүлөрүн арта салып жыртак чалына жетелетти да соодагер жолго түштү. Конолголуу жерин болжоп айтты.— Койлорду кубалабастан жай айдагыла. Коно турган жерге жеткиче тойгузуп баргыла,— деди да кете берди.

www.bizdin.kg

Ошентип, Албан менен Бермет кой айдап сапарга чыгышына, мына бүгүн үчүнчү күн болду. Тигине, Каракул эми шымаланып жете келди. Жеңин коломочтонгон Каракул шукшурулуп кирип барды.— Бермет кайда? — деп Берметке бет алды.

— Берметиңиз ким? А кайдагы эме, билбейт экенмин, көрбөптүрмүн! —деди, Бермет.

— Тиги Албандын катынычы!

— Андай болсо, аны Албаныңыздын өзүнен сураңыз. Биреенүн катыны кайда, эмне иштеп жүргөнүн мен кайдан билем?

— Катының кайда? Ыя? — деп Каракул Албанды бет алды.

— Каракул аба, жол болсун! Эл аман, журт эсенби? Чабагандап келишиңизге караганда бий атаңыз акырет карай сапар чеккенби дейм?

Албан ошентип кекээрдүү кептерди айтты. Каракул сөзгө келбеди.— Катының кайда? — деп демитти, демикти. Ээрдин кашына кыстарып койгон кыл арканына колун оңтойлоду. Албан сактанууну, сөзгө алаксыта турууну, опузалап айбат көрсөтүүнү ойлоду.— Эмнеге мынчалык демитесиң? Эмне үчүн ошончолук демигесиң? Кимди демитип тургандыгыңызды билесизби? Мен Олжобай уруусунун тең ата бир уулу экендигимди биле» сизби? Сиз мени өлтүрсөңүз бүтүн олжобай уруусу менин кунумду кууп алат. Эгерде, мен сизди өлтүрүп койсом, кунуңду кууй турган кимиң бар? «Кул кутурса кузгунга жем болот». Өзүңүздүн ким экендигиңизди ойлоңуз! Сиз жалгыз эле Качы бийдин кулумун деген ойдо жүрсөңүз керек. Жалпы Олжобай уруусунун, ошонун ичинде менин да кулумсуз!..

Каракул ойлоно калды, мизи майтарыла түштү.

— Менин катыным кайда экендигинде сиздин кандай ишиңиз бар? Айта коюңузчу! Анан мен катыным кайда экендигин айтып берейин!

— Бий атам алып кел деди.

— Бий атаңдын меңин катынымда кандай жумушу бар экен?

— Анысын билбейм!

— Сиз билбесеңиз, биз билебиз. Менин катынымды Сизге алып бергени жүрөт. Туурабы?

Каракулдун кежигеси кежеңдей түштү. Мукактанды. Оозуна сөз да киргизе албады. Оозунан сөз да чыгарууга жарабады.— Албанды атка сүйрөткөнүм кандай? Катыны бул жерде жок экен. Жөн эле кайта кете бергеним кандай? — деп купуя деңдароо боло түштү. Бирок: — жайлап кел. Көзүн тазалай албасаң, тирүү келүүчү болбо,— деген бийдин буйругу эсине кылт дей түшкөндө, кыл арканын Албанды карай шилтегенин өзү да сезбей калды. Чалма уруп азоо кармоого адис болгон эркулдун колу жаздым серпкен жок. Албандын мойнуна колдун учу менен сала койгондой чап дей түштү. Анысын көргөндө Бермет чыңырып жиберди. Жете барып жардамдашуу, болуша кетүү оюна келбеди. Катуу коркуп кеткенде адам ошентип бир сапарында нес боло калат турбайбы! Бир аздан кийин эсин жыйдыбы дейм: — кара баскан Каракул, сени кайсы кудай уруп жүрөт? — деп кыйкырып сала берди. Ошондон кийин гана жардамдашуу эсине түштү.

Качы бийдин жүздөгөн азоолорун ансыз эч ким кармай да, үйрөтө да алуучу эмес. Кыл аркандын колундагы учун санга басып тура калганда, кандай азоо болсо да, мөңкүчөктөп барып муунуп жыгыла турган, же титиреп туруп берүүчү. Бул сапар Каракул айбанга эмес, адамга чалма ыргыткандыгын элебеди.

Макул, Каракул Албанды атка сүйрөтүп өлтүрсүн. Берметти жигит экен деп тааныбай кайта барсын. Ошондо Каракулдун табары, көрөр күнү кайсы болот? Олжобай уруусунун бир баласын тентитип жоготту деп бийге нааразы болуп жүргөн туугандары жокпу? Катынбала, карыжашына дейре нааразы. Уруу намысы оңойбу? Башка уруулардын бири «Албан» деген сөздү оозунан чыгарса, баштары шылк эте түшүп жер карап жүрүшпөйбү? Эгерде, Албан ушу сапар Каракул колдуу болуп көзү ачык кетсе, аны Олжобай уруусунун кимиси болсо ошонусу эле жеткен жерде шилисинен мууздап таштайт. Баары бир, ошондой болгон күндө да, башка уруулардын шылдыңынан кутула алышпайт.

Качы бийге эмне! — кул иттик кылыптыр,— дейт да коёт.Ары кетсе курулай кейимиш болот. Мен жумшага» мын демек беле. Бийим жумшаган эле деген сөз өлүп атканда да Каракулдун оозунан кайдан чыга койсун.

Ошентип Каракулдун чалмасы ыргытканда эле Албандын мойнуна илинген. Бирок санга салып чу коюп кетпестен мыкчыйып тура калды. Азоо жылкыга чалма урганда дайым ошенте калуучу. Албан экендиги маңоо байкуштун оюна келбесе керек. Учурдан пайдаланып Албан чалманын сыйыртмагын мойнунан алып ыргытты. Каракул арканын кайта тартып экинчи ыргытууга камынды. Чатышын чыгара албай күймөлдү. Ошол арада Албан жете барып кой айдап жүргөн таягынын жоон башы менен тизеге согуп калды. Каракулдун арканы колунан түшүп, атынын жалын кучактады. Таяктын жоон башы талуу жерине таамай тийген болсо керек, оңоло албай далп этип аттан түшүп калды. Эсин жыйса кайта туруп кармаша кетерин эске алып, эки колун аркандын бир учу менен аркасына байлай коюшту.

## VII

Ээрчише баскан эки жигит Өзгөн шаарына жакындады. Көтөргөн жүктөрү оор эмес: экөөндө эки ээр, анан куржункече. Шаардын четинде калың топ уучуу болуп жатат. Кокус ушулардын арасында болбосун — деди артта келатканы. — Не бар, не жок, бара кетели,— деди алда келатканы. Калың топту карай

www.bizdin.kg

аяңдашты. Тигилер уй мүйүз болуп ийрилип алышкан. Көчүк басып отурган адам жок. Бардыгы орто жерди карап оолугат. Үндөрү канча болсо, ошончо чыгарып айгайлашат. Барып шыкалыша тургандардын арасынан орто жерди шыкаалашты. Эки дөбөт кабышып, кажашып, кармашып жатат. Карыжаш, чоңкичине дебестен эки дөбөттү жапырт айдакташат. Дөбөттөр канчалык катуулап кабышса, беркилер үндөрүнүн бардыгынча айкырышат. Дөбеттердүн кабышуулары басаңдаса, алардын кыйкырыктары да басаңдай калат. Койчу, ал жерде тургандардын бардыгы эки дөбөт менен кошо кабышып, бирге кармашып, тиштешип жаткансышат. Эки жакка, эч кимге көңүл бурган бирөө жок. Кездерүн эки дөбөттөн албас^^. внтипш, илгери карай демигишет. Алтыжетөө бирден; дйб^щү ноктолоп алыптыр, алкынтып ар жакта

коштоп жүрөт. Кокустан колдон бошонсо койайыңа карай турган эмес. Жеткен жерде эле тиш сала турган.

Эки жигит кабышып жаткан иттерге көңүл бурган жок, ал жерде турган адамдарга көз чаптыр*ышты: кай бирлери буттарына бирдемени коңултак илип алганы болбосо, бардыгы дээрлик жылаңаяк, жылаң баш, көйнөк, дамбалчан. Көпчүлүгү баш кийимин же колуна кармап, же колтугуна кысып коюшкан.

— Бул жерде жок, көрүнбөйт,— деди алда келген жигит.—Андай эме ит кабыштырган жерге кайдан келсин,— деди беркиниси.

Биртике арылап ар жактагы калың топко барышты. Андагылар Кочкор сүзүштүрүп жатышыптыр. Келишкен эки кочкор кыйла аралыкка кетенчиктеп кетет. Кайта катуу жүгүрүп карскурс сүзүшөт. Ошондо берки карап тургандардын көздөрүнөн от чагыла түшөбү, кантет, ар бири өз башын чулгуйт. Кочкорлор мыкчыйса кошо мыкчыйышат. Кекчейсе кошо кекчейишет. Кочкорлор катуу айгышып калыптыр. Бирок, иттерче тытыша бербестен, алар оор басырык, сыпаа, карсакурс болуп туруштү. Эки жигит кочкорлорго да көңүл бөлүшпөдү. Жаналы калбай кочкорлор менен кошо тоорулушуп тургандарга гана көз жүгүртүштү.

— Бул жерде да көрүнбөйт. Жок экен,— деди жигиттердин олбурдуусу.

— Болсо, ушу жерде болмок экен, ал береке таппагыр,— деди чабалырагы.

— Кандай себептүү андай дейсиң?— деди беркиниси.

— Биз айдап келген койлордун ичинде он чакты кочкор бар эмес беле? Соодагер кожоюн ошо кочкорлорду күн сайын түгөлдөп жүргөнүн байкагамын. Кейпи, анысын ушунтип сүзүштүрүүгө алып келаткан эме го?

— Анысын мен кайдан билейин, жүр, кетели!—деди олбурдуу жигит. Кете беришти. Аржактагы айкырып кыйкыргандар бедөнө алыштырып жатышыптыр. Ал жерге токтолбостон олбурдуу жигит базарды көздөй баштап жөнөдү. Анысы узун бойлуу тартагай да эмес. Кыска бойлуу мыртыгый да эмес. Туурасы чыккан бөлтөгөй да эмес. Жоон жолпу келтөгей да эмес. Бою ортодон жогору, төшү жайык, далысы кең. Мурду кырдач, чап жаак, аяк алышы салмактуу, басмырт,": Ээрчип жүргөн жигитти уламулам кылчая карайт. Ийниң талып кеткен жокпу? Адашып калба, бас!— деп коёт. Базарга киргенден бери анысы көзүнө эмне чалынса, ошону элейе тиктейт. Таңыркап оозу ачыла түшөт. Сонуркап токтой да калат. Майдалап басат, арымы кыскараак.

Базарда жүргөн бирөө тигил экөөн ээрчий карады. Аттарын сатып жиберип ээр токумун көтөрүп калган аркалыктар экендигин айныбай тааныды.— Эки аттын акчасы аз эмес,— деген ой менен тооруп калды. Акча кимисинде? Албетте, тыңыраак, жол баштап жүргөн тигинисинде. Кейптерине караганда, акчасын алдырып жалкоотой боло элек эмелер,— деди.

Эки жигит базарды тигиндей да аралады. Мындай да аралады. Узунунан да, туурасынан да кыдыра беришти. Базарчылар кыжыкыйма. Ар биринин колу куру эмес.— Арзан берем, ала кой!—дешет.— Ал, ал дешип таңуулашат. Жолдорун тороп токтотуп, түз эле бирдемесин колдоруна кармата да коюшат.

Кайырчыларынын көптүгүн кантесиң. Таякчан чал, кемпирлер, айрым жаш балдары да алакандарын жайып утурлашат. Биринен бири өтөт. Батадубаларын айтып бабырашат. Базарга кире бергенде биринчи кезиккен кайырчыга жети тыйын ырым беришкен. Сурангандардын ар бирине жети тыйындан кармата берсе капчыктары бат эле кагыла турган. Ошону ойлоп эми эч бирине эчтеме беришпеди. Умсунуп калган кайырчылар акысын алдырып жибергенсип акырая ээрчий карашты.

Суу сатып жүргөн майда балдар акебай, жөн эле жаактарын жаныйт. Суусунан суза чуркап, ар кимдин алдын торошот. Бу жактан чайчылары чайына чакырып кыйкырса, тиги жактан ашпоздору ашын мактап айгайлайт. Ар тараптан азынаган эшектерин кантесиз.

Эки жигит ээрчишкен бойдон кыдыра беришти. Баягы киши тигилерди ээрчип калбады. Калың топту аралап өтө турган болгондо алдыңкы жигит чөнтөгү бүлк дей түшкөнүн сезди. Колун сермеди эле, чөнтөкчүнүң билеги алаканына урунду. Катуу мыжып койду белем, чөнтөкчү тыбырчылап жаналатке келди. Алаканындагы чака тыйындар чачылып жерге түштү. Чөнтөкчүнү берки жигит жер тиштете силкип таштады да басып кетти. Жерге түшкөн чака тыйындарды ар кимдер терип жигитке сунду эле алган жок. Алмак турсун карап да койбоду. Эчтеме көрбөгөн, эчтеме билбеген кишидей гана салмактуу, жай баракат басып кетти. Чөнтөкчү чыны менен эле эсинен тандыбы, же анткор док урунгусу келдиби, айтор неси болсо да, боз ала болуп көптөн кийин зорго турду.

Кыдыра берүүдөн эки жигиттин буттары, жүк көтөрүүдөн ийиндери талыды. Чайканага барышты. Чөнтөкчүнү бир силкиш менен жер каптыра коюшун, терип берген тыйындары.на карабастан басып кетишин көргөндөр, жигиттин мүнөзүнө сонуркады. Бир канчасы чайканага ээрчий барды. Терге чириген

www.bizdin.kg

эски топу, кир көйнөк, багалегин санына чыгара түргөн карга шыйрак, чачы өсүп кабагына түшкөн кара бала чайга келгендерди тызылдап тейлеп жүрдү. Эки нан, бир чайнек чайды эки жигиттин алдына айттырбастан бере салды. Чай ичип нан жешти:— Эй, айланайын Албан! Ушундай да эл болот экен го? Кудая тобо! — деди чабал жигит.

— Болгонун көрүп турбайбызбы! Анын эмнесин айтасың?

Албаны ошентип күлүмсүрөдү. Берки жигити—Бермет турбайбы. Өзүнчө сүйлөнө берүүгө өттү:

— Кудая тобо. Ушундайда эл болот экен го! Уулдаган, чуулдаган. Аңылдаган, даңылдаган. Бул жерге көнбөгөн кишинин эки күнгө жетпестен кулагы курттап кететко! Бетим ий, бетим. Уялбастан айран, сүтүн да сатышат турбайбы? Арыктарда агып жаткан суудан сузуп келип сатыш эмне деген жакшылык? Суу сатуудан балдары, саттырып коюудан атаэнелери уялбайбы? же бардыгы ата жок, эне жок, суу сатууга күнү калган өңчөй жетимдерби? Анын бардыгы жетим болгондо чоң кишилеринин көбү кырылып калган го? Андай дейин десең көчөсүндө кишиден көп эме жок. Алпейимдиктерин кантесиң! Бекер бере койчудан бетер — ала кой, ала кой,— деп асылышат. Атаны кокуй арман күн. Тигинде бир топ эмеси кап кайдагы чөп чарларды жеп отурушпайбы! Бардыгы ушу шаарга үймөлөктөшүп чогулган эмелер белем. Анан тамак жетпей чөпчар жешке көнүп кетишкен змелер го? Чөпчарга колу жетпегендери тетигилердей болуп суранып, тиленип кайырчылык кылып калганго? Чындаса бирин-бири сатып жиберүүдөн да кайта тартпай турган калкко дейм. Э кудай! Кайдагы жер, кандай элге келип тушукканбыз? Ой Албан баатыр Бирдеме дебейсиңби?

— Ооба, ушундай эл, ушундай жерге тушугуппуз, Бермет баатыр!— деп Албаны күлүмсүрөдү.

— Ит кабыштырыштын эмнеси тамаша? Кочкор сузүштүрүштүн эмнеси кызык? Бөдөнө кармаштырыштын кимге сонундугу бар? Ой тобо! Дүйнөдө ар кандай калк болот турбайбы? Мындан ары да эл, жер барбы, кандай? же жердин түгөнгөн, элдин бүткөн жерине келдикпи?

— Жөнү жок жөөлүй бербесеңчи, Бермет баатыр!

— Баатырына аялдын атын коюп алыптыр дешпейби, тигил отургандар укса. Бекиш баатыр деген сөз оозуңузга кирбейби, Албан абакеси. Булардын бардыгы бизди эле карашат. Биздей киши көрө элек эмелерби?

— Бул жактагыларга окшобойт турбайбызбы!

— Тетиги чай, нан таратып жүгүрүп жүргөн бечара карга шыйрак кара бала ушу күздөн чыкбайтко! Таманы жерге тийбейт, көчүгү жер жыттабайт. Арыктыгы өтүшүп баратыптыр, байкуш баланын. Керели кечке көргөн күнү ушу болсо, кантип чыдайт? Тетиги чайын чайкап ичип, мурутун кайтакайта сылап жалгыз отурган киши, ушу чайчылардын кожоюнуго? Кудайга колу жеткенсип ого эле болбойт, кербезденишин карап кой! Шордуу баланы жаштайында жайрата турган болуптур. Баса, эки жактан издеп эми убара болбойлу. Качып кеткен кожоюн эми бизге карматмак беле? Эми кайда барабыз? Эмне иштейбиз? Башты кандайча калкалайбыз?..

— Аксактын сабырына карай туралы, Бекиш баатыр! Эли менен, жери менен тааныша лы. Анан ойлонушуп көрөрбүз. Алты саныбыз аман турбайбы, кор боло койбоспуз...

Булар ошентип отурганда артынчакүртүнчөгү бар бир кедик чал келди. Сары ити бар экен, анысын мойнунан байлап жетелеп алыптыр. Аны көргөндө чайчылардын кожоюну жакындап жанына барды.— Чал! Атаңды мойнунан байлап жетелеп алыпсыңго?— деди. «Кыргыз кызыл иттен таралыптыр» деген шылдың сөз боюнча тигинин келечелеп турганын кедик чал түшүнө койду көрүнөт. — Эмнени келжиреп турасың, соодагерим? — деп чал кедеңдеди. Соодагер айткан сөзүн кайталап айтты.

— Суу сатып пул табыш үчүн, акыйып отура берип көзүңдөн ажырап калган белемсиң соодагерим?

— А, эмне дейсиң?

— Көзүң көрбөй каганбы дейм?

— Эмне үчүн көрбөйт? Көрөт!

— Көргөнү кайсы? Өз атаңды тааныбай отурбайсыңбы! Карап көрчү. Кандай ит экен?

— Сары ит.

— Кызыл болсо кыргыздын атасы болмок. Сары болгондон кийин сарттын атасы болбойбу?

Чайчылардын кожоюну сөгүнүп басып кетти.— Тамашалашууну билбегенден кийин тийишпп эмне кылат экенсиң. Барып сары сууңду саттыра бер,— деди да кеңик чал Албан менен Берметтпн жанына келип отурду. Тигилер орундарынан туруп ызаат көрсөтүштү.

— Аркалык туугандардан окшойсуңар го!

— Ооба, аксакал.

— Мал айдап келгенсиңер го?

— Соодагердин малын айдашып келген элек.

Өзгөн тарапка келгенден кийин кожоюн койлорун дагы бир соодагерге дүң сатып, тигилерди бошотуптур. Бирок, аялын ала жүрбөйт деп Албанга өчөшүп калганбы, же дүпнөкорлук кылганбы, неси болсо да акыларын толук бербестен жылт коюп адаштырып кетиптир. Кокустан колго түшүрөрбүз деген үмүт менен, кожоюнду базардан издеп келишиптир.

Үчөө маектеше баштаганда, кара бала бир нан, бир чайнек чайды чалдын алдына коё салды. Кожоюн баланы чакырып алды да кулагына бүлкүлдөп бирдеме айтты. Бала тызылдаган бойдон базарчылардын арасына жоголду. Көп узабап күшүлдөп кайта келип, жумушуна кириштп. Чай сурагандарга чайнек, нан сурагандарга нан жеткирип чуркап жүрдү. Арадан аз убакыт еттү. Түйлүүсүнөн семирген жоонжолпу

www.bizdin.kg

балбансынган бирөө келип кожоюн менен сүйлөштү. Кедик чалды карай колун жаңсады. Тигиниси барып чалдын бир этегин баса отурду.— Кантесиң, жөөлеп, жери куурулгансып?— деди кедик чал. Балбан жооп айтпады.— Чай ичип отурупсуң го, чал? — деп букача тоорулду.

— Кудай буйруган чайды ичип, нанын жеп отуруппуз!— деп чал боюн оолактатты.

— Сарттардын атасы ким? Айтып көрчү чал!

Чал куушурула түштү. Эмне үчүн жөөлөй келип кекете баштаганын туюна койду. Чайнектен чай куюп сунду. Тигиниси пияланы албастан кагып жиберди. Чал жалтайлап кийиндеди.

— Качпа. Отур. Арзан атаны тапкан экенсиң го? Көзүңө көрсөтөйүн...

Чал качууга камынды.

— Кайда барганы жүрөсүң? Отур.

— Үйүмө кеткенди да билбейимби?

— Билесиң — деди балбан. Алаканы менен чалды жаакка бир салды. Албан ыргып туруп арага түштү.— Кандай абийирсиз эмесиң? Күйкөдөй болгон абышкага күч көрсөтүп!

— Ишиң болбосун,— деп балбан кебелбеди.

— Абышкада сенин кандай ишиң бар? Атаңды өлтүрүп жибердиби?

— Мына. Мындай ишим бар,— деп Албанды да чуу дедире жаакка бир чапты. Албан аны эргүүлгө бир койду. Балбан сендиректей түштү. Ал аздык кылса — деп колтукка бир укуду; Балбан делдее түшүп жүйүртө басты.

— Жигит болбосоң коё кал. Бали!—дешти чайда отургандар. Ошол арада «шаардык», «тоолук» деген эки сезим козголду. Ошол учурда ураан чакырып бирөөнүн оозунан бир эле сөз чыга качса, кимди ким көрдү. Эки тарап кагылыша кетүүгө белен боло калды.— Жүргүлө балдар, кетели! Тетиги зөөкүр эсин жыйса оңдурбайт,— деп чал чебеленди. Албан менен Берметти жетелеп качып чыккыча шашты.

Абу дегиче ал жерде тургандардын бири ар жакты карады.— Келаткандар миң башы экен,— деди. Бардыгы ошо жакты карай бурулду.— Тоолуктардын аш, тою башталып калбадыбы. Балбандарын ээрчитип, күлүктөрүн жетелеп, эми кыш капортосуна чейин дарбапдүрбөп жүрө беришет,— деди арада тургандардын бири.

Он, он бештей киши шартылдата бастырып атчан келатышат. Жанаша бастырып алда келаткан экөөн тааныгандар бул жерде көп экен.— Мамасейит менен Элмурат миң башы турбайбы. Арстанбап, Ачы тарапка барышса керек. Ошо жактан келатышкан го,— дешти ар кимиси.

Чайчылардын кожоюну шашып калды. Жууркан төшөп орун жасагыла деп малайларын жумшап коюп, өзү миң башыларды тосо басты. Экөөнүн атын өзү алып, аларды колтуктап түшүрдү. Орун көрсөтүп отургузду да, чал менен Албандарды:—кеткиле. Жоголгула,— деп ачууланды. Эми эле кетели, качалы— деп шашкалактаган чал тоготпостон керсейип отуруп алды. Миң башылар жайланышып чайга киришкенде жайбаракат басып барып салам берди. Чайкананын кожоюну зөөкүрүнө урдурганын айтып даттанды. Тетиги аркалык жигит ажыратпаганда жанчып коймок эле,— деген сөздү уламулам кайталады.

— Ал кайдан келген аркалык экен? Чакырып койгула,— деп Элмурат сакалын сылады. Колундагы чайын жерге коюп, чайчылардын кожоюнун акырая карады. Кожоюн үрпөйүп жер тиктеди.

— Келгиле, келгиле, аркалык туугандар!— дешти. Эки жигит адеп сактап чөктүштү. Кайдан, кандай жумуш менен жүргөндүктөрүн сураштырышты. Бир аздан кийин:— бу чалды бирөө урдубу? Ким урду? Кандайча ажыраттың?—дешти. Албан кыскача баяндап берди. Бирок. зөөкүр балбанды өзү уруп койгондугун айткан жок. Аны ал жерде турган башкалар айтышты. Албан күлүмсүрөп тим болду.

Баятан бери Бермет кандай абалда болгондугун айтууга сөз табыш кыйын. Чалга Албандын болуша кетишин жаман көргөн жок. Чалды балбан жаакка чапканда ары аяган, ары чочуган бойдоп ордунан секирип кеткен. Бирок, башыбыз батпай, балтырыбыз сыйбай жүргөндө дагы кандай кырсыкка жолуктук деп катуу корккон. Азыр деле эсучун жыя албай, санаасы самандай сапырылып эсмас, зорго отурат.

Эки сөз: эсирген чайчыны Элмурат зыгырып отуруп эсине келтирди.

— Бу кандай кеп? Алсызды алдуулар айыпсыз урупсого берсе, элде элчилик калабы? Сен, чайчы суу сатып тапкан пулуңа кутуруп бараткан окшойсуң. Чакыр, жыйна балбаның ошондой эле көп болсо. Салгылашып көрөлү!— деп омуроолоду. Акыры аны кедик чалдын алдына жыгып чапан жаптырды. Ашпоздон алдырып жешкен тамак менен чайдын пулун чайчынын мойнуна салды.

## VIII

Элмурат миң башы Албан менен анын Бекишин ала кетти. Анысы бекер эмес экен, кийинки күнү белгилүү болду.

Аш, тойлордо күрөштүргөн балбаны, эңиштирген эри алдырып койгон тарап ыза болуп келет. Ар бири күрөшкө өзү түшүп жыгылгансыйт. Эңиштен өзү алдырып койгонсуйт. Өкүнөт, тамашанын үстүндө болгондору гана ошентпестен, үйүндө жатып укандары да намыстанып ээрдин кесе тиштөөгө чейин барат. Аңгы намыс деги ушу кыргыздын эмнесин альш жеп койду экен? Намыс дегенде кыйсыпыра көтөрүлөт. Колунда турган аштамагында ыргытып жиберүүгө чейин жетет.

«Капчыгай» болушундагы Маты деген бай той берип жатыптыр. Өзгөн приставына караштуу беш болуштун миң башы, бий, казыларын тойго мүлдө чакырыптыр. Беш болуштан келгендер үчүн беш тарапка беш, алтылап үй тигилген экен. Меймандарды тейлеш үчүн ар бир үйгө үчтөн, төрттөн жигит

www.bizdin.kg

коюлган. Аларды ошондой кызматка айлап, жылдап окутуп чыгарганбы, жөн эле колдон суурулуп турушат. Баскан тургандары лыпылдап ошончолук элпек, аны айтпаңыз. Сыпайы сылык, артыкча адептүүлүктөрүн кантесиз. Жөн эле меймандардын көзүнүн агы менен айланып турушат.

Бермет кедейирээк кишинин кызы болсо да, орто жерде бийге келин, болушка аял болгон. Алардын дасторконун да көргөн. Ал жактагыларга караганда бул тараптагы кыргыздардын дасторкону кенен, март көрүндү. Мөмөчөмө, жер жемиш, таттытуттуу дасторконго мол коюлат экен. Тыяктагы кыргыздар андайларды балдар, аялдар үчүн жаралган тамак катары көрүшөт. Чоңдору сонундукка ооз тиет, көп жебейт, бул тараптагылар чоң, кичине дебестен бардыгы жакшы жешет экен. Жеп үйрөнбеген тамактан алар азаздап ооз тийишти. Мындагылардай көп жеше алган жок. Сакалдуу башы менен Элмурат мин башынын коон, дарбыз, анар, алма, өрүк жана ошолорго окшогондорду жей бериши Албанга да, анын Бекишине да кандайдыр чоочун, комсоо сезпм козгоду. Алар сакалдуулардын тамагын эт, казыкарта, кымыз анан анчамынча нан катыштыруу менен чектешет. Эт келгенде биротала комсунуп калышты. Той эти абдан көп болду. Тигилер этти идишке салбастан ар кимдин колуна берилишине алымсынбай комсунушту.

Аркалыктар тои, аш эттерин бергенде «Торпок тос жалайт, музоо муз жалайт» деген салтты колдонушат. «Башкы табак», «аяккы табак» дешип отургандардын жашаган жашына, кадыр паркына жараша төрттөн, бештен бир табакка берет. Бул тарапта эт берүү тартиби башкача экендигин байкашты: Чай, нан, мөмөчөмө, жер жемиштеринен кийин куурдак келди. Албаны да, берки Бекиши да башкаларына караганда андан жакшы жедн. Куурдактан кийин бир кеседен сорпо келди. Анысында чачтай майда тууралган пыяз бар экеи. Үйдө отургандардын ар бири сорпого нан чылап жешти. Аркалыктар тойдо отурган жерде эмес, өз үйүндө да сорпого нан чылап жешти осол көрүшөт. Ошондуктан булардын миң башысы баш болуп сорпого нан чылап жеп отурушу тигилерге өтө эле серт көрүндү. Тигил экеө антпестен жен эле ичип алышты.

Нан сорподон кнйин чарачара эт келди. Бир койдун башы менен бир жамбашы адегенде миң башынын алдына езүнчө жалгыз коюлду. Башка эттерди бир киши устукандай берди. Бирөө табакка салып уламкысын улам кыдыртып турду. Табак сунулган сайын ар бири бирден устукан, устукан болбосо бир кесек эт алып жегенин жеп, жебегенин алдына коюп жатты. Эт устукандаган адам өте калыс болгудай. Биринин шыбагасын бирине кетирбестен тепе тең бөлүштүрүүгө тырыша турган көрүндү. Колуңа тийген эт өзүңдүн менчигиң, анда эч кимдин доосу болбойт экен. Жешиңче жеп, артып калганын кааласаң бирөөнө бересиң, кааласаң оропчулгап алып жолуңа түшөсүң. Иштин ал жагы өз ыктыярыңызда. Эч кандай уяты, эрөөнү болбойт экен.

Аркалыктар эт болсун, нан жаки башка тамакты идишке салбастан колго берүүнү уят көрүшөт. Ошондуктан эттин колго берилиши тигил экөөнө өтө өөн учурады, алымсынбастан комсунуп калышты. Албан өзүпө тийген бир кесек этти туурады. Отургандар аны астыртан карап күлүмсүрештү. Элден өзгөчө болуунун бул жерде эмне кереги бар эле деп анысын Бекиши ичинен жактырган жок. Үч, төрт сугумдай тууралган этке чык куюп, анысын Албан миңбашыга сунду. Миң башы элпек козголуп кош колдоп алдыда кашыктап жеп койду. Анан ыразылык белгиси кылып Албанга алкыш айтты. Анын алкышын ал жерде отургандар бүт кайталады. Алдында турган этти миң башы табагы менен Албанга жылдырды.— Бир кесек этин туурап бере коюп бир табак эт өндүрүп ала коюшун кара,— деп Бермети ичинен Албанга сын такты да, тим болду.

Эртеси беш болуштан келгендер беш тарапка бөлүнүп чыкты. Кара кулжанын мейкин түзү кара таандай каптаган калктын кажыкужусуна жык толду. Аттуусу аты менен, жөөсү жөө. Тай минген, торпок, эшек мингендер да эл катарынан калышпай өз жаргыларын жарып жүрүшөт. Аялдары өздөрүнчө бир тарап, эркектерден окчун, жабыла жарданып турушту. Той башкарып жүргөндөр атчан кыдырып тамаша эр эңиштирүүдөн башталарын айтып чыкты. Ошондо Элмурат миң башы:—Аркалык жигиттерди мында чакыргыла,— деди. Чакырышты.

Кечеги кедик чал буларды шынаардап артынан калбайт, ээрчип алат. Чайчылардан кийген сый тонун үстүнөн түшүрбөйт. Этек, жеңин сылапсыйпап чаң жугузбайт. Албан менен Бекиш жанаша бастырып миң башыга барганда да ээрчий жүрдү. Алар келип чобурларынын башын кекейте тартып тура калганда, ал да ошентти.

Өткөн жылдан берки аш, тойлордо Элмураттын жолу болбой жүргөн экен. Кече күнү чайчынын балбансыган зөөкүрүн Албан бир муштап гана темселеткенин укканда, керекке жарай турган жигит болсо керек деп кым дей түшкөн көрүнөт. Антпегенде аттап, тондоп ала жүрөт беле? Миң башы камчысын бүктү, эки башынан кармап ээрине басып мыкчыя түштү да, үнүн чыгарды.

— Өзгөң болушунан келген калктын наамынан, аркалык тууган, өзүңдү эңишке чыгарсакпы дейбиз. Кандай дейсиң?

Албан манчыркап бир азга жер тиктеди. Анан боюн токтотуп:— калкка зп келсе кан төөсүн соёт деген кеп бар эмеспи, миң башы аке! Калкыңызга, калк башкарган өзүңүзгө эп келсе баш тартмак белек!—деди.

— Ооба,— бали! —деп ал жерде тургандар дуу дей түштү. Бекишин ээрчитип Албан элдин сыртына чыкты. Кедик чал бу жолу да тигил экөөн ээрчий барды.— Куржунуңдагы «кйндагайды» алып бере сал,— деп Албан сырт кийимин чечинди. — Чоочун жер, чоочун элде мусапыр. болуп жүргөндө абийир бере көр,— деген сөздөрдү айтып Бекиши куржунунан «кандагайын» алып берди.

www.bizdin.kg

Ийгилик акенин зайыбы Сыпайы жеңе ургачынын узу. Баягы жылы элик терисин ашатып, анан талдын кабыгын талкалап малмага салып чыгарганда, анысы жөн эле күдөрү болуп калган. Багалегин саймалап ошондон шым, жеңин саймалап күрмө тигип берген. Албандын «кандагай» дегени ошо болучу. Бекиши анысын алып кийиндиргиче, бер жактагылар эңишке миңгизе турган атын белен кылышты. Атка миңгенден кийин Албан алаканын жайып элди карады. Эл алкыш айтты. Бул тараптагылардын салты боюнча эңишкендер бел кырчоодон төмөн жагына кол тийгизбейт экен. Колун сууруп ыргытабы, башын толгоп мойнун үзүп алабы — аны эңишке түшкөн жигиттин күчү гана билет—дешип, Албанга иштин ошо жагын эскертишти.

Аркы тараптан чыккан жигитти адегенде Албан сол тарабынан качырып сол билегин сала берди. «Жигит сологой экен» дешти, жан жабыла карап тургандар. Аркы жигит да абдан күчтүү көрүндү. Чирелеп тартканда экөөнүн аты бирдей аяк серпе албай майышып турду. Аттар майышканда карап турган калк өздөрүнчө кошо майышат. Бекиш элден өзгөчө чебеленет. Оозуна эмне кирсе ошону айтып ыйлактайт.—Мусапырыңды колдо. Жалгызыңды жөлө. Абийир бер.

Кедик чал да андан калышпады. Бир жерин майып кылып алар бекен деп Бермет андан да коркот. Эмне айтып, эмнени коюп жатканын элебейт. Астындагы атын максатсыз теминет. Аты алга карай жулунат. Ооздугун кагыпсилкип, өзүнөн кетип жатканын сезбей, аты менен да урушат. Кыскасы бейпай болду. Ал кече күнү иттердин кабышканын, кочкорлордун кагышканын көрбөдү беле! Бүгүн бул жерде адамдардын тытышканын көрдү. Айгышып алса, адамдар деле айбандардан калышпай турган эмелер турбайбы — деген ойго да келди. «Атанын уулу азарында бакшы болот» деген ушу эмеспи? — деп

Албандын абалын көрүп туруп намыстанды, ызаланып арданды,кордонду.

Бекиштин бейпайланышы болсо бир жөндүү. Берки Элмурат миң башыга эмне жок? Албан тыякта кандай аракет, кандай кыймыл кылса, миң башы аны туурап, белимчи болгон эмедей ахалай да, охолой да .берди. Ошентип жулунажулкуна берип өзүнчө кара терге түштү. Ооба, Албанга абийир, Элмуратка намыс керек, антпегенде кантишет!

Албан адегенде сол жагынан качырып билегин тозо беришинде кеп бар окшобойбу. Сол колу менен тиги жигиттин колун талытып өзүнүн оң колунун күчүн сактай туруш үчүн ошенткен көрүнөт. Эми оң жагынан чабуул коюп кол салды. Баш сала тике качырып жигитти шаштырып жиберди. Чапачупа билектен алып каңтара тарта турган болуп калды. Ошондо Бекиш — арбаак... Арбаак..— деди. Бирок, үнүн чыгара албай буулукту. Минип турган.чобурун капталга теминип, оозун дагы эле каккылай берди. Жанында турган кедик чал атынын жалына жатаажата калып тамагы айрылгыча чарылдады. Жигиттин көчүгү ээрден кыйшая баштаганда Өзгөн болушунан келгендер жапырт чуу турду. Кайта оңолууга буямасын келтирбестен, атынан ажыратты да, Албан булт коюп желип чыга берди. Ызычуу кыйкырыкты уккуңуз келсе, тигине, уга бериңиз. Кара кулжанын талаасын апырык менен сапырыкка айландырып жиберди.

Андан кийин эки экиден алты жигит эңишке чыкты. Эч бири бирин бири алалбады. Эмки тамаша баягы улак, баягы балбандардын күрөшү, дагыдагы ошондойлорго өттү. Калк каш караранда гана зорго тарады.

## IX

Эңиштин байгеси (сооруну) аяктуу малдан килем жабуулаган бир төө, төрт тай, төрт торпок жана тогуз бейкасам чапан экен. Элмурат миң башынын жигит жалаңдары Албандын байгесин ачак ээлеп алышыптыр. Кедик чал ошондон бери байгеге алынган малдан тап ычкына элек. Албандын кара чечекей ез киши сатары какыйып кайтарып турат. Албан эңишке минген атынан түшкөн жок. Калктан четтеп, арыбери бастырып атты эс алдырды. Өзү да эс алды. Анын жигиттигине сонуркагандар, артынан ээрчип алышты. Андайлардын көпчүлүгү жеө жүрген карга шыйрак, күнгө күйгөн кара балдар.

Бекиши кобурашып кошо бастырат. «Өлбөгөн жанга өлүү балык» деп коёт. «Эр азыгы менен бөрү азыгы жолдон» дейт. Байгеге алынган олжо жөнүндө ары бастырып сүйлөштү. Бери бастырып маектешти. Кыйла убакыт өттү. Акыры бир пикирге келишти бейм:— бир эсептен ошонуңдун да, ооба, ошенткениңдин да жөнү барго, абакеси! Мейли, биз, быякка мал күтүүгө келдик беле? Баш калкалай туруш үчүн келгенбиз. Мындагы элге батымдуу боло туруу жагын караганыбыз жакшы,— деди Бекиши. Анан эл катарына барып тамаша көрүштү.

Эми тамаша тароого жакындады. Бекишин ээрчитип Албан Элмуратка келди. Өзүнө олуттуу түр берип боюн токтотту да:— тигиндейлеп барып, алган байгеңизди бөлүштүрүп бересиз го, эрте күн жарыкта,— деди.— Болуптур үкем, болуптур. Баралы,— деп анысы элпек кетти. Барышты. Байгеге алынган олжону атчан тегеректешти. Элмурат адаты боюнча камчысын бүктөп ээрге басып мыкчыйды. Анан—намыс Өзгөн болушунуку болду. Аны сен алып бердиң. Байге сеники. Бөлүштүрүп соога бересиңби, бербестен өзүң эле бүт аласыңбы— эрк өзүңдө, үкөм! деди. Биртике ойлоно калды да:— олжо бериш деп мен сурай да албаймын. Бербей эле кой деп түрмөктөй да албайм,— деген сөздөрдү кошумчалап тим болду. «Байкасам байтал меники, кыязы кымкап сеники» деген мааниде, кошалкы сөздөрдү сүйлөдү. Албан атын теминип бир аз илгериледи.— «Баатыр табат, батман ичет» деген кеп бар эмеспи, миң башы аке. Туура, табышын таапмын, жол сиздики». Өзүңүз эле бөлүштүрүп коё бериңиз,— деп мунусу да камчысын бүктөп ээрине басты. Бирок, миң башыдай мыкчыйган жок. Тигиниси ойлонуп

www.bizdin.kg

калды. Туурасын айтканда ал туюктанып турат. Өзү бөлүштүрсө:— байге башы төө, килем меники болсун,— деп айтуудан айбыгат. Башкалар бөлүштүрсө аны айтабы, жокпу, ким билет. Иштин ошо жагын ойлоп туюктанды. Акыры:—өзүң бил, өзүң эле биле кой үкем,— деген сөздү оозунан кайдигер гана бошоң чыгарып тим болду. Өзүнө саласал кылганда, макул, бардыгын өзүм эле алайын десе, сорпом сууй түшөбү деп андан да абыгер чекти.

— Эмесе, өзүмө руксат этиңиз,— деди Албан. Бардыгын өзүмө кыйгыла деп жататко деген ойго келдп тигиниси. Шашкан тейи менен:— руксат, руксат, үкем,— деп жиберди. Кабагы бүркөле түштү.— Эмесе болуптур — деп Албан жер карады. Тигиниси анын оозун карап олурайды.— Ушул олжонун үстүнөн өзүңүз чыгардыңыз. Жол сиздики. Сиз болбогондо бул олжо бизге табылбайт эле. Килеми менен төөнү сизге ыйгаралы!

Албан ошондой дегенде Элмурат миң башынын кабагы чайттай ачылып жарк дей түштү.— Ошондой болсун. Болсун дешип ат үстүндө акыйып тургандар жаалдады.— Төөсү эле жететко үкем! Килемин өзүнө калтырарсың,— деп миң башы топуктуу кишисинди.

— Бир килемди олжо көрүп жарыктык, тиги, төрттүлүк малдын төрөсү Ойсулатаны жылаңачтаганыбыз осол болор. Килеми деле сиздики болсун,— деп Албан тамашага бура сүйлөдү.

— Бали, бали! Бул бекер жигит эмес. Нарктуу кетип жатат. Күч колунда гана эмес, тидинде да бар көрүнөт,— дешти туура жактан сөзгө кыпчылгандар. Албан камчысын бүктөй кармап билер билбес обдулуп койду. Анан анысын жазгап:— тетиги төрт тайды тыяктагы төрт болушка калтыралы. Баса, жайдак, жылаңач бергенибиз жакшы болбос, копол болуп калар. Төрт тайга чапандардан төртөөн жаап коёлу — дей бергенде, миң башы кыткыт күлдү.— Жөнү бар үкөм, жөнү бар. Өзүң эле бил — деди. Чоң үйдөгү күлсө, кичүү үйдөгүлөр ырсая берет эмеспи, жанагы сөздү укканлар да, укпагандар да, бирин бири туурап дуу каткырышты.

Албан ат үстүнөн дагы обдулду.— Эңишке атын берген кишинин да акысын жебейли. Чапандардын бирин жаап торпоктордун бирин ат ээсине жетелетели. Муну кандай дейсиздер?—деп калкка карады.

— Туура. Ат ээсинин акысы чоң,— дешти, сөзгө кулак тосуп, ооздору ачылып тургандар.

— Баса,— деп Албан сөзүн арылатты. Үч күндөн бери бир карыя киши өз атабыз катары артыбыздан кала элек, ээрчип жүрөт. Бир торпокту жетелетип, бир чапанды чалыбызга жабалы!

Чабалактап тургандар чалдын олжосу жөнүндө сөз болгондо күбүршыбыр сөздөрдү кайдигер айтып гана жөн болушту.

— Эми эмнебиз калды, карап көрөлү. Эки торпок.

төрт чапаныбыз бар экен. Мал тапкандын жазы жок деген, тиги эл сөзү бар эмеспи! Эки чапанды иним экөөбүз ийнибизге салып, эки торпокту экөөбүз мурдунан жетелеп эл катары тиричилик кылалы. Калган эки чапан умунган—умсунгандардыкы болсун. Кандай дейсиздер?!

— Үкемдин олжо бөлүшүнөн да сөзү мыктай болду. Учу узарып, көшөгөсү көгөрсүн. Илайым эки дүйнөдө кем болбосун,— деген алкыштарды айтып миң башы алакан жайды. Калк анын сөзүн кайталап чуу турду. Бул жерде аркы төрт болуштан да адамдар бар экен. Уккан, көргөндөрүн төкпөй чачпай болуш, бийлерине жеткирүүгө шашылышты.

Ошентип, бул жерде көзү менен көрүп тургандар да, алардын айткандарын уккандар да Албанга ыразы болду. Ошончолук чоң той берген Маты байга караганда, беш болуш элдин калкы Албанды көбүрөк даңазалашты. Жалгыз гана кедик чал АлбандЫн бу жолку жоругун жактырбастан езүнчө эле чабалактап күйүткө түшүп жүрдү.

— Жаштык кылып койду. Марттыктын да чеги болбойбу. Төө менен килемди өзүнө калтырып, берешен болсо башкасын бербейби. Эч болбогондо, килемди алып калса боло. Тыякта жүргөн төрт болушка төрт тай, төрт чапанды бере салганын кара. Алар малдан, кийимден жутап жатыппы? Эчкимисине эчтеме бербестен бардыгын өзү алса, бай болуп жатып калбайт беле! Жаңылды. Чоң жаңылды. Бу же көөп жүргөн жигит. Же дүнүйөсү ташыган эме. Кайран мал. Кайран олжо. Таратып жиберди. Талатып жиберди...

Ошентип күйкөлөктөйт. Башын чайкайт. Атынын оозун кагып силкет. Дүйнөдөн, малдан тойгон эме болсо, башкаларды коюп мага эле чогуу берип койсо эмне. Ирденип, эл катарына кошулуп калбайт белем. Адашты жигит, адашты. Текеберленип койду. Мындан ары мындай олжонун үстүнөн чыга койбос...

Аржактан Бекиш бастырып келди. — Аксакал! Тиги үч торпокту кошоктоп айдап алыңыз. Чапандарыңызды бөктөрүнүп кете бериңиз. Бүгүн, бүгүн болбосо эртең сиздикинде болобуз. Абакем ошентип айтып кой деди. Ошентиңиз!

Ошондой дегенде чал кудуңдай түштү. Тигиндейлеп алгандан кийин жогорку сөздөрүн айтып дагы эле кейип кепчип жүрүп отурду. Миң башы өз оозу менен:— бүгүн да мында болобуз. Бей жооп бир жакка кетпегиле, — деген. Анын сөзү боюнча мында калышты. Экөө азыр айылдын сыртында серүүндөп отурушат.—Деги эмне болуп эмне коюп жатат? Же түшү.м же өңүм экенин ажыраталбайм! Деги жаман жигит окшойсуң. Качы билдин сени куугунтуктай турган жөнү бар экен,— деп Бекиши Албанын тамашалапт. Анысы күлүмсүрөп коёт.

— Жаткан алдамчы турбайсыңбы, Абаке! Түндө өзүнө тийген бир кесим этти туурап бере коюп миң башынын бир табак этин алдап ала койдуң. Бүтүн бир жигит менен ары кетсе бир саат тытыша коюп толуп жат. кан олжо өндүрүп ала койдуң. Аныңдын баарын атам тааныбаган болуштарга таратып жок

www.bizdin.kg

кылдың. Кыздын көөнү кызылда эмеспи, чынымды айтсам, жанагы төө менен кеткен килемге ичим ачышып эле калды,— дейт. Жакындап сөйкөнгүсү келет.. Кучактап эркелеткиси, көкүрөгүнө баскмсы келет. Ар жакта жүргөндөр байкап коёбу деп ийменет. Аял башын эркек көрсөтүп кубулуп жүргөн эме, бирөө болбосо, бирөө байкап коёбу деп ардайым кысылат, жүдөйт. Аял болуп ачыкка чыга келүүнү да ойлойт. Андай болгондо эркек болгон жерге жолой албай калат. Эркектердин арасында жүрсө сонун сонун сөздөрдү утат. Кишилерди көрөт.

— Ээ Абаке! Бир эсептен Элмурат миңбашыга деле бир тай, бир чапан берип төөнү, килемдн өзүбүзгө калтырсак болмок экен—э!—деди. Кыязы килеми эсине кайта келе калды көрүнөт.

— Э Бекиш мырза! Суудан алып сууга куйдук. Биздин эмнебиз короду? Элмурат миңбашынын ошончолук эмгеги болгон жокпу? Мурда күнү таалайыбызга акиши келип калбаганда, ким билет. Бүгүн тойдон олжо алат белек, же ошо күнү өзүбүз олжого кетет белек? А киши болбогондо ушу тойго кайдан келет элек? Эңишке бүгүн мени ким чыгарат эле? Ойлоп көрчү!

— Түшүнөм Абакеси, түшүнөм. Бүгүн тапкан олжоңду беш болушка үрөн чачкандай чачтың. Түшүмү жакшы болгусу бардыр, — деп Бекиш оозун жыйып алгыча, бир жигит лыпылдай басып келди да, болуш, бийлер Маты байдын чоң үйүнө чакырып жаткандыгын айта салды.— Баралы,— дешип экп жигит жер таяна козголушту.

— Келиңиздер аркалык үкелер! Куш келипсиздер!— дешти. Төрдө отурган бирөө колун жаңсап Албанга жанынан орун көрсөттү. Чай сунуп жүргөн жигиттен башкасы жашы улгайып калган, жана улгайып бараткан адамдар экен. Сакалдуу адамдардын алдын тепсеп төргө өтүүнү Албан ылайык көрбөдү. .Босого жактан отурууга орун издеди.— Өтүң, өтүң. Казымдын жанына бара калың,— дешти. .Албан адеп сактап кыңырылды, жыйрылды. Ошентип турганда аркылардын бири шып эте тура калды да. колтуктан алып казы көрсөткөн орунга алып барды. Албан кымырылып чөк түштү. Казы — оомийин!—деп кол жайды. Бардыгы алакан жайып дуба кылышты. Казы тоорула карады.— Үкем ал жайыңды уктук,— деп сөз баштады. Пейил күткөнүбү же өзү пч маңка адамбы, добушун оозунан чыгарбастан мурдунан киңкилдей чыгарып сүйлөдү.

— Үкем, болдуболбоду тектүү атанын кулуну окшойсуң. Бүгүн эңишке чыгып соорун алдың. Анынды оз көзүбүз менен көрдүк. Бей үмүт калбасын деп бул жерде отурган бий, болуш, казыларга жол айтып төрт тай, төрт сый тон жиберипсиң. Тоюндук эмес, кенүлдүк. Ар ким сыйлагандын кулу. Өзүңө кул болуп калдык — дегенде, Албан — кулдугуңуздар кудайга,— деп жиберди.— Бали, үкем, бали! Бардыгыбыз кудайдын кулубуз,— деп казысы түшкүр Албандын сөзүн аласала кубаттап койду. Башкалары келме келтирип жакасын кармашты. —Үкем, эки дүйнөдө кем болбо!—деп казы алаканын жайды. Отургандар анын жолун жолдошту. Анан казысы бул жердегилерди тааныштыра отурууга өттү.

— Элмурат миң башыдан алжайыңды уктук. үкем! Үкен экөөң ээрчише жүрүп эл тааныйлы, жер тааныйлы деп жүрүпсүнөр. Аныңар дурус. Аты барда жер тааныш, атасы барда эл таанып коюш жаман эмес, жакшы иш. Ошенткиле,—деди да, жер карады. Анан башын эргитип койду. Сөзүн улады.

— Өзгөн тараптагы калк азыр беш болуш: «Капчыгай», «Куршап», «Өзгөн», «Ясы», «АкЖар». Алар Өзгөн шаарындагы приставга карайт. Анысы Оштогу уезине баш ийет. Уези Ферганадагы областына, анысы Ташкендеги крайына карайт—деди. Беш болуштун миң башы, бий, казылары ушул жерде отургандар экен, тигиниси— тиги, мунусу—бу—деп бардыгынын атыжөнүн, кайсы уруудан чыккандыгына чейин териптепчиди. Өзүнүн аты Жаныбек экен аны да айтты. Уруусу «Базыс» экен мунусун да сөзүнө аралжылады. Жаныбек эмки сөздү эмнеден баштарын ойлоно калганда — казым! Куптан намазьш окуп анан сөзгө биротоло баса отурбайлыбы!—дей калды Элмурат миң башы.

Намаз окуш үчүн жапырт тышка чыгышты. Даараты сынгандар кайталап даарат алды. Айылдын четине чыгып бирөө аңгырап азан айтты. Эр бүлөдөн бири калбай сап тартып катарга турду. Казы иймамчылык кылып бардыгын намазга жыкты. Албан менен Бермет өздөрүнчө ар жакта болду. Ала чапан, чаарчык топуну өзбектер гана кийет деген ойдо жүрүчү экен.— Бул тараптын кыргыздары деле кие берет турбайбы? — деп Албанга Бермет ошону айтты. Көп сөздөрүн түшүнбөйт экен, анысын да сөзүнө кошумчалады. Албанды төргө еткөрүп булардын урматташына көңүлү көтөрүлүп жыргап калгандыгын эсине салды. Тигилер намазын окуп үйгө киргенде алар« да кошо кирди. Кыйлага чейин үй ичи тымтырс болду. Анан кай бирлери «Я—алла!» деп келме келтирди. Кай бирлери күбүршыбыр болуп теспе тартты. Кай бирлери чөктүшүп отуруудан мандаш уруп отурууга өттү. Дагы бирөөлөр селделерин керегелердин башына илди. Диний салттар ишке ашырылгандан кийин жайланыша жай отурууга бет алышты. Мындан аркы сүйлөнгөн сөздөр кудай, куран, байгамбар, бейиш, тозок, күнөө, сооп жөнүндө айтылды. Отурущтары менен айткан кептерине караганда ар бири алажип аттабаган абдан такыба адам сыяктанышат. Бейишке баруунун гана жолун тазалап, башка бардык.дүйнөдөн аша кечкен сопу, кой оозунаи чөп албаган момунсунушат. Бирөө сүйлөсө башкалары баштарын чайкап ылаалайт. Же, жакасын сыга кармап «я—алла!» деп улутунат. Көздөрүн үргүлөтүп талмоорсушат. Кейпи, адам гана эмес, үй түгөт кекчилге да кара санабай турган, эч бир жанга кылча кыянаты жок эмелер болууга тийиш. „

Албаны да, Бермети да тигилер жөнүндө ошондой пикирге келди. Соорунга (байгеге) алган төрт тай, төрт чапан, килем жабылган төө өз ээлерин тапкан экен. Туура берилиптир—дешти ичеринен.

Бул жердеги бүгүнкү сөздүн кебүн казы сүйлөдү. Сөздөрүнүн бир жеринде:— үкем, биз силер тараптагы кыргыздарды «Аркалык» атайбыз. «Казак» деп да коюшат. Бул тараптагы. кыргыздарды силер «АлайАнжыяндык» дейсиздер. «Сарт» деп да коёсуңар. Өзбек туугандар кыргыздар «кызыл иттен»

www.bizdin.kg

таралган имиш дешсе, «сарттар» сары иттен таралыптыр дешет кыргыздары. Анын бардыгы адепсиз адамдардан чыккан сөздөр. Ит тукуму ит болот, адам болмок беле, үкем? Бул тараптагы кыргыздардын ичкери — тоо этеги талаатүздөгүлөрүн «Ичкилик» дешет. Тоо өрөөндөгүлөрүн «тоолук» же «сырттык» деп коюшат. «Анжиян», «арка» деген сөздөн улам мындагылар силерди «Аркалык» деп калышкан. Айыл алыс болсо, ара ачылып кетет турбайбы. «АнжиянАлай» менен «Аркалык» туугандардын байланышы, өз ара катышы узак убакыттардан бери үзүлүп калган, — деген сөздөрдү да айта кетти.

## X

Күндөр өтө берди. Жыл эсеби он жетиден он сегизге өтүп, анын кышы да капортолоп калды. Балбанын ээрчитип, күлүктөрүн жетелеп аш аңдып, той тойлоп топурап жүрүүчүлөрдүн аягы да тыйылды. Мандикер, чарекер, сугатчы, орокчу, күндүкчүлөр иштөөгө иш таппай эчак эле сандалып калышкан. Албан менен анын Бекиши күз башынан бери баягы кедик чалдын үйүнө байыр алып ошондо турушат. Өзүнө караганда чалдын байбичеси төртбеш эсе көлөмдүүлүк кылат. Сырткы көрүнүшү ошончолук кенен болгон менен ичине кара таруу айланбаган өтө тар киши. Көрген, укканын бир заматка да ичине батырып тура албаган ачык ооз аялдардын бири как эле ошо кишинин өзү. Калп айтканды билбейт. Каңырыш укандарын чындык сыяктуу акылдап айта берме адаты бар. Албууттугу да өз башына кенен жетишет. Ал эми, сынтаакчылдыгын сиз сурабаңыз, биз айтпайлы. Башка аялдардын бир эле кемчилигин байкап калса, аны айлап, жылдап эсинен чыгарбайт. Айтат да жүрөт. Уга турган киши табалбаса өзүнчө жүрүп деле ошону сүйлөй берет. Андай кемчиликтер керт башында да жок эмес. Сүйлөгөн сөзүндө, бышырган ашында, үй күтүүсүндө, кийим кийишинде жана башкаларында толуп жатат. Анысынын бирөөн эле айтып койсоң, айгышкан жоосу болосуң да каласың. Экинчи сүйлөшпөйг. Атың угулган жерде мурдун чүйрүп терс карайт. Өлүмжитим, ашка, тойго барганда гана бутуна маасы кийбесе, жыл бою багалегин балпылдатып жылаң бут, кепичиби, галошубу, айтор эмнеси болсо да башытумшугу туюк бирдеме болсо жарайт, бутунун кетменине иле коюп жүрө берет. Чалы кедеңдеп башкаларга кежир. Кемпирине тил алгыч. Ыгы табыла калган жер болсо, кемпирин көтөрө чалып мактап туруудан да кайта тартпайт. Экөө тең динге бек. Орозо дегенди жыл сайын катыра кармашат. Беш убак намазды күн сайын жазендешпейт. Бирок, намаз окуп жүрөт деген аты гана бар. Намазда айтыла тургандардын жүздөн онун да оңчулуктуу билишпейт. Эптеп шыкка жөлөй салып жүрө беришет.

Кедик чалыбыз күндүзү үйүнө байыр албайт. Майдабачек соодагерчилиги бар. Ийне, жип, күзгү, тарак, ширенке, самын сыяктуу көржерлерин артынып алат да, чокчоюп кыдырып кетет.— Торпокту сатам. Байбичеге намаркен маасы, галош алып кийиндирем деп желигип калышына бир жумача болуп калган. Бүгүн таң заарынан турду да торпогун алып базарга кетти. Күндүн мурду тоо баштарын чалган кезде Өзгөн шаарына жете барды. Кире бериштен бирөө жолугуп торпогуна соодалаша кетти.

— Канча берейин?

Чал мурдагы базар баасына караганда эки эсе кымбат сурады.— Бар береке тап! Зарылып турган элем,— деди да, тиги киши сураганын санап берди.— Качан болсо да эртең мененки соода жакшы болот — деген сөздү айтып тиги киши торпокту жетелеп жөнөдү.— Зарыгдын пулу күйсүн кылып койдумбу — деп чал алуучуну биртике аяп калды.— Мен аны зордогонум жок. Өз убалы өзүнө. Эми. кемпиримдин керегин алайын деп боз чологун бойтоңдото бастырып базарга барды. Базарчылар баягысындай көп. Бирок, саткан киши да, алган киши да көрүнбөдү. Дүкөнчүлөрдүн дүкөнү жабык. Ашпоз, чайчылардын бирөө да иштебейт. Ала кой! Бере кой деп акылдап туруучулардын эмнегедир энсөөлөрү кесилип, демдери сууп калган. Бардыгы тегиз кабарчыктайт. Сөздү эч биринин кыртышы сүйбөйт.— Тигиннсине бирдеме деди эле —ээ, бара берсеңчи — деп кейиди. Мунусуна кайрылды эле,— я кет ары — деди. Буларга эмне болгон. Бүгүн баркгыгынын атасы тегиз өлгөнбү — деп боз чолоктун оозун кекейте тартып туруп калды. Майдабачегинен алып сатып жүргөн бир соодагери бар эле. Бир аздан кийин ошонусунун үйүнө барды. Анысы эшик алдында үңкүйүп жалгыз отуруптур. Саламдашкандан кийин анысы:— базарга келдиң беле?— дей калды.

— Ооба. Базарчылайын деп келген элем!

— Эмне. Бирдеме алып келген белең?

— Бир торпок алып келгемин.

— Саттыңбы?

— Шаарга кире берген жерде эле сатып жибердим.

— Кире бериште эле сатып кутулган экенсиңго? Канча акча алдын? Көрсөтчү!

Чал бышыксынып акчасын бекем катыптыр. Белин чечип буйдалып калды.

— Ушунчалык акчага сатыпсыңго! Торпогуң өтө баа болгон окшобойбу. Ким алса да акча деген эмени аябаптыр. Мына булары Никалайдыкы экен. Мунусу Керенскийдики. Мунусу Ташкен акча. Үйүңө алып барып бек катып кой. Азыр бул акчаларга эч ким соода кылбайт.

— Себеби?

— Буларың акча катарында кала береби, же эчтемеге жарабай калабы, анысы азыр белгисиз.

— Андайболгондо менин торпогум күйүп кетеби? Тигиниси үңкүйүп башын ылаалады. Бир аздан кийин — торпогун кеп урат. Угуп тур кыргызым. Никалай падша тактынан түшкөнгө он айбы же тогуз айбы — иши кылып ошончо болуп калды. Анын ордуна Керенский дегени келген. Эми анысы да түшүп,

www.bizdin.kg

анын ордуна башка бирөө болгон көрүнөт. Мындагы пристав жок. Көрүнбөйт. Эч ким билбей калышына караганда качып кеткенби дейбиз. Баягыда жайнап жүрүчү стражник, полициялары да көчөгө чыкканды койду. Алары да бирге качканбы, билбейм. Эми жаны өкмөт, жаны кишилер келеби. Же өкмөтү жок эле ар ким өз оокатын өзү билеби, аны да айта албайм.

Чал анын башка сөздөрүнө маани бербеди.

— Кыскасы торпогуң күйүп кетти дебейсиңби?—деп күйкөлөктөдү.

— Ооба. Торпогуңду күйгүзүп жиберипсиң.

— Ой иттин оокаты ай, иттин оокаты ай. Ит болгон экенминго. Болгондо да ченеп болсомчу.

Кедик чал катуу чабалактады. Атын чечип минди. Бир топ жерге барып кайта келди.

— Эми ушунтип мен бир торпокко күйүп кетемби?

— Күйгөнүң ошо да. Бир эле торпоктун пулу эмес, миң торпоктун пулуна күйгөндөр да аз болбосо керек, досум!

— Ушуну көрмөк элем. Ченеп ит болсомчу. Кемпирге эмне деп барам?

— Ит болдум деп барабер.

— Бара берейин,— деп бастырып кетти. Биртике арылап барып дагы кайта келди.

— Баса, эми үчүнчүсү падша болду дединби?

— Ооба.

— Анысы кандай эме дейт. Уккандырсың?

— Угушума караганда — ортокчул болобуз. Бардык байлыкты ортого салабыз. Бай, жарды дебестен тең көрөбүз — дешет көрүнөт.

— Андай болгондо менин торпогум да ортого түшүп кететко?

— Бар эми, үйүңө кетпейсиңби? Сенсиз да өз айламды таппай отурам.

— Кеткенде эми үйүмө эмне деп барам?

— Ит болдум деп ачыгын айтып бара бербейсиңби! Менден чоң ит болгондор да бар окшойт дегин.

— Ошентейин. Кетейин,— деп бастырып кетти.— Ошентип барам. Мен бир эле торпокко ит болупмуң. Менден чоң ит болгондор да жок эмес экен — деп бара берейин — деп күңкүлдөдү.— Кечинде баягылар келет. Эмне кердүң, эмне уктуң?—дешет. Дагы жаңы падша болуптур дейм. Аты ким экен дешсе эмне дейм? Кой. Узап кете элегимде кайта барайын да, ошонусунун атын биле кетейин,— деп кайта бурулду.

— Ой, курдаш[ Жанагы жаңы падшанын аты бар эме бекен? Аты болсо ким деген эме көрүнөт?

— Ледин.

— Ледин бекен?

— Жок. Ледин!

— ИЛедин — дечи!

— Ооба, ооба. Бара бер.

— Ит болдум, байбиче ит болдум. Болгондо да ченеп болсомчу!— деп үйүнө барды.

— Ит болгону кандай? Киши эле бойдон турасыңго?— деп байбичеси көзүн акшыйтты.

— Торпокту алдатып жибердим. Ме, акчасы мынабу. Катып ташта.

— Алдатканың ушубу? Деле көп акча турбайбы!

— Ооба, көп акча. Бек катып кой,— деди да, бир жакка бастырып кетти.

Бул айланадагылардын бардык аракети эрте жатып эс алыш. Эрте туруп жумуш жасоо. Жан багуу. Жан багыш үчүн кетмени кекеңдеп колдон түшпөө керек. Кетмен чабууга жарабай калса, катардан чыкканы ошо. Айланада эмне болуп жатканын бир укса кедик чалдан угушат. Кыдырып соодасын да кылат, бир жерден көргөнүн экинчи жерге ташып жеткире жүрөт. Азыр аркы кыштоодогуларга барып бүгүнкү уккандарьга баяндады. Адегенде кандайча ит болгондугун айтты.— Ледин деген падша болуптур. Бүткүл байлык ортого салынат экен. Бардыгын бай, жарды дебестен чогуу — бирге, тең көрөбүз дептир. Кедейлер иштеп, пайдасын байлар көрүү жок болсун дептир,— деди. Уккандарын ар кимиси ар кандай жоруду.

— Андай аттуу күн кайда!

— Анчейин бирөөнүн ойлоп чыгарган сөзүго.

— Кантип эле ошондой болсун.

— Кудайымдын өзүнөн буйрук болсо, неге болбосун.

— Андай буйрук бере турган кудай деле калган эмеско.

— Кудайга шек келтирбе. Келме келтир.

— Кеп эле келмеде болсо, анысын кемите элекмин. Кетменди бир чапсам бир, миң чапсам миң келме келтирип жүрүп деле оңоло алганым жок.

* — Дүйнөдөн түңүлүүгө болбойт. Үмүтсүз шайтан.

— Жаңыдан падша болгон кишинин аты ким экен дедиң?— деп угуп тургандардын бири такып калды.

— Ледин!— деп кедик чал кекирейип койду. Кай бирлери — Ледин — деп кайталады.

Кандай деген менен да, бул айланада Лединдин ысмын биринчи уккан киши ушу кедик чал болду. Башкалары андан угушту. Кечинде үйүнө келди. Аттан буту түшө электе байбичеси тамдын аркасын карай суйрөп башында алты түтүндөн бир киши андай жумушка алынган. Алардын өлгөнү өлүп,

www.bizdin.kg

өлбөгөнү быйыл жазга сандалып келе берди. Алар жөн келишкен жок. Мурдараак келгендери падыша өкмөтү кулаганын айта ^келишкен. Кийинчерээк келгендери Керенский өкмөтү ойрон болгонун айтып келишти. Бул тараптагы калк Большевик, Ледин, азаттык, теңдик, байга жарды тең — деген сөздөрдү ошол согуш жумушунан кайта тирүү келгендерден угушту. Албан менен Бермет—андай сөздөр биздин элге жете элекко. Согуш жумушуна биз тараптан киши кетпей калбады беле дешет.— Качы бий эми кудайдан коркор. Кудайдан коркпосо да элден уялар. Эл элчилигин кылбай койбос. Калыс сөздөрүн айтып арачалап алууга жарай турган адамдар да болор, дешет. Тезирээк эле кете берүүнү энсешет. Бирок, жол алыс. Анын үстүнө жер ээн, каракчы деген каргыш тийгири да бар. Мынча болду эми, күзгө чейин чыдай туралы. Күзүндө мал айдап келген аркалыктар менен кетели деп калышты.

Керим бүгүн кечке чейин эле чикерттеп жүргөн. Кечинде келгендердин сөзүнө да катышкан жок. Жантайып жатып алган. Ар ким укканкөргөнүн айтты. Сүйлөнгөн сөздөрдүн көпчүлүгү кыштактарда бай, кедейдин жиги ажырап, кедейлер чыйрала баштагандыгы жөнүндө болду. Ошондон улам, Жоро бул тараптагы кыргыз байлары да сүткор, кызыл кулак, ач көз, соодагер болуп кеткендигин айтып кеп салды.

— Эл жакырланып кетти. Жер, суунун бардыгы дээрлик байлардын колуна өттү. Чарба күтүш үчүн жалгыз гана жердин болушу жетпейт экен. Унаасы, үрөнү, шаймандары болсо гана жерди пайдалангыдай. Бирөөндө жер бар. Ылоо, үрөн, шайман жок. Аларды сатып алыш үчүн пул керек. Анан айласы түгөнөт. Жерин сатып жиберишке мажбур болот. Ошентип, кедейлерде жер кал. ган жок. Сатып жиберишти. Байлар ылоо, үрөн берет. Өз жерин өздөрүнө кайта иштетет. Жери — бир энчи; ылоосу — бир энчи; үрөнү — бир энчи. Кедейлер иштеп канча түшүм алса, төрттүн үчөө байдыкы. Бири иштеген кедейдики. Ошентип иштеп, төрттүн бирин алган кедейлерди «чаракер» деп коёбуз. Андай шартка чыдабагандар күндүккө иштейт. Андайлар*«мандикер» жумушту чекенелеп иштөөчүтлөр делет. Кедейкембагалдар ошентип жаздан тартып кеч күзгө чейин кара жандарын карч урат, тапкандары тамагына жетпей, кайта банларга карыздар боло беришет. Ким билет. Заман оңолуп бирдеме болбосо, азыр кедей кембагалдардын күнү каран — деп улутунду Жоро. Сөзүн кайта улантууга камынганда тыштан эки аял кирди. Бирөе Керимдин аялы Тилен. Экинчиси чоочун. Отургандар Тилендн коюп, берки жаш келинди тиктеп калышты. Бир оокамдан кийин: — Тилен, бу кайсы келиниң? Тааныбадык!—дей калды, Жоро.

— Бекиш — Бермет деген келиним ушу!— деди Тилен. Экөе бирдей орун алып отура кетишти. Албан күлүмсүрөп жер карады. «Бекиш» деген сөз кулагына чалынганда Керим чыканактай калып башын көтөрдү. Шек уруп жүргөн Бекиши жигит эмес, .келин экендигин туюнгандан кийин, Керим кайта жантайды. «Кудай чоң сактаган экен. Арам оюмду айтып койсом абийрим таза кетмек турбайбы» деп ичмекейин ичине сактады. Эчтеме билбеген, эчтеме ойлобогон, анчейин оорудан чикерттеп жаткан кишисинип тим болду.

Ошентип, Тилен Берметти ачыкка чыгарды. Керимдин кабагы кайта ачылды. Бирок, ачыкка чыгуудан Бермети да, Албаны да пайда тапкан жок. Эми аларды Жаныбек казы менен анын уулу тооруп алды.

Он сегизинчи жылдын жайында Жаныбек казы Фергана шаарына барды. Андан Маргалан, Коконго дейре кыдырды. Кайта келер менен өз айлындагы тилин алган кишилерди куралжарак менен жабдый баштады. Бир күнү бир уулун Албанга жибериптир.— Албан мага жигит болсун. Минерине ат, кийерине тон, үстүнө үй берем. Куралданган бир канча кишиге башчы кылам — дептир. Анысы Албанды четке чыгарып ошо сөздөрдү айтты. Ал жерден Албандын аялын көрүп көзү түшүп калды. Атасынын дарты Албанды басмачылыкка пайдалануу, анан ал аркылуу аркалыктар менен байланыш түзүп, басмачылыкка көтөрсөм деген максаты бар экен, анысы кийин түшүнүлдү. Уулунун дарты эптеп Албандын көзүн тазалоо, аялын арттырып алыш болуп калыптыр. Анысы— жүр. Баралы. Атам чакырып жатат — деп күн ара келе берүүчү болду. Акыркы келишинде:—эгер келбей турган болсо, менден жакшылык күтпөсүн, — дептир, анысын айтып кетти.

Бул тараптагы элдин эмки сөзү басмачылар жөнүндө

— Басмачы деген ант ургурлар элди жандан да, малдан да түңүлтө баштады. Бу балакетти адегенде Маргалан, Кокондон чыккан улуу Эргеш, Кичүү Эргеш дегендер баштаптыр. Андан кийин Өзгөндүн «Келдүгүнөн» «базыс» Жаныбек казы менен Калыбек дегени басмачылыкка еттү. Жаныбек Кокон, Маргалан, Фергана жакка бир айча жүруп кайткан экен. Кейпи, басмачылыкты ошо жактан үйренүп келген түрү бар.

«Саламалек» багытьшдагы Бөлөкбайлардан Абдылда бек, Кош этер дегендер; «Секелек» тараптагы Моңолдордон Кошбай, Арыкбай; КапчыгайКаманчы тараптагы Теңизбайлардан Ысмайыл; Тыяктагы Карабаргы — Сары баргылардан Алчакыр, Эгемберди; Гүлчөдөгү Тоокелерден Нишанбай; Өзгөн шаарынын өзүнө — Эгемберди, Мамажан, Кайып, Мозголов; Өзгөндүн Ачысынан — Домо; Кемпир абаддан Кара багымш, Чомо, Кара кожо; Куршаптан Кара Санке, Сары Санке дегендер басмачылыкка колун курап чыгышты.

Оштон — Калкожо; Аравандан — Молдодооран; Ноокат тараптан — Мойдун, Сайыпкары, Токо пансат, Жаңыбай Эмин дегендер басмачылык кылып жатат,— деди да Төлөнбай ойлоно калды.

— Анын бардыгын кайдан уктуң, кайдан билдиң?— деп калды, үрөйлөнүп отурган Жоро. Төлөнбай шар кетти.

— Мен да өзүңөргө окшоп бул кыштактагы орустарга үйүрмүн. Жаздан тартып күзгө чейин сугатчылык, орокчулук кылам. Кыш күндөрү табылган башка жумуштарды жасайм. Өгүнчөрөөк

Астафиев Перикион деген мындагы бир орус мени издеп жүргөнүн айтышты. Кандай жумушу болду экен деп бара калдым. Ал жерде Галушков Григорий, Асташков Павел, Хрущев Иван, Чернов Антон жана менин бир жакын жолдошум Мураталы, дагы башкалары отуруптур. Сөз басмачылардан коргонуу, коргоо отрядын түзүү жөнүндө болуп жатыптыр. Кайсы жерден кимдер басмачылык кылып жатканын ошол жерде уктум. Ал жерде Ош жактан келген бирөө бар экен, ошол киши айтып берди. Анан, Мураталы экөөбүз батрактардан кырктан ашуун кыргыз таап отрядга киргиздик. Азыр коргонуу чараларын көрүп жатабыз. Ал эми, бул эки жигитиңер КөкАрт тарап менен элине кайта кете алышпай калды. Басмачылар минтип

турганда аркадан мал айдап келүүчүлөр боло койбос. Мында, меникине кала беришсин. Экиүч жигит алып, эртең болбосо бүрсүгүнү түн катып ЖалалАбадга жеткизип коёюн. Анда бара турган өзүбүздүн да жумуш бар. Паизга түшүп Ташкент аркылуу кетишсин,— деди Төлөнбай.

Кайтакайта кош айтышып Керим менен Жоро айлына кетишти.

www.bizdin.kg

# Тертүнчү бөлүм

# КАЛАЙМАНАН

## I

Бир келинчек эки челекке суу көтөрүп келатат. Кыпшалактап майышат,. матала басат. Биртке жерге барып бир тынат.— Суунун алыстыгы ай,— деп андасанда кейип коёт. Анчамынча тыныгып алып кайта жөнөйт. Акыры жалгыз кепенин жанындагы алачыкка жакындады. Асты утур атчан бараткан бирөө жандай салып өтө береринде камчы менен айдалыга басып алды да, кете берди. Келинчек чыңырып түйүлүп түштү. Эки челек эки жерге кырданды. Камчынын запкысы аркасын сыздатса, алыстан араң алып келаткан суусу жайнап калышы ичин тызылдахты. Жаны кашайган жаш келин «чыр» дей түшкөндө — өлүгүңдү көрөйүн,— деген сөз розунан чыга качты.— Эмне дейсиң, сетердей болгон албарсты,— деп тиги киши атынын башын кайра бурду.— Өлүгүмдү көргүң келеби? Мына сага көргүң келсе, эмп чындап көрсөтөйүн.— деп камчысын үйрүп качырып сала берди. Камчы канча тийсе, келинчек ошончо чыңырды. Аягы жерге андасанда бир тийип качып баратты. Чырылдап кепени тегерене жүгүрдү. Алачыктан атылып чыккан Шарше:—силерге жин тийип жүрөбү?—деп биртке элее карады. Кубалап жүргөн кишини тааный коюп — бийдин уулу турмак кулайдын уулу болсоң да чеберде эми,— деп чылбырына жармашты.— Мунусун кара. Кудайдын уулу болсоң да дейт турбайбы. Кимдин уулу экендигимди тааныгайын,— деп төбө талаштыра камчы менен тартыптартып жиберди.

— Кой эми ошончоңдо!— деп Шарше чылбырын коё бербеди. Кепкееөзгө келе коюучу кейпн жок. Башың-көзүң дебестен камчынын астына алып жиберди. Эчтемоденэчтеме жок, айыпсыз келинчегин кейиткендиги аздык кылгансып, эми өзүн сабагаюа күйбы«н жери күл болду.— Деле сенден келгенди чогуу көрөйүн, — деди Шарше. Аттан оодара тартыл жыкты. Бут менен да, муш менен да келиштире «эмдеп-домдоду». — эсиңе эми келгендирсиң — деп кыйладан кийин жөлөптаяп кайга тургузду. Көкүрөк жагына тийбестен көчүк жагын келиштире ийлеп жибериптир. Сүйрөлүп зорго козголду.— Кой десе тил албадың. Ушуну көрмөк болчусуң. Мин атыңа мин,— деп атказып койду. Бийдин уулу азыр ыйлас сөздөр менен сегүнүүдөн башка эчтемеге жараган жок. Шайы кете түшүптүр.—Атаңды тааныта албасам эле энемди алайын,— деген сөздү айтып жолго түштү.

Качы бийдин ортончу аялынан төрөлгөн уландарынын бири ушу Эстебес. Анысын өздөрү «Тентек» деп эркелетишет. Оюна эмне келсе ошону ишгей берген чылгый бейбаш эме. Анын бир эле сапар иштеген бейбаштыгын букаралардын бири иштесе, эчак эле элден чыгып калмак. Ал канчалык бейбаштык кылса «бай баласы байга окшойт. Байланбаган тайга окшойт» дешип тим болушат. Эстебес тентек келатканда Букара айылдагылар иттерин кармап үрдүрбөскө камынат. Антпеске болбойт.— Сен эмне үчүн итиңди тукуруп мага үрдүрөсүң?—деп урупсабап үйүнө корголотот. Кылдай эмеден кыйкым табат. Карысыбы, жашыбы, аялыбы, эркегиби — алдынан чыккан букарага анын айта турган саламы бир камчы. Кимиси болсо да бир чаап өтөт. Тону түзүгүрөгүн, маселен Мантек, Чаки сыяктууларды аярдап акырын чабат. Тону начарларды чапканда кайкалай түшөт. Уулунун андай жоруктарына бий өзү машыр болуп турат.— Ал бир жинди эмеспи. Теңелбегиле. Жайына жөн койгула,— деп көкүтүп коёт.

— Бир элдин ошондой бир жиндиси болбосо эл бузулуп кетет,— деген сөздөрдү айтып даттангандардын энсесин кесип таштайт.

Канткен менен, Эстебес тентектн бир сапар Шарше гана эсине келтирди. Ал дагы андай ишке ачуусуна чыдабай кетип кабылбадыбы! Эсучун жыйгандан кийин жанын катар жай таппай жаман шашты. Карааның көрсөтпөй качып жоголууну ойлоду. Кантип качат? Кайда качат? Кайсы жерге, кайдагы элге барып батат? Баш калкалайт? Билбеди.

Шаршенин башынын бир жери, бетинин эки жери айрылып кетиптир. Каньш жууп кебез жабыштырышты. Келинчегинин аркасында тамтык жок. Камчы тийген жерлери жондонуп калыптыр. Башынын да бешалты жери томуюп чыга келиптир. Эти ысыпкүйүп алдастай баштады. Кыңкыстап ыйлап сыктады. Эстебес тентекти жаналы калбастан каргапшилей берүүгө күчүн чыгарды.

— Бийдин уулуна каргышың өтпөйт. Бол. Эшиктешигиңди бекит. Кетебиз,— деди Шарше.

— Кайда?— деди келинчеги.

— Ийгилик акемдикине.

Эстебес бозочудан бозого тоюп келатып Шаршенин келинчегине жолдон жолугуптур. Эми Шаршенин таягын жеп алып кайта бозочунукуна барды. Старчын Сары, Мантек, Чаки, Кашкарбай элүү башы, дагы толгон эмелер бозочунукунда экен. Даттанды. Таяк жедим деп түз айтыштан намыс кылды.— Ызалады, кордоду,— деп жандата айтты. Аны укканда бардыгынан мурда бозочу катуу тууралды.

— Кудай бетин салбай кал. Бул эмне деген кеп? Заман акыр болуп кеткенго? Ушундайда болобу? Бийимдин уулу бир чаап койгондо жарылып кеткидей анын катыны эмне, жумуртка бекен? Эстебес барыбызды эле чаап ойнойт. Анын эмнеси бар? Жаман уул атасы өлгөндө бир көбөт. Катын алганда бир

www.bizdin.kg

көбөт. Ой элүү башы Мантек? Шарше жетимиңер көпкөн экенго? Эстебеске тил тийгизгени, кол тийгизгени бийимди сыйлабагандык болбойбу? Кайда жүрүп силердин айылдын уландары мынчалык ээнбаш болуп кеткен?.

Бозочу семиз киши болучу. Курсагы салаңдап тизесине түшүп, эки бутун эки жакка тиреп калган. Кырынан жатканда да бутунун эки башы ачекей болуп ачылып туруучу. Эртең менен бети чийкилкөгүш тартып турса, бозого тойгондо куду эле көк боорго окшоп көгөрүп кетүүчү. Ал ошентип чагымчылыктын бир топ сөздөрүн үрөп таштады. Анан көкөлөп көөдөнүн кетеруп тим болду. Бозочунун жаагы басылгандан кийин старчын Сары Мантек элүү башыга бурулду.

— Элүү башым, бу Эстебес иниң эмне деп отурат? Бозочуңуз эмнеге тууралануп жатат? Түшүндүңүзбү?—

деди.

— Түшүндүм. Түшүнбөгөндө!— деп Мантек элүү башы түшүнүмдүү кишисинип мантаңдады.

— Түшүнген болсоң эмне иштеш керек? Айтпайсыңбы!

— Опуруп ташташ керек, Жапырып ташташ керек.

— Кимди опурабыз? Кимди жапырабыз? Эмне кылсак опурулат? Канткенде жапырылат? Жондоп ачыгын айт!

— Ачыгын айта турган болсом, бийимдин уулуна кол кайтаргандыгы үчүн жанагы Шарше деген ээн баш эмени айыпка жыгабыз. Эстебестин астына түшүрөбүз. Ат тартып, чапан жапкыдай кылабыз. Кой сойдуруп колун куушуртабыз. Ээн баштардын эңсесин мал кесет. Ошентип анын жиңкинин соолтобуз.

Мантек элүү башы ошондой дегенде, бозочу сөзгө дагы кыпчылды.

— Ошенткениңер оң. Бүгүнкү ичкен бозоңордун акчасында ошого төлөткүлө. Коюнда мында алып келип сойсун. Күрүчтүн аркасы менен күрмөк суу ичет. Силердин аркаңар менен биз да сорпо ууртап калалы.

Ошентип бозого келгендер эмнеси болсо да бир туйтуна турган болду. Шаршени алып келиш үчүн киши жиберишти эле, анысы таппай келди. Шаршеден өзүң өндүрүп аларсың. Бардыгын азыр өзүң мойнуңа ал. Тууган сеники дешти. Мантек макул болду. Сөз союла турган койго келип такалды. Бозочу кым дей түштү, белен турган кою бар экен, айта салды.

— Коюңа канча сурасаң ошончону Шаршеден өзүм алып берем. Опурупжапырып сойдуруп жибер,— деп Мантек элүү башы кортолоңдоп март кетти. Бозо куюлган аяктар кыймылга кирди. Бүгүнкү бозосун Шаршенин эсебине өткөрүп кутулуш үчүн бозочу, жутунгандардын барына бердирип жатты. От жайнап казан кайнады. Эт бышып чыгарчыгар болгон учурда качы бийдин күйө баласы Малабаш тилмеч жорожолдоштору менен келип түштү. Бардыгы өлөрчө мас. Кыязы орто жолдогу орус кыштагынан аракка ойбоорунча болушкан көрүнөт. Тилдерин чайнап булдурукташат. Оолжуп мүргүшөт. Бозочунукундагылар орундарынан туруп жарданышты. Тилмеч жайланып отургандан кийин гана көчүк басышты.

Адамдын камчы тийген жери какшап ооруй тургандыгын Эстебес тентек бугүнгө чейин такыр билүүчү эмес. Аны бүгүн гана туюнду. Бозого тоюп турбаганда мындан да жакшыраак түшүнмөк. Ошондой болсо да жакшы эле ооруксунуп отурган. Тилмеч жездесин көргөндө эреркээп чыдабай кетти. Даттанып сала берди. Аны уккандан кийин, мына эми, тилмечти шайтан сайса болобу, кара жини кармады .Мантек элүү башыны акырая карады. Анан колунда турган аяк менен уруп жиберди. Мантекке аяктын өзү жетти. Бозосу тилмечтин өзүн да, ары жерде отурган Сары, Чаки, Кашкарбайды да булгады. Ажоругу аздык кылгансып алдында турган табакты тээп жиберди. Эт коломтодогу күлгө оонады. Чыгы төгүлүп күлдү буруксутту. Бозочунун үйүндө тыгылышып отургандар күлала болуп тура качышты. Бир тарабы ашаткы жыттанса, бир тарабы күл жыттанды да калды.

— Тапкыла. Алып келгиле. Ошо Шарше деген суволочту. Мен аны айдап кетем. Акесин тааныtам,— деп өрөпкүдү. Жин тийгендей бурканшаркан түштү. Тышка чыгып атына минди. Ал жерде тургандардын аттуулары кошо аттанды.— Шаршеси гана эмес, жалпы Жамгырчы тукумунун көзүнө көрүнөм,— деп жүрүп берди.

Манапбайлардын балдарына арналып баягы жылдарда орусча окуу ачылган, ошондо уезд Качы бийди бир баланды окут дептир. Бий өз баласын орусча окутууга ыраа көрбөй, анын ордуна Байшеринин баласын кармап бериптир. Ал бала ушу Малабаш. Ал орусча төртүнчү класс бүтүп тилмечтикке жараган. Уулу тилмечтикке жарагандан кийин Байшери бат эле байып сала берген. Тилмеч жигитти колго алыш үчүн бий кудалашып бир кызын берип күйөө бала кылып алган. Ошо Малабаш Жамгырчы уруусуна өзүн тааныtып коюш үчүн, тигине каз канаттаган жоон топ киши менен, колуна түкүрүнүп, камчы сабын толгой кармап кетип баражатат.

Жамгырчылардын көпчүлүгү орус кыштагында, жыйырма чакты түтүнү ушу өрөөндө жаматташ, эки, үч үйлүү болуп ар кимиси ар кайсы коктуколотто. Малабаш бир четинен баштады. Кеч кирип калган. Адегенде кабылган эки үйдүн биринен бир аял баш багып карады да кайта качты. Экинчи үйдөн орто жашап калган киши чыгып маныйып тура калды. Ысмыска келбестен Малабаш аны камчы менен чак эткизе бир салды. Тиги киши башын сыйпалап кетенчиктеди.

— Шарше кайда? Тап!

— Кайда жүргөнүн көрбөсөм.

www.bizdin.kg

— Көрбөй кайда жүрдүң?— деп Малабаш дагы чапты. Тиги киши башын качырып далысын тосо берди.

— Тап өлө элегиңде!

— Э ботом. Кайда жүргөнүн же көрбөсөм же билбесем...

— Тап дегенди укпайсыңбы?— деп камчысын үйрүдү. Тиги киши жазганып үйүнө кире качты.

— Түшкүлө. Түшүп тыяк, быякты тинткиле. Үйүнүн ичин антаргыла. Тентергиле. Катып коюшту...

Табылган жок. Аркы колоттогу үч үйгө барышты. Берки эки үйдүн кейпин тиги үч үйдөгүлөргө да кийгизди. Ошентип Жамгырчыларды жапырт кыдырды. Алдынан кимиси чыкса, ошонусун сабайт. Тилдейт, сөгөт.— Тап. Жаныңан үмүт кылсаң Шаршени тап, — дейт. Кыдырып кыйсыпыра сабап келатат. Акыры Ийгиликтин үйүнө барышты. Быяктан таяк жегендер тыягынан барып ушунда чогула бериптир. Аттуу, жөөлү тургандардын карааны отуз чамалуу көрүндү. Био аз жазгандыбейм, Малабаш тилмеч камчысын бүктөй кармап санына таяды.

— Ийгилик барбы? — деди, Малабаш короздонуп.

— Бар,— деди кимисидир, бирөө.

— Чакьтрып койгула. Быякка чыксын.

— Чакырбайбыз. Чыкпайт,— деди баягы киши.

— Эмне үчүн чыкпайт?

— Ийгиликте жумушу бар киши өзү барсын,— деди, дагы тиги киши. Ал жерде тургандардын ар биринин колундагы бакан, союлду көргөндөн кийин Малабаш мурдагыгсындай болбой, бир аз жумшарыгп калды. Чаргыта сүйлөдү.

— Бу кандай? Ар кимин биоден баканга сөөнүп калыпсынар. Эмне, киши өлгөнбү? Өкүргөнү турасыңарбы?

Күүгүм кирип көз байланыгп калган. Аркы тургандардын арасынан:—Малабаш дегендин атасы Байшери деген өлүптүр. Ошо кишиге өкүрөлү деп турабыз, таксыр!— деген үн чыкты. Ошону менен тирелишип турган эки тараптын бир азга жаактары жап боло түштү. Анан Малабаш атын моюнга бир чапты да, бура тартып жүрүп берди. Жолдоштору ээрчип алды. Үн жок, сөз жок кетип баратканда арт жактан — табылды. Мында экен. Быякка жүргүлө — деп айкырган үн угулду. Ошо тарапты бет ала аттарынын оозун коё берип, урдурган бойдон кетишти.

Шаршени ар жактагы үйлөрдүн бирине катып коюшкан. Баягы өтүкчү чыккынчылык кылбаганда табалмак эмес. Өтүкчүнүн шыбышы боюнча Малабаштын тыякта жүргөн жигиттери катынып жаткан жеринен экөөн бирдей сууруп алышыптыр. Келинчегин бирөө, Шаршени бирөө учкаштырып алган. Ал жердегилер аздык кылып алдырып жибергендиктерин Ийгиликке кабар беришет. Ээндетип алып экөөн бирдей жанчышат дегенди ойлоп Ийгилик аттана чапты. Ал жерде союлдарын сүйрөп жүргөндөр кошо жөнөдү. Алар кашатчанын кырына чыга бергенде — жалгыздыгы курусун — деп боздогон үн бир, эки сапар Ийгиликтин кулагына таш ургандай шак дей түштү да, жок болду.— Жалгыздын үнүн кутурган иттер өчүрдү белем? Аянбагыла!—деп атына камчы басты. Чукул кирип барганда экөөн бирдей оонатып кийиздей тепкилеп жатышыптыр. Тиги экөө онтоого да жарабай калыптыр. Келаткандардын дүбүртүн укканда атчан тургандары жайыла качты. Берки экөөн тепкилеп жүргөндөр аттарына жете албай тамтаңдашты. Күүлөнүп келаткандар бирден чабуу менен жөө калгандарын мойсоп өтүштү. Аты тыңдары качкандарынын артына түштү. Шашып калган эр кулдарды куткарышкан жок. Бир жерден катынбаладан айланайын Ийгилик! Жансоога!— деп бакырган үн чыкты. Ал үн тилмечтики экен. Бирөө мойнуна миниптир. Үчөө көчүгүн түрүп камчы менен ийлеп жатыптыр.

— Айланайын Ийгилик аке, жан сооо! Тезирээк жете көр! — деп Малабаш кыйкырып жатат.

— Коё тургулачы!— деди Ийгилик жете барып, беркилер таштап коюп чыга беришти.

— Жан сооо, айланайын Ийгилик!— дейт, ичигине чалынып, будаланып тураалбай жаткан Малабаш.

— Ушу кордуктан кийин жандын кандай кереги бар, сага? Элдин бетин кантип карайсың? Өлүп алганың абзел эмеспи?— дейт Ийгилик. Малабаш кеп жебейт.— Жан сооо!— дан башка сөз оозуна" кирбей калыптыр.

— Муну тирүү коюп айбын тарткандан көрө, өлтүрүп кунун бериш абзел,— дешет аркы турган төртөөнүн бири. Малабаш ан сайын жалынат.— Иттик өзүмдөн кетти. Жан сооо! Бир бутум сынды окшойт. Бир колум да соо эмес. Көзүм өткүчө изиңди баспайын. Кулуң болоюн, Ийгилик, жан сооо!— дейт.

— Малабаш, сен жансооголабастан өлтүрүп кой дебейсиңби? Азыр өлсөң бир эле өлөсүң. Күн сайын, ар кимдерди көргөн сайын өлө бергенден көрө, эми эле чогуучаран бир эле өлүп тынганың абзел. Ойлонгун!— дейт Ийгилик.

— Анте көрбө, катынбаладан айланайын Ийгилик. Тигил төртөө араң эле турбайбы?—деп Малабаш ооналактайт.

— Намысы жок киши өлүмдү да, өлгөндү да билбейт,— деди Ийгилик.

Шарше менен анын келинчегин атка өңөрүп Ийгиликтикине жеткиришти. Экөө тең сулк жатты. Жүрөктөрү соккону болбосо, кылайган кыймыл жок. Адегиче ар жактан дүпөдүп дүбүрт чыкты. Дүрбөп чыга калышса, үч киши өтүкчүнү тайтайлап келатыптыр. Бети башы кызыл жаян. Эчак эле энтиктирип коюшуптур. Аны көргөндө Сыпайы байбиче:— олдо каранкатүкүн кишиай! Качанда болсо, душманга

www.bizdin.kg

колтук ачасыңарда жүрөсүңөр—деп тура калды. Кумгандагы сууну куюп бети, башын жууду.— Тууганга кгграсанаган туура жарыбайт. Куйтулугуңуздан көрүңүз. Бир эсептен сооп болуптур. Чала. Тетиги тулуп болуп жаткан экөөнүн убалына көз көрүнө калбадыңарбы — деди. Өтүкчү энтигет. Эчтеме айтпайт. Ийгилик карап да койгон жок. Аркы жаткан экөөнүн колтугуна колун салып көрөт. Тыякбыягын кымтыйт. Жарданып тургандардын бири:— мынабу онтологон арбак ургурду мында эмне алып келгидей? Бийине баш оту менен жеткирип таштабастан,— деп тууралады. Ийгилик унчуккан жок. Башкалары да мелтирешти. Кыйладан кийин Ийгилик* оңдоно отурду.

— Мелтиреп тура берүүдөн пайда жок. Барып үйжайларыңарды калтыргыла, биринэки малынарды айдап мында келгиле. Чогуу ушу жерде болгула. Бирөөң мужуктагы туугандарга кабар айтып, мындагы ал жайды билгизип келгиле. Бул эки бечаранын абалы оор. Кулайдын орто жолунда жагышат. Не бар, не жок, белинерди бек курчанып белен тургула. Жалгыпжарым эки жакка чыкпагыла!—Түшүнүп атасынарбы? деди. Бул жерде турган туугандары анын сөзү эмнелер жөнүндө айтылганлыгын туура туюнушкандыктарын баш ийкөе менен туюндурушту.

## II

Качы бий дагы эле болушсунушун койбойт. Сары болсо бийдин сөзү боюнча старчынсынып жүрөт. Мантек, Чаки, Кашкарбайлар кадимкисиндей элүү башысыныштарын таштай элек. Кече күнкү чатактар он жетинчи жылдын ноябрь айынын алгачкы күндөрүндө болгон. Бозочунун үйүндө моюндарына бозо төгүлгөндөн кийин тиги төртөө башка жакка барып жуунупчайканышкан. Кийим селбип кийип тилмечтин тобун издеп жүрүп Ийгиликтикине барышты. Бул ереөндөгү Жамгырчы уулунун буту менен басып, мурду менен тынгандары ушу жерде экен. Бардыгынын каны ичине тартып кумсарган. Бакан. союл дегендерди үйдүн сыртына жөлөп коюшуптур. Эч биринде үн деген, сөз деген эмеден эчтеме жок. Бир да бирөө келдинерби, койдуңарбы деп көнүл бурбады. Тиги төртөө делдейип туруп калды. Кыйладан кийин Сары атынан түштү. Берки үчөө да анын жолун жолдоду. Бнрок. мурдагыдай ат алган, курулай болго да алдастамыш болуп ат байлаган, чебеленимиш болуп сыпайылык көрсөткөн ошончо кишиден жалгыз жарым жан ботбоду. Аттзрынан өздөрү туштү. Өздөрү байлады. Эшик ачып эчким еыпайыгерчилик этпеди. Эшикти да өздөрү ачып, өздөрү киришти. Салам айтышты. Ийгилик саламдарын да атик алган жок. Кире бергенде гана бир караган,*анлан кийин киши келдиби же ит келдиби— кылайтып кылчайбай койду. Үйдүн капшытында өлү, тирүүнүн аралыгында жаткан аркы экөөнүн колтугуна кол салып көрдү. Анан алардын баш, аягын кымтыгп жылуулады. Кайта келди да төртөөнө сыртын сала терс карап отуруп алды.

Тыштан көргөндөрү тиги, үйдөи көргөндөрү бу болгондон кийин, төртөө бирдей тиштикти. Ооздоруна сөз кирбеди. Ал гана турсун бирин-бири астыртан карашка да жарай алышкан жок. Ар кимиси өз кайгысын жеди. Ушу жерден аманэсен кайта кете алабызбы деген убайымга бастырып коюшту. Нес болуп катып калышты. Сыпайы жеңеде да мурдагы кыялжоруктан бирөө жок. Местейген бойдон месирейди да калды. Атигүл, коломтодо өчүп бараткан отту да ичкерештирип коюуга козголуп койбоду. «Бул балаага кайдан келип кабылдык» дешип, тертөө төрт жерде тымызын бушайман болушту. Эгерде, Ийгиликтин оозунан бир эле сөз чыкса, бороонго моюн бербей тышта жүргөндөр төртөөн төрт жерге баса жыгылуучудай сокур сезим жүрөктөрүн өйкөлөй берди. Тыштан добуш чыкса жалт карашат. Жүрөктөрүнүн согушу, кулактарына тышта аттын дүбүртү келаткан тарыздуу угулат. Көздөрүнө кимисин канча киши тепкилеп, уруп жанчып жатышынын элеси келет.

Ошентип чай кайнамга жакын отуруп калышты. Кете берүүнү да ар кимиси өзүнчө болжоду. Тышка чыкса эле, жанагы көргөн бакан, союлдар баштарына жамырап калуучудай жазганышты. Бир кезде — иттер итчилик кылып койгон окшойтко,— деген сөз Сарынын оозунан чыгып кетти. Ал сөз оозунан чыкканын Сары өзү да сезбей калды. Берки үчөө да тиги сөз менин оозуман чыгып кеттиби деп ар бири өз оозунан шек санады. Кейпи адам катуу сүрдөсө, өзүн да тааныбай калжырап кала турган болсо керек.

Сарынын тиги сөзү Ийгиликти кебелте алган жок. Сыпайы жеңе тескери карады да:—иттери итчилик кылып жатканда, киши сөрөйлөрү кайда жүрдү экен?— деди. Тигилер кайта таш тиштегендей болду. Жаактары мурдагыдан да катуулап карышты. Тескери караган бойдон Сыпайы жеңе өзүнчө сүйлөндү. Кейип кепчиди.

— Иттери итчилик кылганда, эч болбогондо кишилери киншчилик кылса боло? Көп көргөнү береги эптеп жандарын багып жүрген эки жетим болсо, жанчып таштаптыр. Жандары тынышсын. Кудайдын орто жолунда жатышат. Көпкек эле чанач. Киши кейиптери кеткен. Бул экөө кокустан ары карап кетсе, бул атанын балдары тыюу бере турган эмес. Колубуздан келишинче, ооба, күчүбүздүн жетишинче кырабыз да, кырылышыбызча кырылып беребиз дешип дүүлүгүп алышты. Тетиги экөөнүн гана же ары, же бери болушун күтүп турушат. Эн обол бийине кол салабыз, казысын жарабыз, анан тыптыйпыл болгуча кырылыша беребиз дешет. Мейли, ошентсе, ошентишсин. Деги эле жандан аша кечирип жиберишпедиби. Бийи бийсинет. Мейли бийлигин иштей берсин. Биймин деп эле жеткенче көбүгүн, жетпегинче сийдигин чача берсе, ошо да бийлик болобу? Ал айылдын эркектери гана эмес, катындары да бийсинип, чомочосун чоң көтөрүшөт. Балдары балдарга күн алдырбайт. Жада калса жанагы Каракул деген эмеси да өзүнчө бий. Кимисиникин көтөрүүгө болот? Кимисинин бейбаштыгына чыдоого болот.

www.bizdin.kg

Башкалар эмне, адамдан төрөлбөй иттен төрөлүппү? Кишинин кулагын кессе, кийиз кескендей көрүшпөйт.

Ошо сөздөрдү айткандан кийин Сыпайы жеңе бир аз кыйгач карап отурду. Тигилер дагы эле баш көтөрө албай, сенек болгонсуп, сенейген бойдон отурушат. Ар биринин эсидарты аманэсен кутулуп кетүүдө. Башка эчтеме ойлоруна келбейт. Ийгилик өз санын мыжыгыпмыжыгып коёт. Оң карабайт. Сыпайы жеңе кайта сүйлөндү:

— Кубаткулдун атасы тигине, өзү бул жерде отурбайбы. Туугандарына эмне деди, өзүнүн көз алдында өзүңөргө айтып берейин. Угуп койгула: эгерде тетиги экөө ары карап кетсе, жалпы Жамгырчы тикеңерден тик туруп, аруу жуугула. Ак кепиндеп жайына койгула. Анан мүрзөдөн чыкканда эле өкүргөн бойдон бийдикине түз баргыла. Бийди өлтүрүп жибербестен, өлөрчө кылып алып жөнөгүлө. Чыр-Дөбөнүн чокусуна казык кагып байлап койгула да, Олжобай болгон жерин ошо жерден тосуп алгыла. Анан кырылыша бергиле. Бий өз көзү менен көрүп турсун,— деди. Эки тараптын кырылышынын чаласы калса, Садыр эли менен Алмабек эли «канталамай» кылып акырына чыгат. Ошону да бий өз көзү менен көрүп туруп анан өлсүн. Ошону менен үч уруктун аты өчөт. Бийдин да жаны тынат—деди. Ошого бардыгы макул болушту. Баталашты. Бул сөздү оң кулагынар менен да, сол кулагынар менен да угуп койгула. Катындык кылып калп айтып кайраштырып жатат дебегиле. Ишенип койгула.

Баса, катын демекчи. Өз катынын урупсоккон эркектер аз эмес. Бирок, башка бирөөнүн катынына камчы көтөргөн эркекти көргөнүңөр барбы? Тетиги чыканактай болгон бечара келинди тигинчелик жанча турган кандай жөндөрү бар? Бу мыкачылык эмеспи. Бий тукуму эмне болуп баратышат? «Түгөнөр уй түгүн жейх, түгүнөн кийин өзүн жейт». Акыры үч урук элин жеп бүтпөсө бий тукумунун, өзү баш болуп жаны тынбай турган болду го? Кубаткулдун атасы бийиңердин көп эле кордугун көргөн, аны өзүңөр деле билесиңер. Бардыгын эле көтөрүүчү, чыдачу, кечирүүчү. Ушу жолкудай кара жаны какшаганын эч качан көргөн эмесмин. Айтты, койду дебегиле. Тигил экөө ары эле карап кетсе, тигиниңер бирдин ичинен теги эле чыкпай койбойт. Бийиңерди да бирдин ичинен чыгарбай койбойт. Ынанып койгула. Карайлап эле катынбала калар бекен, кантер экенбиз...

Ошо сөздөрдү айтты да Сыпайы жеңе эки тизесин куушура кучактады. Анан солк этпестен отуруп калды. Бир аздан кийин көзүнөн жаш кетти. Жоолугунун учу менен сүртүп коюп, эки тизесин кайра куушура кучактады. Ошондо старчын жөтөлүмүш болуп ордунан турду.—^О Ийгилик! Э Ийгилик! Мынабу отурган төртөбүз кишибиз го? Эч болбогондо бир оң карап отурсаң боло?— деди. Ийгилик козголгон жок.— Сары, сенин өз башыңдын киши экендигин билем. Көзүм жетет. Ар кандай учурда, Жамгырчынын балдары өзүңө союл да көтөрбөйт. Атүгүл өйдө да карабайт. Сени билишет,— деди. Бирок, оң караган жок.

— Өзүң айткандай оңол, Ийгилик, оңол! Оң кара!

— Мен оң карап отура албайм. Мен бийдин, анын тентектеринин азабынан жалпы үч уруктун аялдарына кара кийгизейин, кан жуткузайын, кара бет болоюн, бийиңердин канын ичип жанын тындырайын деп карарып отурган кишимин. Ошентип отурган киши оң карачу беле?

— Ийгилик мындай эмес элең го? Деги декиң сообу?

— Эмне иштегени карарып отурганымды жеңең айтпадыбы! Ошондой иштерге беленденип отурган кишинин дени соо болмок беле? Мынабу жаткан эки жетимче бери карабастан ары карап кетсе, ишене бергиле, кара ашына эле бийиңердин өз башын сойдурамын.— Ошо сөздөрдү айтты да, Ийгилик ордунан турду. Барып тиги экөөнүн колтугуна колун салып көрдү.

— Биз, аттаналы. Эки жетимиңе кудай жакшылык бергиси бардыр. Аягыбыз жеңил болсун,— деди да Сары эшикти карай бет алды. Берки үчөө араң эле отурган экен. Сарынын артынан жөнкүлгүче шашышты. Тышка чыгып чылбырларын өздөрү чечти. Колтуктап койгон бирөө болгон жок. Өздөрү аттанды. Ошо бойдон түз эле бийдин аплына келишти. Тилмечти Эстебес тентектин үйүнө түшүрүшүптүр. Экөө тен төшөктө жатат. Ичкен арак. бозолорунун мастыгы тарап калыптыр. Бирок, жеген таяктарынын запкысынан катуу кыйналып турушкан көрүнөт. Кабактарын чытып ырмайышат. Чырмайышат. Кыңкысташат.— Өтө эле катуу мас болуп калганбыз го. Эмне болуп, эмне койгонун мен да билбейм. Эстебестин да эсинде калбаптыр. Бир кезде көзүмдү ачсам ушул үйдө, ушу төшөктө жатыптырмын. Бүткен боюмда тамтык жок. Козголсом эле кокуйлатат. Эстебес деле оң таппаган көрүнөт. Кейпин көрүп турасыңар го!—деди тилмеч. Анан кыңкыстап кабагын чытыды.

— Деги өлө турган эмессинерби?—деди Сары. От жагып отурган аял сөзү суук кандай киши деди көрүнөт. Жактырмаксан болуп акшыя карады. Төшөктө ж^аткан экөөнөн — өлө койбосбуз,— деген үн ээрчише чыкты.

— Бир эсептен өлүп калсаңар да болор эле. Өзүңөр да ит болдунар. Өзгөлөрдү да ит абалына калтырдыңар,— деди Сары. Отурган ордунан козголуп кетүүгө бет алды. От жагып отурган картаң аялга аның кийинки сөзү да суук учурады. Тигил экөөнө болушайын дегени го, Сарыны ээрчий карап күнкүлдөду:— О ботом, өлгөнү курусун. Андай сөздү айтпасаң. Экөөн эки киши өңөрүп келди. Тил сүйлөп биртике жакшы эле келишкен. Тилдерин чайнап биртке бирөөлөргө сөгүнүшкөн. Эпкиндеп калышкан го, бечаралар дегемин. Ошентип ойлогомун. Төшөккө жатып биртке уктап кетишти. Биртеден кийин, биртекокуйлай башташты. Бүткөн бойлорунда биртке тамтык жок. Кара тумшуктар зоодон кулашкан го дедим. Эми эле, биртеден арак деген эмесинен жутушту. Анысынын дарылыгы биртке чоң эме го. Ошондон бери жандары биртке жай алып калды. Өзүмдүн да белим биртке ооруй

www.bizdin.kg

коюп жүрөт. Жанагынысынан биртке беришип коюшса, биртке жакшы болуп калар беле дейм. Тигинчелик жанчылган эмелердин оорусун биртседе эле сеп алдыра койгон дары оңой эмес го. Менин белимдин оорусун биртседен кийин эле биртке айыктыра койбойбу. Менин белимдин ооруп жүргөнүн алар кайдан билишсин.

Билишсе эле өздөрү бере коюшар деген үмүт менен отурам. Белимий, белим...

Сары эчак эле чыгып кеткен. Берки үчөө от жагып отурган аялдын сезүнө айланышып калышкан.— Отура бересиңерби? Чыкпайсыңарбы?— деген үн тыштан угулганда шашып калышты.— Кемпирдүү жерден кеткиңер келбей эле мемиреп каласыңар,— деп кекээрлеп койду да,— Мантек, сен бул айылдан кет, ушунчаңда. Бейбаш туугандарыңдан кордук көрүп каласың,— деди. Анан тигил экөөнө карап,— силер Жамгырчы уулунан таяк жеп кайткандарды жапырт көрүп чыккыла. Канчасы өлүп, канчасы калгыдай билип келгиле. Мен бийдин үйүндө болом. Айыл арасын айгыштыра турган сөздөрдү өзүңөр сүйлөбөгүлө. Өзгөлөрдү да сүйлөтпөгүлө. Билдиңерби? Баргыла. Мен бийдикинен кийин үйүмө барам. Мени үйүмден тапкыла,— деди.

Мындай узагандан кийин Кашкарбай камчысы менен санын чаап, кытылдап күлүп койду. Чаки анын эмне үчүн күлгөндүгүн сурап, такып калды. Тигиниси, бий бүгүн ортончу аялына конуп калгандыгын айтты да:— оңбогон старчын оңбойт. Жеңеси менен маектешүүгө калбадыбы,—деп мурдагыдан да катуурак күлду.—Анысын бий билип калса, старчыныңдын эки бутуң өтүгүнүн бир кончуна катар эле! Андан көрө айтып коём. Оозбасы•рык бер деп эртең коркут,— деди да, Чаки өзүнчө күлдү.

Алар арылап кетер менен старчын бийдин үйүнө кирип,— Камка байбиче үйдөсүңбү?— деп үн салды.

— Үйдө болбогондо кайда болор элем. Сен кимсиң? Старчынсың го? Жети түндө темселеп эмне бүтүргөнү жүрөсүң?

Бийдин билерман токолу ошентип төшөктөн башын көтөрдү.— Кенеше турган кеп бар. Чатак чоң,— деп Сары беркинин төшөгүнүн аяк жагын баса барып отурду.— Чеберде. Бутумду сындырып коюп жүрбө. Кеңеше турган кебиң болсо, эртең күн жарыкта келип кеңешпейсиңби?

Старчын кандай чатактар болгондугу жөнүндө кеңешүүгө келгендигин айта берди. Сөзүнүн акырын:— ошентип, Ийгилик бирдин ичинен чыкпай тим болучу түрү жок. Андай киши эмес эле. Катуу көшөрүп алыптыр. Демейде теңтуш катары жүргөн кишиге тнтңнип карай албай, жөн эле катып калсак болобу! Такыр оң карабай койду. Чатактын ушунчалыкка барып калышын

Бийиме бүгүн эле айтсакпы? Же бүгүнгө жөн эле коё туралыбы?— деген сөздөр менен токооруду.

Бийдин билерман токолу жуурканга ороно отуруп:— айткандарың чын болсо, караңгыда карайлап келер жөнүң барэкен,— деди. Анан:—бийиңердин асмандан күткөн чатагын кудайы жерден берген турбайбы! Ийгиликке дагы бир жармашуунун ыгын табалбай жүргөнүн мага сездирин койгон. Муну укса, эми эле төшөгүнөн тура калып дүрбөтөт. Түндүн кайсы убагы болду?

— Таңга дагы бир уйку бар.

— Колдон келсе, бийге бүгүн турмак эртең да айтпай коё тургула. Эгерде, жанагы келин менен берки жигит ары карай кете турган болсо, өзүң алдын ала камын. Бул айылдын аксакалкөксакалдарын ээрчите барып өкүрүп түш. Өлүк көмүүгө чыккан чыгымдарды өз мойнуңарга алгыла. Айылдын бир топ катынкалачын ээрчите барып Ийгиликке мен да жолугуп көрөйүн. Ал анык адам эмеспи. Экөөбүздүн ийибизди жандыра койбос. Тилге келер. Таңга жакындап калса кет эми. Кете гой— деди.

— Таңга жакын калды. Караңгыда карайлап кайда барат элем. Эртең менен эрте кетермин,— деди старчын. Андан ары эмнелерди сүйлөштү. Эмнелер болду, анысын билгенибиз жок. Бирок, билерман токол ошо күнү эрте туруп жуунупчайынып боюн сууга салган экен. Ал сөз кайсы күнү кызалак күндүн оозунан кокустан чыгып кеткенин уктук.

## III

Ортончу аялына түнөп бий ошо күнү жай турду. Камканын үйүнө кечирээк келди. Эрке токолунун кылыкжоругу ордунда экен.— Ортончу байбичеңиздин сыйы жарашкан го? Кабагыңыз ачык, санааңыз куунак көрүнөт!—деп жайдаңдады, жакшы кабыл алды. Кайдигер сөздөрдөн сүйлөшүп болгондон кийин, Камкасы бир жумуш менен үйлөрдүн бирине кетти. Бир оокумдан кийин кайта келсе бийдин кашында өтүкчүсү отурат. Үстү башы албадалба. Бийдин кабагына кар жаап каарданып калыптыр.— Коё бер орус колумду... Коё бер орус колумду...— деп ары карап да оолугат, бери карап да оолугат. Камкасын капарына албайт. Өз санын өзү мыжыгыпмыжыгып коёт.

— Коё бер, орус колумду! Коё бер орус колумду! Камка байбиче аңтаң калды. Старчындын түндө бул үйдө болгонун биреө айтып койгонбу, ошого оолугуп отурабы... «Кандай кара оозуңа кан толгур айта койду экен» деп дароо эле санасы бөлүндү. «Арам ой менен ортончу катынына түнөмүш болуп түндө өзү келип аңдыганбы, көрүп койгонбу. Андай болгондо эртең менен кечикпей эрте келет эле. Камка аны да ойлоду. Эмнеси болсо да бий жайында эмес. «Ишиң кара болгондон кийин, кара күчкө ыйдапсыктай берүүдөн башка айла жок» деп бел байлады.— Бийим, бир заматтын ичинде эле эмне болуп кетти? Эми эле бардыгы жайында, акылэсиңиз ордунда эмес беле? Бул жерде эки колуңузду коё бербей куушура кармаган эч кандай орус деле жокко? Сөзгө келиңизчи, жарыктык!— деди. Жанына жакын барып отурду.

Бий ары жүр—деп какмалап койду. «Старчын экөөбүз колго түшкөн экенбиз. Оңойлук менен оңоло да, оңдура да койбос» дегенди ойлоп, бир аз оолактап отурду.

— Коё бер орус, колумду. Коё бер орус колумду... Камка үңкүйүп албадалба болуп отурган өтүкчүгө карады. Эмне үчүн бий минтип отурганын сурады. Анысы башын да көтөрбөдү. Үнүн да чыгарган жок. «Түндөгү ишти ушу какмар көрүп калып, бийге шыбыш берип койбосун» деп өтүкчүдөн да арам санады. Кейпин көрүп жанатан бери боор ооруп турду эле. Эми ага итиркейи келе баштады. •—Айтарын айтып коюп, эми эмне кыларын билбей эси кетип отурбайбы. Шүмшүк. Алды менен мунусун кууп чыга турайын,— деген ойго берилип кабаарчыктады.

— Өтүкчү, кейпиңиз бузулуп, кебетеңиз кетип калыптыр. Бащка үйгө барыңызчы! Бийим менен өзүмчө калып сүйлөшөйүн.

Өтүкчү жылып чыкты.— Бийим, эмнеге мынчалык жулунупжулкунуп калгансыз. Бирдин ичинен чыгарда ушундай болуп арууркап калмаңыз бар эле. «Сүйүнгөндөн маңдай жарылбайт, корккондон жүрөк айрылбайт». Ачыгын айтыңызчы! Түрүңүздөн коркуп отурам. Ылайым жакшылыгына болсун. Деги акылэсиңиз" ордунда, ден соолугуңуз жайындабы? Же чемендеп, бирдеменин эпкини тийип кеттиби? Коркуп отурам. Жүрөгүм жарылып кетип жүрбөсүн. Бул эмне деген жорук? Эмне деген шумдук? Акыры бпрдеме айтыңызчы!

— Ары жүр. Коё бер орус колумду. Коё бер орус колумду...

«Сөзгө келүүчү тейи жок. Муну башка обонго салып коркутуп көрөйүн» деди. Ордунан турду да ар жакта турган кыныракты колуна алды. Анан:— бийим бери кара! Сенин дениң соо эмес. Абдан чоң дартка чалдыккан окшодуң. Сенин жамандыгыңды көрбөстөн жарынып өлүп тынайын,— деп кыңаракты жогору көтөрдү. Учун жүрөгүн карай бет алдыра кармады. Ошондо бий:— кой, катын! ургаачылык кылба,— деп шашып калды.

— Айт ачыгыңды! Сенин жамандыгыңды көрүп кара кийип, кан жутуудан көрө өлүп тынайын. Жүрөгүм түшүп калды. Жин тийдиби, эмне болду?

— Айтайын байбиче, айтайын. Кыңарагыңды ыргыт. Көзүм көрбөсүн.

Жайында, Чыр-Дөбөгө бир болуш элдин атка минерлерин чакыртып, өзү болуш, өзү бий экендигин угузбадыбы! Анан Ийгиликтин азыноолак аяктуу малын бүт айдатып кетпедиби. Ошондо, Шадман аке бий жөнүндө бир нече кызык сөздөрдү айткан эле. Ошо сөздөр азыр эсибизге кылт дей түштү. Тигил экөөн жайына калтыра туруп, унутуп коё элегибизде ошо сөздөрдү эскере кетели. Ошондо Шакем, мындай деген:

— Ыйкытыйкысы жок үч урук тышч эл болучу. Кайсы күнү Камкага үйлөндү, ошо күндөн тартып бийдин жорукжосуну өзгөрө баштады. Кийинки чырчатактардын да башкы себеби, билген кишиге— Камка. Камка кандайча себеп болот эле. Бийдин өзүнүн эле пейли бузулгандыктан эмеспи? — дейсиздер. Анын пейлин өзгөртүп жиберген да как ошо Камка! Камка акылэс жагынан да, адамгерчилик жагынан да бийден үч эсе десем артыгыраак кетермин, кеминде эки эсе жогору турат. Жалгыз айыбы ургаачылыгы. Аны өзүңөр деле билесинер. Бий болсо, жаш жагынан да, акылпарасат жагынан да Камкага түгөй эместигин билет. Ошондуктан, анын көзүнө каарман, катуу, кыскасы «Мапас» болуп көрүнгүсү келет. Чыгып жаткан чырчатактын бардыгын Камкага гана мактаныш үчүн атайы чыгарып келатат. Мунумду кандай дейсиңер. Айткандарымдын жөнү бар бекен? Же жок окшойбу?

— Бали, бали! Кеп бар экен. Сөз ошонусунда жаткан окшобойбу! Жөнү бар, жөнү — Шаке! — деп Алмабек элинин бийи Бексырга ошондо башын ийкеңдеткен болучу. Ал кишинин ошо сөздөрү да эсибизде калыптыр. Анан, тиги киши — Качы бийиңер кандай себептен Ийгиликке кара күчкө эле акидей асыла берет? Анын себеби эмне? — деген. Анын башкы себеби да Камка. Айтпадымбы?

— Айттың. Уктук. Түшүнбөй калдык. Түшүндүрө айт!

— Андай болсо түшүндүрөйүн!

— Түшүндүр. Түшүнүп коёлу!

— Адамдар ургаачыларды көйрөң дешет. Көйрөңдүк жагынан эркектер аялдардан алда канча ашып түшөрүн айтышпайт. Артыкча жактырып калган ургаачысы жанында турганда, мактаныш үчүн эркектер оттон да, суудан да, ал эмес, өлүмдөн да жазганбай калышат. Жаштар эле эмес, андай көйрөңдүк ар бир карынын да башында бар. Муну да жок дей албайсыңар.

Жакшы көргөн зайыбы эринин көзүнчө башка бир эркекти мактап койчулук кылбасын. Зайыбы мактап койгон киши менен жоо болот да калат. Жашырбай эле койгула. Ар киминдин башында бар. Аялдар күнүчүл. Эркектер кенебейт. Кең пейил дейсиңер. Калп. Эркектен ичи тар эчтеме жок.

Эми, Ийгиликке бийдин ысык боткодой жармаша беришинин себебин айтайын. Камканы катындыкка ала электе бий Ийгилик менен майдай, сүттөй ынак болучу. Дагы эле эсимде. Кийинчерээк менин көзүмчө Ийгиликти Камка катуу мактап койду. Өзүңөр билесиңер, Ийгилик мактоого арзырлык эле киши. Жалгыз айыбы букаранын баласы болуп калгандыгы. Камка Ийгиликке ашык болгондугунан аны мактады дейсиңерби? Жок. Анчейин эле жөн салды сөз катары мактаган. Ошо кудай ушу. Калп айткандай башыма бирөө кылыч кармап жатабы! Ошо күндөн тартып мактаган Ийгилиги кыйын бекен. Же мен кыйын бекемин, Камканын көзүнө көрсөтөйүн,— деген ич тарлык менен Ийгиликти кодулады да калды. Асыла берип акыры айыгышып кетишти. Ийгилик бийдин итчилигине теңелгиси келбейт. Калыс тууган баарыбыз аны жакшы билебиз. Айтты, койду дебегиле. Аман болсо көрөрсүңөр. Акыр түбү же

www.bizdin.kg

Ийгилик бий колдуу болот. Же бий Ийгилик колдуу болот. Антпей деги эле койбойт. Иши кылып бирөөнүн ажалы экинчисинен. Кимиси ким колдуу болорун азыр ачык айталбайм,— деген эле.

Булардын чырчатагынын агымы деги ошондойлоп баратат. Азыркы башталган чатак кандай бүтөр экен. Мүмкүн Шадман акенин ошондо айтканы ушу чатак менен чындыкка чыгып калабы, бүгүн болбосо да эртең көрөбүз го! Эми, жаңы козголгон чатакка кайта баралы.

Чакырыкчы болуп келген бала — бий аке сизди чакырып жатат,— дегенде старчындын жүрөгү болк дей түштү. Колундагы чыны ыргып кете жаздады. Шашкан тейде — мениби? :— деди.

— Сизди, ооба!
— Мени элеби?
— Жок, элүү башыларды да!
— Отур. Отуруп чай ич.
— Тез кел деген.
— Ошончолук эмне болуп кетиптир.
— Билбейм. Анысын айткан жок.
— Отуруп нан ооз тий.
— Ошонтейин.
— Жөнө эмесе.
— Ооба, жөнөйүн.

Чакырыкчылыкка келген бала жөнөп кетти. Санаадан күлүк эмне бар. Шаршесиби же келинчегиби, же экөө бирдей ары карап кетти бекен дегенди бир ойлосо, Камка жөнүндө экини ойлоду. Старчындын аялы тыңчырак киши.

— Эми эле келбедиңиз беле? — деп сөзгө аралашты.
— Ооба. Эми эле келгемин!
— Бийдин сиз менен киндиги туташпы?
— Ооба. Киндиги туташ!
— Сагынып турабы?
— Кичине эле көрбөй калса сагынып кетет!
— Көчүгүңүздү жер жыттатпайт экен го?
— Ошентип жүрөт.
— Эрте кетесиз. Кеч келесиз!
— Ошентип жүрөм!
— Акыры балдарыңыз өзүңүздүтааныбай баратат го?
— Ооба. Тааныбай баратат!
— Бир жагынан балдар. Бир жагынан бирин эки чарба...
— Ооба. Отун, суусун айтканыщ жок.
— Аны өзуңүз айттыңыз. Кыйналып жүрөм.
— Билем. Ошентип жүрөсүң.
— Отунсууга каралашар киши таап бериңиз!
— Антпейм.
— Эмне үчүн?
— Корком!
— Эмне үчүн коркосуз?
— Экөө биригип көзүмө чөп сала коёбу деп.
— Мени өзүңүздөй көрбөңүз!
— Мен кимдин көзүнө чөп салып жүрүпмүн?
— Көзүм менен көрбөсөм, ким экенин кайдан билем!
— Билбесең андай сөздү айтпай жүр!
— Билсем деле айтпай эле коёюн.
— Билгениң болсо айта кой!
— Болбогон сөздөрдү айтып отура беребизби? Бийиңизге кетпейсизби?
— Кетейин.
— Атыңдын ээри үстүндө. Алган эмесмин. Белен турат. Жүр эми. Аткарып коёюн.

Аялы атына колтуктап аткарды. Камчысынын түшкүнүнөн кармап тура калды да: — баса, тиги Жамгырчы уулу кырылышабыз дешип жатышат дешет го?

— Ошентип жатышат.
— Баарынан мурда өзүңдү талпактай сабашса экен.
— Ошентип каргап туруп узатасыңбы?
— Эчтеме эмес. Катын каргышы эрге жетпейт. Бар. Кет жөнө!
— Кубалайсыңбы?
— Кубалайм.
— Эмне үчүн?
— Жумуштарымдан калтырасың.
— Кутула жадап турсаң мына кеттим.

www.bizdin.kg

— Өз башыңа сак бол. Сактана жүр.

Старчын барганда Карагул тышта турган экен, атын алды. Үйгө кирейин дейт, киргиси келбейт. Кирбейин дейт, кечигип эмне кылып жүрдүң дейт. Үйгө кирбестин айласын издеп жоотколоду. Тыякка басып, тыякты карамыш болот. Быякка басып, быякты карамыш этет. Карагул жай кыймылдаган жан эмеспи. Атты байлап коюп, кайта келйп үйдүн эшигин ачкаида кирйп барды. Бийдин кейпин көргөндө жүрөгү шуу дей түштү. Же жогору басып отурарын билбей, же кайта качып чыгарын билбей туруп калды. Үйүндө отурганда кой терисинен тигилген малакайын кийип алуучу. Мурда байкачу эмес экен. Бүгүн бийи көзүнө бопбоз эле моло тарыздуу көрүндү. Камка түтпөй кетти көрүнөт.— Жогору өт, старчын мырза,— деп күлүмсүрөп койгондо гана «иш жайында окшоит» деп жаны ордуна келди.

Камкасы да, старчыны да «Шектүү шекинет» болуп бөйдө коркушуптур. Бийдин кутурупжаңырышына өтүкчүнүн келиши себеп болгон экен. Урупсабап коюшту деп өз туугандарынын үстүнөн арызданып келиптир. Эстебес тентек менен Малабаш тилмеч баштаган чатакты, алардын жеген таягын, келинчеги менен Шаршенин өлүм алдында жатышын, Ийгиликтин үйүндө болгон бардык сөздөрдү төкпөйчачпай үйө төгүп айтып таштаптыр. Анын баарын укканда бий сүйүнбөсө, күйүнбөгөн көрүнөт. Көрсө: — кудай берип таштаптыр. Ийгиликти шылып таштоого дагы бир шылтоо табылыптыр. Кандайча барып, кандайча жөөлөшөйүн,— деп ошону ойлоп оолугуп отурган окшобойбу.

«Коё бер орус колумду!» деп жулуна беришинде башка маани бар экен. Камка байбичесинин үшүн алып, анан мактанып да коюунун өзүнчө бир жосуну турбайбы. Коркутуп алыш үчүн ошенткен менен, анысы кыңарагын алып өлөм дегенде, кайта өзү катуу шашыптыр.

— Колумду орус эле кармап турат. Орус болбогондо Ийгилик менин кулак кести кулум эмес беле? Ачуума тийсе таманын тилип туз салып, кой кайтартып койбойт белем? Орус болбогондо, жалгыз Жамгырчы уулу эмес, айаалам, кулпейишти каратууга акылайлам да жетмек. Колумдан да келмек. Мына минтип орус деген эме колумду байлап отурбайбы,— деп токолуна мактаныптыр. Ошентип, эрке токолун жоошутуп коюп, старчын, элүү башыларын чакырткан экен.

— Элүү башыларың кайда? — деди эсине эми гана келген старчынга.

— Азыр келишет.

— Шадман аксакалга киши чаптыр. Старчын, элүү башыларын алып кечке калбай мында болушсун. Бексыргага да бир киши чаптыр. Ал да ошондой кылсын.

Коош! Эки элүү башыңа айт. Экөө эки үй тигишсии. Барып Жамгырчы уулу болгон жерден экөө эки бээ жетелеп келип, тиктирген үйлөрүнө союп ташташсын. Эки тараптан келгендерди ошо эки үйгө киргизип сый көрсөткүлө. Уктуңбу?

— Уктум! Бирок, Жамгырчы уулу катуу бекинип калышты. Алардан бээ ала коё алышпас!

— Андай болсо, эки элүү башы эки бээни өздөрү таап союшсун. Семиз болсун. Уктуңбу? Коош! Бар эмесе. Бара бер.

Старчын чыгып кетти. Бий эрке токолун астыртан маашырлана карады. Токолу тоотмоксон болду.

## IV

Бийдин үйүндө төрт киши отурат. Шадман аке, Бексырга, Качы бий, эрке токол Камка. Берки үчөөн тааныйбыз. Бексырганы жаңы көрдүк. Жапалдаш бойлуу кара тору киши. Сөз ошонун оозунда экен. Бий арызданыптыр. Анын арыздарын бирден санап тактап чыкты.

— Карачечекей инимден калган керез Албанымды азгырып жүрүп Ийгилик көзүн тазалады. Тирүү болсо таап берсин. Өлтүрүп койгон болсо кунун алып бергиле — дединиз го? Дединиз! Биринчи дооңуз бир кишинин куну экен. Киши болгондо да жөнөкөй эле киши эмес, Качы бийдин тукумжураты, ак сөөкасылдардан дединиз. Туура. Олжобай тукуму кишиси эмес, итин да букарадан жогору көрүшөт. Демек, жөнөкөй кун эмес, асылдын куну. Найза бойлобой турган кун. Мындай ишке бийлик кылыш кыйын. Шадман аке экөөбүздүн чаркыбыз жете коёр бекен? Муну да ойлонушалы.

Экинчи дооңуз — Үйөздүн тилмечинин дооматы. Жөпөкөй киши болсо бир жөндүү. Мунуңуз үйөздүн өзү аркылуу бүтө турган доо эмеспи? Үйөздүн тилмечи, болуштун күйөө баласынын доосуна бийлик жүргүзүүгө Шадман аке экөебүз бойлой алар бекенбиз? Ар ким өзүнө чак тонду кийиш керек. Бул жумушуң бизге же кеңдик, же тарлык кылып жүрбөсүн? Алды менен ошону тактап алалы.

Үчүнчү дооңуз — Эстебестин дооматы. Болуштун өз уулунун, ак сөөк асыл жигиттин букарадан таяк жеп калышы. Мунуңуз да аркан салса бойлобой турган иш. Ак сөөктөрдүн ишине аралашууга Шадман аке экөөбүздүн жөнүбүз барбы? Же жокпу? Муну да өөнөп бычып алалы! Кандай дейсиз, урматтуу болушум? Эмне дейсиз, ардактуу аксакалыбыз, Шадман аке! Менин чамаачагымда — бул айтылгандарга бир эле өзүбүздүн болуштагы бийлердин кулачы жетпейт го! Дубандын бийлеринин карамагына берсек оң болуп жүрбөсүн? — Шадман аке, болсо, өзүңүздүн кара чечекей кудаңыз? Калыстыгынан тайып кетсе, сороюп эле мен жалгыз калсам, кара кылды как жара албай карайлап отуруп калып жүрбөйүн. Бийлер бийлигин иштейт. Кайсы бийдин кандай экендигин карап отурган калк деген бар. Калыстыктан ажырап калып, калк алдында кадырыбызды кетирип албайлы? Бул да алды утур ойлоп коё турган кеп — деген сөздү кайтадан кошумчалады. Ошентип иштин баарын тиги отурган экөөнө саласал кылды да, тим болду. Үйдө отурган берки үчөө ооз ача албай ойлонуп калышты.

— Бексырганын

www.bizdin.kg

«Кылыйы турат көзүндө, Кылтыңы турат сөзүндө. Чалымы турат көзүндө, Чалгырты турат сөзүндө! —

деди, Шадман аке, өзүнчө ойлонуп. Анан: — Бексырга бийим, айткандарыңдын бардыгынын жөнү бар. Болушубуз эмне дээр экен. Болуштун сөзү эле сөз болот эмеспи! Бир дубандын бийлерине бергенибиз кандай болот? Жамгырчы уулун дубандын бийлерине жем кылып коюп жүрбөйлү? Ошонубуздун өзү эле адилетсиздик мындай турсун, акылсыздык болуп калбасын? Байкап көргүлөчү! «Ичегиси үзүлгөн ичинен жалганса» жакшы болуучу эле. Болушка эп келсе дубанды коюп ич ара бүтүшкөнүңөрдү оң көрүп отурам. Болуш эмне дээр экен, ошону укпайлыбы! — деди эле,— угалы, угалы! — деп Бексырга бапалактады.

Иш дубандын бийлерине калтырылса созулуп кетет. Бексырга ал сөздү бекер айткан жок. Создуктура берип иштин изин суутмакчы. Кытмыр «болуш» аны жаземдебей кармады. «Эртеңки куйруктан бүгүнкү өпкө» абзел. Олжобай уруусун бүгүнэртең эле олжого туйтундура туруу максатын көздөдү.—Жамгырчы тукумун бир дубандын бийлерине берсек тамтыгын кетирип коёрбуз. Биз аябаганда алар аямак беле? Өз ара, өзүңөр эле эсине келтиргениңер, эсикөөнүнөн калгыс кылып койгонуңар абзел болор деп Качы бий ары бооркер, ары адилетсинди. Анан ушуларга алдатып жибербейин деген арам ойго келди. Түкшүмөлдөп сынап көрүш үчүн: — макул, өзүбүзчө бүтүшөлү. Силер эле бүткөргүлө. Кантип бүткөрөсүңөр. Болжолдоп болсо да оюңарды айтып көргүлө. Өөнү болсо баштаарбыз. Келкиси болсо кесип ыргытарбыз. Бир ооздуу болуп алып анан жалпыга жая салалы,— деди Качы. Биртикеден кийин Шадман акеге, Бексыргага бет бурду.— Сен болушту кудаңдап маа ишенич бербей турасың. Чындыгында бирөөбүз доочу, бирөөбүз доочунун кудасы. Касапта, бычакта өзүң болуп калдың. Кесип, бычып көрчү. Угуп туруп анан бирдеме дейли,— деди Шадман аке.

— Эгерде, мени касапчы кылып койсоңор, мен Жамгырчы уулунун мойнуна беш тогуз айып кесемин,— деп анысы мукактанбастан шар кетти.

— Кана, кантип, кандайча кесесиң? Жөнүн жөндөп, атын айтып кой! — деди мунусу.

— Сетердей болгон бир келинчегин камчы менен чаап койгондугу үчүн, кандын каны, каранын төрөсү Качы бийдин уулун жалпы Жамгырчы чогулуп өлөрчө кылып сабаптыр. Мунусу пенде гана эмес, жасаган кудайдын өзү да кечирбей турган айып, кылмыш. Бул айыбы үчүн үч кесим (үчөө тай, үчөө кунан, үчөө бышты) бир тогуз айыпка жыгамын.

Андан кийин кылча кылмышы жок оёздун тилмечи, Качы болуштун кара чечекей күйөө баласы Малабаш мырзаны иттей сабашыптыр. Тилмечин сабаганы оёздун өзүн сабагандыкка жатпайбы? Улук кудаа эмес, кудаадан жудаа эмес. Улукту сабаш кудайды сабагандыкка барабар. Анын үстүнө уулун, күйөө баласын сабап коюш Качы болуштун өзүн сабагандык болбойбу? Жамгырчы уулунун бул айыбы үчүн үч кесим экинчи тогузду төлөтөмүн.

Качы болуштун кара чечекей уулун сабап, күйөө баласын уруп, ызакордук көрсөткөндүктөрү үчүн, үч кесим үчүнчү тогузду Качы бийдин өзүнө ыйгарамын. Үч кесимден үч тогуз мал болду. Эми экөөбүз куру келип, куру эле кетмек белек? Жакшы үмүт менен олжолуу болобуз деп келбедикпи? Андай болбогондо жөн эле келе коёт белек? Экөөбүз эки уруу элден келдик. Эки урууга — эки тогуз.

Ошентип, баш аягы он беш тай, он беш кунан, он беш бышты — бардыгы кырк беш жылкы болот. Менин бийлигим ушу. Мына ушундай кылабыз. Оё бычып, тоё жейбиз...

— Баса, карачечекей инин Албандын куну жөнүнде, анын өлгөндүгү аныкталса, ошондо башкача сүйлешөбүз.

Качы «болуштун» кыбасы кана түштү — борс, борс күлүп жиберди. Шадман аке жактырган жок, жыйрыла карады да,— Бексыргам, бул ойнунбу? Же чыныңбы? Туура. Бардыгынын атын атадың. Жөнүн жөндөдүң. Шылтоолорун таап жакшы айттың. Андай болгондон кийин Жамгырчы уулун аты жакшы Олжобай тукумуна таратып бөлүп берип .тынганыбыз абзел болуп жүрбөсүн? — деди.

— Эмне? Катуу кетип койдумбу? Көп болуп калдыбы?

— Көп эмегенде. Кырк беш жылкы талаада жайылып жүрүппү?

— Мен өз калыстыгымды айттым. Жөнүн таап өз калыстыгың болсо айт!

— Макул, калыстыгыңды кабыл алалы. Төлөй алышабы?

— Телөгөн, төлөбөгөнүндө биздин кандай ишибиз бар. Болушуңуз кесип бер, айыпка жыгып бер деп отурат. Менин бийлигим кырк беш жылкыга жыгып бериш. Аны өндүрүп алабы, же кечип жибереби — ал болуштун өз иши. «Арстан алганына кубанбайт, чалганына кубанат». Болуш арстандык кылар. Жыгып алгандыгына тоопук кылып балким албай коёр. Кечип жиберер. Анысын экөөбүз кайдан билели? Кана, сен өзүң эмне дейсиң, болуш? Кырк беш жылкыга ыраазы болосуңбу?

— Бийлигиң бийлик. Соодалашып отурат белек!— деди «болушу». Шадман аке башын чайкап тим болду. Аркы, берки сөздөр айтылгандан кийин: — кана эмесе. Отура беребизби? Доону баса барып өндүрөт. Айлына баса баралы. Аттанбайлыбы! — деди Бексырга.

— Аттаналы,— дешти.

Тигилер кетүүгө бет алган учурда Камка байбиче бирдеме айтууга камынды.— Шүк, шүк отур,— деп бий тыйып койду. Тигилер кеткенден кийин,—кудайдан үмүт кылбай эле, доочырдан үмүт кылып акыйып калган агатуугандарыңды олжого дагы бир туйтундурат окшодуң го, бийим? — деди анысы.

— Баатыр табат, батман ичет. Кудайым өзү биздин тукумду ошентип койгон турбайбы? Элден алат. Элден жейт. Анын эмнеси бар? — деди мунусу.

www.bizdin.kg

— Кудайым силердин тукумду элден өзгөчө жаратып койгон экен го?

— Ошенткен. Олжого туйтундура келгемин. Бүгүн да туйтундурам. Мындан ары да туйтундура жүрөм,— деп бий эргичтеди. Тышта тургандардын бирөөн чакырып: — Айылдын аксакал, көк сакалдарына кабар айт. Жапырт аттансын. Олжо алышсын,— деди. Тиги эки тараптын кишилери эки топ, бий өзүнчө бир топ болуп Ийгиликтин айылына барып оопооп түшүп калышты. Ийгиликти обочолото алып барып эки бий ортого алып, Качы бийдин төрт доосун айтып беришти.

— Үчөө жөндүү сыяктуу: Бирөөнүн жөнү жок го? — деди Ийгилик.

— Кайсынысынын жөнү жок?

— Албан жөнүндөгүсүнүн. Анысын болуш уулунун калыңына чегерип маа бербеди беле? Калыңга берген кулун өлтүрөмбү, бирөөнө сатып жиберемби, анда болушуңардын кандай иши бар? — деп күлдү. Сандарын чаап, күлкүлөрүнө чыдабай экөө эки жакка жыгылды. Көздөрүнүн жашын сүртүп көптөн кийнн кайта турушту.— Аны кой. Берки үчөөнө кандайсың? — дешти.

— Макулмун! Мен бере албагандай, болуш алалбагандай жакшы бийлик болуптур.

— Эми түшүнбөдүмбү! Көрсө, Бексыргам, сен болушуңду сайга аркандаганы жүрүпсүң! — деп Шадман аке, тигинин кесимине эми макул болду. Ийгилик барыи өз айлынын тобуна кошулду. Берки экөө Качы бийдин тобуна барды. Кырк беш жылкыга баш тартпастан макул болгондугун угузду. Өздөрүнө ыйгарган эки тогуз жылкыны Ийгилик үчүн кечип жибере тургандыктарын айтып,— өзүңөрдүн жыйырма жети жылкыңарды кандай өндүрүп алсаңар, ошондой өндүрүп ала бергиле,— деди Бексырга.

— Болуптур. Болуптур. Иш бүткөн турбайбы! — дешти Качынын агатуугандары. Бирок, бий Ийгиликтин дароо эле макул боло коюшунан шекшиди. Тигил экөө өз тобуна кетти. Олжого кулкулдап отургандардын бирөө,— кана эми, отура беребизби? Барып аласаңарды албайсыңарбы? Бар, Кашкарбай. Сен барып береселерин өндүр,— деди.

— Бересеңерди бергиле! — деп Кашкарбай барды.

— Жан бергенге жай бер деген эмеспи. Аласаңарды жайыраак, табатута, табылганда аларсыңар,— деди Ийгилик.

— Баарын болбосо да анчамынч.асын азыр бергиле. Куру кетпейли?

— Бириндетип жүрөсүңөрбү? Чогуучараан бир эле алгыла.

— Кече күнү тигилерге эки бээни карыздап сойдук. Эч болбогондо эки семиз бээ тапкыла. Берип кутула туралы.

— Жок болсо кайдан табабыз.

— Мантектин жана башка байларыңардын колунда бар эмеспи? Ошолордон алып бергиле. Беришип турушар.

— Алар силерге бербесе, бизге бербейт.

— Анан эмне? Куру эле кетебизби?

— Кетпесеңер табылгыча мында жата бергиле.

— Деги бериң чынбы?

— Табылганда дебедимби?

— Табылбасачы?

— Табылгыча күтө турасыңар да!

— Бышпаган иш турбайбы?

— Неге бышпайт. Бийлер оё кесип, тоё бычып бербедиби?

— Түшүнбөдүм.

— Эмнесин түшүнбөйсүң. «Табар айы» дегенди билесиң го? Ошол айда аласыңар.

Кашкарбай этекжеңин күбүп, өзүнүн тобун карай .басты. Ошол учурда КачьГбийдин бир уулу келди да,— Ийгилик, бери басчы!—деп ар жакка алып барды. Элден обочолотуп барып өзү жүйүртө басты. Айта турган сөзү бар экен го деп, Ийгилик да жүйүртө басты. Ал отурар менен бийдин уулу ыргып тура калды. Колунда бүктөй кармаган камчысы бар экен. Ийгиликти төбө талаштыра басып алды. Аны бардыгы көрүп турду.— Жарады ;бийимдин ушул уулу. Аман жүрсө бийимдин ордун ушул уулу басат,— дешип, бий тараптагы чалдар маашыр болушту.

Ийгиликке алысыраак тууган, Албан менен алышман Борбук деген жигит бар эле. Алдагандай жай болот десе керек. Орус кожоюнунун атын минип ар жакта турган экен. Качырып барып — чабыш андай болбойт. Мына мындай болот,— деп бийдин уулун бир чапканда, акебай, чокусунан үкү чыга түшсө болобу!

— Мына. Чабыш андай эмес, мына мындай. Бийдин уулу бийдин тобун карай безе качты. Бирок, узаткан жок. Үчтөрт чабуу менен узунунан салды.— Чабыш деген андай болбойт, мындай болот,— деп бийинин өзүн да чоку талаштыра салыпсалып өттү.— Кыйын болсоңор чыккыла!— деп ат ойнотту.

— Жарады жигит. Сооп кылды,— деди Бексырга.

— Бий ошону көрмөк эле. Өзү эле эмес, уландары да кутуруп кеткен тура,— деди Шадман аке.

Аттарына миништи да кете беришти.

www.bizdin.kg

# V

Бая эртең бийлер жамгырчы уруусун айыпка жыгып олжо алыш үчүн аттанбады беле! Ошондо Качы бий старчыныңар жок го? Кайда кеткен?—деген. Олжо алууга бараткандардын бири, старчын төшөк тартып жатып калгандыгын айткан.

— Суук жеп калса керек. Эти ысып, калтырап титиреп жатат. Атка жүрө ала турган эмес.

— Суук жеп калса, кудай сактасын. Кечинде кемпирлердин бирине учуктата койсо эртең эле куландан соо болуп калат. Туруп кетет,— деген эрте барып олжого туйтунганы шашып жүргөндөрдүн бири. Старчын оорурун ооруптур. Бирок, оорусу башкача, мындайча айтканда, бир ок менен эки коён ата турган, өз башына пайдалуу оору экен. Антип үйдө калбаганда, бийдин чокусун торсойто чабуудан жазганбаган Борбук анын башын соо коё берет беле, ким билет! Башы аман калды. Анан бийдин байбичесинин сыйын көрдү. Анысы мындай болду:

Камка байбиче шашкеде эмес, эл жатарда да өз колу менен төшөк жайлап көргөн киши эмес. Белен төшөккө жатып турууну гана билүүчү. Түшүнөн чочугандай болуп мына эми, бийлер жөнөп кетер менен өзү төшөк жайлады. Чечинип жатты., Көшөгөсүн түшүрүп алды. Анан кызалакка төмөнкү сөздөрдү айтты:

— Аркы үйлөрдүн биринде Старчын ооруп жатса керек. Чакырып кел, жакшылап чай бер. Бийим кетеринде Старчынга берип кой деп аманат калтырды эле. Ошонусун берип коёюн. Үйгө бей жоop киши киргизбе. Өзүң айлананы акмалап тышта бол. Түшүнгөндүрсүң?

— Түшүнбөгөндө. Түшүндүм. Старчынды чакырып келип чай берем. Бийимдин аманатын өзүңүз бересиз. Мен айлананы акмалап тышта турам.

— Түшүнүпсүң. Иштериңди иштей бер. Чайды жөн эле койчу. Ачка жүрдү дейсиңби. Чакырып үйгө киргизип кой.

Кызалак ошентип койду. Анан акмалап өзү тышта жүрдү. Кейпи, аманатты бий көп калтырган көрүнөт. Алыш, бериш болжолу аш бышымча созулду. Старчын кетер менен Камка байбиче кайта туруп суу жылыттырды. Жакшылап жуунуп чайынып алды. Суу куюп берип жатканда «ушу жуунушу да шектүү болуп калды» деди Кызалак, тымызын, өзүнчө бүшүркөп. Анысын сезе койгон эмече, байбиче — оозуңа сак бол,— деп зекип таштады.— Андай эмени айтсам кара оозума кан толбойбу,— деди тигиниси.

— Кана эмесе. Тамак бер, чай бер. Тойгуз,— деди мунусу.

Тамак жеш, чай ичиш көвкө созулду. Көп жеп, көп ичти. Кымыңдап да койду. Жымыңдап да койду. Күлүмсүрөп туруп, өзүнчө шыңк этип күлүп да жиберди. Ти гиниси анын бардыгын байкаса да, байкамаксан болду. Мунусу өзү менен өзү. Өзүнчө кубанат. Кубанчысы жүзүнө чыгып жаадырап жацнайт. Келбеттүү келишкен аял эмеспи, каңдай обонго салып кубулса, бардыгы өзүнө жарашып турду. Бийдин маңдайында отурганда мындай кубулуштун бири да болучу эмес. Астыртан байкап отуруп мунусунун назданышына, тигиниси жөн эле эсип калды. «Байбичемин түлкүсү түштө улуду». Арты эле кайырдуу болсун деп тигиниси тышка чыкты. Бир оокумдан кийин:—опей байбиче! Бийиңиз келип калды,— деп Кызалак тышта туруп үи берди.

— Өзүм тосуп алайынчы,— деп байбиче тышка чыкты. Келатышыптыр. Тозооттоп карап турду. Калың топтун алдында адатынча бийи жалгыз келатты. Эртең менен чакаракчапчак болуп аттанган бий жок. Ындыны өчкөн. Кабагы салыңкы. Түспөлү «Самандан сары, чөптөн куу» болуп кетиптир.

— Оо, жараткан, жалгай көр! Эмне шумдук болуп кеткен?— деп, байбиче атынан колтуктап түшүрдү. Кызалак эшик ачты. Өзү колтуктап киргизди. Жанагы жайланышкан төшөнчүнү жыйнап коюш эстерине келбептир. Анысын көрө койгондо байбиченин жүрөгү шуу дей түштү. Өңү да өзгөрүп кетти. Анткен менен белен төшөктүн шылтоосун оңой эле таба салды.

— Коркуп кетип кимиси айтканын да билбей калдым. Бийиңиз кыйналып келатат деди. Төшөк жайлата коюп, өзүм тышка чыгып карап турбадымбы! Деги эмнеңиз ооруйт, жарыктыгым. Башыңызбы? ичиңизби?

Оозу сүйлөй берди. Колу бийди чечинтти. Жылуусу кете элек белен төшөккө жаткыра койду. Жаны кейип турган бий, анын жылуу экендигин байкаган жок. Бийдин төшөккө кие жатуучу малакайы бар эмеспи! Ошонусун кийгизейин деп тебетейин ала койсо, чокусунун үстүнөн экинчи бир чоку көрүндү.— Шумдугуң куруп калиий!—деп байбиче ичиркенип жиберди. Чыйрыгып кетти.

— Коркпо, коркпо, Камка балам! Аңдыдөңдү карабаган бир акмагы бар экен. Катуураак чаап койгон окшоду,— деди кошо кирген карылардын бири. Малакайын чебердеп кийгизди. Аяк жагына барып бийдин бутун койнуна катып колу менен ушалай баштады. Үй ичинде үн да жок, сөз да жок. Үндөрү өчкөнсүн үңкүйүштү. Дымырады да калышты. Алар айыпка жыгабыз. Олжого туйтунабыз,— деп айбаттуу барышкан. Олжо ордуна таяк жешти. Салаңдап салбырап куру кол келишпедиби. Алар бийдин кайгысын тартышпайт. Өз баштары аман, оорубайт. Алынбай калган олжонун кайгысын тартып отурушат. Кече күнү союлган эки бээден эт калгандыр. Ошондон жеп кетсек дешип эт аңдып отурушат. Камка анын бардыгын түшүнөт. Жыйналып жүргөн ичинде кэп сөздөрү бар экен. Азыркы абалга байланыштыра тышка чыгарып кагынып силкинди.

— Деги эле эл эмес экенсиңер. Журт эмес турбайсыңарбы? Кара улак алып келип садага кагып жиберсеңер боло? Ошого да жарабайсыңарбы? Же акылыңар жетпей турабы? Баятадан бери күтүл

www.bizdin.kg

отурам. Күтүп отурам. Эчтеме жок. Айтьш турбаса оюңарга эчтеме кирбейг. Каранын каны, кандын төрөсү бийиңерди башка чаптырып коюп кантип жаныңар чыдады? Же бир тобун өлтүрүп, же бир тобуңарды өлтүртүп туруп анан келбейсиңерби? Же жөн жүрбөйсүңөр. Күндө бирөөң чокчоңдоп, биреөн чойт эттирип чапкан болосуңар. Анан бетибашыңарды жардырып аласыңар. Ишке жарап койгонсуп кайта келесиңер. Чабыша кетүүге жарабагандан кийин, тийишпестен шүк жүрбөйсүңөрбү? Же таяк жеш үчүн, анан ошону шылтоо кылып айып алып эт жеш үчүи ошентесиңерби? Кейпи ошентет окшойоуңар. Эсидартыңар эле эт. Жегениңер да эт. Тирүү эле жүргөнүңөр болбосо, өзүңөрдүн деле эттен өйдөчүлүгүңөр жок. Бу жерге отуруп бүжүрөгөн болосуңар. Бүжүндөгөн болосуңар. Бийиңерге, ооба, бийиме бооруңар ооруп жаткандыр? Силерде боор жок. Бооруңар таш. Качандыр, атабабабыздан бирөө маңап болгон экен деп, манапсыган болосуңар. Жөнү жок чыйыттап чычайымыш болосуңар. Издегениңер чырчатак. Эптеп айып таап эт өндүрүп жеш. Кудайдан үмүтүңөр үзүлүп, акыйып аңдыганыңар башкалар. Бирөөңөр барып аркыларга айтып койгула. Кече күнү союлган эки бээден калган эт болсо, буларга кайнатып беришсин. Умсунуп калса эмчектери шишийт. Тышта канча киши жүрөт?

— Бул чөйрөдөгү олжобайдын бардыгы эле жүрүшөтго!

— Бардыгы жүрсө жакшы болуптур. Ишке жарашыптыр. Бүгүн жакшылап туруп этке тойсоңор, эртең эл катарына кошулуп калгыңар бардыр. Үйдө отурганда баарыңар эле баатырсыңар, куру намыс, куу чиренсиңер? Бу заманда намыс деген эмени тил менен албайт. Билектин күчү, союлдун учу менен алат. Ким союл сокконду билсе, намыс ошонуку. Карагул деген эмеси кайда жүрөт? Анысы да бир казан сорпого жеке өзү жалгыз тойбойт. Эч болбогондо ошонуң колуна союл берип коё тЗербейсиңерби? Өлсө өлөт экен. Анын өлгенүнөн пайда таппасаңар зыян тартпайсыңар. Кун алып, олжого туйтунасыңар. Өлбөсө, бир тобунун башын айра чабууга жарайт го? Бийим даярдап берген белен олжого гана тапсыңар. Көрсө барымта, көрбөсө сыйрымта, эт бышкыча барып эч болбогондо мал тие качып алууну да ойлобойсуңар.

— Бийибиз бар, ырысыбыз бар,— деген үн чыкты.

— Ырысыңардын чокусун ойдура чаптырып коюп жыргап отура бергиле!

— Алар жан кечти эмелер турбайбы! Кантип теңелебиз?

— Теңеле албасаңар, тийишпей шүк жүрбөйсүңөрбү? Жандарынан аша кечирбегиле. Өз башын аябагандар гана өзгөнүн башын далдал кылат. Жылкыңарга ченеп ышкыргыла. Коркокту кубалай берсе баатыр болуп кетет. Аларды кубалай берип, кордопзордой бернп баатыр кылып алган өзүңөр. Өзүңөрдөн көргүлө!

Баягы жылы Алмабектин жигиттери бийди байлап баратканда, артынан Албан кубалай жетип ажыратып калганда, бий как ушу азыркыдай келип бүк түшпөдү беле? Ошол окуя эсине келе калды окшойт. Албан жок. Кодулап жүрүп жоготподукпу. Атаганат, Албан колдон чыгып кетпегенде, мынчалык жер каратпайт эле го? Бизге чала болот. Бизге сооп, бизге убал жок,— деп бийдин бутун койнунан чыгарып таштап койду. Кагынынсилкинип тышка барып кайта келди. Эмнеси болсо да, кулактарын жапыра отуруп бул үйдөгүлөр да, аркы үйдө отургандар да этке тойгондон кийин тарады. Төөнүн чуудасынан кара казанга бир канчага кайнаттырды. Анан кайта чыгартты. Анысын муздак сууга чылатып сыктырды. Анан бийдин жараатына жаап туруп таңып койду. Эртең менен бий дурус болуп калыптыр. Шашке ченде уулдарынын бири келди.

— Баягы старчын ооруп калган окшоду эле. Андан кабар алалдыңарбы?

— Барып келдим.

— Оорусу кандай көрүнөт?

— Оорусу жаман оору го!

— Оорунун жакшысы да болмок беле? Эмне деген оору көрүнөт?

— Өзүнөн сурасам айткан жок. Жашырып катынынан сурадым. Астынан сезгенип жүрөт дсйт.

— Качантан бери?

— Дулайдай болуп шишип кеткенине бир айча болду. Ооруга чыдамдуулугунан эле жүргөн деди катыны. Камка байбиче «кече күнү эле таза болучу, калп»—деп жибере жаздады. Чочуп кеттн да күлүп жиберди.— Кара тумшук, ошондой сөздү да айтабы? Атандан уялбайсыңбы?— деп сөз чаргытты.

— Улуу сөздө уят болмок беле? Басалбай калган го?

— Ооба, басалбай калган окшойт. Түн ичинде тышка чыгып заара ушатса, асманда турган айга удул келип калыптыр. Ошондон тартып ооруптур.

— Уйкулу көзү менен байкаган эмес экен го, бадрек.

— Ошенткен го.

— Төмөнкү жаман айылдан кабар уга алдыңбы?

— Уктум. Тиги Чаки элүү башы барып келиптир.

— Эмне угуп, эмне көрүптүр?

— Мужуктагылары араба менен Ийгиликтерди көчүрүп кетүүгө келиптир. Бардыгы ошо жерде чогуу экен. Ийгилик малдуу байларын конуш которуп алыстап кеткиле. Антпесеңер көрсө барымта, көрбөсө сыйрымта кыла берет дептир.

— Конуш которгондо кайда баргыдай? Чаки айгтыбы?

— Айтты. Бир бээ жетелеп барып бир тобуң Шадмаи акеден конуш алгыла. Бир тобуң, бир бээ ала барып Бексыргадан жайыт сура дептир. Кейпи, ошентүшө турган болгон го.

www.bizdin.kg

— Күң өлөмүн деп коркутса, кул качамын деп коркутат деген ошо. Тиги Алыке уулунун пейли кандай көрүнөт, байкай алдыңбы?

— Алардын пейли деле оң эмес го.

— Маселен?

— Маселен, бийдин айлы аша кечирип жиберди деген сөздү күңкмаңк кылып көп сүйлөшөт экен. Алардын да үч абышкасы Бексыргага, Шадман акеге барып келишкен го!..

— Баса, жанагы биздин балдардан таяк жеген Шаршеси менен келиндин абалы кандай деди. Аны билиптирби?

— Билиптир. Тил сүйлөөгө жарап калышкан окшойт. Камка байбиче сөзгө кыпчылды.

— Атайы кол булгалаганга жараша киши өңдүүсүнө, Ийгилигиби, Мантегиби, ошолорго окшогондоруна булгалашпайбы. Жоктон тапкансып жанын бага албай жүргөн эки жетимин жанчышыптыр.

— Сөздү бөлбө, байбиче, шүк отур!

— Мына шүк болдум. Маа эле таисыңар.

— Баягы өтүкчү кайда? Мындабы. Же кетип калды беле?

— Мында болучу. Кече күнү сиздер келгендеи кийин жылып жоголгон.

— Мантек элүү башыны көрө алдыңбы?

— Өзүм көргөнүм жок. Чакиге жолугуптур.

— Жолукканда бирдеме айтыптырбы?

— Айтыптыр.

— Эмне айтыптыр?

— Иттер иттик кылып, бийиме жер каратып коюшту. Башкалары кетсе кете берсин. Элүү башылыгымды таштасам да,»бийимди таштай албайм деген го!

— Аны элүү башылыгыңды ташта деген бирөө жок го! Эмне үчүн элүү башылыгын таштайт эле?

«Элинин бардыгы кетип калса, аның кимге элүү башы болот?» деген сөздү айтууну уулу да, Камка да ойлоду. Бирок, ызаланып отурган эменин кыжыры кайнап кетер. Кагуу жеп каларбыз деген ой менен шүк болушту. Дагы биртике турду да, бий унчукпагандан кийин уулу чыгып кетти. Бай, байбиче алымсабак сөзгө өтүштү.

— Бийим, ушинтип жата беремисиби?

— Жатпаганда нетет элем?

— Жаман айылдын жазасын бербейсиңби?

— Кантип? Билгениң болсо айтчы!

— Оёзум, оёзум дей берүүчү элеңиз. Өзүңүз да оёзсунуп коюучу элеңиз. Аныңызга барбайсызбы? Жаман айылдын кордугуна качанка чейин чыдайбыз? Барыңыз. Салдатыбы, балисесиби — ошондой эмелерин ээрчитип келип эч болбогондо эки бий кесип берген малды өндүрүңүз. Ошолорго урдуруп, ошолорго сабатып өч алыңыз. Антиш үчүн семиз бээден бирди жетелете барып Малабаштыкына түшүңүз. Кайридиниңиз кандай окуп жүрөт экен, аны да көрүңүз. Сагынып жүргөндүр. Өзүң менен жаны бирге эмес беле? Сиз деле сагынгандырсыз?

— Сагынбаганда. Сагындым.

— Сагынсаңыз ошондой кылыңыз. Бээни сойдуруп оёздоруңузду жакшылап меймандаңыз. Арак, шарабын бердириңиз. Анан жанагы эмелерин алып келсеңиз, жаман туугандардын ойдогусун ойдон, тоодогусун тоодон кызыл ала кылып берет. Ошентиңиз, эртецден калбай жөнөңүз.

Баргандан эчтеме чыгара албасына көзү жетет. Ошондой болсо да, үчтерт күн тилмечтикине түнөп, анан оёздун атынан бардыжокту айтып келип, туугандарынын көңүлүн көтөрө турууну ылайык көрдү.

— Байбичем, айткандарыңдын изи бар. Ошентейин,— деди. Жуурканынын жакасын жогору тартып чүмкөнүп алды. Бийдин калаага барып эчтеме бүтүрө албасын байбиче да жакшы билет. Иши кылып үчтөрт күн болсо да көз далда кете турушу, ээнэркин кала бериши керек.

Эртеси калаага жөнөй береринде:— атка жүрө ала турган болсо, старчыныңызды да ала кетиңиз. Анда барганда кол араңызга жарабайбы!—деди байбиче.

— Басалбай калган эме эмнеге жарайт?— деди да жөнөп кетти.

Мурдагы күнү байбичеден бийдин аманатын алгандан кийин үйүнө барбады беле. Аялына болуп жаткан чырчатакты баяндаган. Чатактан башымды ала качып оорумуш болуп келе бердим. Ушу чатак бүткүчө ушу бойдон оорумуш боло берейин. Күйөөңдүн оорусу эмне деген оору дегендер болсо минтип айт! Тигинтип айт— деп жана бийдин уулу барып айткан «ооруну», анан кандайча кантип «ооругандыгын» үйрөтүп койгон. Аялы андай сөздөрдү айтуудан жаңыла турган эмес. Бая эртең бийдин уулунун сыноосунан мыкты өткөн турбайбы! Ошентип, эри мурдаа күндөн бери үйүндө. Дагы бир топ күн үйдөн чыга турган эмес. Мунусу өзүнүн аялы үчүн дурус эмеспи!

Ошо түнү эл бир уйкуга киргенде Старчын чочуп кетип тешөктөн башын көтөрө койду.

— Эмне болуп кетти?— деди аялы.

— Катын мени кудай урган турбайбы?

— Ал эмне деген сөзүңүз?

— Чоң улуктун бир жумушун унутуп коюпмун.

— Кандай жумуш эле?

www.bizdin.kg

— От жарык кылчы. Азыр өзүңө көрсөтөйүн. Аялы тура келип от тутантты.

— Мына! Мынабу мөөрдү көрдүңбү? Орусча жазылган. Мурда күндөн бери кара башымды калкалайм деп жүрүп унутуп коюпмун. Бу кагазды орус кыштагынын старчынына жеткирип, андан алдым деген кагаз алышым керек эле. Күндүз барсам эл көрүп коёт. Түн катып жет

кирнп, алдым дсген кагазын колума албасам башым кетип калат. Мен кепеден атты алып чыгайын. Ээртокумду бере кой. Бол батыраак, таң ата электе келип жата калайын.

— Эстей койгонуң ырас болгон турбайбы. Кудай сактаган экен. Тез жөнө! — деп аялы да алдастап калды.

Бир аз төмөндөп барып бийдин үйүн көздөй бура тартты. Атын далда жерге байлап коюп өзү бийдин үйүнө кирди. Ошо бойдон өз үйүнө таңга жакын калганда барды. Качан келер экен деп аялы уктабаптыр. Аттын дүбүртү угулганда тура жүгүрдү.

— Барып келдим. Сактачу кудай өзү бир сактады. Бүгүн жеткирбегенде башым кетмек экен. Ырас болбодубу.

Үйгө кирип жылуу төшөккө жайланышты.

— Катуу чарчаган окшойсуң го!

— Кантип билдиң?

— Атың тердеп, ыкшыйып калыптыр.

— Анчалык деле катуу теминип кагынганым жок.

— Эмнеси болсо да түн жамынып барып жумушуңду бүтүрүп алдың.

— Түн бакырдыкы эмеспи?

— Жок. Түн бакырлардыкы эмес, баатырлардыкы.

— Болсо болор.

— Уктайлы. Тыныгып ал.

Старчын эртеси да күндүз эч кайда барбады. Кечке тыныкты. Келип ал сурагандарга аялы үйрөтүп койгон сөздөрүн айта берди. Кечинде эрте жатып укташты. Эл уйкуга кирип калган маалда ит абалады.— Жүрбөсөңүз иш болбой кала турган,— деп өзүнүн чабарманы келди.

— Эмне болуп кетти? Тынчылыкпы?

— Кайдан болмок эле. Бачымыраак жетиңиз.

— Кайда?

— Оёздун орунбасарына!

— Эрте жатып чарчап калдым эле.

— Аны өзүнө айтыңыз.

— Эмне иштеткидей?

— Кейпи, өзүңүздү таң аткыча бир топ тердетип, бир топ каргатат го!

— Анте турган болсо барбай эле коёюнчу!

— Оёздун орунбасары чакыртып жатса, кантип барбай коёсуз?

— Барайынбы?— деп жанында жаткан аялына карады.

— Чыгынып бара калганын оң го! Түн баатырдыкы эмеспи?

— Мейличи,— деди старчын. Кийинип тышка чыкты.

— Айыл арасы жуук эмеспи. Учкаша эле коёбуз го? —Учкаша эле коёлу.

Учкаша барып старчын бийдин үйүнүн жанына түштү.— Таңга жакын кел. Үйгө учкаштырып жеткирип кой,— деди да, кирип кетти. Чабарманы кайта старчындын үйүнө кирди. Ошентип, учкашып, чиркешип жүрө беришти.

## VI

Мал көктөтүп Мантектин өз айлы Сүттүү-Булактын босогосунда экен. Улак, козулары торолуп, кулундары оюн салып, музоолору сайгактап жүрүп берүүгө жарап калыптыр. Салыктарын салып жайлоого көчүүгө эл белендешип калган учур болучу. Күн чайыттай ачык, түш ооп калган. Айылдын иттери туура тушту карай бириненбири өтүп, «абалап» жапырт жөнөдү. Иттердин дүрбөөнүн уккан ар кимдер үйлөрүнөн чыгын ээрчий карашты.

— Эмне, киши келетабы?— деди үйүндө жаткан Мантек.

— Ооба!

— Ким экен?

— Бай. Тиги байым экен!

Адегиче шапалагы менен атын башка, көзгө койгулап, кыйкырып-өкүрүп байы айылга кирип келди.— Талап кетти, Таратып кетти. Барымтабыз бар. Башка жамгырчы уулунан албасак да сенден алабыз. Сен байсың дешти. Мен Малды Жамгырчы уулунун барымтасын төлөп туруш үчүн багып жүрүпмүнбү? О Мантек! Чык бери. Түбүмө жеттиң. Сенин тилиңе ишенип ушу күндү көрдүм. Мен алжыптырмын. Сенин тилиңди албай эле тигилер менен көчө качып кетсем болмок экен...

Ошондой көп сөздөрдү айтып атын ары ойдолотту. Бери ойдолотту. Анан айылдын жанындагы дөнсөөгө барып атынан түштү. Чылбырын кармап чөк түшүп олту« рун калды. Тери шымынын түгүн тышын каратып аңтара кийиптир. Көөнөрүп калган тери тонун өрө кийиздин өөнү менен сыртынан бүрө

www.bizdin.kg

курчанын алыптыр. Башына кийгени тери малакай. Бою ортодон жогору. Сакалы ачакей. Мурду кырдач. Эки көзү чанагына житип турат. Ача сакал атынан түшүп жерге отургандан кийин иттердин жаактары жап болду. Алыстан аңдый карап жата кетишти. Мантек ич кийимчен, чапанын желбегей жамынып, кепичин бутуна коңултак илип, бай агасына басып барды.

— Байым, келип калыпсыз!— деди да, чепкенинин этегин бутуна төшөдү.

— Байың келип калды,— деп кеженди тигиниси.

— Кепкелече болсо опурупжапырып айта отуруңуз! Анысы айтып берүүгө камынды. Жамгырчы уулунун

байлары Бексырга менен Шадман акеге көчүп кеткенин айтты да — алар туура кылыптыр. Жадырап-жайнап жаңы тууган болуп жатып калышыптыр. Сага ишенип, сенин Качы бийиңе ишенип, мени кара басыптыр — деди. Насыбай салган кумулдугун чыгарды. Муунта байлаган боосун чечип насыбайынан, чымчып алды. Эки жолу эки таноосу менен шуу эткизе жыттады. Анан — мен калжырапмын — деди. Айтайын деп келген датын бир баштан айта берди.

— Кече күнү Качы бийдин жакын туугандарынан жети абышка келди. Кулкуну куруган иттер кулкулдап келип калышкан тура. Кыш тууган күрпөңдөрдөн бирди союп бергиле — дедим балдарга. Союп беришти. Балекет жегендей жешти. Этке тойгондон кийин бир абышкасы тай сурады. Суук оорусу бар экен. Жаздан бери кармап жүрүптүр. «Ысыктанайын» дедим эле — деп анысы оорусун шылтоо кылды. Берки алты абышкасы бирден кой сурады. Бирөөнүн келини төрөптүр, «жентек» бермекчи экен. Бирөөнүн баласы «май ичме» болгон көрүнөт. Бирөөнүн кемпири ууктап төшөгүнөн турбай калган имиш. Бирөөнүн бересеси бар экен, кысталып калыптыр. Иши кылып ар бири бирден шылтоо таап айтты.— Карызга берип тур,—дешти. Алар алганын кайта берүүчү беле. Бере албайм дедим. Сураганда жөн бере албасаң, биз жөн эле өзүбүз алабыз дешти. Эмне үчүн жөн эле ала бересиңер? Барымтага алабыз дешти. Кайдагы барымтага? Эмпс деген барымта? Бийди, бийдин уулу менен тилмеч күйөө баласыи урупсабагандыгыңар үчүн айыпка жыгылгансыңар. Үч тогуз мал төлөмөр болгонсуңар. Төлөп бербестен кедейлериңер орус, кыштагына, байларыңар Шадман менен Бексыргага көчө качып кетишти. Биз сенден барымта кармайбыз. Сен туугандарыңдан өндүрүп аласың дешти. Барымтага бере турган малым жок деп мен ачуулащым, ошо бойдон кете беришкен. Мына азыр бир топ эмеси келип, эки энеге тел кысыр эмди бир тайымды баш кылып, он иригимди айдап кете беришти... Насыбайынан дагы шуушуу жыттады.

Тери шымын тескери кийип келип даттанып отурган ача сакал абышка Мантектин бир тууган агасы. Малга бай киши. Коюмиңден, жылкысы жүздөн ашат. Ондогон төө, кыркэлүү ую бар. Аялы — үчөө. Уланушактуу. Бирэкөө коюн бакса, бир экөө уй, жылкысын багат. Өзү да, уланушагы да өтө эле кара борчо. Айланадагылар аларды «Сасыкбай» дешет. Эч канча эгин эгишпейт. Чөп да чабышпайт. Жайыкышы дебестен малын жайытка багышат. Үйлөрүнө кирсеңиз теритерсектен башканы аз көрөсүз. Кийгендери кементай, тери тон, таар. Казаны чоюн, тулгасы темир. Идиш, аяктары мүлдө жыгач. Көөкөр, көнөк, көнөчөк, чанач, саба. Кырма аяк, саптуу аяк, аштама кашык, сузгу, чөмүч. Эт, кымыз, айран, сүттөн башка тамакка маани беришпейт. Беттери майланышып, ууртгары салаңдап турат. Өздөрүнчө отурганда малга байланыштуу сөздөрдү гана сүйлөшөт. Малга байланышпаган сөздөр кулактарына кире бербейт. Өздөрү мал болбогон менен, мал киндиктүү болуп калышкан.

Мантегинин аялы—экөө. Ар биринен төрттөн, бештен уул, кызы бар. Үй жасалгалоо, тазалык күтүү, тамакаш белендөө жагынан аялдары биринен-бири өтүүгө жан талашат. Мантектин өзу болсо сүткор, майда соодагеркызыл кулак. Коюнун саны тиги отурган ача сакал агасыныкынан аз. Өз балдарын кой бактырууга ыраа көрбөйт, койчу жалдайт. Жылкысы кырк-элүү, уйлары да ошончо. Бодо малдарын өзүнүн уланушагы багат. Жыл сайын беш, алты теше жерге эгин эктирет. Чөптү да арбын жыйнатат. Талаачылык жумуштарын башкалардын күчүн жалдоо менен жүргүзөт. Кыштоосуна эки бөлмө үй курдурган. Анысына кыш күндөрүндө да кирбейт, ар дайым арпа, буудай шыкалып турат. Элүү башы болгондон бери Качы бийдин ун, талканын Мантек өз мойнуна алган, керек дегенде жеткиртип турат. Чоочун мейманга кантсыз чай бербейт. Бүлөсүнүн өрүдө кийгендери бир башка. Көчкө кие тургандары өзүнчө. Төшөнчүлөрүнүн асты, үстү ар дайым ак шейшеп. Чайды самоордон ичишет. Бүлөсү бүт дээрлик чайкор. Күн сайын үч маал ичпесе баштары ооруйт.

Жамгырчы уулу ата конушун таштап башка урууларга баш калкалаш үчүн көчө качканда, Мантек элүү башы өзүнүн жакын туугандары менен козголбостон кала берген. Тиги отурган ача сакал агасы Мантекке ишенген. Мантек Качы бийге берип турган ун, талканына ишенген. Анын үстүнө ал дыйканчылыкка да байланып калган киши эмеспи. Бир тууган агасынын өрүшүнө Олжобайдын абышкалары кол салганын укканда коркуп кетти. Менден жазганышса бир тууганыма күч көрсөтүшпөйт эле. Бүгүн болбосо эртең Деле өзүмдү ошондой абалга калтырышат го деп көбүнчө өзүнүн чарбасы үчүн чочуду. Жабыркап отурган агасынын көңүлүн көтөрө турган сөздүн жөнүн табалбай тыгылып калды. Ошентип шаштысы кетип отурганда убактылуу болсо да оңдой берди болду. Бир бала тигил экөөн чайга чакырып келгендигин айтты. Ошондо, араң отурган Мантек—байым! Чайга баралычы!—деп жиберди.

Байы мурда деле азаздап келиш, кетиш кылуучу. Бардык түшүп аттанышы Мантектин улуу аялынын — байбичеинин үйүндө болучу. Бу жолу Мантектин кичүү аялы—токолунун чайы белен экен. Байбичеден озунуп чакыртыптыр. Кейпи, эшиктөрүн көрсөтөйүн деген окшобойбу! Ача сакал кайнагасы кирип барганда келини эки колун бооруна алып жүгүндү.

www.bizdin.kg

— Бай бол. Кудай тилегиңди берсин, балам!—деди ача сакал акеси. Ошентип алкады. Келинининсырткы сыпатына суктана бир карап токтоло калды.

— Төргө өтүңүз! — деп Мантек бөйпөндөдү.

Терге терт бүктеп төшөлгөн баркыт көрпөчөнү көргөндө ача сакал корунуп чүнчүй түштү. Таза болдубекен деди көрүнөт, сорпонун майы менен чылпылдата майлаган булгаары өтүгүн эңкейип карап койду. Анысын берки кошо киргендер байкап калгандыгын сезе койду.— Өтүгү жаман төргө өтө албайт деп анткор акчыланымыш болду. Жайланып отургандан кийин үй жасал* галарына бир сыйра көз агыгып чыкты. Анан өзүнчө күңкүлдөдү:

— Килемкилче. Дурус, дурус... Башайымакмал. Жууркан, төшөк. Куш жаздык. (ооба, ошондойлор). Сойсо эт болбойт. Кайнатса сорпо чыкпайт. «Тогуз кабат торкоңдон токтучагымдын териси артык»...

Ал ошентип отурганда Мантек—кана, катын! Опурупжапырып кант, чайыңды жайната бер,— деп кортоңдоду. Дастаркон жайылып чай келди. Колуна тийген чыныны боюнан обочолото кармады да,— бу, сары суу ичкениңерди алигиче коё элексиңерби?!— Сары сууну уй гана жакшы көрөт. Уй болупкетесиңер бейм!— деди. Чайдан экиүч ууртады да,— оозумду күйгүзүп азаптайт белемсиңер!— деп чынысын жерге койду. Дасторкондо жаткан калай кашыкты колуна алды да,— «жесе дагы май жакшы. Жебесе да май жакшы» деп тарелкада турган майдан чолуп алып каба сугунду. Анысын шимип жуткандан кийин «берсе дагы, бай жакшы, бербесе да бай жакшы» деди. Шилекей болгон кашыктытарелкада турган сарымайга сайып койду.— Күшүлдөп үйлөп отурбастан дароо жутуп жибергендейбирдемеңер жок беле?— деп самоордон чай куюп отурган келинин карады. Анысы астыртан жылмаякарап — кымыз бар эле!—деп күлумсүрөдү.

— Бая эле ошонунардан бербейсинерби, балам!—деп келинин дагы карады. Ошондо перизатпы, эмнекөзүнө чалдыга тушкөндөй болду. Тиктей калды. Карап эле отура бергисикелди.

— Мына минтип опурупжапырып жесе токтунун этинен да тогонок болот,— деп ача сакал агасынынчынысына Мантек кашыктап кант, май салды. Нан сындырып чылады.— Мына эми, опурупжапырыпжеп көрүңүзчү!—деп бөйпөңдөдү. Агасы маймандап жей баштады. Бир кезде босого жакты карапжыйрыла түштү. Анткени, раматыльтк атасы өзүнө окшоп чыныдагы чайга чыланган нандан жепотуруптур. «Кудая тобо» деп жакасын кармады. Чанагына житип турган көзү алайып сыртына чыгатүштү. «Өңүмбү, же түшүмбү? же көзүмө көрүнчү көрүнүп турабы? Ыраматылык атам типүүкезиндегидей чай ичип, нан жеп отурганы кандай?» Ошо сөздөрдү ичинен айтып чайынан ууртады. .Босогодо отурган атасы да ошентти. Чынысын жерге койсо, атасы да жерге койду. Аңтаң болуп отурупкалды. Атасы да ошентти. Сакалын сылады. Атасы да сакалын сылады. «Жарыктык атамдын арбагыбелимчи кишидей болуп мени туурай бериши кандай?— ...» деп жер карады.

Мантектин атасынын төрт уулу болуптур. Улуусу тиги киши. Кичүүсү Мантек экен.— «Ашыкойногон азар. Топ ойногон тозор. Кой багып моюн мүлжүгөн озор». Ушул уулум өзүмдү тартат.Өрүшүнөн мал, короосунан кой өксүбөс,— деп ушу уулун атасы жакшы көрүчү экен. Атасынын айтканыайткандай, дегени дегендей келиптир. Өзү кандай болсо, бу уулу да как эле ошондой. Кийинип кийиши,ыркын кошпой элден четтеп өзүнчө жалгыз айыл жүрүшү, түнкүсүн койлору менен кошо түнөп, күндүзүжайытка кошо кетиши — бардыгы ыраматылык атасындай. Кыскасы, атасынын терисин сыйрып каптап,кийимин сыйрып кийгизип койгондой. Атасынан бир өзгөчөлүгү үч аял алгандыгы. Атасы бир эле аялменен өткөн экен. Дагы бир айырмасы «Уйга чөп берүүнүн, катынга эт берүүнүн эмне кереги бар» депаялдарын барктабагандыгында дешет.— Андай болгондо неге үч аял аласыз? — дегендерге, — катын көпболсо, балабакыралуу, уланушактуу болосуң. Койчу да, жылкычы да, уйчу да, отунчу да өзүңдөн чыгат.Анын үстүнө үйүндө көптү талаада киши ура албайт. Кабелтең жүрөсүң. Бирөөдөн кордук, зордуккөрбөйсүң. Кызың кеп болсо ада жаман эмес. Ар бири накта кырк жылкы. Малыңа мал кошот,— дечүэкен.

Атасы ыраматылык уландарына ачуусу келгенде—бетимди жууп жиберермин — деп коркутуучудешет. Бетимди жуубагандыкта.н гана ушунчалык мал күтүп жүрөм деп билүчү экен. Ача сакал уулуатасынын ошол адатын күтпөй коюптур. Тамак ичерде колун жакшылап жууйт. Тамак ичкенден кийиндажууйт. Дагы бир өзгөчөлүгү толтосу жок бычак менен союлган малдын этин такыр жебейт. Дин күтүүмаселеси боюнча сөз болсо,— орозо, намазың менен жумушум жок, кудай деген гана бир жанмын дейтда коё салат. Мусулманчылык тууралу сүйлөшкөндөргө — ушак айтпаса, ууру кылбаса, бирөөнүнакысын жебесе, кыянат ишке баспаса болбодубу? Андан артык бусурманчылыктын кимге кереги бар?—деп чулгуп коёт. Шарият сөзгө кулак салбайт. Азыр Мантектин босогосун да өзүн туурап отурган ыраматылык атасынын «арбагын» көргөндө шаштысы катуу кетти.

Мантек манталаңдап балачагында чыйрак чыгыптыр. Ат жалын тартып минүүгө жараганда эле,атасына ээ кылбай бой жасап, ат жабдын минүүгө камыныптыр.— Бул уулум ырыс кесер болот,— депатасы жаман көрөт. Бир нече ирет урупсабап да коёт. Мантеги ан сайын күчөйт. Соодасатык жүргүзүүгөкиришет,

«Боло турган уулунду Жибербегин базарга, Болбой турган уулунду, Коё бергин казанга» —

—, деп, акыры жайына коёт. Мындан эртелеп кутулайын десе керек. Үйлөнө электе эле,— эмнекылсаң, ошо кыл,— деп бир жүз кой, он жылкы энчи берип бөлүп чыгарат. Мантеги жүз коюн Анжиянгабүт айдап барып жалаң акчага сатат. Кайта келип акчасын кызыл козуга өткөрөт да, бир жыл ичинде жүзкоюн миңге жакын койго айландырат. Акчага кысталгандар ар дайым Мантекке келип турат. Анысын

www.bizdin.kg

көргөндө, «ыраматылык атасы, атанын жаман көргөн уулу түк күтөт» — деген ушу деп коючу экен. Кийин Качы бийди жандайт. Акыры элүү башылыкка жетет. Ошо элүү башы иниси, тигине, ыраматылык атасын жазбай тарткан ача сакал агасын самоордон чай берип сый көрсөтүп отурат. Бирок, агасы ыраматылык атасынын өзүнбү же арбагынбы көрүп, чайга пейли чаппай эси кетип эндиреп калды.

— Опуруп-жапырып ичип-жебединиз го!— деди иниси Мантек.

— Кудая тобо!— деп агасы босого жакты караса ыраматылык атасы өзүнө окшоп дагы эле баягысындай отурат.— Ырыс кесерим, тетиги ким? Ыраматылык атама окшойбу? — деди инисине.

— Жарыктык. Өзүңүз эмессизби?

— Өзүм бул жерде, төрдө отурбаймынбы?

— Ооба, төрдө отурасыз!

— Тигн босогодо отурган ким?

— Сиз!

— Канданча мен болом? Мен бул жерде отурбаймынбы?

— Сиз өзүңүздү тиги босогодо турган чоң күзгүдөн көрүп жатпайсызбы!

— О кесилип кал, кесилгир. Жанагы күзгү дегениңер ошобу?

— Ошо!

— Ошонуңардан көрүнүп турган менминби?

— Сизсиз!

— Мен ошондой кишиминби?

— Ооба. Ошондой кишисиз!

— Ушундай киши экенмин го?

— Ооба!

— Мунуңар шайтан колдуу жасалган эме го?

— Жок. Адам колдуу жасалган эме.

— Шайтан деген эме деле адамдан чыгат эмеспи?

— Кандайча?

— Ушунча жашка чыктым. Күндүз деле, түндө деле жалгыз жүрөм. Шайтаны турмак албарсты дегенин да учуратканым жок. Шайтандуу кишилерди көп эле көрүп жүрөм.

— Маселен!

— Маселен, Качы бий, кыйды сары, сен, Кашкарбай, Чаки. Шайтандан кандай өзгөчөлүгүңөр бар?! Сөздү кой. Баса, кой демекчи, кою ээн калды го. Мен кетейин.

— Шашпаңыз. Кетерсиз! Сизди атказып коюп, мен. бийиме барам. Бейбаш туугандарыңызды опурупжапырып тыйыңыз дейм. Акемдин тайын, ириктерин кайтартып бердириңиз дейм. Опурупжапырып.

Барып бийиңе айтсаң, койсоң, өзүң бил. Баары бир эчтеме чыкпайт. Аныңдын эмне айтарын билем. Иттер иттик кылыптыр. Бирдеме кыларбыз демиш болот да коё салат. Эсебин өзүм башкача табам. Барымтамды башка жол менен алам.

— Кандайча?

— Түн бакырдыкы эмеспи? Көрүп калганы болсо барымтама тооштурам. Көрбөгөнү сыйрымта болот да, ,кала берет.

Мантек үн чыгарбады. Башын ийкеди да тим болду. Аттанып кетип баратып ача сакал акеси — көрүшкүчө аман тургула,— деди.— Бул эмне деген сөзү? Кейпи мунубуз да бир жакка көчө качканы калганбы?—деп Мантек абыгер чегип кала берди. Агасы айылдан бир аз узай берип кайта келди.

— Бирдемеңизди унутуп калтырынсызбы?

— Ооба. Акчаң барбы? Болсо элүү сөлкөбай берип тур.

— Кайта качан бересиз?

— Мал баалап аларсың.

— Элүү сөлкөбайга канча кой берёсиз?

— Беш ирик аласың.

— Соодада достук жок. Онду бериңиз.

— Канча алып, канча коёруңду кийии сүйлөшөбүз. Келе, бере сал!

Мантек үйүнө кирип акча алып чыкты.

— Бергенге жараша күмүш сөлкөбайлардан бербейсиңби! Буларың чай орогон кагазбы эмне?

— Ар бири он сомдуктан. Беш кагаз.

— Беш кагаз экендигин көрүп турам—деди. Шектүү карады.— Жарабаса өзүңө кайта алып келип, өз колуңа берем,— деди да, асты ачык эндей көйнөгүнүн этегине түйүп алды.

## VII

Кубаткул үйүнө кирсе, энеси ыйлап отуруптур. Он төрт жашка чыккыча энесинин көз жашын көргөн эмес. эле. Катуу чочуду. Айтууга сөз табалбай алдастаган бойдон — энеке, эмне болуп кетти?— деп жиберди. Алапайын табалбай селейип ката түштү. Ойлонуп отура берип Сыпайы жеңе өзүнүн ыйлаганын да, уулунун кирип келишин да сезбей калыптыр. Селт этип тура калды. Ыйын дароо

www.bizdin.kg

токтотту.— Келдиңби, тегеренейин!? Жөн эле, тиги бирдемелероюма түшүп кеткен го. Чарчаган жоксуңбу? — деп мойнунан кучактап өптү.

— Ыйлаганыңды көрбөсөм болот эле, энеке!

— Ыйлабайм, балам, ыйлабайм. Шүк эле көзүмдөн жаш чыгып кеткен го. Ыйлаш жакшы эмес. Болорболбос эмеге кайраты жок жашык жамандар ыйлайт. Атаң экөөң аман турганда эмнеге ыйлайт элем. Ый курусун. Ыйдын түбү ый. Жакшы жышаан эмес...

Көздүн жашы себепсиз чыгуучу беле? Сыпайы жеңенин ыйлай турган жөнү бар болучу. Мындан мурда деле көп эле ыйлоочу. Бермети, Албаны эсине түшкөндө — тирүү жүрүшөт бскен. Тирүү болушса эмне күндү көрүп. жүрүшөт экен депыйлабай коюучуэмес. Атүгүл ээнчилик боло калса өксөпөксөп алуучу. Бирок, ыйын эч кимге көргөзбөй турган. Бүгүнкү ыйынын себеби тигил экө^ эмес, башка болуучу. Анысын айткан жок.

— Энеке! Эмне үчүн ыйладың? Чыныңды айт. Же атамдын тили тийдиби? Же башка бирөөдөн ыза болдуңбу?

— Олдо тегеренейин уулум ай— э! Атакеңден мени ыйлата турган сөз чыкмак беле! Башка кишилердин мени ыза кыла турган эмнеси бар. Бирөөдөн ыза болуш үчүн, ыза көрсөтүш керек. Андай адат менде жок эмеспи?

— Анан эмнеге ыйладыңыз?

— Жокчулукка ыйладым, балам. Ошо күндөн ушу күнгө чейин атаңдын казаны кайнабай калган күнү болгон эмес эле!..

— Ошо күнүңүз кайсы, энеке?

— Атаңа катын болуп башыма ак жоолук салгандан бери дегениң го!

— Казаны кайнабай калган күнү дегениңизге түшүнгөнүм жок.

— Ошо күндөн ушу күнгө чейин атаңды сорпо ууртатпай жаткырганым жок эле. Бүтүн умсунуп калат го, уулум!

— Эмне, бүгүн сорполук эчтеме жокпу?

— Жок, тегеренейиним. Болсо ызаланып ыйлап отурар белем? Атаң жалгыз өзү келчү беле? Бүгүн да эч болбогондо эки киши менен келер. Чай, нан менен узатсак,— ботом Ийгиликке эмне болгон? Казаны оттон түшүп калганбы?— деп кетишпейби? Күн сайын ала берип касапчыга да бир топ карыздар болуп калдык. Уятты коюп жана басып барсам анысы да бүгүн мал сойбой калыптыр.

Баласына чынын айтам деп Сыпайы жеңе сырын айтып жиберди. Анысына өзү да кайта катуу өкүндү. Өкүнө турган иш. Баласына андан оордук болбосо жеңилдик болгон жок. Сыр билгизбей коё турушу абзелирээк болмок.

Уулу да жокчулукка ызасы келди. Бүгүн эле эмес, эс тарткандан бери ызаланып келатат. Ошондой болсо да энесин кайратына келтириш үчүн:— жарыктык, ошо да кеппи? Бүгүн болбосо эртең болот. Кысталып жүрүшүңдү атам билеби?

— Билеби, билбейби — жокчулук жөнүндө атаңа эчьеме айтпайм. Ар жагында жок да. Болсо аянат беле. Айтып жанын кейңтким келбейт.

— Айтпай эле коюңуз. Бүгүн казаны кайнабай калса — өзү деле туюнат. Бирок, кабагыңызды бүркебөңүз.

— Макул. Өзүң да сыр алдырба.

Энесин кайратка чакыргансыган менен Кубаткул тымызын катуу кейиди. Кечирээк төрөлүп калбагандыгына кайгырды. Балтыр эти толуп, багалчагы катса, ата, энесин кор кылбастын камын ойлонду.

Атасы Ийгилик элүү төрттө. Кырк жашында көзүн ачып көрүп, бетин ачып өпкөн эле. Азыр кол арага жарап калса да, катуутүлүк жумуш колунан келе элек. Албан, Бермет үйдө болгондо мынчалык арып азышмак эмес. Аны ар дайым ойлойт. Азыр да ойлоду. Качы бийди дагы купуя каргапшиледи. Ээн жерге барып ыйлап, көк буусун чыгарып алгысы келди. Тигинтип отурган энесин жалгыз таштап кетүүгө кыйбады. Булар ошентип отурганда алты киши менен дүрбөп-дарбап Ийгиликтин өзү да келди. Ашың жок болсо да кашың жокпу деген ой менен Сыпайы жеңе Кубаткулга отту чоң жактырды. Бирок, казан асылбады. Арыдан бери чай кайнатты да, нан менен чай берди. Казандын кандай себеп менен асылбагандыгын Ийгилик түшүнгөн көрүнөт.— Байбиче, бүгүн жайыңыз жок белем? — деп сөз жүгүрттү.

— Байбичеңиздин жайы болсо да, шайы болбой калды. Жалгыз бойчулук. Жетише албай калыпмын. Картайып кеткемин го. Кейпи, экөөбүзгө бир токол керек болуп калган окшойт атасы!

— Уйдун токолу сүзөнөк болучу эле. Ургаачыдан токол алсак сүздүрүп коёрбүз!—деди Ийгилик. «Жаман жарасын көрсөтөт». Жокчулугун чукулабастан аялы чаргыта жооп беришине ыраазы болду. Бирге келгендердин арасында Борбук да бар экен. Сыпайы жеңенин казан аспай отурушун түшүнө койду окшойт. Ордунан туруп тышка чыкмакчы болду.

— Борбук, сен кайда барганы камындың?— деди Ийгилик.

— Бир жерге барып келсемби дедим эле?

— Жети түндө карайлап кайда барат элең? Отура тур. Бир аздан кийин баарыңар кетесиңер.

Борбук кайда барууга камынганын туюк айтса да, Пйгилик билип койду. Бир кайнатым эт таап келмекчи болгон. Анын деле чамаасы чак эмеспи. Жайына койсо колунда бар бирөөнө барып карыздар

www.bizdin.kg

болмок. Ошону ойлоп, аны кайта отургузду. Тигилер эрмектешип отуруш үчүн келишкен. От жайнап турса да, казан кайнабады. Ошондуктан Ийгилик аларды сөзгө кармап отургусу келбеди. Аркы, берки сөздөрдү айтып тез эле узатып жиберди. Сорпо ууртабай жатышына өзү көп эле комсунду. Бирок, анысын аялы менен уулуна билдиргиси келбеди. Таң аткыча көп ойлорду ойлонду.

Ошо түнү Ийгилик көп ойлорду гана тешөктө жатып ойлосо, Мантектин ача сакал агасы аттан түшпөстен жортуулда жүрдү. Мантектин айлынан аттангандан кийин Качы бийдин айлын алыстан аңдып улам бир кырга чыгып күн батарда гана өз айлына келди.

— Чабдар атты кармап кел,— деди уландарынын бирине. Анысы барды да, чабдарын кармап келди. — Менин ээримди току,— деди, токуп койду.— Өзүң кер кашканы токун,— деди. Кармап келип токунду. Аттан деди. Аттанды, эл ордуна олтура ээрчитип жүрүп кетти. Талдуу колотко барганда — тандап туруп бир кулачтан эки союл кескин деди. Тигиниси кести. Бирөөн өзү алып чатына кыпчыды. Оң колунун жеңин чечип, куруна кыстарып, коломочтонду. Уулу да ошентти. Анан Качы бийдин өрүшүн бет ала жүрүп кетишти. Бир кыйла аралыктан баскандан кийин тиэгинин чоюп чабдарды токтотту. Уулу да токтоду.— Береги баткалышта тушап коё берген он чакты ат бар. Алар бүгүнкү он ирик менен тайды алып кеткен топ. Абышканын аттары. Бардыгынын тушоолорун кырк. Айдаган бойдон жүрүп олтуруп терме төргө чыгарып жибер да, таң агаргыча кайта кел. Мен сыртыңдан коргоп, арка жагында жүрөм. Жөне! — деди.

Атасы эмне үчүн минтип жүргөндүгүн уулу айттырбастан эле түшүндү. «Көрсө барымта. Көрбөсө сыйрымта» көз көрүнө алдырып жиберген бир тай, он ириктин ич күйдүсү, күйүтү.

— Тушалуу жүргөн аттар канча болсо, ошончосун бүт тие качайынбы?

— Ошент.

Уулу токтолбостон шып коюп жүрүп кетти. Кокустан туюп калышса, куугунсүргүн болсо, анданмындан бир көрүнүп тескери карай алаксытыш үчүн атасы Бийдин айлын тооруп, ошо тарапты акмалады. Олжолоп келген он ирик менен бир тайды союп кандыбүлөөн болушкан түрү бар. Бийдин айлында аяк серпкен адам болгон жок. Канжинге тоюп, сөөк кажалаган иттери да күндөгүдөй акылдап үрө бербестен тынч жатты. Ача сакал абышканын уулу таңга жуук келди.

— Эми, балам, чарчагандырсың. Жатып укта. Болгон нш оозуңдан чыкпасын. Мени сураган киши болсо, чабдар атты бир оруска сатканбыз. Ошону жеткирип кетти дегин, айтпа,— деди. Башка бир уулун ириктерден бирди кармап бөксөлөп жибер — деди. Анысы колуна тийген ирикти кармап келип арыдан бери терисин сыйрыды. Ичин жарып, ичегикардын алып таштады. Белин омуруп эки бүктөдү.

— Эми эмне кылайын?— деди уулу.

— Эми эки чоң чаначка кымыз куйдур. Аны чалкашкага арт. Үстүнө ириктин этин бастыр. Коштоп алып мени ээрчи. Мужукка барабыз, — деди.

Жолдо келатканда уулу — ата, кайсы орустукуна барабыз?— деп калды.

— Ийгилик деген орустукуна,— деди атасы.

— Ал орус болуп кетти беле?

— Орус кыштагында жүрсө орус болот да!

— Орус болуп кеткен эмеге эмне үчүн эт, кымыз жеткиребиз? Ал жалпы Жамгырчы болгон жеринин түбүнө жетпедиби?

— Аны ким айтты?

— Элүү башы, тиги Мантек акем айтып жүрбөйбү?

— Айтып жүрөбү? Ма, сага Мантек акең айтып жүрсө! — деп уулун чоку талаштыра шапалагы менен басыпбасып алды. — Атаке! Эмне болуп кеттиңиз! Мен эмне, жаман сөз айттымбы? — деп уулу жонун тосуп жазгактады.

— Акең Мантек болсо, анын сөзүнө сен ишенип жүргөн болсоң, ошо акең экөөң тең кара жерге кир. Ийгиликтен садага кеткиле. Ийгилигиме ким кылапат айтса, ал менин душманым. Ийгиликтин ким, кандай киши экенидигин бүт үч урук эл билет. Ал элдин кишиси. Эл анын. жакшылыгын көп көрдү. Унутпайт. Качы бийдин кастыгынан чүнчүп жүрбөйбү? Ошентип жүргөндө барып көңүл улабасак болобу, балам. Шапалагым катуу гиидиби? Этиң ооруп калган жокпу?

— Этим ооруган жок. Эмне болуп кетти деп коркуп кеттим.

Атама жин тийген экен дедиң го? — Ооба. Ырас эле, ошенткен го дедим. Булар барганда Ийгилик төшөктөн жаңы гана турган экен. Ача сакал кучакташып көрүштү. Жашып кеткен экен, көзүнүн жашын жеңинин сырты менен сүртүп, бир азга жер карап отурду. Эки чанач кымызды көргөн орус, кыргыз дебестен Ийгиликтин үйүн көздөй чубады. Борбук да түндө Ийгиликтин казаны оттон түшүп калышына капа болуп уктабаган көрүнөт. Эртең менен эрге келиптир. Чаначтын оозун чечип келгендерге чоң, кичине дебестен кымыз бере баштады.

Ача сакал абышка бир оокумдан кийин башын көтөрүп эртең жайлоого көчө тургандыгын, ошого байланыштуу шашып жүргөндүгүн айтты. Анан — келин балам бери келчи,— деп Сыпайы жеңени башкалардан бөлүп ар жакка алып барды. Курун чечип:— тетигинде бирдеме боло турган эле, чечип алчы,— деп көйнөгүнүн этегин көргөздү. Сыпайы жеңе көйнөктүн түйүлүү турган этегин чечти. Кече күнү Мантектен алган акчасы экен. Алып өзүнө сунду.

— Жаныңа салып кой балам. Алганыңды Ийгиликке айтпа. Кишиден бирдеме алганды жаман көрөт эмеспи. Чайпайыңарга жарай турсун. Тиги, чабдар атты калтырып кетем. Минип турсун. Башы да күчү

www.bizdin.kg

да Ийгиликтики. Карагер аттан айрылгандан бери атка мингенди койду дейтко. Жөө жүрүп кимди коркутат? Качы бийдиби? Кайта анын табасы канбайбы! Чабдар ат каракеринен калышпайт. Өтсө өтөт. Оруска сатты. Мен күчүн минип жүрөм десин. Антпесе Качы бий бир күн койбойт. Чабдар атты суратып эки жолу киши жиберди, бергеним жок. Өзүмдү бир жолу чакыртыптыр, барбай койдум. Көрүшкүчө аман тургула. Жайлоодон кайта түшпөстөн башка жакка ооп кетсемби деген оюм бар. Олжобай тукуму жалдуу ат мингизбей, жакалуу тон кийгизбей турган болду. Малжанга ээ кыла турган эмес, Жамгырчы тукумуна. Кудай бирөө, кезек экөө дечү эле. Кезеги келер, өлбөгөн кишиге. Баса жарды болуп калдык деп көңүлүңөрдү чөгөттөтпөгүлө. Керек болсо жалпы Жамгырчы уулунун жыйгантергени силердики, Ийгиликтики,— деди. Кайта келип,— учураштык. Мен кетейин — деди Ийгиликке карап.

— Атайы келгенден кийин бир күн болсо да конуп кетпейсизби?

— Аманчылык болсо конок болуш качпас. Сыпайы балам бирдеме ооз тийгис! Уулум сен отурба. Тур. Чабдар ат мында калат. Күчү да, башы да Ийгиликтики. Минип алсын. Анын үстүндөгү менин ээримди чал кашкага току — деди. Бир аяк кымызды шып тартып, нан сындырып оозуна салды. Анысын чайнап жута электе эле козголуп кош айтышты да, шарт коюп жөнөп берди. Байлоодо калган чабдар ат тигил экөөн ээрчий карап кишенеди. Жер чарпыды. Тыбырчылады. Чабдардын үнүн угуп ача сакал шапалагы менен санын чаап кайта тартты.

— Ийгилик! Эсиңде болсун. Чабдардын сырын айткан эмес турбайымбы. Өзүбүздүн балдардан башканы ченине жолотуучу эмес,— деди. Атынан түшө калып чабдардын чылбырын чечти.— Ме, жетелеп арыбери бас. Өзүңө үйүр кыл. Мен бирге басайын, чылбырын башка кишиге карматпа. Өзүң байлап, өзүң чечип минип жүр. Баса. Бир жума бир жерге байлап койсоң да, турган жерине заара ушатпайт. Заңдабайт. Үйүр болгондон кийин бош коё берсең өзүңдү таштап эч кайда кетпейт. Мындайлап барып заңдайт. Менин көзүмчө маңдайын сыла. Эки кулагынын түбүн кашылап кой. Сыпайы балам! Ийгиликтин колуна бир сынык нан бере сал. Өлүм жан үстүнө аял чыкпасын. Майып кылып коёт. Тиги нанды жедир,— деди.

Чабдар ат Ийгиликтин колундагы нанды бир карады. Өзүн бир карады. КЬшкурду. Анан ача сакалды искеди. Биртике башын кетөрүп турду да, Ийгиликтин колундагы нанды карай тумшугун созду. Сугунтуп жиберди.

— Эми чылбырын сүйрөтүп коюп жибер. Коё берди.

— Эми чылбырын алып балаңа — Кубаткулга бер. Арылап барып оонады. Туруп заара ушатты. Экөөңдөн башка эч бир киши үстүнө да чыкпасын. Чылбырына да тийбесин,— деди да, атына минип ача сакал жүрүп кетти.

Үйүнө кирип отургандан кийин, Ийгилик өзүнчө күңгүрөндү:

«Ай сени, ай сени! Арыкты семиз кылган май сени! Семизди арык кылган май сени! Ал сени, ал сени!

Жаманды жакшы кылган мал сени! Жакшыны жаман кылган мал сени!..»

## VIII

Жаргак шым, куур тон, кийиз калпак жыртак абышка күрөң өгүзгө жайдак минди. Бийдин айлынан чыгып Чаки элүү башынын өрүшүн бет ала каалгыды. Ошол учурда Чаки элүү башы айылдан алыстап барып аялы экөө сүйлөшүп отурган.

— Башка чукак боло турган окшодук. Экини гана төрөдүң. Анан төрөтүң токтоп калды. Ыраазылык бер. Токол алалы.

Элүү башы сөздү ошентип токол алуудан баштады. Бул азыр эле козголгон сөз эмес. Көптөн бери ордунан чыкпай келаткан сөз. Аялы — менин төрөтүм токтолгон жок, — деген жоопту кайтарды да оңдонуп отурду..

— Токтолбосо төрөй бербейсиңби?

— Теретүүгө бычымың жок болсо кантип төрөй берем? Элүү башы ызаланды. Унчукпай калды.

— Ызаланбай эле кой. Башка эркектердин бирөө менен бир түнөсөм эле бир балалуу боло калганы турабыз.

— Андай болсо ошенте бербейсиңби?? Сен төрөсөң болду, бала биздики болот да кала берет.

— Тиги дүйнөнү да ойлой жүрүш керек. Анте турган болсом кудай алдында жүзү кара болбоймунбу?

— Кудайдан корком дечи!

— Коркпогондочу!

— Кудайдан коркоруң чын болсо, токолго макул бол. Же токолдон коркосуңбу?

— Токолдон да корком.

— Эмнесинен коркосуң?

— Күнүлөштүн күйүтүнөн корком.

— Күнүлөшпөй эле койбойсуңарбы?

— Коё албайбыз.

— Эмне үчүн?

— Бирден санап айтып берейинби?

— Кана, айтып көрчү.

www.bizdin.kg

— Айтып көрсөм мындай: Ак никелүү эриң Сарып адашып келген бирөөнүн койнунда жагканын көрсөң жаның күйөбү? Он эки таш болсоң да күйбөй койбойт. Күйөсүң. Бир эле эмес, күн сайын, саатсайын күйсө бересиң.

Күйүттүн күчүнө чыдабай токолуңа мен күн кезрсөтпөйм. Менин күйүтүмө чыдабай аның дакүйүп быила берет. Байбичеге караганда токол ысык керүнөт. Анан сен токолуңа болушасың. Ансайын айыгышаберебиз. Эркексинип сен чокчоңдоп экөөбүздү урупсогосуң. Анда да калыстык кыла албайсың. Аны аяп акырын чабасың. Анын өзү да күйүткө күйүт кошот. Туурабы?

Анысы ал болсун. Алган токолуң сенден төрезбөйт. Ал балалуу болгусу келет. Ар кимдергеөзү барыпс асылууга аргасыз болот. Ошентип төрөй берет. Анан анын ар кимден төрөгөн балдары өзүңдөн төрөгөн менин балдарымдын ырыскешигине, жыйгантерген чарбабызга энчилеш болот. Аны көрүп билип туруп канткенде күйүп бышпайсың. Күйө бересиң, өмүрүң өткүчө изадан банхыбыз чыкпайт. Ырды күйөө, чырдуу кыз болобуз да отурабыз. Өзүң айтчы. Же антпейбизби?

— Сөз тапкан колко бербейт. Сени менен сүйлөшүүнүн өзү да кыйын. Кандай дегениң менен, бары бир, бир токол мага да, сага да экөөбүзгө бирден керек. Качанга чейин тышка чыгып эркектин жумушун иштеп, үйгө келип катындын жумушун иштей бересин? Кудая шүгүр мал бар. Жан жыргатып убайын көрсөкболо. Кан^аалык акылдуу болсо да, ургаачынын иши ургаачы. Ург а ачылык кылып жатасың. Антпе. Мен сага карап, сениьа түйшүгүңдү азайтайын деп ошентип жүрбөйүмбү. Түшүнбөйсүңбү? Түшүнсөң боло!

— Түшүндүргөнүң ошо болсо, чооң ырахмат. Хоколун аласыңбы, же мүйүздүүсүн аласыңбы, ал өз жешиң. Кандайын алсаң андайын ал. Бирок, эки баламдыжн энчисин бөлүп бер. Мен өзүмчө бир айыл болуп башк а жүрөм. Ошондой кыл. Акыры токолсуз күнүн өтпөй турган болду. Тилегиңе жет,— деди да аялы басып кетти. Элүү башы кыйлага чейин башын катырып, жанаарак келип уктап калган. Мына, эми, жанагы жайдак өгүз минген жыртак абышка жете келип өгүзүнүн чүлүгүн каңтара тартты да — о, элүү башы! Үйдө барсыңбы? Болсоң бери чык!— деп үнүн айбаттуу чыгарды. Букара айылдын бүлөсүнө үнүн ары жоон, ары көтөрүңкү чыгарып буйрук кыла, жумшай сүйлөш Олжобайлыктардын ар биринин адаты.

Үйдөн үн чыкпады. Аркы алачыктан чыга калган жигит утурлай басып салам берди.

— Элүү башыңар үйүндө жок беле?

— Бар болучу. Уктап жаткан го!

— Бу кандай уйку? Же эрте эмес, же кеч эмес. Ушундайда уйку болобу? Же уйкусун кандырып алтүндө жылкыга аттануучу эмеби? Элүү башы киши жылкы кайтарбайт эмеспи?..

Тиги жигит: — анысын биле албайт экенмин карыя! — деп куушурулуп тим болду. Жыртак абышка үйдөн бир аз обочолоп барды. Өгүзүнөн кош аяктап түштү. Жигит өгүздүн мурунтугун алды.— Мурунтугун сүйрөтүп коё бер. Өгүз эч кайда кетпейт. Бул айылдагы эр бүлөнүн бардыгын мында чакыр. Элүү башыны ойготуп кой. Киши келди дегин. Уктуңбу? Бар.

— Уктум карыя. Макул.

Жыртак абышка компоё тартып мандаш урду. Сакалын сылап бой түзөжү. Өрө кийизден өөнөп тиккен калдагай калпак сөрөйү бар экен, анысын оңдомуш болуп алчыланта кийди. Дагы ошондой эмелерди иштеп өзүнө олуттуу түр бере отуруу аракетинде болду. Аңгыча ар кайсы алачыктан, үйлөрдөн бирден, экиден киши чыгып келе баштады. Көчмөн, ар кимиси ар жерде жүргөндөргө башка айылдан киши келсе соңуркай карашат. Сонун сорпо кепсөз уккулары келет.

Чаки элүү башы Олжобай уулунун жыртак абышкасын теңсинбедиби же уйкуга карамыктыбы, көптөн кийин келди. Качы бийдин айлындагы абышкалар мингич аттарын кечинде тушап коё берип эртең менен таппай калышыптыр. Көргөн билгенинир барбы?— деп жыртак абышка суроо салыш үчүн келиптир, ошону айтты. Бул айылдагылардын көзүнө андай эме чалынбаптыр.

Мантектин ача сакал агасынын бир тай, он иригии барымтага айдап келген чалдардын бири ушу жыртак абышка экен. Келер менен тайды арыдан бери соё тартып жибергендиктерин, тайдын семиз чыкканын, бир салым чүйгун этин Качы бийдикине киргизип беришип, калганын бу жердеги мүлдө Олжобай белүштүрүп алгандыктарын айта отурду. Кезүнүн шоролонгон кычыктарын кайтакайта сүртүп коюп апраңдай берди.

— Жакшыныкын сатып же жамандыкын басып,—деп берки абышкаларды мен сүрөдүм. Мен антпегенде алар антишмек эмес. Эртең абышкаларды ээрчитип Мантегине барам. Анын бир бээсин баш кылып он беш иригин барымтага айдатып. келем. Жамгырчы уулу үч тогуз— жыйырма жети бодо айыпка жыгылбады беле. Ошентип, мында калгандарынан барымталап ала бербегенде, кимисин кайдан издеп жүрөбүз? Кудайым Олжобай уулун артыкча жаратып койгон турбайбы! Чындаша келгенде, жаман айылдын урунуп жүргөн малы Олжобай уулунуку эмеспи? Кезеги келгенде жаман айылдын бүлөсүн ошентип эсине келтирип басмырлап койбосо болбойт...

Улам арылаган сайын абышка катуулай берди. Олжобай уулу букара айылдагыларды «жамандар» дешет. Жыртак абышка өздөрүнүн адаты боюнча айта берип,. Алыке уулун да Жамгырчы уулуна кошо «жамандар» деп отурганын байкабады. Беркилердин ызаланып отурушу менен иши болгон жок. Чомочосун чоң көтөрө .сүйлөп, ал жерде өзүн ээн-эркин сезди. Чаки элүү башы жыртак чалды кагыпсилкеби дешип берки тургандар анын оозун тиктешти. Анысы жыртак абышкага сөз кайтарбады. Бир кезде: — бирөөңөр барып аксакалга ак алып келгиле,— деди. Ошентип коюп ордунан турду да басып кетти. Алиги жигит аркы үйлөрдүн биринен барып бир аяк айран көтөрүп келип сунду.

— Айран ичкидей эмне, мен букара киши же катын белем? Кымызыңар жокпу?—деп жыртак чал чыйрыга сүйлөдү.

— Кымыз эч бир үйдө калбаптыр, аксакал! — деди алиги жигит.

Кымыз үмүт этип отурган экен, жыртак абышка оозунан алдыргандай умсунуп шагы сына түштү. Туйтуңдай баштады.— Берерге бешимде кымыз. Бербеске эртең менен да жок. Кайдан калбай калсын. Бергиңер жок,— деп, кончунан мүйүз чакчасын сууруп алып насыбай атты. Жанында отурган Акмат дейди колун сунду эле, чакчасын кармата берип мурчуйду. Тыгынын сууруп Акмат чакчанын ичке башын алаканына бир-нече ирет силкти. Насыбай түшпөй койду. Кепкегин ачып караса насыбай калбаптыр. Чакчасынын кепкегин чыгарганын көрдү да жыртак абышка тууралануп Акматты тилдей баштады:

— Ой акмак. Акмат ал эмне кылганың? Кандайча менин чакчамдын көчүгүн бей жооп, суроосопкуту жок ачасың? Мени жардысынтып отурганыңбы? же жамаңсынтып отурганыңбы? Жаман десе арыңарга келесиңер. Жөн билбеген жаман, акмактар. Эси жок. Шайтан...

Ошентип обдулуп туруп өгүзүн көздөй басты. Алиги жигит ээрчий барып аяктап өгүзүнө мингизип кайта басты.

— Шашпагыла, жамандар. Акеңерди эртең эле тааныта албасам ушу сакалым кыркылып калсын. Борбодой атым өчүп кетсин,— деп баракгады. Кермек даамдуу кычкыл сөздөрдү кекетемокото айтып кете берди.

— Мунусунун өнөрү да бир Олжобайча бар экен го!— деди ал жерде отургандардын бири.

— Ушу абышкасынан келгенди эрте көрдүм. Коё бергилечи, мени!— деди алиги элпек жигит.

— Коё берели. Бүтүрөрүң эмне?

— Жете барып өгүзүнөн тоголото тартам. Анан өгүзүнүн куйругуна байлап сүйрөтүп коё берем.

— Андай кылсаң Олжобай уулунун чыргагына май куйбайсыңбы?

— Кандайча?

— Жоголгон бычактын сабы алтын кылышат. Ыргыткан сөөк башына тийбеген ырысы жок абышкасынын бака башын баага батырышпайт. Алыке уулун бүт бойдон чаап алышат.

— Эр өлтүргөн айылды чаап алууга азыр мыйзам жок эмеспи? Мына, ушу жигит өлтүрүптүр деп мени кармап берип кутулбайсыңарбы?

— Өлөсөлүү абышканын кунуна башыңды байлап бергиң келип турабы?

— Өлтүргөнгө жараша киши еңдүүлөрүнүн бирин өлтүрүп, анан башыңды байлап бер.

— Мыйзам жок дейт тура! Олжобай уулуна мыйзам барбы? Алардын ар бири өзүнчө мыйзам. Билбейсиңби:

Сөзгө аркы отурган карыя адам кыпчылды. Сөзүн «өзүң кудай болбогонсоң, көрөр күнүң ошо да» деген элдик макал менен баштады. Байы чоңдун кулу чоң. Алардын атабабалары чоң экен. Алардын бардыгы чоң. Бийиңер да ошолор. Болушуңар да ошолор. Үйөзүңөр да ошолор. Өлө жаман да — өзгөлөрдөн өзүн жогору санайт. Ата-бабаңар букара экен. Өзүңөр да букарасыңар. Букаранын көрөр күнү ошо. Көрө бергиле. Канчалык ызалансаңар да бары бир. Жыртак чалына да жыгылыштуу болуп калдыңар. Тамашаны эртең дагы көрөсүңөр,— деген сөздөрдү айтып капаланды.

— Кандайча эртен тамашаны көрөбүз?—деп отургандардын бири карыяны карады.

— Тиги кимчи. Аркы отурган эмненин атын унута калганымды кара! Ооба, Акмат. Ошонуңар жыртак эмесинен насыбай ата коём деп, чакчасынын кепкегин суроосопкуту жок ача койбодубу!

— Чакчасынын кепкегин руксатсыз ачыш айып болобу?

— Салт боюнча сакалдуу кишинин чакчасынын кепкегин сурабастан ачыш айып болот.

— Анысын мен кайдан билдим,— деп жер карады, тиги айыптуу боло калган Акмат.

— Мындан ары билип жүрөсүң. Билгизет. Эртең барынар билесинер.

— Коюңузчу жарыктык! Кантип эле чакчамдын кепкегин ача^ын леп чыо чыгапоын. Уят эмеспи!

— Уят дейт түрбайбы. Манап тукумунда уят болмок беле? Уялганды билсе манап боло алабы? Алапдын уятсыйыт менен иши болбойт. Шылтоо менен иши болот. Шьтлтоо табылса болду. Жыртак чалы шылтоону азыр бул жерден таап кетти. Аны жөн калтырбайт. Эртең эле көрөсүңөр...

Сөздөн улам сөз чыга берди. Отургандардын бири ушу жазла бозочунун уйүндө болгон окуяны эске түшүодү. Ал мьтндай болгон экен:

Олжобай уулунүн Касымбек деген дагы бир абьтшкагы бап. Анькы күн сайын бозолон калбаган эме. Таң

азанда барат. Сакалдуу киши дешип бозого баргандардын ар бири бир чыныдан бозо сунушат. Канча киши келсе күн сайын ошончо чыны бозону 6ркрп ичип турат. Ошентип, күз башынан тартып эл жайлоого көчкүчө анысынын иче турган бозосу көп жылдан бери башкалардын жонунан болуп келди. Бозочу Алыке уулунун абышкасы болучу. Тиги Касымбек чалдын пейлин жактыруучу эмес. Жазында бир күнү сары кар жаап калды. Адаты боюнча Касымбек чал эрте келди. Кийимине жуккан карды күбубөстөн жөөлөй барып бозочунун жанына отурду. Мурдатан жаман көрүп жүргөн бозочу жактырбастан—тебетейиңди силкип ал!—деди.

— Тебетейди силкээр чакта силкээрбиз,— деп Касымбек аны акырая карады. Адаты боюнча ар кимдер берген бозого тоюп алып кете берди. Эчтемеден эчтеме жок бейкут жаткан бозочунукуна ошол эле күнү кечке жуук онон беш киши келип аттарынан оопоop түштү. Алардын арасында жанагы

Касымбек, азыркы жыртак чал баш болгон Олжобайдын он чакты абышкасы жүрөт. Мантек, Кашкарбай, Чаки элүү башы да тигилер менен кошо келишти. Олжобай уулунун жаш жагынан аксакалы Касымбектин бозочуга капа болушу, карыя кишиге бозочунун тили тийгендиги жөнүндө сөздөр болду. Бардыгы ахалапохолоп кейишти:

— Капырай, бу заман кантип баратат?

— Ошону айтсаң!

— Олжобай уулунун аксакалы Касыкеме ошо сөздү титинип айтканын көрбөйсүңбү!

— Баса десең! Тебетейиңди силкип ал,— деп.

— А көрөкчө өзү ала коюп силкип бербейби!

— Букара да. Антишти кайдан билсин.

— Бозого семирген. Көпкөн дебейсиңби!

— Туура. Ошенткен. Андай кишинин Олжобай менен, Олжобайдын карыясы менен иши болмок беле?

— Иши эми болот. Болтурабыз. Уук, керегесин ойрондоп отуна жакса эсине келет. Таанытабыз.

Ошондой сөздөрдү сүйлөп күпүлдөштү. Аларды Качы бий өзү көкүтүп коюптур.

Касымбек чал бекер бозого бүгүн да күндөгүсүндөй тоюп алгандан кийин бийге барыптыр. Бозочу — тебетейинди силкип ал,— деп мени ызалады. Тебетейди силкээр чакта силкээрбиз деп мен аңы кекеттим. Астыма жыгып айып алып бер. Антпей турган болсоң, өзүңдү Олжобайдын арбагына коём. Туугандыктан кечем. Топурагынды түйүп берем да кете берем дептир. Качы бий Мантек, Кашкарбай, Чакини чакыртып алып, бозочудан бир тогуз айып алып бергиле дептир. Тигилерди көкүткөндө ошентип көкүтүптүр.— Бозочунун жалгыз атынан башка эчтемеси жоктугун айткан бирөөн Качы бий өз эле оозу менен бозочунун малы жок болсо, башка Алыке уулунун малы түгөнүп калыппы?—деп кекетип коюптур. Ошондон кийин тигилер бозочуну шылтоо кылып, жалпы Алыке уулун айыпка жыгыш үчүн келишиптир.

Олжобайдын абышкалары адегенде жогорку сөздөрдү айтып Алыке уулунун үшүн алды. Анан тиги үч элүү башы бөлүнүп чыгып өздөрүнчө сүйлөштү. Өз ара бир ооздуу болгондон кийин бозочуну чакырышты.— Коюңду сой. Колуңду куушур. Касымбек абышканын тизесин кучакта,— дешти. Абышкалардын жаасы катуу келгенин көрүп бозочу эчак эле тилооздон ажырап дел болуп калган,— болуптур,— деди. Коюн жетелеп келип бата тиледи. Ишиң оңолсун дешти алакан жайгандар. Сойгон кою семиз чыкты. Сенже, менже болуп абыщкалар бирин-бири катуу сыйлашты. Эт желип кол жуулду. Аз айып, көп күнөөмдү кечирип коюңуз! деп бозочу тура келип Касымбек чалдын тизесин кучактады, жалбарды. Чал аны чалкалата тээп жиберди.

— Сооп болот, бозого семирген, итке,—деп үүлөндү жанагы жыртак чал. Ар ким аркандай сөздөрдү жамыратты.

— Сунган моюнду сууруган кылыч кеспейт.

— Какем кечиримдүү. Ачуусу бир тебүү менен тарады. Кек сактабаган кенен киши эмеспи. Кечет.

— Бозочу букарадан чыккан бир ит эмеспи. Дакем итине теңелмек беле.

Каке, алтын шилекейиңизди чачыратып жибериңиз.

— Жеке бозочу эмес, ачуунузду мобу отурган кары, жаштын бардыгы сурап отурат.

— Ооба, ушу отурган барыбыз сурап отурабыз.

Касымбек чалдын оозунан «кечтим» деген сөз чыккан жбк. Кеженип отуруп алды. Анын жанында отурган чал бардыгын бийлей сүйлөдү.

— Бозочу коюн союп колун куушурду. Айыбын мойнуна алып тизесин кучактады. Андан башка эмне кылат эле? Өлүп кетсинби? Олжобай уулу менен Алыке уулу биргелеш коншу, ирегелеш тууган. Туугандын азары болсо да безери болбойт. Касикеңер бозочуну сыйлабаса да, жалпы Алыке уулун сыйлоого тийиш. Кеп айыптын көпазында эмес, мойнуна алышында. Айыпка бере турган бир тогуз малыңарды камдагыла. Кетебиз. Касыкеңер кечпесе жалпы Олжобай уулунун кары жашынын наамынан мен кечемин. Иш бүттү. Жаман бүткөн жок.— Отура беребизби? Козгололу,— деди.

Алыке уулу эт бышкыча үч тай, үч кунан, үч бышты — бардыгы тогуз жылкыны камдап жибериптир. Бозочунун үйүнөн алыстап барып олжо бөлүштү. Эки элүү башыга бирден тай калтырышты да калган жети жылкыны абышкалар айдап алып жолго түштү.

Эми жыртак абышканын чакчасынан чыккан чатактын акыры да как эле ошондой болуп бүттү.— Сакалдуу кишинин чакчасын антиш чоң айыптуу иш. Штанын зордоп чечкенге тете,— деген Качы бий. Абышкаларын ээрчитип эртеси өзү барган. Алыкеликтер дагы бир тогуз малга жыгылып берип тынышкан. Ырас, бийдин өзү катышкандыктан элүү башыларга олжо тийбей калды. Башкалар аябаса да өз айлын Чаки элүү башы аяшы керек эле. Бир чети олжолу болоюн, бир чети Качы бийге жакшы көрүнөйүн деп кайта ошо Чакинин өзү катуу кетсе болобу! Чара көрүш үчүн келгендерге бир тай, бир кой сойдурду. Айыпка бериле турган жылкылардын саны, өлүп кетпегидей жаны болсо эле жарай берүүчү. Бу жолу — бийим өзү келгенден уят эмеспи деди. Айыпка бериле турган жылкыларды дандуулатып чогулттурду. Бий Чакинин ал кызматын эсине алса алгандыр. Бирок, эсепке алган жок. Чаки элүү башыны да куру таштап катуу умсунтту.

Ошентип сары эсептигинин салакасын Чаки элүү башы бу жолу да өз айлына тийгизди. Келгендерге бир койдун этин берип, жыртакка ат тартып, чапан жаба койсо эле бүтүп кала турган иш болучу. Аны он

www.bizdin.kg

жылкы, бир койго түшүрдү. Алыкеликтер анысын көрүп деле, билип деле турушат. Качы бий андык болуп турбайбы! Колдорунан эмне келет?—туура. Сеники эп. Ошенте бер—дешти да тимтим болушту.

Жыртак чалдын чакчасынан чыр чыгарып бүт Алыке уулун айыптуу кылган наспайчы Акмат да аял да жок. Биздин Алыке уулу— деп сүйлөсө тандайынан чаң чыгат. Тили буудай куурат. Анын өзү кайсы, сөзү кайсы,— дешип Алыкеликтер адам катары санабайт. Кандай дешсе да Алыкенин бир уулу. Кайсы үйдүн тамагы эрте бышса Акмат ошол үйдө. Кийими албадалба болгон менен, өңү кара көк тартып майланышып турат. Бопоросчуну көрсө бопоросуна орток. Наспайчыны көрсө алаканын тосуп «кичи!» дейт да турат.

— Жыртак чалдын көзүнө көрүнбөй кете тур,— дешип Акматты Алыкенин башка айылына кетиришкен. Берки айылга кеч барды. Ал айылдын иттерине да таанымал эмеспи, эч бирөө кың этип үргөнү жок. Биринчи кирген үйү казанын аса элек экен. Эсендик айтып коюп экинчи үйгө кетти. Ал үйдөгүлөр отун да жага элек экен, биртике отуруп ал үйдөн да чыкты. Бул үйдөкү болбосо тигил үйдүн тамагы бышып калгандыр деген үмүт менен үйдөнүйгө кыдыра берди. Бышылуу тамакка тушуккан жок. Бир баштан кайта кыдырмакчы болду. Биринчи кирген үйүнө барса тамагын жеп коюшуптур. Бир чөйчөк сорпо ичти. Экинчи үйгө барса аялы түндүгүн тартып турган экен, кайрылбастан үчүнчү үйгө барды. Андагылар төшөк салууга киришип калыптыр. Кайта чыгып башка үйлөрдү караса бардыгынын оту өчкөн, жатып калышыптыр. Мурдун көтөрүп биртике турганда, короонун четинде жаткан төөнүн жабуусу көзүнө чалдыкты. Барып оронуп жата кетти. Көпкө чейин тамак аңдыштын оңтойлуу жолун ойлоду. Күндүз айылдын четине жатып алып кайсы үйдүн түтүнү качан чыкканын байкап, белен болдуго деген кезде шып кирип барыш оңтойлуу сыяктанды. Түн ичинде тамак аңдуунун оңтойлуу жолу туш келди кире бербестен, сыртынан шыкалап, белен болсо кирип, белен болбосо башка үйлөрдү шыкалап акмалап жүрө туруш окшоду. Ошентип тамак аңдысам жаза каба койбосмун, деген ишенич менен уйкуга кетти.

## IX

Айыпка жыгып Алыке уулунан алган тогуз жылкыны айдатып келди да Качы бий айлынын жанындагы дөңсөөгө түштү. Олжону бөлүштүрүү жөнүндө өз оюн ошол жерде айтты. Ата аксакалы Касымбек чалдын кемпири катуу сыркоолоп, жөнүкпөй турганын эсине алды. Жамандыгы болсо ычым-бычымына тыгынчык кылсын деген ой менен бир жылкыны Касымбек чалга ыйгарды. «Өгүз өлтүргөн балта» өзү болбодубу деген пикирге келди да, жылкылардын бири Жыртак абышкага тийешелүү болушун жөн көрдү. Бийлиги үчүн өзүнө бирди чыгарып койгула деди. Башка жакта жүргөн Олжобай уулунун аксакалдары угушса үмүт санашарын эске алып, аларга бир жылкы койдурду. Калган беш жылкыны старчын Сарыңар, элүү башы Кашкарбайыңар келгенде өзүңөрчө эптешип аларсыңар деген сөздү айтты. Адегиче айылда жаткан эр бүлө тегиз бийдин жанына келишти. Эмки сөз кечеги түнү жоголгон аттарга өттү. Жок издегендердин бири ача сакал байдын айлын түкшүмөлдөп барыптыр. Бий ошо киши менен сүйлөштү.

— Сен бардың беле?

— Ооба!

— Эр бүлөсү айлында түгөл бекен!

— Үйдөгүсү үйүндө, малдагысы мал четинде жүрүптүр!

— Сасык байдын өзү да үйүндө бекен?

— Бир уулун ээрчитип эртең менен мужукка кетиптир!

— Кандай жумуш менен кеткен окшойт. Сурамжыладыңбы?

— Ооба. Сурамжыладым. Баягы чабдар атын орустун бир мужугуна сатыптыр. Бир уулуна жетелетип жеткирип бериш үчүн кетиптир.

— Оңбогон Сасыкбай чабдар аттын көзүн боёгон экенго? Канчага саткан окшойт? — деди. Биндин жүзү түктөйө түштү. Бармагын тиштеп ойлоно калды.

— Кейпи кымбат саткан окшойт! Анысын такып сураганым жок.

— Ким деген мужукка сатыптыр. Биле алдыңбы?

— Ийгиликтин бир тамыр орусу бар экенго. Ошого сатыптыр.

— Ийгиликтин тамыр орусунабы?

— Ооба. Ошондой дешти.

— Түшүнүктүү. Чабдар атын суратып эки жолу арага киши салдым. Бербеди. Бир жолу өзүм сүйлөшөйүн деп үйүмө чакырттым келбей койду. Көңүлүн оорутпай алармын деп жүрүп чабдарды колдон чыгарып жибериппиз. Баса, байдын айлында түн катып тердеп кургаган аттар көрүндүбү? Байкай алдыңбы?

— Байкадым. Айлында токулуу турган аттарында сыртынан абайладым. Жылкыларын да аралап чыктым. Түн катып тердеп кургаган ат көрүнбөдү.

— Шек санагыдай белгибете таба алганым жок дечи?

— Ооба!

— Алыстан атайылап ууру келген жок. Он бир атыңар он ирик менен бир тайдын барымтасына кеткен болууга тийиш,— деп бий ыңгыранды.

www.bizdin.kg

— Орус кыштагына барып сыйлыгышкан Жамгырчы уулунун томаяктары колдуу болуп жүрбөсүн! — деп сөзгө жыртак абышка кыпчылды.

— Алар уурдаса өрүштөгү эттүү жылкылардан уурдашат элего. Кактооч аттарды алганда алардын табары не? — деп жыртактын оюн бий жөндүү көрбөдү. Адегиче ал жерде тургандардын бири—тетиги келаткандар Старчын менен калаага кеткендер болсо керек деп төмөн жакты тиктеп калды. Келаткандар ошолор экен. Старчындын аттан буту түшөр менен бий суроо жүргүзүп сала берди.

— Өкмөт тарапта канДай сөздөр бар окшойт?

— Ак баашанын ордуна бааша болгон Керинскей дегени качып кетиптир дешет. Анын тажы тактасын болчойбек, менчейбек деген экөө талашып жаткан окшойт.

— Коош. Аты уйкаштыгына караганда экөө эгиз же удаалаш төрөлгөн эмелерго! Болчойбеги күчтүү бекен же менчейбеги күчтүү дешеби?

— Болчойбегин күчтүү айтышат. Кимиси ак баашанын таажысын кийип тактына отурса ошонусу күчтүү болотко!

— Бизге бары бир. Кимиси жеңсе ошонусуна букара болуп беребиз да коёбуз. Кандай эмеси болсо да анысына болуш керек. Бий керек. Акырын аткара беребиз. Керек кылбаса өз оокатыбыз өзүбүздө. Киши көзүн карабайбыз. Коош. Андан башка кандай сөз уктуңар?

— Башка эч кандай сонунсорпо сөз деле жок көрүнөт. Бир кагаз бар. Аны өзүңүзгө жалгыз көрсөтөмүн,— деди Сары.

— Ал кайдан келген, эмне деген кагаз экен? Жүр. Тигиндейлеп барып көрөлү,— деп бий жер таянып тура келди. Беркилерден обочолоп барып ээн отурушту. Сары кагазды кайдан, кантип алганын баяндады.

Жолдоштору менен базарды аралаптыр. Бир киши «үч урук» элинен киши барбы — деп ар кимдерден сурамжылап жүрүптүр. Тааныгандардын бири үч уруктун старчыны тиги киши деп Сарыны көрсөтүптүр. Ал Ташкен тараптан келген эме экен. Силердин элде Ийгилик деген киши барбы? Бар болсо жакшы тааныйсыңбы? — дептир.

— Тааныбаганда, жакшы тааныйм.

— Андай болсо ушу катты берип кой,— деп тиги кагазды бериптир. Калаадан чыгып ат чалдырган жерде кагазды ачып Сары өзү окуптур.— Ал эмне деген кагаз экен? — деген жолдошторуна — бийиме Ташкенден келген дубай салам кат турбайбы,— деп чынын айтпаптыр. Кат кандайча колго тийгендигин ошондой баяндады. Анан окуй баштады. «Ийгиликке». «Албандан». «Кеңеш өкмөтүнүн жолжобосун окуп жатабыз». «Кат таанып калдык». «Эми үч айдан кийин барабыз» деген сөздөрдүн ар бири бийдин кулагына ыргыткан таштай тийип турду.— О байкуш тентегим, Албаным. Бар турбайбы! Тирүү жүргөн эженго, жалгызым. Тулпардан калган туягым. Болсун, болсун. Олжобайдын арбагы колдоп дагы бир баласы эл сурап, журт сурай турган болуп калган белем! «Туугандын азары болсо да безери болбойт». Деги Олжобай уулунун ырысы бар экен,— деп Качы бий жашып, сүйүнүп кеткенсиди.

Бул катты Сары Ийгиликтин өзүнө бербестен бийге келип окуп беришинде башка кеп, башка маани бар болучу. Албанга да, Ийгиликке да Сарынын башынан бери пейли түз. Бирок, бийден чыга алуучу эмес. Сыр алдырбаска аракет кылуучу. Бий кырданып кетсе Ийгилик менен Албанга таянсам «үч урукту» езүм колго албайымбы дегенди көп ойлонуучу. Тиги катты окуп берип бийдин үшүн качырып коёюн. Ийгиликтин өзүнө анан тапшырайын деген пикир менен алып келген. Каттагы сөздөрдү окугандан кийин бийдин тигинтип отурушуна аңтаң болду. Үшү качмак турсун сүйүнүп, жашып кетиши кандай? Бир эсептен катты Ийгиликтин өзүнө берип бийди кабарсыз калтырсам болмок экен,— деп тымызын өкүндү. Кандай болсо да бийге Албан бир ата жакындык кылат. Өзүнүн инисинин баласы. «Туугандын азары болсо да безери болбойт» дегени ошого. Албанга менден жакынсып айтканы го — деп деңдароо болду. Эмнеси болсо да өтөр иш өттү. Кетер иш кетти. Эртең катты жеткирип Ийгиликти сүйүнтөйүн деген ойго келди. Ошол арада бий: — коош, кагазыңды кайта бир окуп көрчү. Бышыктап дагы бир угайын,— деди. Сары салмактуу окуп чыкты.

«Алыста жүргөн уулуңар Албан, кызыңар Берметтен. Ардактуу жан барабар көрүүчү атабыз Ийгиликке, энебиз Сыпайыга, инибиз Кубаткулга дубайдан дубай салам. Биз азыр Ташкендебиз. Алты айлык окууга киргенбиз. Үч айы өттү. Актан кара таанып кат жазууга жарап калдык. Ушу катты өз колубуз менен жаздык. Топуратан тышкары болсок үч айдан кийин жүз көрүшүп каларбыз. Бу тарапта заман өзгөрдү. Улуу Лединдин жол башчылыгы менен большевиктердин партиясы падыша өкмөтүн жана убактылуу өкмөттү да кулатты. Кеңеш өкмөтү орноду. Өкмөт элдики, эл ичинде эзилген жумушчу, кедей дыйкандардыкы болду. Биз кеңеш өкмөтүнүн жол жобосун окуп үйрөнүп жатабыз. Биздин аманэсендигибизден бийимди да кабардар кылып койгула!.. Көрүшкүчө эсен болгула!

Албан, Бермет. Февраль. 21жыл. Ташкент»

— Окуп бүттүңбү?

— Ооба!

— Сөз калтырбастан окудуңбу?

— Калтырбастан окудум!

— Келе эмесе, катты маа берчи. Карап көрөйүн. Бий катты колуна алды. Төрт бүктөп туруп чөнтөгүнө салып—бийимди да кабардар кылып койгула — дешкен турбайбы. Тууган деген ошондой болот. Канчалык кыркылышса да түтүшпөйт.

Баса, каттын сөзүнө караганда болчойбеги жеңип чыккан го?

www.bizdin.kg

— Ошенткен окшойт.

— Болчойбек деген атына караганда, анысы бусурманбы дейм.

— Болчойбеги бир кишинин аты эмес, партиясынын атыго! Жол башчысынын аты Лелил деп жазган турбайбы!

— Ледин дептирби?

— Ооба, Лелил дептир.

Бий катты чөнтөгүнөн алып: — ме. Жанагы жол башчысынын атын тактап окучу. Не бар, не жок билип коёлу.

Сары катты ачып карады. Эжелеп өзүнчө окуду да, ЛелеЛедин турбайбы,— деди.

— Ледин деп мен туура айтыптырмынго?

— Жок, сиз деле туура айтпапсыз. Ледин эмес, Ледин экен.

— Мен деле ошону айтып жатпайымбы. Ледин. Келе. Катты маа берип кой.

— Ийгиликтин өзүнө бербейбизби!

— Эмне үчүн Ийгиликке беребиз?

— Ошо кишиге арнап жазган турбайбы!

— Тууган меники. Албан менин карачечекей инимдин баласы. Анын катын мен эмне үчүн Ийгилик кулга берем? Бул кат колуна тийсе Ийгилигиң кекүп кетет. Катты сен кимден алдың? Ал кайдагы эме экен? Кандай эме көрүнөт?

— Казак болсо керек. Казак дейин десем чач койдуруп алган. Ногойбу дейин десем казакча сүйлөйт экен. Неси болсо да соо киши эмес. Чокунган эмеби, кандай. Оңчулуктуу түшүнбөдүм. Катты табыштап берди дедиртип кагазга кол койдуруп, атыжөнүмдү жазып калган. Алдагы катты берип коюңуз. Тапшырып кутулайын. Кокустан башым кетип калбасын...

— Бир барча кагаз үчүн кеткидей эмне, сенин башың, ошондой эле баасы жок башпы? Олжобай уулунун өлө жаткан кишисинин башы башкалардын жүз башына татыйт. Аны билбейсиңби?

Сары унчуккан жок. Орундарынан туруп экөө эки жакка кетти. Күүгүм кирген кезде бий Каракулду ээндетип барып төмөнкү сөздөрдү айтты.

— Коош, Каракул баатыр! Албан иниң Ташкенге барып чокунуп кетиптир. Кат келди. Каты мына. Көрдүңбү? Аз күндөн кийин келет экен. Чокунганда ал жөн эле чокунду дейсиңби. Экөөбүздүн башыбызды жеш үчүн чокунбадыбы? Келгенде жөн келбейт окшойт. Өкмөтчү болуп келе турган түрү бар. Ушу баштан эле экөөбүз келмебизди келтирип, ыйманыбызды айта берели. Тоң моюндук, энөөлүк кылып койбодуңбу. Болбосо баягыда сыйыртмак салып атка сүйрөткөнүңдө экөөбүзгө бул балаа жок болмок. Сен Берметке үйлөнүп, кудай берсе, балким балалуу да болуп калат болчусуң. Эми айлабыз эмне болот? Маа караганда сенде өчү көп. Неткен менен да тууган эмеспизби. Мени жамандыкка кыя койбос. Бу сенин айлаң эмне болот? Мен көбүнчө сени аяп отурам,— деди.

— Кош, Каракул баатыр, унчукпадыңго? Жатып өлгүчө атып өл деген кеп бар. Жатып бербейли. Жан бакмак парс. Аракет кылып жан багалы. Бүгүн эл жуп жаткандан кийин сен мужуктардын кыштагына жөнө. Эч ким билбесин. Ийгиликтин үйү турган орустун короосуна кир. Чабдар аттын кардын жара тарт. Ат тыбырчылаганда Ийгилик үйүнөн чыга келет. Жашынып туруп өзүн да жара тарт. Экөөн бирдей жайлагандан кийин кел да жатып кал. Эч бир жан туйбасын. Жаман айтпай жакшы жок. Кокус колго түшүп калсаң, Ийгиликте жесир доом бар. Өч алайын деп өзүм келгемин де! Түшүндүңбү? Мени эч кандай сөзгө кошпо. Андан аркысынан кам санаба. Барып өзүм бошотуп алам. Билдиңби?

— Билдим!

— Билсең ошондой кыл. Бул ишти бүгүнкү түндөн калбай бүткөр. Аны бир мен билейин. Бир сен бил. Экөөбүздөн башка жан билбесин. Бар. Жолуң шыдыр болуп ишиң оңунан чыксын...

Каракул башын ийкеди. Барып жортуулга азырланды. Мал союп жүрүүчү Сары саптуу толтолуу бычагын кайрады да кынына катты. Бий үпүнө барып жайланып отурду: — Бу биздин айылдын өрүшүнөн мал жоголуучу эмес эле. Кандай болуп кетти. Кечеги түнү жоголгон он бир аттын бүгүнгө чейин дареги чыкпаптыр. Коош. Жылкыга сак болбосо, болбодуго. Каракул деген эмеси кайда жүрөт. Айтып койгула. Тамак ашын ичип жылкыга барсын. Сак болушсун, — деди. Эртеси бий эрте туруп айылдын четине чыгып отурду. Айылдын абышкалары барып тегеректей отуруп кымыз ичишти. Шашке ченде—баягы Каракулуңар көрүнбөйтко. Ал кече кечке оолугуп жүргөнүн байкап калдым. "Кээде ошентип калмасы бар. Күүгүмде ээн жерге чакырып катуу урушуп, жылкы кайтарыш деп айдап жибергемин. Жылкычылар келишти окшойт. Ал керүнбөйт. Түндө жылкы кайтарууга барыппы, бирөөң барып билип келчи, — деди.

— Каракул жылкы кайтарышууга барбаптыр, — деп барган жигит бат эле кайта келди.

— Бир жерге барып жатып алганго. Кул качамын деп, күң өлөмүн деп коркутат эмеспи. Кара мүртөс капыр же качып жоголду бекен...

Ошентип койду да, кымыз жупу. Колундагы аякты бошотуп жерге койду. Анан оозун аарчып, Сарыга бурулду. — Сен бүгүн мужук жакка барасыңго! Алиги кишиге

кезиксең бир кагаз келди эле, жоготуп коюпмун, — деп ксё сал. — Илгери, кийин доодоомайы болбосун, — деди.

www.bizdin.kg

Сары унчуккан жок. Адегиче мужук тараптан бирөө келди. Чөк түшүп атын кармай отурду. Бир аяк кымыз ичирип туруп кайдан келатканын, кайда баратканын, кайсы элден, кайсы жерден экендигин, аты-жөнүнө чейин сураштырышты. Бардыгын айтып берди. Анан эмне көрдүң, эмне уктуң? — дешти.

— Эчтеме деле угуп, көргөнүм жок. Бери келатсам Ийгилик деген киши отурган короого орус, кыргыз дебестен бир топ киши чогулуп турган экен. Бул жерде эмне бар экен? — дедим.

— Короого түндө ууру кириптир. Уурдамак болгондо, ат жыга тээп бир бутун сындырыптыр дешти.

— Кайда жүргөн, ким деген ууру экен, — дей калды отургандардын бири.

— Аты Каракул. Бийимдин кулак кести кулу дештиго...

Ал жердегилер таңыркап бирин-бири карады.

— Кече күнкү кейпине караганда ал ит бирдин үстүнөн чыкмак. Чабдаг^ атты Ийгиликке ыраа тартпайм. Же алып келем. Же жарып таштап жүрө берем деген. Антип иттик кылба деп мен ошо сөзү үчүн урушкамын, ал итти. Башкалар укса, кулун уурулукка жиберип сакалдуу башы менен бийди кудай урган экен дешпейби! Кулдун бейбаштыгын кайдан билишсин. Ай, ит ай. Иттигин кара мунун! Менин жүзгө жакын жылкым көзүнө көрүнбөй, Ийгиликтин мужуктан күчүн минип жүргөн жалгыз аты көзүнө көрүнгөн экенго! Бутун сындыра тээппи? — деп бей тааныш жолоочуну карады.

— Бутунун жилигичи туурасынан чорт сыныптыр дешти.

— Бутун ат тээп сындырыппы же өзүлөрү тээп сындырышыптырбы?

— Ат тээп сындырыптыр. Чабдар ат Ийгилик менен баласы экөөнөн башканы жанына жолотпогон мал дешти.

— Өздөрү да ызалап уруп-соккондур?

— Ийгилик дегениңер асыл киши турбайбы. Анттирбептир. Кудай урган эмени антип эмнс кыласыңар деп тыйып коюптур.

— Жабыр көрсөтпөптүр дечи? Ийгиликтин өзү да менин кулум. Менин кулума кол тийгизе алабы, — деп бий көөдөнүн көтөрүп короздонуп койду. Анан Сарыны карады... — Элүү башыларды ээрчитип өзүң бар. Ал кайсы атты минип барды экен. Атын «Сасык этке» калтырып өзүн алып келе бергиле. Ийгилик да Каракулдун аркасы менен аттуу болуп калсын, —деди.

— Буту сынып калган эме атка жүрө албайтко, — деген үн чыкты.

— Кулду кудай алмак беле. Ит жандуу эмеспи—калтырбай алып келгиле, — деди да бий жантайып жатып калды.

* * *

Ошо күнү Алыке уулунун карыя үч адамы түш ченде Ийгиликтикине барышты. Алар өтө олуттуу кепкеңеш менен келишиптир. — Бизге Качы бийдин зордукзомбулугу бир тең болсо, өзүбүздөн чыккан Чаки элүү башыныкы эки тең болуп жүрөт. Малыбызга да, башыбызга да ээ кылбай жүрөт. Барып баш калкалагыдай конуш таап бер. Шадманыбы, Бексыргасыбы, башка элге болсо да мейли, кете беребиз, — дешиптир.

Ийгилик аларга: барып киренди кирип букара болуп беребиз десеңер Шадманы да, Бексыргасы да бир сапар кудай деп эле конуш берет. Бирок, азыркы күндө «кайда барсаң да мамайдын көрү». Бары бир, алардан көрөр күнүңөрдүн акыры деле баягы көрө жүргөн күнүңөр. Шадман аке ак пейил калыс киши. Картайып да баратат. А кишинин айлынан да азабыцарды окута тургандар табылат. Залимдик жагынан Бексырга Качы бий, Чакиден калышпайт. А көрөкчө чыдай келген жаныңар чыдай тургула. Заман өзгөрөт. Эркиндик, теңдик болот. Жаңы тартип, жаңы мыйзам болот. Ичкер жакта эл менен кеңешип иштей турган кеңеш өкмөт түзүлүптүр. Ал өкмөт бизде да болот. Бизге да келет. Кеңеш өкмөтүнүн адамдарынын алды калаага келип калды. Мына, бир жума болду, мени чакыртышыптыр. Барып жолуктум. Ошондон бери эртең менен барып кечинде келип үйгө түнөп жүрөм. Кеңеш

өкмөтүнүн жолжобосун айтып түшүндүрүп жатышат. Качы бийи менен да, Чакинер менен да аз күндөн кийин орой көздөрү чарай, бетмебет отуруп эсептешебиз. Жылуу ордуңарды суутпай тынч жата тургула, — дептир.

Тигилер— андай аттуу күн кайда! Оозуңа май! Ийгилик баатыр, — дегенде тыштан дүбүрт угулду. Дүбүрөп келаткандар старчын, берки үч элүү башы экен. Чаки элүү башыны көргөндө үч карыя кыйпычыктап биртике турду да, анан жылт коюп жок болушту.

Ийгиликти өзүнчө бөлүп чыгып старчын кечеки каттын жөнүн айтты. Эчтемени жашырган жок, болгонду болгондой ачык айтып ак сүйлөдү. Ийгилик анын пейлинин түздүгүнө ыраазы болду. Чөнтөгүнө колун салып: — мынабу кат да ошолордон — Албандан келген. Муну да жеткирип бер. Бийиң тумар кылып мойнуна тагып алсын, — деп тамаша кылды. Сөз эми Каракулга өттү.

— Аштан ачка, аттан жөө эмесмин. Жетелете барып атын өзүнө — бийиңе бер. Тебетейди силкер чакта силкээрбиз деп баягы Касымбек чалыңар айткандай, ат керек болсо, алар чакта аларбыз. Каракулда не жазык? Айыбы кул болуп калгандыгы. Сыныгын таңдырып койдум. Токоруганда өзү кетер. Азыр аны ордунан козгошко болбойт! Калган сөздү Каракулуң менен өзүң сүйлөш. Калаага бара турган зарыл ишим бар, — деди Ийгилик. Качы элүү башыдан качып кеткен үч карыяга айткан сөздөрүнүн бирин да старчынга айткан жок. Аттанып кете берди.

www.bizdin.kg

# Бешинчи бөлүм

# ЖАҢЫ БАГЫТ

## I

Элүү башы, он башыларын ээрчитип Бекиш старчын Качы бийдин айлына келди. Башкаларын обочороок калтырып, бийдин үйүнө өзү жалгыз барды. Үйүндө Эстебес тентек отурган экен: — а, кел, кел старчын, кел! — деди бий.

— Бийим, шашылып келдим!

— Шаштыра турган жумуш чыгып калдыбы?

— Ооба,. бийим! Рипком дейби, эмне деди, эмнеси болсо да ошонусунан буйрук келди. Улук барат, эл ортолой үй тиктиргиле. Эртең түштө эркек-ургаачы дебестен бир старчын калк тигилген үйдүн жанында болсун, дептир. Сиздин өзүңүзгө кеңешели деп келдик!..

— Жыйынга ургаачылар да барат бекен?

— Он сегизден жогорку катын, эркектен калбасын,— дептир.

— Бул эмне деген мыйзам?

— Жаңы улуктун жаңы мыйзамы го!

— Ушу мыйзамы жакшы эмес.

— Кайдан билейин.

— Келе турган эмне деген улук экен? Үйөз бекен, же Жандыралы бекен. Үчөчкөбай дейби? Кандай жумуш менен келатыптыр, анысын биле алдыңбы?

— Кабарга келген киши анчалыгын айткан жок! Жанагы сөздөрдү айтты да, жумушу такыр болсо керек, чапкылаган бойдон тыяктагы старчынга өтүп кетти. Кейпи, сөз угузууга келаткан улук болууга тийиш!

— Кандай улук экендигин билсек болот эле. Чоңураак болсо, чоңураак даярдык, кичирээк болсо — кичирээк даярдык көрөт элеңер! — деп бий ойлоно калды.

Бир аздан кийин башын көтөрүп — эмнеси болсо да, ар бир элүү башыга экиден үй тиктир. Коош! Союла турган союшту өзүңөр ойлонушуп көргүлө. Анан бир жакшы ат, бир бөрү ичик болсун. Коош! Кетеринде же сенин үйүңөн, же бул үйдөн атты мингизип, ичикти кийгизип чыгарабыз. Чыккан чыгымды түтүнгө бөлүштүрөсүңөр, коош! Калганын келген улуктун жумушуна жараша дагы кеңешербиз!..

— Андай болгондо алты үй тигебизби?

— Алты үй болгондо көп болуп кететко! Үч элүү башы бирден үй тигишсин. Улук түшө турган үйгө килемкилче төшөтүп кой. Шааншөкөтү көбүрөөк болсо, келген улук ошончолук ыраазы болуп калат. Бар эмесе, эртелеп камына бергиле.

— Үй тигилген жерге эртең өзүңүз эртерээк байбичеңиз менен келерсиз?

— Эрте барам, барамын! Бирок, уйга чөп берүүнүн, ургаачыга эт берүүнүн кереги эмне? — деген кеп бар. Анын сыңарындай катындарды жыйынга алып баруунун кереги эмне?

— Келүүчү улуктун буйругу ошондой турбайбы?

— Сенин катының кайда? — десе жообун өзүм айтам. Камка байбиче андай жерге барбайт.

— Улугуң сокур болсо көзүңдү кыс — деген сөздү өзүңүз айтчу элеңизго?

— Көзүм турмак көчүгүмдү да кыспайм. Бар, барып ишиңди бүтүр.

Старчын барып элүү башы, он башыларына буйрук айтты: тигиле тургаи үйлөр күн чыга даяр болсун. Кишилериңер ургаачы, эркек дебестен шашкеге чейин келип жетпесе мага тарынбагыла. Төбөңөргө камчы ойноп калганын билбей каласыңар. Аттангыла! — деди. Он башьтлар аттарынын мойнуна мине чаап, туштушка бытырап кетти.

Элүү башыларын алып калды да, келген улукту жөнөтүүгө байланыштуу боло турган чыгымды бөлүштүрдү.— Мага чогултуп бериңер ошол. Анын үстүнө канчаны кошуп, канчаны бүкмөлөп арттырып аласыңар, ал өз ишиңер. Баргыла! — деп элүү башыларын кубалады.

— Жарым бааша, жандыралы келет экен. Ургаачы, эркек дебестен шашкеден калбай барасынар, — деген кабарды таратып, он башылар ойду ойлоп, тоону тойлоп түн бою дурбөп жүрдү. Айтылган уч үйдү күн чыга тиге салышты. Ойдон. тоодон чубагандардын акыры шашкеге чейин келип жетти. Мантек элүү башынын тобу өзү менен он бир гана кпши болду. Төмөнтөн келаткан үч кишинин карааны көрүнгөндө старчын калкты катар тигилген үч үйдүн артына сүрүп өткөрдү. Үч уруу үч тарапка бөлүнүп, алдына эркектери, артына аялдары отурду. Старчын, элүү башылар менен өзүнчө бир топ болуп бий орто жерди ээледи. Айланага көз чаптырып, карады да, адатынча буйруп:

— Эстебес экөөнөр барып келаткан улугуңарды тосуп алгыла. улукка урмат керек! — деди бий.

— Бийим, жарыктык, туура айтат, ошенткиле! — дешти бийдин жөкөрлөрү.

Старчын менен Эстебес келаткандарды тосо барьтп, жакындаганда аттарынан түштү. Колдорун бооруна алып тура калышты.

www.bizdin.kg

Үчөөнүн бирөө кыргыз экен. Асынганы беш атар, анын үстүнө бир колунун жеңинде билерикче байланган кызыл чүпүрөк жүрөт. Анын артында жанаша бастырып келаткан экөө опус экен. «Кыргызы болсо жол баштап келаткан экен. Улугу арткы экөөнүч бири болууга тийиш» дегенди ойлошту, жол тосуп турган экөө.

Ошентип, кыргызга көңүл бурбастан арткы экөөн утурлай басып кулдук кылышты. Тигил экөө эчтеме айтпай өтө берерде: — таксыр, кулдугубуз бар! Акбаашанын амырын ак ниети менен аткарган «үч урук» элинин старчынымын. Атым Бекиш. Бул жигит «үч урук» элинин урматтуу бийи жана болушу Качынын баласы Эстебес! — деди старчын. Тигилер баштарын ийкешти да кете берди. Тигил экөө аттарын минип ээрчий жүрду. Бир убакта,— э, айланайын, тиги бараткан Ийгилик турбайбы? — деп Эстебес камчысы менен Бекишти капталга бир чапты. — Баса, ошо турбайбы! — деди Бекиш.

Тигилген үйлөргө тигилер жакындаганда: — элүү башыларым тургула! Улукка изаат кылалы! — деп ордунан турду. Дайындуу үйдун босогосуна барып өзү алды жагына төштү жайып, тебетейин колуна алып топучан карап турду. Үчөөтөртөө келгендердин аттарын алууга чуркашты. Жол баштап жүргөн бирөөдүр деген ой менен Ийгиликке бий да назар салбады. Берки экөөн карап колун бооруна алды. Тигилер байкабаган түр менен басып үйгө кириштн. Биидин шагы сынып, мурдагы ордуна кайта барып отурду.

— Улук деп дүрбөп тосуп жатканынар жөн эле мужукко! Андайын билгенде мен келбей да коёт элем. Тиги алдында жүргөн кыргызы кайдагы эме экен? — деди бий, Эстебес жанына келгенде.

— Баягы Ийгилик экен!

Бийдин өңү өзгөрө түштү.— Улукка жетинген турбайбызбы? — деди кекээр менен.— Теңиме алмаксан болуп аттанып кетип калсам кантер эле? Ошентсем, калк көзүнө кайратым көрүнө түшпөсүн, — деп бий ордунан козголду. Мынча болгондон кийин сабырдуурак болоюн деп кайта отуруп калды.

— Эл чогулуп күтүп турат. Айта турган буйрук жардыгы болсо айтсын, угалы. Экөөң кирип айтып чыккыла! — деп Эстебес менен Бекишке карады. Баруудан жазганышса да, калкка сыр алдырбас үчүн тигил экөө басып барып үйгө кирди.— Келгиле ак паашаньтн амырын адал аткарып келген эр кулдар! — деди Ийгилик. Тигилер беттерине суу бүрккөндөй муздай түштү.

— Жакын жердеги айылдан узун түндүк бакан алдыргыла! — деди Ийгилик.

— Куп болот, таксыр! — дедида старчын тышка чыгып бирөөн бакан таап келүүгө чаптырды.

— Мен эмне иштейин? — деди Эсебес.

— Сен барып атаңдын жанына отура бер! Ийгилик тышка чыкты. Үйдүн тышына «үч урук Селревкому» деген сөз жазылган кызыл чүпүрөктү иле баштады. Кошо келген экөөнүн бири кошо чыгып жарламдашты. Калк моюндарын созуп таныркай карашты. Бир аздан кийин бакан келди. Анын учуна кызыл сатин байланды. Алып чыгып боз үйдүн босогосуна туу кылып көтөрүп койду. Калк антаң болду.

— Ак башаамдын туусу аппак болучу эле. Буларыңдын түрү бузулдуго! — деди кытмыр бий. Адегиче тигилер калк алдына чыгышты.

Ошентип, ээн талаага тигилген үч үйдүн арка жагына жалпы чогулуш ачылды.

Келген эки орустун бири Волревкомдун председатели

Соколов, экинчиси тилмеч Щербинин экен. Соколов орусча сүйлөдү. «Үч урук» айлына Селревком уюшулгандыгын, председателдикке Ийгилик Эрназаров бекитилгендигин айтты. Щербинин кыргызча айтып түшүндүрдү. Анан Ийгилик сүйлөдү. Он күндүк окуу көзүн кыйла ачып, сезимин да ойготуп таштаган экен. Өзүнүн сөзүн— жардыжалчыга, кедейкембагал, жана жалпы букарага ата турган таң, чыга турган күн бар экен. Азаттык, теңдик болду! — деп баштады. Падыша бийлиги, жана убактылуу өкмөт кулагандыгын жумушчудыйкан бийлиги орногондугун алы жетишинче айтып берди. Бий көкүрөгүн жайып тура калды да, — андай эмеңерге мен макул эмесмин! Биз «Олжобай» уруусу өзүбүзчө болобуз. Букара, киши өлтүргүч Ийгиликке баш ийгенден көрө, өлгөнүбүз жакшы эмеспи! — деди.

— Андай кылыш, азыр сиздин колдон келбей калдыго, бий аке! Сиздин заман ак башааңыз менен кошо кеткендигин жолдош председатель Ийгилик айтып өтпөдүбү? Курулай тыраалай берүүдөн эчтеме чыкпайт, — деди Щербинин. Эл көзүнчө бел алдырбай катуу туурайын, беделимди түшүрбөйүн деген намыс менен бий чыйрала сүйлөдү.

— Буйругуңду коё туруп деги өзүң кимсиң? Жарым бааша, жандыралысыңбы? Эң оболу ошону айтчы?

— Өзүм болсом жумушчу кишимин. Большевиктик партиянын, орус жумушчуларынын өкүлүмүн, түшүнгөн чыгарсыз?

Бий өңгөчүн тартып анткорлоно күлүмүш болду. — Мунуңар орустун мужугу—букарасы турбайбы! Букарадан чыккан кишинин иштей турган иши да ошондой букара болот! — деп жажалады. Бирок, анысы да бекерге кеткен жок. Атаңдын көрү, тартынбай айтышып жатканын кара! — деп бийдин омуроо кактысынан өзүнчө колоп отургандар да болду.

— Ким букара, ким ак сөөк, аны учуру келгенде териштире жатарбыз. Азыр ревкомдун буйругун орундай бериңиз! — деди Соколов.

Анын көшүүн сүйлөгөн сөздөрүнө алымсынбагандар да болду: улук болгондон кийин опуражапыра сүйлөбөйбү. Коркута эле айтпайбы. Мурда улук болуп көрбөгөв мужуктугунан ошентип жататко. Ак баашанын эң жаман деген улугу калкты калтылдатып жиберүүчү эмес беле.

Түбү бошко? Болбосо зиңгирик ойнотуп жибербес беле? — деген ойдо калгандарда болду.

www.bizdin.kg

Орусуна көп эле асыла бергеним болбос деген ойго келди да, бий Ийгиликке жармашты.

— Риком, риком эле дейсиңер, анынар эмне? Жарым баашабы, аныңар? Жандыралыбы? Үчөкебөйбү? Алды менен, сен ошону бизге түшүндүрүп койчу. Кыргыз эмессиңби! Тил билесиңго? — деп айбагтанды.

— Пай, пай, пай! Бийибиз болжолдо жок кайраттуу, баатыр киши турбайбы! Тартынбастач салгылашып жатат дешип кээ бирөөлөр тамшана отурду. Берилген сурооо Ийгилик шашып калды. Жооп айталбаса эл көзүнө бедели түшөт. Анын андай абалга калышы алда турган милдеттердин аткарылышына тескери таасир кылышы көрүнө турган коркунучу. «Эмне деп айтыш керек? «Ревком» деген сөздүн маанисин кандайча түшүндүрүш керек?!» Он күндүк окуудан оюнда калган бир топ сөздөр бар эле. — Тобокел, кайдан чыксаң андан чык, — деди да бел алдырбас үчүн салмактуу туруп жооп айтты.

— Рибком деген сөздү билгиңиз келеби, бийим? Ал, өзгөрүш кемийтаты. Төңкөрүш кемийтаты! Эскини төңкөрүп таштап, жаңыны жарата турган кемийтат. Сиздин ак баашаңызды алып ыргытканда ошол өзгөрүш, ошол көңтөрүш! Кара таман батрак, жардыжалчы кедейлерге азаттык, теңдик берген да ошол төңкерүш, ошол көңтөрүш, ошол рибком! — деди.

— Айткан сөздөрүңө өзүң гана түшүнбөсөң, мен эчтеме түшүнгөнүм жок! — деп бий кемсинте сүйлөп, өңгөчүн тартып анткор күлдү. Ийгиликтин капкайдагы ачуусу тилинин учуна чогула калды.

— Бий аке, сиз менен акый айтышуу үчүн келген эмеспиз! Биздин ишибиз эл менен, элдин жардыжалчы, кара таман, чор алакан батрагы, кедейи, кала берсе орто чарбалары менен! Бийлигиңизди ак башааңыздын артынан барып иштеңиз! Манап-байларыңызды ээрчитип алып азыр арадан жоголуңуз! Эл ишине кийлигишкенди мындан ары такыр коюңуз. Бул сөздү оң кулагыңыз менен да, сол кулагыңыз менен да жакшылап угуңуз.

Бий обдулуп бирдеме дей турган болду эле: — сөздү коюңуз. Кетиңиз! көп сөз эшекке жүк болбойт!» — деди, Ийгилик.

— Кетип калмакка эмне? Олжобай болгон жериң жүргүлө! Өзүбүзчө болобуз! Жогорку чоңдору менен сүйлөшөмүн. Аттангыла! — деп чаңыра кыйкырып бий ордунак турду.

— Бий, эми ушунчаңда бузукулугуңду токтот! — деп Ийгилик кекенди.

— Токтотпогондо иштээриң эмне? Жеп жибересиңби? Жутуп жибересиңби?

— Азыр айдатып жиберем.

— Мени айдатып жибериш үчүн сага анчалык күчтү ким бере койду? Кайдан алдың, анчалык күчтү?

— Анчалык күчтү мага кенеш өкмөт берди. Рибком берди! Өзгөрүш, төңкөрүш берди.

— Олжобай болгон жериң түгөл аттан! Кетебиз! — деп бий дагы кыйкырды. Алар дүрбөп калды.

— Сен бара турган жерге бирге барууга макул болгон Олжобай болсо, бара берсин! Кыйын болсоң ээрчитип кетип көрчү! Кеңеш өкметүнө каршы болуп, бийди ээрчип кеткен Олжобай болсо, андай Олжобай менен башкача сүйлөшөбүз!

Дүрбөп калгандар дымый түштү.

Чатак ырбап баратканын байкаган бийдин жөкөрлөрү өз баштарынан коркушту. — Кэюнуз бийим, коюңуз! Ийгилик сиздин теңиңиз эмес. Ага теңелбеңиз! Кетсе кете коёлу! — дешти. Аны көтөрө чалып, Ийгиликти кемсинткен болушту. Бийди колтуктап ала жөнөштү. — Силер кала бергиле. Сөзү болсо угуп келерсиңер! — деп куугунтук жегендердин бири эстүү кишисинди. Ээрчип кете тургандардын жоктугун, болсо да аздыгын билип атайы ошентти.

— Ата, жайыма коё турсаңар болот эле! Моокумдан чыгып алайын дедим эле! — деп бий, тигилердин тилин алган кишисинди.

— Бийимдин атын тарткыла! — дешип аткарып алып кете берүүгө ылаажысыз болушту.

— Бекиш старчын үй тиктирип калкты жыйнап коюпсуз. Кызматына ракмат! Эми сиздин кызматыңыз да бүттү. Сиз да кете бериңиз! — деди Ийгилик.

Старчын эчтеме айта албады, эл арасынан чыга жөнөдү. Бий, старчын, каршылашып кала бере албастан, качып чыга бериши калкка кадыресе таасир этти.

«Ревкомдо күч бар экенго!» деген корутунду ар кимдин акылына кирди. «Эми эмне айтар экен» дешип Ийгиликтин оозун аңдып демигишти.

«Жарыктык Совет болбосо, Бизге кайда бу теңдик? Төбөдөн басып байларды, Кууп чыгып бийлерди Иттей кылып бир жеңдик!».

Калк дуу күлдү. — Жарадың Ийгилик. Өлбө! Ылайым өлбө! — деген үндөр көтөрүлдү.

Ошентип, чогулуштун башталышы чыр, чатактын каарына бөлөнүп, айлана бүркөлө түшкөн болсо, азыр бейпилчиликтин мээрими төгүлүп калктын кабагы жаркырай түштү.

— Эми Волревкомдун пристатили жолдош Соколоп сөз айтат! — деди Ийгилик. Калк түйшөлүп кекиртектерин созо карашты.

— Кеп угалы! Тынч отур! — дешип бирин-бири капталга түртүштү. Ошентип бирибирине эстүүсүнгөн сөздөр кобурсобурду кайта көбөйттү.

— Тынчыраак отуруп кеп уккула! — деп Ийгилик калкты тартипке үндөдү. Соколов сөзгө кирди. «Союз кошчу» уюмун түзүү, «кедей тобун» уюштуруу, «карыз шериктигине» кирүү аркылуу ма\>лекеттен унаа, үрөн, сокошайман алуу жөнүндө сүйлөдү. Комсомол ячейкесин уюштурууга айрыкча

www.bizdin.kg

токтолду. Калк үчүн бардык сөзү бир тең, «карыз шериктиги» аркылуу бериле турган жардам бир тең болду. Кимге эмне керек: — ат, өгүз, үрөн, сокошайман, акча...

Щербинин тизме жасап, каттоо жүргүздү: Калк дүрбөпдарбяп күн батарда тарады. Ийгилик, Соколов, Щербинин кезектеги иштерди сүйлөшүп кыйлага чейин отурушту.

Бүгүнкү чогулушта манапбайлардын малын канфискалап батрак, кедейлерге таратуу жөнүндө сөз болот деген үмүт менен отурган экен. Ошол оюн айтты да, — кудай бар, мен ошондой ойлогон! — деди Ийгилик.

— Уруулардын батраккедейлери өздөрүнүн манапбайларына каршы чыгууга жарагыдай болгуча сабырдуурак боло турабыз!— деп Соколовко түшүндүрө отурду.

— Куу тумшук батрак, кедейлер баш көтөрүүгө бат эле жарап беришер бекен?

— Ал биздин большевиктик үгүтнасыятыбызга, алардын таптык сезимин ойгото билүүгө жарамдуулугубузга байланыштуу. Уруучулук шартта жашаган батрак, кедейлердин азыр таптык сезими төмөн. Бизди ээрчибестен уруу аксакалдарын ээрчип кетүү коркунучу да азырынча жок эмес. Сиз, бүгүн манапбайларга эгинден тапшырма бериңиз. Эртең алар өз уруусун жыйнап алат да, «журтчулук» сурайт. Түтүнгө бөлүп жиберет. Ошентип, алар кедейлерди кыйнап коёт. Кедейбатрактардын караңгылыгынан пайдаланып, көчө качып көчмөн калкты убара кылып коюу коркунучу да жок эмес. Ушулардын бардыгын ар дайым эсепке ала жүргүлө! — деди.

— Сиз, отурукташуу жумушун көбүрөөк айттыңыз. Андан таба турган пайдабыз кайсы, ошону да маган жакшылап туюндуруп коюңуз!

— Бул жердеги үч урууну бир жерге отурукташтырабыз. Анан алар жанаша, аралаша жашашат. Уруучулукка чектелүүлөр акырындап жоюла берет. Азыр уруулар өрөөндөр боюнча чектелишсе, отурукташканда көчө, кварталдар боюнча чектелишет. Анан аралашып кетүүгө, баарыдан мурда чарба жактан тез өнүгүүгө жол бачым ачылат. Түшүнүп жатасызбы, предревком?!

— Толук болбосо да божомолдоп! — дейт Ийгилик. Алар ошентип отурганда бий да бекер жаткан жок. —

Эртең менен Олжобай уруусу бүт келсин,— деп түн бою кабар таркаттырды. Эмне максат менен анткенин эч ким билбеди. Ийгиликке кастык уюштуруш үчүнбү, же көчүп бир жакка качыш үчүнбү, же козголоң чыгарыш үчүнбү, — анысы белгисиз болду.

— Эртең менен Олжобайдын бардыгы ушул жерде болсун — деген сөздөн башка эчтеме айтпастан кеженип, түн бою уктаган жок.

## II

Орус кыштагы. Анын орто жериндеги ачык аянтка калдайыңкы тартып калк чогулган. Трибунада тургандардын арасында Ийгилик да жүрөт. Ал апкаарыган адамдарча тебетейин бирде колтугуна кыса койсо, бирде башына туш келди кийе салат. Өзүнчө бирдемелерди айтын күбүрөйт. Көөнөрүп калган кара булгаары күрмө кийген, тапанча асынган, узун бойлуу чап жаак орус калкка карап сөз айтып жатат. «Тройка» мындагы кулактардын артык баш буудай, унаа, сокэшаймандарын канфискалаганын, алар батырак, кедейлерге бериле тургандыгын туюндурду. Сөз бүткөндөн кийин бериле турган жардамдар бөлүштүрүлө баштады. Ийгилик ошол учурда жанагы тапанчачан менен тилмечти четке алып чыкты да, тигил экөөн алмаксалмак карап төмөнкү сөздөрдү айтты:

— Орустуку ат, өгүз, соко, араба, буудай — биз алса болмойду. Кудай бар, болмойду. Биз орустуку туз ашады. Нан ашады. Бир тууган окшош болду. Кудай бар, бир тууган окшош болду. Уят караса керек, божолуста!— деди. Андан кийин да бир катар сөздөрдү айтты. Алардын арасында мындай сөздөр да бар эле. — Кыргыздыкы бай көп. Манап көп. Кулак көп. Мал көп. Кудай бар биз алардыкы алады — деп чебеленди. Тилмеч орусчалап антып бергенден кийин — эмне үчүн алышпайт экен? деди тапанчалуу киши. Алгылары келбей туруштарын Ийгилик мындайча түшүндүрдү: — Биздики маржа, баранчукбарым орустуку туз ашады. Нан ашады. Орустуку нан ашабаганда барым «здөх» болгонскей! — деп тилин оозунан чыгарып, жаагын алаканына таяды. Көзүн аңтарып койду.

Орус кыштагына келбегенде биз ачкадан кырылат элек. Нанын жеп, тузун таткан орустун малын олжолоп ала албайбыз. Тузга карасанабайбыз — деген мааниде айтылган анын сөзүн тиги киши бу жолу тилмечсиз эле түшүндү. — Силерге тройка берип жатат. Ала бергиле!— деп буйра сүйлөдү.

Ийгилик жогоруда айткандарын кайталады. Орус байларынан конфискалангандарды орустун батрак, кедейлери алсын. Биз кыргыз байларышан алалы «—уят караса керек!» деген сөздөрүн айтып чабалактай берди. Акыры ээрчише басып көпчүлүктүн ортосуна келишти. Жанагы тапанчачан киши — мындагы кыргыз батрак кедейлер тройка бергендерди албайбыз. Орустардан уялабыз дешет. Силер кандай дейсиздер?! — деген суроо менен кайрылды. Көпчүлүк Ийгиликти карап ойлонуп калды.

— Биз орустуку туз ашады, нан ашады! Уят караса керек! — деп Ийгилик да көпчүлүккө бет бурду. Аркы турган Мата көйнөк, чач, сакалы үрпөйгөн, кийимдери жупуну, өтүгү майрык орто жашар орус жер тиктеп Ийгиликке басып келди да — сен сакал кнши сакал менен жүрүп жатасын, туурабы? Анан өзү баланыкы сөз айтасың! Тройка берип жатады, Закон берип жатады. Алса керек. Орус, кыргызбатрак барым бир тууган. Сен өзү ойлосочу! — деди.

— Туура айтат! — дешти көпчүлүк.

www.bizdin.kg

«Баса, тройкасы, закону берип жатпайбы. Ала бериш керек экенго» — деген пикир эсине келди. — Болуптур, ала берели! — деп Ийгилик тебетейин оңдоп кийди.

Батырак, кедейлердин издегени эркин эмгек, өзүмдүкү дешке мал, чарба. Малайлыктан башыбыз азат болсо, элдемей чарба күтүп өз колубуз эз оозубузга жетсе дешет. Андай болууну алар кудайдан гана күтүшө турган. Азыр болсо, эч качан ойго келбеген, келсе да ишенбей турган иш болуп жатат. Тройка деген келиптир. Орус кулактарынын артык баш унааларын, буудай, сокошаймандарын кыркып алыптыр. Батырак, кедейлердин кай бирине азынаган ат берди. Каалагандардын колуна кош өгүз тийди. Эгүүгө соко, себүүгө үрөн таратты. Мунусу жакшы. Бир сапатында аягыбызга жыгач улады. Кудайдан сурап алалбай жүргөндөрүбүздү тройкадан алдык. Албайлы деген ойго да койгон жок. Зирок, эмне үчүн берип жатат? «Тройка» менен энчибиздин бирге жыйнадык беле? Кайсы кылыккызмагыбыз үчүн мынча дүйнөнү бекер берет?

Ошентип айран таң калышат. Өздөрүнө да, көрүп турган көздөрүнө да ишенишпейт. «Тооктун түшүнө таруу кирет» дегендей, мунубузуйку арасында көрүнүп жаткан түш болуп жүрбөсүн — деп шектенишет. Кандай заман, кандай күн болуп кетти? «Кудайдын ал деген үнү угулбайт. Берген колу көрүнбөйг» дечү эле. Же тройкабыз муну кудайдын буйругу боюнча иштеп жатабы? Андай болгондо, мурда бербей жүргөн кудай эми бергени кандай? Же намазын окубасак, же орозосун тутпасак, же мекесине барып ажы болбосок, эмнебизге ыраазы болуп мынчалык март кеттй? — дешет.

— Эмнеси болсо да кудай берди. Кудай бербегенде ким берет эле. Кийинкисин кийин көрөрбүз. Бекер берип жаткандап кийин албай койсок кесири болор. Кусуру болор. Текеберленбейли. «Иче турган ашыңа, какырбада, түкүрбө» деген кеп бар. «Кожоңдун бергенин койнуңа сал» дешти. Ар бири ата конуштарын бет ала көчүп жөнөдү. Баягыда Качы бийдин тэбөсүн томуйта чапкан Борбукта ошолордун бири болду. Ошондо кожоюндан күчүн сурап минип барган сур кызылы тигине, арабага чегип айдап баратат. Андасанда — ноо! — деп тиэгинин чоюп коёт. Мурдагыдай кагыпсилкип антаңдатпайт. Анда сур кызыл кулактыкы болучу. Азыр өзүнүкү болду. Эми эчкимден аттын күчүн сурап жалдырабайт. Азаматтын уча турганканаты ат. Эми Борбукка канат бүттү. Бир ат, бир арабага жетиш үчүн малайлыкка кирген. Андай эмелерди болтура албастыгына көзү жетип, кийин ат жөнүндө, араба жөнүндө ойлогонду да койгон.— Кудай чын бердиби же төгүн бердиби. Ноо! — деп тиэгинди чоюп коёт. Шагы ийилген көп жакшы кыялдар менен кетип баратат.

Быйыл канча теше жерге эгин эгет. Канчасы буудай, канчасы арпа, сулу болот. Болжолу боюнча бир теше жердин буудайы өздөрүнө бир жылга жетет. Жарым теше арпа, жарым теше сулу эксе сур кызылы бир жылга жемден өксүбөйт. Кимдер менен алголошот. Иркектешип иштөөгө, шериктешип чарба күтүүгө кимдер жакшы, аны да ойлоду. Атын тездетип айдагысы, эртерек жетип ата, энесин, бөбөктөрүн сүйүнткүсү келет. Бирок, атын кыйнагысы келбейт. Өзүнүкү эмеспи. Кулактыкы болгондо адраңдата айдап бая эле үйүнө кирип барбайт беле!

Эгин эгилип бүткөндөн кийин ат, араба менен кандай жумуштар бүткөрүү керек? Жакшыраак үйжай куруу аракети бар. Үйбүлөгө кызыл жабар кийимкече табууну да эстен чыгарбоо керек. Анан күз күндөрүндө боло турган аш, тойлордун таңтамашасына өттү: Сур кызылы астында аман турганда улакка түшүүгө да, эңишке катышууга да эч кимден ат сурабайт. Ошентип, сур кызылы менен арабасы тең болуп кыялын асманга учуруп келе жатса, алды жагында өтүкчү бара жатыптыр. Камыт, догосун чыгарып арабасына салып коюптур. Агловдун эки башын чылбыры менен тушап, курсагына илип, жайдак аттын үстүндө арабаны өзү сүйрөп баратыптыр.

— Апей, абаке! бул эмнеңиз? — деди Борбук.

— Эмне болгону куруп .калсын! Ат, араба алмагымдан артыгым чыкты.

— Кандайча артыгыңыз чыгат?

— Улам эле шыпырыла бергенинен ушинтип алдым.

— Минтип отуруп качан жетесиз?

— Арабасын калтырып, тиги эки кап буудайды артынып кете берсемби дейм.

— Антпеңиз. Мурда арабага ат кошуп көрбөгөнсүзго?

— Жок. Кошмок түгүл арабасына отуруп да көргөн эмесмин.

— Токтодуз!

Аглобду тушаган чылбырын чечип колуна берди. Камыт, догону алып атты арабага кошту.—Эми тиги дүйнөгө чейин айдасаңыз да шыпырылбайт. Менин артыман жүрүп отуруңуз — деп арабасына отургузду. Бир аз жүргөндөн кийин өтүкчү ормоё карап күлүңдөдү. Сур кызылды жолго өз бетинче коё берип Борбук өтүкчүнү жандай басып сүйлөшө жүрүүгө өттү.

— Ошентип, эгин экпейсизби?

— Экпейм.

— Эмне үчүн?

— Кайсы катын, балам ачка калып жатты эле?

— Өзүңүзгө да тамакаш керекко?

— Эл бар. Элдүү түлкү ачка өлмөк беле!

— Кайсы үйдүн тамагы эрте бышса, орток болуп отуруп калам деңизчи!

— Меники ошо да.

— Кылып ичкен кыйын аш. Кыдырып ичкен оңой иш дейт экенсизго?

www.bizdin.kg

— Ооба. Жалгыз башыма тамак жокпу?

— Качанка чейин ошентесиз. Кокустан оорупсыктап калсаңыз кантесиз? Ким каралашат?

— Мен үчүн болбосо да, намыс үчүн Жамгырчы уулунун бирөө каралашар.

— Эч кимиси карабай койсочу?

— Кантип карабай коё алат? Карабай коюп мен талаада өлсөм, бүт Жамгырчы уулу башка урууга шерменде болбойбу?

— Анысы бар. Ошондой болсо да, катын алып үйжай күтүшүңүз абзелго?

— Талаада жаткан бекер катын бар бекен? Калыңыпа бере турган мал кайда туруптур?

— Дыйканчылык кылсаңыз мал табылатко?

— Дьшканчылыкты мендсн башкаңар кылып жырган тургулачы.

— Сиз эмне, дүйнөдөн түңүлгөнсүзбү?

— Менин дүйнөм жанымды кыйнабастан бага туруш,

— Жан кыйнабасаңыз карабашыңызды кандайча багасыз?

— Элдүү тулкү ачка өлбөйт дебедимби?

— Тамагы эрте бышкан үйдүн түтүнүн аңдып калгапыңызда көп жыргай албайсызго?

— Жыргай албасамда жаным кыйналбайт.

— Жаныңыз кыйналбаган менен өзүңүз кыйналасызго?

— Өзүм кандайча кыйналам?

— Тамак аңдуудан,уялгандан.

— Тамак аңдыгандын уяты болмок беле?

— Ананчы?

— Өз урууңдун тамагын аңдып калуунун уяты болбойт. Кудай башка уруунун тамагын аңдытпасын.

— Бир уруунун тамагы жалпысына орток деңизчи?

— Чынчынына келгенде тамагы эле эмес, малы да, жаны да намысы да жалпысына орток.

— Андай боягондо, өз урууңузду таштап, тиги бийдин тамагын аңдып жүрүүдөн намыс кылбайсызбы?

— Бийимдики башка. Ал үч уруктун бардыгына тең. Башка Олжобайдын эч биринин тамагын аңдыбайм.

— Алты саны аман туруп тамак аңдып жүрүш уят эле иш. Жакшы эмес.

— Мен үчүн жаман эмес.

— Ал жоругуңуз өз башыңыз менен кетсин! Жумуш жасагандан корксоңуз кош бүткүчө атыңыздын күчүн берип туруңуз. Жарым теше жерге буудай эгип берейин. Күзүндө оруп аласыз.

— Атымды бере албайм. Айыл арасына минем.

— Айыл арасынан тамак аңдыш үчүн ат минип жүрүүнүн кереги эмне?

— Мен үчүн керек.

Ошол күнү бийдин айлы төш таяна, бөксөнү карай көчүп калган экен. Уландары куш кондурган. Мылтык асынган. Тайган ээрчиткен. Жылкы айдашып келе жатышыптыр. Арабанын калдыршалдырынан жылкылар бышкырыпкошкуруп үркүп калды.— Жетинип калгансып, муну көрсөң. Жылкыны үркүтүп,— деди да бийдин бир уулу Борбукту камчы менен төбө талаштыра салып өттү. Ошондо Борбуктун оозу ыржая түштү. Кайрат кылып кайсалады, колуна эчтеме урунбады. Сур кызылды токтотуп арабадан чыгарууга, кууп барып чокуга чабуу кандай болот экен, көрсөтүп коюуга камынды. Аны көргөндө бийдин тигил уулу качкан бойдон караанын үзүп кетти.

— Жөн кой эми. Кубалашып жүрөсүңбү? Жеткирбейт. Эмне, катуу чаптыбы?

— Кеп катуу же жумшак чабышында эмес. Колдон келет кылышында, кордошунда болуп жатпайбы? Кордук деген эмне экен, мен алардын көзүнө көрсөтөйүн...

— Кой. Антпе. Бийдин балдарына теңелгени жүрөсүңбү?

— Бийиңиздин балдары эмне, ыйык эмелерби?

— Ыйык болбогондо. Алардын укум-тукумуна кудайым өзү бак берип койгон турбайбы!

— Андай болсо, мен ошолоруңуздун багын кыйратайын.

— Кантип кыйратасың?

— Кантип кыйратканды көрүп туруңуз.

Борбук арабадан атын чечти. Темир айрыдан бирди арабага сала келатыптыр. Сур кызылга жайдак мине салып арабада жаткан темир айрыны эңкейип илип алды. Ошондо өтүкчү чылбырдан алып коё бербеди. Жылкы айдагандар узап кетти. Эми көңтөрүлүп бийдин көчү келди. Камкадан төрөлгөн Айнек дей турган кызы бой тартып калыптыр. Кайруусу кере карыш кундуз тебетейдин чокусуна бир тутам үкү тагыптыр. Ат жабдыктары андан сонун. Жасалганын жаркыны мененби, не болсо да сулуу көч, суйсалган кызды кара жер калыңдыгынан көтөрүп бараткансыды. Жанжөкөр кыз, келиндери да бир топ экен. Шаракшурак, жарк-журк этет.

— Адам, тетигиниси биздин өтүкчү окшойт. Ал кимдин арабасын айдап алган? — деп Айнек таңыркай карады.

— Беркиниси баягыда бий атама камчы чапкан Борбук деген канкускур турбайбы! — деди келиндин бири.

— Ошо жигит ушу бекен?

www.bizdin.kg

— Башка жигитко!

— Жок. Мен ал жигитти тааныйм. Ошонун эле өзү. Күчтүү улакчы жигит эмеспи.

— Анын күчтүү, улакчы экендигин сен капда жүрүп көрө койдуң эле?

— Көрбөгөндө эмне! Улак тартылган жерге барып эле жүрчү эмес белек. Баягы Албан экөө бир тарап болгондо эчкимге улак алдыруучу эмес. Анысы тентип жоголбодубу, кайран жигит. Тигиниси орустун арабасын айдап малай болуп калган турбайбы, байкуш.

— Атама камчы чапкан Борбугу ошо жигитпи?

— Мен тааныйм. Ошо жигит. Чечекке кеткир.

— Дээринде оту бар жигитко. Болбосо атама титинип камчы чаба алат беле!

— Өрттөй күйгөн жүрөктүү жигит дешет. Кандай болсо да бий атама колу тийген эме оңот дейсизби. Кусуру урап. Бир күн болбосо бир күн арка мойну астында калат. Бооруңа келгир.

— Калп эле каргамыш болгонуң менен, ээн жерде кезиксең андай жигитке эмне айтарыңды билем, ойкуштаган сойку!

Кыз, келиндер күлөкүлө узап кетишти. Конушка жеткиче алардын сүйлөгөн сөзү Албан менен Борбук жөнүндө болду. Кай бирөө курулай каргамыш болгон менен, кай бирөө «жигит болсо шок болсун, шок болбосо жок болсун» деген пикирди айтты. Ар бир башта бир кыял болот эмеспи. Аты айтылган эки жигиттин шоктугун Айнек сыртынан жактырмаксан болгону менен, тымызын жаман көргөнү жок.

Көрктүү көчтү көргөндө Борбук дагы ызаланды. Орус кышТагындагы байларды «тройка» эсине келтирди эле. Кыргыз байларынын чыпчыргасы корой злек турбайбы — деди. Анын болжолунда кыргыз байларына да чек коюлуп калган болуш керек эле. Бирок, бийдин көчүнүн сөөлөтү, уулдарынын тентектиги мурункусундай болушу анын шагы ийилген көп санаасын сабыркатып таштады. Камчы менен бирди берип өткөндө бий тукумунун бейбаштыгы дагы эле тыйыла электигин түшүндү.

Көч артынан бир короо кой келди. Тескери жайылган койлорго — чой! Ээңди жуткур! — деп койчу бала таягын ыргыта сөгүп, ыйлактап келе жатат.

Бул Курумшу дегендин Чокмор деген баласы экен. Бийдин коюнун арасына төрөлгөн, Эс тарта баштаганда козу кайтарып, эми койчулукка жарап калыптыр.

Этине кийген куур шымынын багелеги далдал болуп андаалап кетиптир. Тигишинен сөгүлүп кеткен таар бешмантын кийиздин өөнү менен сыртынан бүрө курчанып алыптыр. Бир аз калканчысы бар дебесе, башына кийген калпак сөрөйүн эчак эле ыргытып жиберсе, акысы коромок эмес экен.

Бийдин көчүнүн көркү, балдарынын бейбаштыгы, кыз-келиндеринин сөөлөтү Борбуктун көтөрүнкү келе жаткан көңүлүн ошентип бүлдүрдү да койду. Бирок, бийдин өтүкчүсүнө сыр алдырган жок.— Но, сур кызыл! — деп атын жолго салып, өзү барып өтүкчүнүн арабасын дагы жандай баеты.— Орустун байларынын эсебин тапкан жаңы өкмөттүн «тройкасы» кыргыз байларына алы жетпейт дейсизби? Эсебин табат. Аман турсак бийиңиздин малында бөлүштүрөбүз,— деди.

— Бийиме анын балабакырасына тийишип эмне кыласың. Кусуруна каласың. Бийимди кудайым артыкча жараткан жан. Кудайымдын өзүнүн алы жетпесе, башка нын алы жетпейт,— деди өтүкчү.

— Андай болсо, өкмөттөн алгандарыңызды жеткирип берип батасын алыңыз да, баса бериңиз.

— Ошентсе, ошентип да коём. Ат, араба менин атамдан калды беле. Бийимдин батасын алыш жаман эмес.

— Эс тарткандан бери бийдин бир айылдуу бүлөсүнүн аягын бүтөп жүрүп алган батаңыз этегиңизди узарта албадыго?

— Этегим узарганда эмне, эки киши болот белем? Билбейсиң. Билгендер мени Качы бийдин өтүкчүсү дешет.

— Бийдин өтүкчүсү дедиртем, батасын алам.деп жүрүп катын, балаңыздан бүт айрылдыңыз. Өтүкчүсүнө тийбеген бийиңиздин батасы кимге тие коёт эле? Ойлобойсузбу! Ноо, сур кызыл!

— Анын эмнесин ойлогудай. Бардык иш кудайдын буйругу менен болот. Катын, балам ачкачылыктан кырылды, аделе кудайдын буйругу.

— Кудайыңыздын да калыстыгы жок турбайбы. Аныңыз деле бийиңизге окшогон бирдемего? Ноо, сур кызыл!

— Ошондой да сөз болобу? Ал эмне дегениң?

— Бийдин бир айыл болгон катын баласын көрбьс 1өн, өтүкчүнүн катын, баласын ачка калтырып кырганын айтам?

— Не кылса да жараткандын өз эрки.

— Өз эрки болгондо, кудайыңыз да Олжобай уруусунанбы? Бийди эле колдоп, анын өтүкчүсүн колдобостон катын, баласын ачкадан кырып жибергени кандай?

— Өз эрки дебедимби. Бар өз арабаңа отур. Кейпи, динден безип кеткен болсоң керек. Кудайга, кудайым жакшы көргөн бийге жөөлөшүп эмне кыласың.

— Бирөөн жакшы көрүп, бирөөн жаман көрсө, ошонун өзү жакшы деле кудай боло албайтко?

— Келме келтир. Кудайыма тил тийгизбе!

— Кудайыңыз, балачакаңызды келме келтирбегениңиз үчүн ачка калтырып кырды беле? Ноо, сур кызыл..

— Мен кудайымдын бергенине .сүйүнсөм да, алганына күйүнбөйм. Пейлим ошондой.

. — Бийиңизге да пейлиңиз ошондойго?

www.bizdin.kg

— Ооба. Бийиме да ошондой.

— Мына, келип калдык. Сиз кайда барып токтойсуз? Бийиңизди ээрчип артынан кетесизго?

— Баса мен кайда барам?!

— Бара жүргөн бийиңиздикине эле барбайсызбы?

— Баса, ошентемго.

— Ошентесизби?

— Ошентейин.

— Ошенте турган болсоңуз, арабадан түшүнүз.

— Эмне үчүн түшөм?

— Ат, арабаны бийине тартуу кылсын деп бердирген эмеспиз. Өзү пайдалансын деп бердиргенбиз. Арабадан түшүп, жөө кете бериңиз. Төрт жагыңыз кыбла.

— Ат, арабаны сен бердиң беле? Ийгилик алып бербеди беле?

— Ийгилик бийине берсин деп бердирген эмес.

— Маа берилгенден кийин, аны эмне кылсам өзүм билбейимби?

— Сиз бийим, кудайым дегенден башка эчтемени билбейсиз. Барыңыз да, бийиңиздин жамачысын жамай бериңиз. Аттан, арабадан айланасызбы! Пайдалана билген кедейлердин бирине беребиз.

Борбук барып өз арабасына отуруп — Ноо, сур кызыл! — деди. Үйүнө барса, энеси ыйлап отуруптур. Бөбөктөрүм же атам бирдеме болгонбу деп коркуп кетти.

— Ээ тегеренейин уулум! Эки араба менен келипсиң. Көчүрүп кетмекчи болдуңбу? Өлсөм да мужук арасына барбайм,— деп безеленди, энеси.

— Ээ, энеке! Бербей турган кудайдан башка берүүчү кудай да бар экен. Ат арабалуу болдум. Атам кайда? Балдарың кайда кетишкен?

— Атаңды ээрчип отунга кетишкен.

— Биз эми отунду жөө көтөрүп жүрбөйбүз. Бизде бирөө болсо да ат бар. Арабада бар. Мен барып алардын отунун да, өзүлөрүн да арабама салып жетип келейин. Атамда, бебөктерүм да сүйүнсүн.

— Кудай сүйүнтсүн балам, ошент. Ошонте кой! Тиги арабадагы баягы өтүкчүбү? Ал арам какшаал мында эмнеге келди? Көрөйүн деген жөзүм жок.

— Ал ошо өтүкчү. Сиз эмнеге ыйладыңыз эле?

— Ээ, балам! Ыйлабай турганжорукпу? Малдуулар жайлоого көчө баштады. Биз жайлоо бетин көрбөгөнгө деги канча жыл болду? Жайлап жүргөн жайлоону д» сагынат турбайбы. Бала чакта конуп жүргөн конуштар эсиме түшүп ыйлаган окшобоюмбу. Ыйлайын деген деле оюм жок эле. Бара кой. Атаңды, бөбөктөрүңдү алып келе кал! Ат, араба өзүмдүкү дединби?

— Ооба, энеке, өзүмдүкү!

— Кут болсун балам. Ат, араба берген кудай башкасын да унута койбос. Баса ким берди, кимден алдың?

— Жаңы өкмөттөн, энеке!

— Жаңы өкмөтүң кайда жүргөн жакшы эме экен?

— Аны атамдарды алып келгенден кийин жай отуруп шашпай айтып берем, энеке! Ноо, сур кызыл!

## III

Олжобай уулунун байы Байсары той берди. Тойго тоодон да, ойдон да, чакырылгандар да, чакырылбагандар да келип адам арбын чогулду. Эл бийлеген жемекейлер, маселен, Качы бий, Бекиш сары, Кашкарбай, Мантек, Чаки жана ошолорго окшогон дагы бир тобу өздөрүнчө башка үйдө болду. Чай үстүндө ошо кездеги абалды өз билишинче Качы бий онтолоп, жулма сакалын курулай сыйпаламыш болуп айта отурду.

— Айыл арасын адам, мал аралабай эле сөз аралап калды. Утуртетир сүйлөнгөн сөздөрдөн айылдагылардын башы маң болду. Бирөөдөн бир сөз укса экилентип экини кошуп баш катыруучулар көбөйүп кетти. Оо, жараткан, жалгай көр!—деп жакасын куушура кармады.

— Жолдон өткөн жолоочуларда жөн өткөнүн койду,— деп челкегей бышалак семиз бийдин сөзүнө сөз жалгап тим болду. Анын сөзүнө көсөөдөй кара киши — сүйлөгөндөр өз көзү менен көрүп, өзүнүн кулагы угуп билип келгенсийт, оо ботом,— деген сөздү улаштыра салды. Сөзүнө сөз, үнүнө тигил экөөнүн кошумча болгондон кийин Качы бий чыйрыга түштү бейм,— акпааша жана анын ордуна отурган эменин аты эсимен чыгып кеткенин кара! Анысы да, экөө бирдей таажы, тактан ажыраганы чын окшойт. Ак паашасыз элибиз баш аламан болор бекен. Күчтүүнүн күнү туун, карылуунун карды тоюп журт бүлүнөр бекен! Өзү бек, өзү кан заманы орноп чоң айыл кичүү айылды канапбутап жеп коёр бекен, алда кандай болуп кетер экен. Оо жараткан жалгай көр! — деп бий катуу жетимсиреди.

— Оо шумдугу курусун. «Болчойбек» дегени чыгыптыр — деп сөзүн кайтадан улады.— Ак паашамды тактан кулаткан ошо «болчойбек» окшойтко! Анысын укмуштуу айтышат. Меники, сеники дедирбестен бардык дүйнөнү ортого салдырат экен. Он үйлүүгө бирден казан берип бир жерден тамактандыра турган көрүнөт. Анысы да эчтеме эмеско. Жазылыгы сексен кез жууркан жасатып, карыжаш, эркек, уургачы дебестен ошо бир казандан тамак ичкендерди бир гана жерге, жанагы эни сексен кез жууркандын астына чогуу жаткырат экен! Кандай заман, кандай күн болоруна көз жетпей

www.bizdin.kg

калдыго! Оо жараткан жалгай көр! — деп улутунду. Бир аздан кийин,— Чүй багытындагы бий, болуштарды иштен бошотушуптур. Кайсы күнү Ийгилик айткан «рипкому» шайланыптыр,— деп сөзүн кайта улады.

— Элинин бир канчасы «Бадирекке», жаштары «Молодожко» катталыптыр. Бир канчасы «кошчу» дегенине кирип жазылыптыр. Элинин тынчы кетип турасы түгөнгөн окшойт. Өзүңөргө окшогон эл жакшыларынын үстүнөн «Матрал» берип жатышыптыр. Ал жакта да биздин Ийгилик окшогондор көп болсо керек. «Поломочун» үстүнө «поломочун» келе берип, күндө жыйын, күндө топ кыла берип элинин кулагы сөздөн жадап кеткен окшобойбу! О куурулган заманай. Бөлүнгөндү бөрү жейт. Бир ооздуу болгула. Баталашалы. Тыштан келгендерге колтук ачкандар болсо ак бата, кызыл канга коёлу. Жанагы айткан эмелерине кирсек чогуу кирип чогуу катталалы. Кирбесек чогуу кирбей коё берели.

«Болчойбегинин» кишилери бизге да келе баштабадыбы. Байкагандырсыңар, езүлөрүнчө сүйлөшкөндө «болчойбегинин» сөзү менен сүйлөшөт турбайбы! Чачтары узун, кийимдери тар. Этектери кыска. Тебетей деген такыр жок, Баштарына кийгендери өңчөй шапке... Ошондой кишилер элдин элчилигин, журттун журтчулугун билеби? Ойлоп көргүлөчү өзүңөр!

— Бийимдин сөзүндө кенедей да калет жок,— деди челкейген бышалак сары.

— Бийим, бекер сөздөн бирди да айтпайт,— деди көсөөдөй арык кара. Той этине тоюп бий айлына келди. Эки кишини жанына алып айылдын жанындагы дөңсөөдө калды.— Бүгүнкү түндөн калтырбай Ийгилигин да, жанагы Борбук деген эмесин да дым чыгарбай мойсоп таштагыла. Жанагы «трайка» деген эмесинен алган аттарын айдап барып орус кыштагына киргизип жибергиле. Ошондой болгондо бул ишиңер силер колдуу эмес, тиги аттардын ээси колдуу болуп калат. Жаныңарга экиден киши алып экөөңөр экөөнө барып түн бою ишиңерди бүтүрүп койгула,— деди.

Ошо түнү түн ортосу болгондо Борбуктун үйү менен Ийгиликтин үйүн үчтөн, төрттөн киши тооруп көпкө жүрдү. Борбуктун сур кызылын бирөө айдап ар жакка кетти. Ийгиликтикине барган киши чабдар атка жолой албады. Берки жүргөндөр аттарын кабакка байлаштырып, эки бөлүндү. Үчөө Ийгиликтин үйүн бет алганда, берки үчөө Борбуктун үйүн бет алды. Билектерин шымаланып, бычактарын конторунан сууруп кирип кетишти...

Арадан аз күн өттү. «Агитаторбуз» деп эки киши келип Сарыга жолукту. Сары аларды ээрчитип бийдин үйүнө алып барды. Үйдөгү шаңшөөкөттүү жасалгаларды бир азга карап турушту да өз ара башка тил менен сүйлөшө кетишти. Ошентишти да, кете тургандыктарын айтышты. Бий кетирбеске тырышты. Жаш эмелер экен, көрө калышса азгырылып айнып калышар деген үмүт менен, эбин таап Айнаны жана башка келин, кыздарын да үйүнө киргиздирди. Тигил экөө бийдин кайнап жаткан чайына да, келин, кыздарына да назар салган жок. Аттанып жолго түштү. Бийинин да, Сарысынын да шагы катуу сынды.

Узап мындай чыккандан кийин:—бул айылда Ийгилик деген болсо керек эле. Анын үйү кайда? — деди тигил экөөнүн бири. Бекиш сары туура түштү карай колун жаңсады. Ээрчише бастырып жеткенден кийин—биз ушул үйдө, Ийгиликтикинде калабыз. Сиз кете бериңиз,— дешти да Бекишти аттан түшүрбөй кайта айдады. Ал кайта бастырып бийдикине келди. Мантек, Чаки, Кашкарбай, дагы бир тобу анда экен.

— Жанагы келген экөө кержейген кежир эмелер окшодуго! Байдын үйүнө конбойбуз деп кетип калышты. Алары да букарадан чыккан эмелер болууга тийиш. Тектүү жерден чыккан эмелер болсо, таш түшкөн жеринде оор дешип кала берет болучу. Ийгиликтин үйүндө эмне бар дейсиңер. Начар түнөп калса «үч урук» эле жаманатты болот. Ийгиликке эмне шаң. Союш жибертип койгула,— деди бий.

— Байды керексинтпеген эмелер " этти керектемек беле? Эт деген тамак байдыкында болот. Бай болсо гана эт болот,— деди алиги челкегей бышалаксары.

Көп сөздөрдөн кийин союш жиберүүгө, эртең тигил экөө жөнөй бере турган болгондо экөөнө эки ат мингизип, канжыгаларына бирден карышкыр ичик бөктөрүп коё турган болушту.

— Малды көргөндө байгамбарымда азгырылган турбайбы. «Акытатырыңар» байгамбарымдан кыйын болуп кетти дейсиңерби! Азгырылат. Ийгиликти өзүнчө чакырып анын да көөнүн таап алдап койгула. — Мындан ары келгенкеткендер сеникинде болгону турат. Союшун элден алып берип турабыз десеңер дарданып калат,— деди бий.

— Ошентет. Ошентпей коймок беле,— деди көсөөдөй болгон арык кара.

Элдин бири ойдо болсо, бири тоодо. Ар кимиси ар кайсы жылга, жыбыт, коктуколотто. Жыйналышка чакырууга кечинде туштушка чабармандар чапкылап кеткен. Ошондой болсо да калктын арты бүгүн түшкө жакын зорго жыйналды. Агитатордун бирөө агитациясын айтты: жардыжалчы, каратаман кбдейлер көтөрүлгүлө, баш кошкула. Бийлик силердики деп абдан кагуу сүйлөдү. Агитациясын угуп коёлу деп бий жөкөрлөрү менен чакыртпастан келген. Ындыны өчүп ыңкыйып отурду.

— Эгерде мындан ары Ийгилик менен Борбуктун үйүнө түн балаеында бей жооп бирөө барат экен, Качы бий, Мантек, Кашкарбай, Чаки узак жолго сапар тартышат. Азыктүлүгүн белендеп, кийимкечелерин жуудура беришсин,— деп тике, басабаса айтты.

Жыйналган калк кеч тарады. Агитатордун сөздөрүнөн запкы көргөндөр уй мүйүздөп көпкө чейин отура беришти. Анан киши жиберип Ийгиликти чакыртып келип ортого алышты.

— Эси жок балабакырадан экиүчөө тамашалап коркуталы дешип түн ичинде үйүңө барган окшойт." Аны сен ырбатып чоң чатакка айландырганы жүргөн окшойсуң. Ошондой болсо да, анчалык ачууң келип калгандан кийин сени куру койбойлу. Алдыңа ат тартып, чапан жабалы. Үйүңө конгон тиги эки

www.bizdin.kg

мейманыңды да куру узатпайлы. Экөөнө эки ат мингизип, бирден ичик бөктөрөлү. Ал деле сага көңүл болуп калат,— деди алиги челкегей чийкил сары.

— Суу кечирбей турган сөздү койсоңорчу,— деп Ийгилик кетип калды. Бир аздан кийин Ийгиликтин Кубаткулун чакыртып келишти.

— Баласың. Бала болсоң да сенден үмүтүбүз чоң. Үч урукта киши боло турган бала сен экендигиңди угуп жүрөбүз. Атаңды тилге келтир,—дешип апкөй тилге салышты.— Атама андай сөз менен мени жумшай көрбөгүлө,— деп баласы да эңсөөлөрүн кесип койду.

«Же Ийгиликти жөнгө келтирбесек, же Борбугуна кошуп тыптыйпыл кылбасак жаныбыз тынбайтко» деген пейил менен тигилер да тарады.

Кайсы күнү ИйгиЛик менен Борбуктун аман калышына мындай себеп болуптур: ошо күнү кастык ниет менен баргандардын бирөө, бийден тапшырма алгандан кийин астыртан Ийгиликти кабарландырып коюптур. Ошондуктан үйлөрүн таштап өздөрү бекинип аман калган турбайбы. Жанагы — агитаторбуз — деп келген экөө ошо окуяга байланыштуу келишиптир. Батрак жаштардын кыска мөөнөттүү курсуна Кубаткулду ала кетишти. Борбук да бармак экен, сур кызылы табылбай эртеңке калган. Аты табылбады. Бүгүн жөөжалаң жолго чыкты. Анын кетишин укканда бийдин чокусу зыр дей түштү көрүнөт. Эстебести чакыртып алды.— Ал жөн кеткен жок. Бул жерде болгон сөздөрдү жеткириш үчүн кетти.

Ишепичтүү жнгиттен бирдн жапыца ал .Жалгыз алыц жетпёйт. Күчтүү эме окшогон. Акмалап артынан жүрүп отургула. Ээн жерге барганда эбин таап жок кылгыла да, буйтап барып башка жак менен кайта келгиле. Алдап туруп сыйыртмак салбасаңар кармаша кетсе өзүңөрдү майып кылып коёр. Ошентип, ошо жигиттен өткөн өчүмдү алып бергиле,— деди.

Борбук жер мойнокко жеткенде арт жагында келаткандардын караанын көрүп калды. Оюна эч кандай жамандык кирбеди. Темтейип жөө келатышына арданды да, өтүп кетишсин деген ой менен бадалчага далдаланды. Тигилер кыйгач өтө бергенде бирөөнүн оозунан:— сен сөзгө алаксыт. Мен сыйыртмак салып сүйрөтүп кетейин,— деген сөз кулагына шак дей түштү. Тигилердин эмне үчүн келаткандыгын дароо түшүнө койду. Жүрөгү алып учуп аптыгып кетти. Өлө турган болсом бирөөн жаздана жатайын — деп биртикеден кийин боюн токтотту. — Оорсунбай ала жүр. Жоо жакадан, бөрү этектен алып турат. Сак бол,— деп атасы жөнөрүндө колуна четин таяк берген. Ичке башын толгой кармап карап турду. Куугунчулар көп узабай кайта тартышты. Көрүп да коюшту. Качса кутулбасын билет. Көрүнөгө чыкты.

— Максатыңарды билем. Жакын келбегиле. Соо калбайсыңар,— деп айбат көрсөттү.

— Ээрчитип алып келгиле деп жиберишти,— деди тигилердин бири.

— Кайда ээрчитип барарыңарды азыр эле айтып өттүңөргө?

Жакын келбегиле!

— Сени албай кетпейбиз.

— Анте турган болсоңор,— деди да атырылып барып бирөөн тизеге кагып өттү. Анысы аттын үстүнөн калпактай учуп түштү. Беркинисинин аты да үркту. Өзү да жазганып кача берди. Бош калган атка чапачупа мине салып,— кана, беттешүүгө кандайсың? — деп беркинисине тап койду. Анысы чычая качты. Борбук жолго түштү да атынын оозун коё берди. Качып кеткен жигит кайта келгенде, жыгылып түшкөнү тизесин ушалап отурган экен.

— Атам кара мүртөс киши. Атайы ат жеткирип бериш үчүн барсаңар керек деп, терибизди тескери соёрбекен,— деди Эстебес.

— Апылга кайта барбайлы. Бир жакка жоголо туралы,— деди тизесин кучактап отурган жигит. Ары сүйлөштү. Бери сүйлөштү. Төмөнкү сөздөрдү айтып келе бере турган болушту: Бизди алыстан көрүп калса керек. Бекинип аңдып туруптур. Өтө берерибизде карпкурп качырып Жапарды жыга чапты. Менин атым үркүп тескери ала качты. Буйдалып калдым. Жапардын атын мине качып кутулуп кетти.

Жапар айылга жакындаганча учкашып, айылга жакындаганда тилооздон ажырап өңөртүп бармак болду. Ошентип кайта барышты. Жапар көптөн кийин тил сүйлөдү. Бий окуянын башын башка жолго салды. Айылдагы ар кимдерди чогултуп — ботом, жанагы Борбук деген жигит басмачы болгону жүргөн эмего. Жапарды жыга чаап жер Мойнокто өлтүрмөкчү болуп жаткан экен. Жок карап жүрүп Эстебес үстүнөн чыгып калыптыр. Аны көргөндө Жапардын атын мине качыптыр,— деген сөздү айтты.

Жапар баягы жыртак чалдын ууду экен. Ошо жерден тура чуркап Ббрбуктун үйүнө жетти. Кепке, сөзгө келбестен Борбуктун атасына бир тийди. Эки чал мушташып," эстери ооганда гана экөө эки жерге күшүлдөп отурду.

## IV

Чепкенин желбегей жамынып бий үйүнүн жанындагы дөңсөөгө чыгып отурду. Туш тараптан биринден келген Олжобайлар бийден айбыгып абийир сактап адептүү отурушту. Келүүчүлөрдүн башаягы тегиз чогулган кезде бий ээгин сылады. Башын чайкап шыпшынды. Денкейип турган казысын сылапсылап койду.

— Кайсы күнү эл жакшылары тыйып коюшпадыбы! Болбосо Ийгилигиңердин көрбөгөнүн көр кылайын дедим эле!—деп сөздү салмактуу баштады. Майы түгөнгөн карындай болгон ээгин көтөрүп койду. Башын чайкап, анан кейиничтүү үн менен сөзүн улады.

www.bizdin.kg

— Кудайы өзү бербеген байлыкты тиги чолок этек Ийгиликтен алганы, ошентип бат эле бай боло койгону жүргөн окшойсуңарго! Ат, өгүз, үрөн, сокошайман, акча бергенде силерге бекер береби? Коош! Бекер алганы жүрөсүңөр го? Башыңарды байлап альий үчүн берил жатпайбы? Коош! Ошону билбестен азат башыңарды азапка салган отурбайсыңарбы? Алгандын бергени болот! Акыл жок. Ооба, силерде кылайган акыл жок!— деп улутунду.

— Анысын биз кандан билдик! Батрак, кедейлерге карыз иретинде берилет дешти! Катталып койгонубуз чын,— деди артта отургандардын бири.

— Мына, айтпадымбы! Жанагы «карыз» деген жеринде кеп бар эмеспи? Ошону түшүнгөн эмессиңер!— деп бий өзүнүн кыраакылыгын көрсөтүүгө аракет кылды.

— Өзүңүздүн аркаңыз менен эптеп күн көрүп жүргөн эмелер эмеспи! Жайына койсо, туугандарыңыз бир күндө эле бет бетинен азып-тозуп жоголор эле? — деп, бийге катар отурган көсөөдөй кара сөзгө сөз улады.

— Катталып коюпсуңар, барып алгыла! Бай болуп сала бергиле! Кийин азабынарды тарттырып отурбасаңар болду! — деди да бий жер тиктеп күңгүрөндү.

— Андай арты чуулу жардам болсо, анысын албайбыз!—деди кимисидир.

—«Катка түштүң, отко түштүң» деген кеп бар. Катталып койгондон кийин албаган оюңарга коёбу?— деди бий.

— Андай болгондо, кандар айла кылабыз?— дешип катталып койгон кедейлер мөгдөй түштү.

— Жаман туугандарыңыздын айласын өзүңүз таппасаңыз, булардын колунан эмне келет! Буларда акыл жок эмеспи?— деди жанагы чымкөй кара.

— Мындай балекеттин далайынан эби менен өзүңүз куткара жүрчү эмес белеңиз! Мунун да айласын табыңыз! — деди, бийдин экинчи колтугунда отурган таңыракай семиз сары. Бардыгы тегиз телмирип жер тиктешти.

— Ишиңерди кыйындатып койгонсуңар!— деп бий башын көтөрдү,— Бирдемени иштээрде кеңешип туруп анан иштебейсиңерби? Жолуңар болсун, туугандарым! —деп бий ойлоно калып,— эми такыр албайбыз десеңер башыбыз кетип калат. Мунун айласын таптым!—дегенде шылкыйып отургандардын баштары көтөрүлө түштү.

— Ат, өгүз, сокошайманын албайбыз деп түз эле айта бергиле. Үрөн, жана берки акчасын ала беребиз дегиле. Ошентип алгыла да аны мындагы өзүбүздүн байларга таратып бергиле. Келе, бергиле!— деп келгенде байлардын колунда бар эмеспи, дароо бере коюшат. Тилимди алсаңар бул балакеттен ошентип кутулгула. Башка жол жок!— деди бий.

— Ушул акылыңыз туура акыл! Катталып коюп, анан такыр албайбыз дегенде болбойт. Анда өз башыңар кетип калат,— деп чымкый кара бийдин сөзүн дагы коштоду.

— Бу да байларга келген балаа болдуго! Кандай кылабыз, жаман туугандын азабын дагы тартат экенбизго, — деп таңыракай семиз сары кейипкепчиди. Камчысын бүктөп жерди чаапчаап койду.

— Баргыла. Барып ошондой дегиле! Бирок, карыз акча, үрөндүк буудайды алып байларыбызга беребиз деп сырды айтып коюп силерди балакет басып жүрбөсүн? Тилиңерге сак болгула!— деди бий.

— Анда кара оозубузга кан толбойбу! — дешти, Олжобайдын батрак, кедейлери.

Ошентип, аз күндөн бери жардам алабыз дешип жайкактап калгандардын сорпосу сууп, ындыны өчүп калды. Иленсалаң басып Селревкомду көздөй чубашты. Ошол учурда Чаки элүү башы келди. Аны жалгыз алыпотуруп кеңешин айтты.

— Батрак, кедейлер рибжом тарапка ооп кете турган болду. Коош! Ат, өгүз, сокошайман алышса биротоло колдон чыгып кетишет. Өзүбүздүн айылдын кишилерин айнытып койдум. Алар барып азыр — албайбыз дешип чыр чыгарышат. Сен азыр барып өз айлыңардагыларды да тукуруп кой. Алар да барып чырчатакка аралашып калышсын. Жөнө!— деди.

Чаки элүү башы чапкан бойдон кетти. Андан, мындан аттуу-жөөлү чубап келгендер Селревкомдун боз үйүн курчап калышты.

— Жардам деген эмеңди албайбыз, балакетиңерге калбайбыз. Каттап алган кагазыңды кайта өз колубузга бер!— дешип кыйкырышты.

— Жөнү жок эле кыйкыра бересиңерби? Сөзгө конок бергиле, сүйлөшөлү,— дейт Ийгилик.

— Жоок, жардамыңды албайбыз. Башыбызды куткар!— дешет. Сөзгө келбей омуроолошот.

— Жардам, аламын дегендерге гана берилет. Албай турганың, кете бер!— дейт Ийгилик.

— Бардышбыз албайбыз. Тнзмебнздн . бер. «Жардам» деген балакетиңден башыбызды куткар!

— Кедейлик, силердин акылэсиңерди да кедейлетип койгон белем!—дент тилмеч Щербинин.— Мынчалык чатак чыгара турган бул жерде эмне бар? Эчтеме жок! Кимге ат, өгүз, сокошайман, үрөн, карыз акча керек экен — алат. ©з оокатын өзү кылып, байлардын эзүүсүнөн кутулат.

— Жардам алганыбыз менен, башыбыз байланып калат турбайбы? Албайбыз, тизме сенде болсо керек, кайтарып колубузга бер!

— Бүгүн жардам да берилбейт. Тизмени да бербейбиз! Аксакалдары азгырып койгон турбайбы. Биз, ошолор менен сүйлөшөбүз. Эртең келгиле!—деди Ийгилик.

— Ошенткиле! Аксакалдарыбыз алгыла — десе алабыз. Койгула — десе коёбуз,— дешип кедейлер соолуга түшүштү. Бириндеп баса беришти.

www.bizdin.kg

Аксакалдарын Ийгилик Селревкомго чакыртты. Аттарын жигиттерине калтырып, өздөрү бакжая тартып тышка отурушту. Ийгилик менен Щербинин селревкомдон чыгып барды. Эсендик сурашпастан Ийгилик түз эле сөзгө кирди.

— Аксакалдар, силерди мен, мында аристовать кылууга, камакка алыш үчүн чакыртып алдым.

— Ал эмне деген сөзүң, түшүнө албадым!—деди бий.

— Ал, силер абакка камаласыңар деген сөзүм! Аксакалдар бирин-бири элейе карашты.

— Эмне үчүн камайсың,— деп бий айбаттанды.

— Кедейлерди тескери карай азгырып, чыр чыгаргандыгыңар үчүн! Ревкомдун кедейлерге бере турган жардамына каршы сөз тараткандыгыңар үчүн!

Бий ойлоно жер карап шылк дей түштү. Бир аздан кийин:— жардам алабы, жокпу — ал кедейлердин өз иши эмеспи? Анда аксакалдардын кандай жумушу бар? Кедейлерге жардам берилсе аксакалдар ага эмне үчүн каршы чыгат? Ал бекер сөз,— деп жоош гана, карөзгөйлөнүүгө өттү.

— Абак деген түрү суук сөзүңдү коё тур Ийгилик! Кедейлер түшүнбөстүк кылып жүрүшсө керек. Биз айталы. Түшүндүрөлү!—деди чымкый кара.

— Аксакалдарды айдатпа, чыр чыгып " кетет!—деп семиз сары кырданды.

— Чырыцыз менен коркутат экенсизго? Чыр чыгьш кетет деп! Чыр чыгарып жүргөндөрдүн бири сен экенсиңго?—деди Ийгилик. Семиз унчуга албай калды.

— Бийлик ребкомго өттү. Эл ишине аксакалдар, эми кийлигише берүүнү койгула деп айттым беле? Ооба, айтканмын! Эмне үчүн айткан сөздү уккуңар келбейт? Салмакташып көрөлү дегениңерго? Баргыла! Барып, кийимкечеңерди жуудуруп, алыскы сапарга даярдангыла! Азыктүлүгүңөрдү камдап алгыла!—деп Ийгилик кайта басып үйгө кирди. Аксакалдар шылкыйган бойдон отуруп калышты.

— Ребкомдун ачуусу катуу келген окшойт. Ачуусун таратып жанагы «биртокол» деген эмесин алып кой. Кедейлер берген жардамды алышат. Албаганда кайда барышат эле! Биз айталы!—деп Щербининге бий жалдырай карады.

## V

Кашаттагы акарчакар кымкуут калың мал менен курчалган айыл бийдин айлы. Жүз баштуу чоң ак үй байдын өзүнүкү. Эки капшытына оолагыраак тигилген эки ак өргөө эки уулунуку. Берки уй мүйүз тарта конгон көп кара алачык байдын койчуколоң, саанчы болуп жүргөндөрдүкү. Аларга сүттөн башка ыргытылган сөөк да жетпейт.

Жайдын толукшуп турган мезгили. Кой короого кирип, кулундар агытылды. Мал жайланып өрүшкө тартып кирди. Бирок, короонун четинде сүйлөшүп турган эки боз баланын сөздөрү бүтпөдү. Ал экөө өрүштө болуп жаткан ар түрдүү кыймылдын бирөөнө да көңүл бөлүшпөдү. Ар жагынан жандай салып шарактап өткөн жоон топ кыз-келиндер да аларды алагды кыла албады. Тикесинен тик туруп сүйлөшө беришти.

Шарактагандар бийдин кыз-келиндери. Алар тиги эки жигитти атайын жандай салып өтүштү. Эки жигиттин бирөөнө бийдин Айнек деген кызы астыртан көз чаптырып, жакын келгенде басар басмаксан болуп, кылчаңкылчаң карады. Тийишип бирдеме айта өтүүнү ойлосо да, ылайыктуу сөз таба албады. Бир аз узай бергенде кан кускур. Жөн эле төрө болуп калган тура,— чеп Айиек кекенгенсиди. Бирок, ошол эки жнгнттнн жанында өтө эле керектүү бирдемеси калган эмедей ар жакка барганда да кылчаңдай берди.

Келин-кыздар кабакка барып өздөрүнчө ойнопкүлгөн болушту. Сүйлегөн сөздөрүнүн көпчүлүгү Кубаткул жөнүндө болду.

— Ал бир кан кускур көрүнөт,— деди Айнектин жеңеси, — кайсы күнү барып атасынын эки өтүгүнүн кончун бирөөнө каткандыгын айтты. Малчы малайларына бербей жүргөн акыларын бура бастырбай туруп алып бериптир.— Сегиз сааттан артык иштетпейсиң, артык иштетсең, артык акы төлөйсүң. Эгерде батрактарың сегиз сааттан артык иштебейм десе, ал алардын өз эркн — дептир. Ошондон бери малайлары дардаңдашып атамды көздөрүнө илишпей көкүп, көөп калышыптыр, — деп ызаланды, жамандады. Бирок, анын сөзү Айнекке таасир кылбады. Жигиттин " колунан келсе ошондой болгону жакшы деп жеңесинин эңсеөсун кесип койду.

Калматай бай бир баласын Айнекке кайчы кудалап калың берип жүргөн. Ал күйөө баласын жактырбай чанып жүрүүчү.— Кеңеш өкмөтү кыз сатууга калыңга каршы, кызынан калың алгандарды сотко берет экен — деген сөздөрдү уккан Айнек ичинен комсомолецтердин тилегин тилеп калган. Анын үстүнө атасы Кубаткулдан да коркуп жүргөндүгүн да билет. Кызыңды берсек дагы, ошол баланы колго алып койсок, тубөлүгү жаман болбос эле деп Камка менен бий сүйлөшкөнүн да угуп калган. Ошондой сөздөр Айнекке таасир кылып Кубаткулга кызыктырып койгон. Ыгын келтирип сүйлөшүүнү көптөн бери ойлойт. Бирок, эбин келтире албай жүрөт. Кубаткул ошо сапар ага назар салып бир ооз сөз айтып калганда, Айнек көп жеңиле түшөт эле. Ойлогон ою ордунан чыкпай көңүлү түшүп кызкелинин ээрчитип кайта кетти. Кайта келе жатканда келиндердин бирөөн бэлүп алып тигилерден окчунураак басып сүйлөшө келди. Кыязы, эбин таап, ээн жерде жолуктурууга аракет кыл — деди көрүнөт.

Кыз-келиндер кайта келгенде да тиги эки жигиттин сөзү бүтө элек экен.

www.bizdin.kg

— Бий атамдын айтууна караганда Кеңеш өкмөтү анчалык кыйын болбосо керек!—деди Чокмор, кийимкечеси бүтөлүп, өзү да ирденип калган экен.

— Кеңеш өкмөтү абдан кынын. Кыйын болбосо тоо арасындагы бизге чейин жетип келе алар беле? — деп Совет бийлигинин келечегине Чокморду ишендирүү үчүн Кубаткул көп сөздөрдү айтты. Акырында,— башка сөздү кой, комсомолго кирүүгө көңүлүң барбы, ошону айтчы? — деди.

Чокмор бир азга чейин жер тиктеп тура калды да — комсомол деген эмне деген сөз? Аган киргенде бүтүрөрүбүз эмне? Аныңдын кандай пайдасы бар? Алды менен ошону айтчы! — деди.

— Айтпадымбы?

— Айтканыңа мен түшүнбөй отурбаймынбы! Комсомол уюмунун максатын, аган мүчө болуп кир ген жаштардын милдетин Кубаткул билишине жараша дагы бир сыйра айтып чыкты.

— Комсомолго кирипсиң деп бий атам башымды жулуп албас бекен?

— Музоосунда сүздүрүп коркуп калган байкуш, эми өгүз болгондо деле корко бересиңби? — деп Кубаткул күлүп калды.

— Билбейм, комсомол дегенде эле бий атам тишинтишке урат.

— Комсомолду жаман көрсө тигил кичи баласын эмне үчүн комсомол уюмуна кир деп арыз бердирип жүрөт?

— Анысын кайдан билейин! — деп Чокмор жер карады.

Байлар балдарын эмне максат менен комсомол уюмуна киргизүүгө аракет кылып жүргөндүгүн түшүндүрдү. Эртең ушул жерге бул жайлоодогу элдин баары, кыз-келиндерине чейин келе тургандыгын, волревкомдун председатели, волком комсомолдун секретары келип сөз угуза тургандыгын айтты. Күүгүм кирип көз байлана тигил экөө айылга келди. Жанагы Айнек сүйлөшкөн келин тигил экөөн тосо чыгып — Ачейке уул, бери басчы! — деп Кубаткул менен жекече сүйлөштү.

Батрак жаштардын бир айлык окуусун бүткөндөн кийин Кубаткул ушул айланага «батрачком» болуп келген. Жатакта калган жарды жаштардын арасына иш жүргүзүп комсомол ячейкасын уюштурган. Өзү комсомол ячейкасына секретарь болуп шайланган. Ошондон кийин аны көп адамдар «Ачейке» деп калышат. Жайлоодогуларды кыдырып, баплар менен батрактарга эмгек келишимин түзгөн. Малайларына акы төлөбөй жүргөн бир байды сотко берип кестирген. Ошондон кийин аны байлар «батраккөм» деп да коюшат.

Эртеси шашке ченде элдин алды бийдин айлынын маңдайындагы чоң өтөккө келип чогула баштады. Кубаткул айылдан чыгып чогула баштаган элди көздөй жөө басты. Аны бир тобу ээрчий жүрдү. Элдин арты түшкө жакын келип жетти.

Эл кымкуут, абдан көп чогулду. Кары дебей, жаш дебей Келин-кыздарына чейин келишти. Кедейлеринен байлары ат аябай калган экен, бардыгы атчан келди. Аттарды тушап коё берип байлап келген айран, кымыздарынан иче отуруп сөз угушту.

Сөз сүйлөнүп бүткөндөн кийин комсомолецтер келгендерге дикломация айтышты. Бирөө кыз киймин кийинип «Кыргыз кыздарынын арманы» деген дикломацияны айтты.

«Ой кыргыздын кыздары, Ойлоп ичим сыздады. Бнр курсактан төрөлгөн Баласыбыз бнз дагы. Эркегиндей көрбөйт тең Эмнеликтен санайт кем. Бизди сатып калыц жейт, Көп мал берип алыц — дейт. Тойгузган соң курсагын, Бара койгун балам дейт».

деп абдан келиштирип айтты эле, Келин-кыздар көпкө чейин кол чаап, үч жолу кайта айттырышты. Дагы бирөө «Койчунун арманы» деген дикломацияны айтты. Койчулар алакан чаап кыйкыра берип аны да эки мертебе кайталатышты.

Эң акырында Кубаткул «Байманап» деген дикломацияны айтты.

Баймании, Малым санан. Сөз айтуу жок,
Байларга карап
Казысы кучак,
Азуусу бычак.
Беш тыйын карыз берсе
Бербер деп кычап.
Эски заманда
Эзилген кедей таманда».

дегенде, бай,манаптарга карата каткырыккүлкү көтөрүлдү. Арттагылар мойнун созуп алды жактагыларды жөөлөй берип, шыкалып короо ордундай жерге гыгылышты.

— Айта бер тегеренейин! — деп кубаттаган үндергө «казысы кучак, азуусу бычак» деп каткырган кыйкырыктар кошулду. Аттар үркүп, чоң өтөктүн чаңы ызгыды да калды. Байманаптар жылдызы урап түшкөнүн сезди. Баштарын көтөрө албай отура берип, тепсөөрүндө кала жаздашты.

— Ачейке, бала эмес бекен, жарады! — дешип чогулган эл көпкө чейин тарабай комсомолецтерди имерчиктеп тура беришти. Ошол күндөн тартып мындагы комсомол ячейкеси революциялык чараларды ишке ашыруу боюнча партиялык уюмдун жеткинчеги болуп өсө берди.

www.bizdin.kg

# VI

Кийинчерээк калк чогулган жерлерге манапбайлар бара албай калышты. Ошого байланыштуу ар кандай шылтоолор менен «аш», «тойду» көбөйтүштү. Ошентип, «аш», «тойго» келгендер аркылуу азгыруунун ар кандан сөздөрүн тарата берүү жолуна түшүп алышты.

Чымкый кара көсөөдөйдүн тоюнда билгизбей отуруп бий азгыруунун бир катар оор сөздөрүн, ар кимдердин кулагына кумдай куюп таштады.

— Коош! — деди адатынча башын чайкай сүйлөп,— ошентип, учбас тоок күтүп, урабас там сала турган болдуңарго? Жакшы, жакшы! Тамга жатып алып иче турган жарма болсо, жардылык жанга абдан тынч болот эмеспи? Ошенткениңер оң. Ошенткиле! Там салып, тоок багып сары талааны сактап отура бергиле! Өзүңөрдөн туулган балдарды солдаттыкка да берерсиңер. Аманчылык болсо аны да көрөрбүз.

Отурукташа турган жер жайында эле кесилип берилген. Бирок, бийдин жогорку сөздөрүнөн кийин калк ыргылжың болуп, өз энчйсине тийген жерине күзүндө айрым адамдар гана зорго келди.

Таңыракай семиз сарынын «тоюнда» бийдин сөзү жаңы тартип окуусу жөнүндө болду. _

— Мектеп курабыз, балдарды окутабыз деп желигип калгансынарго! — деди.

— Ооба, шаардан мугалим дегени келиптир. Балдарды кагазына каттап алды көрүнөт,— деди, тойго келгендердин бири.

Ойлонуп бир аз отурду да, шаарга жакын айылдардын биринде болгон окуя экен деп, бий сүйлөй баштады.

— Эсимде толук калбады, кайсы айылында болгон окуя экендиги. Анысында кеп жок, кеп мына мунусунда: бирөөнүн баласы ошол жаңы тартиби менен окуп жүргөн экен. Анын атасы жан таслим кылып дүйнөдөн кайта турган болуптур. Атаңа «ыйман» угуз дешиптир. Жанагы биздин айылдагы балдар айтып жүргөн ырын эмне дешет? Баласы атасына «ыйман» айтуунун ордуна ошонусун айтып ырдап жибериптир. Ошентип, бечара киши «ыйман» укпай, ыр угуп дүйнөдөн кайтыптыр. Жаңы окуусунун жайы ошондой экен. Ошондой окуудан балдарыңардын окуганы жакшыбы же окубаганы жакшыбы, аны өзүңөр ойлонушуп көргүлө! — деп бий онтолоду.

— Жаңы окуусун «ата», «эне», «ат», «кой», «эчки» дедиртип окутат турбайбы. Анын эмнесин окуткудай? Балдардын тили чыкканда эле ошолорду айтып чыгат эмеспи? — деп таныркай сары бийдин сөзүнө сөз улады.

— Өлгөнгө «ыйман» угузууга жарабагандан кийин анын эмнеси окуу? — деп Чаки элүү башы тигилердин үнүнө үнүн кошту.

Бул сөздү укандардан үчөө чогулуп Сельсоветке барышты. Шаардан келген мугалим мектеп боло турган эки бөлмөлүү тамдын бүтүшүн тездетүү жөнүндө Ийгиликке келип сүйлөшүп отурган экен. Тиги үчөөнүн бири — Таксыр! — деп колун боорына алып мугалимге жалдырай карады. Бир кой алып баламды окутпай эле койсоңуз! Жалгыз балам окуса алда кандай болот? Кедей элем, аягыла! — деп мөгдөп сала берди.

— Менин кызымды да окууга каттап коюшуптур. Калыңы бүтүп калды эле. Аманында бир ууч сөөгүн берип кутулайын дедим эле. Бир ат минип тим болбойсуңарбы!—деп экинчиси үлдүрөдү.

— Менин эки баламды да бирдей каттап коюшкан экен! Бирөө окуса эле бир үйлүү кишиге жетишпейби? Бирөөн жөн эле койсоңор экен! — деп үчүнчүсү үргүлөдү.

— Пара берүүгө, балдарыңарды мектептен куткарууга келген экенсиңер го? — деп Ийгилик мурчуюп койду.

— Ооба, айланайын! Ошондой тилек менен келдик эле! — деди үч кедейдин бири.

— Кышында балдарыңар гана эмес, өзүңөрдү, аялыңарды да сабатсыздыкты жоюучу мектептен окутабыз! — деди Ийгилик.

— Деги түбөлүгү жаман болбос бекен? — дешти тигил үчөө.

— Жаман ишти биз иштебейбиз! —*деп кызынын калыңы бүтүп калган кедейге карады.— Кызыңыз калыңга кетпесин. Каалаган жигитине кетсин!

— Кызым каалагаң жигити менен басып кетсе менин айлам эмне болот, кагылайын? Калыңын жеп бүтүп койбодум беле!

— Мындан ары кыздар калыңга барбайт. Каалаганына барат. Калын берген да, аны алган да жоопко тартылат. Аны күн сайын зар какшап айтып келе жатпайбызбы? Кудаңдын берген калыңы аткез. Доолап келсе мага келип айтып кой! — деди Ийгилик. Тиги кишинин санаасы тына түштү.

— Кудай үчүн эки баламдын бирөөн алып, бирин өзүмө калтыргыла! — деп эки балалуу киши жалдырай берди.— Эки балаңын бирин алып, бирин калтырууга болбой жаткан эмелер менин жалгыз баламды жайыма коёр беле деп, жалгыз балалуу киши эчтеме айта албады.

Чакинин тоюнда бий — боло турган шайлоо жөнүндө сөз козгоду. Рипком деген эмелери эми жоюла тургап болуптурго? Коош! Эми шайлоо болот экен. Ошонусу жакшы. Кейпи, Ийгиликтин түбү бошоп бараткан болсо керек! Андай болбогондо шайлоо болмок беле? Өз билгендерин иштей беришет эле го! «Бөдөнөдөн бий койсо, кыйгуу кетпейт башындан». Айгайлап жүрүп айыл ичин алакула кылып экиге бөлүп жиберди. «Ала койду бөлө кырккан жүнгө жарыбайт» эмеспи? Коош! Ал адашып жүрбөйбү! Өзү кат билбесе, мурда эл бийлеп көрбөсө, анын колунан жакшылыктуу эмне келе коёт эле? Бай, манап деп бакырган болот. Каратаман батрак, кедей, орто чарба — деп ураан чакырган болот. Акылы жок урган

www.bizdin.kg

болбосо — тиги биздин балдардын бирин секлатар кылып албас беле! Анан кеңешип турса, мен аны жамандыкка кыйбайт элемго? Мен ага теңелгим келбей жүрбөйүмбү. «Бөрү карыса бир койлук алы бар» дегендей, чындасам ошондук алым болот элего! Өзүңөр деле байкап жүрөсүңөрго? — деп улутунуп койду.

Бул сөзү: — өзүмдү болбосо да, менин балдарымдын бирин шайлагыла — деген кулак кактысы эле.

— Бийим туура айтат. Биз бийимди — кой, кой! деп койдуруп жүрөбүз. Болбосо Ийгилигиңерди эчак эле ташын талкан кылып коёт болучу! —деп таңыракай семиз сарысы сыймыктанып койду. Анын тиги сөзү бир жагынан бийдин сөзүн кубаттаганы болсо, экинчи жагынан мен да бекер киши эмесмин дегени эле.

Семиз сары антип отурганда, бийге жамынып бирдеме айтпаса чымкый кара болбой калат эмеспи! — Биз эле тыйып жүрөбүз бийимди. Болбосо Ийгилигинин да, «рипкомунун» да чаңы эчак эле асманга чыгат болучу!—деп анысы да кошокко кошула калды.

— Шайлоо боло калса, Ийгиликти ким ээрчий коёт эле? Өзүнүн аз айлы менен жүктү оодара албайт эмеспи? — деп Чаки да катардан калгысы келбеди. Бирок «шайлоо боло калса өз уулун сүйрөп чыккысы келип турат» деп бийге ичи тарыды. «Бий олжого кароо киши эле. Алдына ат тартып, үстүнө чапан жапсам, балким мага кыя коёр бекен»,— деген пикирди да онлой отурду.

Той тараганда,—шайлоого даярдана бергиле. Бирок, алакула болбостон бардыгын бир гана кишини кармагыла! — деди бий.

Ошентип, айыл аксакалдары шайлоого даярданышты. Чаки бир ат, бир бөрү ичик тартуу тартып бийден Ийгиликтин ордун сурады.— Карып баратам. Көзүмдүн тирүүсүндө балдарымдын бири катарга кошулганын көрөпүн дедим эле. Жалпы үч урукка үч тогуз тартууну мен берейин. Өзүңдүн көөнүңдү башкача табайын,— деп бийликти бий Чакиге кыйбады.

Алар ошентип жүргөндө шайлоо даярдыгы башталды: Шайлоо болордун мурунку күнү Чаки бийдин «тартуусуна» макул болду. «Баталашып» алышты да,—кана эми, Ийгиликтин бетине тике чыгалы. Сызга отургузуп баса берели! — дешип шайлоо өтө турган жерге шартылдата бастырып, шаңдана келишти.

— Э, ботом, берегилерге эмне жок? Аларды мында ким чакырган? — деди шайлоо комиссиясынын председатели.

— Өздөрүнчө эле келип калышканго! — деди кимисидир.

— Келсе келе беришсин. «Аюудан корккон токойго барбайт». «Бөдөнөдөн корккон эгин экпейт»,— деди шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн бири.

Бий шаңдана барып Олжобай уруусунун алды жагына отурду. Чаки Алыке уулунун арасынан орун алды. Ошол учурда шайлоо комиссиясынын председатели — шайлоого, шайлануугa, кандай адамдар укуктуу, кандай адамдар укуксуз, — жобо боюнча түшүнүк айтты да, укуксуздардын тизмесин окуду. Адегенде эле бий, көсөөдөй кара, таңыракай семиз сары, Чакинин аты аталды.

— Жолуңар болсун, араны бошото бергиле! — деген үндөр көтөрүлдү.

Жарыктык созет болбосо, Бизге кайда бу теңдик! Тебедөн басып байларды, Кууп чыгып бийлерди Иттей кылып бпр жеңдик —

деген Ийгиликтин баягыдагы сөзү ушул жолу дагы антылды.

## VII

Аңды-дөңдү карабай атынын мойнуна мине чапкан бирөө келе жатты. Ат өлүп кетеби, жыгылып, тыгылып каламбы дегенди ойлонбосо керек. Этекжеңинин делбиреп кеткени менен деле иши жок, койгулаган бойдон жүрүп отуруп бийдикине барды. Ат үстүнөн:— сүйүнчү! Малабаш үйөз болуп келди,— деп кыйкырды. Үйдөгүлөр жабыла тышка чыкты.— Кайталап айтчы, оозуңа май!— деди бий.

— Малабаш күйөөңүз үйөз болуп келди,— деди, сүйүнчүлөп келген киши.

— Аксарбашылың азыр, бир козу алып келгиле!— деп бий чабалактады, бир жерге тура албады.

Дароо бир козу даяр болду. Кыбылага туура тартып бата кылып жибериштн. Союлуучу малга бата кылганда бий — кудайым сенин жолуңа! деп коё салуучу эле. Бул жолу алаканын кенен жайып, батаны узакка айтты. Эң акырында — арбагымды дагы бир көтөргөн экенсиң,— деди.

«Бийдин бир кызынын күйөөсү Малабаш үйөз болуптур дейт» деген кабар ошол эле замат айылдын башынан аягына дуу дей түштү. Бирөөдөн угуп калса керек. Бекиш да атынын мойнуна мине чаап койгулаган бойдон бийдикине барып түштү. Сары гана эмес, айылдагы атка минерлердин баардыгы куттуктап келе бериштн.

— Кудай деле бергенге берет эмеспи!—деп бирөө айтса, — суу ага жүргөн эле арыгынан агат эмеспи,— деп экинчиси жөнөтө берип отуруп, бабединге союлган козунун этин жешти.

Кийинки күндөрдө бийдикине келимкетими " азайып калган. Күйөө баласы Малабаш уезд болгондун эртеси эле эшигинде ат котолоп калды. Четтебирээк кеткен куда сөөк, дос, тамыр дегендер курдап кайра келе берди. Орто жерде баркы тушө калган бийдин ташы кайтадан жогору карай кулай баштады. Уездде жумушу барлардын көбү бийдикине келүүчү болду. Күлүктөнкүлүк, жоргодон жорго тандап, уезддин өзү бий сыяктанды. Дүйнөсү дагы бир жолу ташыды. Баш ачуу, жетим акы, кол акылардын көбү кайтадан бий аркылуу чечиле турган болду.

www.bizdin.kg

Малабаш уезд болгондо жеке гана өзү болбостон, агатууган, жекжаатынын баары эле өздөрүнчө «уезд» болуп кетти. Аньш жекжааттары турганда сотко да киши бастырып барбай калды. Быякта жаткан каннатасыныкы мынчалык болуп жатат, өзүнүн үйүндө, анын агатуугандарыныкында эмне болуп жатканын ким билди.

— Элге пайдамдан башка зыяным тийгенн жок. Кенеш өкмөтүнүн мыйзамын үйрөнүп, элге кызмат кылсын деп бир уулумду окууга жибердим. Бир кызымдын күйөөсү болсо уездиңер. Барыңардын башыңарды кармап турат. Мени да «кошчу уюмуна» алгыла деп бий арыз берди.— Кошчу уюмуна бий, болуш, манап, байлар алынбайт. Бул уюм алар үчүн уюшкан эмес, алардын эзүүсүндө жүргөндөр үчүн уюшулган — деген жооп кайтарылды... Ошол күндөрдүн биринде бий шаарга барып келди, аттан буту түшөр менен «кошчу союзунун» белетин чөнтөгүнөн сууруп алды.— Кошчубуз деген болушат. Ушул күнгө чейин көбүнүн кошчулук белети жок. Мына, мен барып жаздырып эле ала койдум!—деп, белетти көргөзүп мактанды.

Ошол күндөрдүн биринде, коңгуроолуу фаэтонго түшүп жигитжалаңы менен Малабаш бийдикине келип калды. Түшөр замат сельсоветке дароо элин жыйнасын, сөз угузамын,— деп киши чаптырды. Бий бажактап, өзү тура чуркап, козу сойдуруп жиберди. Ала келгендери бар экен, «уезддер» ичүүгө киришти. Ичкилик муундарына жүгүргөн учурда, албетте терилерн да кеңип сала берди. Өйдөылдый ала качма сөздөрдүн бир канчасы айтылды. Карта ойношту. Кыз-келиндери менен көз карамаштыргандар да болду. Сельсоветте эл чогулуп отура берди. Козунун эти бышып, ала келген арактар ичилгиче кеч да кирип калды.— Улуктун улуктай эле болгону жакшы. Эл менен кошо чуркап жүргөн киши улук боло алуучубу? — деп бий күйөө баласынын сөөлөтүнө абдан ыраазы болуп олтурду. «Үйөзүнүн сөзүн угалычы» — дешип чогулган эл зериксе да күтүп отура беришти. Акыры Малабаштын сөзүн угушту.

— Кеңеш өкмөтүндө байжарды, ургаачыэркек тең болду. Байжарды дебестен ынтымактуу болгула! Кыжыңкужуңу жок тынч оокатыңарды кылгыла! Ынтымагы жок, кыжыңдаган терсаяк айыл көрүнөсүңөр. Терс аяктарды тыйыш керек,— деп, Малабаш алдында турган төрт шыйрактуу тактайды бир муштады.— Граждандык согушунда эл чарбасы чабылыпчачылып калды. Чабылган, чачылган эл чарбасын ордуна келтириш үчүн чарбаны өстүрүш керек. Чарбаны байлар өстүрөт! — деп элге карады да,— завод, фабрикаларга чийип заттар керек. Байлар болбосо, байлар бербесе чийки заттарды кпм берет? Кедейлер эмнесин берет? «Келе!» деп оозуп ачкандан башканы билбейт!—деп сөздү эзип отура берди.

Малабаш сөзүн бүткөндөн кийин, «Мен сүйлөймүн!» деп, Бекиш сары жулунуп чыкты.

— Уезддиң айтканынын баары чын! Биздин айылдын ынтымагынын жогу да чын. Урукурук болуп жүргөндө көп ынтымактуу элек. «Кошчу» уюшкандан бери, кедейлерден коммунистгер көбөйгөндөн бери элдин элчилиги, журттун журтчулугу, ынтымагы кетти. Кеденлер коммунист боло алабы? Кедейлер «кошчу» боло алабы? Алар эл бийлигиңди билеби? Билбейт. Атабабасы эл бийлеп көрбөгөн эмелер эмнени билет? Меп иштеп турганда бай, жардысы жок эле, ынтымактуу болучубуз —деп Бекиш күйүттүү, күйүк сөздөрүн тышка чыгарды.

Бекиштен кнйин сөздү бий сүйлөдү.

— Оёзуңар — Малабаштын айтканы туура! Бир да жалганы жок. Кеңеш өкмөтүндө байжарды тең дейсиңер. Кайда ал теңдигиңер! Келген карыз акча болсо кедейлер алат, байларга эчтеме жок! Налогду байлар берип жатат, кедейлер берсе да аз берет. Бербегендери да көп. Кошчу болсо — кедейлер болот, ушул да теңдик болобу? Айткылачы? — деп оолугуп,— ой оёз бала! Унутуп кетипмин, бул биздин айылдагы өкмөтчүлөрдүн баарын жаңыртыш керек! Иш билген езүбүздүн балдардан коюп кет!—деди. Мантек, Бекиш, Чаки, Кашкарбай элдин арт жагында ар кайсы кедейлерди колтукка түртүлеп, айтпайсыңбы, дебейсиңби! Оёздун көзүнчө айтпаган, качан айтасың? дешип шыбыркүбүр кылып жүрдү.

Кедейлерден чыгып сөз айткандар болбоду, астыртан Ийгиликти карашты. Ушул сүйлөсө, анан анын изипе түшсөк деген ойдо турушабы, же уездден үрөйлөрү учуп калдыбы, ким билет, түнөрдү да калышты.

— Сөз айтуучулар жок болсо жыйналышыңарды жаап, ошентип ынтымактуу болуп оокатыңарды кылгыла! — деди Малабаш.

Ийгилик:

— Сүйлөөчү киши кайдан жок болот! Уезд элди чогултуп алып партия жолуна каршы сөз таратып турганда да сүйлөөчү киши жок болучу беле! Мен еүйлөйм,деди.

Сөзүн тигиндейче баштап, мындай сөздөрдү айтты:

— Угуза турган сөздөрүңүз жанагы айткандарыңыз болсо, береги отурган калкты бекер эле чогултуппуз, Бөйдө эле убара кылыппыз, Малабаш жезде! Сиз, кедей тарабын манапбайлар тарабындагыларга телиш үчүн буларды чогулттурган экенсиз. Андай максат азыркы күндө суу кечүүгө жарабай калбадыбы? Өзүңүз да бекер убара болдуңуз. Бизди да бөйдө убара кылып койдуңуз.

Ийгилик ошондой дегенде, бий:

— О жаман атаң эт жегир! Эмне деп былжырап жатат тетиги Ийгилик деген жаманыңар? Оёско каршы сөз айтып өлөт экен. Акмак болсо керёк! — деп опурулду. Ийгилик анын сөзүнө да, өзүнө да көңүл бурбастан сүйлөй берди.

www.bizdin.kg

— Байжарды тең. Ыйкытыйкы болбостон ынтымакта болгула деп буйрук айттыңыз. Бул Сиздин, Сизге окшогон адамдын оозунан чыга турган сөзбү? Башканы коёлу. Тиги отурган кайнатаңыз Качы бий өзүн өзгөлөргө теңейби, теңсинеби? Теңелүүгө, теңдикке көнөбү? Бийдин максаты бийлик кылуу. Манаптын иши — манапчылык. Алар андан ажырагысы келбейт. Манапбайларга көп эле телингенбиз. Кул, букара, жарды, жакыр, томаяк дешип бышкырык атып өгөйлөп жерип келишкен. Алар эми кедей тарабындагыларга ийип кетерин Малабаш жезде, Сиз кайдан биле койдуңуз? .

Кедейлер бай болгусу келсе, манапбайлар кудай болгусу келет. Аны биле элек болсоңуз билип коюңуз, Малабаш жезде!

Мына бу биздин айылда да эки тап бар экендигип, алардын оту биздин убагыбызда эле эмес, эзелден бери күйүшпөй келаткандыгын унутпаңыз! Эки тараптын, эзелден бери к\гйүшпөгөн отун. Сиз, аракка тоюп алып айткан бир сөзүңүз менен жайгаштырып жибере албайсыз. Ошо оту күйүшпөгөндүктүн өзү бир тарабын өлүмгө, бир тарабын өмүргө жеткирбей такыр тынбайт. Аны башкалар билбесе да, Малабаш жезде Сиз билүүгө тийишсиз. Манабу менин башымдын чачы манап кайнатаңа телинем деп жүрүп агарбады беле? Канчалык телинсем да бир жолу ийип койгонун көргөнүң барбы?

Манап кайнатаң маа окшогондордун өзү эле эмес, «мүрүнө кастык иштерди иштеди? Анысын көрбөй, билбей жүрдүиүз беле? Биз сиздин өзүңүз ким экендигиңизди да жакшы билебиз, Малабаш жезде!

Малабаш ордунан тура калды. Айтууга жүйөлүү сөз таппай,— «тоесть», «значить», «не правда», каталашасың. Сиз эмнени билесиз? Биз «инкылапчы» — ден бет тырмаар сөздөргө өттү.

— Оёско сөйкөнөм деп, Ийгилигиңер койчунун таягына сөйкөнгөн эчки болгону турат бейм? — деп бий өзүнчө күңкүлдөп жөн отура албады.

— Сиз, Малабаш жезде, «зоот», «бобрикелерге» чийки заттарды байлар гана берет. Кедейлер эмнесин берет? — деп кедей тарабын кемсинтип таштадыңыз, чынбы? Жайдын ысыгында, кыштын суугунда кайнатаңыз Качы бий малынын четине барганын көргөнсүзбү? Баккан малай, тапкан малай. Ичкен, жеген; жыргалын көргөн байманап. Манапбайсыз алардын ээлеп жүргөн малы кырылып түгөнуп кетерин Сиз кайдан билесиз?

— Тигине, Ийгилигиңер башында эле тантык эме эле, тантый бермек болбодубу — деп бий ээгин курулай сылады.

— Сиз, андай кыйын экенсиз, Малабаш жезде! Өзгө манапбайларды мындай коёлу, өзүңүздүн кайнатаңызды эки түнү өз жылкысын, же болбосо өзүнүн коюн төрт күнү кайтарууга көндүрүңүзчү! Эч качан көндүрө албайсыз.

Биз кедей тарабындагылардын ынтымакрашкерде болушун жактайбыз. Иштеген ишибиз да, тилеген тилегибиз да ошо. Бирок, манапбайлар менен отубуз эч качан күйүшпөйт. Алар букара кедейлерди кандай жектеп, канчалык жерип келген болсо, биз да аларды ошончолук жектей беребиз. Жерий да беребиз. Ошенткенибиз ошенткен. Сиз арачы болбой эле коюңуз!

Тигине, кол чабууну көргүңүз келсе көрө бериңиз. Алакандары кызарып кетишине да кайыл болушту.

Бийге жакыныраак отуруп калган экен. Кошомат кылганы болсо керек, баягы өтүкчү: Ийгилик андай кыйын, билерман болуп кетсе, барып оёс болуп алса болбойбу! Көөдөк урган. Келип кетип сөз угузуп жүргөндөрдүн кайрагына курчуп алган тура! Көөдөк эме, ким менен сүйлөшүп турганын билбесе керек? — деген сөздөрдү бийге да, Малабашка да угуза, угуза айтып алды.

Жыйналышты башталышы жай болсо да, тарашы катуу болуп калды. Эл тарай берерде Малабаш — Акенди таанытамын,— деди.

— Оёско каршы сез айткан эмелерди азыр эле иштен алып, өздерүн айдай кетиш керек,— деп катуукатуу сүйлөген кошоматчылар да болду.— Ошентиш керек,— деп бий, Мантек, Кашкарбай, Чаки, таңыракай сары, Чымкый кара, Касымбек, Жыртак жана башкалары өздерүнче Кужулдашты.

Малабаш коңгуроолу фаэтонго отуруп кайнатасынықына барды. Арактын калганкатканын шыпкап ичишти. Күйөө балам элдин көзүнчө ыза болуп кадыры түшө калдыбы деп бийдин жаны катуу күйүп жүрдү. Малабаш кетүүгө кам кылганда,— эй оёс бала! Тетиги кишиден туулган иттерге каптырып алып жөн эле кете бересиңби? Намысың жок белемсиң? Ит капса деле башка чабат турбайбы! Аларды айдатып ала кет! Алардын ордуна өзүбүздүн балдардан дайында,— деди.

Малабаштын элге ыза болгондугунан да, кайнатасынан ыза болгону катуу тийди. Ошондо да, сыр алдырмаксанга салып. — Эй карыя! Саясат керек. Итке да киши теңелүүчү беле? Алардын жазасын колуна жай баракат карматамын. Намыстанбай эле коё туруңуз! — деп бийди жоошутумуш болду.

— Атаа, ушуларга бир сыр көргөзүп кетсе болот эле. Намысыма күйүп кеттим!—деп бийчабалактады.

Күндөр өтө берди.

Аңылдак жеңе ары теригип, ары ээлигип кеткенин көрдү да, Сыпайы жеңе жалтайл.аган болуп,— ого эле терикчелсиз, жеңе! Бат эле бузулуп будуңчаң болуп кетесиңер, мен койдум, койгулачы, эл угат! — деп жоошутууга кириштн.

Будуңчаң түшүрүп жибергени менен, бет алышкан кишиси жалтайлай берсе аңылдак жеңе тез эле оңуна түшө калуучу. Оңуна түшө калды да — э, келин! — деп койду. Сыпайыны өзүнө каратып:— силер бий менен куда турбайсыңарбы! — деп, колундагы таш ийикти чимирипчимирип жиберди.

— Кудасы кандай?

— Какмаардын анткорлонгонун!

www.bizdin.kg

— Анткорлонгону кандай?

— Анткорлонбой эле кой, какмаар! Кубаткул бийдин кызы менен сүйлөшүп жүргөн турбайбы?

— Сүйлөшсө жаш эмелер сүйлөшүп жүрүшкөндүр. Куда болсок элден жашырып болмок белек. Көрүнөө эле болбойбузбу! Анын үстүнө бий бизди теңине албайт эмеспи!

Бий бизди теңине алмак беле деген сөзгө Аңылдак жеңе муюша түштү да — баса, ар ким, ар ким айтып жүрөт. Бийдин деле көңүлү болсо керек. Камка байбиче да оозунан түшүрбөйт — деди да, ийигин жерге сая коюп кончунан түйүнчөгүн чыгарды, бир чымчып насыбай алып тишинин түбүнө салды.

Кийинчерээк,— Кубаткул бийдин кызы Айнекти окууга алып кеткени жүрүптүр, алганы жүрсө керек,— деген сөздөр, айылда четбучкактап айтылып жүрүлдү. Окууга жөнөөр алдында Кубаткул сабыры суз болуп чүнчүгөнсүп жүрдү. Күүгүм кирди эле болду, үйгө жолобойт. Таңга жуук келет да салып койгон төшөккө жатып калат. Бийдин кызы Айнекке «ат тезегин кургатпай» ар жерден жуучу келип турду. Уезддик кызматта жүргөндөрдөн келгендер да көп болду. Бий — кызым азыр жаш — деген жоопту кайтарат. Кубаткул Айнек үчүн бел байлайт. Бирок, белин сындыра басып турган иш бар. Ошондуктан, ишти дагы бир жылга кечиктирди да, өзү окууга жүрүп кетти. Ошо күндөрдүн биринде таза жуулган кара чачты кайкайта тараган, бото көз, кара каш, толмочунан келген ак жуумал жигит бийдикине келди. Такасынын бийиктиги кеңири төрт эли келген, туура тумшук кара өтүктүн кончун чоюп, сунган бутун тартпай, муштекти бир ууртуна тиштеп, экинчи ууртунан түтүндү кол ыштыктай буркурата чыгарып бийдин төрүндө жатты. Кезеккезек жазылыгы бир укум келген сары кайыш илгичти оңдоп, жамбаш жагына ооп кеткен тапанчаны алдын көздөй тартып, жоондугу тал чыбыктай болгон өрмө кайыш боону эрмек кылып кармалайт. Бир туруп копшогондой жумуру, аппак колу менен чачын кайракайра сылайт. Бир туруп өсүп жетише элек сыйда кара мурутун сөөмдүн сырты менен жаныпжанып коёт. Эч кимге бурулуп назар салбайт. Бирөөн карамакчы болсо, кабакты чытып, каш кирпиктин алды менен карайт. Кезеккезек тамагын кырып, ырдап жиберүүчү кишиче үнүн жасайт. Үйдүн ичи толтура киши. Мантек, Бекиш, Чаки, Кашкарбай, ар айылдан куру эмес бирденэкиден киши отурат. Бирок, төрдө жаткан жигитти тике караган киши жок,жалтайлап астыртан, же кыя салып карашат.

Камка байбиче да өтө эле зымырапзыңкыйып калган. Кызы менен кайдигер бирдемени сүйлөшкөн болот. Бирок, кыздын көзү отургандардын көзүн жазгыра, мейманга кадала тушөт. Меймандын көзүнө учурай түшкөндө тик карай албай жалтайлап калат. Урматтуу меймандын төмөнкү колтугунда Бакир китеп окуган болуп ээрдин бүлкүлдөтөт. Чын пейил менен окуп жатса керек. Эч кимге назар салбайт.

Кыйлага чейин ойлонуптолгонуп, ооналактап отурду да, мейман жигит, карындаш алып кагазга каг жазды. Не жазса да көпкө жазды, жазганын кайтакайта окуп бышыктады. Кагазды бүктөп тышкы чөнтөгүнө салып, тышка чыгууга обдулду. Отургандар баштарын селт көтөрүп алышты. Бий оозун камдап бирдеме дейин деди эле, Бекиш озунду да,— Түнкатар, мейманга эшик ач! — деди. Отко жагууга ыктайлап, камдап турган колундагы отунду таштап жиберди да, тура чуркап эшик ачты.

— Эшик караңгы көрүнөт. Аркы иттерге сак бол, Түнкатар! Мейманды каап албасын, ары басып карап тур — деп Бекиш мейман кадырын билген кишисинди.

Мейман кайта киргенден кийин Түнкатар отту оңдоп жагып коюп, эч кимге байкатпай бүктөлгөн кагазды Айнекке жеткирди. Кагазды алгандан кийин энеси менен бүлкүлдөшө сүйлөштү да, Айнек өргөөгө кетти. Жарыкка салып катты окуду. Бир аздан кийин мырза жигит төмөнкү жоопту алды.

«Бир көргөн билиш, эки көргөн тааныш. Билишели, таанышалы. Жакшы атанын баласы экенсиз, сиз кол сунсаңыз биз моюн сундук. Ар жагы сиз аркылуу боло турган иш».

Айнек кайта келгенде, кош этектеп тигилген кызыл жибек көйнөктүн жерге төг\лө түшкөн этегинен галош,

маасы жылтылдап бирде көрүнсө бирде көрүнбөдү. Кептүү тигилген кызыл дукаба бешманттын жамбаштын урчугуна келген жери билинербилинбсс бүлкүлдөбөсө, башка жери боюна кыналып калган. Духаба тыштаган кыруусу сөөм кундуз тебетейдин үкүсү сеңселип, тебетейдин кайруусуна жабыла берип үлпүлдөдү. Малдын көөнүнө карабай сатып алынган сөйкө, шуру, бермет, топчулар эки омуроодо оттун чагылышына кошо жылтылдады. Кыз бурала басып бой түзөйт, сөйкөлөрү шылдырайт, көйнөктөрү шуулдайт.

Бакирдин келинчеги эшик ачып Айнекти үйдөн чыгарарда тебетейи башынан түшүп кете турган болду эле, кармай калды.— Эркенин төлгөсү жакшы, тебетейиң эшик талашып калыптыр,— деп күлдү.

— Этиңер бышты го, Бекиш! — деп бий сарыны карады.— Бышса түшүрүшсүн,— деди да, Бакирдин кулагына бүлкүлдөп бирдеме айтты. Ал кагазга бирдеме жазып мейманга сунду. Окуп көрдү да кагаздын сыртына — алып келе бергиле,— деген сөздү жазып кайта берди. Алган кагазын окуп, Бекишти карады да,— алып чыга бериңиз,— деди Бакир. Тигиниси коюнкончунан чыгарып бөтөлкөлөрдү керегенин түбүнө тизип жиберди.

— Сата турган дүкөнүнө эчтеме калтырган эмессиң го!—деп Мантек Бекиштин жөн билгилигине ыраазы боло түшкөндүгүнүн чекесин чыгарды.

Алды менен чыныга куюлган аракты мейманга сунду. Мейман алды да — аксакал келиңиз, — деп бийге жылдырды.

— Бул бизге жарашпай турган тамак! Сакалдуу башыбыз менен ичип отурганыбыз болбос! Бул силердин тамагыңар, силерге жараша турган тамак. Ыйбаа кылып сунганыңа ырахмат балам, иче гой, өзүң иче гой, балам! — деди бий.

www.bizdin.kg

Жигит колун тартпай бийге сунган бойдон туруп алды. Отургандар:—Жарыктык киши ай! Атайлап сунгандан кийин алып коюңуз!—деп жаалап жибериштн.

Эт желип болгондон кийин суу куюлуп, кол жуулду. Отургандар тиштерин чукуп, тыгылып калган эттерден тазалоого кириштн. Эл алды болуп бий тишин тазалап бүтүп, отургандарга бир сыйра көз кыдырата карады да:

— Ыраматылык атам бекер киши эмес эле. Бир жакка жолоочу жүргөндө, кара чаар жолборс алдына түшүп баштап, бири чабыттап артынан жүрүүчү экен — дей бергенде, Мантек,— артындагы жолборсу шайтан шабырдан кайтарып жүрсө керек! — деди. Мантектин сөзүнө алагды болбостон,— ошол жолборстор сүйгөн кишилерине көрүнүүчү экен, бейиши болгон атам!—деди да сөзүн кайта баштады.

— Бейиши болгон атам «Жакшылык келбейт жамандан» деп көл айтуучу. Көрсө, атамдын сөзүндө калети жок турбайбы. Жамандардын колунан жакшылык келер эмес. Береги Ийгилик жамандын уулу эл бийлеп, журт башкарсам дегенге дама кылат. Дама кылган кишинин баары эле жакшы болуп эл бийлей албайт, кудай бак айтса гана бирдемеге жарайт.

Ийгиликтин баласы жакшы болуп кеткенде да, аларды ким ээрчийт эле? Ар кайсы айылдагы тентек, элденжурттан четтеп калган бир топ бузукуларды ээрчиткенде кайда барат?— деп отургандарга кайрылды.

— Кандай кылган менен атанын баласынын гана колунан иш келет. Мына өзүңөр көрүп отурасыңар. Болочогу бар киши Кадырдай болот,— деп аны астыртан карап, отургандарга тааныштырууга кирди.

Кадырдын атасы атам менен алышыпберишип жүргөн киши. Атам өлгөндөн кийин арабыз алыстаган өңдөнүп кетти. Кадыр илгери Малабаш менен бирге окуган, көл айланасында орусча4чү бүтүргөн Малабаш менен эле Кадыр. Кадыр болсо өзүбүздүн бала. Малабаштын жан аяшпаган досу. Жанагы партиялык. белеттерди айылайылдан алам дегендерге таратып бергени туура болуптур. Акыры кишиге бериле турган белет болгондон кийин, бер деген кишиге бериш керек да?! — дегенди айтып,— Бакир сен да бирди алдыңбы?— деди.

— Алды менен Бакир алат да!—деп Мантек алчыланып койду.

Аягында сөздү кыскарта келип,— Кадыр биздин эшиктөрдү биринчи көрүп отурат. Өкмөтчүлүгүнөн башка өтмө катар иликжиликчилигибиз да бар! Минип жүргөн аты чоң болгону менен жүрүмтуруму домпуш көрүнөт. Эл ичинде жүргөн киши болгондон кийин, душман көзүнө да жакшы эмеспи. Сары жоргону мингизип чыгаргыла! Жанагы белет алгандардын да жол айтканы жакшы болор! — деп Бакирди карады. — Жанагы партиялык белеттен болсо, маада бирди берип койгула. Колдо турса андай кагаздардын зыяны тийүүчү эмес, — деди.

Кадырды мактоо жагын бий түрлүү авенге салды. Отургандар баштарың ийкешип сөзүн жөнөтө берди. Кадыр да мактоо көтөрө турган жигит болсо керек, солк этип аяк серпибеди. Жээрин жеп, ичээрин ичип, күлө карап отура берди. Кезеккезеги менен сыйда кара мурутун жаныпжанып коёт. Бирде чачын сылайт. Бирде арка жагына ооп кеткен тапанчаны алдын көздөй тартып оңдойт. Тиштеп алган муштеги бир ууртган экинчи ууртка которулуп турат. Ичкен тамагы жагымдуу болду көрүнөт. Ымшып тердеп да отурду.

— Кадыр чарчап калган окшойт. Журт үстүндө жүргөн кишилердин түйшүгү да көп болот. Жатып уктап алсын, эшик тарткыла, конок каадасын кылалы!—деп Бекиш ордунан турду. Эшик тартылып, этке тойгон эмелер бетбетинен кетти.

Эртең менен чайын берип, жөнөтөр алдында Кадырды үйдөн алыс ээрчитип барып бий сырын айтты.

Сөздү баштаганда:— «Кан баласы канга окшойт» деп сен Кадыр, бейиши болгон ажыма окшоп кетесиң! Союп каптап койгондой окшош турбайсыңбы! Сенин атаң ыраматылык ажы, баатыр да, кыстала калганда ишке жараган жана март киши эле,— деп айтайын деген сырын чаргыта келип баштады.

— Эрге намыс деген эмеспи, сени бир намысыма жарап берер бекен деп отурамын! — деди.

— Анчалык жаныңызды кейитип турган кандай ишиңиз бар эле? — деп, Кадыр күлүмсүрөдү.

— Мал керек десең, мына. Өрүштө жайылып жаткан малдын баары сеники! Баш керек десең колубуз куру эмес... — деп бий сөзүнүн аягына чыкпай, айтайын деген сөзүнүн акырын жутуп токтоду. Кылмышы бар кишиче Кадыр кызарып жалтайлай түштү да, — деги оюңуздагыны айтыңызчы! — деди.

— Оюмдагыны айтсам мына, жакында шайлооңор болот экен. Кыскасы — бийдин баласы болуш болуптур деген гана элдин сөзүн уксам деймин! Бакирге белет берип, партия кылдың! Өкмөтүңдүн мыйзам законун билет — деп, баятан бери чаргытып, айта албай отурган оюн айтып калды.

— Ал, колдогу иш эмеспи! Малабаш да четбучкактатып ал иштин жайын айтты эле!— деп Кадыр, бийдин санаасы тына турган сөздөрдү айтып, токулуп калган сары жоргого аттанып кете берди.

## VIII

— Бий болгон ата-бабаңды, ата-бабаң гана эмес, тайган тооң — Малабашыяды!.. Жөлөп турган асманың болсо менин үстүмө таштап жибер, аянба, ошент!— деген Ийгиликтин ачуулу үнү, Чыр-Дөбөдө отургандардын ортосунан катуукатуу чыкты.

— Коё берчи, ушул итти, атка сүйрөтүп өлтүрөйүн. Бийимдин ата бабасын уранаак эмени!—деп Мантек жулунду.

— Эмесе сени да кошуп урдум,— дейт Ийгилик. Аянар эмес.

www.bizdin.kg

— Ийгилик тилиңди тартсаңчы, кандай кокуй күн киши элең! — дешип, отургандардын бир тобу Ийгиликти тыя албай отурушат.

— Тилимди тарта жүрүп оозума да сыйбай турган болду,— деп Ийгилик үйүн көздөй кете турган болду эле, бир-экөө колуна асылды.

— Коё бергиле, кете берсин, — деди Бекиш. Ачуусу келип алган Ийгилик оозуна келген сөздүн жаманжакшысын аралаштыра, ылгабастан төгүп, бурканшаркан түштү. Дөбөдө отурган аксакал, көксакалдарды таштап баса берди. Үйүнө келгенден кийин да бир далай оолукту.

— Ого эле желигипжелпинип келдиң, сага эмне болуп кетти?—деди Сыпайы жеңе.

— Кудайды карашсачы...

— Кимди айтып жатасың?

— Тогузумду бер дейт турбайбы!

— Атыжөнү жок эмне тогуз, ким бере турган, ким ала турган тогузду айтып оолугуп олтурасың? Кичине эсучун жыйыл:— Келе, жарма жуткузчу! — деди.

— Тамагың кургап, суусагыча айтышкан экенсиң го!—деген какшыктын четин чыгарды да, тура келип жарма куюп сунду. Сыр аяктагы жармадан каалгый бир жутту да, аякты өзүнөн обочолото кармап,— тогуз кара берип жетим акысынан кутул,— дешет.

Аяктагы жарманы кайтадан кылкылдата жутууга кирди. Сыпайы жеңе керегенин көзүндө турган ийигин, башына илип койгон түйдөгү менен ала келип, Ийгиликтин жанына сыңар тизелеп отура кетти.

— Качы бий — Ийгилик эришимди бузуп, келинимди чыгарып алып, башыма зордук кылды. Жетим акы сураи барсам кыңайып жооп айтпады, — деп тиги күйө баласы Малабашка арызданыптыр. — Доосун бүткөруп бер деп, тиги Сарыга арызын кайтарып жибериптир. Сары уезддин буйругун бүткөзүүчүмүн деп үч уруктун аксакалкөксакалдарын Чыр-Дөбөгө чогултуптур, — дей бергенде, — эмнеге бүтүм кылдыңар? — деп, сөздү Сыпайы жеңе үзө тартты.

— Бүтүмгө келишкенибиз жок. Уруша кетип баса бердим.

— Ким менен уруштуң?

— А дегенде бийди сөгүп кирдим эле, кызыйкызый ал жерде отурган атка минерлерден тилим тийбегени калган жок көрүнөт.

— Ээ, кокуй! Сакалдуу киши, тиги бийге да тилиң тийип калдыбы?

— Тил тийгенди айтат, бийдин атабаба, тукумжурааты, калаада жүргөн күйөө, кызына чейин жетип бардым көрүнөт.

— Бийдин каарына калган киши оң болбойт дешчү эле,— деп Сыпайы жеңе кийине баштады.

Оолугарын оолугуп коюп, жарма жутуп боюн токтотқондон кийин Ийгиликтин өзү да чочулап калды.Бирок, аялынын көзүнө кайраттуурак турайын деген намыс менен,— жөлөп турган асманы болсо таштап жиберсин. Бийден коркуп жүрүп «кой башындай жүрөктөн, кол башындай да калган жок» деп кабагын чытып, оңдонуп койду. Сакалынын учун кайрып тиши менен тиштеди. Анан анысын кайта коё берип,— Совет аман болсо болду, — дедн.

— Сени күжүлдөгөн баатыр кылып отурган совет эмеспи!—деди ийигинин сабын жерге сайып,— Совет өкмөтү убагында жетим акы берүү жок дейт турбайбы?

— Малабаштын өзүнөн буйрук бар дейт!

— Эмне деген?

— Бүтүштүргүн деген.

— Уездден буйрук болсо бёрбей кутула албайбыз го?

— Неси болсо да, болуш жактагыларга барайын,— деп атын токунду.

— О, Ийгилик, бери кел!

— Кайран көкжал келе жатпайбы!— деп бирөө анткорлонду.

— Деги эр экен,— деди Ийгиликти атайын уксун деген ой менен келгендердин бири!

Ийгилик келгенден кийин, кайдигер сөздөрдү айтышып бир кыйла олтурушту. Ишилик сен тентектик кылып койдуң!— деди Бекиш сары.— Тентектигиң ошол: биринчиден, ошончолук аксакалкөксакалды көзүнө илбедиң! Экинчиден, бийге баарыбызга тилиң тийди! Үчүнчүдөн, «өкмөт куда эмес, кудадан жуда эмес» деп, азыркы өкмөтүбүздү, бир уезд элдин башын кармап отурган Малабашка тилиң тийди! Чынбы?!

Отургандар:—Туура айтып жатат, сен ошентип койдуң, Ийгилик!— дешти.

— Ырас, бир эсептен ошондой да болуп калды! —деди Ийгилик.

— Ийгиликтин сөзү кандай чыгар экен,— деп отурган Бекиш,— бир эсеби кандай? — деп каңкуулады.

Комдонуп отурду да, Ийгилик — Бекиш мырза, каңкуулабасаң деле бир эсебин айтканы отурам,— деди эле,— айтсын, айтсын! Айтканы жакшы,— деп отургандар Ийгиликти сүрөгөн болуп коюшту.

— Бир эсеби ошол! Кишинин жаны карарса бий эмес, жараткан кудайды да сегөт,— деп Ийгилик сөзүн жөнөтүп келе жатканда,— деги, кудайга тил тийгизбей сүйлөчү!—деп Кашкарбай сөздөн өксутүп кетти.

— Жан карарса кудайга да кишинин тили тиет,— деп Ийгилик башынан кайта түштү.— Бий ар качандан бир качан жалын болуп өрттөп, чок болуп куйкалап келе жатпайбы? Күйүп кеткенимден тилдегеним ырас...

www.bizdin.kg

— Ийгилик, сен өтө баатыр болуп кеттиң,— деп Бекиш сөз кезегин ала турган болду эле, Чаке тууралан чыкты.— Ийгилик жаңы өкмөткө абдан азгырылып алган киши турбайбы!— деп кейиген кишинин кейпине келе түштү.

— Бекиш, сен мени баатыр болуп кеттиң дейсиң. «Коркокту көп эле кубалай берсе баатыр болот» деген

турбайбы, байыркылар! Баатыр болуп кетсем баатыр кылып жиберген өзүңөр! Анын эмнесине таңыркагандай?— деп тигиле карады.

— Сени эле элден өзгөчө кубалап жүргөн ким? Партия болом, деп балакетти башыңа үйүп жүргөн өзүң эмессиңби! —: деди Мантек.

— Ата-бабамдан эчтеме калтырбай сөктү. Өкмөткө акаарат кылды. Уездге барып арызданам,— деп бий аттанганынан аке-жаке деп асты үстүнө түшүп аксакалдар араң токтотушту. «Ачуу шайтан, акыл дос» деп, Ийгиликтин ачуусу тарагандыр, барып жооптошкула — деп бизди жибериштн. Айта турган жообуң барбы? Жаакташып отура бербестен иштин ошол жагын сүйлөшөлү! — деди, жаагы ачылып калган.Бекиш.

— Ырас, ошол жагын сүйлөшөлү! — дешип отургандар анын сөзүн дагы жөнөтө беришти.

— Тилим тийгени ырас! Жаным күйүп кеткенден кийин тилдедим, андан башка эмне айтат элем!

— Тилиң тийсе, бийдин аягына жыгыл,— деди акыраңдай карап Бекиш.

— Жыгыла жүрүп чарчадым, эми жыгыла бере албайм.

— Мынабу келген аксакалдар сени киши деп, ачуусу менен бир балакетке учурап калабы деп, туугандыгынан, күйгөндүгүнөн келип олтурушат. Оңчулуктуу жообуңду айт! — деп Бекиш алчыланды. Отургандар,— ырас айтат,— деп дагы жөнөтө беришти.

— Бекиш ырас айтса, мен да ырасымды айтып отурам.

— Жанагы келип жүргөн «ополдомочундордун» сөзүнө курчуп алган эме тура,— деп Чаки кабагын чытыды.

— Качанга эле мокоп жүрөм? Өзүңөр ойлогулачы! Бийдин алдына эче жолу басып бердиңер?

— Советине сүйөнүп көкөлөп алган эме тура!—деп Кашкарбаи оңдонуп отурду.

— Советтен айланайын! Совет болбосо жана эле Чыр-Дөбөдө сүйрөтүп өлтүрбөйт белеңер? Баса калып эле будалай коюучу эмес белеңер?

— Сен бекер кежирлик кылып олтурасың, Ийгилик! Советиң азыр биздин бий болуп отурбайбы? Мурун бий болсо, азыр уезд болбодубу? Биз сени кыстабайбыз.

Аягында өзүң өкүнүп, бармагыңды тиштеп калбасаң эле болду,— деп Бекиш тескери карады.

— Биз сага күйгөнүбүздөн келип отурабыз.

— Боор ооруп келгениңерге ырахмат!

— Ошентип элде», журттан чыкканы отурасыңбы, Ийгилик! — деп Сары катуу тамылжыды.

— Элден, көптөн чыкпаймын. Ошондо да бийиңердин аягына жыгыла бере турган шайым жок.

— МунуНар бузулган киши турбайбы? «Башы баш, багалчагы кара таш» Жүргүлө аттанабыз,— деп Кашкарбай тура жөнөдү.

— Тууган милдетинен кутулдук. Көп эле асыла бербегиле, өз убалы өзүнө,— деп, Сары ордунан туруп кетти.

## IX

— Сельсоветтин наамы «Олжобайдын» атына коюлсун, атагы сакталып калсын,— деп бий дагы чатак чыгарды. Күйөө баласы уезддик советке председатель болгондон бери ал өзүн уезд сезе турган болуп алды.— Ар кайсы айылгабирден ат тартуу берейин, сельсоветтин наамы менин атамдын наамына калсын,— деп Букуй бай да жөн жүргөнү жок.— «Ат тарткан» урууга бере турган болсоңор бирден атты азыр эле алгыла! Сельсовет менин атамдын наамына калсын,— деп Чаки да өз ара сөз жүргүздү.

Айыл атка минерлеринин аңгы намысы айылдын тынчын кетирди. Уруучулук делебесин козгоду. Уруу өкүлдөрү аттан түшпөй делпилдешти. Ар кайсы айыл өзүнчө сельсовет болобуз деп дүүлүгүштү. Үч урууну бөлүндү кылып жиберип өзүнүн аз гана туугандары менен кала берүү бий үчүн комсоо көрүндү. Акырында атасынын атагы калбаса да, берки букара айылдарды колунан чыгарбаска, ошондо да кичине эле эби келе калса атасынын атагын калтырууга аракеттене берди.

«Сельсоветтин наамы эмне болсун» деген талаш менен «кыштак кайсы жерге түшсүн» деген талаш катар жүрдү. Ар кайсы айылдын байлары өз кыштоолорунан которулгулары келбеди. Алар «атабабадан калган, өсүпөнгөн оруночогубуз эле» деген жүйөнү айтып тура келишти. Акырында бий Малабашка бир бээсин жетелей барып, тыякбыягы менен сүйлөштү. Сельсоветтин наамы «Олжобай», кыштактын башы—Олжобай баатырдын кыштоосу болсун,— деген кагазды алып келди. «Ар качандан бир качан бий үстөмдүгүн койбойт»— деп башка урууларды өкүлдөрү нааразы болду. Жаат куроо күч алды. Ар кайсы айылдын атка минерлери өзү — өзү боло албай калса өзүнүн тилинен чыкпай турган өз кишисин Сельсоветке өткөрүүнүн аракетинде болду. «Чоң атанын» атка минерлери — атанын намысын кетирбейли,— деген сөздү ишке салса, качанга эле чоң атанын балдарынын көзүн карап жүрөбүз! — деген «урааанды» букаранын атка минерлери көтөрдү.

www.bizdin.kg

Акыры, «такалуудан тай калбай», шайлоо чогулушуна бардыгы тегиз келди. Чоңураак көрүнсүн дешип жашы жете элек балдарга чоң кишинин кийимин калыңдап кийгизип, караан көбөйткөн уруулар да болду. Кол кемип калат дешип төрөгөнү толготуп отурган келинди алып келгендери да болуптур, шайлоо үстүндө, ошол жерде төрөп койду. Анын атын ошо жерде эле «шайлоо» коё салышты.

Ар айылдын адамдары өзүнчө, бөлүнөжарыла өздөрүнчө отурушту. Жалпы жону үчкө бөлүндү. Адашып кетип колун башка урууга көтөрүп жибербесин деген кокустуктан сактанышып ар уруу бирден кишиге «боо тагышты», ар ким өзүнүн «боо тагылган» адамына карап кол көтөрмөк болду. «Боо тагылган» адамдарды өз тобунун алды жагына көрүнө отургузушту.

Шайлоочулардын артыкийини тегиз жыйылган кезде, «Шайлоо жобосун түшүндүрөм» деп Кадырополномочун сөз сүйлөдү. Отургандардын кулагына сөз деле кире коёр эмес, шайлоонун өзүн баштоого ашыгып отурушту.

Кадыр сүйлөп бүткөндөн кийин сөз сурап алды да, Ийгилик сүйлөдү. Ал сөзүн — жолдош Кадыр шайлоо жобосун толук айтканы жок,— деп баштады да, столду ыгыра таянды.— Кечке эле эзип айта бермек беле! Жакшы эле айтты,— деп бий анын сөзүнө тийип өттү. Ийгилик сурдана калды.— Керектүү сөздү кечке айтса да көптүк кылбайт,— деп сөзүн узатты.

— Кадыр жолдош шайлооло, шайлануунун кандай адам укуктуу, кандай кишилер укуксуз болот, ошол жагын айтпай кетти! — деп Ийгилик атайын аттап өткөн ңегиздерди ачып айтты. Шайлоочулардын арасы дүүлүгө түштү.— Андай болгондо киши калбайт го!— деген үндөр да чыкты.

— Түшүнсөңөр шайлоону баштайлы,— деди Кадыр.

— Шайлоону баштаардын алдында шайлоого укуксуздарды бул жерден кетириш керек, тизмеси мындан 15 күн илгери илинген! Алар бул жерде отурушат. Ошолор менен бирге отуруп шайлоо өтүүчү беле! — деди Ийгилик.

— Туура айтат,— деп Борбук кыйкырып тура калды. Анын бир жакшы жери, ошондой кысталыш боло калганда сүйлөп түшүндүрө албаса да, туура сүйлөгөн кишинин сөзүн сүрөп кетүүчү.

— Ийгилик өзү эле өткөрө турган шайлоо болсо, элди эмнеге чакырдыңар?— деп Мантек ордунан ыргып, турду.

— Укуксуздарды чакырган эмеспиз. Кайта алар алыс жүрсүн деп мындан 15 күн илгери тизмелерин көрүнөө жерлерге илип таштаганбыз,— деп Борбук үнүн дагы катуу чыгарды. Шайлоочулар менен шайлоого укуксуздар жаакташып айтыша кетти.

— Бул Ийгиликтин чыгарып жүргөн мыйзамы да! Андай мыйзам жок. Мен Малабаштан сураганмын,— деп Малабашынын аты менен соода кылып, бий да катуулады.

— Ийгилик эмне, Кадырдан кыйын билмек беле,— деп өтүкчү да бийине жан тарткан сөзүн еүйлөй чыкты.

— Байга жарды тең дебеди беле? Андай болгондон кийин бай, жардысы жок эле өткөрө берсек боло? — деп Бекиш да элдин бир четине кутку салды.— Эрте күндү кеч кылбай укуксуздар кеткилечи!— деген үндөр уламдан улам үстөм боло берди.

Укуксуздардын тизмеси окулганда биринчи болуп бийдин атычыкты. Эңсеси кесиле түшкөн бий улутунуп ордунан турду да, жыйналышты башкарып отургандарга карап: — Мен да «кеминисмин». Бакир да «кеминис». Партиялык белетибиз бар. Мына. Карабайсыңарбы? Кантип укуксуз кыласыңар? Натуура! Андай мыйзам жок. Мен тигил уездиңерге, Малабашка барып арызданамын,— деп оңураңдады. Эч ким жооп айтпады. Акыры кежигеси кер тартып, илеңсалаң басып кете беришке лажысыз болду.

«Балтыр бит башка чыкты го» — деп шайлоо чогулушунаы куугунтук жеп ардыга, кордуга каарданып бий үйүнө барды. Кара көк тартып чыңалып, ийни менен демигип үстүүстүнө улутунду. Кадыр кетип калдыбы? — деп уламулам сурады.

Бийдин арданышы Камка байбиченин да, кыз-келиндеринин да ызасын келтирди. Жылдыздары өчө түштү. Бий күңгүрөнүп,— Ийгилик, Ийгилик,— деди.

— Ошончоңор жүрүп бир Ийгиликче болбойт бекенсиңер! — деп Камка байбиченин ыраңы кубулду. Анткени,— Бакириң сельсоветке председателдикке шайланды,— деген кабарды күтүп отурган.

— Совети бар экен. Закону бар экен, боло албайт экенбиз...

— Колуна бычак берип бирөөн тукуруп койбойсуңарбы?

— Ким колдуу болгонун Совет билбей койгону турабы? Ошондой болсо да Малабаш менен кеңешип көрүш керек, — деп бий дагы демикти.

Үй-бүлөсү менен советке, Ийгиликке кекенип отурганда, аттардын дүбүртү угулду. Бий сезденип, түзүн өзгөртүп отургуча тигилер кирип келишти. Алар, баягында бийдин кепилдиги менен Кадырдан белет алган «партиялар» экен. Алар жайланышып отурар менен бий кабагын чытып,— ушунчаң жүрүп бир Ийгиликче боло албадыңарбы? — деп тигилердин намысына тие баглтады.— Кадыр кетип калдыбы? — деди да,— аныңарда ишенчиликти актай албады го? — деп демикти.

Келгендер жер карады, отура беришти. Кыйладан кийин Бекиш уучундагы таштарды бир колунан экинчи колуна чубуртуп, чубуртуп турган таштарына үңүлө карап — Ийгилик баштаган партия, комсомол, кошчулар биз гана эмес, Кадырыңарды да ак мокотушту го! Уялганынан кайрылбастан кетип калды. Бир сапарында жеңилерин жеңилдик, мындан ары эмне кылышыбыз керек!? —• деп түнөрүп отурган бийди карады.

www.bizdin.kg

— Чайкаш керек, чайкаш... Айылды айылга, урууну урууга бөлүп кагыштыра бериш керек. Ооба, кагылыштыра бериш керек. Бир уруунун кишиси экинчи уруунун үйүнөн кирип от ала албагандай болсун! Өзүңөр бир ооздо болгула,— деп бий кекенекекене, үнүн да керечоё чыгарды.

Кызыйкызый барынын жаактары ачылып, тилдери чыкты. Камка байбиче да бир жагынан жарлык боло отурду. Олунаолуна сүйлөшүп, кагылыша кармашууга бел байлашты.— Тилиңерден чыкпай турган тетигирээк балдардан комсомолуна да, партиясына да, кошчусуна да өткөрө бергиле,— деген сөздү бий зкиүч кайтарып айтты.

Тигилер аттанар менен:— Баягы Кубаткул деген баладан кабар бар бекен, биле алдыңарбы? — деп бий Камка байбичеге карады.

— Ал баланыкандайча күсөп калдыңыз?

— Кыздарың кат алышат бекен?

— Анчалык эле эмне такып сурап калдыңыз?

— Ошол баланын башын чатып коюш керек эле... Байбичеси түшүндү. Күлүмсүрөп эчтеме айтпай тим

болду.

■— Ийгилик менен анын кемпирине аяк, табак катыштырып, бойго үйүр кыла жүрсөң болор эле,— деп эмне максат менен айтып жаткандыгын да бий түшүндүрө отурду.

Ошол учурда Букуй байдын бир баласы салам айтып кирип келди. Баланын келишинин жайын сурашты.

— Атам Малабаштын агасы Токомо бир бээ жетелеп барып, ошол киши аркылуу той берүүгө Малабаштан уруксат алып келди эле. Байлардын бир тобунун бере турган өлүк карызы — ашы бар экен! Бир тобунун ак тилек тою да бар көрүнөт. Ошолордун баары биздикине чогулуп келишиптир. Бул үйдөн азыр аттангандар да биздикине барып түштү. Сизди чакыртып жиберишти эле! — деди бала.

— Токого барып, аны жакшы киши кылып Малабашка салбай эле, маа келишсе, бээси жок эле өзүм уруксат алып бербейт белем? — деп Букуй байдын Токого барышын бий жаратпады. «Малабашка менден Токо кадырлуу деп ойлогондорубу! Букуйдун менсиз өз бети менен кеткени кандай?» деп ичинен ойлонду, чакырган жерге аттанып кетти. Ошо түнү Ийгиликтин үйүндө мындай бир, коркунучтуу окуя болду.

Түн ортосу ооп калган. Кылыч, мылтыгын асынган үч киши Ийгиликтин үйүнө кирди. Экөө ат кармап кепенин артында турду.

— Үй кимдики?

— Ийгиликтики?

— Ийгиликтики болсо туруп от жарык кылгыла! Сыпайы жеңе туруп от жылтыратты.— Уезддин буйругу бар, үйүңөрдү, короожайыңарды тинтебиз, уруксат кыласыздар! Уруксат кылар болсоңор, уруксат бердик деп кол коюп бериңиздер! — Тинтүүгө попотойлор да катышат,— деди тургандардын бирөө.

— Жакшы болот, уезддин буйругун окуп бербейсизби, угуп коёюн!

Өзүлөрүнчө сүйлөшө калды да, анан бирөө окуп берди:

«Уездик милициянын начальнигине!

Ишеничтүү кишиден алган тыкыр кабарга караганда, Олжобай айлынын адамы Ийгилик күздөн бери камынып, жаракжабдык даярдап, банда уюштурган жана көп апийим камдап кача турган болуп калыптыр. Ушул буйрукту алып барган киши менен бирге бир топ милиция жибер, бандаларды бүгүнкү түндөн калтырбай кармап айдап келишсин».

— Болуптур. Үйөзүнөрдүн буйругун аткара бергиле,— деп Ийгилик төшөгүнөн козголбоду. Понотойлору Кашкарбай, Чаки, Мантек үчөө экен, алары да келди. Тинтүү Ийгиликтин мал короосунун сыртынан, сересинин үстүнөн башталды. Шек санаган жерлерин кылыч менен да, беш атардын сүмбөсү менен да бишкектешти. Тыштан акмокогондон кийин үйдүн ичин аңтар-теңтер кылышты. Супсундары сууп попорос тартышты. Кайта тинтишти. Курал жабдык турсун толтолу бычак да табыш пады. Апийим түгүл уйдун тезеги да чыккан жок—эми эмне кылыш керек, — дешти. Эриндерин түйрүштү, моюндарын кылжыйтышты, ийиндерин куушурушту.— Айдап кел деген кишисин айдап кете бербейлиби? Калганын үйөз өзү териштирип алар,— деди кылыч асынып турган желки сары. Ал, ашта, тойдо, мейманчылыкта Малабашты ээрчип артынан калбаган, дат баскан чолок кылычты күндүз ийнинен, түн ичинде койнунан чыгарбай кучактап жаткан, күндүртүндүр Малабаштын үйүнөн кетпеген өзүнчө жүргөн бир алман жан эле. Ал милиция кызматында эмес. Керектен чыккан бир кылычты Малабаш бердирип койгон, ээнчиликте анысы да өзүнчө бир Малабаш.

— Сени бул жерге ким чакырды? — деп калды аркы тургандардын бири. Желки сары өзүн баага батырбай жыртаңдады:— сен барбасаң болбойт, кошо баргын деп үйөз өзү жумшады!..

Беркилер анын сөзүнө кулак койгон жок. Эчтеме табылбагандыгы жөнүндө акт түзүп Мантек, Чаки, Кашкарбайдын бармактарын бастырып алышты.

— Ийгилик, Кутчу, Борбуктар түндө качып жоголууга камынган экен. Бекиш барып каладан киши алып келип карматыптыр. Түндө айдап алып кетиптир,— деген сөз таңдын алды менен айылга тарап кетти.— Үйлөрүндө эле жүрбөйбү? — дешсе да болбой,— адам Бекиш өз оозу менен айтпадыбы!

www.bizdin.kg

Бекиштен кыйынсыңарбы! — деп Аңылдак жеңе да түшкө чейин жогорку ушакты айтып элге моюн бербей жүрдү.

Кечээ күнкү шайлоодо куугунтук жеген шылуундар кечинде Букуй байдын тоюна чогулушат. Кеңешежарыша отуруп он кадак апийим, ар кимдердин эски мылтыктарынан алтыны таап Ийгиликтин тамаркасына каттырышат. Аны билип калган бирөө Кутчу менен Борбукка жеткирет. Ийгиликке билдирбестен тигил экөө апийим, мылтыктарды түн бою ГПУга тапшырып келет. Ийгилик эчтемени билген жок, тынч кала берди. Кутчу менен Борбук билмексен болушту. Бирок, кастык уюштургандар он кадак апийим, алты мылтык жөнүндө көпкө чейин ыйкытыйкы болушту. Ийгиликке жалаа жабалы демиш болуп, он кадак апийимди өзү алып койгон болсо керек дешип, шылуундар бийдин өзүнөн шек санап калышты.

## X

«Союз кошчу» уюмунун чогулушу бүтүп, калк тароого баш коюп калган. Кылыч асынган бирөө келди да:— Ийгилик деген киши бул жерде барбы? — деп четте турган бирөөнөн сурай калды. Тиги киши көрсөтүп койду. Кылыч асынган жигит барып салам айтты. Көзүн ымдап ал жерде тургандардан бөлүп чыкты. Экөө бүлкүлдөшүп

сүйлөшкөндөн кийин Ийгилик барды да токулуу турган атына минди. Эч кимге эчтеме айтпастан тиги жигитке кошулуп жүрүп кетти. Ал жерде тургандар — өздөрүнчө жумуштары бар го,— деп кала берди. Эч ким эчтеме ойлогон жок. Эч кандай сөздөр да болбоду. Ар кимиси атына минип туш-тушка тарады. Бирок, кылыч асынган бирөө Ийгиликти алып кеткенин укканда Качы бий катуу кудайлады.

Мындан үч күн мурда: — Ийгилик он алты солдат өлтүргөн. Тоого катып койгон он алты беш атары, он алты кылычы, бир «милимоту» бар. Көп апийим чогултуп алды. Качууга даяр турат. Андан коркуп айыл адамдары кечкисин үйүнөн чыгалбай калды. Же бул жердеги элди жоготкула, же болбосо Ийгиликти жоготкула. Экөөнүн бирин тезирээк иштебесеңер эртең болбосо да бүрсүгүнү Ийгиликтин басмачы болуп кеткенин көрөсүңөр,— деген мааниде бий ГПУга кагаз өткөргөн. Ошо кагаз менен Ийгиликти сойгон экемин деди. Бекиш, Кашкарбай, Чаки, Мантек жана башкаларын ээрчитип сельсоветке барды.

— Өкмөттүн укуругу узун эмеспи. Ийгилик эле болсо ал кайдан жөн жүрө коймок эле. Бирдин ичинен чыкмак. Өкмөттүн тузуна кара санаган эменин «башы баш, багалчагы кара таш», бара берсин. Ал эми кайта келбейт. Андаң көрө анын ордуна киши дайындап койгула. Өкмөттүн иши токтоп калбай жүрүп турсун,— деди.

— Туура айтасыз. Ал эми жарыкчылыктын бетин кайта көрбөй калды,— деп таңыракай сары бийдин сөзүн жөлөмөлөдү.

— Бийим айткандай кылыш керек. Ийгиликтин ордуна ким ылайык, ошону айткыла! — деп дагы бирөө үн кошту.

— Бийим өзү эле айта койсун! — деди Чаки. «Оозуна кире калгым бардыр» деген үмүт менен.

— Мен билсем — Бакир «Пристетил», Мантек «кентийтат» болгону жакшы болор дейм, өзүңөр байкап көргүлө! — деди бий.

— Бийим айткандай болгону эле дурус! — деп таңыракай сары жайактады.

— Өзүңөр жаман болбосоңор, мына бийлик колуңарга өттү. Билгениңердей иштей бергиле! Ара жерде калк жаман үйрөнө калды. Камчы менен сүйлөшбөсөңөр болбойт. Камчы кармаган колуңар кайраттуу болсун,— деди бий.

— Ошентпесеңер эле болбойт. Кедей тобунда жүргөн эмелер ого эле кудайсып кетишти эле. Алды менен ошолорду камчы менен «учуктап» эстерине келтире көргүлө! — деп семиз сары далысын күйшөдү.

— Ошолорду чакырталыбы? — деп Мантек бий акесине кайрылды.

— Ошентсеңер да болот.

Бийдин тобу айылдык Советтин конторасы болуп турган боз үйгө кириштн.

— Тобу менен айдатып келгенде болбойт. Бирден чакыртып жанчыш керек! — деди чымкый кара.

— Жөнү бар сөз. Бириндетип бирден чакырткыла!— деди бий. Мантек айылдык советтин сторожуна барып,— дароо жетип кошчу ячейкесинин башчысы Борбукту чакырып келе кал! — деди.

Мурда айткандын буйругун орундоого көнүп алган сторож атына тердик салып мине коюп Борбукка барды.— Сизди чакырып жатат,— деп кабар айтып кайта тартты. Бийдин тобу — кимден кийин кимди токмоктош жөнүндө сүйлөшүп алышты.

— Бетибаштарын чебердегиле. Көчүк жагын гана ийлеп таштагыла. Бардыгы бир ай суу ичип жатып тургандай болушсун. Аларды көргөндөн кийин башкалары өздөрү келип колуңарга түшүп берет,— деди бий.

Эчтемеден капары жок, Борбук саламын айтып кирип барды эле, эч кимиси алик алган жок. Сторождон ким чакырткандыгын сурабаптыр. «Ийгиликтин кетишине байланыштуу жумуш чыга калганбы» деген ой менен келе калыптыр. Тигилерди көргөндө дароо кайта тартты.

— Кармагыла!— деди бий. Мантек, Кашкарбай, Чаки кармап алып түз эле камчынын алдына ала баштады. Чымкый кара менен таңыракай тура чуркап кол жалгап жибериштн. Председателдикти ыраа

www.bizdin.kg

көрбөдү деп Бекиш бийге тарынып жана эле тескери карай бастырып кеткен. Ар жакта атын токунуп турган сторож окуяны көрө коюп токтоло калды. Анан түшүнө койду көрүнөт, үйүнө чуркап кирди да, мылтыгын ала жүгүрдү.

— Бириңди калтырбай кырып жиберемин, зулумдар! Жан керек болсо качкыла! — деп мылтыгын асманды карай бир атты. Мылтык тарс эткенде бийдин башы жерге

кире түштү. Борбукка жабылып жүргөндөр туштарапка качты. Колу бошой түшкен Борбук бийди курсакка тээптээп жиберди. Анын тебиши бийге анчалык таасир этпеди. Анткени, шайын кетирип коюшкан экен. Сторож мылтыгын оозунан кармап кундагы менен ай далыга тартып жибергенде бийдин этекжеңи далдая түшүп, көмкөрөсүнөн кетти.

Мылтыктын үнүн угуп туш тараптан алдастап келгендер окуянын чынбышыгын аныктагыча беркилер бийди жөлөптаяп атка мингизип, ала качкан бойдон жоголушту...

«Кедей тобунун кишилери «ур токмок» уюштуруп мени сабашты — деп бий арыз жаздырыптыр,— комиссия келди. Чатакты бийдин өзү баштагандыгын аныктады. Аны уккандан кийин комиссиянын жетекчисин мейманга чакыртты. Бирок, ал киши барбай койду.

— Ал андай кылса, мен мындай кылайын,— деди бий.

Комиссиянын жетекчиси «казак орус» ээр минип жүрүптүр. Анын канжыгасында булгаары куржуну бар экен, билдирбестен ага үч таңгак акча салдырып койду. «Жиберген комиссияңар паракор эмелер экен. Башкалары канча алганын көргөнүбүз жок, жетекчисинин куржунунда үч таңгак акча баратат. Үйүнө жеткирбестен аңтара койсоңор эле чыга келет. Акчага сатылып «ур токмокчуларды» актап кетишти» деген кагаз жаздырып дагы киши чаптырды.

Биринчи барган комиссияны текшериш үчүн экинчи комиссия түзүлдү. Алар жолду тосо чыгып аңтарып көрүшсө, чын эле куржунунан үч таңгак акча чыга келди. Бирок, бардыгы жарабай калган Керенский, Алматыдан чыккан «аргымак» жана Ташкенден чыккан акчалар экен.

— Жалаң гана жарабай калган акчадан пара алганы кандай? — деген суроо экинчи барган комиссиянын башын маң кылды.

— Эски акчаларды жыйнап алып, балким чет элге кеткени жүргөн эмеби,— деген шектүү пикирлер да айтылды...

Ийгиликти ким чакыртыптыр, эмне үчүн чакыртыптыр жана ал кайда барды — аны айтпастан башка сөзгө түшүп кеттик. Ошондуктан ал сөздү эми башынан кайта айтууга тийишпиз.

Чакырыкчы болуп келген жигит жанаша бастырып жай келе жатты. Кебетекешпири өтө эле комсоо көрүндү: «Коросон ата» өз учурунда бүт десең куп келиштирген түрү бар. Жүзү чөйчөк карын түспөлдөнүп оголе тармалданып турат. Жаагы да, ээги да узун. Кулак дегенди кудайы өлчөөсү жок кенен бериптир. Туура бөлүштүрсө төрт кишиге жеткидей. Шинел сөрөйү жышыла берип жаргакка айланыптыр. Калпагы гана эскинин жаңысы экен. Башына тар келишине караганда бирөөдөн убактылуу сурап кийген болсо керек. Өтүк сөрөйүнүн кончу бүтүн болсо да таманы тешилип, жулугу ыдырап, мыктары ырсайып турат.

— Ушул эле кейпи менен, ушу жигит жакшылыктын үстүнөн чыгара койбос,— деп Ийгилик катуу жазганды.— Ушул эле жигиттин оозунан кайдан эле жакшылыктуу сөз чыга койсун — деген ой менен сүйлөшө бастыруудан да тартынды. Ыркын кошпой жүрүп келатты. Акыры түтпөдү.— Оңол, жигит! Кайсы айылдансың? — деди.

— Өйүзгү айылдан. Сөөгүбүз «Белек».

— Ата, энең бар чыгар!

— Он алтынчы жылы жеп койгонбуз...

— Бир туугандарың бардыр!

— Бар. Улуусу да, сулуусу да менмин.

— Ошондой де. Оңол жигит, оңол! Мени сен чакырып баратасыңбы, же айдап баратасыңбы? Ошону айтчы!

— Өзүңүз айтыңызчы! Айдап баратамбы, же чакырып баратамбы?

— Айдакчы киши акылдатып артына түшүп алуучу эле. Сен жанаша бастырып жай баратасың.

— Кам санабаңыз. Жайчылык. Артыңызга түшүп акылдатып айдай турган эчтемеңиз жок.

— Макул. Жайчылык болсун. Мени эми кайда алып барасың?

— Укомпартияга!

— Укомпартияга дечи!

— Ооба. Уезддик партия комитетине.

— Онол балам, онол! Бу кандай чакырык. Билерсиң. , Жакшылыгынабы, же жамандыгынабы?

— Укомпартиянын чакырыгы жаман болбойт.

— Оозуңда бардыр. Кандай мекеменин чакырыгы жакшы болбойт?

— Сот. Прокурор. ГПУ. Милийсе. Алардын жумушу айыптуу, кылмыштуу кишилер менен болот турбайбы.

— Оңол балам, оңол! Жакшы мекемеге, жакшылыкка чакырылып баратасың дечи!

— Ооба, бай аке!

— Сен эмне оёздук партия кемитетинде жасоол болуп иштейсиңби?!

— Жок, бай аке! Партиялык комитет жасоол жумшабайт.

www.bizdin.kg

— Баса дейм да. Тиги асынып жургөн кылычыңа карата айтканым го! Кылыч өзүндүкүбү?

Жигит күлүп жиберди.

— Күлгөндүн билгени бар. Күлүшүңдүн жөнүн айта жур. Бекер күлгөнүң жок.

Жигит дагы күлдү. Жөнжайын бир баштан айтып жүрүп отурду. Шаарга окуу издеп келиптир. Окууга баруучулар күз күндөрүндө кетерин уккандан кийин, уезддик аткаруу комитетине ат багар болуп кала туруптур.

— Оёздун ат багарымын дечи!

— Ооба, бай аке!

— Оёздун ат багары да кылыч асынып жүрөт экен го?

— Ат багуу үчүн кылычтын керегн эмне, бай аке! Сизди чакырып келиш үчүн кылыч асыныш керек болду.

— Кандайча? Кылычсыз барсаң мен келбей коёт белем?

— Өңүтүсүм ал болсо, кийимкечем бул болсо кылычсыз барсам сиз менин сөзүмө ишенбейт элеңиз го, бай аке!

— Онол балам, онол! Тууря айтасың. Анан бу кылычты кайдан алып байлана койдун?

— Малабаш уездин Жыртак деген жигити бар. Балким көргөндүрсүз. Бу кылыч ошонуку. Мунусун асынбаса ал үйдөн сүйрөсөңүз да тышка чыкпайт. Кабы менен сабы гана бар. Мынакей,— деп сууруп алса, анысынын алкымынан төмөнкүсү жок. Сынып жоголуптур. Мултуюп туткасы менен алкым жагында бир карыштай темири жүрөт.

— Чыныңызды айтыңызчы, бай аке! Сиз мени ээрчип келатасызбы, же мынабу мултуйган бир карыш темирди ээрчип келатасызбы?

— Жигит болбосоң коё кал! Туура айтасың. Ошол кылыч сөрөйүңдү ээрчип келатам. Ошонуң ээрчитип келатат,— деп Ийгилик камчысы менен өз санын өзү чаап алды. Каткырып күлдү.— Окуу издей турган жөнүң бар экен. Ак жолуң ачылгысы бардыр,— деди. Жигит «зарыгам», «талыгам», «жалыгам», «кол кыска» деген сөздөргө сөз жалгап обон салды. Ыр ырдап келе берди. Шаарга кире берерде гана тыйылды.

— Жигиттин чырагы кырк. Бири өчсө, бири жанып турат. Жаны барда жабыгыш жаман иш. Дээриңде бар сергек жигит көрүнөсүң. Талпына бер. Маскөөсүнө да, Ташкенине да. Тилегиң кабыл болгусу бардыр...

Кайрат боло турган ошондой сөздөрдүн бир тобун Ийгилик аке айта жүрдү. Акырында «саргара жортсоң, кызара бөртөсүң» деген элдик сөздү кошумчалап тим болду.— Адамдын адамкерчилиги сырткы көрүнүшүндө болбостон ичинде, ички мүнөзүндө, пейлинде болот турбайбы дегенди ойлоп жигитти тиктеп койду. Биринчи көргөндөгүдөй түрү суук болбостон жылуу көрүнүп калышын байкады. «Айбан искешкиче, адам сүйлөшкүчө» деген ушу турбайбы — деди купуя. Бирок, жигит Малабаш уездин атбагары болсо, кылыч сөрөйү анын жыртак жигитиники экен. Көйүтүп отуруп бир жерге — жамандыкка түртүп таштай турган эмеби деген убайым көкүрөгүнөн кетпей койду.

— Мына, келип калдык, бай аке! — деди жигит.

— Келип калсак кантет элек. Болуптур,— деди Ийгилик.

Төркү бөлмөнүн кире беришинде бир жигит отуруптур.— Чакырткан кишиңер мына, келди,— деди берки жигит. — Келсе болуптур, — деди анысы. Тигиниси жылт коюп чыгып кетти. Мунусу төркү бөлмөгө кирип тез эле кайта чыкты.— Чечиниңиз! — деп чепкенин сыйрып алды. Тебетейине кошуп илгичке илип койду. Төркү үйдүн эшигин ачып—кириниз! — дегенде Ийгилик аке тула бою ымырчымыр боло калгандыгын сезди.— Жанагы түрү бузук шайтан кайда, кандай эмесине түртө салып жылт койду экен,— деп санаасы сай таппай чочулады.

— Неге кы.ңырыласыз. Кире бериңиз.

— Кире бергенди коё тур жигит. Кайсы эшиктен кандай тешикке киргизмекчисиң. Кимге, кайдагы эмеге жолуктурмакчысыц? Алды менен ошону айтып койчу!

— Партиябыздын уездик комитетинин секретарына.

— Ошондой де. Бул жерде Малабаш оёс жокпу?

— Жок.

Төрдө жалгыз отурган киши тура келип учурашып, отурууга орундук көрсөткөндө гана Ийгилик аке эс учун жыя баштады. Бошон түшкөн боюн токтотуп өзүн өзү колго алууга өттү. Кире бериште отурган жигит тилмеч экен. Бери карап аркынын сөзүн айтып, ары карап беркинин сөзүн айтып орто жерде болду. Кыйла сөздөрдөн кийин секретарь саат тамасын карады. Калган сөздү орой көзү чарай чогуу отуруп кечинде сүйлөшөлү дегенди айтты. Кайта чыкканда тилмеч жигит Ийгилик акенин чепкенин кийгизип, тебетейин колуна берди.

Кечинде келсе тилмеч жигит ордунда экен. Дароо чепкенин чечтнрип иле сала алып кирди. Он ашуун киши отуруптур. Секретардын бир жагында Малабаш, бир жагында Кадыр отуруптур. Аларды көргөндө жүрөгү шуу дей түшкөнсүдү. Орун алып, көчүк басар замат секретарь тилмеч аркылуу суроо жүгүртүүгө өттү.

— Сиз, жолдош Ийгилик, «Үчурук» селосунда үч гана коммунист барбыз деген элеңиз. Көп турбайсыздарбы?

www.bizdin.kg

— Мен үчөөнөн башкасын билбейт элем. Көрбөсөм да керек. Аттары айтылса, балким билермин,— деп ордунан турду.

— Олжобай уулу Качыны билерсиз!

— Билем. «Үчурук» калкын айдап жүргүзүп, ийрип жаткызып келген. Ары бий. Ары болуш. Теги манап. Күнү бүгүн да кулу кул бойдон. Күнү күң бойдон. Күйөө баласы оёз — дегенде Малабаштын кежигеси кержеңдеп кетти.— Чынбы? — деп секретарь Малабашты карады. Анысынын оозуна —то есть, значитьтен башка сөз кирбеди. Туталанып тим болду. Бети башы дулдуюп көк боордой көгөрдү. Секретарды коомай карап алды да, кетенчиктей түштү. Анан башын шылкыйтып жер тиктеди.

— Шабданбай баласы Бекиш кандай киши? — деп секретарь дагы Ийгилик акени карай көзүн сүздү.

— Бекишпи! Кишичилиги жаман эмес. Эс десе — эси, акыл десе — акылы бар. Көп жылдар бою «Үчурук» элине старчын болуп келди. Малай күткөн жок. Теги манап....

— Малы көппү?

— Малы көп эле. Өзү төрт бир тууган. Бардыгы балачакалуу, малдуу кишилер. Бекиштин малын өз малдарына кошуп чогуу багышат.

— Аялы канча?

— Бирөө.

— Качы бийдикичи?

— Үчөө.

— Койлубай баласы Мантек кандай киши?

— Мантек кодоңдогон кортук киши. Биздин уруудан. Сөөгү Жамгырчы. Сүткор. Кызыл кулак. Малай жалдайт.

— Тууганбай баласы Чакини да билерсиз?

— Теги букара. Алыке уулу. Малай жалдайт.

— Сооданбек баласы Кашкарбайчы?

— Чарбасы орто. Эки катыны бар. Теги букара. Өзү Олжобайсынып калат.

— Качы баласы Бакирди да тааныpсыв!

— Тааныйм. Бийдин кичүү катынынан төрөлгөн. Жашы быйыл он сегизге не чыкты, не чыга элен.

— Аты айтылган кишилер жакында өткөн шайлоого катышты беле?

— Жок. Бардыгы шайлоо укугунан ажыратылган.

— Алардын бардыгында партиялык белет бар экен го?

— Анысын мен билбейт экенмин. Баса, бир жолу Качы бий союз кошчуга алгыла,— деп арыз бергени эсимде.

— Кабыл алдыңыздар беле?

— Жок.

. — Бу, Сизди чырчатагы көп бузуку киши дешетко?

— Андай сөздөрдү айтып жүргөндөр болсо, бетиме чыгарыңыз. Мойнума коюшсун.

— Уездин аткаруу комитетинин председатели Малабашты көпчүлүктүн көз алдында ыза кылыпсыз. Партиялык уюштуруучу Кадырга каршы акаарат сөздөрдү сүйлөпсүз.

— Туура. Экөөнө тең каршы сөз айтканым бар. Малабаш баатыр биздин «Үчурукка» күйөө бала. • Ошондуктан жезде деп коёбуз. Жездем калк алдына чыгып байларды мактап, кедейлерди кордоп сүйлөгөн. Мен сөзүнө жараша сөз айткамын. Керек болсо азырда бир баштан айтып берем. Тиги отурган Кадыр мырза шайлоо жобосун бузуп укуксуздарды катыштырмакчы болгондо, каршы чыгууга аргасыз болгонум чын.

Секретарь берки отургандарга карап: — Кимде кандай суроо бар! — дегенди айтты. Алар — түшүнүктүү,— деп түйшөлүп коюшту. Андай болсо, деди да секретарь, Эрназар уулу Ийгиликти Болуштук аткаруу комитетинин председателдигине дайындоо жөнүндө сунуш киргизди. Малабашы да, Кадыры да башкалардан мурда колдорун көтөрүп жиберди. Ийгилик таңыркай карап делдее түштү. Бир аздан соң кийинки сөздөргө түшүнбөй калгандыгын айтты.

— Эмнени, кайсы сөздү?

— Болуштук аткаруу комитетине пристетил деген сөзүңүздөрдү. Аныңар оюнуңарбы же чыныңарбы?

— Оюн сөз добушка коюлмак беле, Ийгилик аке! Токтом болбодубу?

Ийгилик аке же чыгып кетерин же отура берерин билбей дендароо болду. Эмки сөз Малабаш менен Кадырдын жекечеэлкин иштерине өттү.

## XII

Качы бий эреже катары ар дайым улуу шашкеде турар эле. Бүгүн таң ата ойгонуп башын көрдү.— Ой катын, козгол! — деп Камкасын капталга нукуду. Анысы башын көтөрбөстөн,— эмне болуп кетти, түшүнөн чочугансып,— деп силкинди. Уйкуга карамыкты.

— Тур. Кийин. Балдарга айт, мал союп түлөө өткөрүшсүн...

— Бийим. сизге мынчалык эмне болгон? Демейде оозуңузга кирбеген кудай, бүгүн тан ата электе оозуңуздан түшпөй калыптыр. Сыр бердиби?

— Сыр берди. Зоболобуз дагы көтөрүлөт окшойт. Тур. Эртерек, күн чыга электе мал мууздат.

www.bizdin.kg

Камкасы төшөктөн оонап турду. Кепичин бутуна коңултак илип, сүлөөсүн ичигин желбегей жамынды. Чайпала басып тышка чыгып Каракулду тапты. Бийдин буйругун айтты. Анысы булаланып тура келди. Аксаңдай басып аркы айылдагы кой короого кетти. Камка аны ээрчий карады. Бийге теңештиргенде мунун кейпи көп эле адам" сыяктуу көрүнөт,— деди тымызын, Дагы бир аз карап турду да үйгө кирди. Жууркандан көкүрөгүн жыланач чыгарып бий лөкүйүп төшөктө отуруптур. Башында чач, ээгинде же сакал, же мурут жок. Эч болбогондо кирпик, кашыг жөндүүрөк эмес. Молоо десе молоо, айтор өзүнчө бирдеме. Тырмап тешкенсип көзүнүн үлүйүп турушун кантесиң! Камкасы кирер менен бийи төшөгүнө жата кетти. Туюк союлган. өгүздүн терисинен жасалган көк чылгый меш сыяктанып көлбөдү да калды. Камкасы жыйрыла карады.— Көөнүм калса да, күнүм калды. Кантет элем, — деген сөздү купуя айтып жуупканлын астына бутун сунуп отура кетти.

Түлөөгө союлган койдун эти бир кайнаган кезде Малабаштын Жыртак жигити келди. Демейде ийнинен түшүрбөгөн кылыч сөрөйү бүгүн көрүнгөн жок. Ошондон улам кытмыр бий анын жакшы кабар менен келбегендигин дароо туюнду.

— Кел, кел Жыртак баатыр. Бөйдө кайгыдан тышкары жалпыжайык аман жатасыңарбы? Келип калышыңа жол болсун!

— Жайчылык. Жаман жок, бий аке! Жакшы кабар айтуута келдим.

— Жакшы кабар менен келгениң жакшы, Жыртак баатыр. Кана айтчы, угалы!

— Күйөө баланыздын зоболосу дагы көтөрүлмөкчү болду. Алматыга барып чоң кызматка турат экен. Ошентип, кыргыз, казактын башын өзү жалгыз кармай турган болуптур. Ичкерден ошентсин деген буйрук келиптир. Эртең болбосо да бүрсүгүнү жөнөп кете турган.

— Оозуңа май, Жыртагым, оозуна май.

Ошентип алкамыш болду. Мунун кылыч сөрөйү жок келишинен эми чындап шек урду. Ээрчитип чыгып айылдан алыс альтп барды да: — Сүйүнгөндөн маңдай жарылбайт, күйүнгөндөн жүрөк айрылбайт. Кептин чынын, болгонду болгондой айта бер Жыртагым,— деди.

Чындык сөзду Жыртагы төкпөй чачпай бир баштан эми айтып чыкты.— Партиянын уездик комитетинин бюросу түндө Ийгиликти болуштук Аткаруу комитетинин председателдигине дайындагандан кийин Малабаштыда, Кадырды да партиянын катарынан чыгарып, кызматтан алып таштаптыр. Эгерде, Кадыр ар кимдерге өз бетинче берген, тактап айтканда саткан партиялык белеттерди эки күн ичинде жыйнап келип тапшырбаса оор жазага тартыла турган болуптур.

— Аяш балаңыз Кадыр аяш атам бийиме дубайдан дубай салам айт. Берилген партиялык белеттерди чогултуп өзүңдөн берип жиберсин деп зар какшап калды,— деген сөздү Жыртак жере чоё тактап айтты.

— Анысынын, ооба белеттеринин жөнү бирдеме болор. Кейпи, аларын Алматыга ары качыш, ары арызданыш үчүн бара турган болушкан го?

— Сыягы ошондой го. Күйөө балаңыз өзүңүздөн жол каражат үмүт кылган окшоду...

— Аны өзүм да билип жатам. Бүгүн шаарга барабыз. Алышбериш кылып жүргөн бай соодагерлерден малга акча которуп берербиз. Сурамжылаган киши болсо сен мурдагы сөзүңдү айта бер. Кийинки сөздөрүңдү оозуңдан чыгарба,— деп бийи Жыртагын катуу зекиди.— Анте турган болсом кара оозума кан толбойбу!— деп анысы катуу жалтайлады.

Үйгө кайта келер менен бий:—түлөө тамагынан ооз тийишсин, — деп Бекиш, Кашкарбай, Мантек, Чакилерге бий киши жибертти. Эски оорум кармап калыптыр деп Бекиш келген жок. Башкалары кабар жетер замат чапкылап жете келишти.— Малабаш Алматыга барып кыргыз, казакка чоң болот экен,— деген сөздү чакырыкчылар дароо жеткириптир. Тигилер бийге куттук айтып учурашты. Эт желгенден кийин бий тигилерди ээрчитип айылдан алыс барды. Олчоё отуруп өнөкөтү боюнча — коош,— деп ээгин сылады.— Ошентип Малабаш Алматыга барып кыргыз,казактын башын кармай турган болуптур. Эртең болбосо, бүрсүгүнү шашылыш жолго чыгат экен. Аке деген көңүлгө жакшы. Бүгүн барып кош айтышып, анан жол каражатын камдап берсекпи дейм. Кандай дейсиңер жакшыларым? — деди.

— Антпегенде кантет элек. Ошентели. Ошентпегенде,— дешип жакшылары катуу дуулдашты.— Малабаштын аркагы көп эле тийип жүрөт. Анын жакшылыгын унутсак кудайды унутпайбызбы — дегендери да болду.

Иштин бул жагынан санаасы тынгандан кийин бий: —Калыр таратып берген партиялык белеттердин жаргысын жарууга өттү: Малабаш, Кадыр досун ала барып бир жерге чоң кыла турган болсо керек. Андан алган белеттеринердин мөөнөтү бүтүп эскирип калыптыр. Кайсы күнү Бакирге окутуп көрсөм ошондой деди. Азыр чогултуп бергиле. Жыртак баатырдан берип жиберели. Кадыр кете элег.инде же мөөнөтүн узартып берсин. Же болбосо, жанысынан жазып алмаштырып берер. Ошондой кылалы. Кана бере салгыла,— деп колун тосту. Чогултуп алгандан кийин, өзүнүкүн кымтып катып алды да, башкаларыныкын. Жыотакка берди. — Сен эртерээк бар. Кадырга айтып кой. Жанагы мен айткандай кылып койсун. Биз кечке коноого барабыз. Сен Жыртагым жөнө,— деп аны жолго салды. Иштин бул жагын мизмилдирик кыла коюп тынды.

Бийдин улуу аялы да, ортончу аялы да түлөө тамагына келишкен. Бий шаарга жөнөгөндө экөө өздөрүнчө сүйлөшүп отурган. Бий бир топ жерге узаган кезде — сен бетпак, сен шерменде дешип жаакташа кетти. Анан бирине бири оозуна эмне кирсе тартынбастан агыта берип, бирине бири ызырынды. Андай учурда айтыла турган ыплас сөздөрдү тез эле айтып бүтүрүштү. Анан ызырынуудан ыкыс берүүгө өтүштү. Кызыйкызый чашташып калды. Элечектер баштан учуп түшүп чубалды.

www.bizdin.kg

Белдемчилердин боосу үзүлүп, шыпырылды. Көйнөктөр тытылып далдалы чыкты. Жулунган чачтар бойлоруна илээшти. Биринин бетин бири аткышты. Тырмак салып тытышты. Берки үйдөгү артып калган тамакка тоорулуп жүргөндөр алардын тытышып жатышын эми гана көрүштү. Жабыла жетип койайлашты. Айыгышып калган эмелер арача бербей кажаша берди. Эми биринин ычкырын бири үзүп жыналачтап жиберүүгө камынышты. Ошол учурда бер жактан барган Камка ажыратып экөөн эки жакка алып кеткиле, деди. Каракул улуу байбичени сыга кучактап ары карай тыбыратып ала жөнөдү. Ортончу байбичени дагы бирөө ошентти. Экөө эки жакта жаактарын жанып какшанды, жедеп чарчаганда гана экөө эки жерде үстүбашын жөнгө келтирүүгө киришти. Баары бир, албадалба болуп айрылгандар эпке келбей койбоду. Муздак суу жуткуруп, экөөн эки топ ортого алып сооротушту. Биртике ыкшыйып отургандан кийин ызатары эстерине кайта түштү көрүнөт, бышактап өздөрүнчө ыйлап алышты. Берки жүргөндөр эми катыра жулмалашуудан каржалып калган эмелерди чайпай берип тоюндуруу аракетине өтүштү.

Кечке жуук эки байбичени узатып Камка айылдын четине чыкты.— Экөөн эки бөлүп эки жак менен кетирбейби. Күнүлүк кылып экөөн кайта жулмалаштырайын дегениби, — дешип көрүп тургандар камканын анысын жактырган жок. Бир кыйла жерге барып Камка экөөн токтотуп сүйлөшө баштады. Жулмалашуу эмнеден келип чыккандыгын териштирди. — Бир балаң куду эле Каракулга окшойт. Тим эле союп каптап койгондой. Ошондон төрөп жүрбө?— дептир улуу байбиче. Ортончу байбиче андай сөзгө теригип, оозунан суук сөз чыгарыптыр. Тытыша кетүүнүн башы ошол сөздөн ырбап чыгыптыр.

— Жолунар болсун байбичелерим! Мынча болду отургула. Мен силерге сыр айтып берейин, — деп Камка көчүк басты. Тигилер да ошентишти.

Бийге башым байлангандан кийин бир жыл күттүм —боюма бүтпөдү. Эки жыл күттүм — баланын кабары болбоду. Анан бийден бала болбосуна көзүм жетти. Бийибиздин эркектиги бир кишидей бар. Бирок, боюнда уругу жок «акта» киши турбайбы. Анысын билгенден кийин санаам бузулду. Жөн эле жүрө берсем согончогум канай турган эмес. Жаш чакта жаштыктын деми менен көп нерсе байкалбайт. Карыганда как баш болуп калам го деген ой санаамды санга, оюмду отузга бөлдү. Анан кайрат кылып көз жумдум. Атыжөнүн айтып кереги эмне. Колдон келет, бирөөнө жөн эле зордоп бой коштум. Боюма бүттү,— деп эки байбичени карады. Алардын оозу аңырайып ачылып калган экен.

— Ошентип, ошондой ишке аргасыздан бара бердим. Акы бети кайтып балачакалуу болдум,— деп сөзүн кайта улады.— Бийибиз ошондой киши экендигин өзү билбейт. Сиз деле, тиги киши деле ошентип балабакыралуу болдунар. Аны биз кимге айтат элек. Айтсак өзүбүз эле жаманатты болбойбузбу? Антпегенде үчөөбүз тең «туубас» атка конбойт белек. Ооба такыр төрөмөк эмеспиз.

Биздин ишибиз бийди балачакалуу кылыш болуучу. Үчөөбүз бийди акарчакар үч айылдуу кылдык. Бизден төрөлгөн балдардын бардыгы бийдики. Өзү деле ошентип ойлойт. Менден бүткөн бала болчу деп балдарыбызга эч ким ээ чыкпайт. Кимдики кимге кетпеген? Бийге окшогон «акта» адамдар эл ичинде аз эмес. Алардын зайыптары деле бизчилеп күйөөлөрүн балачакалуу кылып коюшат.

Ошентип биз өз ишибизди бүтүрдүк. Сый болуп сыйлаша жүрө турган жерибиз гана калды. Сен ортончу байбиче бүгүн улуу байбиченин астына түш. Уруш эки кишиден бирдей болот. Улуулугуңду доомат кылбастан эртең чайга сиз чакырыңыз. Бирок, балачакага шек бербегиле. Эки ортодо эчтеме болбогондой курулай болсо да жаркырапжайнап калгыла. Силерди узатып чыккандагы айтайын дегеним ушу болчу. Алдын ала эсиңерге салып коё турган дагы бир сөзүм бар: замандын түрү өзгөрүп баратат. Ушунчасында бийиңерди экөөңөрдүн бириңерге өткөрүп берсемби деп жүрөм. Кимиңер өткөрүп аласыңар, аны кеңешербиз, — деди. Эки байбиче Камканын мурдагы сөздөрүн тымызын моюндарына, алышты. Бийди өткөрүп берем дегенине ишенишкен жок.

Ошо күнү бий Малабаштыкына барып конду. Жолдо баратканда ар бири он койдун акчасын эртең бийдин колуна берүүгө убадалашкан. Убада боюнча берки үчөө акчаларын бийге берди. Бий өзүнүкүн кымтып калды да, тигил үчөөнүн акчасын Малабашка берип көнүл айтты. Кайта келатканда, — ушул Малабашыңардын Алматыга барып чоң боло коюучу түрү жокко? Ошондой бир сөздү бери аттана берерде биздин кыздын оозунан кулагым чалып калды. Чынбышыгын түкшүмөлдөп сурай албадым. Кырк койдун акчасын Малабашка алдатып койдукпу деп, чынын айтсам дүпөйүл болуп келатам,— деди бий.

Малабаштын эмне болгонун булар бугүн болбосо да, эртең укпай койбойт. Алдын ала ошентип койсом буларды мен алдабастан, мени Малабаш.алдаган болуп калат — деген ой менен, тиги сөздү атайы каңкуулаган. Кийин тигил үчөӨ Малабаш бизге кошуп кайнатасын да алдап кеткен деп, аны жаманатты кылышты. Бары бир зыян тартышкан жок. Мурда андай чыгымдарды түтүнгө бөлүп чогултушар эле. Азыр шарттын өзгөрүшүн, замандын башкача болуп баратышын эске алып антишкен жок. Угуп калса ошгурбайт дешип көбүнчө. Ийгиликтен жазганышты. Малабашты Алматыга узаткандагы чыгым — дешип байлардан гана жыйнап алышты.

## XIII

Адам гана эмес, айбанда өзүнүн сергектиги, жүрүштурушу, кылган кызматы, кылыкжоругу аркылуу сыймык күтүп, кадырбаркка жетишет тура! Тетиги чабдар аттын жүрүшүнө устүндө келаткан ээси гана эмес, сыртынан көргөн адамдар да ыраазы боло турган. Оозунан түшүрбөй айта жүргүдөй. Ээси эркине

коюп үстүндө өзүнчө келатат. Чабдар ат аны солк эттирбестен балыктай сызып, жал куйругун төгүлтүп, кызыктуу кыйла кылыкжорук менен, эске кала турган эчен сонун элес берип бара жатат. Анын келатышын көрүп калган жигит бир сапарында сүйүп калган сулуу кызында, кызыгып калган келбеттүү келинин да унутуп коё турган. ..

Чабдар ат алып учуп төш таянды. Үстүндө келаткан ээси сакадай болгон ары салабаттуу ары ыйман жүздүү адам экен. Тиэгинин бура тартты да, жолдон чыкты. Алыстап барып чабдардын ооздугун чыгарып отко койду. Камчы сабын жерге сайып башына калпагын кийгизди да, мандаш уруп маңдайына отурду. Биртике ойлоно отургандан кийин: — Кана эмесе жаңы бириcтетел (председатель) Жаңы чагында бардыгы эле жакшы болот. Сүйлөй отур, — деди калпагын карап.

— Бу сен, ары жаңы, ары жакшы бириcтетил жалгыз жүргөнүң кандай? Жигитжалаң менен шаңдуу жүргөндү билбейсинби? Бири атыңды токуп, бири колтуктап аткарып, бири отура турган ордуңду белендеп эгилипжагылып турса беделиңе бедел, паркыңа парк кошула бербейби?

— Тегим букара эмеспи! Анын үстүнө жан жеөкөр көп болсо ойлонуп ой жүгүртө албай каласың, азгырып алагды кылып коёт.

— Өзүңдөн мурдагы бириcтетил кандай иштептир? Кызматтан алып ташталышына караганда мурдагы болуштардын жолун жолдоп кеткен го?

— Мурдагы бириcтетилдин кандай иштегендиги жөнүндө Ийгилигиңиз ооз ачпайт. Сын такпайт. Сын тага турган болсо «мурдагысын жамандабаса, кийинкисинин аты чыкпайт» деп кыргыздар жактырбайт. Ооз көптүрмө көйрөң сөздүү кишини көргүсү келбеген эл эмеспи.

— Оңол Ийгилигим, оңол! Туура айтасың. Кыргыз ары адептүү, ары мунайым, кең пейил, ары терең улуу эл. Анын терендигинде жаткан сырын бардык киши байкай албайт. Чала чарпы үстүртөн тушунөт.

— Түзөл Ийгилик, түзөл! Тереңде жаткандарды кое тур. Ишти эмнеден баштамакчысың, ошону айтып көрчү.

— Ийгилигиңиз ишти — айыл арасына кеңеш өкмөтүнүн таасирин күчтөндүрүп, акылман Лениндин улуу жолун ишке ашыра берүүдөн баштайт.

Оо байкуш Ийгилик! Саясаттан да аздыркөптүр кабардар болуп калган окшобойсуңбу! Эргий бер айыл арасына кеңеш өкмөтүнүн таасирин кантип күчтөндүрөсүң? Камчы саптын башына да оңчулуктуу турууга жарай албай жатпайсыңбы? — деп, калпагын оңдоп койду.

— Ооп баратсам оңдоп коё турганым бар. Коммунист партиясы бар эмеспи! Жыгылып баратсам жөлөп коет. Айтып, үйрөтүп турганды иштей албай Ийгилигинизге ок тийиптирби? Айыл кеңештерине /Советтерге/ эз1<лип келгендердин эстүү, баштууларынан коёбуз. Андай кишилер жок эмес. Көп. Жалгыз гана билим жетишпейт. Сабатсыз. Аттын күчүн бербесе да азырынча тайдын күчүн бере турушат. Ооба. Таяк тайга жеткирсе, тай атка жеткирет эмеспи. Ат табылгыча биз аяк ылоо боло турабыз.

— Оо бечара Ийгилик! 26 тамгадан кыргыздын Алиппеси түзүлүптүр. Өзүң анын он сегизин гана араң тааныдың. Кат билген катчыларды кайдан табар экенсиз? Ошону ойлочу!

— Ишиң оңолгончо итиңе кош арт деген турбайбы мурдагылардын бири. Эски. болуш, старчындарга үккөз /катчы/ болуп жүргөндөр бар эмеспи. Ишибиз илгерилеп алгыча ошолорду ишке кошо турабыз. Ар кайсы айылга ачылган мектептерде сабатсыздыгы жолуп калган өспүрүмдөр бар. Ошолордун тетик, тири карактарынан терип алып секретарларды даярдайбыз. Азырынча ошенте турабыз.

— Айыл кеңештеринин отуруп иштей турган дайындуу иш орду жок. Кагаздарын куржунга катышат. Кайда барса артына ала жүрүшөт. Мунун айласы эмне болот? Отурукташа баштагандардьш кыштактарына, отурукташа элек айылдардын болочокто кыштагы орношо турган жерлерге урмалаппы же сокмолоппу айыл кеңештери үчүн эптеп бир-эки бөлмө там курдуруп коюу колдон келбейби? Келет. Келтиребиз.

— Оңол Ийгилигим, онол! Жер кестирип алгандар деле отурукташууга баш сала кирише элек. Кышкысын биринден эски кыштоолоруна житип жоголушат. Жайында айран, сүт аңдып тоо таянат. Коктуколот, жылгажыбыт, булунбуйткаларга чилче тарап, бөдөнөчө бөгүп калышат. Булар качанга чейин ошенте беришет?

— Дурус айтасың Калпакбайым! Тилге келгендерин тилге көндүруп, тилге келбегендери болсо артынан сүрө түшүп алабыз. Жарым жыл, бир жыл ичинде кедей жана орто чарбаларды отурукташтырабыз. Кыштакташтырабыз. Карыз шериктиги аркылу үрөн, сокошайман, кала берсе ылоо берип, жалпы кедейди талаатүзгө, дыйканчылыкка байыр алдырабыз. Эмгек келишими аркылуу батырактардын акысы байларга кетпегендей кылып, аларды эзүүлөрдөн куткарабыз. Отурукташкандарга налоктон, башкаларынан жеңилдик беребиз. Байларга байдай, орто чарбаларга ортодой налог чыгарабыз. Иш илгерилеген сайын батраккедейлердин тап сезими чыңала берет. Жылажыла чоң чабуулга — манапбайларды тап катары жоюу жортуулуна даярдана беребиз. Ошентебиз, Калпакбайым! — деп калпагын карап койду.

— Ооба, Калпакбайым! — деп кайта сүйлөдү.— Ооба, элге билим берүү жөнүндө ооз ачканы жок дегени турасың! Билим бериш маселеси сабатсыздыкты жоюудан башталат. Сабатсыз киши билим деле алалбайт. Кеп маалымдердин (мугалимдердин) аздыгында, жетишпегендигинде болуп жатпайбы! Ооба, маалим табылса, мектепти кайдан табасың дейсиз го? Тутуусу бүтүн чоң-чоң боз үйлөрдөн катарлата тиктире койсок убактылуу мектеп болот да калат. Мектептердин курулуп бүтүшүн, ичкер тараптан

www.bizdin.kg

маалимдердин даяр болуп келишин күтсөк, ошентип жайбаракат жата берсек жаңылышабыз. Кечигип калабыз. Сабаты чыгып калган балдарга өзүнүн ата-энесинин жана сабаттуу балдары жокторго жакын коңшуларын бекитип, алиппе таанытууга киришебиз. Балдарга сабаК берип бүткөндөн кийин маалимдерге чоңдорду да окутуш милдетин жүктөйбүз. Сабатсыздыкты жоюу жумушуна дин бузар чала молдолорду да тартабыз.

Ошенте беребиз, Калпакбайым! Кече күнү башталып бүгүн түштө бүткөн кеңешимден Ийгилигиңиздин укканлары, үйрөнүп алып келаткандары ушулар. Качан болсо башымда бирге жүрөсүң, калган сөз болсо дагы сүйлөшө жүрөбүз. Чабдардын чөп чайнашы бошоңдоп калды, тойсо керек. Жүр, аттаналы,— деп калпагын кийди. Үйүнө келсе Качы бийдин Камка байбичеси келип отуруптур. Айта турган арызы, даттанарга даты бар экен. Анысы тилинин учунда белен туруптур, ысмыска келбестен төгүп жиберди: Бийден чыгыштык кылам, ажырашам деп келиптир, анысын айтты.

Албан менен Бермет бүгүн болбосо эртең анык келерин угуп бий өткөн түнү такыр уктабаптыр, муну айтты. Бүгүн таңзаарынан туруп Кашкарбай, Мантек, Чакини чакыртып алып, «Туугандын азары болсо да, безери болбойт». Катынынын төркүнүнө келбестен Албан өзүнүн төркүнүнө келсин. Күндүк жерден тосо баргыла. Мени сыйлабаса да Олжобайдын арбагын сыйласын. Атасынан аманат калган көп энчикою бар. Анысын алсын. Түз эле менин үйүмө алып келгиле,— дептир. Олжобай уулунун жоон топ абышкасын кошуп барын жол тостуруп жибериптир. Камка байбиче төкпейчачпай анын бардыгын бүт баяндап таштады. Айтууларына караганда Албан жанагы партиянын Кантком дейби, ошонусунун бир жерине иштей турган болуп келаткан окшойтко? — дегенди айтып каңкуулап койду.

Ошентип, Албандын келишине Качы бий өзүнчө күтүндү. Коломолу кол ээрчиткен каардуу колбашчы сыяктанып Албандын элеси бийдин көз алдынан кетпей бейпай кылды.— Түз эле мында келсе жакшы. А келбесечи! — дейт. Ыктытып коёт. Оропкуйт. Ушундай күндө жанагы Камкасынын качып жоголушун кара. Анында менден бирди көргүсү келип жүрсө керек. Чачын кырктырып, бетине көө сүрттүрүп, көк байталга мингизип кементай кийгизип төркүнүнө жеткиртип таштай албасам, менин Качы бий атым өчүп калсын, деп оолугат. Албандын келатышын Ийгилик өзүнчө элестейт. Ташкен тараптагы билимден алы жетишинче артынып, партиянын Кантондук комитетинин секретарындай бол-босо да, анда иштеп жүргөн жигиттердин биринделй болуп келататко,— деген кыял менен шаттанат.

Кечке күтүштү келбеди. Эл жаткыча күтүштү келбеди.— Карабаскыр кайнатасыныкына кетип калган бейм,— деп Качы бий капаланат. Өз төркүнүнө кетип калбасын деген шекшыбаа Ийгиликти да жөн квйбой тынчсыздандырат. Ит үрсө, кичине эле дүбүрт угулса болду, жүгүрүп чыгышат. Кечикти, келишпеди.

— Эже, жездебизди тосуп алабыз,— дешип Борбук менен Кубаткул да кетишкен.

Эл жатаар мезгилде Кубаткул жок, Борбук жалгыз келди.

— Келишбептирби? Кубаткулуң кайда? — деди Ийгилик. Кабагы бүркөлө түштү.

— Шаарда калышты. Эртең келишет.

— Атыроосу аман жакшы келишиппи?

— Жакшы. Жаман жок.

Борбук жаадырапжайнап сүйлөй баштаганда гана Ийгилигинин да, Сыпайысынын да көңүлү чайыттай ачылды.

— Тиги  куржундагы эмне?

— Кезит экен. «Эркин Тоо» дешти.

— Бирди алып көрчү. Ошондой да кезит бар бекен? Борбук бирди алып «Октябрдын келген кези» деген

ырды окуду. Ал жерде отургандар дым тартпай ыклас койду.

— Оңол, Борбугум, оңол! Кыргызга тил бүткөн белем? Нукура кыргызча турбайбы! Өз тили менен сүйлөөгө жараган өзүнчө эл боло турган болуп калганбыз го! Окуй бер, Борбук, окуй бер! Бир сөз калтырбай оку!

Болуштук аткаруу комитетинде иштегендердин көпчүлүгү кечтен бери мында отурушкан. Уйкулары чайыттай ачылды. Кубаныч коюндарына сыйбай ахалашты. Албан «Эркин Тоонун» биринчи санынан 15 нуска ала келиптир. Эртен менен эрте кат билген кишиден он төрт айыл кеңешине бирден киши чаптыраЛы. Бирден нуска ала барып калк чогултуп угузаугуза окуп беришсин. Эне тили менен сүйлөөгө жараган өзүнчө эл болгондугун бардыгы угушсун. Бири калбастан билишсин,— дешип дуулдашты. Алар тарап тышка чыкканда таң агарып атып, асманда алакандай кир жок, шаңкайып айкын ачык турган экен.

www.bizdin.kg

МАЗМУНУ

Биринчи бөлүм....1
ЧЫР-ДӨБӨ....2
Энинчи бөлүм....38
КАНДУУ КАГЫЛЫШ....38
Үчүнчү бөлүм....70
КАЧКАНДАР....70
Тертүнчү бөлүм....89
КАЛАЙМАНАН....89
Бешинчи бөлүм....117
ЖАҢЫ БАГЫТ....117

www.bizdin.kg

Айткулу Убукеев (Кубатбек)
ЧЫР-ДӨБӨ Роман
(на киргизском языке)

Редактор К. Жунусов
Оформлениеси М. Мукамбетовдуку
Худ. редактор И. А. Ефимов
Техн. редактор С. Чотиев Корректор А. Абакиров

Терүүгө 22,П 1967ж. берилди. Басууга 12/1Х 1967ж. кол коюлду. Д—00893. Кагазы Типографская № 2, форматы 84Х108/и. 12.12 физ. басма табак. 20,37 шарттуу басма табак, 19,93 учеттук табак. Тиражы 12000. Заказ 2443. Баасы 70 т.
Киргизполиграфкомбинат Комитета по печати